КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*«Окурмандын китеп текчеси»* *сериясы*

22-том

# ТЕНТИ АДЫШЕВА

Академик А.А.АКМАТАЛИЕВДИН
жалпы редакциясы астында

Түзгөн: *Улук Жапаракунов*

БИШКЕК
«КУТ-БЕР»– 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
А 32

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү
Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Редколлегия:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

А 32 «Окурмандын китеп текчеси» сериясы. 22-том. **Тенти Адышева.** / Түз. У.Жапаракунов. – Б.: «Кут-Бер», 2017. – 608 б.

ISBN 978-9967-12-670-1

Бул китепке кыргыз эл акыны Тенти Адышеванын ырлары жана «Кылы үзүлгөн комузум» аталыштагы прозасы кирди. Айрым сөздөр автор кандай жазса ошол боюнча өзгөртүлбөй берилди. Мисалы: «Махаббат» (махабат), «маа» (мага), «немей» (эмей), «адетинче» (адатынча) ж.б.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**А 4702300200-17**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-12-670-1

© КР УИА, 2017
© «Кут-Бер», 2017

## ТЕНТИ АДЫШЕВА
*(1920—1984)*

Кыргыз Эл акыны Тенти Адышева (мурдагы фамилясы Жунушбаева) 1920-жылы 19-апрелде Тоң районунун Күн-Чыгыш айлында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Айылдык мектепти толук бүтө электе, 1931-жылы Фрунзедеги медициналык техникумдан окуй баштайт. Окуунун отличниги катары комсомолдун X съездине делегат болуп шайланып, Москвага барган. Техникумду бүткөндөн кийин 1938-жылы ЛКСМ БКнын секретардыгына дайындалган. Андан бир нече жылдан кийин Фрунзе шаардык Биринчи май райондук Аткаруу комитетинин Төрагасы, «Кыргызстан аялдары» журналынын партиялык бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Ушул жылдар аралыгында Кыргыз Мамлекеттик университетинин тил, адабият факультетин сырттан окуп бүтүргөн. 1956-1979-жылдарда автордук укукту коргоо боюнча Бүткүл Союздук агентствосунун кыргыз бөлүмүнө жетекчилик кылган.

Чыгармаларында көбүнчө ата мекен, туулган жер, мезгил, өмүр сыяктуу темаларга кайрылып, өз учурундагы коомдук-саясий турмуш окуяларына үн кошуп турган. Эски жана жаңы заманды, элдин турмушунда болуп жаткан өзгөрүүлөрдү көбүнесе айымдардын, аял-

затынын тагдырлары аркылуу чагылдырган. Алардын тең укуктуулукка жетишине терең кубангандыгын «Жанылдын элеси» поэмасында, «Аялдын бактысы» ж.б көптөгөн ырларынан баамдоого болот.

«Акын» деген алгачкы ыры 1947-жылы, «Заманам», «Жарык дүйнө», «Ак пейил адамдар үчүн», «Ой толгоо», «Менин күнүм», «Тандамалар» аттуу поэтикалык китептери окурмандарга таанымал болгон. Ошондой эле «Жаңылдын элеси», «Өмүр жолу», «Жүрөктөгү так» сыяктуу поэмалары жогорку баага татыган. «Кеткендердин айлында», «Адам кызык», «Токто десем», «Ойнобо», «Алтымыштан ашкандарга», «Ысык-Көл», «Көк жайык», «Сары-Челек», «Эне-жер» аттуу чыгармалары жарыялаган.

Кыргыз маданиятына сиңирген эмгеги үчүн Тенти Адышева «Ардак белгиси» ордени, «Эмгектеги каармандыгы үчүн», «В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100-жылдыгынын урматына» медалы, Кыргыз ССРинин Жогорку советинин грамоталары менен сыйланган. Ошону менен Тенти Адышевага «Кыргыз ССРинин Эл акыны» деген ардактуу наам ыйгарылган.

Акындын көзгө басаар чыгармаларынын бири «Жаңылдын элеси» поэмасы. Баатыр кыз Жаңыл Мырза тууралуу башка дагы көп акын-жазуучулар жазышты, бирок башка варианттардан айырмаланып Адышева «Жаңылга» баатырдык образдан сырткары аялзатынын образын ийкемдүү түрдө тартуулай алды.

# ТААЛАЙ ЖЫЙНАГЫНАН

## КЫРГЫЗ ТИЛИ

Эчен түрлүү тил үйрөнсөм,
Чоң бактыдай сезилет.
Эне тилим дайым мага,
Ыр сыяктуу, күү сыяктуу
Чертилет.
Ушул тилде,
Мен энемдин жомокторун жаттагам,
Кыргыз тили укмуш тил го,
Катсыз мурас сакталган.
Мен биринчи каламымды
Ушул тилде кармадым,
Сүйүү, эмгек, жыргал ырын
Элим үчүн арнадым.
Кыргыз тили,
Обон салса Ала Тоомдун
Жаңырыгын келтирет,
Маектешсе,
Шыбыр кагып шырпылдаган
Ысык Көлүм мелтиреп.
Кыргыз тили,
«Манас» айтса
Өзөн суудай көбүк чачкан
күрпүлдөп,

Махабатты баяндаса,
Күн да асмандан карап турат
күлүңдөп.

## МЕНИН СҮЙГӨНҮМ

Адамдар менин сүйгөнүм,
Адамдар үчүн бүрдөдүм.
Жыпарым чачып багында,
Кызыл гүл болуп гүлдөдүм.

Жалынып сенин демиңе,
Жылуулук мен да беремин.
Жапаны чегип жабыксам,
Жалооруп сага келемин.

Жашоонун көрүп жыргалын,
Жанаша жүрүп ырдадым.
Эгерде адам болбосо,
Кимдерге менин ырларым.

## ЛЕНИНГЕ КАРЫЗМЫН

Жүрөгүм, киргилиң жок калыссың сен,
Билесиң Ленинге карызмын мен.
Андыктан издеп келем кымбат нерсе,
Арноого улуу адамга ыгы келсе.
Залкар ой, сөз кызылын тапсам деймин,
Изденип убарада кайгы жеймин.
Жылмайып жылга жатат бизде дешип,
Кылгырып кыргар карайт изде дешип,

Чалкалап тоолор турат–ичимден тап,
Жарышып ойлор өтөт–изимден тап.
Изди кууп каптал жолдо жорто келем,
Илээшпей көздөн учкан жебе белем.
Калкылдап карегимде канатуу ой,
Карматпай караан үзүп качканың кой.
Изденем, жанып сенин илебиңе
Карызмын өмүр бою Ленинге.

## ТЕҢТУШТАРГА

Айланайын ак пейилдүү курдаштар,
Алысындап ачылган гүл көңүлүм.
Абайлабай тепсеп алып жүрбөгүн
Аны менен айкалышкан өмүрүм.
Ансыз дагы эрте-кечин карабай
Ээрчий келет эси кеткен өлүмүң...

## ДАЙЫМА УКТУМ

Таалайдын таттуусунан
татып ичип,
Турмуштун ачуусунан
кана жуттум.
Тагдырдын татаал жолун
тамтаң басып,
Эчен жол аскасынан
алыс учтум.
Өмүрдүн өжөрлөнгөн күрөшүндө
Көп жеңилип, аз гана уттум.
Бирок да жашоо нурун
күндө көрүп,

Жагымдуу музыкасын
дайыма уктум.

## ЫРЛАР

Ырлар жааса,
Көктөн жамгыр төккөндөй,
Көлдөп агып, көңүл канып
Коюу шибер, кооз гүлдөр өскөндөй.
Ырлар акса,
Өзөн суулар киргендей,
Көбүк чачып, жээктен ашып
Таштан-ташка так секирип тийгендей.

## ТАГДЫР МЕНИ ЭРКЕЛЕТПЕДИ

Тагдыр мени эркем деди,
Алчаңдатып эркелетпеди.
Каарына алган канча күндөр
Эч бир эстен кетпеди..

Рас, тагдыр эркем деди,
Эмнеликтен эркелетпеди?
Ката кетсе, кырсык басса
Эч бир качан кечпеди.

Тагдыр айтат, - эркем дедим
Бирок сени эркелетпедим.
Билсең сага таалай бердим
Баркын билсин жашоонун деп,
Бала кезден каардай келдим...

## ОЙЛОР КЕЛЕТ

Ойлор келет,
Оолжуй басып,
Оор ичигин жамынып.
Кайда барсаң
Каршы чыгып,
Жоктон сага табылып.
Бирде силкип,
Бирде кайра
Сунган колун кармайсың.
Мына кызык,
Мына ойдон
Мынча неге чарчайсың...

Ойлор келет,
Кунан, тайча
Кубалашып жарышып,
Дуу көтөрүп
Көк майданда
Дүрбөп оюн салышып.
Өзүң ээрчип,
Кыялданып
Кызуу көңүл эргийсиң.
Мына кызык,
Мындай ойдон
Мынча неге сергийсиң...

## КУРБУЛАР

Гүл элек гүл бакчада бирге өскөн,
Күлүңдөп гүлгүн жаштык беттен өпкөн.

Эскерип элесине байланабыз
Ээрчипшип мезгил менен кошо өткөн.

Курбубуз кучакташып эркин өскөн,
Эркелеп элибизде бойго жеткен.
Кылчактап кыз мезгилге кайрылабыз
Кылактап кыр артына калып кеткен.

Көңүлдөн көктөм жашың кетпес белем,
Этектеп элүү, алтымыш келген менен.
Курбулар бир-бирине дайым жаштай
Кыярып саамайлары кеткен менен.

Жүрбөсө моюндашып курбу-курдаш,
Кызыгы бул өмүрдүн болбос экен.
Жаш кетип барган сайын жакын тартып
Башкага анын орду толбос экен.

## КАЙДА ЧЕГИ

Ырлар жазсам,
  жаштар обон салгандай,
Гүлдөр тиксем,
  жигит карап тургандай,
Сайма сайсам,
  кыздар чогуу баскандай
Комуз чертсем,
  кол ойдолойт чарчабай,
Сулуулукка
  суктанышты койбосом,
Өмүр сага
  өзөлөнүп тойбосом,

Калтаарыңкы
  карылыктын качышы.
Элүү деген
  эр ортону чын болсо
Эми өмүрдүн
  эшигине барышы...
Элүүсүндө,
  алтымышта карыйт деп
Анын чегин
  кимдер өлчөп коюптур?
Барган сайын
  балдан ширин көрүнүп,
Бул өмүргө
  кайсы жандар тоюптур!..

## ЖАЛБЫРАК

Теңселесиң, термелесиң жалбырак,
Телмиремин карай берип жалдырап,
Күүгө келип, күлүңдөгөн көркүңө
Күн да нурун төгөт көктөн жаркырап,
Көлөкөңдө көшүп калган сыяктуу
Көк шибериң көйкөлүңкү магдырап.

## КӨЛГӨ

Кубансам бөлүшкөнү сага келдим,
Сагынсам көрүшкөнү сага келдим.
Муңдансам муздак сууңа жашты төктүм
Санаалуу тереңиңе ойлуу чөктүм.

Зериксем сени менен маектешип,
Кыялдын канатында сапар чектим.
Таарынсам тагдырыма же курбума
Жалооруп датымды айтып сага келдим.

Жээгиңде баса келип эртели-кеч
Желпинип желге ачылган сырлар таптым,
Чагылып толкунуңда ойноп келген
Жагымдуу жүрөгүмө ырлар таптым.

Кум чайкап жээктериңде калып кеткен,
Изденип бала чактын изин бастым.
Кадалып карасаң да табуу кайда
Из эмес чайкап турсаң жүзүн таштын.

## КАНТЭЭР ЭЛЕҢ?..

Күтпөгөн күз мезгилиң
  сүйүү келсе,
«Күкүк» – деп чакырган үн
  сага жетсе,
Жашырбай айтчы курбум,
  кантээр элең,
Жалооруп терезеңден
  тырс-тырс чертсе?..
Жазгансаң,
  жалтанбастан
  кара көзүң
Жалжылдап жаш кезиндей
  жанып кетсе,
кантээр элең?..

## АЯЛДЫН ЖҮГҮ

Аялдын арабасы толо жүгү,
Тынымсыз тартып келет күнү-түнү,
Эне жүгүн алмашып кызы тартып
Кычырап арабанын чыгат үнү.
Кылымдар кылчайбастан өтө берет,
Кыздар да эне жашка жете келет,
Кылдырап оор тартып арабасы.

Күндөн күн күчү тайып кете берет,
Энелик эбегейсиз түйшүгүндө
Эртелеп сулуу түрү өчө берет,
Бирок да көөнөрүшүп көрккө бөлөп
Түрлөнүп тиккен гүлү өсө берет.

## ЭЧЕН ТҮРЛҮҮ СЫН

Бирок мени асыл деди
Адам колу жетпеген.
Кай бирлери – акмак деди
Кара тамга кетпеген.
  Турпатымда тура бердим жаралган.

Кээси мени. – Анык күлүк
Эрегиште байге алган.
– Сен билбейсиң, өтө кашаң
Аңгек келсе буйдалган.
Басыгымда келе бердим жаралган.

Ар бир адам табышмак го,
Көрө билген чын айтты.

Көрө албаган божомолдоп
Эчен түрлүү сын айтты.

## КЫШКЫ СУУ

Ак карлуу Ала-Тоонун кашка суусу,
Күрпүлдөп көбүк чачып жайда турчу,
Күрмөөгө тили келбей муз алдында
Мунайым күңгүрөнгөн үнүн укчу.

Көргөмүн кирген кезин жаз айында,
Көпкөлөң көйрөңдөнүп ал сайында.
Толсо да мезгилинде ар бир нерсе,
Түбөлүк турбайт экен өз жайында.

## КҮЗДҮН БИР КҮНҮ

Кабак чытып, капа чегип
Асман бети сурданат,
Уйгу-туйгу шамал жүрүп
Ал эмине чырданат?

Бак-дарактар башын чайкап
Булар кимге таңданат?..
Топо бүркүп, тополондоп
Көчө бүгүн чаңданат.
Добул кагып долуланып
Күн күркүрөп сырданат...

Шорголотуп жашын төгүп
Көктө кимдер муңданат?..

Обу жоктой оолукпагын
Азыр күнүм нурданат!

## ТЕРЕК ДАРЫЯСЫ

Боз чаңгыл болуп желигип
Бой бербейт Терек теминип,
Антпесең ырга кошмокпу
Лермонтов сага берилип.

## КАВКАЗДАН БИР СҮРӨТ

Көнөктөп көктөн жамгыры,
Көл боло жаздайт төгүлгөн.
Келберсип турат дарагы,
Кайрадан кайра киринген.
Көрдүңбү Кавказ тоолорун
Көк жашыл болуп кийинген.

## ТАРАСТЫН ЖЕРИНДЕ

Укчу Тарас,
  уктай бербей мемиреп,
Тигил жакта кыткылыктап кыз күлөт.
Күлкү сүрөп, күлүк чапкан немедей
Желе согуп желбиреген жел сүрөт.

Көрчү Тарас,
  көшүй бербей үргүлөп,
Көрктүү сулуу көчөттөтүп гүл тигет.
Жаштын гүлү жадырасын дегендей
Жарык нурлуу жаркыраган күн тиет.

Ойгон Тарас,
  ооруксунбай эндиреп,
Ойноо кыздар ойноп келет эртелеп.
Наймичканын[1] небереси береги,
Шайыры да, шогу дагы эркерээк.

Эске түшөт –
  Кишенде бут басканы,
Наймичкалар өксөп муңга батканы,
Менин тоомдон, сенин зардуу жериңден
Көздүн жашы бир дайрага акканы.

Бүгүн билсең,
  неберелер күлкүсүн
Зор Днепр коштоп агып жатканы.
Кыргыз кызы мен да келдим жериңе,
Кошо күлүп, конок болуп кайтканы.

## КОМСОМОЛ

Комсомол өмүрүмдүн татту кези,
Сенде өткөн көңүлүмдүн шаттуу кези.
Балтыркан бала чагым бүрүн байлап
Жемишин төгүп турган бактуу кези.

Жүрөктүн алоосунда алоолонуп,
Күндөрдү сенде өткөргөн самай берем.
Мезгилдин жетегинеде желе келип,
Кылчаңдап дале сага карай берем.

1 Наймичка – Тарас Шевченконун поэмасынын каармany.

Комсомол, эскиликке чабуул койдуң,
Мен дагы катарында кошо болдум.
Каруумда кала берген сыяктанат
Сен жөлөп эңкейтпеген күчү колдун.

Өлкөмдүн өркүнү өскөн аймагында,
Өлчөмсүз көз тойдуруп сенин ишиң.
Кезинде келечекке баскан жолдо
Кармаймын калдыбы деп менин изим.

## АРМАН БОЛБОС

Элди арлап, элде жүсөң бактың го,
Ушул элден ар ким таалай таптың го.
Жайдар өсүп жайлоосунда сайрандап
Сүйүү гүлүн сен төшүңө тактың го.

Түйшүгүңдү бирге тартып ата-журт,
Какталайын аптап жайкы ысыгыңа.
Карды жиреп катарыңада мен басып,
Качпай чыдап катуу суук кышыңа.
Бул өмүргө арманы жок болормун,
Сен ыраазы болсоң мендей кызыңа...

## ЖИГИТ ЖАНА ТОО ГҮЛҮ

Демейде өткүр, кээде зөөкүр жаш жигит,
Тагдыр айдап келе жатты жер кезип,
Байлыгы анын гүлгүн жашы колунда
Бирде киргил, бирде кашка суу кечип...

Токтоду ал тоолу жерге жеткенде,
Тоо жоготуп, тоону издеп жүргөнсүп.
Көз алдында тоонун гүлү кулпунат
Жолоочуга жоолук булгап күлгөнсүп.

Таңыркаnat гүлгө жакын барбастан,
Карай берди нурдуу көзүн албастан.
Кезегинде үзүп жыттап алчу эле
Эчен гүлдү толо назар салбастан…

Эми жигит демин тартат ичине,
Илебинин табы өтүп кетчүдөй…
Колун сунат тийгизбестен бүрүнө,
Уйпаланып иреңи өчүп кетчүдөй.

Ушул гүлдү күнөс жерге өстүргөн,
Башын ийди бийик тоого күнүгө,
Жылуу келип жанган жигит көзүнөн
Турчу болду тоонун кызыл гүлүнө…

Дагы жигит тагдыр айдап жер кезди,
Кылчак-кылчак гүлгө карап ал кетти…
Жылдар өттү… Тоонун гүлүн эстеди.
Өмүр бүрүн какса дагы көңүл аны эңседи.

Тоого келди дагы башын ийгени,
Тоолор турат көккө башы тийгени,
Гүл да турат баягы эле жайында
Гүлгүн эмес, күрөң көйнөк кийгени…

Мезгил ага көлөкөсүн түшүргөн…
Турду жигит көпкө карап ойлонуп:
–Мен дагы эми баягыдай эмесмин–
Деп үшкүрдү, көзүн буруп толгонуп…

## СЕНИН ЖАНЫҢДА

Сулуу келин жалжылдап
Жан-жагыңды карайсың,
Чоочун жерден чочулаба
Алда кимди самайсың?

Сулуу жигит алыста деп,
Ара жүрүп келдиңби.
Айылдан чыкпай ал жигитке
Жолукпадым дедиңби.

Сулуу жигит
Билсең, сенин айылыңда,
Колдо барды баалай албай
Кокусунан айрылба...

* * *

Бигенмин мени көздөй жол тартканын,
Утурлап алдын тосуп мен баспадым.
Бүгүндөй жете келген мезгилинде
Негедир жашынаарга жер таппадым.
Жалооруп адетиңче карап туруп,
Жанымды кейитеерлик сөз баштадың...

–Жол бастым чейрек кылым сени эңсеп,
Жаш жуттум далай жолу сени эстеп.
Улгайып, чарчап сага келип турам
Суусун бер, тартынбачы эми четтеп...

Колума чөйчөк алып басып барып,
Калтаарып колдо суумду төгүп алдым,

Тагдырдын татаалына өкүнгөндөй
Томсоруп шагым сынып туруп калдым.
Эңкейип куру чыным колдон алып
Муңайдың, ичпесем да суусун кандым…

Жүрөктө эки түрлүү сезим калды,
Билбедим кимиси анын утуп алды…
Бирок да ак пейлимден сунган суумду
Жердеги киргил килем жутуп алды…

## СҮРӨТ ТАРТУУ

Жыл өтөт, дөңгөлөктөр чимирилип,
Күн өтөт, таңы сүрүп
иңир кирип,
Сен да, менден дагы
алыстоодо,
Коштошуп колду булгап
жаштык күлүп.

Мүнөзүң баратат го
күндө жоошуп,
Кадамың улгайуунун изин
кошуп
Телмирген тентек көзүң
муңайымдуу,
Терметип кыял коштоп
чыксам тосуп.

Алыстан сүрөтүңдү
күндө тартам,
Өзүңдөн өжөрлөнүп

бекем катам,
Жанымдан басып өтүп
кеткениңде
Жалынып карааныңа
ээрчий басам...

Кыялдуу тарта берем
сүрөтүңдү
Кылгырып тиктегендей
мүнөзүңдү.
Жүрбөйүн көлөкөңө
тонду бычып,
Жүрбөгүн ойуңа албай
сен өзүмдү...

## АРНОО

Кара-Тоодон кара бүркүт шаңшыса
Ала-Тоодон ак ылаачын үн салат,
Кара калпак жигити ырын ырдаса
Аземдентип акын селки күү чалат.

Кара-Тоодон торгой учса көкөлөп
Ала-Тоодон булбул үнүн чыгарат,
Кара калпак алдыртадан караса
Ак жоолукчан ал эмине кызарат?..

Күн көрүнсө тоо башынан чачырап
Алысындап байчечекей ачылат,
Күү келбесе күлүңдөгөн көздөрдөн
Анда кантип акын ыры жазылат.

## ЖАШТЫН ГҮЛҮ

Өзү гүл да, жаштар неге
терип гүлгө жабышат,
Жайнап гүлү күлүп турса
Чөптү төшкө тагышат...

Жаштык өзүн салыштырат
белемсиң,
Гүлдүн гүлгүн түрүнө.
Ал мен болсом суктанамын
Жаштын сонун гүлүнө...

## КҮТӨТ

Өчөшүп
өнөкөтүү илдет күчөп,
Өнүгүп,
өөрчүй бербе улам түтөп.
Өлбөстөй жаралгансып бул дүйнөгө,
Өмүрдөн
көп нерсени адам күтөт.
Кысталыш
кыял жолдо турбасаңчы,
Кылгырып
кызыгы көп сырлар күтөт.
Коңур үн
комуз күүсүн коштой чыгып
Кол булгап,
кооз кийинген ырлар күтөт.
Асылып, алдым торой баспачы сен,

Алдыда
ак пейилдүү жылдар күтөт...

## МЕН КАЙДА

Элестесем эчен күндөр кетиптир,
Эстей келсем эчен өмүр өтүптүр.
Кече гана кызгалдактай курбудан,
Кызыл манат, кызыктуу түр өчүптүр.
Кыламык кар кыз саамайын аралап,
Кылчайбастан кыштоо карай көчүптүр.

Желдей сызып желип өткөн күн кайда,
Кечеги эле кызыл бураң гүл кайда?!
Келишимдүү кер муруту керилген
Кезегинде толукшуган эр кайда?!
Эки көзүм чолпон болуп жанчу эле,
Эсил жаным эми көрсөң мен кайда?!

## КЫЗЫ ТӨРӨГӨН ЭНЕ

–Сыздады го жаны кейип денеси,–
Деп кайгырат төрөгөн кыз энеси.
Эне чиркин көз алдына тартылат,
Жаны кейип жаткан кыздын элеси.

Бала төрөп бакты тапса баласы,
Кыйналды деп эне кейит карачы!,,
Кечегидей ал энеге сезилет,
Ошол кызы төрөлгөн күн арасы.

Бала келсе бактыга үй тунбайбы
Келечекти мына ушулар курбайбы.
Адамзаттын өмүрү өчпөй тутанып,
Так ушинтип кете берет турбайбы.

## БИРОК КЫЙЫН

Кандай сонун
Поэзия канатында
кайып учуп кайтышың
Бирок кыйын
Казан-аяк калдырабай
Кала тур деп айтышың...

## ЖАЗ

Күлгүндөй жаздын көздөрү
Күлүңдөп мага карашат,
Көк жашыл болуп айлана
Көркүнө анын жарашат.

Балбылдап жаздын илеби
Магдырап жаным баратат,
Мас кылып гүлдөр жытына
Баягы күндү саматат...

Жаркырап жаздын жагымы
Жаныма жыргал бересиң,
Эчакы өткөн күндөрдүн
Элесин алып келесиң.

Жадырап тартат элесиң
Жалынсам кайдан келесиң.

Жабыгып карайм өзүңө
Жаз күнүм алыс кетесиң.

**ТООБУЗ БИЙИК**

Тообуз бийик
Чыйырчыктап,
Чымчык учса жетпеген,
Канат сермеп,
Кара барчын
аскасынан кетпеген.

Тообуз бийик
Желе согуп
Желбиреп жел жетпеген.
Зоокасынан түбөлүккө
Суулар берип,
ак мөңгүсү кетпеген.

Тообуз бийик,
Көңүл эргип
Көздүн курчу жетпеген.
Көктө күндүн,
Кызыл нуру
кырларынан кетпеген.

Ала-Тообуз
Асман тирейт
Ак сүйүүгө бөлөнүп,
Кырка тартат
Горизontто
кыйла жерден көрүнүп.

## БИР КҮН

Мен элүүгө жеткенимде–
Он сегизге бир күнү кайра келдим.
Канатуудай закымдап өтө берип,
Кайран жашым жашынган жайга келдим…

Мен элүүгө барганымда–
Жетелесе он сегизге жүрө бердим,
Оюнкарак ошол жаш кытыгылап,
Ошол күнү негедир күлө бердим…

Мен элүүгө келгенимде–
Бир күн кечке жорго миндим
Эркелеп он сегизге бара жатып
Элүү деген эмине, жолдо билдим…

## СЫЙМЫКТАНУУ

О,Коңшу келин, тагдыр кошту сага мени:
Турганда Асиб тоосу –Мен болом мына эми,
Имриалкаис[2]
О, Имриалкаис, арабдарда арман жок,
Ал кезекте болгон сендей акыны.
Асиб тоосу алда кайдан көрүнөт,
Уктап жаткан уулдарынын асылы.

Акын көөшүйт Асиб тоосун жаздана,
Кылымдарга элин кылып даңаза.

2 Имриалкаис-Аравиянын байыркы замандагы улуу акыны.

О, княгиня, тагдырыңа жалынгын,
Жатканыңа акын менен жанаша.

Бизден дагы зор «Манасты» жараткан,
Гомер чыккан, бирок аты башкача.
Ак чач тарых айыптабас акынды
Атын атап, калем менен жазбаса,

«Манас» кантип сүрө бермек кылымды
Кыргыз эли Гомердей уул таппаса.

## ЭНЕ ТИЛЕГИ

Кубанып эне мээрин төгүп турат,
Баласы ойноп жатса гүл ичинде.
Ар дайым эне тилек- тынчтык бер дейт,
Баласын уктатаарда түн ичинде.

Тынчтыктын желбиреген жели согуп,
Эне жашы кургаса экен жер бетинде.
Адамдар төрөбөстөн ажыдаарды,
Эр туулсун тынчтык сактар эл четинде.

Акыры кайда болсо тынчтык жеңет,
Түтөгөн жер бетине тынчтык келет.
Бирок да өлгөн бала согуштагы
Ененин жүрөгүнөн качан кетет?!

## БИЛБЕЙМИН

Опол тоодой
Кызыл үйгөн кырманда.
Билалбадым,

Канча менин салымым.
Бирок билем,
Адамдарга арнап келдим
жүрөгүмдүн жалынын.

Биле албадым
Азбы, көппү салымым,
Уучтап бардым, күрөп салдым
Бардыгынча жанымын.
Бирок билем,
Терге кошуп
Тамыздым мен
тамчыларын канымын.

Өзүм үчүн
Кыпын сурап албадым,
Силер үчүн
Талашуудан калбадым.
Өзүм үчүн
Ооз ачуудан уялдым,
Силер үчүн
Ач кенедей сурандым.
Адам, сага
Арзыдымбы, арзыбадым
билбеймин.
Силер үчүн
Түйшүк тартып,
Көтөрүмдүү пилдеймин.

## ТҮН ИЧИНДЕ

Көшүйсүң көк менен
түн ката учканда,

Көз ачтым серпилип
жеттик деп укканда.
Карасам жер бети
көгүлтүр асмандай,
Шаар үстү көп жылдыз
төгүлүп жаткандай.
Самолёт закымдайт
уламдан жакындайт,
Чагылган нурлардан
жазганып жалтанбай.
Бу дагы бир кызык,
Көргөндүн көөнүндө
Көп жылдар калгандай.

## ИСА АГАГА

Дүйнөгө туулат экен бирдей баары,
Эмчек ээмп, жашка толуп шилтеп кадам,
Бирок да элдин уулу боло бербейт
Эр жеткен эл ичинде ар бир адам.

Шамалдап үйлөсө ажал өлүм отун,
Калкалап өмүр берет чебер колуң,
Карасаң канчасы анын жанып турат,
Жаркырап нурга бөлөп сенин жолуң.

Эл уулу, эли сүйгөн Иса ага,
Алкыш көп адам айткан күндө сага.
Согуудан чарчаганда кубат берген
Жүрөктүн Сизге берген гүлүн кара.

**ТЕМКЕГЕ**

Тайтору алтымышта дубан бузган,
Кыргызга намыс алып байге уткан.
Арыбай алтымышта ал жаныбар
Асмандап канатуудай алга сызган.

Тилегим бүгүн ошол тоюңузда
Сизге да тайторудай кубат берсин.
Таптаган Саяпкериң кыргыз эли
Талантың ташыркабай арыш керсин,
Катарың сейрек тартпай толукталып
Эл сүйгөн өзүңүздөй акын келсин.

* * *

Бул дүйнөгө,
Ыйлап келем
Ыңаалап мен,
Көздөрүмдөн жаш чыкпай,

Эрбең сербең
Энтелеп
Эки колум камчылай.
Бул дүйңөдөн,
Эми кетем
Эрдим тиштей,
Илкий басып унчукпай.

Бирок гана,
Көздөн жашым
Көлдөп агар тамчылай...

* * *

Кемчиликти кетирбесең өмүрдө
Тагы кетпей кала турган көңүлдө.
Түшүм болуп калсачы деп ойлонтуп
Кейидирбей болгонуна өңүндө.

Тигилип сен шыптан албай көзүңдү
Шыбыранып тилдей берип өзүңдү,
Алгың келетайла болсо кайрадан
Албууттанып айткан ачуу сөзүңдү.

## ӨМҮРГӨ

Өмүр барат колдон алып жетелеп,
Коё турчу деген сайын энтелеп?!
Басканда улам андан бетер ыкчамдап,
Жаш баламдай жаракөрлүү эркелеп.
Мен ишимди жаңы гана баштадым,
Кеч калыпмын ойгоно албай эртелеп.

Өктөм өмүр өжөрлөнүп шашпагын,
Өткөн келбес, бир азыраак бастагын!..
Эне сүтү эмдигиче мойнумда,
Мен ишимди эми гана баштадым...

## ЭНЕ, ЖЕР

Эстесем энекемди,
Мөлтүлдөйт тунук булак

Жүз чайып башатында
Бүгүндөй күлүп турат.
Ойлосом энекемди
Эргитип кыял айдап,
Ээрчитип тезек терген
Төр келет гүлү жайнап.
Самасам энекемди,
Саркүңгөй жерим келди.
Карагай арасында
Каткырган энекемби?..

Көксөсөм энекемди
Көрүнөт көлдүн жээги.
Эне, Жер эгиз белең,
Болбойт го сүйүү чеги.

## ОЙ ЖҮГҮРТҮП

Ушул жыргал, жаркыраган күн бүтүп
Боз топурак кучагына барармын.
Сайран күндүү, сансыз сырдуу дүнүйө
Жан кеткен соң бирин сезбей калаармын.

Жашыл токой, көк шибердин үстүндө
Курбуларым үлпөт куруп олтурар.
Мени эстеп ошолордун ичинде
Балким бирөө көзгө жашын толтурар...

## СААДАТТЫКЫНДА

Эл сыймыгы,
Баатыр кызым Саадатым.

Сыпаат кылып,
Сый көрсөтөт өзүмө.
Төшүндөгү жылдызындай жаркырап,

Жылдыз болуп
Көрүнөсүң көзүмө.
Жаңы ачылган пахтадай
Сен жылмайып карасаң
Тегеретип,
Оюбузду козгойсуң.
Ай талаада аппак болуп ачылган.

Пахта ичинде
Кызыл гүлгө окшойсуң.
Колго алып,
Кыңгыратып комузум
Эчен кайрып,
Кыялданып күүлөймүн.
Ой күлүгүн камчылаган калемим.

Колго алып
Сөз тизмегин сүрөймүн.
Ак буладан байге койгон мараңа
Жеткире албай каламбы деп жүдөймүн.

Саадат сиңдим,
Сага айтамын сырымды
Санаа чегем,
Сунган сайын чыныңды,
Жазар бекем саргарбаган мезгилде.

Сага окшош,
Жарык нурлуу ырымды.
Садагасы,

Сар жылдыздай Саадатым,
Дагы эмгектен, ишке билек түрүнүп.

Сени менен сыймыктанып жеринде
Мен да сенин эрдигиңе, эмгегиңе
баш ийемин жүгүнүп.

## ЭЛЕС

Өткөн күндүн өкүм тартып желесин
Күркүрөгөн күз күндөрү келесиң,
Жайнап чыккан жашыл гүлгө бөлүнүп
Жаркыраган жаздан сулуу элесиң!..

Мен ошондо салкын көңүл болчу элем,
Сен да мага таарынгансып турчу элең.
Күзгү күчүң, жаз илебиң жалтантпай
Ал кезекте кандай жүрөк курч элең!..

Күндөр өттү, күндө уккан жомоктой,
Келгенин да, кеткенин да тоготпой,
Убагында өтөй албай өкүнүп
Келе жатам элестерин жоготпой...

## ЖАШ КЫЯЛЫМ

Кыял келип,
Кыз экенде
Кыял жолдон кезиккен.
Бала кезде
Басып келип,
Күлө кирген эшиктен.

Бирок гана
Эсимде жок алиге
Ойготтубу
Эркелетип бешиктен?..
Ал кезекте–
Күлүк эле,
тунук эле ойлорум.
Ойноп берип,
Ойлоп берип тойбодум.
Кереметтеп
Келечекти эрте-кеч,
Эрбелеңдеп ээрчигеним койбодум.

Кыялдарым таза болчу,
Кирпикке кир илбеген.
Ал кезекте
Өмүрүндүн
Өйдө-ылдыйын билбеген.
Эрте күндүн
Кечи келет кезинде,
Эрке оюна эч убакта кирбеген.
Ак куу болчу,
Ал кезекте кыялым.
Көбүк чачып,
Көл үстүндө бийлеген.
Ай жарыкта
Аппак кеме сыяктуу
Көрктүү мойнун
Көөкөрлөнтүп ийбеген.
Бийиктикке
ал канатын сермесе,
Мээлеп атып,
Мергенчи огу тийбеген.

Кыялдарым
Сулуу болчу,
Миң кубулуп жасанган.
Күлкү менен
Күндү тосуп азандан,
Кулач жазып
Кубанып ал ошого,
Күтпөй турган
Эч жамандык адамдан.
Кылдарым
Кыйла сүрөт тартычу,
Кээси бүтсө,
Кээси бүтпөй жатычу.
Эми ойлосом,
Жоктой болуп сезилет
Галлерея,
Анын бары батычу!..

## МЕН ӨЛБӨЙМҮН

Мен өлбөймүн,
Жер энемдин кучагында уктаймын.
Эне-жерим, эне чиркин,
Эч бир качан мен эсиңден чыкпаймын.

Анткени сен
Кам көрөсүң дайыма:
Жай ысыкта бак өстүрүп жаныма,
Кыштын күнү үшүбөсүн дегендей
Ак ичигиң
Ала келип жабдуума.
Мен өлбөймүн
Көшүй берем түбөлүккө мемиреп,
Айланчыктап бейитимде

желиң жүрөр желбиреп.

Булбул сайраар
Мукам үнүн чыгарып,
Күн да чыгаар
Эртең менен кызарып,
Адетинче ага бермек өзөн суу
Көлбүй түшүп,
Көк шиберди сугарып.

Мен өлбөймүн
Оор уйкуда уктаймын.
Ошондуктан булбул үнүн укпаймын,
Бирок дайым кучагында кумарлуу,
Эне-жерим
Эмчек жытын жыттаймын.

Мен өлбөймүн,
Изим калат тигил тоонун төшүндө,
Үнүм калат
Суу шарынын өзүндө.
Баш булакта,
Мен суктанып караган
Сүрөт болуп түрүм калат көзүндө.

Мен уктаймын
Эне сактаар сырларым,
Эртели-кеч эсине алар кырларың.
Баарынан да
Курбу-курдаш окушаар,
Аздыр-көптүр
Арнап жазган ырларым.

# «ОЙ ТОЛГОО» ЖЫЙНАГЫНАН

## ОШОЛ КҮНДӨН

Аппак чиркөө,
Алда кайдан көрүнөт,
Ачык күндүн алтын нуру төгүлөт.
Кылым сүргөн кыз жигитин тагдыры,
Кызыктырып, кыйла көңүл бөлүнөт.
Аппак чиркөө,
Коңгуроолор коштой кагып тынбады.
Эки жаштын эргий соккон жүрөгүн,
Эми көрсөң эчен кылым тыңшады.
Кылым келет,
Карыш болуп кыскарып,

Ойлор келет көөдөн тиреп кысталып.
Салтанаты саймаланып көзүмө,
Жигит келет ак көйнөкчөн кызды алып.
Жигит келет ак көйнөкчөн кыз менен.

Махабаты башын кошкон ант менен.
Эки жүрөк жалынынан жаралып,
Уул келген, Ленин деген ат менен.
Ошол күндөн жек көрөмүн өрттөнгөн,
Ошол күндөн жер да, дүйнө өзгөргөн.
Карап туруп кайсы бирин айтамын,
Калкым башка, канча шумдук өткөргөн.

## ЗАМАНЫМ

Атамдай алдейлеген акыл айтып,
Заманым кереметтүү койнун ачып.
Эмизип эмчек сүтүн, таалай берип,
Мээримдүү жылуу нурун күндөй чачат.

## КААЛАЙМЫН

Барган сайын басылбай түтөсөм дейм,
Өзөндөн жанып чыккан оттой болуп.
Ырларым жүрөктөргө кадалса дейм,
Мергенчи мээлеп аткан октой болуп.

Ак пахта, асыл малы,аркылжемиш,
ЖайнасамкүзмезгилдеОштой болуп.
Ар качаналоолонуптурсажүрөк,
Аземдүү күү ыргагын коштой согуп.

## АРМАН БОЛБОС

Элди аралап, элде жүрсөң бактыңго,
Ушул элден ар ким таалай таптыңго.
Жайдар өсүп жайлоосунда сайрандап,
Сүйүү гүлүн сен төшүңө тактың го.

Түйшүгүңдү бирге тартам ата журт,
Какталайын аптап жайкы ысына.
Карды жиреп катарында бир басып,
Качпай чыдап катуу суук кышыңа.

Бул өмүргө арманы жок болормун,
Сен ыраазы болсоң мендей кызыңа…

## ЫР САПТАРЫ

Ыр саптары күлкүсүндө баланын,
Көк жалбырак гүлдөрүндө талаанын.
Көзүн кысып, ар бир үйдөн жылтылдайт,
Түндө күйгөн чырагындай калаанын.

Ыр саптары жакшы адамдын көзүндө,
Түйшүгү көп турмушумдун өзүндө.
Куштай сызып өмүр менен жарышып,
Келечектин кербен тарткан көчүндө.

Ыр саптары көңүл коштоп түшөт,
Булут менен тоо башында көчүшөт,
Жаз айынын жамгырындай төгүлүп
Эгин деген ээрчий чыгып өсүшөт.

Ыр саптары жүрөгүмдүн деминде,
Киндик кесип, кирим жууган элимде,
Таалай берип, эмгек сүтүн эмизген
Ак бешигим Ата Мекен жеримде.

## АТА МЕКЕН

Үйдө жүрсөм бир кичине кишимин,
Сенин жылуу мээримиңе бөлөнгөн.
Четте жүрсөм улуу адамдай сезимим,
Сенин сүрдүү сөөлөтүңө жөлөнгөн.

Ата журтум алыс жүрсөм артыкча,
Баштагыдан баркың мага билинип,
Алтын жылдыз тууң көзгө желбирейт
Бийиштердин бийигине илинип.
Сыймыктанып тизе бүгөм мен сага
Сөөлөтүңө, дөөлөтүңө ийилип.

## ГҮЛДЕСТЕСИН КӨТӨРҮП КЫЗДАР КЕЛЕТ...

Айлыбызда бар эле жетим бала,
Ээрчип жүрчү кургурду эчен балаа...
Элпек жели маңдайын сылап өтүп,
Эне болду бир ага сары талаа.

Айлыбызда чоңойду ошол бала,
Жаш муруту кылайып жаңы гана.
Жаш башынан өткөрүп далайларды
Бирок билбей жүрөгү сүйүү гана.

Кол салганда фашисттер бети кара!
Жоо бетине аттанды жетим бала.
Кош айтышып кол булгап кала берди,
Энесиндей мээримдүү сары талаа.

Кучакташып от менен күйгөнүндө,
Кубалашып ок менен жүргөнүндө.
Келди сүйүү жылмайып а балага,
Кан майдандын кысталыш күндөрүндө.

Санитарка каратат карааныга,
Шам жагылып жаш кыздын маңдайына.
Талаа жерде жолуккан татты сүйүү
Талпындырды баланы таалайына...

Кыл муруту кылайган жоокер бала,
Кырк чородой сурданат алга бара.
Кызды сүйгөн жүрөгүн ок жаралап,
Кучагына жашырды оттуу талаа!..

Оттор өчтү талаада күйүп-жанган,
Гүлдөр өстү бейитке анда калган.
Гүлдестесин көтөрүп кыздар келет,
Алкышы деп адамдын тирүү калган.

## ЖҮРӨК МЕНЕН СЕЗГЕМИН

Өткөн кандуу согушта болгонум жок,
Өтүк чечпей окопто конгонум жок.
Борошолоп кар жааган ай талаада,
Кызыл тумшук көгөрүп тоңгонум жок.

Бирок көргөм ак шишик чалдарды мен,
Машак терген аңыздан балдарды мен.
Бар тапканын майданга жиберишип
Көз албаган батыштан жандарды мен.

Мунун барын сезгемин жүрөк менен,
Таң атыргам наристе тилек менен.
Соко кармап, чөп чаптым тыным албай
Булчуң эти ката элек билек менен...

Кызыл-кыргын майданга барганым жок,
Кылыч кармап кыйкырык салганым жок.
Калчап ажал колунда кайран жанды
Кан жыттанган талаада калганым жок.

Бирок көргөм көз жашын энелердин,

Канталаган беттерин жеңелердин.
Кымырынса сүзүлүп эски көйнөк
Кызаңдаган эттерин эжелердин...

Мунун барын сезгемин жүрөк менен,
Таң атыргам татына тилек менен.
Булоолонуп заводдо балка соктум
Булчун эти ката элек билек менен.

## ЭНЕ – ЖЕР

Эстесем энекемди:
Мөлтүлдөйт тунук булак,
Жүз чайып башатында
Бүгүндөй көздө турат.

Ойлосом энекемди:
Эргитип кыял айдап,
Ээрчитип тезек терген
Төр келет гүлү жайнап,

Санасам энекемди:
Саркүнгөй жерим келди,
Карагай арасында
Каткырган энекемби?

Көксөсөм энекемди:
Көрүнөт көлдүн жээги,
Эне, жер эгиз белең,
Болбойт го сүйүү чеги.

## ЖАЗ ДЕЙТ

Мени жаз дейт кулпуруп кыргыз жерим,
Мени жаз дейт кубантып сүйгөн элим.
Мээримдүү, берекелүү койнун ачып
Кош колдоп төгүп берип сөздүн кенин.
Аздыр-көптүр арзыса жазгандарым,
Арманым болбос деймин анда менин.

## АРКАЯТ МЕНИН АЛА-ТООМ

Аркаят менин Ала-Тоом,
Аскасы асман тирешип,
Агылып сызат булуту
Бирин-бири сүрөшүп,
Токою чертет комузун,
«Тогуз кайрык» күүлөшүп.

## АЛАЙ

Мөңгүдөн random
Булуттан жоолук салынып,
Алайдын тоосу чалкалайт
Ак ичигин жамынып.

Бетегең көлдөй толкуган
Бейиштин төрү белемсиң.
Көз чаптырса жетпеген
Көк мейкин талаа экенсиң,

Көнөктөп төгөт жамгырың
Көл болуп кетээр бекенсиң.
Көк кашка суулар көбүрүп,
Аскадан түшөт төгүлүп.

Күзгүдөй болуп жалтырайт
Түбүндө таштар көрүнүп.
Эзелден элим жайлаган,
Коктуңда малың жайнаган,
Кең Алай жердин соорусу
Кете албай сага айланам.

## АЛА-ТООМ

Ала-Тоом аркаясың, алда кайдан,
Ата-бабам турак кылган кымбат жайдан,
Жылтылдап булак түшсө жылгалардан.
Күрпүлдөп өзөн суулар агат сайдан.
Эркелеп этегинде элим дуулдап,
Эмгекте эрегишкен күндө майдан.

## ДЗЕРЖИНСКИЙ БУЛЬВАРЫМ

Суктандырган сулуу көчө – бульварым,
Гүлү жайнап жыпар жыты урганын.
Кыш улгайтып, жазда кайра жашарып,
Кандай сонун миң кубулуп турганың!..

Көрбөй калсаң көксөттүргөн бульварым,
Көз тойдурат көркү көңүл бурганың.
Күздө эскирип, жазда кайра жаңырып,

Өмүрүмдү өзү бийлеп турганың!..

## ТҮРГӨНДӨГҮ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

Түргөн ичин мен түшүмдө көрбөгөм,
Аскалуу тоо алды, артында зокуят.
Жомоктолуп ата-бабам тарыхы
Капчыгайдан тамга болуп окулат...

Кылым сүрүп, кыйла күндү өткөргөн
Кыргыз айлы кырка конуп олтурат.
Келин кыздар кой кошогун тартышып,
Козулары чуу көтөрүп жамырап.
Калпактарын баса кийип көзүнө
Карыялар дөңдө олтурат кобурап.
Жоо келет! – деп, бейкуттукту алмашып
Чабармандар келе жатат дабырап.

Көз алдыма бүгүнкүдөй тартылат,
Сапырылып үрккөн айыл топурап...
Мына үшүнтүп үрккөн экен нечен жол,
Түргөн өрдөп келген экен нечен кол.

Капчыгайда ажал менен муң бийлеп
Калды жутуп жаткан экен ушул жол.
Элкин жаткан эл эсинен шашыптыр.
Түргөн менен көл аймагы качыптыр,

Калкан болуп бере албастан капчыгай
Калың өлүк каршы-терши жатыптыр.
Кан төгүлгөн капчыгайды калтырып
Тирүүлөрү Түргөн белин ашыптыр,

Аларды да ажал койбой тытмалап

Далайлары суука тоңуп катыптыр.
Жоо келиптир түркүн элдин жайынан,
Жоо келиптир кыйла элдин шаарынан,

Келген экен байыркы эл кыргызга
Күчү бардын, тиши бардын барынан.
Жоо келиптир кокондуктар канынан,
Жоо келиптир падышанын наамынан.
Келген экен кенедей эл Кыргызга
Күчү бардын, тиши бардын барынан.

Качышыптыр, шашышыптыр бүлүнүп,
Кыргыз эли түп көтөрө түрүлүп.
Кача бербей, аза бербей ар качан
Канча жолу каршы турган биригип.
Антпесе ал кылымдардан келеби
Өчүп барып өлбөй кайра тирилип.
Мына ушунтүп кыргыз таалай таппаган,
Жаралгандан жайлуу тынчып жатпаган.

Баштарынан көп кырсыкты өткөзүп
Бирок Кыргыз өлбөй атын сактаган.
Аз эл экен, алсызыраак канетсин
Корголошуп коктуларга батпаган.

Ал коктунун бири ушул Түргөнсүң,
Нечендерге күбө болуп жүргөнсүң.
Кезегинде элиң менен кошо ыйлап,
Элиң күлсө сен жаңырып күлгөнсүң.

Каттай берип таштарындын бетине
Тарых болуп ушул күнгө келгенсиң.
Жашылданып жайнаган нечен байлык,
Көз тойдурат бүгүнкү көргөн жайың.

Мөмөлүү бак баш ийген көлөкөлүү
Аппак үйлөр заңгырап өскөн айлың.
Карап туруп жана мен эске алдым,
Үркүп жаткан чачылып өткөн айлың

Бүгүнкүмдү көрөйүн деп ачыгыраак
Өткөндөргө өкүнүч ойго салдың.
Тигил бетте күтүрөйт жылкыларың,
Коңгуроосу кулундун шыңгыр кагып.

Жаш баладай жарышат аркы-терки
Моюнчалар өйүздө оюн салып.
Байлык толгон өрөөндү даңазалап
Күрпүлдөшөт сууларың ырдап агып.

Бүт айлана үндөнүп күүгө келет,
Обон салып баскандай Канымбүбү.
Барпаңдатып колдорун Ыбырай ага,
Баш көтөрбөй таңшытып чертип күүнү.

Бейпил эмгек бейиштей Түргөн ичи
Буруксуйт го, чиркин ай, тоонун гүлү!
Түргөн эли басышат көөдөн кере,
Күрөштөргө чыгычу балбанга окшоп.

Жашайт белем түнү той, күнү эмгек
Күндөрүнүн көбүсү майрамга окшоп.
Көрүп туруп ырдадым мен да эргип,
Кереметтүү Түргөнүм көңүл коштоп.

## БЕЛЕККЕ КЕТКЕН КЫЗ

Жыйырманчы кылымдын чокусунан
Алтынчы кылымга мен дүрбү салам,
Электейт эки көздүн карегинде
Ээн чөлдө бара жаткан муңдуу караан...

Дүрбүнү оңдой кармап дагы салам,
Византия өлкөсү – көрктүү калааң.
Өкүлүң алып кеткен кыргыз кызын
Өкүнүп, издеп эми кайдан табам!

Кылчактап кезегинде ыйлап кеткен,
Кыргыздын кызын издеп суроо салам,
Кылымдан кылымдарга көз чаптырып,
Кыйла жер, канча сууну кечип барам.

Бир элдин барктуу кызын белек этип,
Истеми чет өлкөнүн элчисине,
Колго түшкөн, туткунда кыргыз кызын
Багыштайт Зимарханын энчисине.

Жаркырап тийип турган күндөй жаркын.
Билдиңби, билбедиңби кыздын баркын?
Өлкөңдө күңчүлүктүн доору жүргөн
Өчөшүп кармандың го, сен да салтын!

Чынында колго тийген асыл затты
Барктоого берген эмес Зимарх антын.
Кордука, зомбулукка кеткен эжем,

Кайгырып, эскеремин дайның таппай.
Кандай шарт, кайсы жерде түштүң колго?
Күңчүлүк солутту го гүлүңдү ачпай!
Жаңылдай жаасын тарткан кыздан белең,
Каныкей сыяктанган уздан белең?

Табигат сүйүп берген сулуулукту
Айчүрөк сиңдиң сымал сырттан белең?..
Кагандын ордосуна татыкталсаң,
Кантсе да сен жөнөкөй кыздан эмес.

Элчинин энчисине багышталсаң,
Сулуудан сизден артык чыккан эмес.
Көп эле күндөр кеткен олжолонуп
Барысын тарых сенче жазган эмес.

Көрбөгөн жамалыңды көзгө тартып,
Келтирип элесиңди самайм сени.
Көк-жашыл тоонун жашыл булагы элең,
Кум чайкап кеткен жайдан карайм эми.

Салкын жер, жашыл төрдү эңседиң го.
Башында булут көчкөн тоонун жыйын.
Аптаптуу шамал жүрүп топо учурган,
Кургак чөл казанына куурган сайын,
Жаш өмүр күндө бүрүн каккан чыгар
Көз жашың көкүрөктү жууган сайын...

Түшүдө кача берип, бозо берип
Канча жол келдиң экен туулган жайга,
Үлбүрөп үзүлбөгөн үмүттү сен
Таалай күтүп өттүң го курган жанга.
Кыргызга кымбат кыздай болгон сени

Аттиң ай, теңегендир айбан-малга!
Жылтылдант муңдуу көзүң кылымдардан,
Катмардагы бир чымчым турпагында.
Сен элең алыс түшкөн жалгыз урук,
Тамчы каның калдыбы урпагыңда?!
Калган болсо жаркырайт сенин көзүң
Бүгүнкү Стамбулдун кыздарында...

## БИДЕ КӨЛҮМ БАЛАДАЙ

Бирде көлүм –Көйкөлүңкү көшүлөт,
Ээрдин соруп, уктап жаткан баладай
Ачык күндө –ал аземдүү көрүнөт,
Апасына күлүп турган баладай
Кээде көлүм – ак эркечтеп көбүрөт,
Оңкочуктап ойноп жаткан баладай...

## КҮМҮШ КӨПҮРӨ

Күн чачырап нурун төксөкөл үстүнө,
Салынат күмүш көпүрөсенин көзүңө.
Баш тартпай баскан бойдонбаргың келет,
Маңдайда бажырайганкүндүн өзүнө.

## ЫСЫК-КӨЛ

Болду бекен мурда сүрөтчү,
Бүгүнкүдөй сага түр берген?
Эркин басып сенин жээгиңде
Элиң качан түркүн гүл терген.

Ала-Тообуз көптүн күбөсү

Ажарыңа заман нур берген.
Ысык-Көл толкундап
Шаңдуу үн берген.

Аска тооңдон тигил көрүкгөн,
Сары алтын, күмүш төгүлгөн,
Кучагына кысып ал сени
Өзүн көргөн тунук өнүңдөн.

Кылымды сен аттап алдыга
Өткөндөр чыккан көңүлдөн.
Ысык-Көл ыр чыгат шайыр өзүңдөн.
Ысык-Көлүм бүгүн оштонуп.

Эрке көңүл эргип кош болуп,
Жибек жели сылап маңдайдан
Жыргалдуу сезим козголуп,
Берекелүү сенин айланаң
Көргөндүн ай, көөнү коштолуп.
Ысык-Көл шарпылдап турат октолуп.

## ИЙРИ КӨЛ

Ийри көлдү карасаң, келиндердин
Аркасына өрүлгөн чачтарындай,
Түктүү кырлар жондонуп кыйгач тартып
Сулуулардын керилген каштарындай.

Арчалары түкүйүп тоо бетинде
Бабалардын бакжайган мурутундай,
Таштар жатат жайылып тектирлерде,
Байбичелер жайдырган курутундай.
Тартып алдым сүрөтүн карегиме,

Кереметтүү келбетин турушундай.

## САРЫ ЧЕЛЕК

Атын уккан алыстан ат арытып,
Ашык жандай аптыгып сага келет.
Толкундатып жүрөктү тососуӊ сен,
Тоо койнунда суйкайып, Сары-Челек.

Ортосунда ойногон жаш сулууну,
Ойго батып аскалар карап турат.
Салаалатып бетинен жаш агызып
Күндө бирөө жалооруп колун сурап.

Кашын серпип акырын Сары-Челек,
Көзүн сүзүп моймолжуп калат экен.
Эрке сулуу эркелеп эртели-кеч,
Тоо кургурдун көӊүлүн алат экен.

Тоо көӊүлү антпесе калып кетмек,
Жайдак калмак тоо кетсе Сары-Челек.
Суктанары сулуунун болбогон соӊ
Турган менен суйкайып кимге керек.

Көп өмүрүн өткөрүп сени менен
Тоолор тойбойт өзүӊө көзүн сатып,
Көйрөӊдөнүп көп эле көбө бербе,
Алар турат артыкча көркүӊдү ачып!

## ЖЕТИ-ӨГҮЗ

Сенде туулуп куунап өскөн элимдин

Эч убакта болбостур дейм арманы,
Мөгдөп баспай азап тарткан адамдар
Кечээ гана кетип келген дарманы,

Бүгүн көрсөм тоолорунда сайраңдап
Таң калдырат таяк албай калганы.
Кыска өмүрдө биз да бир күн өтөбүз,
Кызматың күч кылым бою өтөгүс.
Кыргыз менен түбөлүккө жашайсың,
Гүлүң жыпар өмүргө дем, Жети-Өгүз.

## КӨК ЖАЙЫК

Көк жайыкты көргөн сайын көзүң тойбойт
каранып,
Жайда жашыл, күздө турат күн түспөлүн
жаланып.
Кышта сүрдүү, жазда нурдуу гүлгүндөнүп
айланаң,
Бул дүйнөнүн бейишиндей калган тура
жаралып.

Кер муруттуу жигит сымал карагайлар
суналып,
Кызыл көйнөк кыз сыяктуу четиндери
кыналып,
Мөл-мөл агып мөлтүр кашка суулары
Өмүр берип өтүп жатат экөөн бирдей сугарып.
Аскасында булут жатат ак жоолугу
чубалып,
Арча, кайың тоо бетинде айымдардай
буралып,
Таңдайыңды такылдаткан татынакай
сулуулук
Таалайына алган беле табигаттан суранып!
Төрө пейил чалкайбастан эпке келсең көк жайык,

Төшкө кысып өпкүм келет көөнүм толкуй
кубанып.

## МЕКЕН – ЭНЕДЕ

Көмкөрүлгөн көктүн сырын багынтып,
Көз илешпей сызган «Восток» кемеде,
Эпсиз эрди эркин төрөп өстүргөн,
Касиети калктын – Мекен – Энеде!

Кажыбаган кайрат күчтү сугарып,
Калкты эмизген ал эненин сүтү экен.
Асман жиреп жигит, кызын учурган,
Адамзаттын акылынын күчү экен!..

## ШАРКЫРАТМА

Саякбай Манас айткандай
Көк ирим болуп күпүлдөп,
Көтөрө салып бек таштап
Көбүктөп жарга тосулуп,
Эркелеп таштан секирип
Энтигип сууга суу чөгүп,
Түрмөктөлгөн түгөнгүр
Түз акпас белем созулуп.

Күнү-түнү күүлөнүп
Күрмөлбөй сапар жол чегип,
Шаркыратма ак көбүк
Шааниленет суу төгүп,
Көрүп туруп сен муну
Ырдагың келет кошулуп.

## ЗАМАНДАШТАР

Көз жарып бирге келген замандаштар,
Ат салып алыс чыккан караандаштар,
Өмүрдүн мейкининде дүбүртүндөн
Өзгөчө жүрөк согот кадырдаштар!

Узак жол, улуу күрөш биздер баскан,
Уркуя эжебиздин каны аккан,
Ала-Тоо кыргыз жери ага күбө,
Ак пахта бүгүн жайнап гүлүн ачкан.

Эркиндик Өлмөскандай кыздар берип
Эненин ой максаты ишке ашкан!
Татаал жол, тайгак кечүү биздер баскан,
Талаада эски бейит жалгыз жаткан,

Замандаш, биздер үчүн курман болгон,
Окко учуп оор күндөрдө душман аткан.
Эскерип эмгегинен гүлүн коёт,
Элибиз мындай эрди өзү тапкан.

Сыймыктуу, сырдуу жолго биздер баскан,
Аныктайт айы сызган бийик асман.
Замандаш кыз, уландар элибиздин
Дүйнөдө эң биринчи космос ачкан.

Келечек келберсибей башын иет
Кезинде кереметтүү сырын каткан!
Ушундай күндө туулган замандаштар,
Ат салып алыс чыккан караандаштар,
Өмүрдүн мейкининде дүбүртүндөн
Өзүмө кубат келет кадырлаштар!..

## ФРУНЗЕМ

Ала-Тоо менен айкашып,
Ата-Журт элдин жүрөгү.
Балбылдап жанып шамдары,
Махаббат, бакыт түнөгү.
Суйкайган сулуу кызга окшоп,
Фрунзе – шаар чүрөгү.

Бешенеси жайнаган
Бешикте бала мүнөзү,
Кызыл-тазыл гүл жайнап
Кызыкка толо дүйнөсү,
Табылган бизге таалайдын
Татына шаарым күбөсү.

Алпештеп элин өстүргөн
Ар кимдин ата-энеси.
Алыста жүрсөң ар дайым
Алдында турат элеси.
Тукаба түспөл Фрунзем
Турмуштун аппак кемеси.
Талапкер жетип тилекке
Таалайды талбай бериши.
Жай күнү сүргөн таңга окшоп
Фрунзе – шаар periси.

## КЫЗЫЛ ГҮЛ

Эрте туруп эрмектеп басып барып,
Четтеги коргул таштан орун алып,

Калкылдап кыял учуп санаа чегип
Оюма өткөн, кеткен күндү салып.

Отурсам көзүм түштү кызыл гүлгө,
Ачылган ыксыз жерде көркөм түргө
Күүсүнө эрке желдин бийлегенсип
Көз кысат маңдайында жашыл төргө

Кулпунган ыраңы жок кызыл гүлдө,
Саргарган жалбырагы тийген күнгө.
Жайы экен суу жетпеген аска четин,
Жаңырган этегинде чыккан үнгө.

Байкасам оң жагында булак изи,
Какырап жайы калган, кандай иши?!
Кызыл гүл көркү болгон ал булактын
Солуйбу ачышкандай адам ичи?!

Тагдыры өзгөрдүбү деген үмүт,
Ар күнү атай келип гүлгө карайм.
Жалгыз гана мен кайышып өмүрүнө
Күн санап өчүп жаткан түрүн аяйм.

Таңданам бүгүн гүлдүн түрү башка,
Баркыттай гүлгүн сонун гүлү башка.
Тамылжып сүт тамыры уузга толуп,
Тармалдуу татынакай түрү башка.

Шылдырап, көрсө, сайга була келген,
Чаңкаган кызыл гүлгө суусун берген,
Суу деген бул өмүрдүн каны тура
Гүл ачып жан жаныбар боюн керген.

## ТАҢ КАЛБА

Кундуздай кара чачты ак аралап.
Карылык этектесе көңүл ирийт.
Муңайып неге мынча тигилесиң
Көзүңдөн айланайын сулуу жигит.

Сен көрүп саамайымдын кыярганын
Далайга көз ирмебей таңыркадың,
Каакымдап жазы өтүп, кышы келет
Көрбөгөн адам, жаштын жаңырганын.

Элирип тыным албай аккан дайра
Эркелеп көбүк чачкан толук жайда,
А дагы бүгүн сурайт таң калгандай:
– Гүлгүндөй жаш өмүрүң кеткен кайда?

Кезинде мен да ачылып гүлгө окшодум.
Келишкен жашыл сайма түргө окшодум.
Жүрөктүн сырын чечип көңүл ачып
Чебер кол акын черткен күүгө окшодум.

Таңданба, айтайын мен билгиң келсе:
Өмүрдү учурбадым элпек желге.
Сыймыктуу адам деген атымды актап,
Күчүмдү, жаштыгымды бердим элге.

## КӨЛДӨ

Көгөргөн салкын Ысык-Көл,
Көксөп мен сага жетемин.
Ашык жар сенде калгандай,

Ачынып кайра кетемин.
Адамга төгүп ырыскы
Артыкча сенин берекең,
Ак бешик болуп терметкен
Айланам көлүм-энекем.

Көлүмдү мактап мени айтпай,
Көрбөйбү көркүм дебесин,
Күзгүдөй көлгө, Ала-Тоо,
Күмүштөн алкак сен өзүң.

## БАТКЕНДЕ

Ушул Баткен бир кезекте боз талаа,
Эми көрсөң ар бир жери чоң калаа.
Заманында тамчы сууга зар болгон
Бүгүн көрсөң Төрткүл жери көл болгон.

Ысык-Көлдү көрдүм Баткен жеринен,
Толкуп-шарпып ашып турган чегинен.
Жашылданып айланасы кулпуруп
Жаратылыш көркүн ачкан жээгинен.

Тотукуштай түрлөнгөнүн карачы,
Канча жылдар аптап өткөн сөөгүнөн.
Кезегинде Баткен жери боз тайпаң,
Топо жутуп уул-кызы бой тарткан.
Кереметтүү саябан бак ал бүгүн
Келберсине келечекке жол тарткан.

## ӨЗ ЖЕРИМДЕ

Сенде туулуп сенде өткөн бала чак,
Кечегидей көзгө келет карасам.
Кыз саамайым өзүңдө өсүп жетилген
Бүгүн суйдаң эрте туруп тарасам.

Эске салып эрке өскөн күндөрдү
Эми неге муунум бошоп баратам?!
Эчен баскам тигил кашка жолдоруң,
Далай ашкам көк бетеге жондоруң.

Мына бүгүн көздү сатып жеталбайм
Таштап мени кеткен жаштык оңбогур.
Баштан аяк барын санап отурам,
Баалай билбес балалык күн өткөнүн.

Көлдү бойлоп бирге өскөн балага
Көңүл оту жанып кайра өчкөнүн.
Кечээ күнкү мендей бою балаты
Карачы эми катарлашып өскөнүн.

Жакын келип эчакы өткөн балачак,
Жал-жал карап жал оорутуп четтейсиң,
Көз кумарым көлөкөңдөн айланам
Көксөп сени сунсам колум жетпейсиң.

## ТАЛАА МЕНЕН ӨЗӨН СУУ

Толукшуган тоо жигити өзөн суу,
Толкунданып сүйгөнүнө шашканын.

Махаббаты көкүрөккө батпастан,
Көбүктөнүп жээкти карай ашканын.

Арык бойлоп айылга жеткен кезинде
Адепсинип акырындай басканын...
Талаа кыз го таңдан күткөн талыкшып,
Күлүмсүрөп кулач жайган кубанып.
Тоо жигити көркү сенсиң өмүрдүн,
Махаббатын суусун берип сугарып.
Татынакай сайма жоолук салынып
Талаа кызы гүлүн жайкайт буралып.

## КУРБУМ

*(А...га)*

Кымбат курбум кыз кезимден түгөйүм,
Сүйөм сени бир боорумду сүйгөндөй.
Көрүшпөстөн күн өткөрсөм арадан,
Сагынамын алыс жерде жүргөндөй.

Кыйын күндүн өзгөрбөгөн курбусу,
Ашык жардай көңүлүмдү бөлөсүң.
Ата-энеден бирге туулбай өссөк да,
Сен да мени бир туугандай көрөсүң.

Таалай гүлүн тандап терин өмүрдүн
Жайдары өстүк тал чыбыктай буралып,
Киргили жок курбулуктун белгиси
Бактыбызга чын жүрөктөн кубанып.

## АРНОО

Кара-Тоодон кара бүркүт шаңшыса
Ала-Тоодон ак ылачын үн салат,
Кара калпак жигит ырын ырдаса
Аземдентип акын селки күү чалат.

Кара-Тоодон торгой учса көкөлөп
Ала-Тоодон булбул үнүн чыгарат,
Кара калпак алдыртадан караса
Ак жоолукчан ал эмине кызарат?..

Күн көрүнсө тоо башынан чачырап
Алысындап байчечекей ачылат,
Күү келбесе күлүңдөгөн көздөрдөн
Анда кантип акын ыры жазылат.

## АЛЫСТАГЫ КУРДАШКА

Курдаш дейм замандашым бирге өскөн,
Өмүрдүн өйдө-ылдыйын бирге өткөн.
Тоо жели кезегинде сени өпкөн
Толгонуп тоо койнунда мени да өпкөн.

Баяндайт мунун баарын тигил аска,
Байкагын баркың билбес менден башка.
Кайгырдык адашканда тоо койнунда,
Кубандык табышканда жол боюнда.

Эркелеп эл ичкиде эркибизче
Ээрчишил бирге жүрдүк кыз оюнда.
Өткөрдүң мени менен гүлгүн жашың,

Гүл тердик жашыл тоодон кызыл-тазыл.
Көрктүүлөр бул дүйнөдө көп болсо да
Көз ачып көргөн болмок чыныгы асыл.
Башкалар мактаар сени көккө жете,
Турушат шербет куюп сунуп кесе.

Жамандык, жакшылыкта болбосо да
Жалынып өпкө кагар «жандан кече».
Тосот дейт толгон сулуу гүлүнкармап,
Жүрөт дейт канчалары калбайжандап,

Дүйнөнүн наздыгы бар, мастыгы бар
Кылгырып кызыктырып турат алдап.
Баяндайт санаа муну келгек башка
Байкагын баркың билбес менден башка.

## О, ЖИГИТТЕР!

О, жигиттер!
Сен болбосоң билбес элек сүйүүнү,
Түтүнү жок кимдин күймөк жүлүнү.
Айлуу түндө көлбүп көңүл көлүнө
Чечилмекчи кантип сырдын түйүнү.

О, жигиттер!
Сени бизге бербес болсо табигат,
Жүрөк балкыр кызык күндөр болобу.
Жашоо майрам сан күлкүлүү салтанат,
Көңүл жаркып кызыл гүлдөй болобу.

О, жигиттер!
Жетпей жүрсөк кумарланып эңсейбиз,
Алыс кетсең арман ашып эстейбиз.

Биз аялдар бир кызык жан болобуз
Бирге жүрсөң кээде баркың билбейбиз.
Сенсиз бизге бакты азын эске алып
Дайыма аны көңүлгө биз илбейбиз.

**ЖЕТЕКЧИ**

Эл ичинде жашайт экен жетекчи,
Түйшүгү көп тынчы жок.
Тогуз кабат торко электен өткөзүп,
Сырдабаган, сындабаган сынчы жок.

Жүрөт экен түнгө, күнгө карабай,
Чечилбеген, жетилбеген иши көп.
Барган жерин, баскан жерин кадактап
Таразага тарта берчү киши көп.

Нурдуу көздөр күлүмсүрөп караса,
Салкын көздөр салмактаган тараза.
Өйдө-төмөн калдакташат калактар
Өлчөмүнө, көргөнүңө жараша.

Жаабас күнү жамгыр жааса ойгонуп,
Бышпай жаткан эгиндерге ойлонуп,
Биз уктасак, ал уктабайт серпилип,
Толгоо тарткан энелердей толгонуп.

Эл ичинде жүрөт экен жетекчи,
Ар адамдын тагдырыма байланып.
Чарчоого акысы жок адамдай
Түпөйүлдүү түйшүктөрдө айланып.

Таң сүргүзбөй, күн чыгарбай аттанып

Жетекчинин барбас жери калбаган,
Ойлоносуң, кайдан алат болду экен
Күч кубатты күнү-түнү талбаган.
Эне сүтү, өмүр күчү белемсиң
Эли үчүн, жери үчүн арнаган.

## ГЕОЛОГДУН ЫРЫ

Таштуу этегин жан салган колотунда
төрөлдүм,
Кызыл арча ак олпоктуу бешигиңе бөлөндүм.
Эмчек эмдим түктүү сенин төшүңдөн,
О, Ала-Тоом бүрдөп өндүм ушул
сенин өзүңдөн.

Жылаңаяк колоңдоттуң көптүрүп,
Таштарыңа таманымдан өптүрүп.
Жүрө тургам кызыл-тазыл таштар толо
койнумда,
Алтын, күмүш таап алгандай оюмда.
Мен чоңоюп сенден кеткем,билим алып
келемин.
Колдо балка, боз мешогум жонумда.

Эми чындап сырдашалы экөөбүз,
Койнуңду ачып тосуп алчы балаңды.
Эркелетип сен өстүргөн тентегиң
Кусаландым бир көрүүгө караңды.

Сырың катып тунжураба, Ала-Тоом,
Аралайын таалай издеп аска-зооң.
Энчи сурап тууган уулуң келемин,

Сен бербесең кимден алмак элемин.

Бут шилтенбей чарчаганда жөлөсөң,
Элге тийсин кереги деп төрөсөң.
Алган энчим, тапкан кенчим элимки
Атак ушул киндик кезген жеримки.

## СЫЙМЫКТАНАТ

Кыргызым сыймыктанат Манасы менен.
Сыймыктанат Чынгыздай баласы менен.
Жери түгүл ташына гүлдөр өскөн
Жемиштери төгүлгөн талаасы менен.

Кыргыздар сыймыктанат байыркы атына,
Таштарга жазылган эзелки катына.
Кылымдап жоготпой келишкен элдигин,
Тарыхтар жомоктойт кыргыздын эрдигин.

Кыргыздар сыймыктанат аскалуу тоосуна,
Адамга таасирлүү жеринин коозуна.
Атадан-бабадан алышкан энчиге
– Душманга кайраттуу, кайрымдуу досуна,

Кыргызым сыймыктанат көгүлтүр көлүнө,
Көлүндөй көйкөлгөн кең пейил көөнүнө.
Барынан сыймыктуу башынан аз элге
Советтик мекенде тууган, дос көбүнө.

## САГЫНДЫМ

Сары күнгөйүм, салкын желим саймалуу,
Сагындым мен туулуп өскөн жеримди.
Көңүл сермеп көркөмүңө байланам,
Бозойго окшол самап жүргөн келинди.

Кырчын жайлоо, Кара-Төрүм калдайган,
Көралбадым Көлтөр сонун жеримдей.
Көз алдымдан же түшүмдөн кетпейсиң
Көксөп жүргөн жаш жигитин келиндей.

## КАЗАН

Эзелтен аты чыккан эски Казан,
Эңсегем көрөмүн деп сени качан.
Кезинде сайрап өткөн Тукай, Жалил
Көчөңдө көптүн бири мен да басам.

Алыска даңазалуу кабарынды
Атакем жомоктосо угаар элем.
Тентек ой кыялданып сапар чегип
Термелип канатында учаар элем.

Жашарган биздин доордо бизди Казак,
Жадырап кулач жайып тосуп алдың.
Көксөгөн бала кезден көрктүү шаарым
Көргөндү көңүл эргип көзүм кандың.

Баяндайт башын ийип бак-дарагың,
Баа жеткиз Лениндин бала чагын.
Өчпөгөн ал өмүрдүн элесинде

Өзгөчө көрүнөт го сенин шаңың.

## ӨЗҮБЕК ЖЕРИ

Чаң басып буруксуган аптап жерин,
Гүлдөткөн өзүбектин балбан элин.
Окшотуп бачайыга алышыптыр
Кулпунтуп кийип турган сулуу келин.

## ЛЕРМОНТОВДУН ЖЕРИНДЕ

Пушкин дагы, Лермонтов да эмесмин,
Кайдан жүрүп мен аларга теңештим.
Улуу акын сенин өскөн жериңе
Карап туруп кабыргама кеңештим:

Бала кезден таасириңде чоңойдум,
Башка улут, мага бөтөн дебесмин.
Ата-бабам кабарыңды укпаган,
Азыр мага боор эт менен теңештиң.

Алыс тоого акын үнүн жеткирген
Ата Ленин, жеңиши го, Советтин.

## ТЕРЕК ДАРЫЯСЫ

Боз чаңгыл болул желигип,
Бой бербейт Терек теминип.
Антпесең ырга кошмокпу
Лермонтов сага берилип.

## КАВКАЗ

Нечендин төрөп өстүргөн
Таланттын Кавказ энеси,
Түбөлүк сенин койнунда
Генийдин канча денеси.
Тарыхтан даана көрүнөт
Күндөрдүн өткөн элеси.

## ТЫНЧТЫК

Тынчтык кымбат нандан дагы,
Тынчтык болсо нан болот.
Тынчтык кымбат жандан дагы,
Тынчтык болсо жан болот.
Бүгүн жогуң бейпилдикте
Эртеңки күн бар болот.

## БООРДОШ ЭЛГЕ

Элибиз эгиз жандай бирге баскан,
Эзелден кылым белин бирге ашкан,
Бороонду ошол күндөр заманында
Боордош эл бирге тозуп, бирге азган.
Чолпондой жанып чыккан кыздары элдин,
Чок болуп жүрөктөрү сыздай келген,
Муң менен таң атырып, күн батырса
Муңайып жер – энеси тыңшай келген.

Азаптуу эл тагдыры кыйнай берген,
Арманда кыз-келиндер ыйлай берген,
Бүгүндөй биздин заман түшүндө жок

Кыздары булбул сындуу ырдай берген.

## ЖАМИЙЛА БУХРЕТКЕ

Куурчак ойноп бирге өскөн курдашым,
Жамийла аты жаш күнүмдөн көңүлдө.
Чачым өрүп берекелеп жалынган
Жамийла эжем эстен кетпес өмүрдө.
Барынан да жакынымдай сезилет.
Алжыр кызы башы бүгүн өлүмдө.

Кара көзү, кара чачы элестеп,
Ал Жамийла өз кызымдай көрүнөт.
Эне жүрөк ар кимдин бар баласы
Санаа чегип көөнүм эчен бөлүнөт.

Жаңы гана гүлүн ачкан жаш кыздын
Татаалдашкан тагдырына ойлоном,
Келичү күн кандай кабар берет деп,
Эриксизден көз ирмелсе ойгоном.

Эртеңки таң адетинче түрмөнүн
Айнегинен алсыз шоола чачабы...
Же болбосо нурун төгүп азаттык
Кара түрмө каалгасын ачабы...

## КАРЛОВЫ ВАРЫ

Канзадалар каалгый гана басышып,
Бекзадалар көңүлдөрүн ачышып,
Өткөн экен сулуулукка суктанып

Каряовы Варынын замзам суусун ичишип.

Бетховендин кыя жолун кыялап,
Нечен адам келип кеткен турбайбы.
Өзү тарых, тарихий адам көп болгон
Көргөн да бар, көрбөгөн бар мындайды.

Агын келип, агып кетип адамдар
Же күнүндө, же түнүндө тынбайбы.
Кыя жолдо баскан экен Бетховен,
Кылым сүргөн музыкалар төрөлүп;
Канат кагып чыккан экен бул жерден
Карловы Варынын бешигине бөлөнүп.

Күн илептүү, гүл жыттанган музыка
Төрөлгөн бейм ачык асман күндөрү,
Жүрөгүңдү солкулдаткан кай бири
Күн күркүрөп, нөшөр төккөн түндөрү.
Кыяласаң кыя жолдон угулат
Кереметтүү музыканын үндөрү.

**КОРЕЯ**

Тагдыры Кореянын таасир этип,
Монин да жүрөгүмдү мыкчып кыскан.
Окуя ал күндөрү болуп жаткан
Чубашып тыным албай көздөн сызган:

Душмандын учуп жаткан бомбасынан
Бузулган көз алдыма тамдар келип.
Тажүнде курман болгон энелердин
Эмчегин аймалаган балдар келип.

Көзүмө имерилтип ысык жашты
Кыймышсыз агып жаткан кандар келип.
Кары-жаш, аял-кыздар курал алып
Мекенин коргоп жаткан жаңдар келип.

Канчалык ажал отун чачкан менен
Кайратын Кореяны кыялбады,
Толкуган океандай элдин кегин
Күч менен баскынчылар тыялбады.
Бары бир акырында чындык жеңди,
Күлүңдөн күндөй тийип тынчтык келди.
Жеңиштүү элдин күчү, тынчтык келип
Корея сага дагы жарык берди.

## ГУАНАГУАНИКО (ТООНУН АТАЛЫШЫ)

Ушул тоо шордуу туулган балдарын
Суук кезден – баскынчыдан жашырган,
Катаал тагдыр, каардуу күндөн калкалап
Кезегинде кучагына батырган,

Төшүн тоскон, тоо балдарын кучактап
Окторуна душман колдон атылган.
Канча кылым кан жутултур шолоктоп,
Тоо томсорот бүгүн аны жомоктоп…

«Эми башка күндөбүз» – дейт кайрадан
Күлүмсүрөп гүлүн сунуп коноктоп.
Атын сактап алп уулунун тоо турат,
Жаңы заман, жаңы турмуш эл курат.
Канга боёп пайдубалын тургузган,
Эски заман эчак кеткен бүт урап.

## ЖЕКСЕН БОЛСО

Теңдеши жок тирүү жандын өмүрүн,
Тырс эттирип үзүп койгон эмнеси?!
Айдан ачык, бул дүйнөгө адамзат
Эч бир качан, эки кайра келбеси.

Келбесине кеткен жаның кайрадан
Кечээ көргөн, бүгүн жогу күбөсү,
Бей ажалды жер бетинен жоготуу
Адамзаттын анык ыйык күрөшү.

Өлүм менен, өмүр менен ойногон
Кээ бирлердин кечирилбес күнөөсү!
Ар бир адам жек көрөтко өлүмдү,
Ар бир адам кенч көрөтко өмүрдү,
Кайдан келет жаркыраган дүйнөгө
Кара ниет, кан ичүүгө көңүлдүү?!

Жер бетинен жексен болсо бей ажал,
Укпаса дейм октун үнүн бир адам.
Бейпилдикте, сейилдикте калың эл
Достук менен куунап турса бүт аалам!

## БИЗ КҮРӨШКӨ ТУРАЛЫ

Эмгек сүтүн эмип жаткан
Эгинин көр талаанын,
Көңүл коштоп, көз тойгузуп
Көркү сонун калаанын.
Айлананда назик чыккан
Күлкүсүнөн баланын,

Булар үчүн тынчтык керек
Бул барыңдын талабың.

Эркелегкен эки жашты
Махаббаттын илебин,
Таалай үчүн талыкпаган
Эмгекте эрдин билегин,
Тынчтык берип өсүп-өнсүн
Бул жалпыңдын тилегиң.
Ээн талаада жаткан бейит
Төгүлгөн кан күбөсү,
Эчен мунжу эмгектеген
Өткөн согуш күнөөсү,
Эми кайра келбесин деп
Элдин бүгүн күрөшү.

Бүт дүйнөнүн аялдары,
Биз күрөшкө туралы.
Тыячтык үчүн чоң майдандын
Добулбасын уралы!

**ЭНЕ СӨЗҮ**

Калк каарданмак өлүм огу атылса,
Душман чыгып бейкут элге катылса.
Жүрөк козгоп кулук ойду туйлатат,
Эне сөзү шаңдуу чыгып айтылса.

Айтат эне: – Кимдер каалайт согушту,
Жокпу анын кырчын өскөн балдары?!
Жаз гүлүндөй жайнап турган жанында,
Эрке сүйгүн эзилишкен жарлары?!

Бакты тилеп балдарым дел улгайган,
Мен сыяктуу аппак чачтуу карылары?!
Кече өткөн кызыл-кыргын согушта
Жөнөтүшкөн жүрөк күйүл жарларын,
Муңга барды кантип эми энелер
Окко тосмок бойго жеткен балдарың!..

Жок, калайык эне сөзүн аңдагын...
Согуш оту эч убакта жанбасын!
Какыр талаа, кургак чөлдүү кара жер
Сугарылып кызыл канга канбасын!
Мөлтүрөгөн күлгүн жашта келиндер
Кара кийип, кайгы жутуп калбасын!

Эркелешип эркин өсүп балдарым
Эзел ага жетим күнүн салбасын!
Менин батам айланайын балдарым
– Кара түндүн апаатынан сактасын.
Мээриминдей жүрөгүндө эненин,
Жердин жүзүн тынчтык нуру каптасын!

## ЖЕРДИН ҮНҮ

Мен баратсам –
Күндүн көзү,
Гүлдүн көзү
Мага карайт жоодурап.

Кабак серпип,
Канат серпип
Жашыл дарак күүлөр чертетшуудурап.
Таасирине
Тартып турса айлана,

Таманымдан жер түйшөлөткобурап.

Барган сайын.
Баскан сайын
Кобур үнү,
Кою үнү
Айдан ачык угулат.

Улам бийик,
Улам күчөп
Таманга эмес жүрөгүн ургулап.
Эмнегедир,
Мен жер менен сүйлөшкөндөн тартынам,
Үнү чыкса жемелүүдөй сезилип.

Жүйөлүүдөй,
Күнөөлүүдөй ачынам.
Жер кобурайт:
Төгүп берем,
Ачып берем
Чачасыңар, билесиңер алганды,
Ойло адам,
Кылчай адам, абайлана арканды.
Мен да өзгөрөм,
Мен да бөксөрөм
Булгай ичпе мөлтүр кашка сууларды.
Чача берип жер бетине ууларды,
Өрттөп тынып жүрбөсөңөр болгону
Жасай берип каргаашлуу куралды!..
Барган сайын кобур күчөп угулат,
Таманга эмес, жүрөгүмө ургулап…

## ТӨРӨЛҮПМҮН ЖАЗ АЙЫНДА

Мен төрөлгөн экенмин жаз айында,
Желин салын жер-дүйнө турганында.
Күн күркүрөп, жамгыр жерге төгүлүп,
Көлбүй түшүп, көк шиберди жууганда.

Төрөлүпмүн, чарт жарылып каканактар
Жан-жаныбар бары тегиз тууганда,
Мени менен жазда келген балдардын
Энелери эми белин бууганда.
Төрөлүпмүн толгоо тарткан жер эне,
Кызыл-тазыл гүлдөр төрөп жатканда,
Тирсейишип энелердин эмчеги
Ийип берип сүт диркиреп акканда,

Уяларда жумурткалар чегилип
Балапандар кызыл оозун ачканда.
Ошол күндөн, жайда толуп жадырап,
Күздө улгайып, кышта көңүл чөгөрөм.
Жаш өтсө да жазды тосуп кубанып
Жан сергитип жана кайра төрөлөм.

Күздүн күнү, күрөндүдө калбастан,
Улам кайра кышка келил турсам дейм.
Кар алдына кала бербей көмүлүп
Кайран жанды, кайра жазда туулсаң дейм..

## КАЙРЫЛУУ

О, калайык-адамзат!
Адам кетип, түбөлүккө жашынды.

Жашынбаса сүртөт белең жашыңды.
Улуу эле, сулуу эле,
Ички дүйнө, сырты менен келишкен,
Табигаттын аябаган баарын тегиз бериштен.
Кылым берет өтө сейрек мындайды,
Кымбаттыгы, кыйла адамды кейиткен...

Акын кетти –
Кирпигинек ырга канат байлаган,
Кубат берип көз нурунан жайнаган,
Көркөм сөздөн көйнөк тигип кийгизип
Жаратычу жана бирин кайрадан.
Кетти бүтпөй ырларынын жакшысын,
Кейиш тартып муңдуу комуз таңшысын...

Бийчи кетти –
Сулуу кетти, бий дүйнөсүн жараткан,
Калкып учуп канча көздү караткан,
Орду толбой, онтойт жүрөк али да
Оңоло албай ооруксунткан жараттан.
Бийчи кана, бийдин ачкан бактысын,
Бийик чыгып муңдуу комуз таңшысын...

Күүчү кетти,
Ырчы кетти мукам-мукам сайраган
Кызыл тилин, комуз кылын кайраган,
Кереметтүү нечен сонун музыка
Келил турчу күүдөн аккан дайрадан.
Күүлөр барат коңур үндү коштогон,
Күйүт тартып комуз турат боздогон...

Адам кетти –
Кетти кетти, илимпоздор – акылман,

Көөр төгүлгөн колдорунан асыл жан,
Ушул дүйнө өтө кызык, өтө наз
Улам кайра жаңыргандан акылдан.
Өттү акылман дагы сырлар ачпастан,
Өксөп турат комуз үнүн баспастан...

О, калайык – адамзат!
Кубангыла, баш көтөрүп кейишпей!
Бала келди – уулу келди келишкен,
Адам келди – асыл келди төрөлүп,
Акыл келди ак бешикке бөлөнүп.
Кылым берет өтө сейрек мындайды,
Кубан журтум, кубат кылып сыйлайлы.
Булар жазат ырдын, күүнүн жакшысын,
Күүлөн комуз күндө бийик таңшысын!

## ЖҮРӨК

Түрсүлдөп көкүрөктө соккон жүрөк,
Бир секунд тыным албай каның жүрөт.
Аз өмүр ара жолдо чарчап калбай
Ашуусун барсаң боло жүздүн тиреп!..

Асман, жер багындырган баатыр жүрөк,
Алсырап кай бирлерде калат жүдөп,
Адамзат акылыңдан айланайын
Амал таап алып кетчи алыс сүрөп!..

## ӨМҮР ЧИРКИН

Өмүр чиркин өтө берип өкүндүрөт, эске салып
жаштыгың.
Кырга чыгып кызыл жоолук булгалайсың
кызыктырып настыгың.

Тамтаң уруп кетер белем таркабаса жаштык сенин
мастыгың.
Өксүй басып өтө берген өмүрүңдүн өлчөмүнүн
station аздыгын!..

* * *

Күндөр өтөт, күлүктөрчө жарышып.
Жылдар барат тизгин колдо карышып,
Олбуй-солбуй камчыланып энтелеп
Мен келемин өмүр менен алышып,
Мараа жакын калган сайын өбөктөйм
Ат жалына, ээр кашына жабышып...

* * *

Аземденип акын булбул ырдасаң
Атаандашып мен да туруп ыр жазам.
Кайрып чертип кол ойготкон күүңө
Качан эми жанаштырып ырдашам...

## АДАМ КӨЧҮ

Келип адам кайрадан кетет көчүп,
Калгандары кайгырат кошок кошуп.
Көчтү улайт адамдар кылымдарга,
Кара килем жабуулап кызыл нарга.

Аза көчү чиркелет нарга окшол,
Жетип тынаар мезгили барга окшоп.
Тынбай мезгил жарышат көчтү коштоп,
Жетим тайлак желпилдейт улам боздоп.

Жакшы тура адамзат жаллы көчпөй,
Аяк алып калганы көчтү узаткан.

Мезгил учса байкабай берекелүү
Бала төрөп бапырап той уланткан...

## КҮЛКҮ БЕРГИН

Менин сүйгөн курдаштарым береке,
Алтын бербе, күмүш бербе белеке,
Күндөй жарык илебине жылытаар
Күлкү бергин жүрөгүңдөн белеке.

Көңүлүмдүн азган-тозгон жерлерин
Жамаачылап жаратамын кереке.
Күлкү бергин бакты болуп сезилип
Күйпүп болуп капа турсун чегинип,

Эркелесин эргип жүрөк кубанып
Эчен сонун музыкалар чертилип.
Дары жазап, данакерлеп аламын
Кара жандын калган жерин мертинип.

Күлкү болсо, ал досумдун белеги,
Байлыгымдын бардыгынан кереги.
Учкан куштай канат кагып закымдап
Өтүп барат өмүр чиркин береги,
Кабак түйүп карашпастан курдаштар
Күлүмсүрөп колубузду берели!..

## ДҮЙНӨГӨ

Кан ойноткон, жан ойноткон асемдүү
Кандай укмуш ырлар, күүлөр угамын,
Кечээгиден бүгүн башка көрүнүп
Дүйнө сага таңыркanып турамын!

Өлбөчүдөй өзөлөнүп өмүргө
Жагалданып жаңы кайра тууламын!

Жаркырайсың дүйнө сен, мээриң артып
Мемирейсиң терметип көңүл тартып.
Өмүр бою суктанып тойбой келем
Сенин жакут көркүңө көзүм сатып.

Жарым кылым жол бастым жыргалыңда,
Даңазалап өзүңдү ырларымда.
Кыялданып баратып батып кетсем
Калаар бекен кыпыны кырларыңда.
Өмүр белин эңкейтип камчыланам,
Өткөн жашты калтырып жылдарыңда...

## СУУНУН ҮНҮ

Кубулжуган симфониям суу үнү,
Кумарланып уга берем күн-түнү.
Тунук суунун кирпигине кир жукпай
Турса экен деп ыйык көрөм мен муну.

Туулуп өстүм суу жээгинде көк кашка,
Тоо суусунун шузыкасы бир башка.
Тогуз кайрык толгой чертип жаңырып
Тамшанасын, укпагандай сен башта.

Суу үнүнө гүлдөр мойнун бурушат,
Суу жээгинде бактар бийлеп турушат.
Шок баладай күндүн нуру ойноктойт,
Жан-жаныбар музыкасын угушат.

Суктанасың суунун сулуу көзүнө,
Тынбай өткөн коңгуроолу көчүнө.
Аземденип суудан чыккан музыка
Айлананы тартып турат өзүнө.

Кубулжуган симфониям суу үнү,
Кумарланып уга берем күн-түнү.
Тунук-суунун кирпигине кир жукпай
Турса экен деп ыйык көрөм мен муну.

## ТЕҢТУШТАР

Айланайын ак пейилдүү курдаштар,
Алысындап ачылган гүл көңүлүм.
Абайлабай тепсеп алып жүрбөгүн
Аны менен айкалышкан өмүрүм.
Ансыз дагы эрте-кечин карабай
Ээрчий келет эси кеткен өлүмүң...

## СУУК КОЛ

Суук колун төшөгүмө узатып,
Карылыктын келгенике өкүнөм.
Кечээ гана жаштыгымды көрүшкөн
Кейиштүүрөк замандаштар өзүмөн.

Арбаңдатып ач кенедей жабышкан,
Колду түртүп, коё тур деп өтүнөм.
Карылыкты каалабаган бүгүн мага
Капалуурак замандаштар өзүмөн.

Барган сайын батып барат тырмагы,
Баса келип төшөгүмдүн четинен.
Сумсайышат суук колдон кызганып,
Сулуулугум кетпегендер эсинен...

## РАДИОДОН

Качанкы унутулган ырларды угуп,
Жаш кезим жадыраган эске түштү...
Эт жүрөгүм элирип алып учуп,
Келди мага кандайдыр сезим күчтүү.

Бүгүнкүдөй жаңырыл жандуу элес,
Бир башкача кубулуп жердик үстү.
Шаңдуу чыгат күү үнү аземденип,
Жашылданып жаркырап жаштын багы.

Кызыл көйнөк кыз мекен кыйла жаштар
Кырка тартта келишти мунун бары.
Жаштыгымды калтырып жан сергиткен
Узарса дейм минута бир аз дагы.

## ЭСТЕЙМИН

Күлүңдөп сүйкүм көздүн кырын салып,
Күнүгө сен ачасың эшигимди.
Эрте жаз эки үйүбүз бирге конгон,
Эсимде терметкеним бешигиңди.

Бал кошуп, бапестеген буламыгың
Балалык, аңдычу элем кешигиңди.

Терметип тегеретип күлүк ойду,
Телмирип күндө ачасың эшигимди.

Эр жеткен, эр мүчөлүү сулуу жигит
Эстеймин кызыл арча бешигиңди...
Аласаң менде сенин бар сыяктуу
Айланып ачканда не эшигимди?..
Заакымдап нечен өмүр сызып кетти,
Кайрадан терметүү жок бешигинди.

## САГЫНУУ

Келер жылдын жанга артык жагымы,
Бирок, билсең бул да өмүр агымы.
Бала келсе бул дүйнөгө баркырап,
Адам кетер, ал турмуш го табигы.
Күлкү менен кубандырса жүрөктү,

Кээде болоор капа чегип-жабыгуу.
Келчү жылга жетелешет үмүттөр,
Кеткен жылга менде күчтүү сагынуу.
Жаңы жылда жоготуулар аз болсун,
Кийин бизди сагындырар табылуу!

## АКЫНДЫН ЖҮРӨГҮ

– Карыганын билбестен сүйүүнү ырдаган,
Кандай – дейт, сынчынын бирөөсү.
Бул чындык танылбас эч качан
Анткени, жүрөгүм дал өзү ошонун күбөсү.

Чынында кебетем жылдан-жыл жүдөдү,
Бирок да жүрөгүм сүйүүнүн түнөгү.
Жалындап сапарга жол тарткан
Жаштардын сүйүүсү жай күнү түнөдү.

Көгүлтүр көңүлүм, көмөктүү көйрөңдөп
Тизгиндеп, чылбырлап көрүнөө сүрөдү.
Сүйүүлөр таалайга талпына бет алса,
Түштөнөөр үй болуп тектирге тигилди.
Аптаптуу күндөрдө чалкыган көл болуп,

Чаалыкса махаббат, салкындап чөмүлдү.
Сүйүүлөр толгоно, толкунга серпилип
Ыр болуп жүрөктөн жээктерге төгүлдү.
Үшүнтүп сүйүүлөр жаздымда өтүшпөйт,
Акындын жүрөгүн алыска түртүшпөйт.

Анткени ак жолду тилеген ак ниет
Акындын жүрөгү ар дайым бир жүрөт,
Башканын сүйүүсүн алдейлеп өткөрүп
Өзү да өжөрлүү, өлгүчө ал сүйөт.
Алоосу сүйүүнүн жүрөктөн өчкөндө
Акынды – өлдү – деп, ошондо эл күйөт.

* * *

Алтымыштан ашкандарга
Али кыздай көрүнөм,
Кырктын кырын баскандарга
Кыйла жерге бөлүнөм.
Элүү жаштын эрмегимин
Эркелеткен көңүлүн.
Кечээ эле гүл жайкадым
Көөнү толкуп көбүнүн,

Караганча кайып кеткен
Кандай укмуш өмүрүң!..

## СҮЙҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Махабатты баяндашып –эчен түрлүү кеп айтат…
Улгайгандар сүйүүсүн – улуу-кичүү жеме айтат:
Алтымышта сүйөт десе –»Алжыганы» – деп айтат.
Элүүлөрдүн сүйүүлөрүн –»Эси жоктук» –деп
айтат.
Андай болсо айткылачы курдаштар,
«Сүйүү жашты ылгабайт» – деп неге айтат?..

## КАНТЭЭР ЭЛЕҢ?..

Күтпөгөн күз мезгилиң, сүйүү келсе,
«Күкүк» – деп чакырган үн сага жетсе,
Жашырбай айтчы курбум,кантээр элең,
Жалооруп терезеңден тырс-тырс чертсе?..
Жазгансаң, жалтанбастан кара көзүң
Жалжылдап жаш кезиндей жанып кетсе,
Кантээр элең?..

## КЕЗДЕШҮҮ

Келбедиң кездешүүнү көңүлгө албай,
Үзбөдүм үмүт жибин улам жалгай,
Далайга түн мезгили барган менен
Убакыт маалкаттырып турду жылбай.
Күн дагы көңүл коштоп кабак чытып,
Нөшөрлөп ошол күнү жамгыр тынбай.
Көшөрүп өчөшкөндөй тура бердим,

Түбүндө бай теректин сени кыйбай.
Ошондон ушул күнгө көрүшпөдүк,
Эми сен келдим дейсиң мени сыйлай...
Мен болсом эстеп турам күткөнүмдү,
Түбүндө бай теректин сени кыйбай...

## ЖИГИТ ЖАНА ТОО ГҮЛҮ

Демейде өткүр, кээде зөөкүр жаш жигит,
Тагдыр айдап айдап келе жатты жер кезип,
Байлыгы анын гүлгүн жашы колунда
Бирде киргил, бирде кашка суу кечип...
Токтоду ал тоолуу жерге жеткенде,
Тоо жоготуп, тоону издеп жүргөнсүп.
Көз алдында тоонун гүлү кулпунат
Жолоочуга жоолук булгап күлгөнсүп.

Танырканат гүлгө жакын барбастан,
Карай берди нурдуу көзүн албастан.
Кезегинде үзүп жыттап кетчү эле
Эчен гүлдү толо назар салбастан...

Эми жигит демин тартат ичине,
Илебинин табы өтүп кетчүдөй...
Колун сунат тийгизбестен бүрүнө,
Уйпаланып ирени өчүп кетчүдөй

Ушул гүлдү күнөс жерге өстүргөн,
Башын ийди бийик тоого күнүгө,
Жылуу келип жанган жигит көзүнөн
Турчу болду тоонун кызыл гүлүнө.

Дагы жигит тагдыр айдап жер кезди,
Кылчак-кылчак гүлгө карап ал кетти.
Жылдар өттү...Тоонун гүлүн эстеди.
Өмүр бүрүн какса дагы, көңүл аны эңседи.

Тоого келди дагы башын ийгени,
Тоолор турат көккө башы тийгени,
Гүл да турат баягы эле жайында
Гүлгүн эмес, күрөң көйнөк кийгени...

Мезгил ага көлөкөсүн түшүргөн...
Турду жигит көпкө карап ойлонуп:
Мен дагы эми баягыдай эмесмин
Деп үшкүрдү, көзүн бууруп толгонуп...

## ЖАШТАРГА

Айланайын арка кылган балдарым,
Айдан жарык биздин сулуу таңыбыз,
Алдыңарга тартуулаймын алгыла
Ачык күндөй аппак жакшы жагыбыз.
Ылгагыла, албагыла суранам
Көлөкөлүү көзгө комсоо жагыбыз!

## КЕЛГЕНИҢДЕ

Билгемин мени көздөй жол тартканың,
Утурлап алдың тосуп мен баспадым.
Бүгүнкүдөй жете келген мезгилиңде
Негедир жашынаарга жер таппадым.
Жалооруп адетинче карап туруп,
Жанымды кейитээрлик сөз баштадың.

Жол бастым чейрек кылым сени эңсеп,
Жаш жуттум далай жолу сени эстеп.
Улгайып, чарчап сага келип турам
Суусун бер, тартынбачы эми четтеп.

Колума чөйчөк алып басып барып,
Калтаарып колдо суумду төгүп алдым,
Тагдырдын татаалына өкүнгөндөй
Томсоруп шагым сынып туруп калдым.
Эңкейип куру чыным колдон алып
Муңайдың, ичпесем да суусун кандым…
Жүрөккө эки түрлүү сезим калды,
Билбедим кимиси анын утуп алды…
Бирок да ак пейлимден сунган суумду
Жердеги киргил килем жутуп алды…

## УЧКАН УЯМ

Бала тонум –көз жарган жерде калган,
Бала чагым – бүт бойдон сенде калган.
Өмүр жолун өтөчү мараа көздөй
Мен арышты так эле сенден алгам.

Бапестедиң, барктадың мендей кызың,
Жүрөгүңдүн деминде дуулап өсүп,
Эркеледим жапасыз шайырланып
Эрмек этип балдар чымчып өтүп.
Байлап алып белегиң канжыгыма
Балагым калтырым чыктым көчүп.

Келечекке бет алдым сапар тартып,
Сүрдөнсөм да мейкинге үндү салып.
Тосуп чыкса борошон тоо бетинен

Тоңуп барып, өчпөстөн кайра жанып,
Канат талып кай бирде жер таянып
Жана болбой калкылдап демөөр алып.

Балапандан куш болуп учкан уям,
Канат кагып таалайга сызган уям.
«Кайда жүрдүң, канакей эмне таптың?»
Бата берген балаңдан эми сураң.
Болосуңбу ыраазы, болбойсуңбу
Эки кочуш ыр менен келип турам...

**АТА-ЭНЕМ**

Элге келсем эске түшөт эчендер:
Бурганактап карга айланып оюм адаал.
Катмарларып балталаймын кайралап,
Кайран атам басып өткөн жолун таап.
Санаа келет сапырылып сабаалап,
Бирин-бири жетектеше желе чаап.
Башты салып барган сайын үңүлөм
Байкуш энем басып өткөн жерди таап.

Жолдор жатат учун, кыска ийрилип,
Тамга болуп, тарых болуп чийилип.
Өткөн эле атам-энем бул жолдон
Өмүр жүгүн оор котүрүп ийилип...

Баскан атам, шашкан энем оолугуп,
Келе берип кээде үшкүрүп олтуруп.
Ошондо да өмүр жыргал, жакшы деп
Даңазалап пейли менен толтуруп.

Ушул жолдон атам-энем өтүшкөн,
Жүк көтөрүп, оор көтөрүп аркалап.
Ошондо да өмүр кызык, сонун деп
Мараасына бара берген алгалап...

## ЭМНЕЛИКТЕН САГЫНАМ

Кумарланып кучагында эркелеп
Жүрөк сырын жүйөлүшүп чечпедик,
Желдеп согуп сермен турса махабат
Жетегине жетелешип кетпедик.
Айтчы эми эмнеликтен сагынам?
Ардакташып аз күн өмүр сүрбөсөк.
Ай нурунда айкалыа кынаалып
Айылдан алыс ара басып жүрбөсөк...

Сүйөм деген бир ооз сөзүң укпастан
Сумсайынкы супа салып жабыгам,
Эркелешип кадыр көңүл өтпөсө
Эмнеликтен элжиреп мен жалынам?...

## АМАН БОЛ ДЕЙМ

Эр жүрсө эл ичинде желдей эсип,
Өмүрү өчпөчүдөй оттор кечип,
Айланам аман бол дейм асылдарга
Армансыз болоорумдай тилек жетип.

Кулачтап толкуган ой деңизине,
Кырланып кызык дүйнө келишине,
Чыңгызга аман бол деп таазим этем
Табылгыз сырлар ачып беришине.

Дүңгүрөп Азиядан дүрбүт чыгып,
Жүрөгүң жетектеген добуш угуп,
Олжастын канаттуу ыры кайып өтсө
Аман бол дейм калкылдап кыял учуп.

Айланып азаптуууга адам келип,
Бөлүшсө бөлүшпөстү жаны кейип,
Ачылып алысындайм ак пейлине
Мен ага аман бол деп башым ийип.
Сокурду жолго салса колун берип,
Улууга кичүү турса орун берип,
Аман бол деп барына бергим келет
Табылса мээр чөптү тынбай терип,
Жакшылык жамандыкка орун бербей
Жаркырап турса боло өмүр жеңип...

## ТҮНДӨ

Эл жаткан. Сыртка чыгып жолго түштүм,
Тепсеген узун санаа ойго түштүм,
Кулпуруп кезегинде түр жайкаган
Көңүлдүн кызыл гүлүн толгоп үздүм.

«Кантесиң, башты салып, гүлдү уйпалап»
Дегендей көктө турган айды көрдүм.
Ай нурун сарпай кылып кийип алган
Сулуудай магдыраган жайды көрдүм.

Саналуу чөккөн көңүл көтөрүлүп,
Жибек жел сылайт менин саамайыман.
Узатып кош айтышкан жан курбудай
Жылмаят нурдуу жылдыз маңдайыман,

Толкутуп алыс кеткен сезим келип,
Айлуу түн көңүл гүлүн тандап терип:
«Дүйнөдө жашоо кызык, көрдүңбү!» дейт
Алыстан сүрдүү Ала-Тоо боюн керип.

## СҮЙГӨН ЖИГИТКЕ

Бийлеп сезим жүрөктү
Ысып денем чымырап,
Көрктүү жигит көз алдымда
Өтүп турат зымырап,
Туйлайт жүрөк кысылып
Сүйөмүн деп шыбырап.

Сабырда жүрөк ээленбей,
Жалыныңа күйбөстүр.
Ойло ээликпей токтолуп,
Балким жигит сүйбөстүр?!

Жаракөрдүн бири деп,
Сулуу жигит күлбөсүн?
Кымбат сезим баркталбай
Жалоорутуп жүрбөсүн?

Сүйгөн жигит садагаң,
Көңүл буруп карасаң?!
Курман кылам өзүмдү,
Эгер аны кааласаң.

Көңүлүм буруп көшөрүп,
Элесиң сенин кетпеди,
Көктө жылдыз белемсиң
Сунсам колум жетпеди.

Баш бербей мага жүрөгүм
Балбылдап сени эстеди.

## СЕЗИМ

Сезим сени өтө бекем кармадым,
Бирде алсам, бирде тилиң албадым.
Эрик бер деп, эчкирип сен турганда
Эркелетип жаш баладай алдадың.
Өкүнбөгүн өткөн келбес турбайбы,
Калган болсо ичиңде көп арманың.
Таарынбастан талдап көрчү бүгүн сен,
Тамылжыткан чындыгын да жалганын...

## КАНАРЕЙКА

Сайрай берип булбулга жакындатып,
Канарейка таңдайын такылдатып,
Бирде бийик, бирде пас кубулжутуп
Күү канатын күүлөйсүң закымдатып.

Адам жыргайт асылдык эрмегине,
Жанга жагым ыр төгүп бергениңе,
Уга турган ырыңды жерди издеп
Кайыл белең капаска келгениңе

Ырчы болбой жаралсаң жүрбөйт белең,
Эркин учуп талаанын мейкининде.
Жашыл токой саймалуу санжыргада
Табигаттын жараткан бейпилинде.

Мейкиндикти алмашып калаа-жерге,
Албан кушту алмашып адам – элге,

Эчен кайрып күү чертет сары чымчык
Мезгил-мезгил кайрылып салган жемге.

## ТҮН ИЧИНДЕ

Эл уйкуда кээде уктабас адатым,
Ай жарыкта араламай айылымдын
арасын...
Береги үйдө бешик буту тырсылдайт,
Уктата албай жатат эне баласын.

Бешик буту жер тепкилеп,
кежирленип барасың,
Талыкпайбы эне колу,
Качан тыным аласың?..
Бүгүн көргөн ушул колдун
тынбай пахта тергенин,
Этек-этек ак буланы
өлкөсү үчүн бергенин.

Айыл четинде Ала-Тоодой
ак пахтанын үймөгү,
Зор эненин зор эмгегин күбөлөйт,–
Күчтүү колдон терметилген күндөгү
Тигил жактан бирөө келет теңелип,

Ал өзүнчө алда кимге кезенип...
– «Акырын! – дейм,
Эне уктабайт безенип».
Зөөкүр мага: – «Кимсиң ыя?
Сенин кандай ишиң бар?
Мен кожоюн, сен өзүңдү билип ал!..»

Шагы сынса, көңүл ооруйт эмеспи,
Сырды билбес бир дөңгөчтүн элеси...

Ойлондум да, толгондум да бурулдум,
Келе жатып эки жашка урундум.
Ийменишип көлөкөгө басышат,
Абийириңден айланайын эки жаш...
Ак сүйүүнү айыңдашып келатат,
Үлпөт куруп эми чыккан эки пас.
Ачуу сөздөр ачындырат денени,
Айткым келет: Экөөнүн жок күнөөсү,
Махабатын бул экөөнүн баяндап
Сайрап турган тигил булбул күбөсү.

Кулагыма үн угулат:
«Сенин кандай ишиң бар?..»
Ойлоном да, толгоном да бурулам,
Баса берип нечендерге урунам...

Кечээ баштап бүгүн турган имарат,
Толкутат ко чертилгенсип «Ибарат».
Тигилер ким? Короосунда кыбырап
Койнуна эмне катып жатат шыбырап?
Караңгынын этегине жамынган,
Каракчылар! – кыйкырышка камынгам.
Үн угулат: – «Сенин ишиң эмине?
Заңгыраган үй илинбей көзүңө,
Эки кочуш мык алганга кадалып
Кимсиң ыя, суроо берем өзүңө?»

– Мен адаммын!
Башкалардан балким бир аз жаманмын,
Бирок билсең мен ак ниет адаммын...

Түн кетилди,
Таң кылайып алыстан,
Таңды тоскон адам турат
ат сугарып алыштан.
Кун да чыкты узун кирпик чачырап…
Түн пардасын тегиз сыйрып алганда
Турат белем бүт айлана жаркырап…
Өмүр деген кандай сонун керемет,
Өйдө, ылдыйын өтө берет тебелеп…
Өтүп жатып көңүлүңө байлантат
Түн киргилин, күн жарыгын желелеп…

Бешик буту тырсылдаса
Билек этим зыркырайт.
Күнөөсүздү ушактаса
Жүрөк этим зыркырайт…
Күчтүүрөгү алсызын күлүп жатса ызалап,
Мен өзүмчө боло берем кыжаалат.
Адал иштен арам көрсөм
Эмнеликтен менин бетим кызарат!..
Ойлономун, толгономун
Көңүл бурбас тапсамбы деп амалды,
Жок табалбайм!
Анткени мен жакшы көрөм адамды…

## СЕНИН КҮЧҮҢ

Кыргыз элим, поэзияң – өз энем,
Мени төрөп эмчек сүтүн эмизген.
Көп улуттуу поэзиям Советтик –
Көркөмдүү бак жемиштерин жегизген.
Көңүл толкуп, кыялдана ыр жазып,
Сенин күчүң мени акын дегизген.

## АКЫНДАРГА КААЛОО

Акындарга каалаймын жаңы жылда:
Ак бөпөдөй алдейлеп ырлар тапсын.
Туулганына сүйүнбөй апырандап
Турарына кубанып жыргап жатсын.
Акындарга каалаймын жаңы жылда:
Аска тоонун кениндей сырлар ачсын,
Эркелетээр эчендин көңүлдөрүн
Элесиндей эненин ырлар жазсып.

Ала көөдөн, ак пейил байкуштарым
Асмандабай аярлап жерде бассын,
Адамдардын жүрүгүн козгой турган
Аз да болсо чындыкты элге таратсын.

Жалпыңарга каалаймын жаңы жылда:
Жамандабай бир бирин сыйлай жүрсүн.
Эки келбес дүйнөгө асыл башың
Эби келсе эч качан кыйбай жүрсүн.

## КАЙ БИРДЕ

Күн менен түндүн арасы
Айрылбайт кээде карачы...
Сүйгөнүң болуп бир турсаң
Күн болот түндүн карасы.

Жай жана кыштын абасы
Жакындайт бирде арасы...
Сүйгөнүң болсо жанында
Жайга окшойт кыштын аязы.

## ТӨРӨЛГӨН ОЙ

Жаркырап тереземден түшкөн шоола
Жадырап шаанисине үйдү бөлөйт,
Жарашып жандуу сезим көңүлүмө
Жаңыдан жагалданган ойду төрөйт.

Оюмда экинчи ирет жараламын,
Бой жетип кундуз чачым таранамын.
Өмүргө басып өткөн кечээги мен
Чаптырып көз илебин каранамын.

Өткөн күн бир ууч болуп колго келип,
Талдаймын ак, карасын тандап терип.
Тамылжып татынакай элесине
Тамшанам жаш кезиме көңүл берип.

Айланып жаш кыялым асманга учат,
Алдыма изин чийип жолун курап,
Бет алып мейкиндикке сапар чегет
Береги аркагынын жибин улап.
Жетелеп өткөн өмүр колдон алат,
Тайгак жол, таштак кечүү соңдо калат
«Мен баскам сен баспачы» – деген сындуу,
Даанышман даңгыр сонун жолго салат.

Оюмдай мен төрөлсөм жана баштан,
Өмүрдүн кыр ашуусун дагы ашсам,
Эми мен кылдат басып өтөөр элем,
Тагдырдын татаал жолун анда баскан.

* * *

Кыял менен телегейим теп-тегиз,
Кыялымда келем жашка он сегиз.
Бапырандап адамдардын баары дос,
Кыялымда болом таза кам жегис...
Кыял менен канат сермеп далайга,
Эргий берем, чөмүй берем таалайга.
Эрке кезим, эне-атамдын төрүндө,
Суйкаямын шуру тагып саамайга...

## ЫРЛАР КЕТЕТ

Ырлар кетет, күлүк сымал чапкылап,
Жүрөк коштойт добулбасын каккылап.
Айдап алам мараа көздөй үмүттүү
Минген атым кайра-кайра камчылап.
Күлүктөрдүн, бактылуунун байгеси
Жарышкандын бардыгына барчылап,
Бирок гана, мараа кайда көрүнбөйт
Аккан менен маңдай терим тамчылап?...

## КЛАВА

Тентек элем,
Кежир элем,
Ата-энемди кыйнаган.
Бербейсиң деп,
Ойдогумду ыйлагам.
Орус келет!
Демейинче,

Көздөн жашым тыйбагам.

Акылга пас,
Балалык жаш,
Өтө берди буйдалбай.
Окуу дедим,
Шаарга келдим,
Талабымдан кур калбай.

Эл сагынып,
Жер сагынып,
Жүдөгөндү сураба.
Акыл айтып,
Түйшүк тартып
Эжем болду Клава.

Эркелетип,
Боорго басып,
Сиңдисиндей ойнотту.
Капалансам,
Орус кызы соротту.
Ала-Тооң,
Элиң күтөт,
Эрте тур деп ойготту.

## КЫЗЫМА

Каралдым кагылайын Бермет кызым,
Жадырап шаани берген үйдө кутум.
Талпынып таалайыңа канат сермеп
Уядан учуп жаткан түлөк кушум.

Энеге балдарыпын бары кымбат,
Бирок да жолдоштугу кыздай болбос.
Уландар колукту алып келген менен
Биз үчүн сенин ордуң үйдө толбос.

Берекем эркетайым Бермет кызым жалгыз,
Жар болсун сүйгөн жигит көңүл калгыс.
Өмүрдүн кыр ашуусун бирге ашып
Таалайың кубат болсун канат талгыс.

## КУЛУБЕКТИН КОНЦЕРТКЕ ЧЫГЫШЫНА

Жүрөк туйлайт көптөн тынган басынып,
Көңүл бийлейт көтөрүлүп ашыгып.
Кубанычтын күүсүн толгойт ал кыял
Кезегинде черте жүргөн машыгып.

Булбул учуп чынар бүрүн какканда,
Кулубегим төрт жарымда жаш эле.
Ушул менин бирин серин ак кирген
Ал кезекте көмүр кара чач эле.

Бүгүн билдим жыл зымырап өткөнүн,
Кулубегим жаз гүлүндөй өскөнүн.
Кубанычка орун берип бошотуп
Кайгы күчү чок күлүндөй өчкөнүн.

Учкул көңүл, соккон жүрөк тынчыбай,
Катуу согуп, үнгө салат ырчыдай.
Сезим ыргайт делебемди көтөрүп,
Кымбат жарым бирге угуп турчудай.

Эл толтура, Кулубегим күү ойнойт,
Ошол менин таалайымдын чырагы.
Менде кубат, көлдөй жүрөк толкуткан,
Акын Жоомарт ардагымдын туягы.

## БИРОК КЫЙЫН

Кандай сонун
Поэзия канатында
Кайып учуп кайтышың,
Бирок кыйын
Казан-аяк калдырабай
Кала тур деп айтышың...

## ПОЭЗИЯ

Көркөмүң куч, көз алдыман кетпеген,
Алоолонгон жалын да сен өчпөгөн.
Сен булаксың мөл-мөл аккан аскадан,
Бура тартып мен бурулуп өтпөгөн,

Деңиз сенсиң көйкөлүңкү чалкыган,
Мен кайыкмын толкунуңда калкыган.
Кытыгылап сезиминде ойногон,
Жайкы кечтин жели сенсин аңкыган.

## ТАМАШАЛАП

Курбум айтат: – Курортто эс алдың го,
Же жоготуп, же кошуп эт алдың го.
Жаштар менен шарактап шапар тээп
Тактайларды тепкилеп өч алдың го...

О курбум, эс алдым да ойноп-күлдүм,
Бирок да өжөрлөнүп иштеп жүрдүм,
Сүйлөшүп көлүм менен, жээгин бойлоп
Жоготкон ырларымды издеп жүрдүм...

**ЭРКЕ ӨСТҮМ**

Кыз тукумбу, мына ушундан арданып,
Эркек дешип, эрке өстүрдү ата-энем.
Эркин жүрүп эр баладай алчактап,
Мен өзүм да кыз атыма жат элем.

– Тогуз уулга ыраа көрбөйм каралдым,
Деп энекем күндө мага жалынган.
Байкуш атам баш оорутуп өзүнчө
Кыз дегенге кызырандап таарынган.

Жылдар өттү. Бойго жеттим суналып,
Сүйүү таптым эт жүрөгүм кубанып.
Бала өстүрдүм бакты менен сайрандап,
Уулум жигит, кызым турат буралып.

Анык бакты адамзаттын барына,
Ак эмгекте, ак ниетте жашасаң.
Арман болбойт аял болуп калганга,
Эгер элдии кызматына жарасаң.

* * *

Карагайлар көз ымдайт жигиттердей,
Карбаластап жөнөдүм көңүл сермей,
Эптеп-септеп энтелеп тоо таяндым
Энтиксе да жүрөккө эркти бербей.
Кайберендер жашаган жерге шаштып,

Калың токой чытырман жайды бастым.
Кайран жаным калтырап терге түштүм,
Карагандар жулмалап кайра качтым.

Кыткылыктайт кекилик кырдан карап –
Кызуу көңүл дагы эле кыздар сымак,
Жүгүң неде бечара ойлосоңчу
Төө үстүнө кол сермейт курган дымак…

* * *

Жаш баладай –
күлгөнүмдөн ыйым бат,
аз нерсеге муңайып,
 аз нерсеге көңүл шат.
Бул дүйнөгө –
бала болуп төрөлүп,
кетпесе экен
балалыктан адамзат.
Улгайса да –
учкул ойго учкашып
уча берип
убарада кыял мас…

## ЖАРЫК ДҮЙНӨ

Жаркырап жарык кең дүйнө
Асманын желпийт жел менен.
Жарыгың көркү жериңде
Жайдары баскан эл менен.

Жарыгыңдан айланам,
Жаркырап турган дүнүйө.

Жашоодон адам жадабайт
Жарыгың көрүп күнүгө.
Мээримиң күчтүү дүнүйө,
Баласын сүйгөн энедей.
Өмүргө өтөт өзүндө
Өлөөрүн адам кенебей.

Сүйөмүн жарык дүнүйө,
Суктанып сенин өзүңө.
Жашоонун көркү сенде го
Жаркырап турган көзүмө.

Төгүлгөн нурга бөлөнүп
Төрөлөм кайра демиңе,
Иштегим келет талыкпай
Керегим тийип элиме.

## АЯЛДАРДЫН БАКТЫСЫ

Күн чачырап гүлүн ачып жаштыгы,
Сүйүү келип суусун берсе – бактысы.
Жагалданып аял түрү кулпурат,
Жары болсо азаматтын жакшысы.

Балкып дене бал жууранга айлапып,
Бала тапса бул аялдын бактысы.
Ак бешигин ай нурунда терметип,
Ал баланын, ал тынчтыктын сакчысы

Ар адамдын эмгегине жараша
Аз да болот, көп да болот бактысы,
Эмне келбейт аялдардын колунан

Эмгегинен келсе баар тапкысы.

Адам баркын – аялдардын кордогон
Ал күндөрдүн ашкан эле запкысы,
Аял аты ардак менен аталып
Азыр кымбат, анык ушул бактысы.

## КЫЗЫ ТӨРӨГӨН ЭНЕ

– Сыздады го жаны кейип денеси,–
Деп кайгырат төрөгөн кыз энеси.
Эне чиркин көз алдына тартылат,
Жаны кейип жаткан кыздын элеси.

Бала төрөп бакты тапса баласы,
Кыйналды деп эне кейийт карачы!..
Кечегидей ал энеге сезилет,
Ошол кызы төрөлгөн күн арасы.

Бала келсе бактыга үй тунбайбы,
Келечекти мына ушулар курбайбы.
Адамзаттын өмүрү өчпөй тутанып,
Так үшүнтүп кете берет турбайбы.

## ТААЛАЙ

Таалай сени талыкпастан күтөмүн,
Күтө берип күйпүл болуп жүдөдүм.
Караан үзүп кеткениңе карабай
Кайып кайра келеби деп жүрөмүн.

Бирде таалай аска болуп көрүнөт,
Бирде асмандап булут сындуу бөлүнөт.
Кыял жеңип багындырып келгенде
Жамгыр сындуу түндүгүмдөн төгүлөт.
Эңсеп таалай эмне сени күтөмүн?
Күтө берип күйпүл болуп бүтөмүн.
Асман карап алма түшчү дегендей
Качанка эле күтө берип түтөмүн.

Күткөн менен таалай өзү келеби,
Аны сага алып бирөө береби.
Таң нурунда талбай эмгек кылбасаң,
Тагдыр сага таалай гүлүн тереби?!

* * *

Алдас уруп алып учкан жан тура,
Өмүр чиркин күйүп турган шам тура.
Бакты тапса ак эмгектен ак жашап,
Ар бир адам ал өзүнчө хан тура.

## ЫР ИЗДЕЙМ

– «Теңине албай бир өзүнө башканы
Тентип жалгыз эмне өзүнчө басканы»,-
Дей көрбөгүн теңтуш өскөн курбулар,
Кем болбосом, эч жерим жок ашканы.

Айтсам чыным ойлуу басып ыр издейм,
Жашырбайын жүрөктөгү сырымды.
Ыраазы элем окуп койсо курдаштар
Аз да болсо таап келген ырымды.

## ДОСТУК ТАМАША

Ыркы келбес ырлар чыкты
 кара сөзгө жанашып,
Тартиби жок элкин баскан
өз беткнче тарашып.
Дүрбү колдо, дүбүрөштү
үргүлөгөн сынчылар,
Ар бир сөзүн кызыл алтын
ак алтынга баалашып.
Алтын деген алтын тура
адам көзүн азгырган,
Окуурмандар кызыл чеке
болуп калды талашып..
Бирок гана уйкаштарга көңүлсүз,
Бирин-бири таппай калды адашып...

## АКЫН ДЕГЕН

Акын болбо,
Ар нерсеге азап чегип,
жүрөгүңдү оорутуп.
Ой көтөрүп, оор көтөрүп
кыр арканды жоорутуп.
Акын деген,
Адам экен
Аз нерсеге апырандап кубанган,
Жаман экен, жарты сөздөн
жараланып кубарган.
Акын деген,
Кызык экен

бар ааламды ойлогон,
Ойлой берип, бойлой берип
эч бир чегин койбогон.
Акын деген,
Ойлуу немең – ар адамга жанашкан,
Кубанчын да, кайгысын да
бөлүшөм деп талашкан.
Акын деген,
Назик немең – ак тилекке
күрөшкөн,
Адилетсиз, кара ниет – кара күчкө
тирешкен.
Албагыла,
Алаңгазар акындардын мүнөзүн.
Алсаң алгын
ак пейилдүү жүрөгүн.
Барынан да, барыңарга берсе экен
акындардын жакшынакай тилегин.

## ЖЕК КӨРӨМ

Жек көрөмүн көкүрөк көтөргөндү,
Карт-курт этип калп эле жөтөлгөндү.
Жөнөкөйлүк турса да жапыстанып
Жакшы көрөм мен ага жөлөнгөндү.

Жек көрөмүн асмандап тиктегенди,
Мактанмайынча тамакты ичпегенди.
Болсо дагы жөнөкөй жупунураак
Жакшы көрөм жанаша иштегенди.

Жөнөкөйлүк акылдын тереңинде,
Жөнөкөйлүк асылдын мүнөзүндө.

Жылуу берген адамдын жүрөгүнө
Эрте жаздай мээримдүү күн өзүндө.
Ал өзүн даңазалап турбаса да
Айкындайт жаркыраган нур көзүндө.

## ОН СЕГИЗ ЖАШ

Он сегиз жаш
өмүрүңдүн өзгөчө бир белгиси,
бирок адам
он сегизге эңсей берет келгиси.
Кичинелер
боюн созуп шашып турат жеткиси,
он сегиздер
кылчаңдашат келбей андан кеткиси.
Улгайгандар
келет ага бүт дүйнөсүн бергиси.
Он сегиз жаш,
Мезгил тура жаңы гүлүң ачылган,
артыктыгы ушул тура
башка сенин жашыңдан.

## ТИЛЕК

Дүйнөгө көзүн ачып келген күндөн
Бөпөлөп өстүрөбүз таалай үчүн,
Өмүрдүн байчечеги гүлүн жайкап
Көрбөсүн балдарыбыз согуш жүзүн

## УКТА БАЛАМ

Укта балам,
Уйкуда аалам.
Энең да мен
Чарчап турам,
Түн терметип
Сени багам,
Адам болсоң
Таалай табам.

Эр жашына
Кимдер толбойт,
Эл баласы
Ар ким болбойт.

Эркелетип
Боорум чабам,
Элдин уулу
Болгун балам.

Тынчтан балам
Тынчууда аалам,
Эртең мен да
Ишке барам...

## АКЫНМЫН ДЕ

Ырыңды окуп кубанып, санын чапса,
Оюңдагы сөздөрдүн барын тапса,
акынмын де.
Ырың гүлгүн кубулса пачайыдай,

Жан сергитип, жылытса жаз айындай,
акынмын де.

Дүйнө ачылып адамга дил байыса,
Жүрөк козгоп, көздөрдү жаш чайыса,
акынмын дө
Кызыктырып кыйланы ойго салса,
Кыял көлүн көңүлү бойлоп алса,
акынмын де.

Сонун дүйнө суйкайып четте калса,
Суктанбастан окурман ырдан танса,
Кароол коюп дүрмөтсүз атыпмын де,
Курган тилди кур кайрап жатыпмын де...

## КЫЗ ТААЛАЙЫ

Айланайын асыл эне
Эрке кызды төрөгөн,
Эркелетип эрке өстүрүп
Бирдей таалай тилеген.

Кыз таалайы тайкы келип,
Тагдыр сырын чечпеген,
Эңсеп эне тилегине
Эчен кылым жетпеген.

Кыз болбогон кырчын өмүр
Кыйноо тартып өтпөгөн,
Күн болбогон күйүп эне
Күндө жашын төкпөгөн

Мына бүгүн кыздар келет
Эч нерседен жалтанбай,
Акыл-талант эркин өсүп,
Эргип чыккан фонтандай.

Уул-кызы катар учуп,
Космос жиреп жар салат.
Коштоп эне кубанчысын
Күлүп турат чар тарап.

## БАР БЕЛЕ МОЙНУҢДА

Эй, адам!
Бар беле мойнуңда,
Бирөөнүн сындырган көңүлү,
Ошонун кыскарган өмүрү?

Бар болсо,
Муңканган үн чыгат,
Кантип сен укпайсың.
Канткенде мемиреп
Бей капар уктайсың!

Эй, адам!
Бар беле мойнуңда,
Көрө албай бирөөнү,
Көмкөргөн башына күнөөнү?

## БАР БОЛСО,

Ак жерден жан күйсө,
Кайгы-муң кандайча азайсын.

Сен кантип уялбай,
Көңүлдүү көпкөлөң жашайсың!

Эй адам!
Бар беле мойнуңда,
Адамдын көз жашы ыйлаган,
Бактысын сен байлап кыйнаган?
Бар болсо,
Кара жер көтөрсө сендейди,
Кансыктап жер турса
Кантип сен каткырып күлөсүң!

Эй адам!
Бар беле мойнуңда,
Ооруткан адамдын жүрөгү,
Соолуткан өмүрдүн мүрөгү?

Бар болсо,
Муңданган үн чыгат,
Кантип сен укпайсың.
Бей капар төшөктө
Сен кантип мемиреп уктайсың!

* * *

Мен кызыкмын,
Кубансам да, кайгырсам да,
көп ыйлайм,
Капалууга карай берип
Кайыштырып курган жанды
көп кыйнайм.
Мен кызыкмын,
Тирүүлүктөн өлөөр күндү

көп ойлойм,
Ошондуктан ободоюм ачылып
Эңсей берип бул өмүргө
эч тойбойм.

## ТАЛАШ

Бирөө айтат:
Бул дүйнөдө
Жакшы адам аз экен,
Он кишинин
Оорчундусу пас экен.

Ошондуктан
Эзелкиден адамзат,
Бир-бирине
жырткычтарча кас экен.

Бул дүйнөдө
Чындык деген аз белем,
Көпчүлүктүн
Жүрөктөрү таш белем.

Анын үчүн
Адам бетин ар качан
Жууп келет
Эзелкиден жаш менен!

Мен айтам:
– Бул дүйнөдө
Адамга адам кас дебең,
Андай болсо

Кайда барат дос деген.
Бир адамга
Капа болсоң оолугуп,
Опурулуп
Айта берет ооз деген.
Кемчилигиң
Көрүп айткан адамдын,
Барын эле
Кеги күчтүү пас дебең.

Айып кээде
Кетсе дагы өзүңдөн,
Албуттанып
Ага берет жаш деген.

Жаман киши
Бул дүйнөдө көп болсо,
Жашоосунан
Кечип кетмек жан деген.

Ал айтат:
– Жакшыларга
Мен коңшулаш коноюн,
Жамандардан
Деги алыста болоюн.
Жакшыларды
Күндө көрсөм тойбоюн,
Жамандарга
Эшик ачып койбоюп.

Мен айтам:
– Коңшулар да
Нечен түрлүү болушат,

Иргелбестен
Ирегелеш конушат,
Кирпигинди
Сенин карап аларда,
Ысыгыңа
Суугуңа да тоңушат.
Пейли тартып
Келип турган адамга,
Кандай жандар
Эшик ачпай коюшат.

## КӨБҮРӨӨК ЖАШААР ЭЛЕ

Адамдар көбүрөөк жашаар эле,
Жоготсо, жоголо күйбөсө.
Таарынып, тарытып ичтерин
Табылса талашып жүрбөсө.

Адамдар көбүрөөк жашаар эле,
Запкыны жүрөкко түйбөсө.
Жаманга жакшылык жол бербей,
Көңүлүң көгөрүп гүлдөсө.

Адамдар көбүрөөк жашаар эле,
Даңк үчүн далбаса болбосо.
Максатын байлыкка багынтпай,
Нысабын напсиден коргосо.

Адамдар көбүрөөк жашаар эле,
Өмүрдүн өлчөмүн ойлошсо.
Өкүнбөй өткөрүп жиберип,
Ар дайым адамдар колдошсо.

## ТАГДЫР МЕНЕН БЕТТЕШҮҮ

Бала кезим бардыгынан бактылуу,
Эрмек этип ышкын терип жегеним.
Эске салам ойноп, күлүп жүргөндө
Тагдыр келип таанышалы дегенин,..

Таанышуунун табылгасын билбедим,
Келсем энем кейип-ыйлап жатыптыр.
Аны көрүп жаркын көңүл чөгөрдүм,
Анткени атам токол алып кайтыптыр.

Энем тарткан күйүтүнүн тырмагы
Тызылдатып жүрөгүмө батыптыр.
Ошондуктан күлкү ойногон жүзүмдө,
Салааланып ыйдын изи калыптыр.

Ошол күндөн ээрчий тагдыр бир жүрдү,
Бирде күлкү, бирде тагдыр – ый жеңди.
Турмуш жолун баскан сайын арылап
Арамзалык, көрө албастык тең келди.

Таалай сүрөйт эрке кызмын эселек,
Тагдыр мага бутун тосуп кекенет.
Мен ансайын күлө келем жаркырап,
Келечегим кеберсине жетелеп.

Күлкү болду менин шаттуу күндөрүм,
Күлкү менен сугарылды гүлдөрүм.
Балкып жүрөк бак нуруна бөлөнүп
Акын болду, асыл болду сүйгөнүм.
Ал күндөрү капарыма албадым,
Каардуу тагдыр муштум түйүп жүргөнүн...

Күлкү тынып, күндө аккан ый келди,
Жаркын жардан ажыратып зар берди.
Чөгүп барып анын селдүү көлүнө
Чыга келдим бекем байлап мен белди...
Тагдыр менен таймаша мен кармашкам,
Ыйын албай күлкү менен алмашкам.
Сүйүү акыркы жетелесе колумдан,
Желе келдим таалайыма талбастан.
Асыл жарым ардактаса ансайын
Бул өмүрдүн кызыгына канбастан.

Дагы тагдыр татаал жерден бут тосуп;
Беттештик дейм эми менден качпагын!
О, дүйнө! Жеңилгеним карачы,
Көздүн жашын көлдөп тынбай акканын!
Өзөлөнүп береги өмүр шыбырайт:
Өткөн келбес өксөп муңга батпагын...

Өжөрлөнүп өкүнбөйүн тагдырга,
Эки тоодон булак болуп агылдым.
Жыпар чачкан ак гүл болуп ачылып,
Экөөнүн тең төштөрүнө тагылдым...

* * *

Мен кыргыздын ардактаган
Акын кызы, сыйлуу кызы,
Мен тагдырдын арбап турган
Муңдуу кызы, ыйлуу кызы.
Борошолуу өмүрүм, аптап урган
Аралаша бир келип жайы-кышы...

Мен кыргыздын тил безеген

Булбул кызы, барктуу кызы,
Татаалдашкан тагдыры өмүрүнө
Кубанчынан ыйы көп чырдуу кызы.
Келген жазды жаркырап таалайына
Кетип турган кубалап каардуу кышы.

## УНУТУЛБАЙТ

Эскерет эли бүгүн кеткендерди,
Кыргында кызыл канды кечкендерди.
Өмүрүн чырак кылып өчпөй турган
Талашып эл таалайын өткөндөрдү.

Унуткус ал күндөрдүн арасынан
Унутулбай көрүнгөн баласынан,
Көз албай, көңүлү эргийт энелердин
Өңдөрү саргайса да санаасынан

О, энелер! Эч нерсе унутулбайт,
Капасыз эч бир адам улутунбайт.
Өткөндүн бары калбайт калк эсинде
Уулуңар түбөлүккө унутулбайт!

## АДАМ КҮТӨТ

Өчөшүп өнөкөттүү илдет күчөп,
Өнүгүп, өөрчүй бербе улам түтөп.
Өлбөстөй жаралгансып бул дүйнөгө,
Өмүрдөн көп нерсени адам күтөт,
Кысталыш кыя жолдо турбасаңчы,
Кылгырып кызыгы көп сырлар күтөт.

Коңур үн комуз күүсүн коштой чыгып
Кол булгап, кооз кийинген ырлар күтөт.
Асылып, алдым торой баспачы сен,
Алдыда ак пейилдүү жылдар күтөт...

* * *

Чырактай нечен асыл өчүп кетти,
Булбулдай далай акын өтүп кетти.
Катарым суйдаң тартып кеткен менден
Карасаң канча жаштар өсүп жетти.

## ЖҮРӨГҮ КӨП ООРУГАН

Энемдин эт жүрөгү көп ооруган,
Энеси эрте кетип келте оорудан.
Өмүрүн өргө коштоп кайгы-капа,
Бир эмес айрылыптыр төрт боорунан.

Энемдин эт жүрөгү көп ооруган,
Тагдыры талыкпастан бек тооруган.
Токтобой чүрпөлөрү уча берип
Алоолоп, күлгө айланып ал куруган.

Энемдин эт жүрөгү көп ооруган,
Эскирип кетпес болуп эч оюмдан.
Күнүнүн күйүтүнө күйүп-жанып
Күнүгө энчи алычу куу союлдан.

Энемдин көз жаштары тамчылаган,
Менин да жүрөгүмдү камчылаган.
Жалгызын аягандан жашын сүртүп,
Ооруган жүрөгүнө ал чыдаган!..

## КЕТКЕНДЕРДИН АЙЛЫНДА

Тирүүлөрдүн айлында бирге жүргөн,
Тамашалуу сүйлөшүп жайдар күлгөн,
Канча курдаш карасам көчүп кетти
Кечээ гана келберсип өмүр сүргөн.

Кеткендердин айылы катар турат,
Күмбөздөрдүн мезгилден четтери урап,
Көз жаш менен сугарып коюп кеткен
Гүлдестелер саргарып күнгө куурап.

Кеткендердин айылын аралаймын,
Кейий берип жүрөктү жаралаймын,
Эрте-кечтир бир күнү келемин го
Эмнеликтен буларга каралаймын...

## АДАМ КЫЗЫК...

Адам кызык, келет экен
Дырдай кызыл ыңаалап,
Эси кетет эс тарткандан
Дүнүйө артынан кубалап.
Кайра бир күн кете берет
Барын таштап жылаңач.

Адам деген келет тура,
Кыбыратып колдорун.
Убарада улгайганча,
Жыйып-терип болгонун.
Кеткенинде келбес болуп
Топуракка тойгонун...

* * *

Дүйнө кенен, дүйнө мартсың чеги жок,
Тирүүлүктө төгүп берген барысын.
Дүйнө сараң, дүйнө мынча катуусун.,
Кеткениңде сыйрып алат анысын,

Жок дегенде кулагыма калтырсаң
Мукам үндүү темир комуз кагуусун!
Кетет адам акыр сапар тонолуп,
Опо болбой тапканыңдын эч бири.
Калыңданып кара топо катмары
Кайтпас экен кеткендердин эч кими.
Жок дегенде оор уйкуну аралап
Келип турса назик күүнүн эпкини...

## МЕН ДА КЕТЕМ

Ысык-Көлүм, Ала-Тоом айланайын,
Көңүл эргип көркүңө желдей эсем.
Көзүм сатып сага мен тойбой жүрүп
Көмөлөнүп бир күнү мен да кетем.

Кереметтүү сулуу көл түрүң кандай,
Сылап коюп мурутун күлгөн жандай,
«Кимибизди сүйөсүң суйкайып?» – деп,
Эки Ала-Тооң керилет тике маңдай.

Канын төгүп суук көздөн коргоп жүрүп
Ата-бабам мен эмес алда кеткен,
Акчардакча айланып чыкпай жүрүп
Сени таштап акыры мен да кетем...

## ООРУКАНАДА

Желкеден алып жетелеп
Ооруну оору козгоду,
Карасам кайран өмүрүм
Бир карыш калган окшоду.
Үркөрдөй болуп кең дүйнө
Үрпөйүп келип токтоду...

Жай алса денем кыйналган
Жаркырай түшөт айланам,
Эми эле карыш өмүрүм
Узара түшөт кайрадан,
Келберсип дүйнө кеңейип
Кетпестей болуп жайланам.
Желбирейт жели үмүттүн
Санааны желпип айдаган.

* * *

Уласаң колго келбей,
Узүлгөн үмүт жаман.
Тырмалап жүрөгүңдү
Тындырбас күйүт жаман!

## АЧПА

Жаңы заман жаңылык элим тапкан,
Жаман-жуман жабышкан чирик салтты
Көңтөрүштө көңтөрүп көөмп салган,
Көтөрмөлөп көрүнөн кимдер ачты?!

Ата-бабам салты деп улап айтып,

Ардакташып сактоого ураан айтып:
«Жеңкетай да, калың да кыз каада» деп
Жең ичинен жылдырса алып катып.
Көргөн эмес мындайды бала-чакам
Көтөрмөлөп көрүнөн алба ачып!
Уруучулук, жаатчылык өлсө боздоп,
Убарада кай бирлер көрдөн козгоп,
Ууру менен ушакчы үзөңгүлөш
Үрөйү суук урганды алат коштоп.

Парага баасы кымбат баркың сатпа,
Колтукка кошоматчы кууну катпа.
Үркүтөт уул, кызым эски калдык
Үксүйтүп көрдөн сүйрөп муну ачпа!

## КАРА ЖААК

Безилдейт кайран жеңем «кара жаак»,
Бул атты коюшкан бейм ылайык таап.
Кагылса сөз добулу кара жаактын
Басылбайт оңой менен өжөрлөп жаап.

Себеби: Кара жаактын тили узун,
Билген бар, билбеген бар анын уусун.
Заматта жамакталат далай ушак,
Ал эми тоголок кат мындай турсун

Ушактын канатында желдей сызат,
Далайды капалантып канын бузат.
Тараткан кайран жеңем ушак сөздөр
Каакымдай сапырылып алыс учат…

Чалкактап баскандары өтө шаңдуу,

Кыймылы, кылыктары андан жандуу.
«Калп айтсам тоголонуп мен кетейин» –
Деп турса анын сөзү балдан таттуу.
Камчылап узун тилин желип кетсе
Жете албайт анча мынча кашаң аттуу…
Жебиреп калпты чындай айтып кирет:
«А кокуй, анын барын мен билем» дейт
Ансыз да эл билет го кимдин кимин,
Тилине кишен салып койсок кантет?!

## ИЧИ ТАР

Жакшыларды басындырса
 кубанып,
Бактысына ичиң тарып
кубарып,
 Сен да өтөсүң
биз жашаган дүйнөдөн,
Заарың менен баскан изиң
сугарып.
Бир өзүңдөн башкаларды
сүйбөгөн,
Адамдардын тагдырына
күйбөгөн,
Тарыгандан, тарый берип какчайып
Сен да өтөсүң
биз жашаган дүйнөдөн.

## МУРАТБЕК АГАГА

Жүрөк мыжып, жүлүнүңдү өрттөгөн,
Эске түшөт ал «Атанын тагдыры».

Кимдер келип, ким кетпеген дүйнөдөн.
Бирок, ыйлайт билген адам бардыгы.
Сиздей уулду бизге ыраа көрбөгөн
Боору катуу шум ажалдын тардыгы.
Эрлер кетип, эли калат эмеспи
Эчен кайра театрга толобуз,
Отко жанып, муңга батса Отелло
Кантип анда сизди эскербей коёбуз.
Кызыктардын дүйнөсүнө ээрчиткен
Кызуу уйкуда сизге раазы болобуз.

## АЛЫКУЛ

Колумдан түшүрө албайм «Жаңы ырларың»,
Мынчалык терең беле ой сырларың,
Өкүнөм дагы он жылдар жашабадың,
Кетипсиң жете электе жаш кырдалың.

Чебер тил кыска ырлардын устаты элең,
Алтын сөз, терең ойдун нускасы элең.
Көргөнгө оорулуу жан араң баскан,
Билгенге тегиз таштап чуркачу элең.

Көргөнгө көп ичинде жаштан элең,
Билгенге салмагың оор таштан элең.
Аз өмүр, чакан ырлар көлөмүндө,
Өлчөмсүз сен узак жол баскан элең,

«Мен өзүмчө өлбөс күн деп эсептейм
Бир тирүү жан тепсеп турса үстүмдө».
Ушул китеп жандуу эмей эмине,
Ар убакта турган биздин үстөлдө.

## БҮБҮСАРА

Кыргыздын нурдуу кызы Бүбүсара,
Кубанып алкыш айттык канча сага.
Томсоруп табытыңда уктап жатсаң
Токтоосуз көздүн жашы агат сага.

Элимдин эрке кызы Бүбүсара,
Эркелеп жүрө бербей бүгүн кана?
Элүүнү эңкейтпестен бүрүн кагып
Эртелеп солуп калган гүлүн кара!

Сенден биз бийдин даамын таткан элек,
Сенден биз бий дүйнөсүн ачкан элек.
Чолпонуң жанып турган сахналарда
Чолоосуз тоонун гүлүн чачкан элек.

Карасаң бүгүн сахна жабылуусуң,
Музыка жүрөк мыкчыга кайгылуусуң.
Жайнаган сулуу жүзү муңайымда
Өксүткөн өкүнүчтүү айрылуусуң.

Мынакей сахна келет ой алданып,
Көздөрдөн элес өтөт көп жанданып.
Кыргыздын жаркын кызы Бүбүсара
Кылымга бийлеп жатат ал шаңданып.

## КАРАЛАЕВДИН АРМАНЫ

Баркымды билбес балдар бар,
Көралбаган чалдар бар.
Билгендерде бийлик жок,
Арбып барат армандар.

Деги аман эсен жүргүлө
Менден кийин калгандар.
*С. Каралаев*
*(Майрамкан)*
Өзгө сараң, өзгөгө март
кыргыз эли,
Өзгө салкын, өзгөгө ысык
кыргыз жери,
Өткөрүп өмүрүмдү
жиберип сен,
Өкүнүп эстейсиң го
өзүң мени.
*С. Каралаев*
*(Тенти)*

## БАКЕНГЕ

Бакенди биз театр деп
билебиз,
Жылдыз болуп жанганына
күбөбүз.
Бакен менен кошо күлүп
кошо ыйлап

Анын укмуш талантына
башыбызды ийебиз.
Бакенди биз бала кезден
билебиз,
Аны менен сыймыктакып
жүрөбүз.
Адамдардын жүрөгүнө жол
тапкан
Асылдардын дал өзү деп
сүйөбүз.

## ТАМШАНЫШАР КЕЛЕЧЕК

*(Чынгызга)*

Улуу адамдар,
Жаркырашып кылымдардан көрүнөт.
Бирге жүрүп өткөндөрдөн
Бийик канча бөлүнөт.

Асылдардан, генийлерден
Көз албайбыз таңданып,
Бактылуулар болуптур деп
Замандашы, тамшанып...

Улуу адамдар,
Бизде барбы?
Издейбиз.
Бирде билсек,
Бирде аларды билбейбиз.
Күндө көрүп көңүлгө биз илбейбиз.
Карап турсак,
Бир адамдай көрүнөт.
Катар бассак,
Карыш гана бөлүнөт.

Жылдар өтөөр,
Кылымдарга бөлүнүп,
Биз каларбыз жылгасында көмүлүп.
Улуу адамдар,
Жаркырашар
Кылымдардан көрүнүп.

Асылдарга, генийлерге
Жүз жыл, миң жыл толгондо,

Бизге дагы
Тамшанышар келечек,
Улуу адамдан замандашы болгонго!

# ЖООМАРТКА АРНАЛГАН ЫРЛАР

## АЛА-ТОО СЕН БИЛДИҢБИ

Ала-Тоо башың тумандуу,
Кабагың бүркөө көрүнөт.
Ак мөңгүң күндүн нурунда,
Мөлтүлдөп жаштай бөлүнөт.

Муңайып мага карайсың,
Муңумду менин бөлгөндөй,
Кайрылгыз кеткен балаңды
Касиет тоом билгендей.

Асканда туруп шаңшыган,
Лаачын куштун үнүндөй,
Шамалга башын ыргаган
Жайкалган жаздын гүлүндөй

Акының кетти бөлүнүп,
Дарактын түшкөн бүрүндөй.
Кайгыга көзүм тунартып,
Караңгы айдын түнүндөй.

Башын ийип саргарып,
Солгон гүлүң жайнабайт.
Безендирип күү чалган,
Булбулуң эми сайрабайт.

Чебер тилдин заяпкер,

Шилтеген күлүк каламды,
Эсиңе тоом ала жүр,
Эртелеп кеткен баланды.

## ТАБАР БЕЛЕМ

Кандай укмуш!
Тийип турган күнүм жок.
Кандай шумдук!
Кармап турган гүлүм жок.
Кандай айла!

Жалын болуп ичим чок.
Айткылачы!
Кайда кетти алганым?
Кайда барып,
Кантип издеп табамын?

Жел болуп желе согуп
Жер менен көктү арытсам,
Канат жайып калкылдап
Карасам жарым алыстан,
Табар белем?

Балык болуп көлдөгү
Өркөчтөнгөн толкун куусам,
Талбай сүзүп зымырап
Деңиздин суусун буусам.
Табар белем?

Таяк алып колума,
Ашуу ашып, суу кечип,

Эртели кеч тынбастан
Эчен жылы жер кезип,
Табар белем?

Тентек кыял телмирип,
Бекерге мени алдайсың.
Кайрылгыз кеткен адамды
Какшасаң кайрып албайсың.

## УКМУШ ЖАРАТ

Айланам алоолонгон кызыл жалын,
Өрттөнүп күйүп жаткан курган жаным.
Боор ачып карасаңчы чиркин дүйнө,
Айыпсыз мен шордууну кыйнаганың.

Жүрөктү алсыраткан укмуш жарат
Өмүргө белек берип сыйлаганың...
Үшкүрүк адат болуп орун алат,
Көөдөнгө чексиз капа сыйбагандан.
Эриксиз эки көздөн булак агат,
Зарланып назик жүрөк ыйлагандан.

## КӨЗ ИЛИНБЕЙТ

Көз илинбейт өткөнүнө өмүрдүн,
Арман ашып көздүн жашы төгүлдүң.
Гулкайырдай жаш күндөрдүн далайы
Кайсыны айтам кайгы менен көмүлдүң.
Түн күзөтүп үндөсөм да дүнүйө
Кайып учуп кайрылбастай көрүндүң.
Эрке жаштын сен чолпону маңдайда
Кайда кеттиң, караан үзүп бөлүндүң.

## АРМАН

Кырчындай жашты жөнөтүп,
Кундуздай чачы кыярбай.
Жалындуу жанган көзүнүн,
Кубаты кетип тунарбай.
Такталып тили чыга элек,
Өтө жаш калды балдарың.
Күтпөгөн ажал өксүтүп,
Жалынга батты алганың.

Көп алымды кетирет,
Аяныч сенин өлүмүң.
Жүрөктү эзет барынан,
Кырчында солгон өмүрүң.

## САГЫНДЫМ

Ачылган күндөй жаркырап,
Күлгөнүңдү сагындым.
Эркелетип баладай,
Сүйгөнүңдү сагындым.
Кутманы болгон кулактын,
Үнүңдү сенин сагындым.
Кубанычта өткөргөн,
Күнүңдү эми сагындым.
Арышын алыс таштаган,
Дулдулумду сагындым.
Аземденип сайраган
Булбулумду сагындым.
Шаңдуу шайыр шамдагай,
Жүргөнүңдү сагындым.

Сагынганда кантейин,
Тагдырыма багындым.

## ЗАЙНИДИН

Жетимче он бир айлык жаш балапан
Толкутуп Жоомартыма болгон кубат,
Атасын – түбөлүккө уктап жаткан
Тапчудай ар адамга колун сунат.
Бала эмес, башын чайкап күңгүрөнүп,
Бак, дарак баары тегиз карап турат.

## ЫСЫК-КӨЛДӨ

Карчыга куштай айланып,
Качты сенден береним.
Кайгыда жүрөк канатып,
Капалуу болуп келемин.

Агарып булут созулат,
Алыскы көлдүн жээгинен.
Аккан жаш көлгө кошулат
Ак бешик туулган жеримен.

Көркөмдүү кайран көлүмөн,
Көкөлөп аккуу учасың.
Күндөрдү эске түшүрүп,
Көңүлүмдү бузасың.

Сан колдой четте мунарык
Сары-Ойду каптап баскансыйт,
Самаган ажал огунан
Сабыркап али жаткансыйт.

Көзүмүн жашы ирмелбейт,
Көгөрүп Сары-Ой көрүнсө.
Күлпөтүм жаңы учкансыйт.
Көкөлөп булут бөлүнсө.

Кан агып тамыр зыркырап,
Катпас жарам ырбады.
Кансырап жүрөк чымырап,
Кайгынын күүсүн ырдады.
Эсиме салат далайды,
Элирип аккан кашка суу,
Ээрчишип бойлоп биз уккан,
Улардын үнү ташта чуу.

Күн батканча суктанып,
Көркүнө жайлоо кангансың.
Арытып жайлоо жерине
Аргымак оозун жайгансың.
Ар түргө салып көркөмдөп,
Аземдүү сайма сайгансың.

Тоң жайлоосу Кара-Төр,
Томсоруп мени караба.
Кезинде келчү акынды
Келеби деп сураба.

Эркелеп жибек жел согот,
Сергитип көңүл алчудай.
Көйкөлүп шибер гүл чачат,
Көркүнө мени тартчудай.

Бурулуп дайра үн салат,
Муңканып кайрат айтчудай.

Мунданган жүрөк алсырайт
Тереңге сырын катчудай.

## БУЛ ЖЕРДЕ

Ичинде ушул бейиттин
Асылым Жоомарт жатасың,
Элеси көзгө илинбейт
Кара жер бекем катасың.

Кан аралаш ысык жаш,
Карайлантат көзүмдү,
Кара жер угар болсоңчу
Зар какшаган сөзүмдү.

Энеси турсам кайгыда,
Эркелейт балам иши жок.
Кайрылат кимге дегенсип,
«Канакей жерде киши жок?»

Бул жерде атаң денеси,
Боз топурак жамынган.
Ардактап кушча бөпөлөп,
Айнегим деп жалынган.
Аз күнү сени көрбөсө
Жүрөгү жанып сагынган.

Жаш балапан-наристем,
Атадан кимдер калбаган.
Семетей, Сейтек, Күлчоро
Кимиси ата кармаган.
Жетим калып жетилип,

Атанын атын актаган,
Кереги тийип элине
Керээзин анын сактаган.
Мончоктой болуп тизилип,
Айлар, жылдар өтсө экен.
Асылдан калган туяктар
Канатын күүлөп учса экен

## АКАЦИЯ

*(Жоомарттын бейитине тигилген акация)*

Акация түргө келип бүрдөпсүң,
Айландырып боз топурак бейитти.
Кезегинде сен сыяктуу гүлдөгөн
Акын солуп алсыратып кейитти.

Бутактанып канат жайып бүр алып,
Көкөлөчү калөкөндө уктасын,
Акация сен – жолдошу жанында
Ар убакта көңүлүңдөн чыкпасын.
Адатыңча аппак болуп жайнагын,
Аңкып желге гүлүң жыпар ыргасын.
Эртели-кеч булбулуңду үндөгүн,
Күүгө салып зериктирбей ырдасын.

## ӨТКӨН ЖАН ЖОК ТАБЫЛУУ

Маңдайга түштү кайгы изи,
Мезгилсиз ирең карыйбы?
Балбылдап жанган жаш өмүр
Маанайы өчүп наалыйбы?
Табында туйгун – жүрөгүм

Канаты күүсүз талыйбы?
Күндөрдү баштан өткөрөм,
Чөмүлүп ойго салынуу.
Кезинде күлсөм сыртымдан
Жүрөгүм муздак жабылуу.
Көтөрөт тура адамзат
Таалайга түшкөн жазууну.
Өксөп муңга батсаң да,
Өткөн жан жок табылуу.

## ЖООМАРТ ТИРҮҮ

Жалгыз тарткан кайгыбы,
Жабыгып жаным өкүнбө.
Эмгеги калбай элине
Ардагым кетсе өлүмгө,
Өкүнүч болмок ошондо
Дарексиз өткөн өмүргө.

Шаңдуу чыгып угулган,
Үнүң калды кыргызда.
Элиңе жыйып арнаган,
Мүлкүң калды кыргызда.
Чечен тилиң сайраган,
Үлгүң калды кыргызда,

Жарышта чыгып байге алган,
Тулпарың калды алдыңда.
Ардагым сенин белегиң –
Туягың калды артыңда.

Арнаган асыл өмүрдү,
Элиң сени унутпайт.

Ак сүтүн актап кайтардың,
Жериң сени унутпайт.

## ЧӨКПӨ КӨҢҮЛ

Чөкпө көңүл бүркөлүңкү муңайып,
Кайгы көлү тартат сени тунарып.
Ала-Тоонун аскасында ак булут,
Аягандай карайт сени кубарып.
Кээ бир сенин көралбаган душманың
Табалашып күлмөк сага кубанып.

Кайраттанып курган көңүл чөкпөгүн,
Адаттанып кандуу жашың төкпөгүн.
Айланага акыл менен карасаң,
Кайгы көлүн калкый сүзүп өткөнүң.
Эгер чөксөң толкунуна бой берип,
Көңүл оту түбөлүккө өчкөнүң.

* * *

Сен кеткенсиң –
Согуш жылдар,
Саратан күн жайында,
Кырчын өмүр

Гүлүн ачып,
Жайнап турган жашында.
Жел ойногон
Кечки тынчтык,

Күн батаардын алдында,
Күндө келип,

Отурчу элем бейитиңдин жанында.
Жылдар өттү,
Күндөр өттү алыстадым
өзүңдөн...
Бирок гана,
Ачуу сезим кала берди
Жүрөгүмдүн канында...

* * *

Тармал чачың кыяра элек
Отуз төрттөн ашпадың,
Кечээ эле кичүү элем
Мен элүүнү аттадым.
Карап турсам калган белем
Агаргансып чачтарым,
Тирүүлүктө көзгө илинбей
Бул өмүрдүн шашканын.

# МУСАГА АРНАЛГАН ЫРЛАР

* * *

Тигилип мен терезеге үңүлүп,
Тынбай өткөн убакытты сактадым.
Кулагыма каңырыштан угулган
Катуу табыш кайда кеттиң таппадым,
Бирде бастап, бирде жанып жүрөктө
Сүйүү толкуп, көкүрөккө батпадың.

## СҮЙӨМ

Сүйөм сени муңга салып башымды,
Сүйөм сени отко салып жанымды.
Сүйөр-сүйбөс арсар жигит сен болуп
Өчүрбөгүн жүрөктөгү жалынды.

Сен ардагым сени күтүм ар дайым,
Жүрөгүмдүн сүйүү гүлүн арнайын.
Махаббаттын булагына сугарсаң
Жаңы ачылган байчечектей жайнайын

Кумарланып кучагыңда эркелеп
Дүнүйөнүн кызыгына канбайын,
Жыл зымырап, кайран жаштык кетсе да
Сүйүүсүнөн жүрөгүмдүн танбайын.
Күндүр, түндүр элестейсиң көзүмө
Айтчы, кантип алоолонуп жанбайын?!

## АКЫРКЫ СҮЙҮҮ

Сүйүү акыркы кышкы күндөй мемиреп,
Сур булуттун арасынан төгүлөт.
Бул күндөрү кубандырган жүрөктү
Эртеңки күн мени менен көмүлөт.

Сүйүү келет кош аргымак чанадай,
Сүрдөндүрүп туура тосуп жолумду.
Мен муңайып эмнегедир тартынам
Жайдар сунбай жаш кезектей колумду

Сүйүү келди борошолуу кар болуп,
Ойлор менен оролуша зар болуп.
Зор сүйүүнү батыралбай жүрбөйүн
Балким ага көкүрөгүм тар болуп...

## ТЕЛЕГРАММА

Алыстан кечээ келген телеграмма
Катам да, кайра сага колум сунам,
Бир сөз жок түшүнүксүз, барын билем.
Эмнеге эчен кайра окуп турам?!

Төрт чарчы кичииекей баракчада
Берметтей тизилишкен беш гана сөз.
Роман барактарын талдагансып
Кадалып бир өзүңө ирмелбейт көз.

Ар тамга оозуң болуп, көзүң болуп,
Беш сөзүң күлүмсүрөп өзүң болуп,

Кубанып өзүң менен көрүшкөнсүйм,
Кумардуу минутаны бөлүшкөнсүйм.

## МУСАМА

Мен кайрылам калайыкка ар качан,
Адам кетсе, асыл кетсе арадан:
Кетти адам деп ичи, сырты келишкен,
Табигатын аябаган барын тегиз бериштен.
Кылым берет өтө сейрек мындайды,
Кыйбастыктан кыйла журтуң ыйлады.

Мына кетти дагы асыл жан арадан,
Жүрөк сыздайт кансыраган жарадан.
Кара жерге жашыралбай калайык
Муңга батат табытына караган.

Өлчөмү жок өкүнүчкө өрттөнүп,
Ачуу сезим айландырат көңүлдү.
Адилетсиз азабы күч ажалың
Алып кетти жаркыраган өмүрдү.

Байкабаска карапайым жан эле,
Пейли жумшак жибектен да кебезден.
Байкаганга, баалаганга зор эле
Ала-Тоонун аскасына теңешкен.

Аска менен булак кетти жошулуп,
Сенин тунук мөлмүлдөгөн көңүлүң.
Аска менен мөңгү кетти жаркырап,
Сенин аппак киргили жок өмүрүң.

Аска көчүп, заттар кетти баа жеткис,
Күндө ачылган тунук акыл, сезимиң.
Адамдардын акылына сыйбады
Тоо козголуп, жер дүңгүрөп кетишиң.

Сен жашадың тагдырларга байланып,
Ойлой бердиң тынч жатпадың жайланып.
Ар адамга жакшылыкты өтөөгө
Туручу элең канат жайып айланып.

Сен кейидиң ыпласына кас сөздүн,
Көп өкүндүң пастыгыңа ач көздүн.
Карабастан сен турмушка кайдигер
Жүрөгүңдөн көп нерсени өткөздүң.

Күндө соккон күчтүү жүрөк чарчады
Жаркын жүзү жайнап нурун чачпады.
Биз гана эмес, калкы турса кайгырып,
Кайран асыл жумган көзүн ачпады!

## ИЗДЕЙМИН

Издеймин сени кыялдын агымынан,
Кызык өткөн күндөрдүн жарыгынан.

Издейм сени бир баскан жолдоруман,
Сапырылган бороондоп ойлоруман.

Издеймин тирүүлөрдүн калаасынан,
Кадырдаш курдаштардын катарынан.
Алдастап издөө мага адат болду
Армандуу тагдырымын начарынан.

Курчанып куру үмүттү издей келип,
Тапкансыйм бейиттердин арасынан.
Боз топурак томсорот мунда жоксуң
Кан тамчылайт жүрөктүн жаратынан...

## СЕН ЭЛЕҢ

Сен элең башымдагы саябаным,
Мен элем сен бапестеп аяганың,
Кубантып, кубат болдуң жүрөгүмө
Билбейсиң эми анын канаганын.

Сен элең күндө тийген нурдуу күнүм,
Көктөмдөп илебиңде турчу бүрүм.
Ышкыма ышкы кошуп көмөктөшүп.
Ансайын бийик чыкчу менин үнүм.

Өткөн өмүр өлчөмү келбей ойго,
Улгайсам да жаш элем сени менен.
Күндө майрам, күндө той сыяктанып
Мен бакытка мас элем сени менен.

Ээси сен ырыс толгон кутман үйдүн,
Асыл жар алдейледиң мени сүйдүң.
Асты-үстү аңтарылып бакыт-таалай
Айласыз мен ажырап муңдуу күйдүм.

## ИЙНИҢДИ ТАЯНГАМ

Мен сенин ийниңди таянып,
Жел болуп желбиреп турчу элем.
Аземдүү айланам албырып
Тамашаңа көңүлдү бурчу элем.

Мен сенин ийниңди таянып,
Талпына таалайга басчу элем,
Өмүрдүн өтөөсү калчудай
Ширесин татууга шашчу элем.

Мен сенин ийииңди таянып,
Жылдызга колумду сунчу элем.
Көкөлөп көңүлүм эргилип
Көктөмдөп кулпуруп турчу элем.

Мен сенин ийниңди таянып,
Толкундай толукшуп келчү элем.
Тагдырга тайманбай беттешип,
Турмушка туруштук берчү элем.

Ал эми арабам майышып,
Тартамын кайгынын оор жүгүн.
Ийниңди таянбай жол басып
Кантем дейм ийилип мен бүгүн

## СЕН ТҮШҮМДӨ

Сен түшүмдө мага көңүл бурасың,
Күлүмсүрөп эки колуң сунасың.
Эми жетип мен колуңдан кармаарда,
Эмнеликтен кетенчиктеп турасың?

Сен түшүмдө күндө мага келесиң,
Гүлгүн сонун аппак гүлдү бересиң.
Айланып сага, кучактаарда мойнуңдан
Сен артыңа эмнеликтен желесиң.

Мен ойгонуп өкүнөмүн өзүмчө,
Түңүлбөгөн, көөнөрбөгөн көңүлгө.
Түн кызыгын, күн чындыгы алмашкан
Күйүп коём күйгүлтүктүү өмүргө!

## СҮРӨТҮҢДӨ

Жакшы кезде жайнап түшкөн сүрөтүң,
Эмнеликтен мунайымдуу карайсың?!
Жанданып сен, жашып кетээр сыяктуу,
Жан кейитип, жаның ооруп аяйсың.
Аягында экөөбүздө арга жок
Маңдайыма тайкы келген таалайсың!..

* * *

Чалкайган жашыл төрүм,
Чалкыган Ысык-Көлүм,
Батырды кантип сени
Бир чарчы чакан көрүң!
Акылга сыйбас болду
Асылга келген өлүм!..

* * *

Кара булут калдайган кабагымда,
Селдеп агып көздөн жаш кетпес
болду.
Көкүрөктү көтөрүп ачуу чыккан
Зарлаган үн Мусама жетпес
болду.
Адам мынча тагдырың чиеленген
Акылмандар, ойчулар чечпес
болду.

* * *

Күнү-түнү жашка жууп жүзүмдү,
Күндөн күнгө кетиремин күчүмдү.
Эстей берип, ээрчий берип элесин
Өкүнүчтө өтүп үмүт үзүлдү.

Кайрат кайда кантесиң? – дейт көргөндөр,
Көркү кеткен көк-жашылдуу өңүмдү
Муун жүүнүм келбейт такыр бүрөөгө
Кармай албай калдым окшойт өзүмдү...

* * *

Жаркырап күн ааламга салам берип,
Жагымдуу жер бетине шааны келип,
Жан-жаныбар жадырап сергип турса
Жабыркайм жүрөгүмдү кайгы жеңип.

Күлүңдөп күн асманга күндө чыгып,
Күмүштөй жаркыраган нурун төгүп,
Күлпөттө куунап турса жердин жүзү
Кубарып куурап турам көңүл чөгүп.

## КАЧКАН УЙКУ

Мээримдүү түндүн уйкусу
Ширинсиң деп жалынгам,
Үргүлөп көздү ачалбай
Эркине анын багынгам.

Бүгүн башка өзгөрдүм,
Түн күзөтүп жабыгам.

Таң сөгүлүп агарып,
Атса экен деп зарыгам.

## ЫРЛАРЫМА

Соңку барак китепчеде жабылдың,
Ушул ырлар миң толгоодон табылдың.
Тилейм сага сапарыңа узатып
Өмүрү узун болсо экен деп жаныңдын.

Кырга чыксаң кыйла басып кыялап,
Андан ары дагы жолдор уланат,
Учу-кыйры көрүнбөгөн дүйнөдө
Жетелешип өмүр көчү чубалат…

# МЕНИН КҮНҮМ ЖЫЙНАГЫНАН

## МЕНИН КҮНҮМ

Менин күнүм, төрөлсө таңы аткан,
Ойноп чыгып балбылдап нурун чачкан.
Жан-жаныбар, адамзат өмүр татып,
Ак бешиги күнүмдүн бийик асман.

Менин күнүм жадырап күлө баскан,
Эрте туруп ааламга кербен тарткан.
Мээрин төгүп, энедей алдейлеген,
Ата Журту күнүмдүн – бийик асман.

Бирдекүлөт, адамдай бирде ыйлайт,
Айга окшоп жалдырап карап турбайт.
Жердин бети кулпуруп түргө келсе,
Ого бетер албырып жүзү нурдайт.

Тынчтык турса,териге эч бир сыйбай,
Кайгы басса жер бетин, жашын тыйбай.
Кээде кетсе, шумдуктан жүзүн буруп,
Кайра чыгат эртеси көңүл кыйбай.

Мүнөз күткөн адамдай асманда күн,
Карап турсаң абайлап мына ушундай.

## УЛУУ СӨЗ

«Жаман сөз жан кейитет,
Жакшы сөз жан сергитет...»
Эзелден мына ушундай,
Адамдар сөз ээрчитет.

Сөз келет, кылымдарды сүрүп артка,
Сөз келет, ой эргитип алып башка.
Адамдын жолу бүтөт мезгилинде,
Сөз жолукете берет узун кашка.

Сөз барат, достук парзы элчи болуп,
Сөз калат, урпактарга энчи болуп.
Дүйнөдөн акын кетет, асыл кетет,
Сөз калат, өлбөй элдин кенчи болуп.

Сөз турат, уютуп ал уккандарды,
Сөз турат, сүрдөндүрүп душмандарды.
Улуу сөз, улуу курал эзелкиден,
Урматтап даңктай берген уткандарды.

Кээде сөз, ууландырса көңүлүңдү,
Кээде сөз, узартат го өмүрүңдү.
Эгерде сөзүң калса шамдай жанып
Жарыкка бөлөп турат өлүмүңдү.

## ЖАЛГАН ДҮЙНӨ

Негедир адам айтат: «Жалган дүйнө,
Жалганда жоготконго жанып күйбө...»

Эгерде жалган болсо ушул дүйнө,
Анда сен жалын болуп аны сүйбө!..

Чынында жалган эмес ушул дүйнө,
Жаралган жарык төгүп жерге күндө.
Көөдөндө согуп турса жандуу жүрөк,
Канткенде болот айтчы, аны сүйбөө?!

Бирок да кызык экен ушул дүйнө,
Жер шарын тегеретken тынбай күндө.
Желденип келип турса элегинде
Адамзат аргасыздан кээде пенде.

Жаралып жан-жаныбар ушул жерге,
Жылаңач, жылаң аяк келсе пенде,
Албан күч, бийик сезим, акыл берген.
Кең пейил кереметтүү марттык сенде!
Эмне үчүн өгөй эне сыяктанып,
Өлүмдөн алып калбас кастык кимде?

Кызыксың дүйнө мага күлүп турсаң,
Жарыксың жагалданып сүйүп турсам.
Жалп этип неге өчөт сүйгөн жүрөк,
Түбөлүк дүйнө өзүң күйүп турсаң!..

Адамзат алдейлеген сенин балаң,
Өзүңдү жалган десе айран калам,
Табасың мен өңдүүнү өтүп кетсем
Кең дүйнө сенин өзүң кайдан табам...

## ШҮҮДҮРҮМ

Шүүдүрүм,
жалбыракта мөлтүрөйсүң,
жакасына тизилип бермет болуп.
Карап турсам мөлт этип түшүп кеттиң,
сен өмүргө кайрадан келгис болуп.
Айланага карасам,
шүүдүрүмдөр жылтылдашат шиберде
жылдыз болуп,
Жакын барсам, мөлмүлдөп агып кетет,
Бул дүйнөгө, кайрадан келгис болуп.
Шүүдүрүмдүн өмүрү кыска белем,
көк чөптөрдү аралап ойлуу келем,
жашаң тарткан шибердин түптөрүнөн
Шүүдүрүмдүн нымсактуу изин көрөм!..

## МЕНИН ЫРЫМ

Менин ырым –
көз жаш менен төрөлгөн,
Чачыраган күн нуруна бөлөнгөн.
Бакыт-таалай чулгоо болуп оролуп,
Олпок болуп бешигине төшөлгөн.

Менин ырым –
Ысык жашка киринген,
Ырыскыга табылганын кийинген,
Көк жалбырак, көчөттөлгөн бак-дарак
Көркүн ачып көчөсүнө тигилген.

Менин ырым –
кайгылуу күн төрөлүп,
Бактылуу күн боюн керип жетилген,
Ачуу, таттуу байгесине коюлуп,
Балдар чуркап ыр тушоосу кесилген.

Ыйда туулган –
ыйлап турат кезинде.
Таалай тапкан күндөр чыкпай эсинде.
Менин ырым ый-күлкүгө аралаш,
Ырдап турат эртең менен кечинде.

## АЙЛАНАЙЫН

Эркелетсем неберемди, суроо берет:
– Айланайын – эмине? – деп.
Маанисине ойго кеттим…
– Жакшы көрүп турганым, айланам– деп.
Айланайын улуу сөз –жүрөк мээри.
Сүйүп айткан эзелден кыргыз эли.
Алтын менен күмүшкө сатып алгыз,
жек көрүндү угалбас эзелдеги.
ыйык сөз го, жүрөгүңө катылган.
Кубанганда эргий чыгып, курдашыңа айтылган.
Сезим мээри өзүң менен өлчөлүп,
«Айланайын» – деп аталган атыңдан.

Айланайын
айтылбайт ар бир жанга.
Айтыласың,элжиреп сүйгөн жарга.
Оздон-оозго өтөсүң сайран куруп,
үй-бүлөдө, эл-журтта достук барда.

Айланайын – эзелки кымбат сөздөн.
Бабалардан айтылып, урпакка өткөн.
Эже мээрин төгүлтүп жүрөгүнөн,
– Айланам – деп баарыңды беттен өпкөн.
Туулуп өскөн жерлерин сүйүп айтып,
Айланчыктап адамдар конуп көчкөн.
Айланайын арналат баласына.
Кубат берет көңүлдүн канатына.
Айланайын айтылса ак пейилден
Дары болот жүрөктүн жаратына.
Айланайын, айтылбайт бир жаманга,
айланайын, айтылат жакшы адамга.
Айланайын, укпаган киши өтөр,
адам мээрин туюнбай, билсе арманда.
Айланайын, – деп, айтса сага бирөө,
келгенсийт го кең дүйнө жаркып күлө.
Ак эмгектүү, ак пейил ниетиңе
«айланайын» укканың анык күбө.
Жүрөгүңдө ушул сөз жашаганга,
Кубатберипжакшылар болсун сүрөө!

## БАКТЫ НЕМЕЙ ЭМИНЕ

Гүл жайнап,
көк бетеге толкуп турса,
табигат килем сындуу токуп турса,
жашаңда кулун, тайлар кубалашып,
жаз күнү жан-жаныбар оңуп турса.
Бул өзү, бакыт эмей ал эмине?!
Элөөрүп эт-жүрөгүң согуп турса!
Жайында – бакты ийип мөмө турса,
чыйпылдап бутагында жөжө турса,

бей капар эли баскан эртели-кеч,
бейпилде аруу жолдуу көчө турса....
Айтсаңар, бакыт немей ал эмине!
Көңүлүң сайранданып кече курса!
Шаркырап өзөн суулар агып турса,
шарпылдап көлүң жээкке согуп турса,
Шыпырып маңдай терин орокчулар,
күзүндө дан-эгинин оруп турса,
Дүйнөнүн бактысы эмей, ал эмине!
Көңүлүң көнчөгүнө толуп турса!
Кышында карлар жатса кычыраган,
балдарың лыжа тепсе зыркыраган,
курсак ток, кайгысы жок курбуларың
бороонду тоготпосо аркыраган.
Бакты эмей, ал эмине айткылачы!
Келберсип дүйнө турса жаркыраган!.

## АТА ЖУРТУМ

Ата Журтум,
көңүлдө атам менин,
ак сакалы
желбиреп желге учкан.
Ата Мекен,
көзүмдө энем менин,
сулуу жүзүн
мезгилден бырыш баскан.
Ойго, тоого жараткан нечен көрктү,
Агаларым эмеспи кетмен чапкан.
Эжем, жеңем ар качан таңды тосуп,
жарык берип үйлөргө түндүк тарткан.
Бала кезден Ата Журт мына ушундай,

Сезим болгон жүрөктө эч бузулбай.
Чабыттап мен айланып аймагында,
эркин учтумзакымдап тоокушундай.
Улам сермеп – канатты учкан сайын,
Ата Журтум, көрөмүн көзгө дайын,
үй-үйлөрдө балбылдап оту жанган,
көк деңиздүү, көркөм жер мекен жайын.

**АКЫНДАР**

Ээ, бечара акындар,
Балким силер асылдар.
Болбосо да Аккулаң,
Акын деген атың бар.

Ээ, бечара акындар,
Айтчы кандай сырың бар,
Бийлик, байлык сенде жок.
Эки коочуш ырың бар.

Ээ, бечара акындар,
Этек толбос ырың бар.
Торк электен күндө өтүп,
Топондолчу шоруң бар.

Ээ, бечара акындар,
Бирде жогуң, бирде бар.
Дөөлөттүү сага дердейсе,
Жүрөктүүлөр кубанар.

Ээ, бечара акындар,
Ый, күлкүгө жакындар,

Ырыскың мол болбосо
Ышкың бар го жалындар.

Жүк көтөргөн акындар,
Жолуң татаал адырлар.
Кошоматчы кол бербес,
Элиң бар го кадырлар.

## СӨЗ ЖОГОТТУМ

Сөз жоготтум,
көп жоготтум.
Мен бабамдан,
мен атамдан уккамын.
Издеп келем,
издей берем.
Барсыңарбы
ошол сөздү укканың?
Чоң сөз эле,
Зор сөз эле.
Кичине экем,
мен көңүлгө тутпадым,
Бабам кетти,
Атам кетти.
Ошол сөздү башкалардан укпадым.
Ойлоп албай,
түйүп албай.
Мен эмнеге
энөө жатып уктадым!..

## ТОКТО ДЕЙМ

–Токто,
toктой тур!–дейм,
боздопкуруп.
Токто!– дейм,
мен артынан колум сунуп
Курдаштар…
улам бири кетип баратат!..
Батышка илкий басып, жүзүн буруп.
–Токто! – дейм.
Токтобойт го
күндү ээрчип, күн батат,
кетти алар, түндү кечип…
Мен барам
Аркасынан илкий басып,
жүрөктү кармап колго
мыжый эзип.
– Токтогула!
Кайдасыңар?
Кайрылгын! –дейм.
Кайран жанды
Капырай камчылап мен.
Эмне үчүн,
өзөлөнөм өксөп шашып,
кетпестен,
бул дүйнөдө калчудай мен!
Күн чыгат,
Тирүүлөргө күндө эртең.
Бир гана
көрбөс экен түнгө кеткен!
Күндө туруп, тирүүлөр күндү тосуп,

Кеткенди
Кетире албай талар эстен...

## ТИРҮҮМДӨ АЙТ

Замандаштар,
Жылуу сөзүң бар болсо
түрүүмдө айт.
Ачуу сөзүң бар болсо,
кулпу салып бекемдеп
ичиңе кат.
Жакшылыгың бар болсо,
эшик ачам, төргө өтүп
үйүмө шаш.
Жамандыгың бар болсо,
жан оорутпай кайрадан
артыңа бас.
Беш күнчүлүк бул өмүр,
көз ирмемдей көрүнөт бир карасаң.
Ар ким жашайт өзүнүн таалайында,
салмагыңды көрсөтөт өз таразаң.
Бул дүйнөдө канатташ келебиз го
мен дагы, сен да аясаң.
Жылуу сөзүң бар болсо
тирүүмдө айт.
Ачуу сөзүң аяныл,
ичиңе кат.
Замандашым,
кымбатым баа жетпеген,
жакшылыкка ар качан, үйүмө шаш.
Эки келбес адамзат бул дүйнөгө,
өлүм бар го өксүтөр барыдан кас!..

ким көргөн
Ким көргөн
кубанган адамдын жүрөгүн –
чак түштө күн көзү
чачырап нур төгүп тургандай
жел өпкө көл үстү
желигип жээгине ургандай?!

Ким көргөн
ачылган адамдын көңүлүн –
айкындап Ай бетин
булуттар этегин түргөндөй,
жаракөр жаш сулуу
жадырап жарына күлгөндөй?!

Көрдүң беле,
адамдын жүрөгү сүйгөнүн –
бой бербей махабат,
балбылдап башкача күйгөнүн,
эриген мөңгүдөй
эңиштеп сел болуп киргенин?!

Ким көргөн
ыйлаган адамдын жүрөгүн –
жоготкон ботосун
ингендей болкулдап боздошун?
түнөрө нөшөрлөп
төгүлгөн жамгырга окшошун?!
Ким көргөн?
Мен көргөм ушунун барысын!
Кылчактай артына.
адамдын ажалга барышын.
Бирок, мен көрбөдүм,

өлгөндүн артынан
ажалсыз өзү өлүп калышын!

## ЗАКЫМДАП ТОКТОО БЕРБЕЙ...

Мемиреп күндөй тийген,
Мээримдүү көздөр болгон.
Жалындап нурун чачып,
Жалооруп жолдон тоскон
Айланып айланпакча
Алдастап колун созгон...

Кантейин менде жүрөк,
Эки эмес жалгыз болгон.
Барына жибибестен
Көбүнө муздап койгон.

Бирок да ошол көздөр,
Жылуусун берип турган,
Чертилип терме күүсү
Кулака келип турган.

Закымдап токтоо бербей,
Учту го мезгил курган.
Жалындуу көздүн көбү
Жумулуп жүзүн бурган!..

## БҮГҮН БЕЙИШ ТӨРҮНДӨЙ

Келер жылга кулач уруп шашкамын,
Күндөн күнгө күлө карай баскамын.
Өткөн жылды элес албай кылчайып
Жылуу ороп жүрөгүмө каткамын.

Бүгүн көрчү, келер күнгө шашпадым,
Кежең тарта, солгун менин басканым.
Эңсеп эми эчакы ошол күндөрдү
Этияттап ороосунан ачканым...
Бермет болуп, шуру болуп тизилет,
Кармай келсең тизмегинен үзүлөт.
Кыпындарын, күкүмдөрүн термелеп
Курган көңүл өткөн жылга үңүлөт.

Кезегинде мынча нурдуу көрүнбөй,
Бермет болуп, шуру болуп төгүлбөй,
Өткөн белем кербен тарта чайпалып
Келер күндөн кеткен күнүң бөлүнбөй.
Бирде билсең, бирде баасын билбеген,
Ошол жылдар бүгүн бейиш төрүндөй!..

## ЖАЙСАҢ БОЛДУ КАНАТЫҢ

Жай мезгилде жашылданып айланаң,
Чар тарапка чалкып турар убагың.
Тарбыл-ала таргыл таштар көрүнүп,
Сен бөксөрсөң мен бөксөрүп турамын.

Келсем бүгүн көксөп сенин карааның,
Көзгө урунду комсоо болуп тарабың.
Көк тукаба көлүм көрктөн кетпе деп,
Көңүл чөгүп айланаңа карадым.

Кайран көлүм кандай күндөр өткөздүң,
Кылымдарды сүрө келип башыңан?
Бирок, менин таалайыма туш келип
Көрүп келдим толгон кезиң жашыман.
Күр-шар этип жээкке согуп турчу элең,
Томсоруңку тосконуңа ачынам.

Бирде толуп, бирде кайра бөксөрөр,
Балким баштан болгон беле адатың?
Ушу бүгүн куушурулуп кушка окшоп,
Эртеңки күн жайсаң болду канатың.

## ЖАЙКЫ ТАҢ

Таң сүрдү тамылжый нурдана,
Акындын ырындай «Дүрдана»,
Алдейлеп ааламды терметкен
Ак пейил апамдай түн гана?..

Түн кетти уйкудан ойготуп,
Күн келет нурларын ойнотуп.
Балбырайт таңдагы жер эне,
Көз жарган немедей толготуп.

Суктансаң дүйнөгө – таңды көр,
Таң менен серпилген көлдү көр,
Гүл жайнап бетеге көлбүгөн
Кыргыздын тоосунда төрдү көр!

Кымкадай кызарса кырлары,
Кубула кулпурган жылганы!
Адамга берилген энчиге
Дүйнөнүн бул кызык жыргалы!

## ЖАШЫЛ ӨРӨӨН

Капырай бүгүн кызык жашыл өрөөн,
Чөгөлөп төшүн жыттап жерди өбөм,

Өйдө туруп көкүрөк кере бассам,
Тийгенсийт асманына менин төбөм.

Күлүңдөйт бир башкача күндүн көзү,
Кубулат кумардантып дүйнө өзү.
Кубалап бул сезимди кетпесе дейм
Капыстан куюн чыгып бардай өчү...

## КӨРКӨМ ЖЕРИМ

Көк бетеге, көк жайык өтөксүңбү,
Көйрөң мүнөз, көпкөлөң өзөнсүңбү,
Чамгарактап, чамынып калыптырсың,
Кеткениме көрүнбөй өчөштүңбү?!

Салам айтам, Сары Аска, сагындыңбы?
Алик ала үнүмө жаңырдыңбы?
Көчкүң жүрүп күркүрөп күүлөнөсүң,
Көп жыл келбей кеткенге таарындыңбы?

Таарынбачы татына көркөм, Жерим,
Көтөрүлүп турганда менин көөнүм.
Жаш баладай эркелеп баскан турам
Жан сергитип, жашарткан сенин демиң.

Бала кезде кеткемин, келдим карып,
Мезгил сага өтүптүр изин салып ‘
Көк бетеге өрөөнүң аңыз болуп,
Соко жыртып кетиптир тишин салып..,

## КЫШКЫ КАР

Бапаңдайт ак пейилдүү адамдай кар,
Дүйнөсүн төгүп берип тургандай.
Лепилдеп жибек кымкар түшүп жатса
сезилет назик күүнүн ыргагындай.

Барпаңдап комуз черткен кол сыяктуу
Түрмөктөп түшүп жатса кыштын кары,
Жүрөктүн кылын күүлөп кыңгыратып
Кандайдыр сезим келет сага жаңы.
Күткөн досуң сапардан келген сындуу,
Кубанып кулач жайып тосом аны.

Карды күткөн кара жер төшүн тосот,
Канат жайып бак-дарак өзүн тосот.
Ак шайыдан үлпүнчөк салынгандай,
Келген кышка Керме-Тоо көркүн кошот.

## КЫМКАР

Көрдүңөрбү,
күн тийсе кымкардын учканын,
тикенектеп,
жылтылдап нурларга уланып.
Табигаттын
көркү го көзгө байыр,
келип турган
таалайга тартууланып.

## КЫЗАРТ

Кышында ак кар менен аймалашкан,
Айтылуу Кызарт деген ашуу экен.
Кычырап тоңуп турса бүт айланаң,
Күч алып, муюшпаган катуу экен.

Жайында жамгыр менен жалмалашып,
Барлыкка жаракөрлүү, татуу экен.
Узаткан жоолук булгап жолоочуну
Кыз кыял Кызарт деген ашуу экен.

## ТУУГАН ЭЛ

Туулган жерим, тууган элим, аманбы,
Кармап келем көңүлүмдө карааңды.
Балапанда учургансың тосуп ал
Улгайганда келип турган балаңды.

Алдейлеген абаларым көрүнбөйт,
Эркелеткен агаларым бириндейт,
«Эрке бала» деп тергешкен жеңелер
Бирде илинип, бирде көзгө илинбейт.

Эми сездим жыл зымырап өткөнүн
Каралуу көч айыл аралай көчкөнүң.
«Элүү жылда эл жаңы» деп айткандай
Эчен кылка боорсок жаштар өскөнүн.

Көрүп өстүм көк тиреген тоолоруң,
Бүркүт уя заңгыраган зоолоруң.

Бала кезде баамдаган эмесмин
Кургак чаптар кулпурган жер болоорун.
Барган сайын марый берип байлыкка
Өскөн чарбаң өрүшүнө толоорун,

Алтын казык айланайын, асыл жер,
Эңкейиштеп барган кезде кубат бер.
Сенин сүтүң, сенин күчүң эмеспи
Алып келген атка мени акын дээр.

* * *

О, ата! Атакебай, баш көтөрчү!
О, эне! Энекебай, жаш төкпөчү!
Мен элем,өмүр бою экөөң бирдей:
–Каралдым,кагылам – деп, жан көксөчү...
Силер жок – көзгө учурайт көл бөксөсү,
Силер жок – ушул элдин бош көчөсү.
Жылтылдап чогу жатат коломтонун,
таппаймын, козгоп турар жок көсөөсү.
Чок жатат жылуу жетпей алаканга,
күү эзет күңгүрөнгөн ай-ааламга.
Чөйчөктүн көзү тиктейт тигил бурчта,
энекем даам татыткан ар адамга.
Калдырап капа чекпе, казан-аяк.
–Даам татпай кеттиңго – деп мени аяп.
Мен өскөн ушул жердин дөбөсүндө,
турушат атам, энем күлө карап...

## КИЧИ ЭНЕМ

Ооз көнгөн бала кезден айтып «жеңем»,
Сен дагы чындыгында болдуң энем.

Элүү жыл жүрөгүңдөн орун алып,
Бир кылын кыңгыратып чертип келем.

Энемдин көз жашынан көлчөк болгон,
Ал кезде басып кирген сенин изиң.
Сенин да тагдырыңа туура келген
Мен сени айыптабайм аның үчүн.

Жаш менен тоскон энем жүрө-жүрө
байланды эгиз жандай улам күндө,
Күндүзү көңүл жибип сиңди көрсө,
Кирпигин кээде какпай ыйлап түндө.

Сен дагы бирде күнү, көбү сүйкүм
Көңүлдөш, кыйышпаган сиңди болдуң,
Өмүрдүн оор жүгүн аркалашып,
Ысыкка, суукка дагы бирге тоңдуң...

Жарым кылым бир баскан кичи энем,
Бир кылын жүрөгүңдүн чертип келем,
Кокустан кыл үзүлсө тырмак илип,
Анда мен назик күүнү эңсей берем.

## САГЫНАМ МЕЗГИЛДЕРДИ

Мен сагынам жаз, жайдын жашыл чагын,
Алтын күздү, кыштагы аппак карын.
Ар бир мезгил өзүнчө керемет го,
Сагынамын төрт кырлуу жылдын барын.
Сагынамын жайында коңур күздү,
Кымкап кийип, кылгырып кызыл жүздүү.

Жер-жемишке толтура көз тойдурган,
Алтын табак сыяктуу ойду-түздү.
Күркүрөгөн күз күнү күүлдөй басып –
Сагынамын ак ичик ызгаар кышты.
Кыштын кары кычырап, күүсүн чертсе,
Кыял учуп кымкардап ырдар ышкы.

Айлана аппак болуп көшүп жатса
Көксөбөйт кандай жандар мындай кышты
Аймалатып аязга, сергөө басып –
Сагынамын саймалуу, сулуу жазды.
Желин салып жер-дүйнө тамылжыса.
Сүт агышын тилеген «Гүлдүр ташты».

Жан-жаныбар жаңырып жашылданса,
Жашартчудай кайрадан курган жанды!
Кубаттана жаз күнү жайдар басып –
Кумарланам саратан жайга шашып.
Каны толук, калдайган кай мезгилде
Сай-сайларга күрпүлдөйт суулар ташып.

Төштү керип, толукшуй турган жанга
Эрте чыгып, кечирээк күнү батып.
Күлүңдөшүп асманга жылдыз толсо,
Күмүш нурга жабуулайт таңы атып.
Мына үшүнтүп сагынып – төрт мезгилди,
Узатам да тосомун алга басып.

## БУЛУТТАР

Жайында булуттар жарышат,
Айлыңа айланып конбостон.

Жадабай асманда Күн менен
Көз таңмай ойноштон.
Кочуштап тоолорго суу чачып,
Топурап оюнга тойбостон.

Тизилет булуттар кездешкен,
Чакырсаң аптапта келбестен.
Сары атан кеткенде самсаалайт,
Үрпөйүп үстүңдөн кетпестен...

## ЖӨӨ ТУМАН

Жайдын кези, жаркырап Күн жайнаган.
Жашыл чөпкө жарашып гүл жайнаган.
Жайлоо көркү – толукшуп суулар агып,
Көгүлтүр төр менсинет эл жайлаган.
Ар бир нерсе жайында турбасындай
Бүркөлдү күн негедир ал кайрадан..,

Самсып чыгып жөө туман келет каптап,
Жаны калбай куу дөбөт үрөт какшап.
Жан-жаныбар жанатан күлүп турган
Сестейинки карашат көңүл бастап.

Самсып келет жөө туман саз жыттанып
Туман эмес түтүнбү ыш жыттанып?!
Жылчык койбой түнөрө келе жатса
Ичиркене дүүлүгөт жан кысталып.
Мынча неге жөө туман шашып калды,
Жакын жетип үрпөйүп басып калды.
Тоо жаңыртып жанатан үргөн дөбөт.
Үч бүктөлүп, түпкүчтөй жатып калды.

Кучакташа көк шибер башын катты.
Бүт айлана негедир дымып жатты.
Кулактарын шалпайтып туруп калган
Араң тааныйм береги Торкашкатты.

Тоолор калды кичирип чалкалабай,
Суулар калды шыбырап шаркырабай.
Бадырайган чоң үйлөр куушурулуп,
Жепирейди бир бирин калкалабай.

Мына үшүнтүп бир күнү туман көчтү.
Тамылжыбай кызыл нур гүлдөн өчтү.
Мен турамын көмүлүп, көңүл чөгүп
«Сен кимсиң»– деп койбостон тепсеп өттү!

## ЖАЛГЫЗ ЖОЛООЧУ

Ээн жолдо жолоочу жалгыз келет,
уйгу-туйгу бороондоп ойлор жеңет.
Баскан сайын акактап тилин салып
көк дөбөтү өмүрдүн алеп-желеп.
Жайдак жолдо кейинип көңүл чөгөт,
жандуу жүрөк элөөрүп көөдөн тебет.
Турмуш күнү тутулуп ачык туруп,
асман түбү түшкөндөй нөшөр төгөт.
Айланага караса бузулган там,
Баш калкалар нерсе жок,
шорголойт жаан.
Урандыдан жай издеп темтең урса,
убаралуу кургурга боломун таң.
Бүгүн-эртең эшилип бүткөн турса
калканч болуп береби адамга ал…

Бирок, билсең карачы, урандыга
Сүйөнгөнгө ыраазы кысталган жан.

## СУУ ОРТОСУНДА ТАШ

Ак жака ичигиңди жамынгансып,
Зокуюп суу ичинде таш турасың.
Ар түрлүү таштар жатат айланаңда
Көңүлдү көркүң менен сен бурасың.
Элире суулар өтөт шылдыр кагып,
Эркелеп эрмек эте беттен сылай.
Мөлмүлдөк суунун сулуу агымына
Турасың көздүн кырын салып сынай.

## КЕЛГЕН ЭЛЕМ

Келген элем дүйнөгө күлө карап,
Көкөлөгөн көк-жашыл кыял менен.
Агып барам дүйнөдө токтоо бербей,
Зилдеп аккан саналуу кыян менен.

Келген элем дүйнөгө тике карап,
Алоо күйгөн жүрөктө жалын менен.
Басып барам дүйнөдө бүгүн көрсөң
Кусалыкка куурулган жаным менен.

Кандай көрктүү бул дүйнө бачайыдай,
Кызыл-тазыл бактылуу күндөрүмдө.
Кээде комсоо бул дүйнө ала-була,
Ай чыкпаган караңгы түндөрүмдө.

## КӨЙНӨК КИЙСЕМ

Көйнөк кийсем кезинде көйрөң элем,
Көргөндөрдүн барысы карашкандай.
Шайысы да, чыты да, бары тегиз
Жалгыз мага бир өзү жарашкандай.

Жагалдана баскамын күлө карап,
Жан-жаныбар таңыркап турган сымак.
Улгайбас жаш энчиме берилгендей
Күндөн күнгө күрпүлдөп күчөп дымак.

Эми өмүр жыртылган сары чолок,
Карыздоого кашайып дүкөнчү албайт.
Эки бүктөп, бир айрып ыргытууга
Дүйнө кызык, түгөнгүр колуң барбайт.

## КОШТОШПОДУМ

– Отузумда, кыркымда коштоштум, – деп,
Жаштыгын уламалап айтышат кеп.
Жаш менен колун булгап ажырашуу
Чын бекен же айтабы жандарын жеп.

Узатып жаштык менен коштошподум,
Көөдөнгө бекем кысып боздошподум.
Болбосо чатакташып, көңүл калып
Айгине, ачык чыгып соттошподум.

Жаштыгым келе берди мени ээрчип,
Дикилдеп жылаң аяк бутун чечип.
Сары чолок – бир сомдук кагаз акча.

Кыя жол, бийик дабан белдерди ашып,
Көпкөлөң агып жаткан суулар кечип.
Гүлдөр терип алаксый калып барып
Күлө карап аркамдан кайра жетип,

Эрке жанмын кам жебей келе бердим,
Күлүк атым камчылай желе келдим.
Жаштык кетет, кылчайып карабастан
Көйрөңдөнө көөдөндү кере бердим.

Кандайдыр сезим келип канга тамат,
Шилимден бирөө турат теше карап.
Мындайды көрсө көзүң кантмек элең,
Ыржаят, шалпык ээрдин улам жалап.

–Сен кимсиң? Кайда кетти жаштыгым–дейм.
Үңкүйөт колу менен жашым санап.
Сууланган кирпикти ирмей, көз чаптырам
Мунарык канат жайган күүгүм тарап!..

Жаштыгым кай мезгилде калып кетти?
Алыстан үнү чыгат жаңырыктап!..
Түрсүлдөп жүрөк менен бирге согуп,
Табышы келгенсийт го каңырыштап!..

## ТАГДЫР ЧЕЧЕТ

Мөлмүлдөгөн булак жаш
мөңгү болуп калыптыр
сай башында.
Кызыл бураң кызык жаш
козо болуп калыптыр

жар башында.
Кыргый мүчө курган жаш
карга болуп үрпөйөт
тоо ташында.
Мына үшүнтүп карылык
жаман дешет көрктөн
сулуу ажырап.
Кызык дешет карылык,
тетиктери жешилип сүйлөп
адам бабырап.
Шумдук дешет карылык,
кишен салбай бутун абасып
калган кыбырап.
Күлгүн жашың куйкалап,
карылыгың ушундай
жаман дешет.
Ар кыл кепти айтабыз,
кимдер кандай карышын
тагдыр чечет.
Бирок, билсең, курдаштар,
карылыкка бактылуу
адам жетет.

## МАЙДЫ ТОСОМ

Май жаздын бийигине жеткен жери,
Толукшуй көөдөн тиреп жердин деми.
Тамылжып келген майга кубанычтуу
Үмүттөр бакыт күтөт дүйнө эли.
Май келет балбыраңкы желин салып,
Мөмөлөп жер бетине жемиш чачып.
Майга окшоп бардык адам мээримдикте,

Турса экен бир бирине кулач жазып.
Жадырап салтанатка балкып көчөм,
Жаркырап күлө келген майды тосом.
Таалайга канат сермеп,
тынчтык күткөн
Элимдин тилегине тилек кошом.
Тилек кошом
ак ниет жалпыңарга,
адам көзү ааламат көрбөсө деп.
Өмүр берип ааламга сүт эмизген,
эне жерим эч качан өлбөсө деп!

## ТЫНЧТЫК ЖҮРҮШ

Закымдайт дүйнөдөн кабарлар,
Шартылдайт кулакта кадамдар,
Дүңгүрөйт жер бети эмнеге,
Келишет миңдеген аялдар.
Кылымдар көрбөгөн мындайды,
Көздөрүн алайтат адамдар.

Элеңдейт коштошуп жубайлар,
Узатып томсорот уландар.
Аялдар эртеден чубашат,
Үй-жайын калтырып убайдар.
Көргөндүн көңүлү элөөрүп
Көз жашын кылгыртат тургандар.

Бул кимдер, жорукту башташкан,
Жоосу ким, тайманбай басташкан?!
Аялдар жек көрүп өлүмдү,
Жекеге ураанды ташташкан.

Канаттуу ракета – кара күч,
Калк менен бул күнү басташкан.

Аялдар чыгышты каршыга,
Тынчтыктын ушундай маршына.
Кылымдап агылган дайрадай
Чыдабай көздөрдүн жашына.
Бала үнү, эне үнү козгобос
Кайсы бир жүрөктүн ташына!
Тынчтык дейт бала да, кары да,
Тынчтык дейт жан бүткөн бары да.
Кайгыдан чарчаган жер эне,
Муңкана үн катат карыга.
Токойлор шыбырап тынчтыкта,
Тоолор да күтүшөт зарыга.

Жер тосот тынчтыкты магдырап,
Суу тосот өзөндө шаркырап.
Таалайдын бешиги тынчтыкка
Кол созот келечек жаркырап.
Жүрүштө тынчтыктын аялдар,
Калтаарып кара күч айбыгат.
Күрөшкө, күрөшкө, Адамдар,
Советтин өлкөсү кайрылат!

## ЭМНЕ ҮЧҮН

Эмне үчүн,
жаман жорук кайталанат?
Эл жерисе,
ээленип ал байланат?
Көөдөй бетин тескери буруп койсоң,

Көзүн кысып, түгөнгүр кайра айланат!
Тарых жолу тамгалап койгон ишти,
Ушу бүгүн тартуулайт ким кайталап?!
Кемчиликти кетирген кезегинде,
«кетирбейм» деп экинчи ким айталат!..
Эчак көргөн шумдукту бүгүн көрүп,
Эмнеликтен үшүнтүп кайра айланат?!
Эмне үчүн
өткөн иш сабак болбойт?
Терс жорукту түбөлүк камап койбойт!
Сүйрөндүнү сүйрөшкө каршы туруп,
Колу-бутун түбөлүк матап койбойт!
Кандайлыктан фашисттер улам келет,
Кылмыш өтөп, кандарды суудай төгөт!
Эчен элдер алардан запкы тарткан,
Эмнеликтен өздөрү канды кечет?!
Жек көрүнчү фашисттин чапандарын
Жамынгандын сырларын кимдер чечет!..
Кимдер чечет?!
эмне үчүн мыкачылык
Жер бетинде кутуруп өкүм сүрөт!
Эки келбес дүйнөгө адамзаттын
Өмүрүнө уу улап кимдер жүрөт?!
– Ээ, адамдар!
бизден ашып түштүңөр! – деп,
токойлордо ыржайып жырткыч күлөт.
Эмне үчүн жаңылыш кайталанат?!
Эмне үчүн кайгы оту өчпөй жанат!
Жамандыкты тарыхта тамгаланган,
Жаңырткандан адамзат эмне табат!
Качан жеңип аң-сезим наадандыкты,
Жер бетинде адамзат тынчтык алат!..

## БИЗ АЯЛДАР

Биз аялдар нурлуу болуп жаралдык.
Көз кумарды кандырар
көрктүн барын биз алдык.
Суктанышса жигиттер ого бетер жасандык.

Биз аялдар сулуу болуп жаралдык.
Эркелетсе жигиттер,
Суйкая биз тарандык.
Күнгө тете болгонсуп
Күзгүдө улам карандык.
Биз аялдар кызыл гүлгө жанаштык.
Кымка болуп кийилип,
Эр ийнине жараштык.
Ал ийинге таянып,
Тагдырдан таалай талаштык.

Ээ, аялдар!
аялмын мен сүйөмүн,
силер үчүн жакшылыкты
дайма тилеп жүрөмүн,
татаал келген тагдырына
ооруй берет жүрөгүм.
Бирок неге майдасыңар?
Чынын айтсам,
Мен ушундан жүдөдүм.
Кең пейилдик, аздыгына капамын,
чын сырымды өзүңө айтып жатамын,
Уяласа ууртуңарда ушактар,
Мен санаага батамын.
Эмнеликтен майдасыңар?

Тар келебиз, кекчилбиз,
Муну кантип катамын.
Өзүбүздү сындаймын деп,
Балким,аша чабамын.
Көп эркектер басалышпай убара

Аялдардын чатагы…
Запкы тартсам,
Силерден сыр катамын,
Өзүңөргө дат айтыштан
Өгөйлөнүп качамын,
кечиргиле,
оозум күйгөн көбүңдөн,
балким, эми муздак сүттү
үйлөп ичип жатамын.
Ээ, аялдар! Майдасыңар,
майдасы көп жайдасыңар.
Мындай турмуш силерден оолак өтпөйт,
журтка таштап,
майда деп эч ким көчпөйт,
ошондуктан майдалап кетебизби,

Кол созбосок бийикке сезим өспөйт!
Ээ, аялдар!
Танылбайт го
эчен сонун сапатыңар.
Оңой менен талыбайт го
өмүр үчүн сермеген канатыңар.
Эркектердей кең пейил мүнөз күтүп,
Өзүңөр да бир кезде каласыңар.
Келберсинет келечек алдыңарда,
майдалыкты ишенем танасыңар!..

## ТАҢ АЛДЫНДА

Таң алдында ойгонушуп чымчыктар,
чыйпы-чыйпы,
тынчы кетет кобурап.
Желге ойгонуп,
желпинишет береги бак-дарактар
жалбырактар топурап.
Бирок али –
көрктүү шаарым көшүлүп
уктап жататжаш баладай момурап.
Таң алдында татты уйкудан тангандар,
Айтчы мага, айтар сырың бар болсо.
Мени болсо – ыр дүбүртү ойготот,
эшик ачам, кирип келер жол болсо!

## ТОЛГОНБО, КӨҢҮЛҮМ

Күн көзү көрүнбөй
көк асман бозорот,
шуудурап бак-дарак,
баш чайкап козголот,
үй ичи томсоруп
көңүлдө коштолот.
Күн чыкты, жер жүзү
кулпуруп кубанат,
көшүлүп бак-дарак
көкөлөп буралат,
эмне үчүн үй ичи
дагы эле муңаят?..
Толтонбо, көңүлүм,

жүрөгүм суранат.
Неберем жайдары киргенде,
муңайым таралат.
жайнабай үй ичи
канткенде туралат!

## АЖАЛ КӨРДҮМ

Суук түрүнө сүрдөндүргөн адамды,
Бир күн көрдүм каш-кабакта ажалды.
Кимдин күчү, кимдин иши билбедим
Батынбады артка шилтеп кадамды.

Келди ажал маңдайыма көрүнүп,
Келе жатсам ой көлүнө чөмүлүп.
Алтын аяк толуп турган өмүрүм
Бир минутта кала жазды төгүлүп ох.

Ажал кетти аркасына чегинип,
Таалайымдын талабынан жеңилип.
Кылчайбастан ажал кеткен жагына
Кете бердим минген атым теминип...

## АЖАЛЫҢМЫН

Ажалыңмын,
чочубачы өзүмдөн сен,
Курбуңмун,
өзүңө жашым да тең.
Бул дүйнөгө төрөлүп
өзүң менен,

кашыңдан карыш жылбай
келемин мен.
Сен чочуган өлүмдөн
мен да чочуйм,
анткени, өзүң менен кошо кетем.
Кырсык, илдет, каршылык жол тоспосо,
сен көксөгөн мараага мен да жетем.
Үшүнтүп өмүрдүн дайрасын
биргелеш кечипмин
эгиздей ээрчисем–
душман деп чечипсиң.
Билсең...
Өмүр баяныңдын аягына коюлар
Бир гана карарган чекитмин!

Каргадың
ажалга энекең кеткенде,
саргарып самсаалай
Сары оору жеткенде.
Каргадың
атакең өткөндө.
өрнөктүү адамдын
өмүрү өчкөндө.
Каргадың ажалды,
чолпондор батканда.
Душмандар окторду,
жаадырып атканда,
Кимде айып, ойлочу?
адамдар, өздөрүн кыйратып жатканда!
Ар кимдин артынан,
аргасыз ээрчипмин,
кызарган кандарды аралай кечипмин,
анткени,

өмүрдүн аягына коюлар
бир гана караРган чекитмин!
Каргабай бекерге ажалды,
сактагыла өзүңөр адамды!
Эркелеп төшүндө жердин,
Уузартып өмүргө кадамды!

## ЫР

Ыр деген акындардын ак бөпөсү,
Ардактап, кара жанын үрөп баккан.
Жетилсе, көкөлөгөн көңүл кушу,
Айланып жүрөктөрдөн түнөк тапкан.

Ыр болсо, катмар дагы ойдун кенчи,
Тирмейип кирпик менен касып алган.
Көзгө толсо, адамдар жаркыратып
Көркүн ачып көөдөнгө тагып алган.

## СЫРДАШУУ

Айтчы, жылдыз,
эмнелерге күбөсүн?
Көз алдыңдан өткөндөрдү салмактап,
көрдүң беле жакшы жагын, күнөөсүн?
Күнөө көп дейтжер бетинде өтөлгөн.
Зөөкүр көп дейт күндө баскан көчөндөн.
Бирок билсең,
жакшылыкты көксөгөн
Балбан көп дейт.
жамандыкты көтөргөн.

## ҮМҮТТӨРГӨ ТАЯНЫП

Ачуу сезим
ачып турат көбүрө.
чертип четке
чекесинен төгүлө,
эми сааган
жылуу сүттөй көңүлүм,
ирип барат, көбүгүнө көмүлө.
Ал ирисе,
алоолонгон өмүрүм көчүп барат.
Көз алдымда көрүнөө!
Бирок, кызык...
үмүттөргө таянып
эркиңкургур
мойнун созот
Жашыл турмуш төрүнө!

## КЫЗЫК

Жулунчактар жулунса,
Тартынчактар тартынып,
куру калуу тийиш дейт.
Жулкунбайлар жулунуп,
Утуп жатып ойлосоң,
утулганын билишпейт.
Кимдин баасын ким билет?
Билишкендер жылмаят.
Бирок, кызык киришпейт.
Уксаң кызык, элде айтат:
Эң кымбаты –

элден тийген үлүш дейт.
Бирок билсең,
жулунган да,
жулунбас да,
таалайына келгенин,
талашкан менен бөлүшпөйт.

## МЕН БАКТЫЛУУ

Мен бактылуу –
Мунайым күнүм менен,
ыр сабында
угулган үнүм менен,
бирде-күлүп,
бирде ыйлап жүдөө тарткан.
бирок,
нурдуу адамга түрүм менен.
Мен бактылуу –
Улуу жарга убайлуу күйүүм менен,
өйдө-ылдый өкүнүч болсо дагы,
бул өмүрдү –
чеги жок сүйүүм менен!

## ЭНЕСИ ТАШТАГАН БАЛАНЫН МОНОЛОГУ

Мен издеймин,
издей берем апамды.
Мен издеймин,
издей берем атамды.
Жаралыпмын
махабаттын күчүнөн,

кур калыпмын
бирок эне сүтүнөн.
Жаралыпмын,
мен эненин канынан,
неге түрттү
энем мени жанынан?!
Төрөт үйгө
төрөп таштап кетиптир,
таалай үчүн
таң мезгилде төрөлгөм,
таштап кеткен,
эне, кандай жөрөлгөң?!
Издейм сени,
ичпей жетим тагдырын,
сага теңебейм
мээримдүүнүн бардыгын.
«Эне – мээрим,
эне – ыйык,
эне – сулуу»,– деп айтса,
Ушу бүгүн
ал энеге кусамын.
Түштө көрөм
мен көрбөгөн,
мен унуткан энемдин
жылуу төшкө
мени кыскан кучагын…
Ыйык эне,
сулуу эне,
менин айбым эмине?
Бир түн үлпөт, махабатпы,
айтчы, убалым кимиңе?!

## АБУ АЛИ ИБИН СИН

Бир миң жыл тыным албай кадам шилтеп,
Табышы дүңгүрөйт го Ибин Синдин.
Кылымдап суудай агып келип, кеткен
Адамдар ыйык сактап атың сенин.
Закымдап мезгилдерди сүрө келип,
Замандаш эми өзүмө болдуң менин.
Эл сага «Улукман» – деп таазим эткен,
Бабадан урпактарга чыкпай эстен.
Анткени,түптүү түндүн катмарына
Илимдин шам чырагын жагып кеткен.
Канаттуу кайып учкан поэзияң
Булуттун арасында желдей эскен.
Өмүрүн адам үчүн арнап келсе,
Жүрөгү жылып турбайт ага кимдин.
Жаратып, жаратылыш сүйүп берген,
Асыл зат байлыгы го ар бир дилдин.
Ибин Син мезгил менен тең жарыша,
Кырларын аша бермек эчен миңдин.

## ЗАЛКАР АДАМ

«Түгөлбай деген дөө чыкты,
Атка минбей жөө чыкты»[3].
Ойноо кез окуп жүргөн,
Укканбыз ушундай кызыкты.

Көрсө Түкем «Кең сууну» жазган тура,
Кереметтүү белести ашкан тура.

[3] Теңтуш калемдештери кезинде ушундай айтышкан эле.

Биз бараткан бүгүнкү даңгыр жолго
Чыйыр салып жөө-жалаң баскан тура.

Романдар атасы зор адамды,
Ошол күндөн «Түгөлбай чоң» аталды.
Өзү баспай балпая узун жолдо,
Узартты го дүйнөгө ал катарды.

Сиз баскан жол маданий күрөш жолу,
Гүргүчтөп чыккан эле залкар тобу.
Сиз менен дале келет алгалашып,
Каармандар арабызда бүгүн жогу.

Ыйык жол адабият кылым сүргөн,
Бактылуу ушул жолдо талбай келген.
Сыймыктуу сапарыңыз узак болсун,
Элиңиз сизге ыраазы барктап сүйгөн.

## КАРЫЯНЫН ЭСТЕЛИГИНЕ

Кылым сүргөн чоң достуктун үлгүсүн
Көрдүм өткөн жай саратан айында,
Айылбашы, аксакалыкарыны
Сапарына узатышкан айылда.

Ала топу алда канча көрүнөт,
Ак калпактар арасынан бөлүнөт.
Кыргыз менен өзүбектер жанаша
Кырка олтуруп көз жаштары төгүлөт.

Эки калктан бир айылга чогулган
Урматталып колдон жерге коюлган,

Карапайым калк көзөлү карыя
Чыкпай келет ушул күнгө оюмдан.

Өзүбектер өз агабыз дечү экен,
Кыргыз айлы ал атабыз дечү экен.
Антишкени, теңиз адам карыя
Эки жактын камын бирдей жечү экен.
Мээримине адамдарды жылытып,
«Достук болсо, ырыскы ошо» дечү экен.
Ошондуктан, кыргыз дагы өзүбек
Баш ийишип, Баялы аке дечү экен.

## БАКЫТ ДЕГЕН ЭМИНЕ

Айтышат:
бакыт деген – анык сүйүү.
Бакыт дейт – максат үчүн жанып күйүү.
Бакыт дейт – колдо барын баалай билүү.
Чынында! Санай берсе бакыт көп го,
Баарынан эң кымбаты–тирүү жүрүү!

## КУБАНЫЧ

Кубаныч күр-шар түшүп толкун болуп,
Көөдөнгө көтөрүлүп келчү толкуп.
Капасыз жыргал күндө экиленип,
шарпылдап жүрөгүмө турчу согуп.
Кубаныч жагалдана жайдар басып,
жаркырап жылуу жаздай көңүл ачып,

күлүңдөп күн сыяктуу тийер эле,
күнүгө жүрөгүмө нурун чачып.
Кубаныч бүгүн келет илкий басып,
кол созуп коомайсынат кошо жашып,
жалжылдап жаракөрлүү адетинде
жаралуу жүрөгүмө тийип, качып…

## ЭМНЕ ТЫТАТ ЖҮРӨКТҮ

Тытмалабайт жүрөктү –
Газга толгон сур аба,
Трубадан булаган
түтүн көктө капкара.
Тытып жатат жүрөктү –
күнү-түнү тынчы жок
баш жардырган көп санаа.

Тытмалабайт жүрөктү –
күлдүр-шалдыр калаада,
Өйдө-төмөн ургулап
турмуш тарткан араба.
Тытып турат жүрөктү –
«Бакыт» конгон башына
бузукулар арада.

Кантет жүрөк ким билет
эгер досуң алдаса,
пайдалууга жагынып
сени эсине албаса,
Тытып калат жүрөктү –
тырмактарын батырып,
ушакчылар арбаса!

## БУЛ ДҮЙНӨ

Бул дүйнөң өкүнүчтүү чеги жок,
Кургуруңа өкүнбөгөн киши жок.
Өкүнүчсүз болоор болсо ар качан
Далай нерсе өтө бермек изи жок.
Эрке-талтаң жалгыз өскөн баладай
Адам чиркин,
Адыраңдап жүрө бермек көөнү ток.

## ОЙНОБО

Салбыратып санаа ичигиң жамынып.
Сары өзөндү санаа чегип бойлобо.
Үрөйү суук үксөңдөгөн өлүмдү
Үрпөлөңдөп күн мурунтан ойлобо.
Келген күнү азууларын аркайтып,
Мына ошондо ажал менен ойнобо!

## КИМ АЙТАТ

Ким айтат жашайт деп сенсиз мени!
Оролуп оюмдан чыкпайсың,
Жанашып жанымда уктайсың.
Жалбарып чакырсам чарчатып,
Эч качан сен мени укпайсың.

Ким айтат жашайт деп мени эми!
Элесиң каректе калкылдайт,
Көз жашым көөдөнгө тамчылайт.

Ким айтат кетти деп менден сени!
Жаркырап жанымдан кетпейсиң,
Бурулсам мунайым издейсиң.
Бир гана, аяктап аш сунсам,
Алып сен колумдан ичпейсиң.

Ким айтат сүйүүнү өлөт деп!
Күлүңдөп турасың жанымда,
Махаббат күү чертип канымда.
Бир ганатүгөйсүз көгүчкөн
Олтурам гүлбакча багыңда!..

## МЕН КЕЛДИМ

Салам айтам садагасы, асыл Мусам
Сагындым, саргайып мен артып кусам.
Эмне үчүн чыкканың жок тосуп мени,
Томсоруп сапарымдан келип турам.

– Байбичем, айланайын сагынбачы,
Жалбарып жан кейитип жалынбачы.
Бир кетип өзүң менен бирге жүрдүм,
Эркелеп адатыңча таарынбачы…

## АКЫМ БАРБЫ

Акым барбы арсаңдап күлө турган,
Айланып сапар чегип жүрө турган,
Сен жатсаң туткунунда кара жердин
Өлбөстөй өмүрдү мен сүрө турган.

Өмүрдү сүргөнүм жок кыйноодомун,
Ыржайып күлгөн менен ыйлоодомун.
Өлүм менен өмүрдүн талашында,
Тагдырдын терисине сыйбоодомун.
Жашоонун парзы беле, шарты беле
Чиркин ай, жарык күндү кыйбоодомун!..

## НЕ ЖАНБАЙТ

Унуттук го шаңкылдаган күлкүңдү,
Эске салып күлүп койчу дей албайт.
Кара булут кабагынан кетсе деп,
Аны айтып, муну айтып мени алдайт.
Жакшы адамдар жан-дилинен үйлөсө
Бирок, курган көңүл оту не жанбайт!..

## СЕН СҮЙГӨНСҮҢ

Кубулжуган үн чыгып, ойноп колдор,
«Сайра комуз» күүсүнө майрам болгон,
Эки дүйнө биригип келген сындуу,
Кереметтүү күүлөргө көөнүң тойгон.

Чебер колдон чертилген комуз таңшып,
Күүнү коштоп күз жели согот аңкып.
Сен эңсеген кумардуу назик күүгө,
Кулак салып айлана турат жаркып.

Күүлөр эсет алыста сага жетпей,
Өкүнөмүн калганга комуз чертпей.
Эгер болсо өнөрүм, кол ойнотуп
Отурмакмын жанында көпкө кетпей.

## КАЙРА ӨЧҮП КҮЛ БОЛУП...

Сен кээде
толукшуп көл болуп келесиң,
шарпылдап,
күүлөнүп жээктерге тиесиң.
Кызарган кум болуп жолуңа эшилсем.
кубана кол созуп, башыңды ийесиң.
Кай бирде
Келесиң түнөрө түн болуп,
Санаалуу саргайып соолуган гүл болуп.
Мен болсом,
кантем дейм зыркырап,
өрттөнүп кайра өчүп күл болуп...

## КУБАНДЫҢ

Жаркырап күн тийсе –
жадырап кубандың,
Нөшөрлөп жаан жааса –
өөрчү деп сурандың.
Көк жашыл чөп жайнап,
гүл өнсө кулпуруп –
Дүйнөгө жаңыдан келгендей суктандың.
Бапылдап кар жааса,
айлана кычырап,
Көз албай кызыгып
көчөгө карадың.
Балпайып бубактар
бактарда жай алса,
Көп күндөр көркүндө

турса деп самадың.
Үшүнтүп түрлөнүп,
кубулса табигат.
Баладай кубанып
кумардан тарадың.

## КҮНӨӨЛӨЙМ

Өксүтөт өкүнүчтүү өмүр соңу,
Эбептен-себеп экен өлүм жолу.
Күйүттөн күнөөлүнү издей берип
Күнөөлөсөм башканы жүздөй жолу,
Күндөрдүн өйдө-ылдыйын эске салып
Күнөөлөймүн өзүмдү миңдей жолу.
Кай бирде күнөөлөп келет–
Бүткүлдөй ааламды мендей долу!
Айланып акыры тартылат көзүмө –
Өмүрдү өкчөп, ажалдын жездей колу!..

## КОЗУ КАРЫН
**(Жонаж Нигельядан)**

Күлүңдөп күнү тийбеген,
Желбиреп жели жүрбөгөн,
Ураган үйдүн жанында,
Зак менен жердин чаңында,
Козу карын жаралдың,
Гүлүндөй болуп ажалдын,

Махабат нурун төкпөгөн,
Эркиндик жели сокпогон

Тазартпай дымып шамалы,
Төрөгөн бузук заманы,
Атомдук козу карынды
Кейитип ойлойм жанымды.

## ЫР ТҮРМӨКТӨРҮ

Солкулдап өпкө каккан жанды көрүп,
Муңканып, кайгы жутса жашын төгүп,
Бойду таштап колунан алгым келет,
Баратса башы менен муңга чөгүп.
Анткени, кайгы кандай билемин го–
Кармашкан кээси жеңсе, кээси өлүп.

Жадырап күлүп турган жанды көрүп,
Кубанчы батпай турса көөдөн керип,
Таңшыта таалай күүсүн черткім келет
Кучактап, куттук айтып жүрөк эрип,
Анткени, билемин го бакыт эмне –
Өмүрдүн балын татуу, гүлүн терип!..

* * *

Күнүгө бирден ыр жазсам,
Күн менен кошо бир бассам.
Айланып жердин алкагын
Ааламда нечен сырды ачсам.

Ай менен чыгып тең бассам,
Айланып жерди чер жассам.
Терметип түндүн бешигин,
Теңтуштар үчүн ыр тапсам.

* * *

Кетсе сенин замандашың,
Мейли дебе кимге анын кереги,
Билсең, досум, катарыңдан
Бир курдашың кемиди.
Көмүү деген кыйшаюусу,
Көңүл, өмүр тереги.
Аны адам убагында
Барктай, баалай билеби...

* * *

Эки жар,
нурдана үлпөткө барышат.
Эки жар,
сурдана үрпөңдөй карашат
Түгөйсүз,
түпкүрдөн түгөйүң чакырып,
Эмшеңдеп,
эркелей элеске жанашат!..

* * *

Атанын арман дүнүйө,
Дарманым келбей күлүүгө,
Жоготкон жанды мен издеп,
Жол тартып келем күйүгө!

* * *

Жашоого тойбой адамзат,
Жалооруп турат өмүргө.
Калчылдап туруп кары-жаш
Баш ийип берет өлүмгө...

* * *

Мен кетемин бир күнү,
Ушул дүйнө каласың.
Күрпүлдөгөн чоң дайра,
Мен жокто да ушинтип,
Чамгарактап агасың.

* * *

Чиркин адам чырайып тирүүлүктө –
Чаң тийгизбей күбүнүп-кагынасың,
Тунук сууну жараткан тагдырыңа
Жууна берип жашоого жалынасың.
Ак шейшепти алмашып өлгөнүңдө
Айтчы кантип топону жамынасың!..

* * *

Сайраган булбул тил безеп,
Таңшыган торгой үн өчөт.
Таң менен келип дүйнөгө
Кетпестей болуп бирөө өсөт.
Табигат шарты талашсыз,
Эртеби кечпи баары өтөт.
Бир гана жашайт ар качан
Калтырып кетсең иш өтөп.

* * *

Көңүлүм көтөрүп коюшка,
Сүрөттө жылмая карайсың.
Ан сайын ууланта денемди
Өкүнүч каныма тарайсың…

* * *

Мен сени талаштым ажалдын колунан,
мен сени талаштым көрүңдүн оозунан.
тарттырып жиберип таштадым боюмду,
тартынбай кайгынын отунан.
Өрттөнүп кетпесем болгону,
Өзүмдөн кай бирде чочунам.

* * *

Мен кечээ сындым деген,
Бүгүн болсо –
Сынбай гана бүгүлгөнүм түшүнөм.
Мен кечээ өлдүм деген,
Бүгүн болсо –
Өлбөй жандан түңүлгөнүм түшүнөм.
Мен кечээ үзүлдүм го дегемин,
Бүгүн болсо –
Үзүлбөстөн сүзүлгөнүм түшүнөм.
Бирок гана,
Күн артынан күн өтсө,
Менде кубат кетип барат күчүнөн.

* * *

Чалкайган жашыл төрүм,
Чалкыган Ысык-Көлүм,
Батырды кантип сени,
Бир чарчы чакан көрүң!
Акылга сыйбас болду.
Асылга келген өлүм.

* * *

Мен түгөйүнөн ажыраган көгүчкөн,
Түтөй-түтөй жүрөгүнүн оту өчкөн.

Өксөй-өксөй өмүрүнүн жарымы
Өлчөмү жок өкүнүчтүү мунда өткөн.

* * *

Жаш неге ээрчийсиң такыр калбай,
Сен неге эзесиң эч бир талбай,
Байласаң да чырмалта чылбырына
Чыккым келет кол силкип сени албай.

* * *

Мен барсам дейм сексен, токсонго,
Курбу-курдаш менен бирге болгондо.
Кызыксыз, керексиз болчудай,
Жалгыз өзүм жүзгө толгондо.

* * *

Гүл алып күндө келем илкий басып,
Бук толуп,кусалыгым сага ашып,
Сугарып көз жаш менен гүлдү коюп,
Кетемин, жаратымды тырмап ачып...

* * *

Жоомарт турат коло болуп,
Коңур күзгө сүйөнүп
Муса турат кызыл ташка,
Кыналыша түбөлүк.
Мен турамын –
Ортосунда экөөнүн,
Жаркып тийген,
жарык күндө,
келчү түндөй түнөрүп.

## ОМОР ХАЯМДАН

Темтеңдеп жүрүп сен,
Жеттим го бардыкка десең.
Кайдан-жайдан табылып ажал,
Келдим го эми дейт мен.

* * *

Жер айдап жемиш бакта акыл септим,
Саргара багып, кызарар күндү күттүм.
Жеткенде бышыкчылык: «Жамгырдап келгем
Шамалдап кетем» – деген үндү уктум.

* * *

Өзүмчө сурайм: «Не таптым, эмне алдыда?»
Күрпүлдөй күүлөнө өмүрүм өттү...
Жумулса көзүм аркамдан айтышар:
«Жалындап күйүп жалп эле өчтү».

* * *

Жашоо эмне? Ал – базар, досуңду издебе.
Жашоо эмне? Ал – жарат, дарыңды издебе.
Сен өзүң өзгөрбө. Адамга жылмайгын.
Бирок сен башкадан – күлкүнү издебе.

* * *

Өмүрдүн четинен өлүмдүн чегине барабыз.
Ал чектен болбостур кайрылып келмегиң.

Байкагын: бул жерде карабан-сарайга,
Байкабай сүйүүңдү калтырып кетпегин.

* * *

Кайдасыңар, курдаштарым?
Созолонгон үн кайда?
Кечээ бирге ойноп-күлгөн тамашалуу күн
кайда?
Санаа чекпей сайран куруп чер жаздык...
Мас болуп өмүргө силер жаздандыңар
жер жаздык.

* * *

Түпкүрдүн, түбүнө түшүп, үркөргө учтум.
Болбоду тереңи, мен жеткис бийиги,
Болбоду чечилгис чиелүү торлору...
Бирок бар. Ажалдын ал келгис түйүнү!

* * *

Жакшылык, жамандык жоолашат кечке,
Ай-аалам өрттө, ай-асман четте.
Каргыштар менен алкыштар жетпейт,
Көгөрүп турган көк мелтей көккө.

* * *

Өтөбүз жер бетинен, жылдар агат.
Дарексиз биз кетебиз, дүйнө калат.
Биз жокто, өсүп-өнүп тура берген,
Бизсиз да – баягы эле дүйнө калат.

* * *

Ушул китеп жаштыкка соңку барак,
Жадырап жазгы күнүм келбес кайра.
Канаттын эпкинине серпип өтүп,
Учкан куштай жаштыгым кетти кайда!

* * *

Бул дүйнө байыдыбы мен келгенден?
Болбосо бөксөрдүбү – мен кеткенден?
Эмне үчүн, түшүндүрөр болсо мага,
Жаралып топурактан,– айланат кайра ага.

* * *

Бизге чейин жылдыздар кыскан көзүн!
Элдер көргөн сулуу таң сүргөн кезин!
Бут алдында бир кочуш турпактагы,
Жара бастың жайнаган жаштын көзүн.

* * *

Келгендердин дүйнөгө кайгысы ачык:
Келген кетмек кайрадан анысы анык.
Жалгандан эрте кеткен жанга тынч бейм,
Жаралып келбей калса андан артык.

* * *

Махабатка балкытып жүзүң сулуу,
Айткым келет көп нерсе тилим буулу,

Көмөкөйдү кургатып азап чегем.
Көрүп туруп мөлмүлдөп аккан сууну.

* * *

Жыргап өттүң куунак жүрүп көңүлүң – анан
эмне?
Бир күн калды жылас болуп өмүрүң – анан эмне?
Жүзгө чыктың жыргалда жагалданып – анан
эмне?
Жашап дагы көп жылдап келди өлүмүң – анан
эмне?

* * *

Биз кайдан келдик? Кайда кетип барабыз?
Жашоонун кандай мааниси?
Түшүнүп аны билбейсиң.
Көгүлтүрасман алдында, жайнаган канча
асыл жан.
Күл болуп күйүп кетишет, – түтүнү кайда
көрбөйсүң?

## АЛТЫНЧЫ АВГУСТТУН КУМУ
**(«Хиросима ыры» Енеда Эйсакуден)**

Ушул кумду мен басыштан коркомун,
көрүнүшөт–
тирүү жандын денесиндей кыбырап.
Шуудурашып бут жанында эшилип,
бирде дымып, бирде кайра шыбырап.
Көрүнүшөт–
бүртүктөрү,

ар бириси, ар кимиси,
жан талашып, жан талашып...
Көрүнүшөт–
бүртүктөрү,
ар бириси, ар кимиси,
жалдырашып, жалдырашып...
Ар бириси, ар кимиси,
баарысы,
кучакташат сур көлөкө жамынып.
көлөкөдө жаркырашып жагылып.
Көрүнүшөт–
Тура калат буттарынын башына,
үнү чыкса коңгуроонун кагылган.
Болор-болбос
оор онтоонун эпкини,
угулгансыйт кулагыма жаңырган.
Ушул кумду мен басыштан коркомун...
Кан шимирген, тирүүлөргө керезсиң –
шуудурап сен бут жанында эшилип,
эсеп жеткиз, эч түгөнгүз, түбөлүкө кетпессиң.
Ушул жердин
сөөгү эмеспи мынабу,
кан темгилдүү
кара жерде кызыл кум,
күкүмдөнүп күйүп турган атомбу?
Кум бүртүгү,
ар бириси, ар кимиси,
Куйкалайсың сен демиңе адамды.
Алоолонуп,
жанган оттун
учкунундай чачырап,
Сезим келет,
кыймыл кирип кумдарга
жанданышар

күн келчүдөй жадырап...
Көрүнүшөт–
кумдар туруп
кучакташып жаткандай,
бир санаада
бир тилекте,
мындан кийин эч бузулбас,
кумдар тынчтык тапкандай.
Ар бириси, ар кимиси,
эңсейт белем
жашап, иштеп жатканды,
жаркырап жанган үмүтү.
жалындуу көздү караткат,
өрттөнүп турган асманды!..
Ушул кумду мен басыштан коркомун,
Көрүнүшөт –
тирүү жандын денесиндей кыбырап.
шуудурашып бут жанында эшилип,
бирде дымып, бирде кайра шыбырап...

## МЕН СУЛУУ КЕЗИМДЕ

*(Ибараки Норикодон)*

Суйкайган сулуу кезимде,
бузулуп шаарлар жанчу эле.
көрүнбөс жерден көрүнүп,
көгөрүп асман калчу эле.
Суйкайган сулуу кезимде,
заводдор менен деңизде,
кенедей арал бетинде, –
өлүккө толгон айланам,
жасанып сыйпап бетиме
упа-эндик колго албагам.

Суйкайган сулуу кезимде,
жакшынакай белекти.
жалооруп эчким бербеди,
ал кезде билчү эркектер.
салют гана бергенди.
Честь берип жөнөп кетишчү.
жалындуу көздүн илебин,
Жаныңа белек калтырып.
Суйкайган сулуу кезимде,
Мекеним менин,
согушта жаман жеңилди
түрүнүп салып жеңимди.
Көп сыяктту мен жүрдүм –
Түрүнүп салып жеңимди.

Суйкайган сулуу кезимде,
репродуктордон агып чыккандай,
Жаздын үнү таң калтыра берилчү.
салтты бузуп,
мен тамеки тарткандай.[4]
угар элем башка элдин күүлөрүн,
мен бир укмуш рахатка баткандай.

Суйкайган сулуу кезимде,
жалгыздык менин эсимде.
мен бактыны билбедим,
мен акылга кирбедим.

Ошондуктан,

4 Закон боюнча 20 жашка чейинки жаштарга Японияда тамеки чегүүгө болбойт.

Жашагым келет узака,
жетүүгө Руо[5] барган куракка,
жараткан укмуш сүрөтүн
картайып калган чагында,–
көрдүңөр беле ошол сүрөтүн.

**БУЛБУЛ**
**(Зульфиядан)**

Жайнаган нурдуу жылдыз асман түнү,
Шылдырап кобур кагып суунун үнү.
Жалбырак сабагында шуудураса,
Буруксуп жытын төгөт жаздын гүлү.

Кубулжуп кумарлана тили безеп,–
Булбулдун айлуу түндө үнү эзет.

Сабырда, безеленбей булбул паста,
Мен дагы үн кошоюн кезек ташта.
Жылытып дос жүрөгүн кубандыраар,
Ырларым күүгө келген ушул жазда.
Ырдайын нурдуу ачылган паанайымды,
Сүйгөн жер, тууган элим таалайымды.

Курбулар бекеринен эзилдешип,
Акынды айтпас экен булбул дешип.
Чындык бейм булбул менен тең жарыша,
Ырдасаң таң сүргөнчө кезектешип.

Казалым булбул үндүү күүгө келип,
Жел менен закымдасын сапар чегип.

5 Жорж Руо – Францияның белгилүү художниги (1871-1958).

## КАТЫНДАР ЖАЙЫ
**(М.Агашинадан)**

Сентябрь айы келгенде,
Жалбырак жерге сабалат.
Көңүлсүз элде ушул ай,
Катындар жайы аталат.

Машина үнү басылып,
Жадырап турса айланаң.
Шаңкылдап кыздар күлкүсү,
Шаң берет түнгө кайрадан.

Жазанган кыздар жарашык,
Жаштыктын нуру себилип.
Кайыктай калкыйт туфлийлер,
Тектирде шапар тебилип.

Абайлап ачык билалбайт,
Асманда айым таңданган:
Катындар жайы, кыз жазы,
Карачы бүгүн шаңданган.

## СЫР-ДАРЫЯ КЕЧИ
**(Гульчехра Жураевадан)**

Уясына Күн жакындайт,
шашпай гана
таажы сымал
чачын түйүп башына.

Терезесин булуттардын шыкаалайт
ийменгенсип,
илкий басып жашына.
Кечке жакын асман кийсе атласын,
Көрүнсүн деп суулар күзгү тосушат.
атлас асман, көк мөлтүр суу,
жалтырап ага берет,
тынбай агат,
түбөлүккө жарышат.
Күн да кетти уйкуга,
күңүрттөндү айлана.
Гүл ыраңдуу Ай да көктөн көрүндү,
жыбырашкан жылдыздар.
Сыр-Дарыямдын көйнөгүнө төгүлдү.

## ПОЭМАЛАР

### ЖАҢЫЛДЫН ЭЛЕСИ

Сабалап,
Жер бетине сапырып чаң,
Какшаалды солкулдатып миңдеген жан,
Кабардап,
Кандай укмуш
Жаңыл колу,
Жабыла
Келе жатат Чуркурап ал!!

Жаңылдын колу келет
Кайгы тарткан,
Жаңыл жок
Арасында жайдак атчан.
«Айрылдык мырзадан!»–деп өкүрүшөт,
Айылга сөөгү келбей тулпарга арткан...

Жаңылдын колу турат
аттан түшүп,
Найзасын боорго таяп
аза күтүп.
Дүңгүрөп чыккан үндөн:
«Эсил кайран!»
Адам түгүл,
Айбандын жүрөгү үшүп...
Кезинде,
Жаңыл мырза төрөлгөндө,
Кыз келип

Эр ордуна бөлөнгөндө,
Жаңылып,
«Кыз артынан уул келсин !..» деп,
Коюшкан атын жакшы жөрөлгөгө.

Анда да,
Бүгүнкүдөй хан атасы
Эчен күн төрдөн турбай
жатып калган.
«Тукумсуз өтөт деген
Ушубу» деп,
Кайгынын тереңине батып калган...

Даам татпай койгондугун
угуп ханыша
Колуна чөйчөк алып
басып барган.
«Дүйнөдө туяк көрбөй
өткөндөр көп,
Кыз деле тукум го»,–деп
көңүл алган...

Хан ата
Калың элин жыйнатып ал,
Ханышанын кадыр-көөнүн кыйбагандан,
Элине жар чакыртты эрте туруп,
Сооротуп өз жүрөгүн ыйлагандан:

–Кыз эмес,
Жаңыл Мырза туулду бизге,
Эр кийимин кийгиземин
эрке багып.
Кимде-ким
Кыз атасы Жаңылымды,

Күнөөлөйм
Суроосу жок башын алып!
Жалпыңар жети күнү
тойлогула,
Жылтырап
Ирегеден майлар агып...

Ушинтип,
Жаңыл кыздын хан атасы,
Табигый жаралышка согуш ачкан.
Эркелеп,
Жаңыл Мырза эркин өсүп,
Аралап тоо-токойдо жаасын тарткан...

Хан ата,
Тагдыр менен таймашасың,
Өчөшүп,
Өмүр менен арбашасың.
Алмаштың кыздын киймин
Эр киймине
Канткенде,
Кыз жүрөгүн алмашасың?!

Жаңылды
Ата байкуш уулдай туткан,
Бүктүшүп бүгүн төрдө
ыйлап жаткан.
Жалгызын
Тирүү колго түшүп кеткен
«Өлдү!»–деп угуздуруп муңга баткан...

Чынында,
Жаңыл Мырза качан өлдү,

Ким көрүп,
Анын сөөгүн кимдер көмдү?..
Өлбөгөн
Бул дүйнөдө болот бекен,
Эгерде өлөөр болсо Жаңыл өңдүү?!
Ким билет,
Жаңыл Мырза качан өлдү,
Өлгөнбү өзү колго түшкөн күнү?..
Болбосо
Атып салып ал Түлкүнү,
Армандуу
Аза күтүп жаткан түнү?..

–Өлгөн!–дейт,
Жаңыл Мырза жаздын түнү
Саргарып
Бүгүн кагып жашыл гүлү,
Алтымыш барып калган
Калматайга.
Соогатка
Токол болуп барган күнү.

–Өлгөн!–дейт,
Жаңыл Мырза жаш күнүндө,
Жоо жарагы колго тийген
жай күнүндө,
Кайрылбай
Кете берип балдарына
Ал өзүн
Жара тартып жар түбүндө.
–Жок дешет,
Жаңыл Мырза – карып өлгөн,
Тагдырдын

Буйругуна ал да көнгөн,
Ар дайым күүгө келип куңгүрөнгөн
Ак кайың
Бейитине анын өнгөн...

Ойлоном,
Жаңыл Мырза өлгөн жайын...
Табышмак болуп барат өткөн сайын.
Сыр катып,
Куңгүрөнбөй айтып берчи
Бар болсоң,
Бейитине өскөн кайың?..

Жаа тартып,
Жайдак атчан Жаңыл өткөн,
Хан ата
Калкы менен конуп көчкөн,
Жерлерге
Жолоочулап көрөлүчү,
Жолугаар бейит бизге кайың өскөн...

***

Сен белең,
Сыр бешиги Какшаал жери,
Күттүңбү,
Күтпөдүңбү билбейм мени.
Кылымдын кыясынан из кубалап
Кызыгып келе жатам издеп сени.
Тоолоруң томсорушат кабак чытып,
Тоготпой турушабы,
Айтчы деги...

Баш ийем,
Баатыр кыздын баба жери,

Барыктаган
Балдарыңдын мен да бири,
Жаңылың жаа тартыптыр жайдак атчан,
Болбоптур
Эр-азамат анын теңи.
Жаңылдай
Кыз берген бул дүйнөгө,
Жактырбай турасыңбы эми мени...
Жаа тартпайм,
Атым да жок жайдак минген,
Ак келте, ар кескен жок карууга илген.
Өнөрүм,
Өкүм сүргөн өзүмдөгү
Ой кечип,
Сыр кубалап калем чийген.
Тагдырым энчи бөлүп арнаганда
Таалайга ушул кесип мага тийген.

Кырларың кыналышат кырка тартып,
Кылактап кызыл түлкүң белден качып,
Аска коо,
Аймыгыңа күүсүн чертип
Аралай
Шамаал согот желе басып.
Кыргыздын
Кыраан кызы жүргөн жерге,
Кылымдар кеткен экен сырын катып...

Түбөлүк ак мөңгүдөн куржун артып,
Турасың Кашаал тоосу кербен тартып,
Бешигиң кылымдардын терметкен сен,
Бейити
Кайың өскөн бербейт айтып.

Кайгырып,
Калың эли көмгөн болсо,
Капырай,
Калдың экен көрбөй кантип!..

Эмне үчүн,
Токой турат үнүн баспай,
Эмне үчүн,
Талааң жатат гүлүн ачпай?..
Сур булут асманыңда удургуса
Сурданып,
Күнүң калат нурун чачпай.
Уюлгуп,
Чаңды орнуп куюн чыгып
Уйпалай,
Өткөн экен изин таштай...

Кайсы коо, кайсы жерге кайың чыккан,
Какшаалда анын үнүн кимдер уккан?..
Айтсаңар,
Ак ылаачын, албан куштар
Эркелеп,
Тоо койнунда эркин учкан...
Койкойтуп
Мойнун бурат тотулары
Кооздонтуп,
Көйнөк кийген табигый уздан.

Жаңыл кыз сайран курган ушул токой,
Сабыр эт
Үнүң басып бир аз токтой.
Күнү-түн
Күңгүрөнүп тыным албай

Күйүттөн калган белең кызың жоктой,
Болбосо,
Бейит изин жашырмакка
Кайыңга кошулдуңбу үнүн коштой?..

Эзелки эски токой
  айтчы чының,
Капчыгай катып турат
  кимдин сырын?..
Кол булгап
Кооз жүгүн артып алып
Коштошту,
Сени менен канча кылым?..
Өткөндүр,
Эчен булбул акын таңшып
Өкүнүп турасыңбы эстеп ырын?..

Тоо, токой, боз топурак
Тигил талаа,
Кулак сал,
Кайрыламын бүгүн сага!..
Жазылып

Томдор калбай элибизде
Сен болсоң
Тарых бети жалгыз гана,
Терметесиң,
Бешигиңде ата-бабам,
Кайрылам сенден башка кимге жана?!

О, тагдыр,
Калың токой шыбыр какты,
Эзелки эчен кайрык күүсүн тартты.

Тоңкулдак
Тыным албай тарсылдаткан,
Козголбой
Коңулунда кулак салды.
Чыйралып чылбыр сындуу бүткүл денем
Элөөрүп,
Эт жүрөгүм согуп калды…

* * *

Жалбырагы жарашыктуу желбиреп
Жанатадан карап турган мелтиреп,
Көрктөн кетпей көп өмүрүн өткөргөн,
Эски чынар
Эпке тилин келтирет:
– Билбейм кызым,
Жаңыл кайда өлгөнүн,
Жомоктоюн
Кантип аны көргөнүм…
Тагдырыма,
Бир мезгилде төрөлүп
Бир четине бул токойдун өңгөмүн.

Энем токой
Эртели-кеч бөпөлөп,
Бой көтөрдүм
Күндөн-күнгө көкөлөп.
Жай мезгили жагалданып туруучу,
Жашыл чөпкө учуп-конуп көпөлөк…

Көп эле жан,
Көп бала ойноп келүүчү,
Айланамдан байчечекей терүүчү,
Арасынан,

Алда кандай бириси
Ойлуу келип,
Ойлуу отуруп кетүүчү...

Ойлуу десең,
Кээде келчү эртелеп,
Боз күчүгүн
Кежеңдетип жетелеп.
«Ал, эле ал!»
Айланага чуу салып,
Аралай чаап баарыбызга эркелеп.
«Жаңыл, Жаңыл!»
Тоо жаңырып калуучу,
Аркасынан бир канча адам энтелеп...

Кээде келчү
Жайдак тайчан чапкылап,
Жаасын тартып
Жалбырагы аткылап,
Жарашыктуу жашыл сөйкөм үзө атып
Жайнап учкан
Карга, куштар азчылап...

Мен таарынып калганда
Жаңыл Мырза
Жайдар басып келүүчү,
Күлүмсүрөп
Күнөөлүмүн дегендей
Бутагыма
Гүлдөр терип иличү.
Өзү дагы
Гүлдөн сөйкө тагынып,
Ойноп жатып бир оокумда кетичү...

Жылдар өтүп,
Канча жолу жаз болду.
Жайдак аты
Жагалданган ат болду.
Боз күчүгү
Тайган аталып
Илбирс алган,
Теке кууган ит болду...

Бирге өстүм,
Жаңыл менен теңешип,
Жаңыламын,
Кайда ага теңешиш.
Менден көрктүү,
Менден сулуу чоңойду,
Нурдуу көзгө
Кырдач мурун келишип.
Канча сулуу мактанса да менсине,
Кала турган бир жеринен кемишип...
Сулуу кызга
Бойго жеткен гүл сымак,
Жуучу келбей
Хан атадан кол сурап,
Эмнегеди,
Багындырып алмака,
Баатыр келчү
Кара түмөн кол курап.
Ишенбесең
Капчыгайдан сурагын,
Жоо чубаган кара таман жол турат...

Кулдук уруп

Куда түшпөй Жаңылга,
Жигит келчү
Жылкы тийип аралап,
Бейкут жаткан жазыгы жок элине
Бүлүк салып

Жаш жүрөгүн жаралап.
Мына ушинтип
«Күйөөчүлөп» келгенди,
Жаңыл турчу
Жаасын тартып кубалап...

Тоо гүлүндөй,
Тоо койнунда Жаңылдын,
Эрке өсүп
Мерген чыккан «күнөөсү»...
Ушул турган,
Калың токой экөөбүз
Кайгысынын,
Бактысынын күбөсү!...

Эске түшөт:
Эл жайлоодо эрте күз,
Жаңыл келди,
Коюу тартып кара көз.
Көпкө турду
Колдо гүлүн кармалап,
Талдагандай,
Таппагандай айтар сөз.

Бир оокумда:
– Жашыл токой сырдашым,
Курбум сенсиң,

Бирге өскөн чынаржан.
Кимге айтамын,
Ичимдеги дартымды
Билесиң го,
Мен алысмын кыздардан...

Кечээ болду
Бир айылда кызык той,
Кыргыз, казак бардыгынан чогулду.
Кемегеде,
Казан-казан эт бышып,
Эчен ирик,
Канча бээлер союлду.

О, Чынарым,
Жалгыз өзүң билесиң,
Ушул күнгө –
Мен сүйүүнү билбегем.
Канча жигит,
Хан балдары жүрсө да
Эч бирөөнү
Мен көзүмө илбегем...
Кечээ көрдүм
Эр-азамат Түлкүнү,
Келишимдүү,
Жарык маңдай, күлкүлүү.
Өкүнөмүн
Кыз кийиминде кылактап,
Турбаганга
Мен тагынып үкүнү...

– Хандын кызы
Эрке өскөн алчактап,

Какшаал тоодо
Ээн жүргөн дардактап,
Эркек чалыш,
Эр мүнөздүү дегендей,
Аста карайталдыртадан жалтактап...

Калмак, кыргыз согушунда уккамын,
Түлкү баатыр жоону сүргөн кабарын.
Кытайдагы кызыл-кыргын майданда,
Кырдан көргөм кыргый сындуу караанын.

Атта сындуу,
Жоого сүрдүү жигитти
Жакын жерден көрбөгөмүн жамалын.
Эр намысы,
Эли сүйгөн баатырды
Бир көрүүнү көңүлүмдө самадым...

Айтчы, Чынар,
Бул эмине өзгөрүү:
Көз алдымда
Ал Түлкүнүн көздөрү.
Кубалашып,
Кулагыма келишет,
Күлүп айткан кермеги бар сөздөрү.

Ойлор учуп оболонуп зымырайт,
Ойноо жүрөк булкуп согуп чымырайт.
Кайда барсам караанына ээрчитип,
Кандай неме
Анын атын шыбырайт?..

Алда кайдан
Аземденип күү чыгып,

Сайран курат
Бүт айлана жаркырап.
Бирок,
Кээде эт жүрөгүм кысылат,
Кабак чытып,
Кайра күнүм бузулат,
Саймалуу гүл
Жашылданган көңүлдө
Санаа чегип
Саргайыңкы кубулат...

Билбейм, Түлкү жактыргандай көрүндү,
Чындап эле элес алса өзүмдү,
Келээр бекен куда түшүп кол сурап,
Кереметтен келечекте өмүрдү.
Же келеби «Багындырып албасам,
Баш бербес» – депайдап алып өлүмдү?!..

Деген Жаңыл
Улутунуп үн баскан,
Уясына
Узун кирпик күн баткан.
Жаңыл экөө
Бирге санаа чеккендей,
Боз тайганы
Кебелбестен бул жаткан.

* * *

Капырай,
Кыз тагдыры кылдан ичке,
Кылымдап,
Кыздар сырын каткан ичте
Жаңылдай таалайына кол созбосо,

Созгондор болгон бекен мурда бизде?!
Кыргызым,
Ала-Тоодо конуп, көчкөн
Эзелден
Найза кармап баатыр өскөн,
Уулу эмес
Кыраан чыгып кыздары да
Жаңылдай,
Кыз Сайкалдай нечени өткөн.
Бирок куда түшүп барышпастан,
Кыз каада урматташып алышпастан,
Багынтып баатыр кызды алуу шарты,
Кол курап чабуул жасап намысдашкан...

Кыргыздар,
Кызык белем ал кезекте,
Сүйүүнү
Кур намыска арбаштырып,
Байлаган
Күлүк аттын көкүлүнө
Кебезди,
Найза учуна алмаштырып...
Жаңыл кыз,
Эрдик кылган колдо жебе,
Түлкү да,
Мезгилинин уулу эле,
Көзүнө тебетейин баса кийип,
Көрүнөө
Күйөөчүлөп келбейт дебе...
Балбылдап,
Махаббаты жанган менен
Намыс! – деп,
Өлүп кеткен далай немең.

Жаңылдай,
Кызга кылбас сый-сыпатын
О, чиркин,
Эр намысың эмне элең!..
Какшаалым бетиң тырмап аткан октор
Куйкалап бетегеңди жанган оттор,
Келген бейм кезегинде сандаган жоо
Кан жутуп,
Кара таман ушул жолдор,
Жеңилип,
Жер жытташып далайлары
Жетпестен
Калган белөм сунганколдор.

Эр десе,
Эр намыска келген экен,
Кыз намысы Талаада жаткан бекен?!
Кыздардын асылына жоого аттанып,
Акылдан
Ал жигиттер шашкан экен!..
Айгышкан,
Эрегиште алалбаса
Амалдап кыз паанайын баскан экен.
Жайнаган
Жазгы гүлдөй Жаңыл кызга,
Жалынып,
Куда түшүп барышпады.
Эркелеп,
Тоо койнунда эркин жүрсө,
Эмнеге,
Эрке бойдон алышпады?..
Эченди өкүндүрүп,
Ойго салган

Эчакы эски доордун табышмагы...

* * *

Санаа чеккен
Жаңыл көзгө көрүнүп,
Мен да калдым
Терең ойго чөмүлүп.
Сөзүн улап,
Чынар үнү жаңырды,
Тунжураган
Менин оюм бөлүнүп...
Ошол күндөн
Мен Жаңылды көрбөдүм,
Жапа чегип,
Жалгызсырап көнбөдүм.
Канча жылдар
Караан, ээрчип, жол карап
Кайгы чегем,
Же артынан өлбөдүм...

Тээ тетиги
Жондо отурган таскара,
Талаа-түздөн
Тарп издеген ач кара,
Жаңыл өлдү!
Жар түбүндө, дегендей
Шыбыр кылган бир кезекте өз ара...

Калп айтасың!
Жаңыл кантип өлсүн,– дейт
Өтүп жаткан
Кыркаар тарткан көп турна.
Балким анын билгендери бар чыгар
Барып сура,

Башты салып сен турба.
Ээ, таскара!
Көргөн белең Жаңылды,
Айтчы мага,жебей туруп жаныңды.
Какшаал тоонун кабыланы кайран кыз
Кайсы кезде,
Кайсы жерде кабылды?

Жаңылды мен ит агытып, куш салган
Токой ичи, тоо бетинде көргөмүн.
Ай чапчыган азоо минип, жаа тарткан
Айыгышкан,
Жоо бетинде көргөмүн.
Колго түшүп,
Кордук көрүп кайран жан
Качып келип
Жар түбүндө өлгөнүн...

Уккан белең,
Ээси кырсык көрөрдө
«ит качат» деп,
Эл оозунда айтканын.
Көргөмүн мен,
Жаңыл колго түшөөр түн
Өз үйүнөн
Боз тайганы качканын.
Асман тиктеп,
Улуп-уңшуп ар күнү
Ара белде
Ачкадан өлүп жатканын,
Бирок анда
Түшүнбөгөн экемин,
Ал ичине
Кандай сырды катканын...

Ал күндөрдүн алыс кетти арасы,
Айыккан жок жүрөгүмдүн жарасы.
Ишенбесең бүгүнкүдөй чубатып,
Өткөрөйүн көз алдыңдан карачы.

* * *

Түлкү келет,
Ала-Тоонун боорунан,
Жүрөк үшүйт
Түмөндөгөн колунан.
Түк койбостой, түрүп айдап түгөнгүр,
Жылкы тийди,
Күнтийбестин жонунан.
Жаңыл угуп,
Жаны кейип жөнөдү,
Үзө түшүп,
Келген жоонун соңунан...
Азоо тулпар арыш таштап бурулбай,
Жаңыл барат жаасын тартып куюндай.
Катюшанын окторундай от болуп
Жебелери учуп жатат тыйылбай.
Калды бекен качкандардан карачы.

Эл чуркурайт,
Эстеринен шашкандай,
Тоолор көчүп,
Топон жүруп жаткандай,
Ат үстүндө
Жаш баладай Жаңыл кыз,
Сүрүң кандай!..
Сүрдөп адам качкандай.

Эр-азамат эчендери келишкен,
Эмнеликтен,

Чыкпайт эми жазганбай?!
Кокту ылдый коён качыш кылган бар,
Жар түбүнө аттын башын бурган бар,
Алакташып акылынан адашып
Алдын көздөй түшүп берип курган бар.
Сапырылып,
Сайга житип кетишти,
Алысыраак алдын тосуп тургандар.

Жаңыл келет
Жан бүткөндү тебелей,
Өзү тарткан
Жанып учкан жебедей.
Жалгыз өзү
Жаралгансып дүйнөгө
Кылчак карап,
Кымындай ал кенебей.
Жаанын огу
Жап жагыпап өткөндө
Жалт карады
Ким экенин элебей.

Арт жагынан
Тулпар келет аркырап,
Баатыр келет
Туулгасы жаркырап.
Түлкү баатыр
түшкөн экен
соңумдан деген
Жүрөк
Кетти белем зыркырап.
Аттын оозун
бура тарткан кезинде

Жер оюлуп,
Таштар кетти быркырап.
Жаңыл мырза жаанын огун узатты,
Алдыда атын,
Колдо жаасын үзө атты.
Чаң аралаш,
Жерден тургак Абылга
Жакын келип
Күлүмсүрөп сөз айтты:

– Жаш экенсиң,
Беттешүүгө алдан чык,
Жок дегенде,
Жол четинен жандай чык.
Кежигеден
Кере тартып жебеңди
Кежир чунак,
Бул жоругуң кандайлык?!
Баатыр болсоң
Башка жолу кездешкин,
Баргын бала,
Муну эсепке албайлык.

Чынында Абыл
Чыйралбаган жаш бала,
Жоо ичине,
Аралашкан аз гана.
Өз элинде
Оозго кире баштаган:
«Эр жетилсе,болот бизге баш-паана».
Келечегин
Көрө жатаар өлбөгөн,
Бирок,
Бүгүн беттешүүгө күч кана?!

Жаңыл кетти,
Абылды ээрчий каратып,
Ойго келди,ат үстүндө баратып:
Түлкү түспөл,ыйманы ысык жан экен,
Өсө борсин,
Өзичинде жаратып...

Айланайын,
Алакандай кыргызым,
Аймагыңда
Жаңыл нурдуу жылдызың.
Алыс жактанбаскынчылап жоо келсе
Алга барып
Намыс алпар бир кызың.

Булкапдайча,
Өкүнүчтүү согушуң?!
Өз кызыңдан
Кыргын таап турушуң?!
Эзелкиден
Энчиге алган немедей,
Жосуну жок
Жоолашканың курусун!..

Тоо жаңырткан
Чуулар калып артында,
Терге түшүп
Азоо тулпар алдында,
Боз тайганы
Тилин салып акактайт,
Күнү батып,
Түнү кирген салкында.

Жаңыл келет
Түн терметип толгонуп,
– Түлкү кайда,
Түнөөрүнкү ойлонуп.
Жанатадан,
Жаасын тарткан мырзалык,
Ал үргүлөйт...
Кыз жүрөгү ойгонуп...
Жылтылдаган жар түбүнөн от көрүп,
Жалт бурулду,
Жаасын кармай оңдонуп...

Тигилсе да,
Теги учуна жете албай,
Тизилишип
Ойлор турган желенин,
«...Жүрөксүнүп жүдөйсүңбү аялдан,
Баш көтөр!» – деп,
Үчүгө айткан жеменин,
Каптоосунда,
Какшык сөздөр жүрөгүн
Каарып өтөтокторундай жебенин...
Кайран Түлкү –
Кабарына албаган,
Кара түндө,
Капыс Жаңыл келээрин...

Үчүгө айтат:
Жаңыл айлы бүгүн чуу,
Таң алдынан аттанышат бары дуу.
Шашке ченде биздин колго жолугат,
Аккан кандар кетээр бекен болуп суу...
Жоо беттешип,

Салгылашкан майданда,
Карсылдашып,
Каруулары талганда,
Качырып биз капталынан кирели,
Жебе бүтүп,
Жаңыл чарчап калганда.
Кара долу,
Кармашканын көрөйүн,
Эр билеги,
Эпчий кармап алганда!..

Жаңыл баатыр
Жаңыл назик ургаачы,
Жебе бүтсө,
Жеңемин деп турбачы!..
Жар башында
Жанып турат чыректай,
Жакын барып
Кыздын колун сурачы?!

Жаңыл турат
Жардан карап үңүлүп,
Жалгай келген,
Үмүт жиби үзүлүп.
Жар астынан
Ачуу сөздөр угулса,
Жаш жүрөгү жараланат түңүлүп...
О, Үчүгө!
Кайнага бол, басып бар?..
Балким Жаңыл басып келээр жүгүнүп...

Махаббаты
Нурун төксө чачырап,

Кызкалдактай
Кыздын гүлү ачылат.
Жайдар күлүп,
Жаңылына барбастан,
Жар түбүнө
Түлкү баатыр жашынат...
Кур намыстын
Кулу болуп келет да,
Эми неге
Кубарыңкы басынат...

Сүйүү келип
Жаш жүрөгү албырып,
Өзү барып,
Сүйлөшүүдөн ар кылып,
Жаңыл турат
Жар башында жабыгып.
Бакты ордуна

Махаббатын зар кылып...
Жаркыраган,
Жайкы күндөй кабагын
Кара түндө,
Жабык бою кор кылып.
Жоктон чыгып –
Жоболоңдуу боз тайган,
От жакалай
Жетип барды жыт алган.
Ойлуу отурган,
Түлкү баатыр селт этип:
– Канчык ити келип калды, бул кайдан?!

Эзелкиден,
Кечиримдүү ургаачы,

Эрегишип,
Сен Түлкүгө турбачы?..
Эки ооз айткан сөздөрүнө теригип,
Кечирилгис
Күнөө өзүңө кылбачы?..
Баатыр өтсө,
Баркың билбес башкалар,
Балбылдаган
Махаббатың кыйбачы?! ...
Канчык атым өчпөс экен! – дегендей,
Кабаарыңкы эриндериң кыбырайт...
«Кош бол сүйүү,
Кордоого мен чыдабайм!» –
Жаңыл Мырза,
Жаасын тарткан кобурайт.
О, шум дүйнө,
Шумдугуңа карачы!
Окко учкандар
От жанында тыбырайт...

Көктө Айдын көзүн атып салгандай,
Тунуп калды көрүнбөстөн айлана...
Жаңыл Мырза өзүн атып салгандай,
Туруп калды көкүрөгүн кармана...

Капалыкты кабагына илбеген,
Көздүн жашы эмне экенин билбеген,
Жаңыл кыздын төштөрүнө төгүлүп,
Агып жатты кирпигинен ирмеген...

* * *

Түлкүнүн кунун кууган азаба кол,
Түмөндөп келе жатат бербестен жол.

Жаңылды тирүү колго түшүрмөккө
Камдашып акылмандары амалдуу тор:

«Күч менен Жаңыл кызды алалбайбыз,
Теңдешээр эр азамат табалбайбыз.
Бетпакты амал менен кармабасак,
Калың кол кыргын болуп карайлайбыз.

Түлкүнү аябастан кара долу,
Кан кечип
Кара түндө өткөн жолу,
Кездешип
Келе жатып ал Абылга
Кетиптир сыры бардай тийбей колу.
Абылга
Дагы ырайым этээр Жаңыл,
Ак-Сайда
Бура жолдон кармашалы.

Бекитип, мына ушундай убаданы,
Калың кол Какшаал көздөй жүрүп калды...
Түмөндөп келе жаткан жоо кабарын
Жаңыл да бейпил жатпай угуп алды.
Жоо дагы, жоболоңдуу эчак келип
Белгилүү бурулушта бугуп калды...

Күн чыга жар чакырып, ураан таштап
Адамдар ат үстүндө колдо жарак
Казатка аттанышты Какшаал колу,
Жаа тартып, жайдак атчан Жаңыл баштап.

Аттардын дүбүртүнөн кулак тунуп,
Арсылдап айылдагы иттер улуп,

Жай таппай коноoруна жер бетинен
Сабалап салпаңдашып куштар учуп.
Тулпарлар туягынан майдан болуп,
Калың чаң асманга учуп сапырылат,
Суу бойлоп суйсалышкан кырчын талдар
Энтипш эпкин согуп жапырылат.

Бурулуш
Жардан өтө берген кезде
Жаш жигит жандай коюп тизгинди алды,
Кылычын сууруп алган Жаңыл Мырза
Кылчайып карап алып кайра салды...
Түлкүнү жексен кылган Жаңыл Мырза,
Капырай,
Жаш балага колго түштү!
Демейде ай чапчыган азоо тулпар
Ал дагы,
Аста басып жолго түштү...

Адамдын акылдары айран болду:
Эмне үчүн Жаңыл Мырза колго түштү?..
Алдыда азоо тулпар, жарак-жабдык,
Кайрылып салгылашпай сынап күчтү?!

Жаа тартып келе жаткан жайдак атчан
Капырай,
Жаңыл Мырза кайда кетти?!
Эч бир жан туралбаган ага каршы,
Эмне үчүн жаш балага жетелетти?!
Жаа тартып, найза салып, кылыч чаппай,
Калың кол чабуул коюп алгалашпай,
Тирешип эки жактан кол беттешип,
Кайрылып карсылдашып салгылашпай,

Кол башчы кол кетөрбөй колго түшүү
Тарыхта болду бекен мына ушундай?!

Дүрдүгө Жаңыл колу токтоп калды,
Кол башчы колго түштү
Кетти шашты.
Таянган баатыры жок алга барган,
Тарашып артын карай, кайра качты.
Сулайман удургуган кол аягын
Айкырып атып жатып араң басты.

Жаңылдын оң колундай эр Сулайман
Бир туулуп, бирге өскөн эгиз жандай,
Бейпилдик, сейилдикте, жоо бетинде
Эр жигит көлөкөдөй ээрчип калбай,
Телмирген,
Тентек көздүн терең сырын
Жаңыл кыз жүрө турган эске албай.
Балбылдап жанып турса жаныкда ал,
Башкага колун сунган сыры кандай?!

Чаптырды чабарманды кан атага,
Адамдын оюнда жок суук кабарга.
Чабарман жиниктирип минген атты,
Ордого араң келди эл жатаарда.

Жүрөгү жарылбайт го күйүнгөндөн,
Маңдайы айрылбайт го сүйүнгөндөн.
Хан ата катып калган шум кабарга,
Кайрылды көптөн кийин түңүлгөндөн:

– Какшаалдын ак шумкары тоскон торго
Айланып түшүп берсе өзү колго,

Өлгөнү Жаңыл Мырза түбөлүккө
Бекерден
Кайран эрлер кыргын болбо!..

Угузуп канша энеге, калың элге
Өкүрүп асаба кол аттан түшсүн.
Жети күн тою болгон төрөлгөндө
Жети күн элим эми аза күтсүн!

Деди да,
Ата байкуш башын салган,
Тунжурап
Бүт айлана тунуп калган.
Буркурап
Көк түтүнү ооздон чыгып
Орт алып көкүрөктө күйүп калган...
Хан ата,
Жаңыл менен кубаттанган
Жабыгып
Карган төөдөй чөгүп калган!..
Жер бетине ыңаалап бала келсе
Желпинип,
Адам чиркин кубанат го,
Күн бүтүп,
Жер астына адам кетсе
Муңканып,
Муңга батып муңаят го.
Кайтарып көз жаш менен алуучудай,
Какшанып алда кимден суранат го!..

Өлгөнгө көрк жараткан ыйлагандан,
Тирүүгө барк жараткан сыйлагандан.
Жаңылдай кыз өстүргөн Какшаал эли
Камыгып жол карашат кыйбагандан!

Ушинтип,
Калка журту кайгы жутту
Болжогон жети күнкү аза бүттү.
Баш кетсе баарынан да кыйын элге,
Калың эл хан атадан акыл күттү...

Хан ата
Басып келип мындай деди:
О, Журтум,
Тунжурайсың, күтүп мени.
Айтаарым
Найзаңарды бекем карма,
Кайрылып кабыланың
Келбейт эми!..

Айтты да сакалы ылдый жаш куюлуп,
Хан ата кайгы жутуп басып кетти.
Түтөтүп каңырыгын калың элдин,
Кайыштырып капталына батып кетти.

* * *

Жаңыл Мырза
Жандуу сенин элесиң,
Улам менин
Көз алдыма келесиң
Жайдак атчан,
Жаш баладай карааны,
Учкан куштай,
Улам тартып жебесин.
«Колго түштү,
Кор болот го», деген ой
Дүркүрөтөт...
Адамдардын денесин

Кандайлыктан,
Колго түшүп барасың,
Кабылдатып
Жүрөгүңдүн жарасын?..
Какшаал элиң,
Канша, атаң кайгыда,
Карматышып
Караан туткан баласын...
Карчыгадай,
Канат сермеп жүрчү элең,
Кайдан эми,
Эркиндикти аласың?!
Жетелетип,
Жерге башың саласың,
Кылчаң карап...
Кай бирлерде каласың
Кадыр билген курдаштарың калтырып,
Кайран Жаңыл
Кайда кетип барасың?!

Өпкө кагат,
Ээрчий карап Сулайман,
Эгиз өскөн,
Эрди кайдан табасың?!
Өлгөн кайра тирилгендей көрүнүп,
Окшош жанга оюңду сен бурдуңбу?..
Өткөн күндө Өз колуңдан үзүлгөн
Махаббаттын жибин улап турдуңбу?..
«Абыл өзү алаар...» деген ой менен,
Аттигин ай!
Алданып сен курдуңбу?!
Же болбосо:
«Мен турганда тынчтык жок,

Кетейин» – деп,
Колго түшүп тындыңбы?!
Ансыз дагы ачкасы көп тогунан,
Айыл аралап
Азганы көп жогунан,
Алсыз элиң аргасынан айрылса
Ал тынчтыкты
Алат кимдии колунан...
Тынуу кайда,
Жаңыл баскан жолунда...
Жайдак атың,
Жарагың жок колуңда...
Ашуу – дабан,
Эми кыйын жол келет.
Жакшы күндөр,
Калып кетти соңунда...

* * *

Кыргыздар,
Кылым сүргөн салтың кыйын,
Кеңешке,
Чогуласың курап жыйын.
Күч менен,
Баса келдиң,
Тартышкан
Ага-тууган, элдин чырын...
Туткунда турган
Жаңыл асыл кызың,
Түбөлүк жашай берет сүрүп кылым.
Камалган,
Капастагы кабылан шер,
Кайгырса,
Кимдер билет анын сырын!..

Аксакал
Эл бийлеген акылмандар,
Ал кызгакамдадыңар кандай тыным?..

Азадан чогулгандар айтат оюн,
Түлкүгө курмандыкка чалуу жолун.
- Жаңылдын кылбаганы калган жок
Зынданга таштайлы дейт байлап колун.
Капырай калчылдаган Калматай чал,
Соогатка сурап турат кыздынколун.

Эзелден улуу сөзүн сыйлаган эл,
Эби жок болсо дагы кыйбаган эл,
Тунжурап туруп калды оозун ачпай...
Чиркин ай,
Жаңылга ал болобу тең?!
Теңдешкен эр-азамат бириң албай,
Ушундай шум дүйнөнүн бириси кем!..
Мырзаны андан көрө атып салса,
Эр сөөгү эзелкиден кузгунга жем!..

Ушундай кыз тагдыры кыйынсың го,
Канткенде Жаңыл жатат чал койнуна?!
О, Жаңыл, өлсөң боло мындан көрө,
Асылып желбоо салып сен мойнуңа!..

«...Түлкүнүн канча баатыр кусуру урду.
Жалгандын жазасы экен кантейин» – деп,
Какшаалдын кайран кызы Жаңыл турду...
Кубалап,
Куюн болуп махаббатың,
Жалтанбай,
Жарга тийип

Сындыңбы сен?..
Жаралуу жаш жүрөгүң махаббатсыз
Жабыгып чалга моюн сундуңбу сен?!
Теңине баш кошпосо аял корсуң.
Эр аты болгондуктан эркек зорсуң...
Эркектей эркин өскөн Жаңыл Мырза
Канткенде сарамжалдуу катын болсун...

Баасы жок колдо болсо кызыл алтын,
Баатырды алыстан көр угуп даңкын.
Дегендей Жаңыл бүгүн көптүн бири,
Алжыган чал билеби анын баркын...

Жаңылга жан келбеген жаа боюнча,
Тийбеген найза учу назик этке.
Жалдырап махаббаты жанган менен,
Жетпеген жигит эрди сулуу бетке.
Капырай,
Камчы ойнойт изин салып,
Ачынтып асыл жанын ачуу кепке...
Көргүм келбейт
Калматайдын камчысын,
Жаңыл сенин
Көз жашыңдын тамчысын!

Көргүм келбейт
Көлөкөлүү күндөрүң,
Көзүн кысып,
Турмуш сага күлгөнүн...
Бала эмизсе
Коломтонун жанында,
Жарашабы баатыр өскөн Жаңылга?!
Турмуш сенин
Жылаңачың ушунда,

Көшөгөлөп,
Жапсаң кайдан катылат!..
Өзү келип,
Өкүнүчтүү сырлары
Сүрөт болуп
Көшөгөгө тартылат...
Кезинде Жаңыл минген азоо тулпар,
Келишти жылкы ичинен бөлүп айдап.
Аган да аксакалдар кесими бар,

Союуга Түлкү ашына атай арнап.
Тулпарды,
Канаттуудай кайран малды,
Салышкан ат мамыга аза байлап.
Эртеле Түлкү Үчүгө ашын берет.
Энтелеп кабарчылар шашып желет...
Тулпардын жайын уккан байкуш Жаңыл,
Түнөрүп түн жамына басып келет...

Мөлмүлдөп агып турган аттын жашы.
Жаңылдын жүрөгүнө бекем батты,
Жаныбар окуранып үмүттөнөт.
Катүгүн кантип эми Жаңыл качты?!
О, чиркин, Жаңылыңдын курсагында
Жаралган жандуу нерсе туйлап жатты...
Көңүлү бузулган жан качууну ойлоп,
Шашкандай Жаңыл Мырза ичин басты...
Кучактап тулпар мойнун өксөп туруп
Бурулуп курган Жаңыл басып кетти...
Эртелеп шымаланган бир топ жигит
Тулпарга бата тилеп, башын кести...

* * *

Жылдар өтүп тагдырына баш ийип,
Бала төрөп, эмчек берип сүт ийип.
Балкый дене энеликтин мээринде,
Балканактай уул менен кыз сүйүп.
Өйдө-ылдый өкүнүчтүү дүйнөдө,
Жаңыл жүрдүбирде өчүп, бир күйүп.

Жайлоо кези, жайдын ысык айында,
Абыл келди ат кошчулап жанында.
Суусар бөркүн баса кийип чекеге,
Сөз узатып тийишкендей Жаңылга...
Конок келсе бүлүк түшкөн салтыбыз,
Коюн союп, же чайына камылга.
Кызыл жоолук кыргый мүчө Жаңылга
Кызуу көңүл кызыкпастан турабы...
Көңүлү өсүп көөп турган жаш Абыл,
Көйрөңдөнүп дагы сөзүн улады:
«Эчен жылы зериктиң го жеңеке,
Өнөрүңдү көрсөткүн»,– деп сурады.

-Билбейсиңби, колум күчтөн тайганын,
Кайран Жаңыл картаң чалга барганын?!
Жаңыл Мырза жар алдында ал түнү
Түлкүнү эмес өзүн атып салганын!..

...Кимдер билет,
Жаңыл Мырза,
Жаңыл кыз
Бирге туулуп бирге жүрүп өскөнүн.
Кырсыктуу түн
Кызыл жардын астында,
Кызы калып,

Жаңыл Мырза өлгөнүн!..
Жаңыл калды
Жаагын таяп муңайып,
Көздүн жашы кылайып.
Өнөр кантип унутулсун дегендей,
Абыл турду кайра-кайра суранып:
«Тартып көрчү,– жаасын берип колуна,
Чын айтканын көрүп туруп тыналык»

Жаа алкагы алаканга тийгенде,
Дүр дей түштү, ысып кетти денеси.
Көз алдынан учуп калды шуулдап,
Кечээ гана тартып жүргөн жебеси.
Өрт күңгөндөй өкүм сүрүп мырзалык
Өзү келип өткөн күндөр элеси...
Азоо тулпар арыш таштайт бурулбай,
Жаңыл барат жаасын тартып куюндай.
Боз тайганы тулпар менен жарыша,
Келе жатат үргөн үнү угулбай...
Жанып кетти Жаңыл Мырза көздөрү
Өңү экенин түшү экенин туюнбай...

Жаңыл барат жан бүткөндү тебелей,
Өзү тарткан жанып учкан жебедей.
Бура жолдон,
Кара жоодон жалтанбай,
Бул дүйнөгө жалгыз келген эмедей...
Калың токой Какшаал жерин аралайт,
Калматайдын үйү экенин кенебей...

Алды жактан жоокер качат шашкандай,
Түлкү чуркап, кыргый учат асмандай...
Өткөн күндөр канатында баратып,

Өкүм сүргөн оюн араң баскандай,
Жаңыл Мырза,
Ал Абылга кайрылды
Камакта ойдун каалгасын ачкандай:

- Койгун десем,
Кайним тилим албадың,
Калган сындуу бул дүйнөдө арманың.
Көрсөтөйүн, сен көрбөгөн өнөрдү,
Толук бергин Жаңыл Мырза шайманын.

Жар чакырткын,
Көрбөгөндөр калбасын.
Жаңыл Мырза,
Ким экенин баамдасын!..
Ат үстүндө жаа тартып берейин,
Шырдакбектин
Боз жоргосун камдасын!..

«...Койгун Абыл,
Жаман жорук коштобо,
Камактагы кабыланды козгобо!..
Жарак тийсе,
Жаңыл Мырза колуна
Түлкү менен Үчүкөгө окшобо!..»

«Кабыланың,
Ала мышык болгон» – деп
Абыл турду,
Карыларга бой бербей...
Мырза жигит
Коркобу деп аялдан,
Куру намыс кургуруңду кой бербей...

* * *

Жайкы күн,
Жаркыраган нуру кандай,
Жадырайт бүт айлана кубангандай.
Эртелеп,
Жыйылган эл толкун сындуу,
Энтелеп,
Балдар жүрөт кур калгандай.
Божутуп боз жоргосун Шырдакбектин,
Бөрк кийген,
Жаңыл келди сурдангандай...

Аралап эл арасын шыбыр-күбүр,
Ар кыл ой жүрүп калдышектенгендей...
Алдыга жулунгандар баятадан,
Аярдап,
Артын карайт четтенгендей.
Капарына
Тургандарды албай Жаңыл
Кайрылды,
Ал Абылга кекенгендей:

- Хан деген,
Карабектин уулу сени,
Көккө ыргыт,
Тебетейиң чыгып бери!
Ыргыткан тебетейди элек кылып:
«– Көргүң!» – деди,
Абылга барып эми...

Кармалап тебетейин Абыл турду...
Мынакей,
Тамашаны Жаңыл курду...

Жебесин колундагы оңдой кармап,
Абылдын тунжураган оюн бурду:
Терметип,
Тегеретип эчен ойду,
Жаңыл кыз,
Түшүп берген сага торго.
Мынакей,
Жаңыл Мырза маңдайыңда,
Эр болсоң,
Түшүрүп көр эми колго!

Жаңылдын ким экенин таанытайын
Жашынбай,
Эр жигитче жаның корго!..
Жаңылга жан тең келбес, кимдер чыгат?!
Жаңылды,
Ким койдурмак эми сурап!..
Бороондойт,
Боз жоргодо кайран Жаңыл,
Калтаарбай,
Кандай адам каршы турат!..
Көксөгөн тамашаны көңүл сууду,
Эндиреп,
Эстен кетип көбү турду...
Туз татып калган жерге кан төкпөөнү
Ойлонуп,
Боз жоргонун оозун бурду...
Кайрылгыс,
Какшаал көздөй жолго чыгып,
Элпек жел,
Экиленип бетке урду...
Элпек жел,
Бара-бара шамал болду,

Жаңылдын көздөрүнө жашы толду,
Артынан жүгүргөнсүйт чыңырышып,
Балдары кала берген булгап көлду...
Эненин эбегейсиз жүрөк зары,–
Кар болуп борошолойт бөгөп жолду.
Эне чиркин,
Эне көңүл кылчаң карай,
Жүрөккө барган сайын уулар тарап,
Кошулуп,
Боз жоргодон аккан терге
Көл болуп,
Көздүн жашы агып барат...
Энени өпкө какканбөктөргөлөп,
Жөнөдү Жаңыл Мырза
Какшаал самап.

Мырзаны алга тартып, энени артка
Талашып,
Бара жатат эки тарап...
Мырзаны
Ак мөңгүдөн жака салып,
Токойдон тон жамынган
Тоолор күтөт.
Бөпөлөп,
Боорлоруна куш таппаган,
Заяпкер,
Заңгыраган зоолор күтөт...

Жарышкан өмүр менен,
Өзү менен,
Күрпүлдөп күчөп аккан суусу келет.
Токойго тогуз кайрык күүлөр чертип,
Толкуткан тоту куштар чуусу келет...

Жашыл төр саймаланган сансыз гүлгө,
Жадырап турган кези көздөн өтөт.
Жабдыктап килем салып төө-ботойго,
Жаңылдын айлы баштап көчтөр атөт..

Көркүнө Ала-Тоонун көлдүн боорун
Теңебей көздөн учкан Какшаал күтөт.
Жалгызын күндө тосуп, жол караган
Жашына барып калган,
Каншаа күтөт...

Жаңылды мына ушинтип жери күтөт.
Хан ата, кадырдаштар эли күтөт.
Эчакы өткөн күндөр эми келип,
Каректе каакымданат оттой түтөп...
Капырай,
Канат бүткөн сыяктанып
Боз жорго барган сайын алда күчөп,
Жапырат күлүк сындуу кулактарын,
«Жаңылдап!» –
Кимдер алган аны сүрөп?!

Боз жорго көздөн кайым алыстайсың,
Көөдөнгө көбүк чачып арыштайсың.
Жаңылдай элдин кызын ала качып
Жарышып сен кимдерди такымдайсың
Талашып тагдыр менен байгени сен,
Талыкпай марасына жакындайсың...

Боз жорго ала жүргөн байге аз беле,
Тең таштап төрт аягың закымдайсың,
Каакымдап көздөн учуп кете берсең
Кайрадан Жаңыл экөөң табылбайсың!

Эркиндик эчен жылкы эңсөө болгон,
Эми сен Жаңыл кайдан сабыркайсың...

Боз жорго, учкан кушка жеткирбедиң,
Билбеетен Күн чыкканын, кеч киргенин
Какшаалга жете келген мезгилинде
Көрдүңбү курган Жаңыл эчкиргенин!..

Туулган жер жүрөгүңдүн толтосундай,
Эритет элжиретип коргошундай.
Терметип телмиртет го суктандырып,
Тең келген бул дүйнөдө болбосундай.
Айрылсаң аргасыздан сен жериңден
Өксөйсүң өмүр кеми толбосундай...

Көксөгөн эркиндиктин күчү жеңип,
Көрүшөт жери менен Жаңыл келип.
Жер турат,Эли кайда...эмнеликтен?!
Кандайдыр бир ээнчилик көөнүн бөлүп..
Бозоруп,
Топо жутуп талаа турат
Кулпуруп торко кийбей чөбү куурап...
Жашылдуу жалгыз кайың көрүнгөнсүйт,
Качанкы калган тамда дубалы урап.
Жаш төгүп
Жаңыл барып, бек кучактайт,
Көрсөк бейм,
Мунун дагы сырын сурап.

Эркелеп,
Жел ойногон эски кайың,
Эмне үчүн,
Ээн турасың, айтчы дайның?..

Көөнөрүп көбү кеткен айланаңдын,
Өлбөстөй
Өкүм сүрүп турган жайың?..
Закымдап
Канаттуудай келе жатып,
Кайрылды
Муңга батып курган Жаңыл.

Бул кайың
Хан атанын ордосунда,
Калдайган
Калың айылдын ортосунда,
Канча жыл турган экен каадаланып,
Калыптыр
Куу талаанын олжосунда...

Жаныңда жадыраган гүлдөр кана?
Жаңырган айланаңда үндөр кана?
Жаркырап айың чыккан асманыңа
Ак чөлмөк кыз оюнду түндөр кана?..
Тигилген тегерете бадырайып,
Ак ордо, асабалуу үйлөр кана?..

Боюнда кашка суунун күркүрөгөн,
Шапар тээп, дуулап жаткан элдер кана?
Күндөрдүн көбү майдан түнү жортуул
Түпөктүү найза колдо эрлер кана?..
Шылдырап чач мончогу согончокто,
Шыңкылдап бээлер сааган келин кана?
Жайнаган эли менен, малы менен
Жадырап көркко келген жериң кана?

Кумар көз,
Кубандырган эр жүрөгүн

Куурчактай,
Жасалгалуу кыздар кана?
Мал менен жай талашып жер бетиien
Сабалап,
Самсып учкан куштар кана?!

Баш кетсе,
Баш аламан кептүн шору...
Эр кетсе,
Жоо аттанып элдин шору...
Какшаалга кан төгүлүпбүлүк түшсө,
Хан ата, калктын кызы –
Жаңыл жогу!..
Кайран эл,
Коңулдарга коён болуп,
Тоолорго элик болупбезген белем.
Болбосо,
Душман айдап кургак чөлгө
Көбү өлүп,
Азы калып кеткен белем.
Жери жок,
Калкта эмненин көргөн күнү?!
Эли жок,
Эрдин кандай болот сүрү?!
Эңсеген эл ордунажайдак талаа
Капырай,
Кандай болот Жаңыл күнү?!

Аттанып,
Жаңыл Мырза жолго түштү...
Көрүнбөй
Көзгө асман, жердин үстү...
Кайралап камчы салат боз жоргого,

Кандай күч,
Каакымдантып алып учту?!

Шамалдай бара жатып Жаңыл Мырза
Закымдап көздөн кайым кете берди.
Кылымдар кыркаалашып ээрчий карап,
Кыргыздар жомоктошуп келе берди...

Эл издеп эркиндиктин жетегинде,
Канча жер, канча жолду басып кетти...
Калдайып канат жайып турган түнгө
Жаркырап жанып барып батып кетти...

Жаңыл кыз –
Жаңыл Мырза бирге өстү,
Экөөнүн өмүрлөрү бирге өттү.
Багынган тагдырына Жаңыл кызды
Багынбай Жаңыл Мырза ала кетти...

Түн кетти...
Күн да чыкты...
Жаңыл кайда?..
Күрбөлбөй бара жатат алда кайда!
Эркелеп эпкининде нурлар ойноп,
Күн менен төрөлгөндөй күндө кайра.

## ТААЛАЙ

Жасанып күндөн күнгө жагалданып,
Тең өскөн теңтуш шаарым дале жашсың.
Мезгилге менменсине көрккө келген
Көчөңдө көңүл ачып күндө бастым.

Тизгинди жыя тартпай сага окшоп
Агартып саамайларым неге шаштым...

Кубанып кумарланып сенде бастым,
Кулпурган гүлүң жыттап кумар ачтым.
Сага окшоп көрктүү элем мезгилинде
Жаш күнүм жадыраган кайда качтың.
О, шаарым, күлүмсүрөп бой көтөрбөй
Айтсаңчы, жаштыгымды кайта каттың?..

Кезинде далай сонун гүлдөр өсүп,
Саргарды кызыл бураң түрлөрү өчүп.
Жакшылык, жамандыкты жүктөп салып
Журтуна мени таштап күндөр көчүп.

Узатып көчүн күндүн санай бердим,
Элесин ээрчий басып карай бердим.
Жамандык жүрөгүмдү жаралантса
Жакшылык кеткен сайын самай бердим.

Самайын жаштык күндүн айлуу түнүн,
Андагы кубулжуган булбул үнүн.
Дагы эле булбул ырдайт, ай да турат,
Ал түнгө окшободу неге бүгүн.

Самаймын көлөкөлүү бактын түбүн
Ыргалган жашыл шибер, сайма гүлүн.
Бак турат, гүл да жайнайт адатынча,
Бирок да саргарды го менин бүрүм.

* * *

Мен келгемин таалай үчүн жаралып,
Ашык болуп айланага каранып.

Жадыраган көздөрүмдөн нур чачып
Жагалданып жибек чачым таранып.

Балын татып барган сайын тамшанып,
Мен келгемин бул өмүргө таңданып,
Кызыктырып кырдан колун булгаса
Кызуу көңүл кыялдана назданып.

Күндү тосуп гүлдөр башын көтөрсө
Көк шибери көлгө толкуп турганы,
Суйсалышып жеңелерим чыгышчу
Суулук алып, сууга бетин жууганы.

Чагылышып күндүн нурун талашып,
Чамгарактап сууда көбүк туйлаган.
Тоо эркеси талымсына мөлмүлдөп
Булак жатса шылдыр кагып ырдаган,
Шаанисине жаш жүрөгүм кубанып,
Кумарланып кучак жайып жыргагам...
Жыргал күндөр аз болобу өмүрдө,
Саймаланып түрү калган көңүлдө...
Караңгыдан калкалаган сыяктуу
Жарык чачып жанып турган көзүндө...

«Дамбыр таш» – деп энекемди жүгүрткөн,
Кубангатмын жаз жамгыры төккөндө.
Баарынан да бала кездин жыргалы,
Шаан-шөкөт эл жайлоого көчкөндө.
Жаман тайым темингенсип калчумун.
Жорго салып боз уландар өткөндө.

Анда энемдин сулуу кези буралып,
Кара чачы соорусунда суналып.

Кайда жүрсө издеп барып жанына
Эмчегинен жыттаар элем кубанып.

Атам дагы ал кезекте жаш жигит,
Ат үстүндө укурукчан ойногон.
Бүгүн керсөң ташка минген абышка
Бул өмүрдүн кыскасына ойлоном...

* * *

Бала кез кетет экен оюн салып,
Өмүрдүн ууз сүтүн ууртап-татып.
Ал сүттүн даамы кетпей калат белем,
Жыл сүрүп барган сайын күчүнө алып.

Балалык кете берди оюн салып,
Сүрөтүн өткөндөрдүн көзгө тартып.
Келберсип келечекке сапар чегип
Турмуштун калың килем жүгүн артып.

Тартылган сүрөттөрү жылдар сүрүп,
Эскирбей элестери таасир берип,
Мыжыгып жүрөгүңдү солкулдатып
Кай бири кадимкидей көзгө келип...

Келишет басмачылар айыл тепсеп,
Өрттөшүп элди талап, канды кечип.
Адамдын муң-зарына чыдай албай
Силкинип аскалуу тоо, көчкү көчүп.

Кармашып сулуу эжемди атка салып,
Каракчы жолго түштү ала качып.
Бакырат чачын жулуп байкуш эне,
Алдастап арт жагында бара жатып.

Салаңдайт ат жалынан кыздын башы,
Чубалып жерге тийип олоң чачы.
Мендүрдөй жаап барат жер бетине
Аттардын туягынан учкан ташы.

Сапырып алай-дүлөй айлананы,
Алаамат кайдан чыгып кайда кетти?!
Элирип «энекелеп» уктай алгыс
Капырай бул укмуш да көздөн өттү.

Эзелден душман жолу – кызыл кандуу,
Эжемдин тоо койнунан сөөгүн тапты.
Жаралып, жаз гүлүндөй, боюн тарткан
Жаш сулуу жашылданбай бүрүн какты.

Экенин булак болгон көз жашына
Ошондо карай берип талган белем,
Эртелеп мунарыктап кайран көзүм
Кетирип кубатыңды алган белең.

* * *

Өтпөгөн ушул көздөн эмне калды,
Балбылдап согуш оту бизде жанды.
Жаркырап ачык турган калк кабагын
Кайгылуу кара туман каптап алды.
Муңданып, бирге өскөн курбуларым
Башына гүлгүн бойдон кара салды.

Көзүмдөн шорголотуп ысык жашты,
Кызарып жер бетине кандар акты.
Кылмышсыз курман болгон энелердин
Эмчегин аймалаган балдар жатты.

Душмандын таштап жаткан бомбасынан
Асманга чаң көтөрүп тамдар урап,
Энелер, бала өстүргөн балбан үйлөр
Чаңызгып күйүп жатты түтүн бурап,
Жалындап күйгөн оттун арасынан
Келаткан жалгыз караан көздө турат...

Ал басат, айланага көңүл бурбай,
Колунда ок жаңылып өлгөн бала.
Кумсарып түстөн кеткен сулуу ирең
Кыймылда буту баскан араң гана.

Тигилет алда кайда эне көзү,
Жүзүндө коркунуч жок кектин өчү.
Сурданган эне сүрү кандай күчтүү
Чегинет артын көздөй өлүм өзү.

Кезинде мунун барын көрдүң көзүм,
Андыктан кетирдиңби кубат күчүң?..
Эскирип кетсе дагы элес ээрчип
Эскерип кейинесиң эмне үчүн?..

* * *

Күндер өтөт турбайбы тынбай агып,
Өмүр өтөт экенсиң кербен тартып.
Менменсинет жер бети жалгыз гана,
Өчпөй турган турмуштун отун жагып.

Жүрөгүм эчен муңдуу күүнү чертти,
Ак сүтүн аймалаткан эне кетти.
Алдейлеп бөбөгүм деп эркелетип,
Куурчагым саймалаган эже кетти.

Мен эмес, эл жүрөгүн жаралантып,
Таңшыган булбул тилдүү акын кетти.
Көргөндө көңүл тойгон көзгө байыр
Көркөмдүү эчен сонун асыл кетти.

Күз көргөн кыраан чилде кыш да кетти,
Жаз көргөн жаркыраган жай да кетти.
Катарым жылдан жылга суйдаң тартып,
Капырай кадырдаштар кайда кетти?!

Кеткендер келе турган сыяктанып,
Көп күндөр көчө карап көксөй бердим.
Көрүнө турган болсо айкүр түш деп
Көңүлдүн көк чүкөсүн өкчөй бердим...

Издеймин, из кубалап, элес ээрчип,
Караймын дале болсо кайгы кечип.
Канчалык кадалсам да караан үзүп
Каакымдап сызып жатат жылдар эзип.

* * *

О, адамдар, кубанчыңа кубанам,
Таалай тилеп силер үчүн суранам.
Керегиңе жарабасам кээ бирде
Мен өзүмчө күнөөлүдөй уялам.

О, адамдар, өмүр тилейм баарыңа,
Көп ойлоном калбасам деп каарыңа.
Капаланып кай бирлерде таарынам,
Кара мүртөз кээ бир ичи тарыңа.

О, адамдар, сыймыктанам жакшыңа,
Мен өзүмдү тартуу кылам алдыңа.

Кезегинде көлөкөсүн түшүрдү
Көрө албастар көк жалбырак бактыма.

Ушакчылар ууландырды гүлүмдү,
Мезгили жок саргартты го бүрүмдү.
Жакшынакай жайнап күлүп турганда
Жабуулантты жаркыраган күнүмдү.

Изин салды ачуу сөздөр айтылган,
Турмуш келди оор жүгүн артынган.
Кабак бүркөп, кара чапан жамынып,
Капа деген ээрчип алды артымдан.

Эске салып мунун барын өкүнө,
Эми неге кайрыламын өзүңө?..
Бара жатып көлөкөңдү түшүрүп
Кеттиң беле жаркыраган көзүмө?!

Эстей берсең келе берет турбайбы,
Бүгүнкүдөй жакын келип алысы.
Канча жыргал, сонун күндөр өттү го,
Өкүнүчтүү эмес беле баарысы.
Кайгылуусу күчү калса көзүңдүн,
Бактылуусу неге болбойт дарысы.

* * *

Мен келгемин жарык үчүн жаралып,
Көзүм тойбой көркөмүнө каранып.
Жадыраган көздөрүмдө жарык нур
Өчүп барат күндөн күнгө карарып.
Мен келгемин бул дүйнөгө суктанып,
Жагалданып жазгы гүлдөй нурданып.
Күндө көргөн күндүн нурун талашып
Күүгүм келет күн артынан уурданып.

Мен келгемин жашоо сага жалынып,
Күлкү коштоп, күлүк сындуу чабылып.
Кур болбостой күндүү жолдо келатсам
Күүгүм келет күтпөс жерден кабылып.

Өмүрүмдү өкчөгөндөй колуңда,
Өйдө-төмөн басып алды жолумда.
Кайткыс болуп каптап алсаң караңгы
Кайран жаным бул дүйнөдө жогуң да...

Күнүмдү алсаң түнүңдү албай кезешип,
Жарыгы жок жашооңдон мен кечемби?
Тарттырганым кайра таап алалбай
Кара түндү каптап алып кетемби?!

Тоо тургансыйт калдайыңкы карааны,
Түбөлүк ал көркүн катып алабы.
Көбүк чачып миң кубулган дайранын
Күрпүлдөгөн үнү гана калабы...
Жылуу табын жиберсе да көктө күн
Сулуу жүзүн көшөгөлөп жабабы...

Убайлантып ууландырса санаамды,
Уч-кыйры көрүнбөгөн караңгы.
Түбөлүккө жарык менен коштошуп,
Эми сенин кучагыңда каламбы.
Же болбосо өкүм сүрүп өмүрүм,
Таң агарып таалайымды табамбы?

Өжөрлөнүп өмүрүмдү талашпа,
Өчөшкөндөй жүрөгүмдү канатпа!..
Көңүл калып көрүшпөсөм дегеним
Көшөрүп сен көөдөй түнгө каратпа!..

Өчпө жарык, өчпө жарык көзүмдөн?!
Өзөлөнүп зарлап сурайм өзүңдөн.
Өчпө жарык, өчпө жарык түнөрүп
Нурун чачпай калаар көктө күн өлүп.

* * *

Москвам, жарык сурап келдим сага,
Жандырып көз чырагын бергин мага!
Өмүрүн алысындап түр жайнасын,
Күүгүмгө күн уурдаган тапсаң даба.

Энедей мээримдүүсүң пейлиң кенен,
Кимсиң деп аты-жөнүн сурабайсың.
Баладай баарыбызга кулач жайып
Батырып бар жогуна карабайсың.

Курдурган улуу Ленин оорукана,
Кубанаар күндү күтөм сенден гана.
Караңгы кабак чытып карап турат
Капырай, эмне керек менден ага?!

Чубашкан коридордо азиз жандар,
Жүрүшөт бирин-бири жетелешип.
- Ачкыла жолду бизге паровозбуз,
Баладай доктурларга эркелешип.

Ачылсын жолу ылайым ушулардын,
Караңгы каптап турган артка чегип.
Өчпөсө көз оттору адамдардын
Илдетти илим күчү дайым жеңип!

«Көз берет, көрөмүн»,– дейт Кавказ кызы,
Серпилип үмүт коштоп сулуу кашы.

Жаркырап нур төгүлсө кара көздөн,
Кары эрип жазга айланар орус кышы.

Жужина ырдап коёт Суликосун,
Эстейт го туулуп өскөн тармал тоосун.
Балбылдап кайран көздүн шамы күйүп
Сулуу кыз алаар бекен көздүн жоосун!..

Дегдейт го кереметтеп келээр күндү,
Сендеги үмүт толгон жаштуу жүрөк.
Нур келсе таалай коштоп көздөрүңө
Какшатпай кабыл келип күткөн тилек.

Жаш кыздын оюн жигит бурган белем,
Караңгы колун тосуп турган менен.
Кеч курун обон салып сыртка чыкса
Кечикпей жигит келет Курбан деген.

Эки азиз сезим жибин байлаштырып,
Жылдызын табышкан бейм жүрөк менен.
Аттигин, келээр болсоң мен колумдан
Таалайды күрөп берсем күрөк менен...

Карасаң, бири кем го бул дүйнөнүн,
Чакырат коридорго кыз сүйгөнүн.
Көзүнө түшпөсө да жарык шоола,
Билгизип жүрөгүндө күн тийгенин...

Эстеймин эчаккы өткөн күндөрүмдү,
Санаасыз сайран куруп жүргөнүмдү.
Ойгонуп ойноо бала кыз жүрөгүм
Биринчи жаш жигитти сүйгөнүмдү.

Кезигип кереметтүү тоо койнунда,
Ээрчишип эрмектешип суу боюнда,
Келечек таалайыңа таасирленип
Кечинде шапар тээп кыз оюнда.

Жазганып, жаш жүрөгүң сыр катса да,
Күлкү ойноп, күүгүм талаш гүл бакчада,
Жаркырап жадырайт го бүт айланаң
Жашынып уясына күн батса да.

Айланып тагдырына өзү келген,
Тартынбай кароолуна конуп берген,
Мээлеген жүрөгүңдүн толтосуна
Мергенчи махаббатты кимдер жеңген!..

Жаркырап жазы маңдай жагалданып,
Күлүңдөп сырдуу сүйүү келгенинде.
Күн батып, кайра айланып чыкпачудай
Барыдан сүйүү муңдуу кеткенинде.

* * *

Шоола күтөт жалгыз гана биз эмес
Сексен беште байбиче да калтырап,
Тагдырыбыз кимибизге күн берип,
Кимибизге караңгыны калтырат...

Ай балалык, балалыкка дабаа жок,
Байбиче бал оорутуп кайгы жейт.
«Жанды кыйнап өмүр бүтүп калганда,
Көз сойдуруп кереги эмне сизге?» – дейт,
Он төрт жашта ойноо бала Нина кыз,
«Жарык керек жаш адамга, бизге» – дейт.

Капа болбой көптү көргөн байбиче:
«Рас, балам, жакын калды сапарым,
Өмүр өтпөс жаралбаптыр адамың,
Кете берди далай менин катарым.
Акыркы жол бардап карап жарыкка
Кош айтышсам арманы жок жатамын».

О, байбиче, сен тойбогон дүйнөгө
Мен тоёмбу жарымында жаш гана,
О, байбиче, сен эңсеген жарыкты
Эңсебейби тигил ойноо жаш бала.

Кайсыны айтам, караңгыда жашоо жок,
Көкүрөктө жанса да өмүр жалыны.
Теңдеши жок тегиз жандын баарына
Кымбат экен бул дүйнөнүн жарыгы!..

Мына бүгүн жарык үчүн күрөшүү,
Жалгыз гана өзүм анын күбөсү.
Жарык келбей каптап калса караңгы
Тайкы келген тагдырымдын күнөөсү...

Жүрөк туйлайт чыгуучудай кабынан,
Жарык сурап алда кимге жалынам.
Күткөн күнүм мынча оор сезилет
Капада өткөн канча күндүн барынан.

Минут эмес, саат кетип артынан
Сабалашып жылдар өтүп жаткансыйт,
Үмүт коштоп тоо башынан көрүнгөн
Кызыл күнүм кылчайбастан баткансыйт.

Тагдыр менен жетелешип караңгы
Шамалданып отумду үйлөп тургансыйт,

Долуланып ушул бүгүн артыкча
Өмүрүмдү экөө бийлеп тургансыйт.

Сүрткүлө! – дейт профессор чекемди,
Алка-шалка ал эмине тердеди?
Менден бетер, толгоо тарткан энедей
Жанын сабайт мага жарык бергени.

Экөөбүздү бир тилекке байлады,
Өчүп кеткен көздөн нурдун жеңиши.
Жан кейитип төрөлүүчү баладай
Кымбат экен, кыйын экен келиши!..

Бала келсе алты сандуу баркырат,
Күлүмсүрөйт бүт айлана жарылып.
Телегейи тегиз болот эмеспи
Күткөн жанга канча күндөр зарыгып.

«Бүттүк эми байлагыла көзүн» – дейт
Күн бүттүбү, түн бүттүбү билбедим.
Эңги-деңги эстен тайып жаткандай
Эч нерсени көңүлүмө илбедим...

* * *

Талашы бүтпөгөндөй таалайымдын,
Кыйноодо өткөрөмүн дале күндү.
Жаткансып чечекейип чегип бирөө,
Үн менен таң атырып келген түндү.

Төрөлүп өткөн күнү эмне келди,
Көрмөккө көзүмдү ачып врач келди.
Түрсүлдөп, тердик салган азоо тайдай
Баягы байкуш жүрөк туйлап кирди.

Айлана тунжурайт го сырын катып,
Билгендей жалгыз өзү кимдер жеңди.

Кыргызым бекеринен айтпаган кеп:
«Туулгандан турганына кубангын» – деп.
Ал күнү күн ордуна түн түнөрүп,
Түбөлүк калдыбы, дейм кайгыны жеп.
О, үмүт, сүзүлсөң да үзүлбөй сен,
О, жарык, жоголсоң да түңүлбөй мен,
Саруулап, сабырканып күткөн жүрөк
Кубансын, кучак жайып күлүңдөй кел?!

О, таалай, бүгүн мага жаркырап кел,
Телмирип тилеймин го зарыгып мен.
Көк шибер, көктөм кылып көңүлүмдү
Асмандын жамгырындай шаркырап бер?!

Калтаарып кармай калчу сыяктанам,
Таңууну көзүмдөгү ачкан колун.
Бирок да көңүл шашат токтоо бербей
Капырай табылгансып менин жогум!..

Жалындап кызарат го бүт айланам,
Өрттөнүп караңгынын күйгөнүбү?..
Сапырып анын күлүн ар жагынан,
Жаркырап кызыл күндүн тийгениби.
Болбосо таалай күйүп тыйпыл болуп,
Түбөлүк түн койнуна киргениби.

Жок, жок! – жарык мага келди белем,
Таалайым тагдырымды жеңди белем!
Айкындап врач мага: – Карачы,– дейт
Бармактар канча экенин саначы дейт.

Кызарган беш манчалуу колду көрүп
Шолоктоп ыйлап ийдим жашты төгүп...

Колуңдан айланайын доктур сага,
Кыргыздын кызы сенден бакты тапты.
Кубанган көз жашымды кечирип кой
Жаш эмес таалай нуру көздөн акты.

Колуңдан сыр жараткан врач өзүң,
Канчага кайрып берип чырак көзүн.
Таңданам, сыймыктанам илим сага,
Кабыл ал жүрөктөгү алкоо сөзүм!..
Колдон келсе ысык күндө жел болсом,
Суук күндө жалын чачып дем болсом.
Сага келген кырсык болсо агызаар
Кызыл ташкын күкүктөгөн сел болсом.
Назик көзгө чырак жаккан колуңа,
Татый турган ырлар менен тең болсом!..

* * *

Кулпуруп кучагында сулуу жаздын,
Кумарлуу курдаш шаарым кандай жашсың!
Көргөндөй бүгүн гана өзүңдү мен
Көчөңдө көңүл эргип кайра бастым.
Көк китеп, кызыл китеп ырларымды,
Көркүңө мен шыктанып сенде жаздым,
Кыярып саамайларым кетсе мейли,
Кызыктуу кыялымда мен да жашмын.

## ТЫНЧСЫЗ ЖҮРӨК

Өмүр жолу,
Турмуш жүгү мойнунда,
Түйшүгү кел
Түрсүлдөгөн бечара,

Күлүк ойго
Күндө учкашып,
Жердин шарын желип өтүп
убара.
Жүрөк согот
Ойдон-ойго чөмүлүп,
Ай да чыкты,
Аппак нуру төгүлүп,
Тынчтуу түндө
Тынчы кеткен жүрөккө,
Аалам келет айдан ачык
көрүнүп...

* * *

Айды ээрчип,
Ойду ээрчип жүрөк басат,
Тынч үйдөн
Тынчы кетип кайда шашат?

Эринин чопулдатып
Неберем күлүмсүрөп
уктап жатат.
Шырп этсе,
Баш көтөрүп, кулак түрүп
Дабышты

Болор-болбос эне сезет.
Кыйч этсе,
Ал бешикке колун сунуп,
Чиркик ай, татты уйкудан
эне кечет!
Ар үйдө,
Ар бир шаарда бала уктайт,
Бала уктаса ,
Баш коюп эне уктайт.

Ойготуп
Койбос үчүн ант кылгандай,
Карасаң,
Канаттуунун бири учпайт,

Эртеден
Тоо жаңыртып күрпүлдөгөн,
Ал эмес өзөн суунун
үнү чыкпайт...

Мекеиим
Мемирейсиң түн койнунда,
Бир гана
Чек арачы кирпик какпайт.
Бейпилде

Элим, жерим баары уйкуда,
Эмне үчүн,
Эт жүрөгүм тынчып
жатпайт?!

Анткени,
Жер бетинин баары тегиз

Боло элек,
Ушул күндө кайгы жегиз,

Тынчтыкты
Ээрчийт согуш калбай кадам,
Дүйнөгө келген сындуу
туулуп эгиз.
Али да
Жер бетинде кайгы калың,

Канчанын
Кыйып жатат кымбат жанын,
Үркүтөт,
Үрпөңдөтүп адамдарды,
Үксүйүп учуп чыккан
кызыл жалын!
Түнөргөн
Түн бешигин терметкендей,
Үргүлөп,
Жер бетинде тоолор турат.

Ойготуп,
Оор уйкудан коюу түндү,
Ободон самолёттун
үнү чыгат...
Ар үйдө,
Ар бир шаарда бала уктайт.
Бала уктаса,
Баш коюп эне уктайт,
Күркүрөйт,
Асманыңда Арап жери,
Мемиреп
Оор уйкуда эне укпайт

Жарылат,
Бомба учуп жерге түшүп,
Кумсарат,
Көктөгү Айдын жүрөгү үшүп.

Көтөрбөйт,
Береги үйдө эне башын,
Бала калып, эненин
өмүрү өчүп…
Жаңырып,
Бала үнүнөн асман калды,
Кулакка
Ал жаңырык уюп алды.
Мыжыгып
Жүрөгүмдү улам мычкып,
Кара түнгө кайгынын
изин салды…
Жалдырайт,
Тынчы кеткен түнкү асман,
Күүлдөйт,
Замбиректер бүркүп аткан,
Салбырайт,
Айга илинип кара түтүн,
Кайгылуу, кандуу жерден
үркүп качкан!
Алдастап,
Андан кетти жүрөк сызып,
Бала үнү
Ээрчип аяды аны кысып,
Алдыда –
Африка онтоп жатат,
Кылымдан кыйноо тартып
ууну жутуп.

Жалданып,
Караңгыны жамынгандар,
Күнөөсүз
Жаткан элди кырат – атып,
Жаралуу
Жапа чеккен жүрөк түгүл,
Калтаарды карай албай
Ай да батып.
Темселейт,
Бир карыя колун жайып,
Жаш менен
Ак сакалын, жүзүн чайып,
Чалгыдай
Автоматтын огу чалган,
Эми эле тирүү жаткан
үйү-жайын.
Кекенет,
Алда кимге, асман карап,
Укчудай,
Көктө бирөө анын үнүн.
Өткөзүп
Көп өмүрүн, аз калганда
Белекке берди тагдыр
ушул түнүн...
Карасаң,
Ар бир жайда бала уктайт,
Бала уктаса,
Баш коюп эне уктайт,
Эртеден
Эмгектенген көпчүлүк жан
Тынч алып,
Түн ичинде сыртка чыкпайт.
Бир гана –

Жер бетинде кылмыш өтөп,
Желдеттер, күнү-түнү
эч бир тынбайт...
Түрмөдөн,
Лагерден үндөр чыгат,
Адамдын
Жаратынан кандар сызат.
Кер мурут,
Келишимдүү жаш жигиттин
Манчаларын
Сындырып каалга кысат.
Электр
Отургучта кыйналгандар...
Буларды көрүп жүрөк
үрөйү учат!
Кылымдан,
Кыйылууда адам башы.

Сөөгү бейм,
Жайнап жаткан жердин ташы,
Чалкыган
Жер бетинде чалкар көлдөр
Болбосун,

Тынбай аккан көздүн жашы!
Эмне үчүн,
Адамды адам кырып келет,
Болгондой
Адам каны ичкен ашы!
Наадандык,
Качан кетет жер бетинен,
Кол жеткиз көтөрүлүп
адам баасы!

Келсем дейм,
Беш жүз жылда дагы кайра,
Сугарган
Адам каны ушул жайга,

Күбөлөп
Мыкаачылык бүткөндүгүн,
Угулса,
Суунун гана үнү сайда.
Мемиреп,
Бузулбаган түн тынчтыгын,

Нуруна
Бөлөп турса көктөгү Ай да.
Сабыркап,
Чарчап өткөн байкуш жүрөк.
Санаасыз, сергип кетээр
анда кайра...
Түнкүсү,
Күнү менен айырмасыз,
Деңиздей
Көркөм жерлер толкуп жатты.
Ээрчитип
Бала үнүн, адам үнүн
Элеңдеп, эми жүрөк
кайра тартты.
Көргөндөр,
Жүрөгүмдү тиреп келет,
Кабаарып

Караңгыны жиреп келет.
Адамбыз
Баалай билбес кээде баркын,

Ата, журт, өмүрүңдү
тилеп келет!

Жүрөктү
Ачуу үндөр ээрчийт калбай,
Кумачтын
Ыры эзет ага жандай.
Адамдар

Эркин жүргөн, элкин күлгөн,
Чынында,
Кереметтүү жерим кандай!
Мекеннм –
Мемирейсиң түн койнунда,

Бир гана чек арачы
кирпик какпай.
Ар үйдө,
Ар бир шаарда бала уктайт.
Бала уктаса
Баш коюп эне уктайт,

Ойготуп
Койбос үчүн ант кылгандай,
Карасаң,
Канаттуунун бири учпайт.
Эртеден

Тоо жаңыртып күрпүлдөгөн,
Ал эмес өзөн суунун
үнү чыкпайт.
Чаалыгып,
Жер кыдырып келген жүрөк,
Акырын

Үйгө кирип демин катат,
Эринин
Бүлкүлдөтүп соруп коюп,
Неберем күлүмсүрөп
уктап жатат...

## ӨТКӨНДӨН БИР ЭЛЕС

Таң агарып сөгүлүп,
Айлана ачык көрүндү.
Кылайып тоодон күн чыгып,
Кызарып нуру төгүлдү.

Коюлуп жаткан көк шибер
Козголуп толкуп желпинди.
Агыны катуу кашка суу
Ак көбүктөп серпилди.

Таң нурун тоскон кызыл гүл,
Талыкшып жатпай ачылды.
Караңгы түндү жаңырткан
Карышкыр үнү басылды.
Жар башында тоо эки
Уйкудан туруп кашынды.

Аркайган тоонун чокусу
Албырып күнгө кызарат.
Айылдан ачуу үн чыгат
«Айшалап» кызды чакырат.

Азандан турган сергелең
Айша кыз бүгүн от жакпайт,

Байбиче эмес баарысы
Чакырса да үн катпайт

– Таң атпай кайда жоголгон,
Чачыңды жулуп албасам!
Үйдөн чыккыз болгондой,
Бетиңе тамга салбасам!

Бей байбиче кекенет
Кара жини жетелеп,
Айгышканы Айша кыз
Он эки жашта эселек.
Эмчек – сүтү ененин
Эрке оозунан кетелек.

Түн күзөтүп талаада,
Өпкө каккан бышактап,
Айша кыз эми уйкуда,
Кара инген мойнун кучактап.
Көкүрөк кызын ененин
Куу турмуш алган тузактап.

Кайгысын кыздын кошконсуп,
Көкөлөп сайрайт боз торгой,
Төрт аягын чирентип,
Кара инген жатат козголбой.

Үлбүрөп таңдын желине,
Чуудасы учуп желпилдейт.
Айша кыздын кара чач
Аралаш ыгып селкилдейт.

Энесин көрүп түшүндө,

Жылмаят жүзү нурданып,
Өлгөн төө менен уктатып
Тагдыры турат сурданып.

Чочуп Айша ойгонот,
Энесии издей чапчылап.
Карап турган сары аска,
Камыгат жашы тамчылап.

Көзүн ачып караса,
Көк жору барат калдайып.
Энесинен дайын жок
Кара инген жатат каржайып.
Өңү, түшү биле албай
Эңгирейт бала таң калып.

Элесин көзгө келтирген
Азаптуу Айша кыз эле.
Он жетинчи жылдагы
Какшаалда болгон иш эле.

* * *

Ар кимдин чыгар эсинде
Он алтынчы жылдары,
Көтөрүлүп көп кыргыз
Кытайды көздөй жылганы,
Ал күндөрдүн элесин
Далай акын ырдады.

Зулайка, Ажар сыяктуу
Тагдыры окшош көп болгон.
Нурдуу жүздөр кубарып
Далай кыз сары чөп болгон.

Ошонун бири Айша кыз,
Атасы анын Төлөгөн.
Энеси болсо Айганыш,
Беш баланы төрөгөн.

Мал түктүүдөн башка жок,
Мурас болгон кара иңген.
Жаман жууркан жаш балдар,
Жалгыз төөгө баары иңген.

Алды, артынан карабай
Ала топоң эл качат.
Айганыш менен Төлөгөн
Ашууларды жөө басат.
Арабадай кара иңген
Арыбай далай чөл басат.

Көп качкын менен Айшалар,
Турпанга келип жай табат.
Кара иңген калың күч берип
Жети баш адам жан багат.
Кубат берсин сага деп
Айганыш ага жалбарат.

Беш баланын тилегин
Тилеп жүрөт Айганыш,
Жан сактоо үчүн ингенди,
Күчкө берет айласыз.

Күндөн күнгө арбайып
Кара инген тайып этинен,
Кайышып жүктү тарта албай
Кээде кетет бетинен.

«Кара ингенден айрылсак
Бары тегиз эселек,
Кантип жанды багабыз
Беш баланы жетелеп».
Кантсин байкуш Айганыш
Кансыктайт кимди жемелеп?.,

Күүсүн чертип азаптын,
Күн артынан ай өтөт.
Өкүм сүрүп ачкалык
Өмүрдүн далай шамы өчөт.
Ак шишик баскан адамдын
Артылып улам саны өсөт.

Өлүм өкчөп өмүрдү
Бийлеп турган кез эле.
Өпкө кагып калайык
Ыйлап турган кези эле.
Кырылат кыргыз деген ой
Кыйнап турган кез эле.

Айганыштын беш бала
Эриндери кеберсип,
Шилекейин жутушат
Ширелүү тамак жегенсип,
Алсырап карайт энеге
Айланы тапчы дегенсип.

Энесин кыйнап ыйлабай,
Жалгыз Айша эсинде.
Таң эртең кеткен Төлөгөн
Араң кайтты кечинде.

Кара инген экөө каржактап,
Эмгекке алган эки нан,
Төлөгөн бирок жайдары
Тапкансып бүгүн жети нан...

– Азапты тарткан байбичем,
Айганыш сага сүйүнчү!
Капаңды ачаар кабар бар
Кайнатып чайың бүлүнчү.

Падыша кулап тагынан
Бактыга балкып жерибиз,
Баш кошмок болду кайрадан
Азапты чеккен элибиз.

Алыста алтын жерибиз
Арытып жолду кесели,
Кара ингенди төтөлөп
Кайра көлгө кетели,
Таалайдын аккан дайрасын
Талыкпай биз да кечели...

Сүйүнгөндөн Айканыш
Көз жашы агып тамчылайт,
Эмчекгеги кенжеси
Элтеңдеп колун камчылайт.

Төлөгөндүн үй-бүлө
Эки нан чайга тойлошту.
Энеси – чалкар Ысык-Көл
Ала-Тоо жерин ойлошту.
Алсырап жаткан балдары
Ачылып көөнү ойношту.

Төлөгөн менен Айганыш
Бир нече күндөр камынып,
Ысык-Көлгө жөнөштү.
Караанын көрбөй жалынын,
Чарчашканын сезишпейт
Дегдеген жүрөк сагынып.

Декилдеп Айша жол басып
Ата, энеден калышпайт,
Максаттын күчүн карачы
Эртеден бери талышпайт.

Балбылдап жанган көздөрү
Жашылданып коюлуп,
Жалгыз гана кара инген
Туруштук бербейт чоюлул.
Кээде аксайт жаш Айша
Тамандары жоюлуп.

Какшаал тоосун таянып,
Жел жүргөн жерге жетишти,
Шаанилүү шайыр күү чертил
Элирген сууну кечишти.

Ийрилген жолдор кошулган
Какыр таш белдин жолу эле,
Ар шаардан көлгө бет алган
Азаптуу элдин тобу эле.

Чапанын салып артына
Жаш баласын көтөргөн,
Бермети кетип бетинин

Көкүрөк басып жөтөлгөн,
Таңданат тоолор келинге
Тагдырга каршы көшөргөн.
Бетеге иет баштарын
Үлпүлдөп жерге төшөлгөн.

Адамдын зээнин кейитет
Комузчу азиз абалы,
Урунса ташка тамтаңдап
Өзгөрөт өңдүн жамалы,
Темтеңдейт уйду куйруктап

Тиер-тийбес таманы.
Өлөт алган кызыл уй
Түз басыштан танабы?!
Колдон чыкса куйругу
Шордуу азиз жолдо калабы!
Өлчөмсүз таштан секирткен
Өмүрдүн күчтүү талабы!

Аркасында комузу,
Арманын чертип кыңгырайт,
Кошулуп үнүн чыгарып
Колотто булак шылдырайт.

Ушунча топтун ичинен,
Жалгыз атчан бөлүнөт,
Жаш балача өңөрткөн
Атасы оору көрүнөт.

Ак бешик туулган жерине,
Арнаган чыгар денесин.
Айла болсо жеткир деп,
Айткан белем керээзин.

Кареги көздүн айланып,
Карыя араң дем алат.
Каарына алган ажалдан,
Кайышкан менен ким калат.

Кыпчылган таноо көгөрүп
Кыйналып дене баратат,
Өмүрдү сүйгөн карыя
Өлүмдөн жанын талашат.
Көрсө да дүйнө кызыгын,
Көркүнө сонун көз канбайт.
Жапаны канча тартса да,
Жашоодон адам эч танбайт.
Көздөгөн максат турганда,
Күрөштөн чарчап күч талбайт.

Ачка, жыртык самсаалап,
Азган эл көлгө кайтууда.
Абалың зээнди кейиткен,
Акындык жетпес айтууга.

Такшалып турмуш көрбөгөн
Момундар элден бозбосун!..
Кызаңдап эти көрүнүп,
Кыз менен кары тозбосун!..

Барды, жокту түшүнбөс,
Балага ачтык келбесин!..
Алпештеп баккан энеси
Адамга азап бербесин!..

Алсырап турса калайык
Арман, муң басат жер бетин…

Көксөгөн көлдү карыптар
Көрүшөөр бекен эл четин…

Чериктин айлын пааналап,
Четтеше келип түнөштү.
Таң сүрө жүгүн артышып,
Кай бирлери жөнөштү.

Төлөгөн турса, кара инген
Жылбай калган ордунан,
Чапкан менен айла жок,
Чачылат жини оозунан.

Сүргөн таң кара түнгө окшоп,
Тунжурап салат салмагын.
Ар кимге айтат Төлөгөн,
Айласы кетип калганын.

Төлөгөнгө караалап,
Жолоочулар токтолду.
Ар кимдин алы ченемдүү,
Табылар айла жок болду.

Айласы кеткен Төлөгөн
Бай черикке кайрылды:
– Караалап келип конуппуз
Калдайган сенин айлыңды.

Беш бала менен талаада
Калчудай болуп турамын.
Кагылайын калкар бай
Кайрылып сизден сурадым…

Кара иңген жаман мал эмес,
Айыга турган ооруу да.
Алып калып берсеңиз
Бир караны ордуна.

Талаада жаткан мал барбы?!
Чериктин байы секирди.
Өлөсөлүү иңгениң
Таңбагын,– деп жекирди.

Кааласаң өгүз берейин,
Калтыргын берки кызыңды,
Айшадан көзүн албады
Жорудай көргөн кызылды...

Бойго жетсе буралып
Асманда айдай толот деп,
Адамдын көөнүн кубантар
Ашкере сулуу болот деп,
Алтымыш барып калганда
Айчүрөк колго конот деп...

Куу турмуш алып алкымдан
Төлөгөндү кыйнады...
Жүлүндөн чыгып кызыл өрт
Жүрөгү күйүп ыйлады.

Төрт бала үчүн бирөөнү
Зарып кылат окшоду...
Оңбогон тагдыр жетелейт
Убада бүтүп токтоду...
Айшанын баасы бир өгүз,
Жарты тыйын кошподу.

* * *

Айганыш менен жаш Айша
Кучакташып боздошту.
Карап турган адамдын
Капкайда муңун козгошту.
Кан аралаш жаш төгүп
Кайрылгыс болуп коштошту.

«Аячы мени» дегенсип,
Көзүн сатат ар кимге.
Азапка салбай Айшаны
Куткарып алчу ал кимде?!
Көтөруп барып Айшаны
Бай үйүнө киргизди.
Таалайы кыздын ушундай
Болоорун ага билгизди...

Тунжурап турбай карыптар,
Сапарына камынды.
Шордуу байкуш Айганыш,
Айлына байдын кайрылды.

Кагылайын калайык,
Кансырап барат жүрөгүм.
Кайгысын тартып баламдын,
Канткенде өмүр сүрөмүн.

Кенедей кызым Айшама,
Көз кырыңды салгыла.
Керек болсо берейин,
Чапаным чечип алгыла.

Бүрдөп гүлүн ача элек,
Саргарып барам, соооолбогун...
Каргадай кезде буйдаалап,
Кара боор тагдыр оңбосун.
Жоолугум алып курбалдаш,
Жоолугуп Айшам көрө жүр.
Чекесин сылап шордуунун,
Чачтарын тарап, өрө жүр.

Балапан эле уча элек,
Канаты күүсүз талбасын.
Кагылайын каралдым,
Карып болуп калбасын.
Балтыр эти ката элек,
Башына азап салбасын.
Бала төрөп өстүргөн
Баарыңарга тапшырам,
Көптү көрүп улгайган,
Карыңарга тапшырам.

Акыл айта жүргүлө,
Айланайын курбулар...
Безеленип жалдырайт,
Эне деген кургур ай!..

Комузун күүгө келтирип
Кошулуп акын үн салат,
Арманын айтып муңдуумун
Айдатып колун күү чалат:

– Шооласы түшпөй жарыктын
Шору арылбас эл болду.

Кайгысын тартып калкымдын
Көзүмдүн жашы сел болду…

Алакандай кыргызыга
Ар кимге азык, жем болду,
Айнектей сулуу кыздары
Арзыбас кемге тең болду.
Адилет сөзүн айталбай
Алсыздык курсун кем болду.

Кагылайын Айганыш,
Кайрат кылчы кейибей,
Каардуу кыштын жазы бар
Каткан муз калбас эрибей…

Кайратын айтып энеге
Колтуктап акын жөлөдү.
Кайгырган менен айла жок
Качкындар тобу жөнөдү.
Карaанын үзүп кеткиче
Кылчаңдап эне баратты,
Көкүрөк жууган көз жашы
Көргөндү ага каратты…

Мөгдөп башын көтөрбөй
Кара иңген калды талаада.
Ата, энеден айрылып
Айша кыз калды санаада.

Күндөр өтүп арадан,
Кубарып Айша иймейди.
Карыптар болгон жаш бала
Караан кылды иңгенди.

Камыгып турса жанында
Кайгыртат сырын билгенди.

Эрбелеңдеп жүгүрүп
Эртели, кеч көп келет,
Тырмактарын канатып,
Тырмалап жулуп чөп берет.

Берген чөбүн жеп калса
Секирип Айша кубанат,
Оролуп мойнун кучактап
Өлбөгүн деп суранат.
Өкүмү күчтүү дүнүйө
Өкүнбөй кимдер тура алат.

Дагы бир күнү ингенге,
Айша келсе кечинде,
Өйдөлөнүп арыктын
Өлүгү жатат четинде.

Башында айтып кеткенбиз
Бул түнкү Айша абалын,
Энгиреп турган жеринен
Узарталы кабарын...

Эсине келип Айша кыз,
Эки жагын каранды.
Ээн талаа томсоруп,
Электенип карарды.

Бурулуп дайра үн салат,
Муңканып кайрат айткансып.
Этектен сермейт эпкини,
Кел берилеп жаткансып.

Агарып булут созулат,
Аркайган тоонун четинен.
Аккан жаш сууга кошулат,
Айнектей кыздын бетинен.

Жандан кечип кетишке,
Жаш бала көөнүн бурдубу?
Издеген беле койчуман,
Же кокустан келип турдубу:

– Айланайын Айшаке,
Алсырап муңга берилбе.
Агаңдай көрүп сен мени
Айтканыма теринбе...

Эс-учун жыйбай басынган,
Эси жок адам белгиси.
Тагдырдын болот марттыгы,
Таалайды келсе бергиси.

Өмүр деген күйгөн шам,
Өчүрбөс керек чырагын,
Турмуштун болот салмагы
Туруштук берип чыдагын.

Эч кимдин иши болбостон,
Эшик үйдө уктаган,
Эреркеп Айша өпкөлөйт,
Эки сөз жылуу укпаган.

## ОТУЗУНЧУ ЖЫЛДАРДЫН КОМСОМОЛУ

Отузунчу жылдардын комсомолу,
Баарыңарды маекке чакырамын.
Аздыр-көптүр колумда байлыгымды
Силер үчүн мен бүгүн сапырамын.

Чакырамын барыңды калбагыла,
Ичи кара адамды албагыла.
Бир саат болчу маекке чоюлбастан
Замандаштар, жаш кездей чамдагыла,

Отузунчу жылдардын, комсомолу,
Келбет кылып кийинген кызыл ташты
Бирге өсүп, эрте өткөн замандаштар
Чакырамын силерди элдин асты.

Алтын менен аттары жазылгандар,
Акындардын ырында айтылгандар,
Атың калып белгисиз согуш жылдар
Өлбөс болуп талаага катылгандар,
Өкүм сүрүп балбылдап ушул бүгүн
Өчпөй турган жалынга айлангандар,

Силер менен ушул күн шаттуу болмок,
Мен баарыңды маекке чакырамын.
Дасторконум кең жайып алдыңарга
Мен байлыгым аянбай сапырамын.

Отузунчу жылдардын, комсомолу,
Чоюн кийип, чоюлуп тура бербе.

Бир саат болчу маекке чакырамын.
Эмне айтасың, кимсиң деп суроо бербе.

Басмачыдан кан жуткан капчыгайда,
Кайран эрлер камыкпай келгилечи.
Силер анда эмне үчүн курман болдуң.
Жеңишин да жемишин көргүлөчү.

Туруп келчи канжардын мизинен сен,
Колуң берчи жалындын ичинен сен.
Эл таалайын талашкан, замандаштар,
Издеп турам өчпөгөн изиңден мен.

Ар кимиңер түрлүүчө жолду бастың,
Сырын каткан туюкту жиреп ачтың.
Жаңы заман жаркырап келгенинде
Жагалдана кол созуп ага шаштың.

Сенин бутуң баспаган жер болбоду.
Сенин колуң тийбеген иш болбоду,
Катышпаган комсомол окуя жок,
Мунун баарын айкындайт из жолдогу.

Отузунчу жылдардын, комсомолу,
Ошондуктан маекке чакырамын.
Тарап кеттиң бурчуна төгөрөктүн,
Жетсин үнүм дегендей кыйкырамын.

Жыйнап келген байлыгым кызылдуу сөз,
Кыялданып аянбай сапырамын.
Эки колуң бөктөрүп сен артыңа,
Эмнеликтен бүкчүйө оор басасың.
Өткөндү эстеп кайрадан не пайда,–
Деген сындуу сырыңды сен катасың.

Эстечи өзүң ал кезде жалынга тең,
Кырчын өмүр буралган табылгы мен.
Жарга тийген жалтанбай толкун сымак
таштап ийип жаныңды турчу элең сен.

Ар ким карайт кылчайып баскан жолун
Чакырамын маекке жаныма кел.
Көрүшпөдүк көп болду курдаш элек
Көрүшкөндө жазганбай колуңду бер.

Отузунчу жылдардын, комсомолу,
Өлчөмдүү экен ар кимдин өмүр жолу.
Кирген суудан тартынбай күйгөн оттон,
Көбүңөрдү курчады өлүм тору.
Өткөндү эстеп барларды кадырлоого
Ыйык экен ал үчүн тирүү болуу.

* * *

Эмне үчүн, капчыгай, үндөнөсүң?
Эмне үчүн, өзөн суу, күүлөнөсүң?
Ойлуу турган көк мелжий сары аска,
Өкүнгөндөй өзүңчө сүйлөнөсүң.

Көп нерсеге, капчыгай, күбөсүң да,
Кылымдарды жетектеп келесиң да.
Сурай берсем сандаган окуяны
Көз алдымдан чубатып бересиң да.

Мен сурабайм өткөндүн барын тегиз,
Нечен күндөр өттү го кайра келгис.
Эске салам кечиргин, окуяны,
Турганыңда кулпуруп кайгы жегис.

Жалгыз өзү кармашып, басмачыдан
Ушул жерде бир комсомол өлгөн дешет,
Кызыл канга боёлуп кызыл арча
Ушул бетке тирелип өнгөн дешет.

Ал комсомол – ким эле, айтып берчи?
Айталбаса, комсомол, өзүң келчи!
Капчыгайда окуя жомоктолуп,
Өлбөс өмүр берилген саган энчи.

Ой сен кимсиң?
Кулак, мурун тонолуп,
Араң турган кызыл ташка жөлөнүп,
Алты сандуу бала келбес ар качан
Келген белең так ушундай төрөлүп?

Кечир мени,
канын төккөн, комсомол.
Элесиңди келтирдим мен кордолгон.
Эркиндикке башын сайган баатыр деп,
Элиң койгон эстелигин колодон.

О, кадырлуу, кагылайын комсомол,
Атың менен сыймыктанып келемин.

Сулуу сыпат, келишимдүү көркүңдү
Күндө ошол эстеликтен көрөмүн.
Сен кеткенде мен секелек кыз элем
Ак чач башым эми сага ийемин!

Сенден кийин канча укмуш, керемет
Күндөр өттү көз алдыга желелеп,
Жамандыкты солкулдаткан жүрөктү,

Жакшылыктар келип турду тебелеп.
Бирде жарык жаркыраган күн тийсе,
Бирде добул, бирде жамгыр себелеп.

Сенин каның төгүлгөн бул капчыгай,
Жанталашып жаткан элең чапчылай,
Басмачылар өтөп кандуу кылмышын,
Кете берген минген атын камчылай.
Бирок сенин таза каның узатпай
Акыры алар талкаланган алсырай.
Сен жашаган мезгил татаал, сыймыктуу
Ар бир кадам тап күрөшү ыйыктуу.
Таалай өзү келип бербейт турбайбы
Ошондуктан калкым канча ый укту!

Көздүн жашы көлчөк болгон түндөрдү,
Эл унутпас ошол зардуу күндөрдү.
Бирок аалам кулак салып тыңшаган,
Эркин тоодон шаңдуу чыккан үндөрдү.

Жүргүнчүлөр, бүгүнкү суудай аккан,
Тизгин жыйып, бир минут сабыр этчи.
Бейкуттуксапарыңа жолду ачкан,
Эскерип комсомолду таазим этчи...
Эч нерсе көрбөгөндөй томсорсо да
Ушул жер күбөсү анын – таанып өтчү!

Келишет көз алдыма элдин тобу,
Отузунчу жылдардын комсомолу.
Заманына жар салып даңазалап
Комуздарын таңшыта чертип колу.
Барларына баш ийип таазим этсем,
Жүрөгүмдү оорутат бүгүн жогу.

Жок десем, элес келет көңүл сермей,
Кыжы-кыйма эл турат жолду бербей.
Мууздалбастан,ак жоолукчан Уркуябыз.
Сүйлөп жатат көп ичинде тирүү өлбөй!

Кереметтүү сулуу сөзүн элдер угат,
Сумсайыңкы, суук көздүү кимдер турат!..
Шаңдуу үнү, нурдуу жүзү албырыңкы
Ал Уркуя келечекке колду сунат.

Эже, десем, ал Уркуя келин белем,
Сиңди, десем кыйла жашка келген белем.
Өчпөс оттой жанган күчтүү жүрөгүнө
Өлбөс Өмүр заманы берген белем.

Комсомолу отузунчу жылдардын –
Уркуянын колунда кызыл байрак,
Канжар кескиз, октор өткүс болот жан
Адымдайт келечекке, көзү жайнап!..

Бириңден бириң кымбат,комсомолдор,
Суналат силер басканыйыкжолдор.
Тарыхый издериңе көз кадалып,
Сүрөттөп тартып келет чебер колдор.

Кулач жайып, кубана тосуп турам,
Отузунчу жылдардын, комсомолу.
Көмөк берип, көч баштап жүргөндөргө
Салам айтып турамын эң оболу.

Мына келет таң нурун тоскон элим,
Желге учуп этеги чепкендердин.

Күн нуруна чагылат жаңы чыккан
Болот миздүү ийнинде кетмендердин,

Арасында кыялдуу мен да барам,
Чоң майдандан кызыктуу кантип калам.
Колдорунан ал күнкү уул-кыздын
Жашылданып жаңырган ушул талаам.

Бири болсо, бири жок ал кезекте,
Жокту-барга карабайт жаш кезекте.
Келечекке, чабуулга аттанганбыз,
Бүгүнкүдөй дөөлөт жок, ач кезекте.
Жайдак жаткан ал кезде талаабыз көп,
Топо баскан, боз дубал калаабыз көп.

Оңой-олтоң көчүлбөйт эски журттан.
Ооруксунткан көңүлдү санаабыз көп.
Душман чыгып кечеги тууганыбыз,
Курган жанды сыздаткан жарабыз көп.

Ушакчылар улуса дөңгө чыгып,
Арамзалар арсылдап ташка ыгып,
Ички-сырткы душмандар ызырынып,
Ууртасам деп кочуштап канды сыгып…

Муңдай күндү өткөздүк башыбыздан,
Быша келдик күрөштө жашыбыздан.
Кыйындыкты тебелеп өтө бердик,
Улуу максат кетпестен кашыбыздан.

Бирок күрөш курмансыз болбос экен,
Кан төгүлбөй жеңишке жетпес экен.
Өмүр кургур өтөгөн кара жолдо
Изин салбай эч нерсе өтпөс экен…

Бузукуга жарылат кара таш дейт,
Таш жарылса кантмекчи курган баш дейт!
Кара ниет, бузуку доорон сүрсө
Калк ичинде агылат көздөн жаш дейт.

Мындай күндүн курманы Курман ага,-
Үндөп бизди турмушка турган алга,
Жылаң аяк дикилдеп суу ташыган
Күндү унутуп таалайга тунган алда.
Көмөк берип көп жашты шыктандырып,-
Көч баштаган күндөрүң көргөм анда.

Кыял менен келтирем маекке мен,
Тарбия алган өзүңдөн жаштан элем.
Таңгалгандай таңыркап карайсың го,
Ал кезекте гүл сымак жандан элем.
Оор тартат үстүмө кийген чапан,
Чөмтөгүмө жылдарды салган элем...

Элестетип силерди ойго салуу,
Кымбат тура кыдырып кайра табуу,
Жашабаса түрүүнүн жүрөгүндө
Кайдан болсун өлгөндү эске алуу.

Жаман калат жабылуу өлүмүндө,
Жакшы жашайт адамдын өмүрүндө
Мезгил менен беттеше өчпөй жанып
Тирүүлөрдүн жаркырап көңүлүндө,

Жашадыңар жан сабап учуп алга,
Байландыңар кайышып ар бир жанга.
Караңгыдан жетелеп алып чыгып
Багыт берип жаркырап аткан таңга.

Эске түшөт кайгырып кабарганың,
Окуу таштап, жаш кыздар жолдон тайса.
Айтар элең: – Комсомол милдети го.
Тайган жашты эңкейип колдон алса!

Таалайы үчүн адамдын күрөш күнү,
Жоопту элек чынында аксашына.
Мындай күрөш болбосо ал күндөрү
Жетмек эмес далай жаш максатына.
Эски илдет этектеп турганында
Сүрөө керек арышты ташташына.
Турган эле өзүндөй азаматтар
Кайра куруу майдандын башатында.

Ал кезектей күрөш жок бүткөн дебе,
Аксоосу жок барысы жетик дебе.
Ар мезгилде жашоосу адамзаттын
Көк деңизде чайпалып сүзгөн кеме.

Бир кезекте биз тартсак жокчулукту,
Караңгылык илдети жоошчулукту.
Бүгүн болсо байлыктан баш айланып,
Илдет этип жатабыз токчулукту.
Куулар-шумдар, өзү үчүн жулунгандар
Көңүл суутуп кейитет көпчүлүктү.

Ушакчыга кошулуп дүнүйөкор,
Кошоматка кошулуп бүт мансапкор,
Адам баркын калчашып алаканга
Арамзалар адамга жайышат тор.
Мунун баары илдет го өтүп кетер,
Өнүктүрбөй өчүрөр күчүбүз зор.

Күрөш бүтпөс адамдын жашоосунда,
Таалай жүрөт тагдырдын матоосунда.
Мезгил тилейт тынчтыкты жер бетине,
Биз турабыз күрөштүн башатында.

Өмүр бою адамзат кыргын кечип,
Жер бетинен тынчтыкты албай келди.
Ар бир элдин жайнаган гүл жаштыгын
Согуш оту кылымдап жалмай берди.
Бүгүн адам өзүнө максат этти –
Жер бетинен согушту жексен этүү,
Жер энесин алдейлеп сактап алып
Достук менен согушту жеңип кетүү.

Асман, жерде тынбаган жүргүнчүлөр,
Бир минутка аярдап сабыр этчи!
Курман болгон акыйкат күрөштөрдө,
Энелердин уулуна таазим этчи!
Өмүр үчүн көтөргөнтынчтык туусун
Совет жерин адамдар таанып өтчү!

Отузунчу жылдардын, комсомолу,
Бириңди эстеп, миңиңе көз жиберем.
Менин сөзүм силерге арзыр болсо,
Бириңди атап, миңиңе сөз жиберем.

Кезегинде айтпаса сөз өлөт дейт,
Сөздөн орун албаса даңк өчөт дейт.
Ата даңкын, эл ишин сөздөн угуп
Таалиминде кыз менен уул өсөт дейт.

Өрнөктүү, ыйык өзүңөр баскан жолдо,
Көңүл ээлеп, көзүмө келесиңер.

Техникадан кабар жок тер агызып,
Кумду, ташты замбилдеп төгөсүңөр,
Жалаң колдон жаратып аска тоскоол,
Аңги сууну багынтып жеңесиңер.

Мына тааныйм андагы жайдак жерди,
Бүгүн көргөн жаш балдар кайдан билди, –
Аватталган бак-дарак ушул талаа
Жашыл көйнөк, шөкүлө качан кийди.
Май чырактан куткарып электрик
Күндүзгүдөй жаркырап качан күйдү!

Тегиз жолдо бараткан жүргүнчүлөр
Бир минутка аярдап – сабыр этчи!
Терге жууруп цементти жолду курган,
Жолчуларга андагы таазим этчи!
Кезегинде ат өткүс аска-тоолуу
Ушул жерди, урпактар таанып өтчү!

Бүгүнкү күн,
Келечек ал кезекте,
Кереметтүү акынга кыял эле.
Жаңы турмуш таалайга канат сермеп,
Толкуп ойлор агылган кыян эле.

Кыялданып канаттуу ырлар жазып,
Жалындадың заманга жар чакырып.
Кыялдарың бир күнү чын болоорун
Жакутталып айлана бүт жаңырып.
Көргүн. Жоомарт, кыялың чын келгенин,
Капчыгайга катарлап шаар салынып.
Токтогулга Днепрдей ГЭС курулду,
Сен төрөлгөн тоолорго шам жагылып.

Аттигин ай бир гана баш көтөрүп,
Көрсө гана дегендей ойлор жеңет.
Тирүүлөрдүн эстөөсү, эңсөөсүнө
Бир кеткен жан кайрылып кайдан келет!
Келбесе да ыйык парс тирүүлөргө –
Өткөндү эстеп ар качан башын ийет.

Акын Жоомарт, кыялың чын келгенин,
Көрсө деген көксөөдө мен олтурам.
Эңсөө үчүн карачы жандуу келип,
Эриксизден көзүмө жаш толтурам...

Кеткен кезиң эстечи, жер төшүнө,
Эр төшүнө батып жаткан учкан ок.
Жыл айланбай жеңиш келип өлкөгө
Фашист турду башын салып айла жок.
Курман болгон эр азамат эстелип
Жанып турат шаарларда өчпөс от.

Ал күндөрдү эстесек ойлор жеңет,
Жер титиреп дүңгүрөй танка келет.
Жердин бетин аңтарып оңурайтып,
Дан сыяктту коргошун окту себет.
Эли үчүн, жери үчүн башын тиккен
Баатырлар аркасына кайдан чегет!...

Анын бири Дүйшөнкул кыргыз уулу,
Кызартып жердин бетин каны жууду.
Бирок да жайнап көзү келесиң сен,
Бийик кармап жеңиштүү кызыл тууну.

Кандуу жолдо бүгүнкү, жүргүнчүлөр,
Бир минутка аярдап сабыр этчи!

Алптар турат, карасаң катардашып,
Башың ийип баарына таазим этчи!
Баатырлар Москва үчүн бөгөт болгон,
Ушул жер Дубосековотаанып өтчү!

Мезгилинде өтөгөн элдин ишин,
Таразалап, салмактап алуу кыйын.
Өлчөп алгыс эмгектин арасында
Ар адамдын салымы алса кыпын.

Кыпын десең кыйласы кызарган чок,
Жылдызданып көрүнсө көңүлүң ток.
Согуусунан чарчаган жүрөктөргө
Кубат берген Исаке көрүнбөйт жок.

Жок десем келет ага ак халатчан.
Жүрөктөр согуп турат ар тараптан.
Жүздөгөн шакирттери ишин улап,
Өмүр үчүн күрөш жол ал бараткан.

Нечендердин өмүрүн сактай алды,
Ишенимин адамдын актай алды.
Эмчи колу барбайып кылдат болсо,
Нурдуу көзү аганын оттой жанды.
Өмүр жолун узартып башкалардын,
Өз жолунда каргаша кырсык чалды...

Бир карасам чубалып жолдор узун,
Жолду бойлоп түмөндөп күндөр өттү.
Бир карасам жылтылдап жанып-өчүп
Кирпик ирмем кичине мезгил кеппи.
Канча жолу бак-дарак бүрүн кагып,
Канча гүлдөр саргарып канчасы өстү.

Жолду бойлоп мезгилге көз чаптырып.
Курдаштарды бир баскан издеп барам.
Көңүл коштоп чакырган маегиме
Бирин таппай, биринин изин табам.

Жолдор барат тарапта узун кашка,
Адам жолу өзүнчө ар бир башка,
Ала-Тоону аралай кеткен жолдо
Изи жатат Мусанын кызыл ташта.

Из кубалай энтеңдеп мынча шашам,
Күн артынан күн өтсө артып кусам.
Көз алдыма тартылган элес карай
Көгүчкөнчө көкөлөп кайып учам.

Тоо кыркасы суналат атым ким деп,
Тоо чокусу үн салат Адышев мен деп.
Сейрек зат деп серпилет агын суулар,
Ала-Тоодон табылган канча кен деп.

Ондой кармап балканды[1] улам колго,
Сен барасың бийиктеп кеткен жолдо.
Ал мен болсом ээрчиймин элесиңе,
Барып тынам, канчага кыйын болжоо...

Узун жолдо бараткан жүргүнчүлөр,
Бир минутка аярлап сабыр этчи!
Оюн-кырын кыдырып жерлер кезген
Илимпозго береги таазим этчи!

Өнүгүшкө өлкөнүн жемиш кошкон,
Сары-Жазды, урпактар, таанып өтчү!

1 Геологдордун атайын балкасы.

* * *

Отузунчу жылдардын, комсомолу.
Бириңди эстеп,
миңиңе көз токтодуң.
Ишиң, жолуң өлчөмсүз болгондуктан.
Бириңди атап,
миңиңди мен жоктодум.
Арабызда баарыңа башымды ийип,
Аман бол деп кубана кол созгонум,

Отузунчу жылдардын, комсомолу.
Октой учуп жалындап алдыда сен.
Жайдак жерге тургузган мунараңдан,
Жарык тийет жаркырап асманга тең.
Ырларымдын закымдап канатында
Силер менен жарыша келемин мен.

Отузунчу жылдардын, комсомолу.
Карайсыңар колодон, кызыл таштан.
Тизилесиң берметтей кырка тартып,
Кызыл жүздүү ырларда акын жазган.
Кылымдарга шилтелет кадамыңар,
Катуу чыгып калк менен бирге баскан.

Отузунчу жылдардын, комсомолу,
Улгайсаңда сен бүгүн катардасың.
Академик, ишмерлер, ар кыл кесип
Тизгин тагып мезгилге сапардасың.
Колдоруңдан жаралган ушул дүйнө,
Урпактарга келечек кабардасын.

Капчыгайды каңтарып кетмен менен,
Күзгү сымал кезинде жолду курдуң.
Ээн сайында элирген долуланып.
Эчен сууну багынтып түзгө бурдуң.
Канча гигант салынып өлкөбүздө,
Эң алдында, комсомол, өзүң турдуң.

Отузунчу жылдардын, комсомолу,
Өчпөс сенин өмүрүң кызыл жалын.
Бейпилдикте тамчылап маңдай териң,
Каардуу күндө кансырап акты каның.
Узун жолдо сыймыктуу келесиң сен,
Ата Мекен жериңдин актап нанын!

Баарыңарды чакырдым маекке мен,
Бакты эмеспи бапырап бирге болуу.
Замандашым, кымбатым баа жетпеген.
Отузунчу жылдардын комсомолу.
Кезегинде жөө баскан ашуу-даван
Ушу бүгүн жаркырап космос жолу.

Туруп келдиң канжардын мизинен сен,
Колуң бердиң жалындын ичинен сен!
Эл таалайын талашкан, замандаштар,
Издеп таптым өчпөгөн изинден мен.
Өткөзүп жүрөгүмдөн, көңүлүмдөн
Сенден алып турамын шыгыма дем!

Келберсине шаңданган, жүргүнчүлөр,
Тизгин жыйып, бир минут сабыр этчи!
Келечектүү таалайга негиз салган,
Алгачкыга ар дайым таазим этчи!

Канын, терин агызып жаңы курган,
Ыйык жерди ызааттаптаанып өтчү!

**ЭСТЕЛИК**
**(Чокон Валихановго)**

Чокон ага,
эстелигиңе айлана карап,
күндөрдү эскерем
сен өткөн жашап.
Талабы,
тагдыры бирге эзелкиден,
үзөнгүлөш
эл болгон Кыргыз, Казак.
Тойлордо
тойлошуп доорон сүрсө,
жапаны бирге чеккен
жүрөк канап.
Турамын жанында,
ой кетип алыска.
Чабыттап мезгилге
кыскартып араны,
кылымдан
жорттуруп бууданын камчылай.
Көрүнөт, көзүмө,
Көкчөнүн карааны,
Эки элдин
баатыры канатташ жашаган,
тартылат байыркы
Манастын заманы.
Данакер болалган

эки элдин өзүнө,
Мухтардай аганы
түшүрөм эсиме.
Достуктун
үлгүсү, жайдары мүнөзү,
жылдыздуу,
Жамалы жаркырайт көзүмө.
Дүйнөгө
бир келген асылдар өтүшсө,
муңайым караймын каралуу көчүнө...

Сизди мен көрбөгөм,
көргөндөй билемин.
Мына бул
колодо согот го жүрөгүң.
Калкайган
казагың кадырлап,
алыптыр ичирип
өлбөстүн мүрөгүн.
Айланып,
чабыттап жүрчү элең,
Алма-Атаң болуптур
түнөгүң,
Жөн-жайым
кызыксаң сурагын.
мен келип,
таанышып турамын.
Бир шоордуу –
агага эскертип койсоң деп,
мүрзөдөн
түрүүдө кулагын.
Эстеңиз,
Ысык-Көл аймагын,

ал кезде жаш жигит курагың.

Коңур күз,
желпинип турган чак,
Ысык-Көл серпиле толкундап.
Көл башы,
көп айыл ичинде,
көйнөкчөн
кыз турат солкулдап.
Топурап,
топ атчан келатса,
жүрөгү түрсүлдөйт
болкулдап...
Эстечи,
ал күндү агатай сен!
Кызга да,
сизге да тозокко тең...
Төрөнүн
камчысынан эм түшөт деп,
шордууну
сабатмакка тозушкан эл.
Акылга
сыйбай турган наадандыкка,
ал кезде далай жандар
болушкан жем.
Эстечи,
мөлтүр сулуу турду анда,
балбылдап
бото көзү чанагында.
Кубарып
кандуу беттин нуру кетип,
саргарган
гүл сыяктуу сабагында.

Айрылган
көйнөктөрүн эптей албай,
кайгы-муң өкүм сүрүп
кабагында...
Көңүлдө
тагы кетпей калган чыгар,
жаш кыздын
жан талашып жалынганы.
Катаалдык,
каары күчтүү өкүм сүргөн,
кайран кыз,
кайын-журтка кабылганы.
Айланып,
агатайлап жардам күтүп,
акылы айран болуп
сабылганы.
Он төрт жаш,
бала кези бүр байлаган.
Эрке кыз,
ата үйүндө гүл жайнаган.
Талпынып
таалайына учуп чыкса,
тагдыры
чөлгө түртүп, кум чайкаган.
Эркелик
эне үйүндө кала берип,
тозоктун казанында
ал кайнаган...
Жаш бала,
эрке күнүн жоготуп ал,
адашып
акыл-эстен болуптур дал.
Барк билбес,

зулум эрден запкы чегип.
кыйноодо
турган экен алтындай жан.
Эсине келтирмекке
сабатышып,
этинен агат экен
шүйкүмдүү кан.
Жыртты деп
көйнөктөрүм, датын айтса,
тытылып
гүлгүн көңүл жатканы да.
Сындырды
күзгүмдү деп жалтаң карап,
бечара
күнөө койсо алганына,
күзгүдөй
жаркыраган жаш өмүрү
күбүлүп күкүм болуп
калганы да.
Жабыкса
алда кимдин атын атап,
чакырып
жаткан чыгар эне, атасын
Өтүшүп
көз алдынан эрке күндөр,
Эзилип
тарткан сайын эр жапасын,
Болбосо,
жүрөк сүйгөн түгөйүнөн
ажырап күкүк болуп
ал жатпасын...
Мунун баарын
көргөнсүң көзүң менен,

агатайлап.
сүйлөшкөн өзүң менен.
Уйпаланып,
соолуган кызыл гүлгө
уккан жан жок,
бул күнүөкүнбөгөн.
Аты калса
белгисиз курган кыздын,
катың калган элесин
өчүрбөгөн.
Ошол кыздын
сиңдиси боломун мен,
маектешип
өзүңө келип турган.
Ойлуу турган
кезиңде көөнүң буруп,
эзелкини
эсиңе салып турган.
Кыдык айлын
эстечи өзүң жүргөн,
мен кызымын бул күнү
сайран курган.
Өзүң жазган,
эң кедей Кыдык айлы,
үркүп,
коркуп ар жерге көчүп конгон.
Бүгүн көрсөң.
өркүндөп өскөн чарба,
санат жеткис малына,
«көпөш» болгон.
Заңгыраган үйлөрү,
шаар курулуп,
башын ыргап,

шуударап көчөт толгон.
Сен көргөндө,
кат билгис караңгы эл,
бары тегиз
сабаттуу, адис толгон.
Уул, кызы
булбулча сайрап чыгып,
бая кыздын
сиңдиси акын болгом.
Улуу Ленин.
жаратып жаңы заман,
элибиздин башына
бакыт конгон.
Сизди мен,
таң калдырбайм, Чокон ага,
Өзүң көрүп
турасың ушул жайда.
Жүрөгүң
көп ооруткан караңгылык,
байкасаң,
түш өңдөнүп эми кайда!..
Ак, караны
тааныган билимдүү жан,
алдас уруп, таппадың
элге пайда...
Айсыз түндө
ачык күйгөн шам элең,
илим, билим
бийлигине жагылган.
Карып сындуу
өмүрү кайран ага,
казак элге кардуу күнү
табылган...

Жаш өмүрүң
талпынса жарык күнгө,
жаш талабың
серпилген бийиктерге.
Элиң баткан белчеден
караңгылык,
матап сени
салды эле кейиштерге.
Көксөп жүрүп эркиндик,
ким кетпеди.
Үмүт улап,
канча жол жыл эспеди.
Эл тагдыры
жүрөгүн саруулатып,
качан уулар өзүндөй
зар кечпеди.
Чарчаттым го,
өзүңдү ойго салып,
элдер өтөт
жаныңдан суудай агып,
көргөн элең
кезинде көздүн жашын,
көрчү,
кыздар шыңкылдайт шуру тагып.
Заарду заман.
этегин түрүп кеткен,
күңгүрөнгөн кулакка
үнү калып.
Кулак салып ал үнгө
бүгүнкү биз,
күүнү андай
өкүнө үн салабыз,
элдин жүгүн

аянбай аркалашкан,
уулдарын унутпай
эске алабыз.
Эл башынан өткөндү
эске салуу,
жамандыкты унутпай
көңүлгө алуу,
бүгүнкүндү
көрүүгө ачыгыраак,
сабак тура
адамга кымбат баалуу.
Эске салып
жашаган сенин күнүң,
кулпурбастан
кууураган өмүр бүрүң,
ой терметип.
тагдырга раазыбыз,
Кыргыз, Казак жашаган
күнгө бүгүн.
Өзүң көргөн
Ала-Тоо турагыбыз.
Доорубузга
жашаган раазыбыз.
Эчен кандуу күрөштү
кечип өттүк,
урпактарга жеңиши –
мурасыбыз.
Мурас калган
бабадан нечен кымбат,
сактайт тураэл деген
эчен жылдап.
Баарынан да
жараткан биздин заман

мурастарды түгөтпөс
акын ырдап.
Чокон ага,
жанында ойго батып,
сен жашаган
мезгилге көз чаптырып,
бүгүнкүнү
өзүнө баян этсем,
эртеңки күн
чакырат ал шаштырып...

## КЫЛЫ ҮЗҮЛГӨН КОМУЗУМ
*(Эскерме-баян)*

Кыргыз эзелкиден комуздун күүсү менен төрөлүп, комуздун күүсү менен жашап, өмүрү өткөн.

Комуз күүсү жакшылыкты даңазалап шаңдуу чыгып, жамандыкты кабарлап муңканып, адамдардын жүрөгүндө чертилип келген. Үч кыл комуз турбаган кыргыздын үйү жокко эсе. Кылымдап дайрадай аккан комуз күүсү нечен-нечен албан, асыл комузчу-чеберлердин колунда чертилип, ошол улуу-кичүүлөр биринен сала бирине өткөзүп, кылымдарды сүрүүдө. Комуздун муңканган назик кайрууларын көксөбөгөн, сүйбөгөн кыргыз табылбас.

Дүйнө кенен, дүйнө мартсың чеги жок,
Тирүүлүктө төгүп берген баарысын.
Дүйнө сараң, дүйнө мынча катуусуң,
Кеткениңде сыйрып калат анысын.
Жок дегенде кулагыма калтырсаң
Мукам үндүү темир комуз кагуусун!
Кетет адам акыр сапар тонолуп,
Упа болбой тапканыңдын эч бири.
Калыңданып кара топо катмары

Кайтпас экен кеткендердин эч кими.
Жок дегенде оор уйкуну аралап
Келип турса назик күүнүн эпкини...

Үч күндөн бери суй жыгылган айыл тынчып, үйлөрүнө кирип, бир-бир чөйчөктөн айран жутушуп, баштарын жерге салып, тунжурап отуруп калышты. Короодо тартылган бир гана көгөөндүн баш жагындагы бөйрөктүү боз үйдөн муңканган комуздун үнү чыгып, айылдын баш-аягына жазбай угулуп, бүт айлананы өзүнө багындырып, бийлеп турду.

Сегиз жаштагы Оңол секелек чачтарын сексеңдетип, кызылала чыт көйнөктө колдорун булгалактатып келе жатты. Комуздун күүсү менен чоңоюп жаткан Оңол үйдөн чыккан күүгө токтоно албай делебеси козголуп, бийлей келүүнүн аракетинде. Бирок кандайдыр бир тааныш эмес, өгөй күүгө ал кыймылын эп келтире албады. үйгө жакындаган сайын күүнүн муңканган үнү анын көтөрүңкү көңүлүн басаңдатты.

Шарт этип кирип келген кызын көрүп Бийгелди селт эте түшкөндө колундагы комуздун кылы үзүлүп кетти. Оңолдун көзүнө үзүлгөн комуздун кылы ийрилип көкөлөй түшүп, анан каалгый ылдыйлап келип төшөктүн башына жабылган ак жоолукка түшүп, кара сызык болуп калды.

Оңол төшөктө ким жатканын баамдаган сыяктуу жанынан акырын гана оомайчыктай басып өтүп атасынын колтугуна келип, жоолуктан көзүн албай отуруп калды. Бийгелди баласын бооруна кыса кучактады. Анын көзүнөн ысык жаш мөлтүлдөп сакалы ылдый томолонуп, өтүктүн кончуна тыпылдап тамып жатты.

Ушинтип 8 жашында Оңолдун энеси каза таап, 9 баланын ичинде кыз жетим калат. Эң улуу агасы 16 жашта. Түндүктөн түтүн булатыш үчүн ага 14 жаштагы кызды алып беришет. Атасы Бийгелди назик жүрөктүү комузчу адам, комузун муңканта чертип, муңга батып калат.

Сарбагыш менен бугунун кезектеги салгылашуусунда Кыдыктагы атактуу бай Керимбайдын иниси Намазбек баатыр каза табат. Мына ошондо Керимбайдын байбичеси өзүнүн дагы бир кайнисине аны угузмакчы болот. Кайниси карапайым дыйкан, аны арык чаап жүргөн жеринен чакырып келишет.

Салып койгон там ыйлап,
Тигип койгон тал ыйлап,
Боорун жерден алалбай
Жан-жаныбар баары ыйлап
Баатыр уул дүйнөдөн кайтыш болду –

деген экен Апал байбиче. Угузган кайниси бир алды үңкүрөп отуруп калат да анан башын көтөрүп:

«Өлөөр Намазбек өлүптүр. Келе жармаң болсо, андан көрө эртерээк арыгымды чаап алайын» – дейт. Апал байбиче ага айран-таң болуп, нааразыланат да:

Катуулугуң жердей,
Караңгылыгың көрдөй,
Жамандыгың шоктой,
Сасыктыгың боктой!
Айрөк, айрөк – деген экен.

Керимбай – менин чоң таятам, анын уулу Бийгелди – менин таятам. Таятам Бийгелди чоң комузчу болгон, ушул күнгө чейин анын «Бийгелдинин кырчаңгы уй», «Бийгелдинин маш ботой», «Бийгелдинин арман күү» ж.б. күүлөрү эл оозунда айтылып, чертилип жүрөт.

«Бийгелдинин арман күү» – аялы Толгонай (таэнем) төрөттөн каза болгондо башына отуруп алып биринчи жолу черткен экен. Таэнем өлгөндө аркасында тогуз бала калат. Эң улуусу Арымбай таякем 16 жашта болот. Менин энем Оңол 8 жашында калат.

Таятам Бийгелди өтө сулуу киши болуптур. Атасы Керимбай аны эрке өстүрүп, өтө сулуулугуна маашырланып ага бойго жеткенче кыз кийимин кийгизген. Дайыма өзү менен бирге жыйын, съездге ала жүрөт. Караколдо бир чоң жыйын болуп таятамды Керимбай адатынча ала барат. Ошондо күңгөйлүк бир манап ага ашык болуп калат. (Кызык окуя болот). Кийин эркек экени далилденген соң, эркеги мындай сулуу болсо, кызы укмуш чыгар деген ой менен Бийгелдинин эжесине (Керимбайдын бир кызына) сыртынан көрбөй туруп куда түшкөн экен.

Энем Оңол туулган күндөн атасы комузчу болгон соң күүнүн таасирине бөлөнүп, күү менен көз ачып, күү менен чоңоёт. Ошонун натыйжасында энем күүнү өтө сүйүп, күү алдында бийлеп, анык музыканын баласы болуп калат. Айылдаштары: «Капырай, Оңолдун муун-жүүнү жоктой, бийлегенде көпөлөк сыяктуу калкылдап учуп кетейин дейт, канаты гана жок» – деп калыша турган.

Энем өзүнүн бийлеген учурларын эскерип жана эмнеликтен бийлебей калганын айтып кала турган: «Биздин айылга жай күндөрү бир соодагер өзбек баласы менен келди. Айылдаштар дөбөдө адатынча атама комуз черттирип отурушкан. Мени бийлетип калышты. Аздан соң тигил өзбек баланы да сурап бийлетип, кимдир бирөө экөө мелдешип бийлеп көрүшсүн, кимиси кыйын экен – деп калды. Биз бийлештик. Бала чарчап калдыбы же таңыркадыбы мени карап оозун ачып эле туруп калды.

Отургандар: – Оо, Оңол жеңди, Оңол кыйын бийлейт тура! – дешип, эл күүлдөй түштү. Өзбек бала ызалана буукту белем мага карап: «Катын болгон соң элечеги башынан ыргып кетет мунуңдун» – деди. Эл күлүп калышты. Мен аны жалт карап алып качкан боюнча кеттим. Эмнегедир өтө ызаландым. Коктуга барып жатып алып ызама чыдабай көпкө ыйладым. Мына ошол күндөн тартып, эл канча асылып суранбасын кашая бийлегенди койгом. Бирок комуздун үнүн укканда азыр деле токтоно албай кетем» дегени эсимде.

Аттиң ай! Энем биздин заманда туулса сонун балерина болмок окшойт. Бүбүсарадай болуп далайды тамшандырмак экен. Анткени энемде сулуулук да бар эмес беле.

Энем укмуш адам эле го. Эрдин иши да, аялдын иши да колунан келчү. Абысындары: «Оңолдун колунан көөр төгүлөт» – деп калчу эмес беле. Анын жүрөгүчү, ак пейил, кечиримдүү, көтөрүмдүү. Кимге болсо жакшылык каалачу. Кектенүү, арамзачылыкты такыр билчү эмес. Ар кимге өз энеси укмуш көрүнөт. Бирок мен энеме художниктин сын көзү менен карап туруп ушул ойго келем.

Тирүүчүлүк, жашоо, өмүр жолу алдыда... Ал узун да, кыска да. Оңолду ошол жолдо дагы эмнелер күтөт?..

Бийгелдинин айылында той-тамаша. Бала төрөлгөн же баланы отургузган. Эл тамак-аш ичкен соң, айылдын жогору жагындагы дөбөчөгө тамаша куруугa бет алышты. Манасчы, комузчу, ырчылары ичинде.

Бийгелдинин да комузу колунда.

Дөбөгө чогулган эл тамаша курууда. Манасчыны эс алдырыш үчүн комузчуга кезек беришти. Кымызга тойгон эл күүлдөп, Оңолду көкүрөктөн (Каракол жактан) келген комузчунун уулу менен бийлеттирип калышты.

Оңолдун бийлешине эл маашыр. Кимдир бирөөлөр:

– Капырай, ушул кыздын сөөк-саактары жок сыяктуу.

– Мен мындайды көргөн эмесмин. Көзүн комуздун күүсү менен ачат.

– Комузчунун кыздарынын баары ушундай дейсиңби? – дешет.

Бийчилер өтө берилип, кызуу бийлеп жаткан кезинде, эмнегедир кокустан күү токтоду. Күү менен кошо сүрдүгө түшүп токтогон Оңол, комуз чертип берип жаткан атасына карады. Атасы отурган турпатында башын жерге салып калганын көрдү...

Ушинтип кызуу тамаша-салтанат өкүм сүргөн жерде көптөн бери муң көөдөнүн кажыган Бийгелди комузчунун өмүрү, комуздун кылындай үзүлдү да калды...

Энемдин эт жүрөгү көп ооруган,
Энеси эрте кетип келте оорудан.
Өмүрүн өргө коштоп кайгы-капа,
Бир эмес айрылыптыр төрт боорунан.

Энемдин эт жүрөгү көп ооруган
Тагдыры талыкпастан бек тооруган.
Токтобой чүрпөлөрү уча берип,
Алоолоп, күлгө айланып ал куруган.

Энемдин эт жүрөгү көп ооруган,
Эскирип кетпес болуп эч оюмдан.
Күнүнүн күйүтүнө күйүп-жанып
Күнүгө энчи алуучу куу союлдан.

Энемдин көз жаштары тамчылаган,
Менин да жүрөгүмдү камчылаган.

Жалгызын аягандан жашын сүртүп,
Ооруган жүрөгүнө ал чыдаган!..

Өмүр жолу – турмуш жолу алдыда... Ал узун да, кыска да... Оңолду дагы эмнелер күтөт, ким билет!

Баланын башына иш түшсө, ал бат жетилип, бат эсине кирет. Турмуш буйлалаган бечара энем ургаачынын да, эркектин да жумушу колунан келип, чыйрак өсөт. «Бийгелдинин кызыл кыз» атанып өңдүү-түстүү да болот.

Жаш кызды жамандык гана эрмектебей, жакшылык да жылмаят. Жүрөгүн күндөй балкытып махабат келет.

Күндөрдүн биринде той-тамаша болгон жерде, кара каш, ак жуумал, орто бойлуу, сөзмөр, шайыр жигитти көрөт. Ошол жигиттин маңдайына шам жагылып, Оңол биринчи жолу махабат бактысын татыйт. Бул менин атам Жунушбай болуп чыгат. Энем Оңол 15 жашында, атам Жунушбай 25 жашында баш кошушат. Ар бир өсүмдүк өмүр үчүн көз жарып чыгып, бүр байлап гүлүн ачып, өсүп-өнөт эмеспи. Адам баласы да ушундай. Менин түп тамырым атам, энем болгондуктан, алардын өмүр жолуна да бир аз көз чаптыра кетели.

Оңолдун жетим күндөрүн унуткарып, атам ата да, эне да, күйөө да болуп берет. Жакшы, жаман күндөрдүн баарында кол кармашып өмүр өтөй башташат.

Өмүр жолу, турмуш жолу алдыда... Ал кызык да, татаал да... Эки жашты эмнелер күтөт, ким билет!

Жаш үй-бүлөнү тагдыр айдап, турмуштун айынан 1915-жылы жер-суу кенен имиштен улам темтеңдешип, топ үйлүү жердештерине кошулушуп Текеске барышат. Текестен да жай таппай ачынып-чачынып, бир кыштап кайра туулган жери Тоңго келишет. Көп узабай

1916-жылдын козголоңуна туш келишип, өлүм менен өмүрдүн талашында Кытайга бет алышат.

Падыша кулап, жаңы уруят орногон имишти угуп, көксөгөн Көлгө кайтышса, аларды келте эпидемиясы менен ачарчылык араанын ачып тосуп алат. Бирок туулган жерге кайтып келиш чоң бакыт да.

«Бири кем дүйнө» дегендей бактыга жоготуулар көлөкө суу түшүрүп, жүрөктөрдү сыздатууда. Турпандан кайтып келе жатканда көлгө жетпей ат үстүндө чоң атам Алчике көзүн жумат. Көлгө келген соң атамдын эки агасы келтеден кетсе, бир агасынын ачкадан түндүгү тартылбай калат. Артыкча 1918-жылдын жаз айлары аянычтуу келип, келте оорусу биздин үйгө кирип, эң оболу энеми жыгат, ал жаңыдан баш көтөрмөкчү болгондо бир жашка келип калган Ыйманкан аттуу кызын алып кетет. Бул кызын энем Кытайдан кайтып келе жатканда Ыйман-Базар аттуу жерде төрөп, атын ошол шаарга ылайыктап коюшат. Энем: «И, ал кызым сулуу болмок. Чачтары коюу, капкара, карагат көзү ботонукундай, Тентидей кара эмес, аппак болучу» – деп эскере турган.

Кечке маал. Сайма алачыктын ичинде келте илдети менен кайгыдан улам эки дүйнөнүн ортосун кайтарып тыңыйын деп калган энем жарма жасап, атам экөө тамактанып жатышкан мезгилде, эшиктен Жаныман аттуу кара бала шаша кирет. Ал жетимдин келиши күтүлбөстүк эмес эле. Бирок бүгүн анын түрү башка.

Атам чочулагандай:

– Э, эмне болду? Жайчылыкпы?

– Байке, Жуке! Мен жаман кеп уктум.

– Эмне дейт! Кандай кеп?

Жаныман аптыга мукактанып:

– Токо бийдикине кадыр сурап барсам, үй ичи бака-шака сөз. Эшиктен тыңшасам жаман сөз уктум,– дейт.

– Эмне сөз? Айтпайсыңбы!

– Сизди эртең сүйрөтүп өлтүрмөй болушту.

– Эмне дейт! Мени эмнеге өлтүрөт, кылмышым болбосо!

Ууру күчөп кетти, ар бир уруудан бирден кишини ууру деп эле ылайыгын келтирип, сүйрөтүп өлтүрсөк ууру тыйылат, – дешип жатышты. Качыңыз, качпасаңыз болбойт.

Биз ууру кылбай эле наавайчыга жалданып эптеп нан таап жеп жашап жатпайбызбы. Эмне үчүн өлтүрмөк?

Актыгына ишенген атам бул сөздү башына сыйдыра албады. Энем безилдеп:

– Кокуй, Жунушбай! Акбезерген байкуштун күнөөсү жогун өзүң билесиң. Эптүүлөп туруп эле сүйрөтүп өлтүрүшпөдүбү. Токо өз туугандарын жамандыкка кыябы.

Сени эптүүлөгөн тура. Сага болушар кимиң бар. Кой качалы!..

– Кайда барабыз? Кайда барып баш катмак элек!

– Караколго кетели. Тузкөзгө кетели. Тууганбыз го, батырып алаар...

Тузкөз атамдын аталаш иниси Карымшак Алжан уулу. Аны энем: «Тузкөз» – деп тергөөчү. Тоңдо биринчи колхоз курулушуна активдүү катышып, көп жылдары ошол жаңы уюшулган «Жалчы» колхозунун башкармасы болуп иштеп, 90го чыгып каза болгон.

Эртең менен туруп токтоно албай базар жакка барат. Барса бир жакын тууганы тоодон бир чанач айран алып келип сатып отурат. Анын жанына барып отуруп, башына келген окуяны баяндап, ага өзүнүн ишенбестигин айтып

отурган учурда, шамдай болуп эле 4–5 атчан кишилер чыгат. Байкап караса ичинде Токо келе жатат. Атам секирип туруп: «Тигине мени өлтүргөнү келе жатышат, койнуңа, чөнтөгүңө таш сал, жаздыгыбызды ала жаталы» – деп, чөнтөк, койнуна таш сала баштайт. Камынып турган мезгилде тигил адамдар жетип келишет. Атамдын өңү бузулуп турган белем, келген кишилер көп батынбай, оңтойсузданып токтой калышат. Кимдир бирөө келгендердин ичинен салам берген болот. Атам алик албайт. Токо ошондо: «Сен Жунушбай эмне эле сурданып саламды алик албай калгансың» – дейт. Атам унчукпайт. Ал сөзүн улап: «Сен үркүндөн мурун Байкашкадан бир эчки карыз алган экенсиң, эмдигиче бербепсиң, ал эчки эки төлдөптүр. Бир төлүн кечтим этип, улактуу эчкисин талап этип жатат» – дейт. Атам болсо: «Үстүмдөгү жаман тондон башка эч нерсем жок, эмнемди берейин, эптеп наавайчыга жалданып жан багып олтурам. Мен бала кезимде беш жылы коюн кайтаргам, чычкак улак акы берген эмес. Мен ал эчкини акыма чегерем» – дейт. Анда Токо кекетип: «Сен өзүң эле чечим чыгарып, бий болуп алгансың го. Андай дооң болсо бийге кайрыл, ал эми карызга алган эчкиңди бүгүндөн калтырбай берип кутулгун. Кутулбасаң жазага тартыласың!» – деп, атын моюнга чаап бурула берет, анын артынан беркилер да жөнөйт. Атам бир жигитинин канжыгасына байланган арканды көрүп, ошондо өлүм алкымдап келип кеткенин түшүнөт. Көрсө, атамдын жанындагы иниси менен камданып, өңдөрү бузулуп тургагын байкаган Токо – жанкечти немелер бирибизге зыян келтирип иет дегенсип, батынбай баш тарткан экен. Ал күнү атам өлүмгө башы байланганына көзү жеткен соң, эмне кыларын билбей айласы куруп турган учурда Улак

уулу Айтбай келип калат. Ал киши кытайда жүргөндө атамдан бир аз карыз акча алган болот, бирок кайтарып бере элек экен. Атам туура барып эле акчасын доолап калат. Ал азыр жоктугун 2–3 күндүн ичинде таап берерин айтат. Атам ачууланып: «Мага 2–3 күндөн кийин акчанын кереги жок, азыр бер!» – деп жакадан алып, аттан оодара тартат. Айтбай атамдын жоругуна аң-таң боло түшүп: «Айланайын Жуке! Эмне болду, өңдөн эч нерсе жок, эмне болуп кетти? Азыр таап берем» – деп, безилдеп жиберет. Атам болгон окуяны айтат. Ошондо Айтбай Кызыл-Сууга дан ташыган кербен төөнү өзүнүн иниси жетелеп, бир аскер узатып, эртеси эртең менен жөнөөрүн айтат. Атам безилдеп жалынып, эптеп аялы экөөсүн жөнөтүп жиберүүнү суранат. Айтбай солдат менен сүйлөшүп, көндүрүп берет. Эртеси таң сүрө атам, энем жана Буканай деген аталаш 11 жаштагы инисин алып, Кызыл-Сууну (азыркы Покровка айылы) көздөй жөнөп кетишет. Ажалдын жогун кара, ошол күнү күн чыга 3–4 шылуун жигиттер Токонун буйругун аткарууга келишип, атамды таппай сыйпалап калышат. Ошентип атам бир өлүмдөн калат, бирок алдыда дагы экинчи өлүм күтөт.

Бул ажалдан кутулуп, аман-эсен келечекке бет алышканына бир жагынан кубанышса, экинчи жагынан эки-үч жылдан бери бир жерге байыр алышпай тентип жүрүүдөн көңүлү калып жадаган бечараларды алдыда эмне күндөр кезигет, кайда барып баш катып жансакташат. Тагдыр дагы кандай окуяларга дуушар этет. Мына ушундай туңгуюктуулук көңүлдөрүн чөктүрүп, тынчсыздандырып турду.

Күн кечки бешим. Тоңдон эгин тартып, Кызыл-Сууга (азыркы Покровка кыштагы) келе жаткан кербен төөнүн үстүндө атам, энем жана 11-12 жаш чамасында Буканай

байкем. Буканай дагы атамдын аталаш иниси. Кичинесинде ата-энесинен жетим калып, туугандарда чоңоюп, Караколдон окуп келип, айылда көп жылдары суу чарба техниги болуп Улуу Ата Мекендик согушка чейин Тоңдо райком комсомолунун биринчи секретары болуп да иштеген. (1937-жылкы капшаптан да куру калган жок.) Ата Мекендик согушка биринчи эле күндөрдөн чакырылып, кайтпастан курман болду.

Кербенчи болсо Айтбай, атамдын айылдашы. Кербенди кайтарып, узаткан жарактуу солдат (орус). Кызыл-Суруга кире бергенде, солдат эгинди кайда алып барып түшүрүүнү билишке алдыга желдирип кетет. Көп узабай кербендин алды жагынан жасана кийинген жаштар чыгат. Көрсө кызыл жумуртка (пасха) майрамы тура. Эч нерсе ойлорунда жок кербенчилерди алигилер таш бараңга алышат. Шордуу энем төөдөн топтой болуп учуп түшөт. Энемдин ак жоолугу кызыл шалпарга айланат. Баягы солдат келип көрүп:

– Ай, ой жаман болгон. Көрдүңөрбү ким муну жасаган? Силер кыргыздар, ошон үчүн орустар жаман карайт силерге. 1916-жылкы козголоңдун убагында өкүм сүргөн өрттүн изи аян ачык көрүнүп турган таш үйлөрдү, бакдарактарды көрсөтүп, сөзүн улап:

– Силер бүгүндөн калбай, орустарга малай болуп кеткиле, болбосо өлөсүңөр.

Кулак Гаврилкого бир желпирим табак улпак акы төлөмөй болуп, Жунушбайды кызматка алат. Атамдар баш катканына ыраазы. Энем чара-чара камыр жууруп нан жаап, додолонгон кир жууйт. Атам, Буканай иниси экөө короо-жай, чарбачылык ишинде. Атам келте оорусу менен ооруп калат. Гаврилконун ошол күндөн көз кара-

шы бузулат. Мурун деле заардуу неме зиркилдегенден зиркилдейт. Күйөөсүнүн ооруганына айыптуу сыяктанып күн-түн жанын сабап иштеп: «Күнүнө эки-үч сааттан ашык уктабачу элем», – деп айтып калчу энем.

Күндөрдүн биринде бир узун кара жигит пайда болот. Гаврилке үйүнө алып кирип сүйлөшөт да кетирет. Эмнегедир энемдин көзүнө ошол жигит да, кожоюн да суук көрүнүп, тынчы кетет.

Улпактан жасалган көгүлтүр жарманы ичип отурушкан мезгилде эшиктен Андрей кирет (Гаврилконун экинчи кызматкери).

– Кел, отур, Андрей. Жармадан куй Андрейге.

– Жок, мен эми эле тамак ичкем, рахмат.

– Ооз тий, куттуу үйдөн куру чыкчу беле.

– Мейли ооз тийсе болот.

– Андрей, мынабу менин аялым тынчы кетип эле Караколго кетели деп жатат. Кулагымды жеп салды.

– Ооба, айланайын Андрей, кетпесек болбойт. Кожоюнду көрөйүн деген көзүм жок. Эң эле суук көрүнүп денем үркүп калды. Эмнеси экенин билбейм, мышык көздөрүнөн жалаңкыч карап тургансыйт.

– Мына ушинтип муну Кудай урду.

– Андрей, мен оорудан анча тыңый элекмин. Кантип Караколго жетем. Буюм тиричилик бар, ким көтөрөт.

– Жетесиң, оор буюмдарды албайбыз. Жан болсо баары табылат.

– Жунушбай, Оңолдун тилин алыш керек. Каракол көп деле алыс эмес. Мага да кожоюндун бир билгени бар сыяктуу...

Эртеси эртең менен үчөө куру кол Гаврилконунун дарбазасынан чыгышты.

– Шайтаным, ушуну кылмаксың! Көгөрүп отуруп, оокаттан кол жуудуруп, баарын Гаврилкого тарттырып чыктыкпы! Анын тилин алып эле үч күн чыдап, Кара-Булуңга Буканай экөөбүз кош айдашып берип кетсек болмок.

– Ээ, Жунушбай, кызыксың! Жаныбыз аман болсун. Оокат жерге кирсин табылат, кайсы жыргаган оокатыбыз бар эле. Бир гана тукаба кемселим менен шайы көйнөгүмө ичим күйүп калды. Мейли баштан садага.

Караколду көздөй кетээр тараптагы көчөнүн башына жакындап калышты. Дубалдан дүп этип, Андрей секирип түшүп:

– Жунушбай, бүгүн Кызыл-Суудан чыкпагыла. Бир жерге жашынып жатып эртең кеткиле. Гаврилко колуна балта алып, жүгүргөн боюнча тээтиги жолдун боюндагы бузулган тамды көздөй кетти. Силерди жайламакчы, тез кайра кыштакка кайткыла. Мен кеттим, силерди көрүп калбасын – деп башка сөзгө келбеди...

– Жунушбай, таңга жакындап калды. Эрте жолго чыксак боло.

– Күн чыксын, жолго жүргүнчүлөрдүн көбөйгөнү жакшы. Жол ээнирээк кез коркунучтуу.

Күн чыга баягы үчөө кыштактан чыгып кашатты таянган кезде, алдыларынан энтеңдеген бир аял чыкты.

– Жол аруубу?

– Аруу-аруу! Башка сөзгө келбей, аял шуулдай өттү.

– Мына мунун бир көргөнү бар го?

Оңол кылчая карады. Жунушбай унчукпады. Кашатка чыгып бир канча жерге узашты.

– Өлдүк-өлдүк!

Көзүң жамандыкты көрбөсүн. Жолдун таманында кара тырайке шым, бешманты бар 12–13 жаш чамасында

эркек бала оозун ачып жаны чыгалбай чимирик болуп туйлоодо…

Төмөндө уй жайылган сазды карай бара жатышкан атчан бадачы өспүрүмдөрдү көрүштү. Качкындарды көргөн алар аттардын башын бурушту. Үчөө кол кармашып жүгүрө беришти.

Атчандар жөөлөрдү узартабы. Айласы кеткен Жунушбай, Буканайдын тебетейинин жыртыгына каткан бир сом акчаны алып:

– Силер чуркай бергиле, мен тигилерди тосуп, сүйлөшүп көрөйүн.

Эң алдында керкашка ат минген 15–16 чамасында чекир көз, кубаңкы жигит жете келип, колундагы союл менен Жунушбайга шилтей берише, аты жалт берип кетти да колундагы таягы ыргып кетти. Жунушбай жүгүрүп таякты алып:

– Постой! Постой пожалисте! – деп калды. Тирүү жандын колуна таяк тийгенде сөз болбой коёбу.

Торкашкачан токтой калды, аркасындагылар да жете келишти. Тигил баарынан улуудай.

– Биз Гаврилконун малайыбыз. Кара-Булуңга кош айдаганы бара жатабыз. Ал артыбыздан арабачан келет. Бизге тийбегиле, божалста?

Мен сага акча берейин, – деди атам. Жолдошторуңду кетир. Жолдоштору алыстаганда ал:

– Кана акча! Ушул аз!

– Ийбогу, башка жок.

Башын чайкап, аркасына бастырат.

Жунушбай беркилерге жетип, үчөө жүгүрө баштайт. Буканайдын буту жерге бирде тийсе, бирдей тийбейт. Акчаны аз көрүшкөн бадачылар дүрдүгүп тигилердин ар-

тынан түшүүгө даяр мезгилде, кашаттан ат араба чыгат. Атчандар токтошот. Араба бир заматта зырылдап өтүп кетет. Баягылар кайра камынат. Ажалы жокко себеп, дагы бир ат араба чыгат. Ал жетип, өткөнчө качкындар алыстап, тоо таянып кетишет.

Ажалдан качкан бечараларды дагы эмнелер күтөт ким билет!..

Өмүр жолу алдыда. Ал узун да, кыска да.

Караколдун базары. Тиричилик иш. Атамдын алдынан орой-чарай баягы Гаврилкого келип жүргөн узун кара жолугат.

– О, атсалоом алейкум. Кайдан? Жол болсун.

– Аллекуме салам. Кайдан? Жол болсун.

– Ээ, сөз көп, курдаш. «Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт» дегендей, көрүшкөнүбүздү кара. Кайдасыңар, турмуш кандай, аманчылыкпы?

– Кудайга шүгүр, аманчылык, жаман эмеспиз. Үй жакка кайрылып, нан ооз тийиңиз. Мынабу эле жерде турабыз.

– Мейли, мынча кезиктим, буйрук да. Барса барайын, тааныш таппай карайлап турдум эле.

Атамдар Карымшак байкемдер болуп бирдикте оокат өткөрүп турушкан. Баягы көзүнө суук көрүнгөн узун каранын келишине бир алды энем оңтойсуздана түштү. Эңкейе сунганда эски бешманттын жең түбү тытырай кетет. Энем чочулагандай:

– Үлбүрөгөн түгөнгүр кыймылга келбейт.

Узун кара жылмайып:

– Аяш сиздин кызыл тукаба бешмантыңызды Гаврилконун уулу кийип жүрөт, – дейт.

– Ошондойбу, көрдүңүзбү?

– Мен силер кеткен соң аларга ишке киргем. Сиз ошондо күйөөңүз менен балаңызды ажалдан алып калыпсыз.

– Кандайча? Атам экөө тең сестее түшүшөт.

– Мен бир эки-үч жолу силер барда келип кетпедим беле, эсиңердеби?

– Эсте болгондочу.

– Гаврилко аны маа айтып берди да: «Мен Жунушбайды баласы экөөнү Кара-Булуңга кош айдайбыз деп алып барып балталап өлтүрүп, сага аялын алып бермек элем, аялы ушундай жакшы, оокатка кыйын болучу. Шайтан, ыйлап болбой отуруп, алып кетип калды. Эки-үч күн өйдөкү жаман тамда балта алып аңдыдым, жолугушпады. Качан, кайсы жактан кетти билбейм, түндө кетсе керек» – деди. Муну уккан соң өзүмдүн жүрөгүм түшүп калды. Ал залимден кутулушту ойлоп, ыгы келген күнү гана куйрукту түйүп жолго түштүм.

Энем байкуш айта турган: «Карасам Жунушбайдын өңү куураган чөп болуп калыптыр... Ошондон кийин мени жемелегенин калтырды. Болбосо кийим-кеченин, жууркан-төшөктүн кемчилик азабын тарткан сайын эле жемелей берүүчү» – деп.

Октябрь революциясынын таңы Ала-Тоо жергесине да атып, эркиндиктин нуру жаркырап төгүлө баштаганын сезген ата-энеме каардуу күндөр кайрылгыс болуп, таалай өз жерине, элине үндөп тургандай сезим келип, Караколго бир кыштаган соң, күзгү бышыкчылыкта ирденип алышып, Тоңго кайтышат. Чынында бей-бечаралар баш көтөрүп элкин басып калган, зулумдар ийинге кире баштаган. Тагдырларын жаңы заманга тапшырып, анын орношуна колунан келген кол кабыштарды жасоонун

аракетинде атам жаңы түзүлгөн Тоң болушунун аткаруу комитетине чабармандык ишине орношуп, жанынын бардыгынча кызмат өтөйт. Энем болсо аялдар кыймылына катышууга аракеттенип, аял советине мүчө болот. Тагдыр жылмайып жакшылыктар келе баштайт.

* * *

Таарынсаң да тагдырыңа таарынгын,
Жалынсаң да тагдырыңда жалынгын.
(Жоомарт)

Тагдыр бир чөйчөккө бал кармап, бир чөйчөккө уу кармап, адам баласын колдон алып жетелеп бул дүйнөгө алып келип, бирде балдан татытып, бирде уудан татытып, адыр-будур жерден, дабаны бийик ашуулардан, агымы катуу суулардан, бирде даңгыр, бирде тайгак жолдордон ээрчитип өтүп, анан кайрадан жетелеп алып кетет белем.

Адам баласы тагдыр анын досубу же касыбы, аны адилеттик менен болжой албайт. Бал берген күнү ага ыраазы, алкышын айтып, жан досундай көрөт. Ал эми ачуу берсе каргап-шилеп, каардуу душманы катары көрөт.

Мына ушинтип тагдыр адамга бирде дос, бирде кас өңдөнүп кошо келип, кошо кетет тура.

Мен дагы тагдырым экөөбүз бул дүйнөгө ээрчише келдик. Ошол биз келген күндөн, өмүрдүн биринчи кадамын алган жерден сөз баштайлы.

Мен төрөлгөн экенмин жаз айында,
Желин салып жер-дүйнө турганында.
Күн күркүрөп жамгыр жерге төгүлүп
Көлбүй түшүп көк шиберди жууганда.

Төрөлүпмүн чарт жарылып каканактар
Жан-жаныбар баары тегиз тууганда,
Мени менен жазда келген балдардын
Энелери эми белин бууганда.

Төрөлүпмүн толгоо тарткан Жер эне
Кызыл-тазыл гүлдөр төрөп жатканда,
Тирсийишип энелердин эмчеги
Ийип берип сүт диркиреп акканда.
Уяларда жумурткалар чегилип,
Балапандар кызыл оозун ачканда.

Ошол күндөн жайда толуп жадырап,
Күздө улгайып, кышта көңүл чөгөрөм.
Жаш өтсө да жазды тосуп кубанып.
Жан сергитип жана кайра төрөлөм.

Күздүн күнү, күрөндүдө калбастан,
Улам кайра кышка келип турсам дейм.
Кар алдына кала бербей көмүлүп,
Кайран жанды кайра жазда туулсаң дейм...

Мына ушундай жаздын айы жаркырап турган мезгилде, бүткүл дүйнө жүзү чыдамсыздык менен мени гана күтүп тургансып жан-ыманым калбастан, болочок эркеликти күбөлөгөндөй, бакырык салып келген экемин. Ысык-Көл өрөөнүндө, Тоң аймагында, Иймек аттуу жерде, өзүнөн өзү күүлөнүп элирген Тоңдун чоң суусунун жээгинде киндик каным төгүлгөн.

Өзгөнү ким билсин, менин ата-энем үчүн олчойгон бакыт, кусадар күткөн баласы болгон экемин. Башынан толгоосу катуу шордуу энем 3–4 күн толгоо тартып:

«Аялдын бир өлүмү ажал, экинчиси төрөт, кудай сактап аман-эсен көз жараар бекен», – дешип, айыл-апасы үрпөңдөшүп турат. Атам байкуш курун мойнуна салып, төргө чөк түшүп, кыбыланы карай: «О, кудай! Берер болсоң бер, жарыма аман-эсен көз жардыра көр!» – деп буркурап ыйлап отурган белем.

Муну мен алардын оозунан көп уккам. Анткени атам 35 жашка, энем 25 жашка келгенче колуна бала жетелешпейт. Балага ынтызар болгон кургурлардын тилегине каршы табылган чүрпөлөрү токтобой уча берет. Кээси жашка жетсе, кээси жетпей, ак уул, кызыл кыз дегендей, эгиз-жалкысы болуп беш баладан кол жуушуп жайдак турган мезгили тура.

Бала бакырып дүйнөгө келгенде киндигин кесип, ак шейшепке ороп алган соң шарт боюнча аксакалдардын бири азан чакырып ат коюлган. Менин азанда коюлган атым Сайракан экен.

Толкуган сүйүнүчтүн биринчи илеби басаңдаган соң, «туулганына кубанбай, турарына кубан» дегендей сезим келип, эми ырым-жырым башталат. Айылыбыздагы көп балалуу аялга көтөртүп, тогуз үйдөн өткөзөт, эң акыркы үйгө келгенде атам тогуз буюмдун башын (кой баш болуп, аягы топчу, ийне) алып барып, курун мойнуна салып, алаканын жайып туруп, «сатып» алган болот. Үйгө алып келген соң түлөө өткөзүп, «тентип эле элдин арасында аман жүрсө болду» деген максат менен экинчи жолу Тенти атым мага ыйгарылат.

Мына ошол күндөн тартып, өзүм жалгыз эки атты коштой келечек өмүргө бет алган экенмин.

Ал эми бул кайсы күн, кайсы ай, кайсы жыл экендигин так айтыш кыйын. Бул маселе мен үчүн гана

эмес, менден мурда же бир аз кийин келген кыргыздын бардыгына тиешелүү. Анткени дүйнөгө келген мезгилин ак кагазга жазып күбөлөгөн шарт болбоптур. Ошонун натыйжасында биз эркин эсептөөгө мүмкүнчүлүк алдык. Божомолдоп бир атактуу кишинин бийликке келген же кеткен, дүйнөдөн өткөнүнө, болбосо улуу тумоо, ачарчылык, козголоң, жут жана башка окуяларга тууралап жыл сүрүп, эптеп туулган жыл белгиленген, ал эми туулган ай, күн такталбай калган, эрте жазда, эл өйдө көчөөрдө, саратан жайда, күркүрөгөн күздө, кычыраган кышта жана башка мезгилдин убагында таянылып айтылган. Менин туулган жылым ушул өңдүү белгилер менен 1920-жылга, жай айына туура келет. Бирок ар түрдүү шарттарга туура келип, өзгөрүүгө да дуушар болду. Мисалы:

«Таңды кеч ойлоп карыгам,
Талыкшып жаным зарыгам» –

деп, залкар акын Мукай Элебаев айткандай, мага дагы зарыгып жүрүп окууга кетүүгө мүмкүнчүлүк келгенде, жаштыгыма карап, окууга албай койбосун деген ой менен сельсовет эки жашка чоңойтуп справка беришкен. Шаарда окуп жүргөн кезимде комсомол болууну дегдеп, жанагы справкага таянып, 1932-жылы 14 жашка тууралап, 1918-жыл болуп комсомолго өттүм. Бирок кийин калем кармап, акындык өнөргө өткөндөн кийин акындар тарыхый адамдардан болгондугунан, тарых тактыкты сүйгөндүгүн эске алып, СССР Жазуучулар союзуна мүчө болуп киргенде ата-энем болжоп аныктаган учурду – 1920-жылды, дүйнөгө келген жылым экендигин көрсөтүп жазууну туура таптым. Ажап эмес, кокустан адабиятчылардын бирисинин башына менин туулган жылымды

тактоо туура келсе, чаржайыт маалыматтардан башын оорутпай, жогорудагы өзүм жазган саптарды эске алар. Эгерде тактабай койсо, андан деле көп нерсе бузулбас.

Мен энемдин эң кенже, өлбөй тирүү калган жалгыз кулунумун. Эмнегедир менден кийин төрөбөй калат. Жалгыз бала, көрбөй жүрүп көрсө, ал кандай болоору белгилүү эмеспи. Мени обу жок эркелетишти. Ата-энем: «Тогуз уулга бербейбиз» – деп кыз дегендерге кызыраңдап, эркекче өстүрүштү. Жеңелерим: «Эрке бала» – деп тергешсе, сиңдилерим, инилерим: «Тенти байке» – дешип, ушул күнгө чейин адат болуп келүүдө. «Эрке өстүм» деген ырым ушуга байланыштуу жазылган.

Чынында эле кыз атыма жат элем. Ушул мүнөз көп жылдары мага үстөмдүк кылды. Кийин бойго жетүүгө аяк баскан мезгилдерде, жигиттер мага сүйүү каттарын жаза баштаганда: «Менин атам, энем эркек ордуна көрүшүп жүрсө, булар мага кат жазышат» – деп, канча жолу ызаланып ыйлаганым эсимде. Балким, ушундай тарбиянын натыйжасыбы, мен өтө мүнөздүү адам болдум, оңой менен бирөө көңүлүмө толбоочу, теңсинбөөчүлүк менде күчтүү болгон мезгилдер да болду. Бул мүнөздүн кесепетинен душмандын санын көбөйтүп да жүрдүм.

Кыз болуп куурчак ойноого көп көңүл бурбай, эр балдардын оюнуна берилдим. Жаа тартмай, таш мылтык, суу мылтык атмай, чикит чапмай, чүкө ойномой, найза саймай, ал эмес күрөшмөй, мушташмайдан да өжөрлөнүп калышчу эмесмин.

Атам байкуш мага оюнчук курал-жабдык даярдоо менен алек болучу. Бир чепкенинин кебезин чубап, таш мылтыгыма ок үчүн бүйүргөнү эсимде. Ал эми чүкөлөрүмдү көк, кызылга боёп, сакаларыма зерикпей кыт

куюп отурчу. Чийкил чүкө, бышкан чүкө, элик чүкөлөр баштык-баштык болуп жүктүн бурчунда жатчу. Мына ушинтип, мени ата-энем тамагынын ырыстуусун оозума кармап, кийинтип, өзүлөрү да чекемден чертпей, башкаларды да черттирбей опсуз эрке өстүрүштү. Балам таалайлуу болор бекен – деп, тилектери өткөн. Бирок менин тагдырым ар түрдүү болду. Кай бирде эргий көкөлөп, гүлдөй жайнадым. Бир мезгилде үч бүктөлүп жерге түштүм.

Таалайдын таттуусунан татып ичип,
Турмуштун ачуусунан кана жуттум.
Тагдырдын татаал жолун тамтаң басып,
Эчен жол аскасынан алыс учтум.
Өмүрдүн өжөрлөнгөн күрөшүндө
Көп жеңилип аз гана уттум.
Бирок да жашоо нурун күндө көрүп,
Жагымдуу музыкасын дайыма уктум.

Эркелик шартта, турмуштун татаал жолунда калыптанылган өзгөчө мүнөздүн ээси сыяктанам. Канчалык тагдыр каардабасын ийилип, сынбай туруштук берип, өмүргө кумарлуу жашадым. Бул мүнөздүн оң жагы. Ал эми тескери жагы болсо – бетке айтма, өткүрлүгүм. Эгерде адилеттик, чындык маселедей өзүмдө ишеним болсо, эч нерсеге карабай, жүрөгүмө жакын алып, жанымдын бардыгынча берилип ачык, бетке айтам. Мындай мүнөздүн адамга пайдасы азыраак болот белем. Экинчиден, өтө ызакормун. Аз эле нерсе жүрөгүмдү жаралап, чөктүрүп коёт. Бирок мен ушу жашка келип, бирөөнүн үстүнөн тоголок же ачык кат эмес, бир сап нерсе жазганым жок. Бирөөлөрдү атайын каралоо үчүн ушактап-жамандап эч кимге барганым жок. Жамандык эткендерге жамандык

издеп өчөшкөнүм жок. Ыйлап-ыйлап көзүмдөн күч чыгардым. Бул жагынан менин жүзүм ар дайым жарык. Тескерисинче, бирөөлөр үчүн адилеттүүлүктү талап этип, жакшылык көрсөтүү аракетинде жанымды сабап жүрүп келе жатам.

Өзүм үчүн
Кыпын сурап албадым,
Талашуудан калбадым.
Өзүм үчүн
Ооз ачуудан уялдым.
Силер үчүн ач кенедей сурандым.

Мен балалык өмүрдү дардактап эле оюн менен өткөзгөнүм жок. Атамды ээрчип сөз булагынан суу ичтим. Атам оокат-тиричиликке көп шыгы жок, ат үстүнө ылайык жаралган адам сыяктуу болчу. Ал сөз ээси болгондуктан, эл жыйылган жерге атам чакырылбай калбачу. Анткени өзү ыр чыгарбаганы менен элдик чыгармаларды жакшы билчү. «Манасты» баш кылып, майда эпосторду жана акындардын ырларын, учкул сөздөрдү көп билген. Мына ушул сапатынын натыйжасында ал эл эрмеги эле. Мен үзбөй жанында. Бала кезде уккан-көргөндүн баары эсте калбайт экен, чанда бири гана көкүрөккө жат, көңүлүндө сакталат.

Жайлоо мезгили. Биздин үйгө манасчы келди, Ушуга чейин атам гана чоң манасчы, башкалар «Манас» айтышы мүмкүн эместей түшүнүктө элем.

Үй ичи элге жык толду. Үйдүн туурдук, чийи сыйрылып, тегерегинин баары адам. Манасчы олбурлуу, узун моюн сары киши экен. Ак топучан болуп, ак көйнөктүн жеңин түрүп коюп болкулдап, эки ийнин каранып «Манас» айтып жатты. Бул Тоң жергесинде жашаган белгилүү

манасчы Мамбет Чокмор уулу болучу. Ал түнү бою «Манас» айтты. Анда-санда гана чай ууртап бир аз дем алат. Мен 8–9 жашта кезим. Аң-таң болуп таңыркап, чоңдор менен таң атканча отурдум. Мага ушул адам бир башкача укмуш жан сыяктуу, кандайдыр бийик сезим келип, бирок эмне экенин ачык баамдабадым. Мен муну кийин гана баамдадым. Көрсө, ошондо биринчи жолу чыныгы поэзия, искусство, театр менен кездешкен экенмин. Булардын бардык касиетин бир гана ушул укмуштуу адам жалгыз өзү элге тартуулап жаткан тура.

Манасчы Мамбет менен кезиккен күн ушул убакытка чейин менин жүрөгүмдө жаздын майрамы сыяктанып жашоодо.

Мен эми Мамбетти туурап «Манас» айтчу болдум. Бирок үзүндүлөрүн баары бир атамдан үйрөнчүмүн. Атам сөзмөр жан болгондуктан мен дагы сөздүн маанисин эрте түшүнүп, сөздү сыйлоого үйрөнүп таалим алдым. Бирок жыл өткөн сайын бала кезде кулакка сиңген сөздөрдүн көбү эстен чыгып кетет экен. Азыр эстөөгө аракеттенсем бир азы гана эске түшөт:

Көл өрөөнүнөн сөзгө чечен бирөө (аты эсимен чыгып кетиптир) Чүй өрөөнүнө Ырысбек таскак аттуу чечендин кабарын угуп, кездешмекке кумарланып издеп келет. Сурамалап таап, үйүнүн жанына келгенде адамдардын кыраан-каткы күлкүсү чыгат. Ал үйгө кирет. Чоочун адамды конок катары кабыл алышып, төрдөн орун беришет. Ал чеченге тийгизип сөз чыгарып, өзүнө көңүл бурууну ойлоп мындай дейт:

– Бозочунун үйү го дегем, көрсө өзбек туугандардын аскиячысы тура.

Сөз тизгини колунда кызыл чийкил, сыйда мурут, тикирее карап:

– Сен кимсиң? Кайдан жүргөн немесиң? – дейт.

– А сен өзүң кимсиң, аскиячым?

Билбесең Ырысбек таскак мен болом?

– Сен Ырысбек таскак болсоң, Тезекбай текиреӊ мен болом (мунун атын болжоп алдым, эсимде жок).

Эл дуулдай түшөт. Кимдир бирөө:

– Айткылачы, текиреӊ кыйынбы, таскак кыйынбы?

Чокчо сакал бирөө жылмайып чыканактай кетти. Отургандардын биринен таскак, бири текиреӊ кыйын болуп, талаша түшүштү. Төрдө отурган курсактуу келте мурун карасур мурут, сакалына ак аралап калган адам:

– Ат таскагы менен жол арбыта алабы. Күлүктү текиреӊ гана байгеге жеткизет эмеспи, – деп сөзгө аралашат.

Ырысбек таскак кызара түшөт. Отургандар дуулдашып, Тезекбай текиреңдин жеңишине ыраазы болушат.

Дагы бир атам айткан сөз жарыштан эсте калганы: Биздин Тоңдо эл башкарып тың чыккандардын бири – Сагаалы болот. Нарын жактагы белгилүү манап Баяке Сагаалы менен тирешип, ага бир канча доо коюп, падыша өкмөтүнүн өкүлүнө арызга отуруп, чакыртып келет.

Төрөнүн алдында Сагаалы Баякенин койгон дооматтарынын баарын бирден чертип, четке кагып турат. Баяке ачуусу келип, Сагаалыны кордоого өтөт:

– Тигини, эл башкарат имиш. Үстүнө кийгенин кара, башындагысын кара!

Сагаалынын үстүндө төө чепкен, башында кара көрпө тебетей. Баякенин болсо башында суусар тебетей, үстүндө сүлөөсүн ичик.

Сагаалы Баякеге жылмая карап: «Бизде суусар тебетейди күйөөгө берүүчү бойго жеткен кыздар киет. Алды-

кындай ичикти эри өлгөн аялдар желбегей жамынышат. Ал эми эр жигит табылганын киет» – дейт.

Котормочу төрөгө которуп берген соң, ал карсылдап күлүп жиберет. Баяке жинденип, камчысы менен жерди бир салып, чыгып кетет.

Баякенин бул жоругунан соң, дагы бир атам айткан окуя эске түшөт. Баарыбызга белгилүү кыргыз элинин эң оор, каардуу, кара күндөрүнө дуушар келтирип турган окуялардын бири – жаатчылык, уруучулук болгон. Ошол кыргыз элинин кендирин кескен уруучулуктун кесепетинде Ормон хан өлөт. Анын кунун кубалап, Боронбайдан жооп алмакка Баяке баш болуп нарындыктардын бир тобу Каракол шаарына келишет. Көлдүктөрдүн билгичтери кеңешип отуруп, Баякеге жооп бербей кыр көрсөтмөкчү болушат.

Наавайчыга нан жаптырбай, касапчыга мал сойдурбай тыюу салып, натыйжада, келгендер артык баш аттарын союп жешип, кысым тарткан соң кайта турган болушат. Аны уккан көлдүктөрдүн билермандары кыр көрсөтүш жыйынтыгын шаң көрсөтүү менен бүтүрмөкчү болушат. Көл башындагы чоң байлар баштап, эки жүздөп кара көрпө тебетейчен, кара көрпө кармаган ак тон кийип, жалаң кара кашка атчан бир өтөт. Баштарында түлкү тебетей, түлкү ичикчен, сары-кызыл атчандар бир кылка, ушул сыяктуу бир кылка топтор. Көл башында Солтобай ырчы болот, ал ошол кезде жаш кези белем. Аны кушчулардын жанына жиберишет, эгер суроо берсе, ыр менен жооп кайтарылат. Шаң көрсөтүү башталат. Солтобай Тору кунанын минип, беркилер отурган чайкананын жанына барып турат. Отургандар: «Тигил кимдер, бул кимдер»,– дешип Солтобайдан сурай башташат:

Тигил сан жылкылуу Сарыбай,
Бул көп жылкылуу Каптагай.
Биздин Бугу четтен бай.
Билесиңби, жөө тынай
Көмүктө жатат эчен бай.

Келдиң эле жөө тынай
Бадала кетип балкылдап,
Эми кеттиң жөө тынай
Байтал минип шалпылдап.

Келдиң эле жөө тынай
Торко кийип солкулдап,
Эми кеттиң жөө тынай
Торпок минип томпулдап.

Ат баштыгың байланып,
Акебайлап айланып.
Жем баштыгьщ байланып
Жеңебайлап айланып.

Баяке ордунан тура калчудай жулунуп:

– Карма, кызыталакты, мууздап сал, бир чычкак бала тура! Ормон хан өлүп биз деле олтурабыз! – дейт.

Шылуун жигиттин бирөө жетип, шап кармап аттан оодара тартып, Баякенин маңдайына алып келет.

Шаштысы кетип калган Солтобай мындай дейт:

– Жаткан экен Баяке жаян балык түрдөнүп.

Баякени карачы байкабастан сүйлөнүп.

Кимдир бирөө Баякенин тизесине колун коюп: – Баяке, ачууңузду бериңиз? Бир чычкак балага кол булгаганда Ормондун куну бүтмөк беле, – дейт.

Баяке колун шилтеп бурулуп, чыканактай жата кетет. Солтобай кыргыйдын колунан бошогон кулаалы сыяктанып шаша, кунанын камчылап жолго түшөт.

Ушинтип манап-байлар басымдашып кутурушса, байкуш элдин гана шору тура. Ыза болгон Баяке жерине кайтып, кол жыйнап келип, Көлдүн тымтыракайын чыгарбадыбы. «Бугу кызыл уук болгондо» деген сөз ошондон калган. Атактуу «Сынган бугу» күүсү да ушуну баяндайт. Атам буларды айтканда уккандар ыраазы болуп: «Ээ, Жүкө, мунун баарын кайдан билесиң, билбегениң жок» – деп калышчу. Анда атам: «Сөздү баалай билип, ага кунтуңду койсоң эле билип аласың» дегендей жооп кайтарып, суйдаң мурут, сакалын сылап жылмайып коё турган. Сакал, муруту суйдаң болгонуна карабастан өтө каштуу киши болучу. Курбулары: «Каракаш Жунушбай» – деп коюшчу. Атам ушундай сөздүн кенчи болгон.

Ушинтип, атам сөзгө сезимимди ойготуп, сөз дүйнөсүнө жетелеп киргизип, ак жол айтып, менин келечек чыгармачылыгымдын башатында турганын мен кийин гана түшүндүм. Мүнөз жагынан атама жакынмын. Атам ачуусу тез келген, чогоолдонгон, болбогон нерсеге деле күйкөлөктөп, бетке айтып калган, жазгы күн сыяктуу, тез ачуусу келип, кайра тез жаркырап ачылып кетүүчү. Бирде обу жок март, бирде сараң, бирде өтө боорукер, кээде каардуу, карама-каршы мүнөздүн ээси болгон.

Ал эми энем болсо, мүнөз жагынан атамдын каршысында турган, жумшак мүнөздүү, жүрөгү өтө назик, март, боорукер, таланттуу жан эле. Ал тубаса бийчи болчу. Мына ушуну эске алып, бир күнү энемди «Ак куу көлү» балетине алып бардым. Энем ушунчалык таңыркап, бериле карап олтурду. Үйгө кайтып келе жатканыбыз-

да: «Аттигиң ай, биздин өмүр талаага кеткен экен да. Кыргыздын кыздары да чимирилип бийлеп жатканын кара» – деп койду. Чынында эле энем байкуш биздин заманда төрөлгөндө тагдыры таптакыр башка болмок да. Тагдыр, тагдыр!..

Бала кезден дагы бир эсте калган нерсе: Атам дайыма төшөктө жатчу. Улам бирөө келип тамырын кармай бере турган. Суу ич, жылан же, бака тарт. Эмне экенин билбейм, кийин энем айтып калчу: «Жунушбай жайыкышы 3 жыл буту ооруп баспай жатып калды.

Мен үйгө кирип – аял, эшикке чыгып – эркек болгом» – деп.

Кайнар деген жерде элек. Жаз айлары болсо керек. Ушул жерди энемдин төркүндөрү турак этишкен белем кийин ойлосом, байкуш энем оорулуу күйөөсү менен төркүнүн карамалап келип конгон окшойт. Эсимде, бир күнү кечинде энем ыйлап эле чый-пыйы чыгууда: «Кокуй Кыды жок! Койлор өзү келди, санасам эки кой кем» – деп. Анан тоого жүгүрүп кетти. Тоо жакын. Тоодон энемдин Кыдылап чакырган үнү шашпай угулуп турду. Үйдүн ичи эчак караңгы болгон. Атам мени чакырып жанына жаткызды. Энемдин үнү улам алыстап угулат...

Кыжы-кужу, көзүмдү ачсам күндүз. Үйдө бир топ киши. Энем ыйлап:

– Түндө кайра үйгө келип, эрте менен таң сүрөөрсүрбөс кеткем. «Кайсы таштын түбүнөн мүлжүгөн сөөгү табылат» деген ойдон жүрөгүм жарылчудай. Тетиги эле чокудагы кара үңкүрдөн тапсам болобу. Карышкырлар койду коктуга сүйрөп киргенин көрүп калат. Артынан кубалап жетпейт. Үйгө келгенден коркуп качкан тура. Баарыдан: «Карышкыр келсе кантет элең» – десем:

«Көзүмдү жуумп туруп, тегеренип-тегеренип таяк менен чабат элем» – дейт күйгүзгүр.

Бул менин аталаш агайым Кыды болучу. Атасы Атабек (Атамдын агасы) каза болгондо 3 жашта калат. Энеси эки баласын, кыз баласы Турган эже 8 жашта болот, таштап күйөөгө чыгып кетет. Мен төрөлгөндө Кыды байкем 5 жашта экен. Жеңелердин бири аны тамашалап:

«Кыды, келе сүйүнчү, бөбөктүү болдуң. Чеч көйнөгүңдү, сүйүнчүгө бер» – десе ал көйнөгүн чечип алдына басып отуруп алган экен. Ушунусун энем дайыма айтып күлө турган. Менин балалык күндөрүм ушул агайым менен бирге өттү. Артынан калбай ээрчип жүрө турганмын. Кылдан желе жасап алып чил, кекилик кармачу. Бир күнү барсак, желеге 4–5 чил түшүп калыптыр. Ыйлап атып бирин мен койнума каттырып алдым.

– Койнуңду ачпа, учуруп жибересиң, – деп айтканына карабай, үйгө жакындаганда акырын койнумду ачып карамак болсом чил бырп учуп кетсе болобу. Кыды байке кайрылып мени көк желкеге күп дедире бир койду. Мен ыйлап жерге тоголонуп жатып калдым. Этим ооругандан эмес, чынында чилге ичим күйүп калды. Бул агам азыр өмүр бою колхоздо белдүү адамдардан болуп, ак ниет эмгектенүүдө.

Атам табыптардан сакая албастан Караколго доктурга кетти. Эжебиз Турган бойго жетип калган кези белем. Атам бул карындашын өтө жакшы көрүчү. «Тукай айланайын» – деп гана отурчу.

Бир түнү энемдин бакырыгы мени ойготту. Карасам кокуйлап, эшикти кулачтап алып бакырууда. Мен дагы төшөктө бакыра баштадым. Аңгыча айылдагылар келип калышты. Энем аларга ыйлап бир нерселерди айтып жа-

тат. Мен эч нерсе түшүнө албадым. «Турганды алып качканы келишти!» – Мен ушуну гана түшүндүм. Энем отту чоң жагып алып, шамшар бычактарын кайракка шартылдата кайрап: «Кимиси келсе да жарып салам!» – дейт. Көрсө, эжемди ала качып алганы өзүнүн кудалап койгон күйөөсү жолдоштору менен келишет. Энем болсо туюп калып «чуу» көтөргөн тура. Ошол мезгилдери жакын айылдарда кимдир бирөөнүн эсимде жок, жалгыз кызын (13–14 жашта) энесинин койнунан, көйнөксүз жаткан жеринен жылаңач сууруп алып, качып кетишкендигин, кыздын бир үнү көктө, бир үнү жерде бакырган боюнча кеткендигин айыңдаган «чуу» анча басыла элек болучу. Мунун бардыгына менин эс-акылым жетпеди окшойт, кандайдыр бир коркунуч гана жүрөгүмдү ээледи, коруган бөжөкчө төшөктөн баш көтөрбөдүм.

Ушинтип эжемдин кайындарынын түнкү жортуулу ордунан чыкпай калды. Атам келип өтө ачууланып капа болду. Арачы түшүп кудалардан улам кишилер келип жатты. Акыры эжемди жакшылыкча кол менен узатышты.

Атам оорусунан айыгып, биздин үйгө кандайдыр бир мээримдик, жылуулук келип, энемдин да, атамдын да көңүлдөрү ачык, жакшы күндөр келип-кетүүдө. Менин эркелигимдин чеги жок сыяктуу, оюн, уйку, тамактан башканы билбедим. Балалыктын өлчөлгүс бактысы ошол мезгилде болгон тура.

Сегизге чыгып мектепке бармак болдум. Атам бир дептер, бир карандаш алып келип, дептерди ууктун белине кыстарып, карандаштан 3–4 сантиметрче кесип туруп муунактап жипке байлап, аны уукка байлап койду. Карандашты бүтүн берсе жоготуп коёт имишмин. Мен

ошол дептер менен карандашты карай берип, мектепке барышты дегдедим. Энем кездемеден кичине китеп баштык тигип, жанагы жалгыз дептер менен карандашты салып эми керегенин башына илди. Бир күнү беш жаш улуу Кыды байкем экөөбүз ээрчишип келип бир класска отурдук. Мына ушинтип өмүрдүн өзгөчө бир кырдаалдуу жолуна кадам шилтелди.

Балалык оюндар баягыдай эле этек-жеңден алып мени ээрчүүдө. Кыды байкем экөөбүз мектептен кайтканда кашаттагы айылдын балдары менен чүкө ойноп жатып күн бата үйгө келебиз.

Бир күнү дагы ошол айылдын балдарынын көп чүкөлөрүн утуп алып, жортуулдан чоң олжолуу кайткан байыркы жомоктун баатырлары сыяктанып баштык толо чүкөнү кылдыратып көтөрүп үйгө кирдим.

Энем үйдүн капшытында шолоктоп ыйлап отурган экен. Эки-үч абысындары сооротууда. Мен эч нерсени түшүнбөдүм. Бирок ичим гана уйгу-туйгу болуп, көңүлүм чөгө түштү. Эшиктен жеңелердин бири жүгүрүп кирип: «Келе жатышат, келип калышты» – деди.

– Оңол, жүр, чыгып тосуп ал өзүң! – деди.

– Жок, чыкпайм! Силер тоскула!

Энем отура берди, баарысы эшикке чыкты. Менин жүрөгүм бир нерсени туйгандай, муңайым энемдин жанына отуруп калдым.

Атам баш болуп бир топ эркектер үйгө кириштi, баары көңүлдүү. Кимдир бирөө:

– Оңол, синди кут болсун, тосуп албайсыңбы?

– Тосуп жатышпайбы жетет да!

– Ошо дагы болобу, башка баш кошулган жакшы. Жунушбай бечара да эркек тукум көрсүн.

Ушул сөз менин жүрөгүмдү таарып өттү. Эмнегедир чыйрыккандай сезим келип, энемдин колтугуна ыктадым. Бул менин өмүрүмдөгү биринчи жолу жүрөк мыжыган оорулуу сезим эле.

Аялдар чуулдашып, эшиктен бир чоң казандай элечектүү, мала кызыл чапандуу аялды алып кириშти да, үйдүн казан-аяк жакы бурчуна алып барып отургузушту. Өңүн даана көрө албадым. Көзгө серүүн көрүнгөн бул чоочун аял эмне үчүн биздин үйгө келип, анын бир капшытын ээлеп отуруп калганына менин акылым айран болду.

Бул менин кичи энем эле.

Мына ушул күндөн тартып, жайдары шаңкылдап күлгөн энемдин күлкүсү тыйылып, аны көлдөп аккан көз жаш алмашты. Энемдин көз жашы менин да жүрөгүмдү камчылоодо. Эби жок эркеликке ушинтип жүгөн катылды. Күндө чатак, күндө ый күндөр өтүүдө. Бир энем качат төркүнүнө, бир жеңем качат (кичи энемди жеңе дечү болдум) төркүнүнө.

Мектепте сабак убагында энем ыйлап жатабы, дагы чатак болуп жаткандыр деген ой көңүлүмдү ээлеп, ойлонуп отуруп, мугалимдин суроосун баамдабай калсам керек. Бир мезгилде башыма бир нерсе күп этип тийип, ээгим партага тарс урулду. Чочуп кетип баш көтөрсөм, колуна тебетейин кармап, көздөрү акырайып турган мугалимибиздин көзү шилиме чыга түштү. Эң алды эч нерсени түшүнө албай эндирей түштүм, анан ушунчалык ачуу, ызалуу сезим жүрөгүмө толкуй түштү да, кандай эшикти көздөй жүгүрүп чыкканымды билбейм. Эч токтобой ыйлап, жүгүрүп отуруп үйгө келдим. Жаз айлары болучу, ошол күндөн мектепке барууну токтоттум. Атам барып

мугалимге кездешип келгенсиди. Алардын кездешүүсү эмне менен бүттү билбедим. Атам, энем, Кыды байкем канча жалынып-жалбарбасын көгөрүп барбас болдум.

Бир-эки ай чамасындай мезгил өттү белем. Бир күнү баарыбыз үйдө отурган мезгилде аттын добушу чыгып, бирөө келип үйгө кирди. Менин мугалимим. Эшикке кандай чыкканымды билбедим. Үйдүн аркасынан тыңшап турам.

– Жуке! Тентини өтө эрке үйрөтүпсүңөр. Ушунчалык ызакорлугун билбептирмин. Өзүм келдим, эптеп көндүрөлү, мектепке барсын, балаңыз сергек.

Атамдын үнү:

– Ооба, айланайын, балам өтө ызакор, биз чекесинен чертпеген бала. Өзүң сүйлөшүп көр. Кыды, ээрчитип келчи.

Мен тызылдап талааны көздөй качтым. Кыды байкем жетип кармап, үйгө алып келди.

Мугалимибиздин аты Дүйшаалы болучу. Жердиги ак көңүлмүн да, ал мени көндүрдү. Көп убакыт өтпөй окуудан тарадык.

Кичи энем адетинче төркүнүнө качып кетти. Атам биздин үйдү Кара-Кыя жайлоосуна, туугандардын жанына көчүрүп барып коюп, жеңемдин артынан кетип эки ай чамасы жоголду. Көрсө, жеңемдин ата-энеси Сырт жайлоосуна көчмөк тура, жеңем менен атам шылтоо таап Сыртка барышып, сайрандап жайды өткөрүүнү ойлошкон экен.

Энем эле экөөбүзбүз. Кыды байкем да атам уруп койсо энесиникине кетип калган. Айылдагылар кезектешип кой кайтарышат. Биздин кезек келген бир жолкуда энемдин кой кайтарууга кезеги келди. Бирок мүмкүнчүлүк жок. Айылдын бээсин биздин үйгө кымызга байлашкан, антке-

ни энем жакшы жасай турган. Энем кой кайтарган күнү бээ саап берчү бир жеңебиз ооруп калат. Бириси жакага сугатка барып жаткан эркектерге тамак жасап беришке кошо кетет. Дагы бирөө бээни саай албайт. Айласы кеткен энем мага кайтартмай болду.

– Коркпойсуңбу?

– Коркпойм, торпогумдан түшпөйм.

– Ошент, берекем.

Кыйын киши болуп кызыл торпогумду (торпок бышты болуп калган) минип алып, койду айдап маңдайдагы бийик тоонун жонуна чыктым. Ар жагы карагайлуу жайык бет экен. Эмнегедир тааныш эмес, ээнчилик коркунуч сезимин келтирди. Койлорду алысыраак жаюуга батынбадым. Ар бир койго боз үй ордундай жер өлчөп, ошонун чөбүн жесе тоёт го деп, анан ошол өлчөмдүү аянтка койлорду тегеренип керип турдум. Бир мезгилде баары жуушады. Тоюшту деген чечимге келдим. Торпогумду кичинесинен: «Келе муруунтугуңду» – деп моюнга чапсам чүйрүгөн мойнун бура турган, «жат» – деп тизеге чапсам жата турган. Муруунтугун коюп жиберип оттотом, жаткырып алып түшүп, энем куюп берген кол көөкөрдөгү айрандан ичем. Энем айткан мезгилде койлорду айдап үйгө келдим. Энем байкуш:

– Берекем, кол арага жараганыңдан айланам,– болуп жатты. Эртең менен ойгонсом энем сурады:

– Э, Тентибай! Койду кантип кайтардың эле? – деп. Мен төкпөй-чачпай айтып бердим.

– А, каранкүн! Ошондой. Койлор түнү бою короого жатпай жайылып чыкты. Таң атканча короого айдап убара болдум. Койдун оозу чөп жебей буту жейт. Койду улам бир от жерге жайып кайтарыш керек, – деди.

Койдун буту чөптү кантип жешине акылым жетпеди. Оттогон койлордун бутун карай берчү болдум.

Айыл улам бир жерге көчүп конушат. Кара-Кыядан Суук-Төргө, андан Көл-Белге келдик. Биз үчүн эң кыйыны ушул көчүш. Энем байкуш жалгыз. Элдин эң аягы болуп жүгүбүз жүктөлөт, эң аягы болуп үйүбүз тигилет. Энем көп ыйлайт, жол карайт.

Бир кечте энем экөөбүз үйдө элек. Мен жаңыдан төшөктөн баш көтөрүп коломтонун жанында отургам. Эмнегедир катуу оорудум. Көп күндөрү суу ичиришти. Чоң суу алыс, ага барып алып келер киши жок. Саздын суусун ичебиз. Мен ооруганда ичирген суу да саздыкы. Ичпей ыйлайм, даамы жаман. Ушунчалык көңүлүмө тийген экен, азыр ойлосом да көңүлүм ирий түшөт.

Сырттан жеңелерибиздин биринин үнү чыкты:

– Тентинин энеси, Тентинин атасы келе жатат!

Энем эшикке чыгып, үйдүн арка жагындагы көлдү көздөй басып кетти, мен кайра үйгө кирип ордума отурдум. Атам кирип сырткы чепкенин чечип, керегеге илип, камчысын оңдой кармап чыгып кетти. Мен ишти түшүндүм. Жеңем кирип жүктүн бурчуна келип отуруп калды. Көп узабай энемдин чаңырган үнү чыкты. Үйгө кирип келип мени колумдан булкуп алды да: «Кой де, атаңы!» – деди. Аңгыча атам кирди. Камчы менен шыпылдата чапты, энем кайра качып чыкты. Мен титиреп баш көтөрбөй отуруп калдым. Энеме эч болуша албачумун. Жүрөгүм канап, болушкум келип турса да болуша албачумун. Анткени атамдан эмнегедир өтө коркчумун. Атам мага эч качан колун тийгизген жан эмес. Энем кай бирлерде опузалап чаап калчу. Бирок мен энемден коркпой, атамдан коркчумун.

Атам кайра келип сабы сынып кеткен камчысын керегеге илди. Энем келген жок. Айылдагы аксакал агабыз Мамыркан кирип отуруп:

Жунушбай, Оңолду бекер урдуң. Бечара жайы бою чычкандай баласы менен арабадай үй, мал-салы менен жалгыз өзү алек, сен сырттап жатып алдың. Капа болуп, таарынбай коёбу. Мунуң жакшы эмес!

– Бул шайтандын шайтанын кагам. Болбосо кетирип тынам! – деди.

Көрсө, токолуна жана анын төркүнүнө ушундай убада берип келип, иш жүзүнө ашырууда тура.

Кийин мен энемден ушул окуялар эсиме түшкөндө ичим туталанып:

– Эне, ошондо эмне үчүн чыгып эле кетип калбадың? – дей тургамын.

Анда энем:

– Ээ, балам, сен үчүн кете албадым. Өгөй ата ушул жалгыз баламды Жунушбайча эркелетмек беле. Кимге түрткүнчү кылайын дебедимби. Көңүлүм калса да сен үчүн күнүм калды да. Кирпик какпай таң атырган күндөрдүн канчасы өттү, – деп, оор үшкүрүп коюучу. Ушундан соң мен ойлочумун: «Энемдин ичи атама өмүрү жылыбай калган чыгар» – деп.

Энем рак оорусунан 57 жашында 1954-жылы кайтыш болду. Эртең мененки саат 7 ченде ооруканадан телефон чалышты: «Энеңер начарлап калды» – деп. Келсек демигип, бир эстен танып, бир эсине келип жаткан экен. Муса экөөбүзгө карап: «Айланайындарым – деп койду. Мени отур жаныма дегендей жаңсады. «Тентибай, атаңа көз сал». – Башка сөзгө келе албады. Ошондо мага: «О, шордуум! Сеники кандай жүрөк эле деген ой башыма келди...

Мына ушинтип менин балалык доорум, бир караса обу жок эркелик, чексиз бактылуудай, бир караганда энении көз жашы жүрөгүн эзген бактысыз жандай, тагдырдын жетегинде өтүп жатты.

Дагы жайлоодобуз. Мен үчүнчү классты бүтүп, төртүнчүгө көчкөм. Күнүнүн күйүтү, жүрөгү жараланганы аз келгенсип, энем шордуунун өзүнө удаалаш, эл ичинде кадыр-барктуу Машырбай аттуу иниси кайтыш болуп күнү-түнү улуп калган. Ушунданбы, мен талаа баласы өңдөнүп үйдөн качып, көбүнчө уктаарда гана келип калдым.

Кой саар маал. Мен айыл балдары болуп козу кайтарып жүргөм. Жаныбыздан чоочун атчан биздин айылды сурап өттү. Кой саалып бүтүп, козу жамыратылган соң, атамдар отурган дөбөгө келдим. Алиги атчан араларында отурат. Мени көргөндө кимдир бирөө: «Мына Тентибай өзү айтсынчы» – деди.

Баягы келген киши мени карап:

– А жана козу кайтарып жүргөн эле. Айтчы, айланайын, Боронзо шаарына окууга барасыңбы? Мугалимдериң сени жиберген жатат, мени кат жазып жиберишти, – деди.

Мен: – Барам, окуйм, – деп атамды карадым. Алиги киши:

– О, айланайын! Мына азамат, өзү макул тура. Жуке! Балаңыздын жолун тоспоңуз. Эл-журттан ажырап, тентип айдалып барып эмне табасыз. Аман болсо балаңыз билим алып, чоң болуп келет. Сизге да, элге да пайдасы тиет, – деди.

Отургандар анын сөзүн кубаттап калышты. Атам: «Барса барсын балам» – деп, оозу бош жооп берди.

Көрсө, Фрунзеден медтехникумга окуучуларды үндөгөн адам келген тура. Мектеп мугалимдери менен кимди жиберүүгө сөз болот. «Жунушбайдын кызын жиберсек окууга жарайт, тирикарак. Бирок жалгыз эрке кыз жана өтө жаш, ата-энеси жибербейт» – дешпейби? Кеңешип отурушуп кат жазуу чечимине келишет. Ошол мезгилде кулактар Украинага айдалып жаткан болучу. Катта мындай делинген: «...Эгерде, балаңызды шаарга окууга жибериштен баш тартсаңыз, өкмөттүн жолуна каршы чыккан болуп, кулактардын катарында айдалып кетишиңиз ыктымал. Ошондуктан балаңызды эртең шашкеден калтырбай камылгалап алып келиңиз» – делинген.

Камылга башталды. Кой союлуп, боорсок жасалып. Айылдагылардын көпчүлүгү биздин үйдө. Атам жиберүүдөн айнып тургансыйт. Энем мойноп: «Бала барсын, окусун, адам болсун. Элдин балдары барып окуп, жакшынакай болуп келип-кетип жатышат» – дейт. Бирөөлөр энемдин сөзүн колдойт, кээси атам жакта. Иши кылып сөз менин айланамда. Ал күнү гана эмес, көпкө чейин сөз эл аралайт.

Кийин энем айтып калчу: «Тентибай кеткенде эл аябай дуу болушуптур. Жунушбай менен Оңол жинди болушкан го. Тырмактай баласын жердин түбүнө жиберип, ал баласы аман келбейт. Баласынан айрылгандары ошол ж. б. Өзүбүзгө дагы ар түрлүү эле сөздөрдү айтып капа кыла беришчү. Алардын сөзүн угуп, баласын сагынган сайын эле: «Шайтаным, сен эле кылдың, менин жиберер көңүлүм жок болучу деп мени жемелей берчү» – деп.

Чынында эле ошол мезгил карама-каршылыктар күчөп турган татаал учур эле. Жаркырап өмүр сүрө келген жаңы заманга таймашып эски заман оңой-олтоң кеткиси

келбей, анын бийлигин жүргүзүп келген бай-манаптар кезиндеги бийлигин, байлыгын, таасирин сактап калууга бүткүл мүмкүнчүлүктөрүн жумшап, жан талашып турушкан. Ошондуктан биздин өкмөтүбүз алардын айрымдарын кулакка тартуу сыяктуу чараларды көрүүгө аргасыз болгон.

Ал эми элибиз болсо жаңы заманды кулачын жайып тосуп алганы менен ал келечекте канчалык байсалдуу болуп эмнелер берет, толук түшүнүшө албай, кылымдап көндүм болуп канына сиңген турмушунун кайсынысын калтырып, кайсынысын таштоо керек, бул дагы ачык болбой, аны даана көрүшкө даярдыктары, мүмкүнчүлүктөрү жетише албай турган мезгил. Элибизде коллективизацияны жүзөгө ашыруу жумуштары жаңыдан гана башталган. Эскилик тырмышып артка тартып турса, жаңылык кубаттуу күч менен мойнуна салып алдыга сүйрөп жаткан эки доордун талаштуу күндөрү болучу.

Ушинтип ошол күндөрдүн биринде 1931-жылы күз айларынын баш ченинде арабага түшүп үч кыз окууга жөнөдүк. Атам менен энем барса-келбес жолго узатып жатышкансып, буркурап-боздоп калышкан. Мен дагы өз ыктыярым менен кетип жатканыма карабай тынбай ыйлап келем. Ак-Сайга жеткен кезде аркабыздан атын сабаган бирөө чыкты. Жакын келсе атам. Ал келип: «Айланайындар! Баламды жакшы жеткизип, тапшырып койгула, өтө эле кичине». Бул сөздөрдү жана жөнөп жатканда эле айткан. Тек кана мени дагы бир көрүп калгысы келген белем, байкуш атам. Ал мен болсом жол боюнда көрүнгөн чекенделерди карап: «Атам, энем ушундай чекенделен наспай ийлеп тартышчу эле» – деп ыйлап калам.

Беш күн жүрүп отуруп Токмокко келдик. Өмүрүмдө биринчи жолу базарды көрүп, биринчи жолу дарбыздын даамын таттым. Андан соң Фрунзеге келип жеттик. Эмне окууга баратам, андан ким болуп чыгам оюма да кирбеди, «окууга барам болуп» эле келе жатам. Айылда жүргөндө кай бирлерде шаарга барып окусам, эмнегедир өзүм ушул убакка чейин билбейм, прокурор болсом деп ойлочумун. Бир жылдары, менин кичине кезимде атамдар: – Ташы Кудайберген келиптир, прокурор экен, тууган болуп чыкты, бизди көчүрүп кетмей болду дешип дуулдашканы эсимде. Ошонун таасириби, билбейм. Прокурордон башка кандай кесиптер болот андан эч кабарым жок.

Эки катар салынган кызыл үйгө келдик. Менин көзүмө ал үй көккө башы тийип тургансыды. Арабадан түшүп турганбыз, бир орто бойлуу аял келди. Менин көзүмө ал дагы бир укмуш перизат болуп көрүндү.

Бизди карап: «Келдиңерби, кыздар» – деп, койду да арабакечтен биздин документтерди алып, дагы бир карап, мени көрсөтүп: «Ий, бечара, ушул да окуйбу» – деди. Арабакеч шашып: «Окуйт, бул кыйын окуйт» – деди. Анда ал: «Мейли окуса, бечара. Жүрүңдөр» – деп, ээрчитип келип, жата турган жерибизди керсөтүп жаныбыздагы кыздарга табыштап кетти. Көрсө, ал аял тарбиячы кызматын өтөгөн Бүбүкан Ызмайловна Ахунбаева экен (академик Иса Коноевич Ахунбаевдин аялы). Бул киши өзү тоголок жетим, балдар үйүндө чоңойгон өтө боорукер, ак пейил, булбулдай үн менен сонун ырдаган, шайыр адам экен.

«Кара торгойду» ырдаса бүт айлана уюп кала турган. Бизге шыгыр (хор) үйрөтүп, декламация жаттатып, өзү баш болуп радиодон концерт бергизчү. Бир күнү радиого

барып биз хор ырдап, Татябыз «Кара торгойду» ырдап чыксак, А. Малдыбаев менен А. Боталиев кезек күтүп отурушкан экен. Буларды биринчи көрүшүм жана ырдагандарын биринчи угушум болду. Ушундан кийин бул эки залкар ырчылар менен өмүрүм канатташ өттү. Мен медтехникумда алты жарым жыл окудум, даярдоо курс, негизги курс болуп. Алиги экөө биздин өздүк көркөм ийримибизге алмак-салмак жетекчилик өтөштү. Кийин мен Жоомартка баш кошуп, катташкан жолдош-жоро болдук. Ал эмес, ошол техникумда кезимде раматылык А. Боталиев мага ашык болуп, каттар жазды. Мен аны улгайып калган киши, артист деп теңсинбей койдум. Кеп, жүрөк сезиминде го. Бул турмуштун бир кичинекей күкүмү, штрихи эле. Кулпурган кызыл гүлгө кимдин сугу түшүп, кол созбойт. Бирок бир гана кишинин колуна үзүлүп кармалат эмеспи. Канча каттар жоопсуз калды, канча жигиттерди теңсизденбестикке ыйгардым... Буга мүнөздүн да кесепети тийбей койгон жок. Ал жөнүндө сөз алдыда.

Мен бир ооз да орус тилин билбечүмүн. Эртеси экинчи кабатка окуганы кыздарды ээрчип келдим. Чоң, узун бөлмөдө парталарда, отургучтарда кыздар толо отуруп калышыптыр. Мага орун тийбеди. Бир чачы кесилген, жакшына кийинген кыз: «Ой, кыздар, скамейка алып келип отургула», – деди. Түшүнбөй делдейдим.

«Мына, бул кыз келесоо го, скамейка алып келбейсиңби» – деди. Мен чыйрала түшүп: «Скамейкаң эмне?» – дедим. Отургучту көрсөттү. Кайдан алышты сурасам, залдан барып алышым керек экен. Зал эмнеси экенин да түшүнбөдүм. Дагы тигинин көзүнө келесоо болуп көрүнбөс үчүн, унчукпай баягы бирге келген эки кыз үчөөбүз эшикке чыгып, жаныбыздагы бөлмөгө келип

отуруп алдык. Аңгыча, Тата келди (Бүбүкан Измайловна) эмнегедир кыздардын баары ал кишини Тата дешет экен.

– О, кудай каарылар! Силер эмне мында отурасыңар, сабакка барбайсыңарбы? – деди.

Мен жайыбызды айттым. Ал күлүп:

– Ий, бечаралар жүргүлө,– деп ээрчитип барып, экинчи кабатта бир чоң узун бөлмөдө турган сүйрү көк отургучтардан бирди алып берди. Кыздардын арка жагына барып коюп отуруп калдык. Эшиктен бир буржуйган, мурду муштумдай, колунда таягы бар олбур, улгайган (мага улгайгандай көрүндү) киши келип отуруп, тизмени окуп, экиге бөлө баштады. Бул адам – Ишеналы Арабаев, бизге мугалим тура. Аты чыккан кыз ордунан турат, бойлуу болсо «сен биринчиде каласың, бою кичине болсо сен жарымчыга барасың» – дейт. Менин атым чыкты.

– О, кичине кара кыз, жарымчыга барасың, – деди.

Менин жанымдагы бирге келген кыз айылда менден бир класс кийин окуган, бирок бою да, жашы да өйдө болучу, аны биринчиге жиберди. Мен өтө арданып калдым. Бирок эч нерсе айтканым жок. Ичимден капамын, ыйлагым келди. Эртеси сабакка келдик, Жүндүбаев математика сабагын алып барды. Бир кара баркыт кемсел кийген, ак жуумал кыз арызданып калды: «Агай, биз айылдан (жанындагы кызды көрсөтүп) үчүнчүнү бүтүп келгенбиз. Жарымчыга окубайбыз, анда кетебиз, болбосо биринчиге көчүргүлө» – деп. Мен унчукпадым, тигил кызга таң калып, ичимден: «Эй, кыйын кыз экен» – деп койдум. Эрке, элкин өскөндүгүмө карабай кандайдыр бир менин мүнөзүмдө өзүмө келгенде өтө тартынчаактык бар эле, өзүмө тиешеси жок маселеге өткүр, өзүмө жалтак, ушул мүнөз менде өмүр бою калды.

Ушул мүнөздүн айынан көп нерседен куру калдымбы деген ой келет, кай бир жулунуп-беринип жүрүп турмуштан көбүрөөк уткандарды көрүп. Бир жолу ошондойлордун мүнөзүнүн таасирине берилип: «Кээде, сураш керек белем. «Бала ыйлабаса эмчек кайда» – дегендей ой менен бирөөгө бир анчалык деле маанилүү маселе эмес эле, сурап коюп үч-төрт күн уктабадым, шайтан азгырганына кейинип. Ал иш баары бир ордунан чыккан жок.

Ушинтип жанагы чыйрак кыздын демилгеси менен биз беш кыз кайра биринчиге өттүк. Биз келген окуу жайы Фрунзе шаарындагы медтехникум болуп чыкты, муну кийин түшүндүм. Ушул күндөн тартып мен бүт дилимди окуууга коюп, врач болууну максатыма багындырып койдум. Баягы, көз ачкандын таасиринде чоңоюп, берилип шыктанып жүргөн улуу сөздөрдүн дүбүртү басаңдап, элдик поэзиянын сулуу, жагымдуу дүйнөсү жүрөктүн, көңүлдүн тереңинде термелип көшүп, мени да көшүтүп койду. Мына ушунун натыйжасында менин поэзиям бир аз кечигип ойгонду.

Өмүр барат колдон алып жетелеп,
Коё турчу деген сайын энтелеп?!
Баскан сайын андан бетер ыкчамдап,
Жаш баламдай жаракөрлүү эркелеп.
Мен ишимди жаңы гана баштадым,
Кеч калыпмын ойгоно албай эртелеп.
Өктөм өмүр өжөрлөнүп шашпагын,
Өткөн келбес, бир азыраак пастагын!..
Эне сүтү алигиче мойнумда,
Мен ишимди эми гана баштадым.

Ушинтип мен эми медтехникумдун окуучусу болдум. Техникум – учкан уям. Менин балалык өмүрүмдүн

жарымы ушул жерде өттү. Негизинен, мен адам болуп калыптануучу өмүрдүн тепкичтерин ушул жерде басып, канат сермедим. «Учкан уям» аттуу ырымды бекеринен арнаганым жок. Ушул техникумда өткөргөн күндөрдү менин өмүрүмдөгү эң бактылуу күндөрдөн деп эсептейм.

Жакшы окуп, коомдук-көпчүлүк ишине активдүү катышып, зоболом көтөрүлгөн көрүнүктүү кыздардан болдум. Кыргызстандын илим-билими, маданиятынын пайдубалын түптөөдө ченемсиз эрдик көрсөтүшүп, зор эмгекти өтөшкөн, өз заманынын азамат уулдарынан тарбия, таалим алдык. Алар маданиятсыздык караңгы күндөрүндө колдоруна шам кармап, миңдеген адамдарды аркасынан ээрчитип, келечекке кадам шилтеген алдыңкы, асыл адамдар болучу.

Үчүнчү күнкү сабакта Иван Иванович Иванов – орус тилинин мугалими келди. Чепилдеген орто бойлуу адам экен. Келди да чакчелекей түшө баштады. Менин таңыркашымдын чеги жок. Ал капчыгын чөнтөгүнөн алып ыргытат, борду сындырып ыргытат. Үстөлгө чыга, түшө калат. Мен аң-таң болуп отуруп, жанымдагы кыздан сурадым:

– Бул киши эмне болуп жатат?

Орус тил мугалими... «Это, что такое? – Это кошёлек» – деп капчыкты айтып: «Это что такое, мел» – деп борду, капчыкты ыргытканды, борду сындырганды эмне дээрин, отурганды, эмнеге отурду көрсөтүп, орусча кантип айтылышын айтып жатпайбы. Байкап үйрөнүп ал.

Мына ушул асыл мугалим биринчи жолу мага Лениндин тилин үйрөттү. Ушул убакытка чейин: «Это что такое? – Это кошёлек» деген сөзү кулагымда. Ал эми орустун чоң адабиятынын эшигин биринчи ачып, колумдан

жетелеп кирген адам Николай Николаевич Ивановский болду. Бул киши Иван Иванович кеткенден кийин орус тилинен жана орус адабиятынан сабак берди. Гоголдун «Өлүү жандарын» алып келип өзү окуп берет. Борсулдап күлө берет. Биз дагы ал күлсө эле түшүнбөй кошо күлүп калабыз. Чичиковдун аты гана эсте калат. «Түшүнүп жатат» десин дегенибиз го. Бирок кыраакы адам байкайт белем, күлкүсүн тыйып, акырын баарыбызды кыдырата карап, анан эч нерсе сезбеген киши болуп, жөнөкөй сөз менен окулган беттерди кайталап айтып түшүндүрчү. Ошол китеп окуп берип көркөм адабияттын укмуштай дүйнөсүнө жетелеген Николай Николаевич борсулдап күлүп, көз алдыга дайым келет. Физика сабагын М. В. Фрунзенин биринчи мугалими Павел Дмитриевич Масленников алып баруучу. Бул адам улгайып калган чокчо, коюу, ак сакалы бар толмоч келген, ар дайым колуна таяк кармап жүрө турган. Чөнтөгүнө буурчактай болгон конфеттер сала келчү. Биз эшиктин алдында күтүп турчубуз, бирден колубузга конфет тийгенине кубанып, төбөбүз көккө жеткенсип калабыз.

«Тенти менен Мойзаны конокко чакырам. Булар жакшы окушат. Ким ушулардай жакшы окуса, менде конокто болот» – дечү. Бир күнү Мойза экөөбүздү чакырды. Жуунуп-таранып, аябай даярданып бардык. Короосунда жүргөн экен, короосу толтура роза гүлү тигилген. Бизди көрүп: «О, келгиле, келгиле!» – деп экөөбүзгө эки кызыл роза гүлүн кесип берип, далыбызга чаап жөнөтүп койду. Албетте, биздин үмүтүбүз чоң болучу. Эң эле жок дегенде печенье менен чай ичебиз го дегенбиз. Кыздарга печенье менен чай ичтик деп келдик. Конокко барып даам татпай келгенден уялсак белем. Ал эми математикадан

Константин Петрович Брудастый берүүчү, бул киши экөөбүз бир майрамда бирге сыйландык, ал киши мугалимдердин үлгүсү катарында электр чайнеги менен, ошол кезде ал чайнек техникалык жаңылык эле. Константин Петрович дагы: «Мен Жунушбаеваны электр чайнегиме чай кайнатып конокко чакырам, жакшы окуйт», – дей берүчү. Бир күнү мен обкомолдун пленумунда жүрүп үйгө берген тапшырманы аткарбай бардым. Ошол күнү мени чакырып калса болобу. «Эки» коюп койду. Көп узабай тилекке каршы, бизде жалпы комсомолдун чогулушу өтмөй болду. Мугалимдер катышты. Маселе окуучулардын сабакка жетишүү, сапат жөнүндө. Обкомдун өкүлү болуп С. Бектурсунов катышты (белгилүү котормочу). Мына ошонун катышуусун пайдаланышып, жанагы математикадан алган «эки» жарыяга ээ болду. Ич тарлык кылып жүргөн менин курбуларым бири-бирин түртүп жатып, бирөөнү сүйлөтүшөт. Ал: «Отличник болуп жүргөн, обкомолдун мүчөсү Жунушбаева, үлгү болуунун ордуна математикадан «экиси бар» – десе болобу. Мен жерге кирип калдым. Өмүрүмдө биринчи жолу көрө албастык менен беттештим. Константин Петрович чогулуштун аяк жагында туруп, справка берди: «Жунушбаева менин предметимден эң жакшы окуган окуучу. Биринчи жолу үйгө берилген тапшырманы аткарбай келип «эки» алды, ал чын. Бирок эң алдыңкы окуучу», – деди. Ага карабастан мен өтө сынып калдым. Курбуларым деле муну жакшы билише турган, ар качан эсепти менден көчүрүп жүрүшкөн. Ошого карабастан учурду пайдалангандары акылыма сыйбады окшоду.

О, ичи тарлык! Канча адамдын жүрөгүн оорутуп, сындырбайт!

Негизги предметтер кире баштаганда, биздин таалайыбызга мезгилден буюрган, кыргыз медицинасынын башатында турган, анын өсүп-өнүгүшүнө зор эмгек сиңирген, медицинанын балбан мээнеткечтеринен биринчилерден болуп билим, тарбия алдык. Ар кимиси өзүнчө залкар чоку. Туюк жерге жол салган биринчи жолчулар. Мен өзүмдү бир жагынан эң бактылуу адаммын деп сезем. Анткени мен өмүр жолунда ушулар өңдүү илимдин, маданияттын, коомчулуктун биринчи жолчулары менен үзөңгүлөш келдим.

Теоретикалык хирургиядан – Иса Коноевич Ахунбаев, оперативная хирургиядан – Касым ага Нигматулин, гинекологиядан –Хаким Жапарович Ярылобеков, кожный-венерологиядан (тери оорусунан) –Молдогазиев, бул киши ошондо биринчи медицина илиминин кандидаты болгон киши экен. Аны биз түшүнүп жарыбаптырбыз. А. Л. Брудный – кулак, тамак, мурун оорусу боюнча. Балдар оорусунан А. Лебедева, ички оорудан – Яковлев, көздөн – Х. Еникеева, физиологиядан – Садыков ж. б.

Булар негизги кесибибизге байланыштуу предметтерди алпарышкан жогорку курстагы педагогдор эле. Кийинки даярдоо курстарында окуганыбызда бизге тарбиячы болуп акыл-насаат айтып, өз эне тилибизде сабак берген Бердибаев Эсенкул, Данияров Төлөнбай, Жүндүбаев Сулайман сыяктуу мугалимдерибиз эстен кеткис болуп жүрөктө турат. Анткени биз техникумга келген күндөн көз ачып көргөн сыймыктуу ата, ага сыяктуу адамдардан болушту. Үйдү сагынып, чүнчүп жүргөндө көңүлгө жылуу сөз, мээрим мамиледе чекебизди сылап коюшса, баласың да, көңүл эргип, сүткө тойгон күчүккө окшой түшөсүң. Бирок алыс кеткен жаш балага үйүңдүн сагы-

нычы кандай! Кай бир түндөрү жуурканыңа чүмкөнүп алып өпкө кагып түн оодарасың.

Ажырашууда бала эле кусадар болобу. Эне-атаңдын кусалыгы ашып түшпөсө, кем калбас. «Бала үчүн отко да, сууга да түшөсүң го» – деп, эл оозу айткандай, менин атам, энем кусалыктын зарынан далбас уруп мени издеп жөнөшөт. Кыштын кыраан чилдеси. Алыс сапар документсиз жол тартпоону ойлошуп сельсоветке справка сурап барышса, төөлөргө жүн жүктөп Токмокко жөнөтүп жатышкан болот. Эки иштен бир иш болуп 5 төөнүн милдетин моюндарына илип чыгышат. Энемдин мингени чалпоо ат, койнуна катканы экиге чыга элек ымыркай бала. Кичи энемден төрөлгөн сиңдимди да сагынып жүргөндүр дешип алып алышкан экен. 6–7 күнкү жол азабы өзүнчө жомок. Тар жолдо чалпоо аттын азабы аз келгенсип, жаш баласына суук тийип, көзүн ачпай онтоп калат. Токмокко эптеп жетишип, төөлөрдүн жүгүн тапшырышып, бошогон төөлөрдү шериктерине кошуп, кайтарып жиберип Фрунзеге бет алышат. Фрунзени Тоңдун бир көчө кичине кыштагындай көргөн маңыроо байкуш кыргыз – ата-энем менин адресимди да алышпайт, эмне окуу жай экенин да билишпейт. «Базарга барсаң бактыңдан көр» – болушуп келе беришет. Чак түштө көксөгөн шаардын көчөсүнө киришет. Көрүнгөн кишиден: «Бала окуган мектеп кайда?» – деп сурашат. «Мектеп көп, кандай мектеп?» – дешет. Айта алышпайт. «Тигил көчөдө окуу жайы бар, барып көргүлө?» – болот. Ал көчөдөгү окуу жайына барышып, жолуккандардан: «Жунушбай баласы Тентини билесиңерби?» – дешет. Жунушбай баласы Тентини билишпейт, анда жок болуп чыгат. Ар бир мен табылбаган окуу жайынан соң атам

ээр кашына өбөктөп: «Баламдан айрылган турбайбызбы. Бала дайынсыз болгон турбайбы», – деп өпкөлөй баштайт. Энем кайраттуураак жан болучу. Ал: «Ээ, кокуй, Жунушбай! Ушинтип эле ыйлап турасыңбы, күн кечтеп баратпайбы. Дагы издөөгө аракет этпейлиби» – дейт.

Ошонун ортосунда шаардыкча таза кийинген жаш жигит өтүп бара жатат. Атамдын өтө кейишине, турушуна көңүл буруп, акыбалдарын сурап калат.

– Балабызды шаарга күздө окууга алып кетишкен, эч жерде жок, таппай жүрөбүз дешкени менен эмне окуу экенин айталышпайт.

– Ушул көчө менен туура бара берип, чоң түрмөнү тапкыла, ошол түрмөнүн аркы көчөсүнөн өйдө бурулуп бара түшкөн жерде балдар окуган техникум бар, балким балаңыздар ошондо болуп жүрбөсүн, – дейт.

Чоң түрмөнү таап, көчө өйдө келе жатышат. Алды жакта бир тестиер кыз бала учурайт. Андан Жунушбай баласы Тентини сурашса байкуштарга бакыт жылмайып, ал кыз баласын билген болуп чыгып, кабарга жүгүрөт. Аркасынан атам, энем: «О, кудайлап!» – теминип жөнөп калышат.

Мен жатаканада сабак даярдап отурсам эле эшиктен алиги кыз атып кирип:

– Тенти, эне-атаң келишти, чакырып жатат – деди.

– Чын элеби, кайда? – Сүйүнгөнүм ай! Кандай жүгүрүп чыкканымды билбейм. Дарбазанын оозуна чыга калсам атам, энем атынан түшүшүп турушкан экен. Мындай учурдагы көрүшүү белгилүү го...

Мен эртеси сабакка кечигибирээк келдим. Эртең менен эрте туруу мен үчүн кыйын эле. Түнкүсүн төшөккө жаткан соң тез уктабас адатым бар. Көп убакытка чейин

ойлонуп, кыялданып, узун жомокту ойлоп алам да, кай бирде аягына чыкпай талыкшып уктап кетсем, эртеси жаткан соң кайра улап ойлоноор бала кезден мага байыр. Ошонун натыйжасында эртең менен талыкшып туралбай жатып, жанымдагы кыздар ойготсо: «5 минут жата турайын» болуп жатып, сабакка кирчү коңгуроо кагылганда секирип туруп, шашыла кийинип араң жетишем. Ар качан эртең мененки тамактан куру калам. Бул күнү мугалимден мурда класска киришке жетишпей калдым. Анткени атам, энем алып келген тырайке тыштаган кара көрпө ичикти, сырты чийбаркыт көрпө тумакты жана кийиз өтүктүн баарын кийип жасанганча убакыт кетти. Биздин техникум эки гана кабат кызыл үй болучу. Биринчи кабаты жатаканабыз, анда жатабыз. Экинчи кабаты класстар, анда окуйбуз. Думбаланып кийиништин кажети жок болучу. Жеңил кийимчен барчубуз. Мен атам, энем алып келген кийимдеримди көрсөткүм келген го. Бороондон чыккан сыяктанып шашылып класска жүгүрүп кирдим. Мугалимибиз Төлөнбай Бакирович Данияров сабакты баштап калган экен. Мени көргөндө класссташтарым дуу күлүп жиберишти. Отура калып, Төлөнбай агайга карасам ал киши дагы карсылдап күлүп жаткан экен. Мен алды эмне үчүн болгон күлкүгө түшүнө албай элейип отуруп калдым. Күлкү бир аз тыйылган соң мугалим агай:

– Тенти, бул кийимди ата-энең алып келген го. Жакшы экен, кыш катуу, эми үшүбөйсүң, жакшы болуптур.

Класста ысык болоор, танаписте чечип, жатаканаңа алып барып кой, эшикке чыкканда кийип жүр, – деди.

Мен ошондо гана жанагы классты жаңырткан күлкүнүн маанисин түшүндүм.

Төлөнбай Бакирович жөнүндө эки ооз сөз. Бул киши бизге кыргыз тил, адабиятынан сабак берчү. Жүрүш-турушу жандуу, шамдагай, сезгич, өз предметин жакшы билген чыныгы педагогдордон болучу. Сабакты өтө кызык алпара турган. Бир күнү жаз жөнүндө баарыбызга ыр жазып келүүнү тапшырды. Көптүн ичинде мен дагы жаздым. Бирок ошол ырыма «5» деген баа алдым.

– Тенти сен ыр жазсаң колуңдан келет окшойт, –деди.

Мен бул сөзүнө жарытып маани бергеним жок. Өзүмчө: «Эмнеге ыр жазмак элем, мен деген доктур (врач) болом, доктурдун окуусун окуп жатсам» деген ойго келдим. Ал кезде ыр жазуунун эмне экенин деле түшүнбөчүмүн. Акындар, жазуучу адамдар бир башкача жаралган жандай баамдачумун. Төлөнбай Бакирович дагы мен ойлогондой, бул кыз медик болчу неме кайдан ырга көңүл бурсун дегендей түшүнсө керек, ал дагы өзүнүн биринчи байкоосун элес албаган чыгаар. Эгерде мен педагогика техникумунда окуган болсом, өзүм да, агай да, балким, мендеги жылт эткен шыктын учкунуна башкача көңүл коюп, балким, мен эртерээк өз мезгилинде ойгонуп калат белем. Анда мен 13–14 жашта кезим болсо керек. Ошол менин биринчи жазган ырымдын бир гана куплети эсте калыптыр.

Жаз келди, ала-шалбырт карлар эрип,
Жер жатат ийип берген сүтүн эмип.
Биз балдар жазды тосуп кубанабыз,
Жарышып жайнап чыккан гүлдү терип.

Төлөнбай Бакирович мендеги шыктын учкунун биринчи байкаган гана адам эмес, мага биринчи жолу көңүлү түшүп, махабаты жанган эле. Башкача айтканда,

биринчи болуп мага жүрөк сырын билдирген, көксөй колун сунган адамдан болду. Мен ушул күнгө чейин кыз экендигиме көп маани бербей, баягы эркеликтеги эркекче мүнөздүн таасиринен чыга элек азоо тайлардан элем. Мен өтө сыйлаган атадай, агадай, педагог-тарбиячынын идеалы көргөн кымбаттуу мугалимим жүрөк сырын ачып, менин кыз экендигимди күбөлөп, канчалык эркин айланып учсам дагы бирөөнүн торуна, колуна түшүп коруган-соолуган куштай боло турган кыз тагдыры мага да таандыгын далилдеп жаткандай сезим туудурду. Мени атам, энем эркек деп жүрүшсө өзүмдүн чоң эле мугалимим (а киши мага өтө чоң, бир топ жаштагы кишидей көрүнчү. Көрсө, жыйырманын үч-төртүндөгү эле кези белем, мага мындай мамиле жасашы эмнеси? Мен али жашмын, окушум керек, муну түшүнбөйбү деген сыяктуу ойлор башыма сыйбады. Чынын айтканда, бул «жоругу» мага такыр жакпай, капа болдум.

Төлөнбай Бакирович сулууча келген, көрүнүктүү жигиттерден болучу. Бизде окуган кыздардын кай бирлерине өтө жакчу, эгерде алар болгондо чоң бакыт көрмөк. Аны мен жакшы биле турганмын. Бирок мен эмнегедир ушинтип терс кабыл алдым. Мунун себеби, биринчиден, тагдырыма жат тарбияланып, келечек турмушка даярдыксыз, камыраак белем. Экинчиден, эң негизгиси жүрөк сезимим ойгонбосунда болду белем. Жүрөк ар кимге ойгоно бербейт экен.

Төлөнбай Бакирович бул маселеге сезимдүүлүк менен мамиле жасады. Кай бир мени «сүйүп-күйүп», анан душман болгон эргулдарга окшобостон, баягы эле урматтуу мугалим-тарбиячы катары кала берди. Мен ушунусуна ыраазымын. Ал кишинин жайдары жаркыраган элесине,

мага болгон махабатынын жалындуу илебине мен бүгүн башымды ием.

Мен ушул техникумда өткөргөн алты жылдан ашуун өмүрүмдө ушул Төлөнбай Бакирович сыяктуу таза, жакшылыкча мен деп жанган махабаттардын жаркыраган нурларына бөлөнүп, кумарлуу көздөрдү ээрчиттим. Алардын бардыгын баяндоонун кажети жоктур. Бирок махабатын (эгер болгон болсо) кекке алмаштырып, өмүр бою сары изиме чөп салып, канча жолу тагдырыма балта чабышка аракеттенген бир «азаматка» токтолгум келет.

1934–1935-жылдары биздин техникумдун алдында бир жылдык опорный курс ачылды. Бул курстун максаты медициналык биринчи жардам көрсөтө турган санитаркаларды даярдоо. Ошол курска көбүнчө Кыргыз атчандар полкунун командирлеринин (жогорку составдарынын) кесипсиз, чала сабат үйдө отурган аялдары кабыл алынды. Чындыгында, ал курстун максаты курсту бүтүргөндөрдү ошол полкто кызмат өтөтүүгө даярдашмак.

Биздин техникумда ар дайым дем алыш күндөрү клубубузда кече болот. Ошол кечеге башка окуу жайларынан окуучулар келип катыша турган салт эле. Кыргыз атчандар полкунун кызматкерлери (командирлери) да бизде окуган аялдары менен биздин кечеге катышып жүрүштү. Опорный курста окуган бир командирдин сулууча аялы бөтөнчөлөнүп көзгө урунуп турчу, чачы өтө узун, мүчөсү келишимдүү, көрктүү кийинет.

Күндөрдүн биринде ошол келин мени четке чакырып чыгып, колума кат карматты. Ачып окусам «сүйүү» каты болуп чыкты. Каттын ээси Темиров. Келин анын командир экенин айтып мактай баштады. Мен өтө терс кабыл алдым да: «Мен мындай кишилер менен сүйлөш-

пөйм. Окушум керек, али жашмын» – деп, катты тытып ыргытып, басып кеттим. Оройлонуп жооп бергенимди өзүм да сезип калдым. Тигил келин кийин да бир канча жолу сүйлөшүүгө аракеттенгендей болду. Мен ыргыштап жолотподум. Эл көзүнө көрүнүп, көз арткандардын саны артып, бир аз көтөрүңкү жүрсөм керек. Жыл өтүп опорный курстагылар бүтүп кетишти. Биздин кечеге эми командирлер келбей калды. «Кудай жалгап кутулдум» деген ойго келдим. Бирок тагдыр мени куткарбай, анын кара көөнүн торуна илинткен экен. Кийин тар жол, тайгак кечүүлөрдө кездешүүгө туура келди. Ал жөнүндө сөз кийин.

Махабат жолунда мени эмнелер күтөт? Кимдер жалындап сүйүп, сүйүүсүн ыйык сактап, мени көргөндө ичи жылып, эки жактан сүйүүнүн бир беткей келбесине капа болбой, ичтен тынабы. Кимдер сүйүүгө сүйүү сунбай сумсаят деп, кегин жыйнап, өчөшкө өтөбү, белгисиз эле. Ал эми менин жүрөгүмдө балбылдап сүйүү жалыны качан жанат? Кимге жанат? Махабат мен үчүн таттуу кыял, узун жомок эле. Сыйкырдуу жомоктогудай кызык махабаттын мастыгына кыялданып нечен түндөрдү катырдым. Бирде Семетей, Сыргак, Күлчоро өңдүү эр-азамат сырттандарды күтүп кездешем. Кээде мага сыртынан жаккан сымбаттуу, бирок сунса кол жетпей турган өмүрүмдүн жолунда кездешкен же кездешпеген адамдардай асылдарды күтөм, кездешем. Иши кылып келечек махабаттын келберсиген көркөм элесине, таттуу кыялыма масмын.

Бирок махабат качан келет, кимге келет, ким билет?!

Жаш кыялындай кызык эмне бар. Жеке гана махабатка кыялданбайсың го. Келечек өмүр, тагдыр бардыгы

сонун дүйнө болуп, сонун дүйнө болуусуна багындырып кыялың закымдайт го. Бирок турмуш ойдогудай болобу. Ой менен турмуш эки бөлөк эмеспи!

Техникумда алты жарым жыл окудук. 1933-жылдагы каатчылыкта тарап, айылга кеттик. Ошол жарым жыл текке кеткен мөөнөттү кийин толтуруп, 1937-жылдын июль айында бүтүрбөстөн, 1939-жылдын январь айында техникумду бүтүрүшүбүздүн себеби ушунда болду.

Алты жарым жыл окуу мезгилинде 14 жолу жол тарттым. Жол азабын ким билет? Азыркыдай кымкуут жүрүп турган машина, автобус, таксилер жок, поезд жолу түгүл, Боомдо машина жолу тартипке келе элек. Жол азабын ким тартса, ал тушүнөөр. Окуу жылы аяктап, каникулга тараганда көлдүк кыздар үйгө сапар тартабыз. Биринчи жылдары жүк тарткан арабада, кийинчерээк жүк ташыган машинеде. Бир сапар Балыкчыга керосин тарткан араба кетчү. (Ал кезде көбүнчө Балыкчы деген ат менен айтылуучу азыркы Рыбачье шаары.) Ар арабада бир бочка, аркасына экиден кыз отуруп жолго чыктык. Арабакеч көбүнчө араба тарткан атты жетектеп жөө басат. Түн мезгилдеринде эки же үч саатча тыным болбосо көбүнчө жол тартуудабыз. Караңгыда араба жолдон чыга түшүп эңкейишке аңтарылып түшкөн учурлар болду. Түн жаңыртып чыйылдап ыйлап калабыз. Ивановкадан өткөн жерде биз түшкөн араба оодарылып, бочка менин бутумдун кетменин опсуз баскан экен, бир үнүм көктө, бир үнүм жерде. Бутум тизеге чейин шишип кетти. Арабакеч бутума кандайдыр бир жалбырактарды тартып байлап берди. Көтөргөн куржунубуз бар, мунун баарын ийрелеңдеп көтөрүп Балыкчыга жеткенче бир аз шишиги таркады. Жүгүбүздү көтөрүп (биз окуган мезгилде

жууркан-жаздыкты өзүбүздүкүн алып келип, кайра окуудан кеткенде алып кетчүбүз, андан башка кийим-кече салган чамаданыбыз же куржунубуз бар), мунун баарын ийрелендеп көтөрүп Балыкчынын аягындагы госпароходствого барабыз. Ал жерде эң кеминде 4–5 күн пароход күтөбүз, жатаар жер да жок.

Ушул сапар билгендей байкуш атам ат алып тосуп келип калса болобу. Менин келээр учурумду болжоп эле келе бериптир. Көрүп бышактап ыйлады. Жүгүмдү артып, ат менен жөнөп кеттик. Курдаш кыздарым бечаралар муңайып кала беришти, айла канча, пароход дагы эки күндөн кийин келиптир. Кайра Фрунзеге кеткенде да Тоңдун чатынан 4–5 күндөп пароход күтөбүз. Кай бирлерде пароход пристанга бурулбай түз гана көздү жалдыратып өтүп кетет. Жадаганда атам дагы ат менен Балыкчыга жеткирет. Машина табылбай Балыкчынын автостанциясында канча күндөр зарыгуу болду. Мындай жол азабы жүрөктөн кеткис болгон.

Азыркы жүргүнчүлөрдүн шартылдап жөнөп жатышкандарын карап туруп ыраазы болом. Нечен кыйын жылдар өттү го. Жаңы курулган жаш өлкөбүздүн оор, татаал күндөрүнүн далайына бала кезден күбө болдук.

1933-жылы февраль айларында техникум убактылуу жабылып, айылга келдим. Турмуш кысылып адамдар үрпөйүп жапа чегип турушкан мезгил эле. Атамдар өзүлөрүнүн кысылып турганына карабастан бир үйлүү казактарга боз үйүн короосуна тигип, киргизип коюп, каралашып турушуптур. Атамдар берген сулуну кууруп, жаргылчакка тартып жарма жасашат. Көгүлтүр түстүү жарманы кашык менен үстүртөн калпый ичип отурушса, эмнегедир ал жарма мага өтө ширин сезилет. Бирок ка-

зактар эмнегедир мага беришпейт. Алар суугa бышкан эч катыгы жок көгүлтүр жармасы менен мени сыйлаштан тартынышат белем.

Мен колхоздун балдар бакчасынын башчысы болуп ишке орноштум. Үч жашар сиңдим экөөбүз бакчадан күн көрөбүз. Бирок үйдөгүлөрдүн акыбалы оор. Атам кош айдоодо. Бир күнү эртең менен мен кызматка кетип жатсам энем айтып калды: «Атаң бүгүн кошко ачка кетти, кантээр экен», – деп. Ишке келдим, заманам куурулат. Эмне кыларды билбей, азык-түлүк дүкөнүнө бардым. Сатылган тамак жок. Бирок бочкеден пиво сатылып жатыптыр. Эки кружка пиво сатып алып атам кош айдап жаткан жайга кандай жеткенимди билбейм. Бара жатсам атам сокодогу атты тизгиндеп жетелеп бара жатат, улам мүдүрүлө жер таянып, кайра туруп атты сүрөмөлөйт. Сокону кармаган баягы Жаныман экен (илгери атамды өлтүрүүгө сөз болгондо кабарга келген кара бала), азыр үйлүү-жайлуу жигит.

Атам менин колумдагы идишти көрүп сүйүнгөн сыяктуу:

– Тентибай, айланайын, эмне алып келдиң? – деп калды.

– Пиво, башка эч нерсе табылбады.

– Айланайын ай, пивону ичпейт элем.

Ичип көрбөгөн тамак да, муңая түштү. Мен дагы капалана түштүм. Жаныман жулуна:

– Келе, Тентибай? Жукем ичпесе баарын эле мен ичип алайын.

– Бир кружкасын сиз ичиңиз. Атам деле ичсин. Ата, бул арпа, буудайдан эле ачытып жасалган нерсе. Бозо менен жармадан айырмасы жок, – дедим жалдырай.

Атам мени аяп кеттиби же сөзүмө ынана түштүбү: «мейли эмесе, ичсе ичейин» – деп, жутуп алды. Мен сүйүнүп калдым. Бир азга дем алып отуруп калышты.

Жаныман сөз баштады:

– Жуке, Абдымомун иниңиз үрөнчү, бир топу буудай сурап берсеңиз. Үй-бүлөм кезээрип отурушат.

Мен өзүм үчүн да сурабайм. Баарыбыз бир топудан үрөндү бөлүп кетсек, күзүндө таш теребизби. Жаз келди, чөп-чар жесек да өлбөспүз. Бышыкчылыкка эптеп жетсек болгону. Бир ортодон менчикке мал таратат имиш. Жакшы кабар угулуп жатат. Антсе элдин аман калганы. Кыргыз бечара алкы киргенде эле тоюнуп кетет эмеспи, – деп атам ага жооп берет.

– Андай күн болсо жыргабадыкпы. Ошол чын болгондой эле. Жаныман кубана эки жагын карап койду.

Жакшылык элге келди... Көп узабай мал бөлүндү. Жаңы төлдөгөн кой, эчкилер берилди. Күнүнө эки-үч чөйчөк сүт саагандар марып калышты.

Мына ушинтип, элдин үрөйүн учуруп, алкымдап турган жокчулук-каатчылык артка чегинип, караан үздү.

Кийин атам, мен алпарып Жаныман экөөнө ичирген эки кружка пивону көп эске сала турган: «Пивоң да жакшы тамак экен. Кадимкидей кубаттана түшүп, күнү бою соко айдабадымбы» – деп.

Сентябрь айында шаарга кайра окуубузга кайттык. Берекелүү Чүй өрөөнү жемишин төгүп берип, кеңиричилик келип калыптыр. Топурандап, сүткө тойгон күчүктөргө окшоп окуубузду уланта баштадык.

Улуу Октябрь майрамы келди. Майрамды күтүү, аны тосуу балалыктын эстен кеткис күндөрү да. Биздин залда чоң салтанаттуу жыйналыш болду, жакшы окуган

окуучулар сыйлык алдык. Мага китептер берилди. Жатаканага алып келип көрсөк ичинде «Эмгек төлү» аттуу кыргызча ыр китеби бар экен. Биринчи бетин ачсам эле ак шалы жоолук жамынган, чачын тармалдатып (ошол кезде кыздар чачын кестирип тармалдаткан мода болучу) күлүңдөгөн аялдын сүрөтүн көрдүм. «Эй, кыздар, аял жазуучу да бар экен» – десем, кыздар таңыркашып жабыла карап, чуу болдук. Аягында ал аял эмес Жоомарт Бөкөнбаев болуп чыкты. Мына ушинтип Жоомарт менен биринчи китеп жүзүндө тааныштым. Буга чейин Токомбаев, Бөкөнбаев деп бир аз уга турганбыз, бирок алардын чыгармалары жөнүндө көп кабарыбыз жок. Кандайдыр бир алыстагы, кол жеткис бийиктикте турган адамдар сыяктуу сезилчү. Ошол күндөн Жоомарт жөнүндө көбүрөөк уга турган болдук.

Ал кезде адабий китептер өтө аз, жокко эсе. Жоомарттын «Эмгек төлүн» талашып, жыртылганча окудук белем. Ырларын жаттап, анын текстине музыка жазылган ырлар, хорлорду ырдайбыз. Жоомартты көргөндөр аны: «Эң таланттуу, сулуу, көрктүү жигит» – дешип макташат. Бирок мен көрө элекмин.

1935-жылы Фрунзе шаарында кыргызстандык кыз-келиндердин биринчи съезди болду. Мен дагы делегат элем. Обком комсомолго мандат алганы бардым. Мухамеджанов обкомолдо сектор башчы экен, мага кайрылып: «Карындаш, жолдон типографияга кирип, Токомбаев менен Бөкөнбаевге кол койдура кетиңиз, съездге катышышы керек» – деди. Мен списканы алып типографияга келе жатып өзүмчө: «Аялдардын съездине аялдар барыш керек. Булардын аялдарын чакырып жатышкан го» деген чечимге келдим.

Биринчи Токомбаевди сурап таап, кабинетине кирдим. Аалыкени да биринчи көрүшүм. Көзүмө укмуш сөөлөттүү көрүндү, ийменип тике карай албастан ылдый караган бойдон:

– Агай, эртең кыз-келиндердин съезди болот. Аялыңыз барышы керек экен, кол коюп бериңиз,– дедим.

Аалыке эч нерсе айтпастан өзүнүн фамилиясынын тушуна кол коюп берди. Бөкөнбаевди кайдан табышты сурасам түшүндүрдү.

Айтылган бөлмөгө кирдим. Биринчи эле көзүмө төрдөгү столдун жанында отурган багжагай киши урунду. Эмнегедир көздөрү мага кызарып көрүндү. Жалтана түшүп, сол жакка карасам бурчта бир жигит үстөл кучактап олтурган экен, ага кайрылып Бөкөнбаев керектигин айттым.

Ал адам баягы төрдө отурган багжагай кишини көрсөттү. Бул азыркы белгилүү саясий адабияттын котормочусу Жумабай Камчыбеков болуп чыкты. Ал ошол «Ленинчил жаш» газетасынын жооптуу секретарлыгынын милдетин аткарат экен. Жоомарт болсо ал газетанын редактору тура. Мен сүрдөнүп жатып Жоомарттын столунун жанына барып, кагазды сунуп:

Агай, аялыңыз үчүн кол коюп бериңиз, эртең кыз-келиндердин съездине барсын. – Өңүнө карай албай жер кароодомун. Жоомарт:

– Андай немем жок болсо эмне кылайын?

– Мен таң кала түшүп, түшүнбөй жатабы дегендей ойго келип:

– Аялыңыз съездге барышы керек экен, – деп кайра төмөн карадым.

– Андай немем жок болсо эмне кылайын деп жатпайымбы! – деди.

Мен унчукпадым, эмнени айтам. Жоомарт бир азга мени тиктеп унчукпады. Бурчтагы жигит бырсылдап күлүп калды. Жоомарт өзүнүн спискадагы фамилиясынын үстүнөн чийип туруп, туурасына: «Нет» – деп жазып, колума берди.

Жолдо келе жатып өзүмчө: «Кантип эле ушул саксайган чоң эле кишинин аялы жок болсун. Балким, төркүнүнө айылчылап кеткен го» – деген ойго келдим. Айылчылаптын мааниси, ал кезекте кыргыз аялдары коомчулукка анчалык активдүү катышпаган кези. Командировкага кетишпечү, кетсе айылчылашат.

Мына ушинтип Жоомартты биринчи көрдүм. Чынында көрктүү, сулуу жигит экен. Акылдуу, ойлуу көзү жалындуулугунан мага кызарып көрүнгөн белем, кийин байкасам кадимкидей кой көздүү экен.

Эртеси өкмөт үйүнүн чоң залында съезд ачылды. Съездди пионерлер куттукташып, мен алардын атынан рапорт бердим. Ал сүрөтүм эртеси «Кызыл Кыргызстан» газетасына чыкты. Рапорт берип, трибунадан түшүп бара жатсам, эң алдыңкы катарда Жоомарт отуруптур. Ал мени тиктеп койду. «Аялынын ордуна өзү келиптир» деген ойдо болдум.

Мына ушул кол жеткистей көрктүү, сулуу, ташкындаган нукура таланттын ээси, табигат аянбай марттык кылып сонун сапаттар менен катар ички дүйнөнүн сулуулугун да, сырткы келбеттин сулуулугун да бирдей берген, бул дүйнөгө сейрек келип кетичү асыл заттардын бири Жоомарт мага кол сунуп, махабатын багыштап, менин өмүрлүк жарым болоору, ушул күндөрү оюма да келбеди.

Ата-энесине эркелеген баладай техникумда директорубузга, мугалимдерибизге, тарбиячыларыбызга, эстүү

эжелерибизге эркелеп, өз үйүбүздүн төрүндө алчандагандай дагы канча убакыт ушул жерде өмүр өтөөрүн ойго албай, бейкапар жашаган балалыктын мас күндөрү болучу.

Директорубуз Жукеш Мамбеталиевди ал кезекте жаш болсо да атабыз катары көрчүбүз. Анткени бул киши бизге атадай камкордук көрсөтүп, мээримдүүлүктө мамиле жасачу. Өзү токтоо, жибектей созулган жумшак мүнөздүү, адамгерчилиги күчтүү, сезгич сонун адам! Канчалык биз балалык шоктук жасасак да катуу сүйлөп көңүл иритпей, сылыктыкта акыл-насаат сөздөрүн айтычу. Биз ал кишини бийик сыйлагандыктан сөзүнө тез ынанып, калтыс иш жасап койсок оңдоого аракеттенчүбүз. Бүт кызыкчылыкты техникумдун ишине багындырып, анын турмушу менен жашачу. Класстарды кыдырып окуунун өтүшүнө көз салып, жатакананы көрүп, тартип, тазалык тарбиясына көз салып, иши кылып эртеден кечке ал киши аракетте болот. Бир күнү биз жогорку курска барып калганбыз, ал эмес акыркы жыл болсо керек. Техникумда тазалык, сарамжалдуулукка аябай үйрөнгөнбүз. Эгерде биз турмушубузда жакшы үй-бүлө боло турган сапаттарга ээ болгон болсок, мунун бардыгы үчүн биз техникумда алган тарбияга, биринчи иретте Жукеш Мамбеталиевичке милдеттүүбүз. Иш тигүүнү үйрөтүү үчүн кол жана бут машиналар алып, жатаканага койдуруп берген. Тамак жасоону үйрөтүү үчүн, ашканадан практика өткөртчү. Бийлегенди үйрөтүп мугалим жалдады. Кружоктор уюштуртуп музыкалык аспаптардын нечен түрлөрүн, пианинону баштап камсыз этти. Тарбиянын бир элементи кроваттарыбызды эң сонун жасап, чаң тийгизбей, ал түгүл үстүнө отурбайбыз. Төрт кыз бир бөлмөдө жатыш-

ка жетишкенбиз. Жүкөш Мамбеталиевич жанын сабап жүрүп жаңы жатакананы бүтүрткөн.

Столдо бир нерсе жазып отурсам, менин кроватыма келип бир курбум былчыйта отурду.

Стулга эле отурсаң, жапкычы бырышып калат, – дедим.

– Бырышса кудай албайт, – дагы ыкталып, түй-шөлүп койду.

Менин ачуум келе түшүп, тура калып анын керебетине барып отура калдым. Ал менин одеялымды сыйрып жерге таштады, мен аныкын. Ал берки кыздардыкын да жерге сыйра баштады, акыры төрт кыз төртөөбүз тең оюнга айлантып, ызы-чуу болуп күлүп тактайдын үстүндө үйүлгөн жууркан-төшөктүн үстүнө бир бирибизди жыгып «төө басмай» болуп жаттык. Бир оокумда кокустан баш көтөрсөм эшиктин алдында Жукеш Мамбеталиевич кирип, карап турган экен.

– Кокуй, агай! – деп, бакырып алып, колум менен оозумду жаптым. Кыздардын эси оой түштү белем, эндирей отуруп калышып, анан туруп ар кимибиз унчукпай кроватыбызды жыйнаштыра баштадык. Агайдын бетин карай албайбыз.

Жүкөш агай бир азга унчукпай турду. Же урушаарын же күлөөрүн билбедиби. Анан соң: «Чоң эле кыздар, окууну бүтүргөн отурасыңар. Силерди көргөн кичинекей кыздар эмне дейт» – деди. Башка сөз айткан жок, чыгып кетти. Биз «өлүп» калдык, көп күндөрү агайдын алдынан каршы чыкпай качып жүрдүк.

Мына ушул асыл агайыбызды азыр көргөндө да атабызды көргөндөй жүрөгүбүз жылый түшөт. Өмүр бою бул кишинин мээримдүү, кымбат элесин көңүлүмдө сактап келе жатам. «Тууган гана ата болбой, тутунган

да ата» деген ушу белем. Жукеш Мамбеталиевич Мукай, Жоомарт, Жусуптар менен педтехникумда бирге окушуп, бүтүргөндөн кийин туура бизге директорлукка келген тура. Жоомарт жолдоштугуна салып кийин мени телефонго чакыртып келе турган. Телефон ошол Жукеш агайдын кабинетинде жана бир аппарат оозгу бөлмөсүндө болучу. Мен агайдан жазганып, көп убактары телефонго келбей койчумун. Муну байкаган Жукеш Мамбеталиевич Жоомартка айтыптыр: «Мен өзүм директор болуп туруп кызымды жигиттерге чакыртышым эрөөн, анын үстүнө Тенти да уялат окшойт. Өзүң келип эле чакыртып алып сүйлөшпөйсүңбү» – деп. Кийин Жоомарт телефонго чакыртпай калды.

Жатакана бул дагы өзүнчө мектеп. Ар түрдүү мүнөздөгү, деңгээлдеги, жаштагы, тарбия-таалимдеги адамдар менен жуурулушасың. «Жакшынын – карасы, жамандын – шаласы» дегендей жакшы таалимин тийгизген, деги эле жакшы адамдарды кийин жылуулук менен эсиңе түшүрөсүң. Жакшы киши менен кандайдыр мезгилде катар жүрүү эмес, бир гана саат дилинден маектешип отуруу да өзүнчө бактыдай кымбат сезилет го. Жакшы адамдын жан жыргатаар айткан сөзү көңүлүңдү гүлдөтүп, жүрөгүңдү жылытып ар качан кулагыңда музыка болуп угулуп турат да.

«Жакшы сөз жан сергитет, жаман сөз жан кейитет» деген эл оозунда бекеринен айтылбаган. Жаман сөз, жаман жорук жүрөктөн, көңүлдөн кеткис так эмеспи. Адамдардын жаман жоруктарына ириген көңүл, ооруган жүрөк өмүр жолун кыскартаары баарыга белгилүү.

Ушул алты жылдан ашуун техникумда өткөргөн өмүрдө канча замандаштарыма катар кадам шилтедим. Көпчүлүгү

менин жүрөгүмдө жарык, элестүү мээримдикте жашоодо. Кай бирлерде кездеше калсак бир тууганыңды көргөндөй жүрөгүң кубана түшөт. Албетте, баары тегиз алтындай, күмүштөй жаркырабас. Адам баласынын карым-катышы, башкача айтканда, бир-бирине болгон мамиледен татаал эч нерсе жок да. Биз кай бирлерде турмуш-жашоо өтө татаал дейбиз. Чындыгында, ошол турмушту татаалданткан адамдардын өз ара мамиле катнашы эмеспи. Ошол мамилеге, көз карашка жараша ченемдүү өлчөмдө адамдардын бир бири жөнүндө пикир түзүлөт да. Мисалы, бирөөнү мен эмнегедир кай бир мүнөз-сапатынан жактырбасам, ага сараңдык көрсөтүүм мүмкүн, оройлук көрсөтүм мүмкүн. Ошонун натыйжасында мен анын көзүнө терс адамдай көрүнөм. Ал эми жактырган адамыма марттык, жаракөрлүк мамиле көрсөтсөм, мен ал адамдын көзүндө март, сонун мүнөздүү адаммын. Бул адамдардын өлчөмдүү бир жактай жактары. Ал эми негизги адамдын сапаты анын ички дүйнөсү адамдардын кеңири карым-катнашында, мамилесинде өлчөлөнүп, салмакталчу нерсе го. Аны өмүр майданы айкындайт. Ошондой болгондуктан менин да техникумдагы замандаштарыма болгон мамилем, мага болгон алардын мамилеси да ар түрлүү болду. Бирок негизинен, мен ошол замандаштарымды ыйык сезем. Алардын ар кимисине токтолуунун кажети жок. Ыгы келген жерде кай бирлерине токтолоормун. Азырынча бир эжемди эске салып кетким келет. Ал – Жамила Майрыкова. Бул киши биздин Тоң аймагынан аялдардан эң биринчи болуп маданий-билимге кол созгон киши. Өмүр бою агартуу ишинде кызмат өтөп, мугалим кызматын аткарып, канча жаштарга тарбия берип, эми пенсияга чыгып дем алып жүргөн мезгили.

Мен окууга жаш келип, жүдөп жүргөн мезгилимде ушул Жамила эже биздин техникумда жогорку курстарда окуп жүргөн кези.

Мына ушул мээримдүү, эстүү, маданиятты өзүнө сиңирип калган, жылдыздуу келин Жамила эже мага чоң жөлөк болуп, жол көрсөтүп, ыйласам сооротуп, акыл-насаат берген устатым болуп, эң кыйын мезгилде жанымда болду. Ошону үчүн бул адам мага бир тууган эжедей жүрөгүмдөн өмүр бою жылуу орун алууда.

Биз негизги курстарга чыгып, медициналык атайын предметтер кире баштаганда жана мен жогоруда атын атап кеткен кыргыз медицина илиминин башатында турган ардактуу адамдардан билим ала баштадык. Булар өз кесиптери үчүн талаптуу врачтар, тарбиячылар болгон. Берген сабактарын биз майрам сыяктуу күтөбүз. Ушунчалык кызыктуу алпарышат. Артыкча Хаким Жапарович Ярулабеков эң жакшы көргөн мугалимдерден. Анткени ал киши өзүнүн предметин сонун билүү менен катар, өтө сөзмөр, куудул, жайдары таланттуу адам болучу. Хаким Жапарович жүргөн жердин баары күлкү. Биздин чарчап калган учурларыбызды байкаса, куудулданып күлкүлүү бир нерселерди айтып, күлдүрүп эс алдырып алып, кайра сабагын уланта турган.

Нигматулин Касым аганын сабагы да кызык өтө турган. Бүт дилин коюп биздин билим алышыбызга ынтызар болучу. Лекцияны да өзү окуп, практиканы да өзү алпарат. Операция убагында оозу тынбай бизге айтып көрсөтөт. Бир күнү геморрой оорусуна операция башталды. Биз эркек балдарды алдыга жиберип, кыздар көргүбүз келбей уялгандан кетенчиктейбиз. Касым агай: «Жакын тургула, карагыла! Баарыңар көргүлө! –деп бакырып жатат. Биз болбойбуз.

Операция бүткөн соң, бизди кабинетине киргизип алып аябай урушту:

– Минтип жүрсөңөр кантип медик болосуңар. Мен үчүн билимиңер керекпи. Эртеңки күнү айылга барып иштесеңер оорулууларды кантип дарылайсыңар! Азыркы мезгилде врачтар жетишпейт, кай бир райондордо бирден врач болсо, кээсинде бирөө да жок. Силер врач катары кызмат өтөшүңөр керек. Операция жасашыңарга да туура келет!

– Агай геморройдон башкасына жасасак болот да, – кимдир бирөөбүз айтып калдык.

– Геморрой менен ооруган адам өлө берсинби, ал адам эмес бекен, – деп, алая караса жер карап унчукпай калдык. Жанын сабап, күйкөлөктөп бизди бир нерсеге үйрөткүсү келип жатканын түшүнөбүз да.

Иса Коноевич Ахунбаев, Молдогазиев, Садыковдор Ташкенден окуп бүтүп, келип калышты. Иса Коноевичтин биринчи лекция окуганы келгени эсимде. Эшиктен узун бойлуу, келишкен сулуу жигит кирди. Кара кыжымы кепкасын башынан алып үстөлдүн үстүнө коюп, өзүн бизге тааныштырды. Биз менен да таанышты, лекциясын баштады. Бизге биринчи болуп кыргыз доктур келип, лекция окуганына кубанып, эркеледик белем: «Агай, кыргызча айтыңыз, жакшы түшүнбөй жатабыз», – деп, чоёктой калдык. Иса Коноевич күлүп, бизди тегерете карап туруп:

– Мен орусча эле айтайын, түшүнбөй калган жериңерди сурагыла, которуп кыргызча айтып берем. Анын үстүнө, окуу китептериңердин бардыгы орусча, андан пайдаланып үйрөнүшүңөргө да жакшы.

Биздин курсту улуттук группа деп коюшчу. Көпчүлүгүбүз кыргыздар, татарлар, казактар бар болучу. Биз

бир азга дагы эркелеп, чоёндодук да макул болуп, отуруп калдык. Бул кишинин сабагын да эңсеп күтө турганбыз. Ушул Иса Коноевич, Молдогазиев, Садыковдор биздин бактыбызга туура келген кыргыз элинин медицина илиминдеги эң алгачкы баштоочулардан болуп пайдубалын түптөшкөндөр. Кийин Иса Коноевичтин үй-бүлөсү менен катнаш болуп, өмүрүнүн өткөнүнө чейин канатташ жүрдүк. Ак көңүл, бапыраган берекелүү, март, сөздү туура бетке айткан, адилеттик, чындык үчүн жанын сабап жиберген, адамдарга камкор залкар кишинин бири болучу. Медицина илимине, анын өнүгүшүнө, кадрларды даярдоодогу эмгеги баарыга белгилүү, баа жеткис зор. «Иса Коноевич болбогондо мен ушундай кесиптин ээси боло албас элем» – деп ал кишини эскерип сүйлөгөн шакирттеринин оозунан көп угабыз.

Исаке жөнүндө көп нерсени эскерип айтууга болот. Анткени бул адам кыргыз элинин өнүгүү жолунда белсемдүү эмгектенип, өзүнүн изин кашкайта ачык калтырып кеткендерден. Мезгилге жараша шарты келгенде дагы эскере жатаармын. Мен азырынча Исакенин дүйнөсүн, адамдар үчүн бардык дилин багынткан, кандай гана шартта болбосун адамга жардам көрсөтүүдө жанын таштап жиберген жан экендигин далилдеген бир окуяны эске түшүргүм келет.

Күз айларынын аяк чени. Дагы бир кыргыз медицинасынын алгачкы өкүлдөрүнүн бири, атактуу хирург Зыфар Егембердиевдин дүйнөдөн кайтышына байланыштуу эскерүүдө маркумдун үйүндө Исаке менен жолуктук.

Иса Коноевич бир аз кечигип жалгыз келди, байбичеси сыркоолоп калыптыр. Үстүндөгү плащын чечтирген

жигит: «Исаке, чапаныңыздын баары булганыч экен го» – деп калды. Исаке колун силкип коюп отурду да: «Ошону үчүн кечигип калбадымбы. Келе жатсам мына бул жердеги байланыш түйүнүнүн жанында бир топ өспүрүмдөр бирөөнү токмоктоп жатышыптыр. Аны арачаламакчы болсом, өзүмдү арыкка тоголото түртүп кетишсе болобу. Катуу тийген белем, туралбай жатсам жанымдан менин шакирттеримдин бири… Катын (өтө ачуусу келген белем) өтүп бара жатып… Карап коюп унчукпай кетсе болобу». Бети-башын кыймылдатып, күрсүнүп койду.

Биз эмне айтаарды билбей тунжурай түштүк. Бир аздан соң кимдир бирөө: «Жарыктык, андай хулигандардын чатагына киришип эмне кыласыз, өзүңүзгө зыян келтирип коюшу ыктымал» деген болду.

Иса Коноевич ормоё карап:

– Көз алдыңда эле бирөөнү кызылдай союп жатса эмне башыңа келет? Өзүң жөнүндө ойлоо кайда. Кантип чыдап турасың! Көргөндө жаным жөн эле чыгып кетти, – деди.

Ушундан көп узабай кайран киши байбичеси экөө кыз-күйөөсүн жетелей дүйнөдөн сапар тартышты…

Кимдер келип, кимдер кетпеген ушул дүйнөгө!..

Тирүүлөр өмүр жолунда – жашоо, эмгек, өткөн күндөргө кылчая карап эскерип, келечекке кыялдуу көз чаптыра, кадам шилтейт. Бирөөнүн кадамы кыскараак, бириники узунураак. Бирок кадамдар жердин бетин таптаганы таптаган. Бул дүйнөнүн кызыктыгы ушунда! Мына мен дагы алдыга кадам шилтөө менен өткөн күндөргө кылчактап, көз алдыман чубатуудамын…

Чубатып отурсам буту-колум зыркырап тынчтык бербей көңүлдү алакчылайт. Ушуга байланыштуу жанагы эле Жукеш Мамбеталиев эске түшөт. Менин бутумду

үшүк алып кетиптир, кызыл-көк тартып кычышкансыйт, тырмасам ооруйт. Ыйлактап бутумду кармалап отурсам, бир кыз айтып калды: «Кезит ороп батинкеге кийсең көп үшүбөйт. Мен ошентип жүрөм. Кезит суук өткөрбөйт», – деп.

Мен дагы, башка кыздар да жакшы табылга сыяктуу кабыл алып, бутубузга кезит ороп кийип алдык. Бир күнү кетип бара жатсам, Жукеш агай:

– Тенти, токточу! Эмне бутуңдан кезит чыгып жүрөт? – деди.

Бутумду үшүк алып кетиптир, кезит суук өткөзбөйт экен. – Кыздардын баары ушинтип кийип алдык.

Болуптур барагой, катуу сууктарда көп эшикке чыкпагыла!

Баласың да, суукка ким карайт, резинка тамандуу, чолок кончтуу ботинка эле кийгенибиз.

1936-жыл мен үчүн өтө көңүлгө токтоп, жүрөктөн терең орун алган, бактылуу, зоболом көтөрүлгөн жылдан болду. Фрунзе шаардык комсомол комитетине бюро мүчө, областтык комсомол комитетинин (ал кезде Кыргызстан союздук республика боло элек) Пленумуна мүчө болуп шайлануу менен катар Бүткүл союздук Лениндик Жаштар Союзунун X съездине делегат болуп шайландым.

Апрель айынын орто ченинде кыялдын толкуну, көңүлдүн шоокуму Москвага келдик. Москва бизди алакан жайып тосуп алды.

Съезд Кремлдин чоң дворецинде ачылды. Сталин баш болгон партиянын, өкмөттүн жетекчилери киргендеги биздин кабыл алуубузга сөз жетпейт. Мага бул окуя өңүм-түшүм сыяктуу. Москвада болуунун өзү ал кезекте адамдар үчүн чоң бакыт, ага жеткен да, жетпеген да бар

сыяктуу сезилчү. Ал эми жол башчыларды көрүү болсо кол жеткистей, кыял гана сыяктанчу. Аның үчүн мен бул күндөрү кыялга мас, жер менен көктүн ортосунда закымдап сызгандай жүрдүм. Биз анда жол башчыларды адамдан башкача жандай баамдачубуз. Карапайым, кадимки адамдардан айырмаланбай көз алдыбызда турушса таңыркалышыңа чек жок... Ушул съезддин убагында, бүткүл союзга атагы чыгып, дүңгүрөп жаткан бешинчи беш жылдыктын атактуу адамдарын көрдүм. Алар: Алексей Стаханов, Мария Демченко, Паша Ангелина, Кривонос, Надежда Константиновна Крупская менен Стасованын жанына барып көпкө карап турганым эсимде.

Ар нерсенин аягы болот. Эстен кетпей турган элестерди көңүлө сиңирген съезд ишин аяктап, 1-Май майрамынын алдында кайра Фрунзеге келдик. Ошол мезгилдерде, Биринчи май күнү демонстрация болуп, экинчи май күнү Кара-Жыгач багында жалпы шаардык сейилдөө күнү салтка айланган. Шаардыктар топтошуп сейилдеп бак аралап чыгышат. Ал жерде көңүл ачып, дем алууга керек нерселердин баары уюштурулган.

Биздин техникумдун окуучулары да калбачубуз. Мен өзүмдүн жакын курбуларым болуп сейилдеп келе жатсак, алдыбыздан Курман Камбаров, Жоомарт экөө чыгышты. Алар токтоп, бизге кол беришип саламдашты. Камбаров Жоомартты карап:

– Көрдүңбү, Тенти курбулары менен гана жүрөт,–деди. Бул сөзүнүн мааниси бар экен. Көрсө, Камбаров Жоомартка ошонун алдында эле мен жөнүндө жакшы пикир айтып, мени ал эсине алуусун кеңеш этет. Жоомарт жылмайып күлүп койду. Буга чейин Жоомартты конференцияларда көрүп, бир аз таанышып калган өңдүү элек.

Жоомарт мага кайрылып:

– Карындаш, эртең бизге, «Ленинчил жаш» газетасынын редакциясына келип кетиңизчи. Съездге барып келгениңизге байланыштуу маек өткөрүп, гезитке берүүнү пландаган элек, – деди.

Мен макул болдум. Алар коштошуп басып кетишти.

Эртеси баягы бир жыл мурда Жоомартты биринчи жолу көргөн бөлмөгө келдим. Жоомарт өзү маектешип, жазып отурду. Маек бүткөн соң сүрөткө түшүрттү. Кетип жатканымда:

– Карындаш, сүрөтүңүздүн бирөөнү өзүңүзгө белекке жибертип ием, – деди.

Күндөрдүн биринде мени издеп бир жаш орус кызы келди да конверт берип, Бөкөнбаевден, редакциядан келгенин айтты. Мен эч нерсе оюмда жок, убада боюнча сүрөттү жибергендей түшүндүм. Ачсам сүрөт менен кошо кат чыкты. Катты көрүп, эмнегедир жүрөгүм туйлай түштү. «Кыз кыраакы» – деп, эл оозунда бекер айтылбас белем.

Бир нерсе сезгендей жүгүрүп чыгып, тамдын аркасына барып окудум. Бул кат Жоомарттын биринчи жолу мага өзүнүн сезимин билдирип жазган каты болучу. Катты сактоо ал кезде кайдан ойго келсин, ал эмес кыздар көрбөсүн, сөз болот го деп бир гана жакын курдашыма окутуп тытып салдым.

Жоомарттын аялы жогу, ал мага сөз айтышы башыма келбеген. Ал мага өтө бийик, алыс турган адамдай сезилчү. Ошол кездери сүйүү каттарга кыздардын баары кеңешип отурушуп белгилүү түрдө бирдей жооп жазылчу. Мен дагы ошондой мааниде жооп жаздым. Толук эсимде жок: «Агай, мен али жашмын, окушум керек, турмуш жөнүндө азыр менин оюмда жок», – ушул сыяктуу болсо керек.

Жоомарт телефонго чакыртып, кезигишүүнү сурачу болду. Мен көп шылтоо таап, качуудамын. Анткени андан өтө сүрдөйм. Кантип жолугам, эмне айтам, бул маселе мен үчүн өтө кыйын сезилет, жүрөгүм даабайт. Жоомарт өңдүү киши мага кол созуп, таалай тартуулап жаткандыгына бирде ншенсем, бирде ишенгим келбейт. Мына ушул сезим менде көпкө сакталды. Жоомарт өзү экөөбүз баш кошкондон кийин да айтып калучу: «Бай-куш, менден жаман сүрдөп уялчусуң. Мени көргөндө кызарып, өйдө карай албай калаар элең».

Жолукпай жүрүп каникулга кетип калдым. Күзүндө шаарга келдим, Жоомарт кабарсыз болду. Мен тынч-сызданып, өзүмдү ичтен жемелеп, санааркоодо болдум.

«Кызыл Кыргызстан» газетасынын редакциясынан чакыртып калышты. Октябрь майрамына карата мен жөнүндө очерк берүүнү туура табышкан экен. Жоомарт-тын кайда турганын билбечүмүн. Лагерный көчөсү менен (азыркы Энгельс) келе жатсам, Биринчи май көчөсүнүн бурчундагы үйдүн дарбазасынан оро-пара чыга келсе болобу... Ушунчалык шашып калдым. Жоомарт эсенде-шип, кайда бара жатасың десе: «Кыргызстанга баратам» – дедим. Ал жылмайып:

«Кызыл Кыргызстан» газетасынын редакциясынабы?

Мен да ошол жакка бармакмын, жүрүңүз,– деди. Жол-до бутум кайчылаштаган сыяктуу муунум калтырап бара жатам. Баш көтөрбөйм. Суроолоруна эптеп жооп берем.

Качан менин катыма жооп бересиз? – деп сурап калды.

– Жооп жазып жибергемин, – дедим.

– Алганым жок. Жооп берсеңиз экен.

– Макул жазып жиберейин.

– Оозеки айталбайсызбы?

– Жазып эле жиберейинчи.

– Болуптур жазып жибериңиз.

Аңгыча редакцияга келдик, коштоштук. Бирок катка экинчи жооп жазбастан кездеше турган болдук. Мен кездешүүгө жалгыз келбейм, жакын курбум Тажыбүбү экөөбүз келебиз. Бир күнү Жоомарттыкында мейманда болдук. Мейманда болгон менен ачка кеттик. Жей турган тамак жоктугунан эмес. Үстөлдүн үстү толтура, эмне гана жок. Эт салдырган экен, Сабыр Зулумбековдун туурамчылыгын айтып мактады. Ал киши чынында өтө туурамчы экен. Жоомарт айткандан чачына чейин эт чачырап турду. Бирок биз кургуруң уялып эч нерсе жебедик. Эптеп ооз кыбыраткан болдук.

Бизди техникумга узатып коюп, экөө отуруп алып жыргап жешет: «Байкуш кыздар ачка болушса да уялып жебей кетишти» – деп күлүшөт. Дагы бир жолу келдик. Жоомарт «Алтын кыз» музыкалуу драмасын жазып жаткан мезгил экен.

– Силерге мен жазып жаткан «Алтын кыз» аттуу пьесамдан окуп берейин, – деп калды.

Ордунан туруп бакылдап окуп жатты. Биз оозубузду ачып угуп калдык. Бир далайга окуду. Окуп болуп жана турганда отургучун ордунан жылдырып койгонун унутуп калган белем, отура кетип чалкасынан түштү. Чочуп кетип ага карасам чачтары сексейип эки көзү мага кадала түштү. Мен жинденип күлө баштадым. Өзүм демейде күлкүчүмүн, жаш кезде өлчөөсү жок. Эч токтоно албайм, көзү чакчайып, чачы саксайып жерде жаткан Жоомарттын элеси кез алдыман кетпейт. Өзүмдү өзүм чымчыйм, курбум да чымчыйт. Кудуретим жетпейт.

Жоомарт туруп отургучка томсоруп отуруп калган.

– Тенти, баласың, түшүнбөйсүң, – деп кандайдыр бир таарынган, өкүнгөн мүнөздө айтты.

Мен ошондо гана эптеп өзүмдү колума алдым.

Жоомарт ушундан соң бир канча мезгилдери кабарсыз болду. Мен болсо мага иренжип калдыбы же «Алтын кызын» жазып бүтүүнүн аракетиндеби билбей бушайман, санааркоодомун. Өзүм барып же телефон чалып кабардашкандан тартынам жана куру намыс да жол бербейт.

Ушул арада менин бир курбум Лара Кошоеванын окуясы башталып калды. Бул кыз бойлуу келген, сымбаттуу кичирээк кыйгач көзү, чологураак мурду өзүнө жарашып туруучу, ак жуумалынан келген жылдыздуу кыз. Медициналык техникумда окуганына карабастан адабиятка өтө кызыкчу. Азыр толук эсимде жок, кандайдыр бир шаардагы адабий ийримге барып катышып жүрө турган. Ал жерден Мидин Алыбаев менен таанышып, экөө жакын көңүлдө жүрүштү, ал жөнүндө мага көп айтат: «Ыр жазат, өзү күлкүлүү сөзгө курч жакшы неме», – деп калат. Бир күнү Лара жатаканага келбей калды. Экөөбүздүн керебетибиз катар туручу. Эртең менен эрте туруп кийинип жатсам Лара келди.

– Ой, кайда жүрөсүң? Кайда кондуң?

– Мидин экөөбүз көчөдө сүйлөшүп жүрө берип, кеч калыптырбыз, дарбаза эчак жабылып калган экен. Тигил маңдайдагы радио түйүнүнүн алдындагы скамейкада таң атканча Мидиндин кемселин жамынып отуруп чыктык.

Күз мезгили, салкын болун калган. Экөөнүн отурганын ооруканадагы түнкү дежурстводон келе жаткан бизде окуган казак баласы Сахибзадаев көрүп калыптыр. Ал Ларанын жанын койбой ким менен отурганын сурап калды.

Лара ал Мидин Алыбаев экенин, ыр жазаарын, типографияда иштээрин айтты. Мына ошондон соң Сахибзадаев Ларааны тамашалап жабышты да калды: «Лара мына бу өрдөк мурун кара немеңди, «б», «т» деп, арип тергенин не кыласың, андан көрө мага чыксаңчы» – деп. Лара токтоо мүнөздүү, көтөрүмдүүлүгүнө салып, күлүп гана жөн болот.

Күндөрдүн биринде Лара эки-үч күн жоголду. Чуу көтөрбөй тура туралы, келип калаар деген үмүттө элек, аңгыча келип калды:

Мен турмушка чыктым. Чемоданымды алганы келдим, – деди.

– Кимге, Мидингеби?

– Жок, Самаганов Жээнбайга.

– Кудай урбадыбы, аның ким? – дебейбизби.

Ал дагы биз менен ийримде бирге катышат.

Биздин таң калып, тарс жыгылганыбызга чек жоктой болду.

– Жакында тоюм болот, силерди чакырам. Бир чоң болуп жүргөн Мыктыбеков аттуу агасыныкында туруп жатабыз. Той алардыкында болот, – деп кетип калды.

Окуусун таштабай бүтөөрүн айтты. Ал эмес жакшына кийинип, жетим өскөн (балдар үйүндө чоңойгон эле) бечара тукаба пальто, шубаларды кийип, көңүлү көтөрүңкү сабакка катышып да жүрдү.

Тойго чакырылдык. Үч-төрт кыз бардык. Көчө жакка караган терезенин түбүнөн орун алдык. Лара, Жээнбай төргө отурушту. Мен ичимден: «Мидин өрдөк мурун кара неме болсо, мунусу койдун күң жилигиндей неме тура» деген ойго келип.

Тойго Темиркул Үмөталиев, Кубанычбек Маликовдор сулуу аялдары менен келишти. Мен сыртынан угуп жүргөмүн,

ырларын окучумун, өздөрүн биринчи көрүшүм. Алар келгенде жаныбыздагылар аттарын айтып шыбырашып калышты. Аялдары кулактарына ак береткаларды илип коюшкан. Ал кезде беретканы кыйшайта кийген мода болучу.

Той кызып, чөйчөктөр көтөрүлүп, тилдер сайралып, каалоолор айтылып жатты. Кайдан-жайдан Мидин пайда болду. Эшиктен кирип эки жакты карап туруп, биздин маңдайыбызга келип, отургандарды жөөлөй, араларына кыпчыла отура кетти. Аңгыча табак-табак палоо келди: Биздин алдыбызга коюлган табактагы палоонун этин Мидин шыпылдата терип жей баштады да: «Эй, палоосунун эти жок тура» – деди. Эл үн чыккан жакка көңүл буруп, дүрдүгө түштү. Ларага карасам өңү чөп болуп калыптыр. Жээнбай ыйлап калды. Бир-эки шымаланган жигит Мидинди шилиден алып, сүйрөп кетишти. Көп узабай биз отурган жаккы терезе бадыр-будур боло түштү. Биз бакырып үстөлдү тебелей сыртка качтык. Отургандардын көбү эле эшикке жутундубу дейм. Биздин жаныбызда бир сары чийкил жигит отурган болучу. «Токтогула, карындаштар, мен силерди узатып коём» болуп, бирге чыгып келе жатып эшиктин алдында туура жаткан стулга чалынып, күп эле түштү. Биз ага карабай бакырган боюнча жүгүрүп отуруп техникумга кандай жеткенибизди билбей калдык.

Ошентип бечара Ларанын тою чуу менен аяктады. Эртеси мени обкомолго, Камбаровго чакырып калды. Эч нерсе ойдо жок келдим. Камбаров салкын кабыл алды. Аны байкап бир аз сестейе түштүм.

– Сиз кечээ кайда болдуңуз? – деди.

Бул суроо мен үчүн башка чапкандай болду. Мукактанып жатып:

Тойдо болгон элек.

Тойдо! Кимдин тоюнда? Өзүңүздүн жашка жетелек курбуңуздун тоюндабы? Ал жерде чоң чатак чыгыптыр, туурабы?

– Ошондой болду.

Жолдош Жунушбаева, сиз обкомолдун өкүлүсүз.

Жаштарды, кыздарды окууга, окууну бүтүп чыгууга үндөөгө милдеттүүсүз. Анан өзүңүздүн жаш курбуңуз окуусун таштап, күйөөгө чыгып жатса, анын тоюна барып, чатакка аралашып, бул кандай иш? Сиз минтип жүрсөңүз өзүңүздү компрометировать этесиз! – деди.

Компрометировать – бул сөздү биринчи угушум. Катуу айтылган сөздөй кабыл алдым. Бирок «өзүңдү жаман атты кыласың» дегендей кеп экенин туюндум. Баш көтөрө албадым, үн да, сөз да жок.

Камбаров бир топ эле акыл-насаат сөздөр айтып кетирди. Курман Каракеевге, мектептер боюнча бөлүм башчысына жолуга кетүүмдү талап этти.

Мен ага барып да тил укпайынга салып, качкан боюнча кетип калдым. Балким, башка маселе боюнчадыр, билбейм. Иши кылып Каракеевге барбадым.

Лара окууга бирде келет, бирде келбейт. Көңүлү чөгүнкү санаалуудай сезилет. Адамга оңой менен ачылбас мүнөздүү неме, чечилип эч нерсе айтпайт. Акыры окууну таштап түштүккө кетти. Кайнагасы Мыктыбеков түштүккө кызматка которулуп, Жээнбай менен Ларany ала кетишет.

Жоомарт экөөбүз кайра жолугуша баштадык. 1937-жылдын баш айларында ал үйлөнүү маселесин баса коюп калды. Мен болсом техникумду бүтмөйүнчө турмушка чыкпоого өзүмө берген убадам бар. Окууну

бүтпөй туруп турмушка чыгууга акым жоктой, сезим күчтүү. Анткени жанагы Камбаров айткандай мен үлгү катарындагы адамдан элем.

– Эки айдын ичинде үйлөнүшүм керек, качанга бойдок жүрөм. Менин теңтуштарым эки-үч балалуу. Мен сени сүйгөнүмдөн ушинтип жүрөм. Болбосо, өзүлөру артымдан ээрчигендер жок эмес! – деп калды. Бул сөз мага катуу тийип, териге түштүм.

– Агай, шашып жүрсөңүз андай өзү ээрчигендерден ала бериңиз. Мен окуумду бүтпөй туруп турмуш жөнүндө оюма да албайм.

Териккен мүнөздө туйтуңдап басып кеттим. Жоомарт турган боюнча туруп калды.

«Сүйсө күтөөр, күтпөсө кантейин», – ушундай ойдо ыйлагым келди...

Жоомарт чыкыртса барбай, кыял көрсөтүп калсам болобу...

1937-жыл 12-майда кыргыз театрында «Алтын кыз» музыкалуу драмасын биринчи жолу көрсөтүү болду. Жүгүрүп жүрүп, эптеп билет таап алып бардык. Жоомарт мени чакырып билет жиберген жок. Ичим уйгу-туйгу. Эл спектаклди укмуштай сонун кабыл алышты. Сахнадагы болуп жаткан окуянын ичинде өзүбүз кошо жүргөндөй, анын ою менде экенин унутуп, бирде күлүп, бирде ыйлап, жат көрүнүштөргө чын дилибизден кыжырланып, жакшы көрүнүштөргө жүрөктүн тереңинен кубанып, өзүнчө бир сонун дүйнөдө жүргөндөй сезим бийлеп турду. Жапардын ролунда Ашыралы Боталиев, Чынардын ролунда Анвар Куттубаева, Момун – Жантөшев, Эшимбеков – Калыбек, Берик дубана – Кыштобаев өңдөнгөн сахнанын залкар ишмерлери. Ушулардын тубаса, нукура таланттарына

шыктануу менен искусство дүйнөсүнө көз ачканбыз. Кылымдап көмөкөйү искусство, маданиятка суусаган эл эч тойбойбуз, көрсөтүлгөн оюндарга (ошол мезгилде оюн, оюн көрсөтүү дей турганбыз) кайра-кайра бара бере турганбыз.

Спектакль бүттү. Эл залдан кетпей дуулдап кол чабууда. Артисттер авторлорду чакырып калышты. Жоомарт шашмалап, мүдүрүлө сахнага чыкты. Анын өтө толкундап турганы даана байкалат. Көшөгө жабылып, ар жагында артисттер чуулдап жатышты, бирин бири куттуктоодо болушса керек. Залдагы эл кеткиси келбеген сыяктуу араң тарай баштады. Мен дагы сахна жакты кылчактай карап сыртка чыктым.

Курбум мени түртүп шыбырай:

– Жоомартты куттуктасак болот бейм, – дегенсиди.

– Жоомартты кайдан тапмак элек! Ал артисттер менен алектир, бизди ойлойт беле!

Чынында эле Жоомарт үчүн мен бүгүн оюна келбегендей элем. Анын бүт оюн бийлеген Аалы Токомбаев болуптур.

Кийин мага муну эскергени эсимде.

«Оюн башталганча улам арка жактагы ложаны карай бердим. Башталарга аз гана калганда Алыке келип отурду. Ошондо гана көңүлүм тынды. Залда отуруп оюн (спектакль) элдин кызуу кабыл алуусунда сонун өтүп жатышына кубанып, Алыкем да сүйүнгөнүнөн ыйлап отургандыр деген ойго келем. Оюн бүтүп сахнага чыгаргандан кийин, артисттерди чала-була шашып куттуктап коюп, Алыкеме жетейин деп ложага келсем ал жок. Эшиктин алдында отурган аялдан сурасам чыгып кеткенин айтты. Артынан жүгүрүп отуруп Дубовый парктан чыга берер жерден жетип:

– Алыке!

Менин үнүмөн кайрылып токтой калды.

– А Жоомарт! Куттуктайм! Колумду кыскан болду.

– Кандай Алыке, эмне дейсиз? – деп калдым.

– Бул боюнча коюуга болбойт, оңдош керек! Болбойт!

«Бурулуп басып кетти, мен делдейип туруп калдым. Демимдин сууганы ай!.. Декадага жөнөгүчөктү эле бардык спектаклдерди оңдоп жаттык го. Бирок ушул күнкү окуя эмнегедир мага оор тийген болучу. Эгерде эртеси, же башка бир күнү айтса, балким, башкача кабыл алат белем, өтө кубанып турган болсом керек» – деп айткан.

Ушул жылдын июнь-июль айлары болсо керек, обкомолдун пленуму болду. Жоомарт мага көп көңүл бурбаган кыялдуу жүрдү. Кечинде театрда анын «Алтын кызын» пленумдун катышуучуларына көргөзмөй болду. Театрдын фойесинде илинген артисттердин сүрөтүн карап турсам, жанымдан шаңкылдаган аялдын күлкүсү чыкты. Карасам, Жоомарт Тишебаеваны колтуктап басып жүрөт. Тишебаева – Ош жибек фабрикасынын комсомол комитетинин секретары. Экөөбүз жалпы союздук комсомолдун X съездине бирге барганбыз.

Көргүм келбей, залга кирип кеттим. Үчүнчү коңгуроодон кийин гана келишип залдын арка жагына отурушту. Менин ичим уйгу-туйгу. Көңүлүм аябай бузулду, отура албастан чыгып кеттим. Жолдо ыйлап келе жатам. Өмүрүмдө биринчи жолу кызгануу, ардануу сезими келди. Кызгануу, ардануу сезим да өзүнчө оор нерсе го!.. Шаар ичинде айың жүрчү экен: «Жунушбаева өтө менменсинген кыз имиш. Мени ала турган кыргыз туула элек дейт имиш...) дегендей. Ал мен болсом минтип ыйлоодо келем. Каникулга тарап, кайра да келдик. Окууну

бүтүшүмө беш ай чамасында мөөнөт калды. Күндөрдүн биринде бир жигит келип, мени чакыртып чыкты. Жатакананын коридорунда күтүп турган экен.

Жоробаев Жаныбек! – Өзүн тааныштырып: – Мен сизге Жоомарттан келдим, жолдошу болом. Мүмкүн болсо сыртка көчөгө чыксак? – деди.

Жок, ушул жерден сөзүңүздү айта бериңиз, мен жеңил кийимченмин,– деп болбодум. Күз, салкын түшүп калган. Көчөгө чакырылышымын көрсө кеби бар тура.

Ал Жоомарттын тапшыруусу боюнча мени көчөгө чыгарып бермек экен. Бул 1937-жылдын жаз айы эле. Чыкпай койгон соң сүйлөшүп туруп кетишке мажбур болот. Жаныбек зордоп көтөрүп келиш болбостугун айтат. Жоомарт: «Тенти мени жакшы көрөт, аны мен билем, мага таарынып жүрөт. Көтөрүп келсең эле макул болуп калат. Мен ага баарын түшүндүрөм, – деп мойноп коёт.

Өзүң барып чакыртып чыгып, сүйлөшүп түшүндүрбөйсүңбү? – десе:

– Ал такыр сүйлөшпөй, чыкпай жатса эмне кылайын!

Бир аз кыр көрсөтүп, кызгандырмакчы болуп, бузуп албадымбы. Бар, көтөрүп кел! –деди.

Мына ушинтип Жаныбекти жумшаган экен. Жаныбек куру кол барганда суракка алат. Ал төкпөй-чачпай баяндайт:

– Тишебаеваны албайт бекен? – деди.

Аны эмне кылсын, сизди кызгантайын дептир. Оюндан кеткениңизди байкап артыңыздан чыгып, таппай калыптыр, – деп түшүндүрдүм.

– Дагы эмне айтты?

– Башка ала турган аялы болгон тура? – деди.

– Болгон, аны албай калган, – дедим.

– Акмак! Анын эмнесин айтасың! Жок, болгон эмес дебейсиңби?

– Дагы эмне деди?

– Арак ичеби, ичпейби – деди.

Мен ичпейт, пиво эле ичет дедим.

– Ой, сен соосуңбу?! Тенти пиво менен арагыңдын айырмасын билеби? Сен оңдоп келбей эле бузуп келген турбайсыңбы! Мени сүйгөн кызымдан ажыраттың! Көрсө, сен менин душманым экенсиң. Жаныбек жаны чыгып, качып кетет. Ошол боюнча көрүшпөй Караколго кызматка кетип калат. Бул окуяны төкпөй-чачпай кийин мага Жаныбек Жоомарт экөөбүз баш кошкон соң келгенде айтып берди. Көрсө, Жаныбек экөө бир туугандай бирге өскөн, бирин бири өтө сыйлаган, берилишкен жакшы жолдош тура. Жаныбек Жоробаев орто бойлуу, чымыры келген шайыр мүнөз, жылдыздуу жигит болучу. Горький шаарында танкисттер училищасында окуп, кыргыздан биринчи танкист кесибине ээ болгон адам. Ата Мекендик улуу согушта танка ротасынын командири болуп, согушуп жүрүп дүйнөдөн кайтты. Жоомарттын жүрөгүнө жол таба билчү. Экөөнүн сөзү бүтпөйт. Жоомарт кытылдап күлө берет. Эмнегедир Жоомарт Жаныбекти өтө күчтүү балбан катары баалачу, балким, чындыгы бардыр. Ошону үчүн анын күчүнө ишенип, мени көтөртүп алышты ойлогон тура. Бир күнү Жоомарт Темикеге капаланып, ачуусу келип калыптыр.

– Жаныбек үйдө отур! Мен азыр барып Темиркулду чакырып келем. – Урасың! – деди.

Жоомарт кеткен соң мен андан сурадым:

– Эмнеге Темикени урдурган жатат?

– Ээ, Жоомарттын жинине тийип койсо керек. Жоо-

март баарыбызга эрке, үстөмдүк жасай берет да.

– Сиз чын эле урасызбы?

– Жок, кайдан. Жоомарттын көңүлү үчүн опузалайм.

Ал ак көңүл, баары бир бат эле ачуусу тарайт. Эч нерсе оюнда жок жаркылдап Темике келди. Үчөө ички үйгө кирип кетишти. Мен сыртта калдым. Бакылдашып жатышты.

Сөздөр чала угулат.

– Ур, Жаныбек! – Жоомарттын үнү чыгат.

Урбайт Жаныбек! Эмне үчүн урат! – Темикенин үнү чыгат.

Кыжылдашып жатып, басаңдашты. Бир мезгилде кирсем үчөө жайбаракат сүйлөшүп отурушат. Тамак алып келдим. Күлүшүп, жыргап отуруп тамактанышты. Булардын бала кыял жоруктарына таң калып койдум. «Эмне болушат? Чоң чатак чыгар бекен!» – деп сарсанаа болуп коркуп тургам.

1937-жылы менин баамымда, кандайдыр бир жүрөктү өйүгөн нерсе көкүрөгүмдө туруп алды.

Күз айлары Борбордук комсомол комитетинин (союздук республика болуп калганбыз) Пленуму өттү. Мен бюро мүчөсү болгондугумдан президиумда отурган элем. Курман Камбаров менин жанымда отурду. Ал анда Эл агартуу комиссариатынын наркому. Ушул Пленумда Камбаров жөнүндө өтө көп сөз болду. Чыгып сүйлөгөндөрдүн бир тобу аны «сындоодо». Пленум бүтүп, чыгып бара жатканда мага кайрылып:

– Көрдүңүзбү, карындаш, бул эмне деген иш! – деп таноосу кыпчылып, ачуусу келгендей сүйлөдү. Мен эмне айтарды билбей:

– Агай, критика да деген болдум.

– Критика должна быть здоровой! Это нездоровая критика! Это клевета.

Эмнени айтам, унчукпадым. Шартылдай басып чыгып кетти. Мен ээрчий карап кала бердим. Ошол боюнча экинчи Курман Камбаровичти көргөнүм жок...

Жаныбек экинчи мени көтөрүп келүүгө келген жок. Жоомарт да дымып калды. Бир күнү «Кызыл Кыргызстан» газетасынан: «Жоомарт Бөкөнбаевдин жаңы жазылган «Айчүрөк» операсынын либреттосу талкууланып кабыл алынды». Ушул сыяктуу мааниде (анча төп келбес көп убакыт өттү да) кичинекей кулактандыруу окудум. «Алтын кыздан» кийин туура «Айчүрөккө» киришкен белем, ушуга алагды тура, – деп ойлодум. Көп узабай эмнегедир «Алтын кыз», «Партизан кызы» – автору коллектив болгон афишалар пайда болду. Ушунун баары мени тынчсыздандырды. Бирок куру намыс жол бербей, кабар албадым. Өзүм дагы бүтүрүү экзамендерине алекмин. Техникумду 1938-жылдын январь айынын аяк ченинде бүттүк. Мени ден соолук эл комиссариатынын аппаратына алып калууга сөз болгонуна карабай, айылга барып эмгек сиңирүү максатында, (ал кездеги окуу бүтүргөн жаштардын бардыгында айылга барып эмгектенүү ыйык милдет сыяктуу сезим күчтүү болучу) Жети-Өгүз районундагы Саруу ооруканасына кызматка кеттим.

Сарууда поликлнникасын жана ооруканасын тейлеген бир гана врач Салиев экен. Орто билимдүү бир дагы кызматкер жок. Бир гана фельдшер милдетин аткарган, атайын алган медициналык билими жок, үйрөнчүк жигит иштейт. Менин келишиме Салиев аялы эркек төрөгөндөй сүйүндү. Тажрыйба аз, жаңы гана окууну бүткөн мен деле алды жыргатып жибербесем да көп эле жөлөк боло түш-

көндөй болдум. Эртеден кечке Салиев экөөбүздүн ишибиз бүтпөйт. Ооруканада оорулуулар толтура. Поликлиникадан да адамдар үзүлбөйт. Салиев өзү башкы врачтын да милдетин аткаргандыгы үчүн чарбачылыктын оор жүгүн кошо тартат. Азыркы мезгилде, балким, Саруада бир канча врачтар иштеши мүмкүн. Поликлиникада бир канчасы, ооруканада бир канчасы иштешсе, башкы врач өзүнүн башкы врачтык милдетин гана аткараар. Ал эми орто билимдүү медицина кызматкерлери андан арбын чыгаар. Салиев болсо күн-түн жаны тынбаганы тынбаган. Эми ойлосом ал өз ишине башын салып, дилин багындырган мээнеткечтерден тура.

Бир күнү атын кара терге салып чапкылап бирөө келди. «Айланайын доктур, аялым төрөп, тону түшпөй кара басып жатат, тезирээк барбасаңыз болбой калды» – деп, жалбарып калды.

Салиев экөөбүз бир жаш кыздын өмүрү үчүн күрөшүп жатканбыз. Салиев үч күндөн бери уйку көрбөй өлүм менен арбашууда. Кыздын жанынан кетүү кыйын болучу. Айласы кеткен Салиев кара баскан аялга мени жиберди. Ат коштой келген адам менен жөнөп калдым. Биринчи жолу кара баскан аялга барышым. Аялдын акыбалы оор. Колумдан келгенче, техникумда теория жагынан үйрөнгөн эки-үч амалды жасап көрдүм, эч нерсе чыкпады. «Доктур кыз келди, жардам болот го», – деп тургандардын үмүтү ордунан чыкпады. Муну түшүнгөн мен алардын көзүнө карай албай, өзүмдү күнөөлүүдөй сезип, өтө капа болдум. Айлам кеткенде аялды Кызыл-Суудагы (Покровка) ооруканага жөнөтүп келдим. Салиев менин маанайым пас келгенин байкады белем:

– Эмне болду? – деди.

– Колумдан келбеди, Покровкага жибердим, – ыйлагым келди.

О, туура кылыпсыз. Ишке жарайсыз. Баланын түшкөнүнө көп убакыт өткөн го.

– 3–4 саат болуптур.

– О, анда оңой менен жардам болбос, мен деле эч нерсе кылмак эмесмин. Жибергениңиз туура болгон, ал жерде жанын алып калат.

Мына ушинтип менин көөдөнүмдү сооротту. Бирок мен ишенип жиберген ишине жарабай келгениме өтө өкүнүчтүүмүн. Бирок алиги жаш кыз өлүм алдындагы жанталашуу мөөнөтүндө тургандыктан баарыбыз аны менен алек болдук. Сулуу кыз бир туруп өңү тамылжып, көздөрү балбылдап жанып, жардам сурап, жанталашып турса жанына чыдап туруу кыйын. Кай бирлерде: «Мына жаным оозумдан чыгып кетти»,– деп кубарып солуп жатып калат да, кайра жанданат. 18 жаштагы чырактай кыз күчүнүн бардыгынча ажал менен таймашып жатып өмүрү бүлбүлдөп өчүп кетти. Салиев көзүнө жаш алып эки колу менен башын мыжый чеңгелдеп барып отургучка отура кетти да:

– Качан бир эффективный, ушул ооруга дары табы-лат ээ! – деп, отуруп калды. «Айланайын, агатай, айланайын курбутай! Жанымды алып кала көргүлө» – деп Салиев экөөбүзгө какшаган үндөрү көп күндөрү кулактан кетпеди. Ошол өңдөнгөн нечен жаш өмүрдү соолтуп турган адамдын өмүрүнүн күчтүү жоолорунан болгон өпкөнүн кургак учук илдетине медицина ал мезгилде алсыз эле.

Ушул өкүнүчтүү өлүм мага өтө таасирин калтырды. Ошонун натыйжасында мен колума калем кармап, поэзияга кадам шилтеген мезгилдеримден поэма жазуу

оюмда болду. Менин биринчи поэмам «Жүрөктүн» пайда болушунун негизи ушунда. Бул поэма жазылган мезгилдери кургак учук оорусу медицинага кол куушуруп, түбөлүккө багынып калган кези болучу. Ал эми таймашып, бой бербей жаткан илдеттердин бири жүрөктүн «инфаркт» оорусу болгондуктан врач Салиевдин сөзү менен айтканда, эффективный дагы бир мүрөк суусу табылса экен деген гана акындын тилеги болучу. Ушул «Жүрөк» поэмасынын өзөгүн жараткан жүрөктүн оор илдети кандайдыр бир алдын-ала, көп жылдар мурда эле мени тагдыр жолумда кездешчүдөй болуп сезимди козгоп, жүрөктү ээлеп үркүтүп, келечектин бир туюк, кейиштүү, кара кесепетин кабардай ойго салып, коркунуч күүсү чертилген белем. Ким билет… Ар качан жүрөктүн тагдыры менин тынчымды алычу, ошондуктанбы «Жүрөк» аттуу ырымда:

Түрсүлдөп көкүрөктө соккон жүрөк
Бир секунд тыным албай каның жүрөт.
Аз өмүр ара жолдо чарчап калбай
Ашуусун барсаң боло жүздүн тиреп!..
Асман, жер багындырган баатыр жүрөк,
Алсырап кай бирлерде калат жүдөп,
Адамзат акылыңдан айланайын
Амал таап алып кетчи алыс сүрөп!..

Менин асыл жарым Муса Адышев ушул илдеттин курманы болгондон кийин артыкча менин көңүлүмдү ушул ой ээлейт.

Инфаркт, инфаркт, инфаркт!!! Адам баласынын өмүр жолундагы өжөрлүү бөгөтсүң го!.. Бирок менменсингениң менен сен дагы акыры адамзатка бүгүлүп баш иерсиң! Салиев жаш специалист келгенине ыраазы болуп, мага колунан

келишинче шарт түзүп берди. Ооруканада ашканасында даярдалуучу тамактардын даамын татып турмай болдум. Өзүмчө туруучуга бир бөлмөлүү үй берди. Бирок күнүгө түн ичинде чыракты өчүрбөй жууркanымды чүмкөнүп, кара терге түшүп коркуп, көптөн кийин уктайм. Коркок жан белем жана жалгыз жатып көнбөгөндүк да, жаштык да баары боордошсо керек. Бул акыбалымды негедир Салиевге айтпайм, айбыгам. Мына ушундайча эки ай чамасы өттү. Бир күнү мени Фрунзеге Борбордук комсомол комитетинин Пленумуна чакырган телеграмма келип калды. Салиев барып келишке уруксат берди. Ушул Пленумда, 1938-жылы апрель айында, мен БКга секретарлыгына шайланып, шаарда калдым. Бул менин тагдырды карай бет алып шилтеген кадамдарымдын алгачкы тепкичтери эле.

Алдыда эмне күтөт, кандай күндөр өтөт, ким аны айталат!.. Бирок адам баласы келечектен жалгыз гана жакшылык, таалайды күтөт. Келечек ар качан үмүттүн балбылдап жанган жарыгынан гана көрүнөт го, чиркин! Мына ушунусу менен кызык белем бул дүйнө.

Үмүт, үмүт, үмүт! Үмүтсүз жашоо жок. Адамдын энчисине берилген өмүрдүн эң бир кымбат белеги ушул үмүт эмеспи! Үмүттөргө таянып адам ар качан алдыга кадам шилтейт. Үмүт кызыксың да, кызыксың да.

Жаңы эле орто билимге ээ болгон 18 жаштагы секелек кыз Борбордук комсомол комитетинин секретарлыгына жетип, келечектин кең мейкин, даңгыр жолуна чыкканы беле?.. Алдыда өсүү жолу, бийиктерге көтөрүлүү, бакыт-таалай күлүмсүрөп кол созуп, кулач жаюу беле? Болбосо, өмүрдүн татаал жолунда кадам шилтеп, тайгак кечүү, ашуусу бийик дабандардан өтүп, таалай менен тагдырдын талаштарында болуу беле?

Мунун бардыгы келечектин туюк сыры болучу... Такшалуу-бышыгуу, толуу-бөксөрүү, мүдүрүлүү, кайра достук-кастык, жакшылык-жамандык, тирүүлүк, жарык күн, караңгы түн бардыгы алдыда болучу. Ушунун бардыгы мен үчүн турмуштун күнүндө да ар түрдүүчө эле.

Эмесе ошол ачылыштардын түркүн-түрдүү кырдаалдарына карай бет алып көрөлү...

Секретарь болдум, эмнеден баштайм, эмне иштейм кабарсызмын. Менден мурунку секретарь ишин мага өткөзүп берди. Мен андан эмне иштейм, эмне жасашым керек» – деп сурадым. Ал: «Кишилер келишет, кабыл алып, алардын маселесин чечүүгө аракеттениш керек. Газет, журналдарды окуш керек, чогулуш, бюролорго катышасыз» – деди. Кишилер эмне маселе менен келишет, кандайча чечиш керек экендиги мен үчүн табышмак болду.

«Көрө-көрө көсөм болосуң, сүйлөй-сүйлөй чечен болосуң» деген кыргыздын макалы бекеринен эмес да. Көрө-көрө, сүйлөй-сүйлөй ким такшалбайт. Бирок ошол такшалуу жолу оңой-олтоң болбосу белгилүү го. Турмуш өзү жетелеп, көмөктөшөт тура. Бир алды маселелерди шыр, чечкиндүү чечүү болбоду. Чынын айтыш керек, биринчи секретардын кеңешисиз бир нерсени чечүү кыйындай болду. Бюродогу каралган маселелерге активдүү катышып, өзүмдүн ой-пикиримди айтыштан өтө тартынам. Техникумда окуп жүргөндө шар, оюмду тартынбай айткан жандан элем. Бул жерде бир алды буулдум да калдым. Күндөрдүн биринде секретарыбыз Бирюков: «Тенти, эмне жөнүндө бюродо сүйлөйсүң... өзүңдүн оюңду тартынбай эле айт», – деди. Мен уялып жатам деп чынымды айттым. Ошондон кийин ал дайыма

мага кайрылып: «Жолдош Жунушбаева, сиздин оюңуз кандай?» – дечү болду. Мен мукактанып жатып оюмду айтып, көнүгө баштагам. Бул эстүү жетекчинин жаш кадрга болгон жакшы мамилесинен болду.

Бир күнү дагы Бирюков мени чакырып, түштүккө командировкага барып, материалдар жыйнап келип, доклад жазып даярдап, Кыргызстан келин-кыздарынын II съездин өткөрүү маселесин тапшырды. Бул өтө жооптуу маселе экенин туюнуп, сүрдөнүү менен катар чоң жоопчулукту сездим. Ош областтык комсомол комитетине келдим. Сапелкин биринчи секретары. Мен Борбордук Комитеттин секретары болсом да жаштыгыма карап көп тоготпогонсуду белем:

– Кыдыра бериңиз, область сиздин карамагыңызда – деди.

– Кандайча кыдырам? –деген суроомо:

– Бизде эч транспорт жок. Эшегибиз да жок, жөө жүрөбүз. Сиз да жөө кыдырасыз, – деп бир кызматкерин кошуп берди. Ал экөөбүз жолдогу бригада, колхоз талааларындагы иштеп жаткан кыз-келиндер менен жолугушуп, сүйлөшүп жүрүп отуруп Кара-Суу райкомолуна жеттик.

Обкомолдун кишиси мени райкомолго тапшырып кетти.

Райкомолдун бир кызматкери өзүнүн районун кыдыртып жүрүп отуруп Куршаб районуна өткөзүп кетти, ал акыры Өзгөн районуна өткөздү. Мына ушинтип бир ай чамасында ишти Өзгөн районунан аяктадым. Өзгөн райкомолунун секретары Бектемиров кайра мени Куршаб районунун борборуна алып келип, жүн тартып жаткан грузовой машинанын үстүнө отургузуп жөнөттү. Мен

күн жылуу күз айында желпилдеген жеңил кийим менен келгем, кетээр күнү биринчи кар жаап калды. Машинанын үстүндө желпилдеп, жеңил кийим менен жүрүп отуруп Кара-Суута калчылдап араң жеттим. Акыбалымдын начарын сезгенимден, эптеп бир мекемеден телефон таап, райкомсомолго ооруп келгенимди билгизип, эптеп транспорт таап мени алып кетүүлөрүн сурандым. Алар кайдан табабыз, бизде эч нерсе жок деп айтышты. Оорукананы сураштырып таап барсам биздин техникумду бүткөн Атакеев Болду кезигип калды, ал анда кызмат өтөйт экен. Тезинен булүк түшүшүп, жардам көрсөтүштү. Температурам 40 градуска жакын. Үч-төрт күн көз ачпадым. Райкомолдон же обкомолдон эч бир жан кабар албады. Бир аз гана оору жеңилдеген соң суранып жатып поездге отурдум. Дары-дармек беришти. Жаштыктын күчүн кара, Фрунзеге келгиче сакайып калдым.

Фрунзеге келген соң өмүрүмдө биринчи жолу жооптуу докладды жазууга кириштим. Бирюков күнүгө бир маал келип, жазуу иши кандай жүрүп жатат деп сурап кетет. «Бул бечараныкы эмне деген доклад болуп чыгаар экен» дегендей тынчтанган элем. Бир күнү келип канча жазылганын сурады. Азыр да эсимде 29 бет жазылганын айтсам, кубанып кетип: «О, молодец, быстро пишешь! Бүтүп машинкага бастыраарың менен мага алып келгин», – деди.

Докладды жазып бүткөн болдум. Бирюковго жагабы, жокпу бушайманда алып барып бердим. Окуп чыгып мени чакыртты, жүрөгүм дүкүлдөп бардым. Бирюков мага жылмая карап: «Докладың дурус, материалдарың жакшы экен, жаза билет экенсиң, мен бир аз жерлерин оңдодум. Кайра бастырып, Бурякка алып баргын, ал

киши билет, сүйлөштүм», – деди. Ошол кезде Буряк Кыргызстан Борбордук Комитетинин секретары эле. Ал киши мени жылуу кабыл алды. Эртеси эртең менен барып алып кетмей болдум. Ал киши эртеси мага бир журнал берди, эмне журнал экени эсимде жок. Ошол журналдагы бир макаланы көрсөтүп, алдыларын чийип койгон экен. Докладдын башталышын жана аяк жагын ошол сүйлөмдөр менен толукташ керектигин айтып, ушул доклад менен съездге чыга берсем толук боло тургандыгын билгизди. Мына ушинтип биринчи жолу өзүм доклад жазып съезд өткөрдүм. Бирок съезддин алдында бир чалалык кетип, сөгүш алдым. Ал мындай болду... Москвадан ВЛКСМ Борбордук Комитетинин секретары Темиргалина келип калды. Экөөбүз Нарынга жөнөп калдык. Бизде жалгыз «Эмка» деген жеңил машина бар биринчи секретардын карамагында. Ошол машина менен жөнөдүк. Темиргалинанын келишине жана дагы башка бир себептер менен өтө турган кыз-келиндердин съезди мөөнөтүнөн ары жылдырылды. Мен командировкага кетип жатып, атайын сектор бөлүмүнүн башчысы бар эле, ошого съезддин мөөнөтү өзгөргөндүгүн билдирген телеграмма жазып, райондорго жиберип коюшун талап этип тапшырып кеттим. Темиргалина экөөбүз Рыбачыдан Нарынга чейинки жолдун жарымысын жөө бастык. Анткени машиненин баллону улам жарылат (бардыгы жамаачылуу, эски тура) биз жөө баса беребиз. Шофёр баллонду жамап, оңдоп, аркабыздан жете келет. Бир аз жүргөн соң кайра жарылат. Мына ошентип отуруп Нарынга жетип, Ат-Башыга чейин барып кайттык. Фрунзеге келсек бай бир райондон съезддин делегаттары келе баштаптыр. Мен тапшырып кеткен телеграмма

жиберилбей калат. Райондор менен телефон аркалуу байланышып жатып делегаттарды токтоттук, келгендерин кайтардык. Мен болсом сөгүш алып тындым. Бирок бул менин ишимдин кыйчалышынын башталышы эле. Бир аздан соң съезд да өттү, жаман өткөн жок.

Күндөрдүн биринде менин кабинетиме бир орто бойлуу жигит келди. Ал менин көңүлүмө так салып, санаага чөгөрөрүн капарыма албагам. Эгерде сүйгөн болсо, кантип махабатын карга айландырат?! Бирок аны менен бетме-бет кездештим...

Бир күнү Бирюков чакырып, менин үстүмдөн материал бардыгын айтып, кечинде бюродо караларын билгизди. Мен комиссия түзүп, текшерүүлөрүн сурандым. Ал материал орган аркылуу келгендигин жана орган аркылуу текшерилгендигин айтты. Кыскасы, бюродо мен кызматтан бошоп, пленумда ишим каралмай болду. Мага коюлган күнөө: «Ата-теги кулак болгон, эл душманы болуп өзүнүн жакын агасынын бети ачылды, улутчул. Улутчул себеби Жоомарт Бөкөнбаев менен байланышта.

Жогоруда айтылбадыбы, афишаларда «Алтын кыз» – «Партизан кызы», автору коллектив болуп бир мезгилдери театрларда коюлуп калды. Анын себеби Жоомарттын үстүнөн каралоо материалдар түшкөн белем. Ошонун натыйжасында ал партиядан чыгарылат. 1939-жылы Москва шаарында Кыргыз ССРинин адабият жана искусствосунун он күндүгү өтмөк. Театр ага «Алтын кыз», «Ажал ордуна», «Айчүрөк» – ушул үч спектакль менен бармакчы. Анын экөөсүнүн автору Жоомарт. Эгерде Жоомарт караланып калса, анын аты менен коюлуучу эки спектакль алынып калса, жалгыз «Ажал ордуна» менен баруга болбойт. Ошону үчүн «Алтын кыз» – «Партизан

кызы» болуп аталат. Ал эми «Айчүрөк» жөнүндө журналдар, газеталар Жоомарт автору экендигин жарыялаган.

Бирок ал театрдын сахнасында коюла элек, даярдалып жаткандыктан либреттосун К. Маликов Ж. Турусбековго кайра карап чыгып экөө автор болушмакчы болушуп, договор түзүшүп ишке киришип калат...

Катуу даярдык көрүлүп жатты. Жоомарт бир күндө бир канча жолу театрга жүгүрүп барып келе турган. Декадага жөнөмөй болдук. Мен жаңы турмушка чыккам, келинмин. Жаңы эле тоюбуз өткөн. Бир күнү жогору жактан телефон аркылуу Жоомартты чакырып кетишти. Эки саатча убакыт өткөн соң кайтты. Өтө капалуу, тынчсызданып келди. Мен: «Эмне болду?» – деп сурадым. Бир аз оюн жыйнагандай токтолуп туруп: – Мен азыр Вагов менен урушуп келдим, эми мага орден жок – деди. Андан соң болгон ишти мага айтып берди. Көрсө, Ваговдун (Кыргызстандын борбордук комитетинин ошол мезгилдеги биринчи катчысы) кабыл алуусунда болгон экен. Ал адегенде декадага көрүлүп жаткан камылга жөнүндө сурап отуруп, Жоомартты Ленин орденине көрсөтүү ойлору болуп жатканын айтып, ошого байланыштуу кай бир маселелер жөнүндө сүйлөшмөкчү экендигин айтат да, анан Жоомарттын Эсенаманов, Жолдошев Т., Камбаров К. ж.б. менен (1937-ж. эл душманы болуп камалгандар) кандай байланышы болгон. Эгерде болгон болсо Жоомарт чын жүрөгүнөн мойнуна алып, айтып беришин талап кылат. Эзгилей баштайт. Жоомарт ачуусу келет да: – Жетишет, мени канча жылдан бери ушул жөнүндө канымды бузуп жүрөсүңөр. Эгерде менде айып болсо камагыла, болбосо бул өңдөнгөн былжыроолорду токтоткула – деп, эшигин катуу жаап чыгып кетет.

Чынында эле 37-жылдан тартып, Жоомартка тынчтык болгон жок. Ушакчылар, көрө албагандар, душмандары ошол мезгилдин агымынан пайдаланып, Жоомарттын жанын коюшпай жазып каралай беришти. Анын натыйжасында партиядан да чыгарылып, театрда болуп жаткан «Алтын кыз» муздрамасын «Партизан кызы», авторун коллектив деп өзгөртүштү. Коюуга даярдалып жаткан «Айчүрөк» операсынын либреттосун Жусуп менен Кубанычбекке ондоо киргизе коюп, автор болууларына тапшырылган. Анткени ошол жылдардан баштап Москвадагы боло турган декадага даярдык башталган болучу. Үч театралдык чыгарма көрсөтүлмөк, анын экөө Жоомарттыкы болучу. «Алтын кыз», «Айчүрөк», үчүнчүсү «Ажал ордуна» Жусуптуку. Жоомарт партиядан чыгып камала турган болгон, анда эгерде Жоомарттын эки чыгармасын алып таштаса жалгыз «Ажал ордуна» менен декада өтмөк эмес. Ошондуктан коюлуп жаткан «Алтын кыздын» атын өзгөртүп, даярдалып жаткан «Айчүрөктү» башка авторлорго тапшырууга мажбур болушкан. Жоомарт үчүн бул күндөр өзүнүн айтканына караганда өмүрүндөгү өтө оор күндөрдөн эле. Кийин дагы ушул учурларды эстегенинде капаланып, каны кызып кете турган.

Жоомарт болсо поездге түшүп алып, «Арыс» станциясына барып (шаардан болсо өткөрүлбөөсү ыктымал дегендей) И. В. Сталиндин атына (400 сомго) телеграмма берет. Телеграммада негизги таржымалын бүт жазат жана республикадагы түшүнүксүз болуп жаткан агым сыяктуу абалды билгизет. Телеграмманы берип коюп Кетмен-Төбөгө кетип, анда бир канча күндөрү жүрүп кайтат. Үйдө эки кичирээк карындаштары калган. Келсе

алар Жоомартты Борбордук Комитеттен издеп, телефон чалып жатканын айтышат.

Көрсө, И. В. Сталинден телеграмма келген болот. Ал негизинен мындайча жазылат: «Поэта Боконбаева Джоомарта восстановить в партии и создать ему условия в творчестве»,– делинген. Ушул эле телеграммада айтылгандай өзгөрүүсүз Кыргызстан Борбордук Комитетинин бюросунун чечимине жазылып, Жоомарт партияга калтырылат. «Партизан кызы» кайра «Алтын кыз», автору Бөкөнбаев болуп коюла баштайт.

«Айчүрөктүн» маселеси татаалдашып, үч автор болуу маселеси көтөрүлөт. Жоомарт көпкө макул болбой жатып, аягында макул болууга мажбур болот. Үчөөнүн тең көзү өтүп кетти, алардын арбагынын алдында чындык гана айтылышы керек. Бура айтышка эч кимдин дити барбас. Жусуп Турусбеков биздикине көп келе турган. Жоомарт экөөнүн мамилеси өтө жакын эле. Артыкча Жоомарт экөөбүз баш кошкондон кийин мени карындашсынтып дагы жакын болуп кетишти. Ушул «Айчүрөктүн» маселеси ал кишинин көңүлүнө тынчтык бербес болду. Бир канча жолу Жоомартка: «Жоомарт, «Айчүрөк» сенин эмгегиң, биз бир кокустук шарт менен сага кошулуп калдык. Декаданын алдында улам оңдолуп жатып Кубанычбектин текстинен калбаганга эсе болду. Менден бир аз калды. Мен андан кечем. Сексен процентче сеники. Мен ушуга чейин чийки май жегендей болуп жүрөм. «Айчүрөктү» арыз берип өзүң ал» – дечү. Жоомарт: «Жусуке, болбогон кепти айтасыз. Ал менин силер үчүн белегим. Аман болсом мындай «Айчүрөктүн» нечесин жазам. Элдин баарына үчөөбүздүкү болуп таанылып калды, болбойт эми. Бул жөнүндө ойлонбой эле коюңуз.

Жоомарт Жусуп менен Кубанычбектен «Айчүрөктү» талашып чатак баштап жатыптыр деген сөзгө калгым келбейт» – деп, мойноп коё турган. Мен «өз чыгармасын да бирөөлөргө белек этчү беле. Жусукем айтып жаткан соң албайсыңбы маселе көтөрүп», – дегениме: «Ээ, Тенти, баласың. Менин үйүмдө айтып жаткан оюн, башка жерде кандай айтаарын кайдан билем. «Айчүрөктөн» эчак эле кечкем, эми башымды оорутуп жүрбөйм. Жаным аман болсо неченди жазам» – дей турган.

Менимче, Жусуп өлбөсө Жоомарт дүйнөдөн кайткан мезгилде чыдабас беле дедим. «Айчүрөктү» Жоомартка кайтарып берүү маселесин өзү коёт эле го дейм. Анткени ал кишинин жүрөгүн ушул маселе өтө эле өйүп жүргөндөй сезилчү.

Кубанычбек жөнүндө кеп башка, ал башка адам... Ал эмес Жоомарттын толук жыйнагын мен түзгөндө «Айчүрөктүн» либреттосун үч авторду көрсөтүп эле киргизсем, каршы болуп алып таштаган (ал редактор болучу). Мен анда Жоомарттын өзүнүн жекече жазган вариантын киргизишке аракеттенсем да такыр болгон жок. Адам дегенде абийир болбос экен.

Жоомарттын биринчи «Айчүрөктү» опера кылып жазган инициативасы үчүн да жана эмгектин көбү аныкы экендиги үчүн да жыйнагына киришине акылуу болучу. Айла канча, «өлгөн арстандан» тирүү «чычкан».

Жоомарттын бул айтканы туура эле го. Аман болсо нечен дастандар жазылбайт беле. Өкүнүчтүү дүнүйө!..

Бирок ошол аз убакыт калган өмүрүнүн мөөнөтүндө кыргыз тарыхында болгон экинчи операнын да либреттосун жазууга үлгүрдү. Ал «Токтогул» операсы эле. Бул опера ошол Жоомарттын авторлугунда 7–8 жыл театрдын

сахнасында жүрүп турду. Музыкасын композитор Веприк жазган. Кийинчерээк бир себептер менен музыкасын кайра жазууга туура келди. Музыкасы кайра жазыла турган соң, либреттосун да кайра карап чыгууга ыктымал болду. Бул маселе К. Маликовго тапшырылды.

Мен ал кишиден сурандым: «Сиз жолдоштук милдетиңиз катары редакторлук жумушун өтөңүз, бирок кошумча автор болбосоңуз экен» – деп сурандым. Ал киши: «Мен иштеп чыгайын анан көрөбүз» дегендей жооп айтты. Мен: «Сиз кошумча автор болуу максатта иштесеңиз бир түрдүү мамиледе карайсыз, эгерде максат менен болсо башкача мамиле, Жоомарттын текстин мүмкүн болушунча сактоого аракет болот» – дедим. «Көрөбүз-көрөбүз, иштеп чыккан соң белгилүү болот го, – деп койду. Мен үчүн маселе түшүнүктүү болду. «Токтогул» операсынын либреттосу эки автордуку болуп кайрадан жүрө баштады. Ар кимдин өз кызыкчылыгы жакшы го.

Мага коюлган күнөөнүн дагы бири. Мен Борбордук Комитеттин мүчөсү болгон мөөнөттөгү секретарлардын көпчүлүгү азыр жок эле. 1937–1938-жылдар өлкөбүздүн тарыхында оор күндөрүнөн болгон мезгилди түшүнүксүз болгон агымдын арааны жүрүп турган эмес беле. Ошол мурдагы секретарлардын кадры деген күнөө коюлган. Бирок бюродо да, пленумда да: «Ата-тегин жашыргандыгы үчүн» деген күнөө менен бошотулдум.

Эртеси ыйлап Бирюковго кирдим да, эмне кылышты сурадым. Ал мындайча кеңеш берди: – Тенти, азыр кандайдыр бир оор шарт болуп турат. Мен сага жардам көрсөтө албайм. Сен жөнүндөгү материал орган аркылуу текширилди, фактылар аныкталды» деген тыянак чыгарып беришти, ага ким каршы тура алат. Өзүң түшүнөсүң.

Менин сага берер жалгыз кеңешим, азырынча бир жакка кетип кал, шаардан тез кетсең, жакшы болот» – деди.

Мен энем жана Батый аттуу кичине синдим үчөөбүз жашачубуз. Эртеси эле өзүмдүн туулган жерим Тоң районуна кеттик. Башка кайда барам?.. Туулган жер, ата-энемдин үйү мага калканч болуп берчүдөй сезилди. Көрсө, мага салынган капкандын, мээленген мылтыктын ээси, ошол ак бешик жеримде экендигине кайдан шек болсун. Капкан менен мылтыктын ээси баягы мени «сүйгөн» адам экен. Мунун аныгын кийин гана билдим. Бул күндөрдүн окуясы төмөнкүчө жол менен жүргүзүлөт... Ал баягы мага келип, жолугуп кетишинде менин үстүмдөн уюштурулган каралоо кагазды алып келип, органга өзү тапшырып кетет. Мага материал уюштуруштан мурда жанагы жетим өскөн, атамдар Караколго ала качкан жакын агайым Буканай Досматовду (ал Тоң райком комсомол комитетинин биринчи секретарынын кызматын өтөөчү) камакка алат, жергиликтүү кай бир адамдарды чакырып алып, коркутуп жатып ата-тегим бай болгонун аныктатып кол койдурат. Мунун бардыгын кийин кетмен-төбөлүк жигит төкпөй-чачпай баяндап берген. Ал Тоңдо прокуратурада кызмат өтөгөн, аты-жөнү эсимден чыгып кетти, кийин Ата Мекендик согушка катышып курман болду. Жаңылбасам, анын аялы Муса Баетовдун биринчи жары болууга тийиш эле. Ошол жигит мени күнүгө прокуратурага чакыртып, бир-эки саат суроолор берип, эзмелей берет. Бир күнү атам, кыраакы киши да тынчсызданып: «Балам айланайын, булардын шойкуму жаман, эмне үчүн күнүгө сени прокурорго чакырып калышты. Өкүмөт адилет болот, чыкканда эле ал уруят болуп чыккан. Балам, Фрунзеге кет, өкүмөткө жа-

кын жерге бар. Бул жерден чындык таппайсың. Буканай байкуш сары жыланга залалы жок, жетим өскөн, момун бала эле. Ошону деле камап коюшту. Бүгүндөн калбай кеткин» – деди.

«Бул жерден чындык таппайсың» деген сөзүнүн да жүйөсү бар болучу. Мен Тоңго келгендин эртеси эле райком партияга бардым. Биринчи секретары бир өзбек жигит экен, фамилиясы эсимде жок. Мени жылуу кабыл алды, сөзүмдү ыклас коюп укту да:

– Сизге кандай жардам керек? – деди.

Колхоздун жалпы чогулушунун ата-тегим байкулак болбогондугун гана аныктаган чечими керек, – дедим. Секретарь райисполкомдун орун басарын чакыртты. Ал өзүбүздүн алыс туугандарыбыз Абдылда Сарымсаков болуп чыкты. Турмуш кызык! Мынчалык карама-каршылыгына таң каласың. Бул азамат да Нарында аскер кызматын өтөп жүргөн кезинде мага «сүйүү» катын жазып, ыры да бар: «Беш атар мылтык ийнимде» деген сабы эсимде. Катынан эсимде калган сөзү: «Ак маралдай болуп керебетте так секирип окуп жаткан карындашым» дегендей башталышы. Эмнегедир мен мунун катына өтө ыза болдум. «Тең-теңи менен, тезек кабы менен» дегендей жооп бердим. Албетте, бул жооп барып турган оройлук, айбанчылык эле.

Райкомдун секретары, чогулушту өткөртүп берүүнү Сарымсаковго тапшырды. Ал эми мына ошол чогулуш күнү менден өч алды. Мен ага таарынбадым айып менде да болгондуктан. Колхоздун чогулушу көпкө созулду. Алты жолу кол көтөрүүгө салышты. Алты жолу тең жапырт көпчүлүк «Жунушбай Алчике уулу кулак болгон эмес» деген сунушту жактап көтөрүштү. Беш гана киши каршы, алар айыл активдери, Сарымсаковдон жазганып

гана акырын колдорун көтөрүмүш болушат. Сарымсаков кыйкырып урушуп кайра колго салат. Кандайдыр себеп менен Мукаш Эдилбаев республикалык прокуратуранын кызматкери ошол жерде командировкада жүргөн экен, катышып калды. Бул жигит мени менен бирге окуган курбалдашым Шайым Бейшеналиеванын сүйлөшүп жүргөн жигити болучу. Ушул Мукаш Сарымсаков менен аябай айтышты, анын демократияны бузуп жаткандыгын айтты. Бирок Сарымсаков үстөмдүк этип, акыркы кол көтөрүү дагы менин пайдама чечилген соң, чечимге келтирбей чогулушту жаап салды. Эртеси райкомго бардым. Алиги секретарь такыр өзгөрүп калыптыр. «Кызматтагы колхозчуларды жарым түнгө чейин карматыпсың», – деген күнөө койду.

– Мен кармаганым жок, Сарымсаков кармады,– деген сөзүм кулагынын сыртынан кетти. Мен чогулуштун чечимин талап эттим. Өзүбүз Фрунзеге жиберебиз деген жооп айтымыш болду, бирок жиберилген жок.

Мына ушундан соң мен дагы чындык табуу бул жерде кыйын экенин сезгенсип калдым.

Менин жүрөгүмө атамдын сөзүнөн кийин гана сестенүү келди. Болбосо эч күнөөм жок болсо мени эмне кылмак эле деген ойдо жүргөм. Ал эми Темировду мага жамандык кылат деген ой андан бетер эсиме келбеди. «Ал мени жактырыптыр, мен жаш элем, максатым окуу болгон жана менде ага сүйүү сезими болбоду, ал үчүн кантип эле мага жамандык өтөсүн» дегендей ойдо болгом. Атамдын айтуусу менен ошол эле күнү Фрунзеге кетип калдым.

Бул кетип калышым мен үчүн чоң бакты эле. Мен өзүмдүн өмүр жолума көз чаптырганымда эки түрдүү ой дайыма бирин бири алмашып, тең тайлашып турат.

Бирде өтө бактылуу адаммын дейм. Бирде өтө бактысыз адаммын дейм. Чынында экөө тең менин энчиме берилген.

Эмне үчүн ошол мезгилде Тоңдон кетип калышымды чоң бакты деп жатам? Мен кеткенден кийин Темиров келип, таппай калгандыгына өтө өкүнүп: «Аттигиң ай, ушул жерге камап алып, көрбөгөндү көргөзөт элем!» –деп өкүнгөнүн, баягы кетмен-төбөлүк жигит биздин үйдө отуруп айтканда Жоомарт экөөбүздүн тең боюбуз дүркүрөдү. Эгерде мен ошондо анын колуна түшкөнүмдө, тагдырым кандайча болмок?! Жаңы ачылып келе жаткан гүл элем го, солуп жок болот белем. Ким билет!.. Эми ойлосом да жүрөгүм титирейт. Мындай каардуу ырайымсыздыктын кыйгач өтүшү – чоң бакты эмей эмине!

Адамдар ар түрдүү да. Бирөө абийирин жоготуп адамга ырайымсыздык менен жамандык издесе, бирөө абийирин сатпайт, өлүмгө башын тосот. Бул адам баласы жаралгандан бери ар качан турмушта айкындалып жүргөн ашкере чындык эмеспи.

Келип Лара Кошоеваныкында токтодум. Ал баягы, тоюнда Мидин чатак чыгарган Самагановдун аялы. Бирок Самаганов экөөнүн мамилеси ошол тойдон баштап келишпөөчүлүккө өтөт, акыры ажырашып, өпкөнүн учук оорусуна жолугуп келип, ошол оорудан согуш мезгилинде кайтыш болду. Ошол кезде ал, Фрунзедеги жалгыз гана бир илимий мекеме болгон Тил-адабият институтунда кенже кызматкер болуп иштеп жүргөн эле. Бир кичинекей китеп да чыгарган. Менимче, орфографиялык сөздүк болсо керек эле, толук эсимде жок. Демек, кыргыз кыздарынан биринчилерден болгон илимий кызматкер. Ларанын жалгыз агасы болгон, ал көрсө Каракол шаарындагы

Чехов атындагы мектептин директору болгон экен. Муну мен Сыдыкбековдун романынан окуп түшүндүм. Лара: «Жалгыз агам Караколдо иштейт, мугалим» – деп калчу.

Лара бир бөлмө шаардык базардын ар жагындагы сайдын жээгиндеги коммуналдык үйдө турат. Ал үйдө Тазабек Саманчин да жашай турган. Мен шаарга келген соң бир канча убакыт тынчтык таппадым. Мени кандайдыр бир адамдар курбуларымдан иликтеп, сурамалдаша баштайт. Ушундан улам мен улам бир курбуларымдыкында (У. Сагынбаева, К. Токтомамбетова) жай алмаштырып жашап жүрдүм. Бир күнү Лара келип, бейтааныш киши мен жөнүндө такып сурагандыгын айтып, ошондон кийин мени сыртымдан бекитип кетчү болду. Бир күнү терезеннн түбүндө карап отурсам кандайдыр бирөө келе жатат. Мен кроваттын алдына кирип кеттим. Ал келип терезенин түбүнө токтоп, үй ичин көпкө карагандай болду, андан соң эшиктин алдына келип кулпуну кылдыратып кармалап көрдү да кайра басып кетти. Мен Лара келгиче кроваттын алдынан чыкпадым. Эртеси Уруйаписа Сагынбаевага (курбум кыргыз басмасында балдар адабиятынын редактору болуп иштечү. Ал Эркебай Карпеков агасыныкында турчу), андан Күлүйпа Токтомамбетова турган БК комсомолдун жатаканасына кеттим, кайра Лараныкына келдим, иши кылып качуунун ичинде болдум. Кызмат сурап бир жерге барууга батынбадым.

Аңгычакты шаарда «Москвадан комиссия келген, каралангандардын ак-карасын текшерүүгө киришиптир» деген имиш тарап кетти. Камалуу тыйылганы айкын сезилип калды. Мен акырындап көчөгө чыга баштадым. Ал гана эмес, курбуларым менен киного барчу болдум. Менин изиме чөп салган кишилер жоктой болуп калга-

нын даана сезген соң ден соолук сактоо комиссариатына, Ловонцевге (эл комиссары) барып кызмат сурадым. Бул адам мени жакшы билчү. Техникумда окуп жүргөн кезимен билет. «Келечектеги нарком» – деп, тамашалап койчу. Партияга өтүүгө даярданып жүргөм. Ал кезекте 10 жыл партиялык стажысы бар үч кишинин күбөлүгү талап болучу. Ушул Ловонцев менен мен окуп бүткөн медтехникумдун директору Жукеш Мамбеталиев экөө күбөлүк беришке макул болуп, үчүнчү адамды табалбай турган кезимде кубаланып калдым.

Наркоматта Ловонцев мени жылуу кабыл алып, Биринчи май райондук ден соолук бөлүмүнүн карамагына жиберди. Ал жерде мен балдар бакчалары боюнча врачтын милдетин аткаруу ишине дайындалдым. Курбуларыма ашка жүк, башка жүк болбой иштеп, өз нанымды таап жеп калганыма жана эркиндикти сезген мен, көңүлүм сергүүлөнүп калдым. Бирок алдыда эмнелер күтөт. Менин тагдыр жолум кандайча багытта сапарын узартат күңүртүрөөк болучу. Биздин райондо 4–5 балдар бакчасы бар, мен аларды кыдырып жүрөм. Бир күнү Биринчи май көчөсүндөгү бакчадан чыгып келе жатсам оройпарай Жоомарт кезикти. Ал менин шаарда жүргөнүмө таң калды. Мени сурамалдаса эч ким дайнымды айтып бере албаптыр.

Бир аз сүйлөшүп турдук. Ларанын кында туруп жатканымды айттым. Мен көп токтолбой кетүүгө аракеттендим. Жоомарт мени кетиргиси келбегендей: – Тура турсаң, сүйлөшсөк болот эле.

Эмнени сүйлөшмөк элек, мен ишке шашып баратам,– менин тургум келбейт.

Анда мен кечинде келем.

– Жок, келбей эле коюңуз. Менин сөзүм жок.

Жоомарт чыйрала түшкөндөй:

– Тенти, сен антпе, экөөбүздүн жылдызыбыз кошулган. Сен балалык кылып, душмандардын, көралбагандардын ушагына ишенип жүрөсүң. Мен дале сен жөнүндө көп кеп угам, бирок ишенбейм. Эмдигиче 1–2 балалуу болот элек, эки баламдын убалына калдың. Мен сени сүйгөнүмдөн ушунтип 3–4 жылдан бери саргара күтүп, сен деп жүрөм, болбосо сен өңдүү кара бучук кыздар толуп жатат – деди.

Мен кыязында жүдөңкү болуп, башыма иш түшүп турган кезимде, тезирээк ийге келгендей болгум келбедиби, билбейм, же кийинки сөзүнө териге түштүмбү:

– Толгон кыздын баягы дагы бирөөсүдүр деп карааарсыз, – деп түзүгүрөөк жооп айтпастан кетип калдым.

Ар качан адам кур намыстын кулу го. Кечинде кызматтан келсем, Лара да иштен кайтыптыр. Ал мага иштеген жерине Жоомарттын келгенин, экөөнүн сүйлөшкөн сөздөрүн төкпөй-чачпай айтып, мени жемелей баштады да, минтип сурады.

– Сен өзүң деги Жоомартты жакшы көрөсүңбү?

– Жакшы эле көрөм. – Чынымды айттым.

– Анда эмне кутуруп жүрөсүң?

– Ар кимдер ар түрдүү айтышат жана өзү да ачуума тийип коюп жүрбөйбү. – Чечиле баштадым.

А сен бузукуга кирип «ит кыялыңды» кармата бересиңби! Сүйгөн кишиге, баркыңа жетчү адамга сүйүп баш кошпосоң эч качан турмуш болбойт. Мына мен эмне болдум! Аягында эч нерседен жок, жарым жан болуп калдым.

Ларанын сөздөрү мага өтө таасир этти. Чынында эле менин чоёктой беришиме ашып кеткен негиз деле жок

эле. Бар болгону майда-чүйдө ушак жана менин таарынчаак эрке кыялым.

Чынында, Жоомарттын мага кезигип, кайрадан жандили менен кол созо баштаганына ичимден ыраазыдай сезимдемин. Бирок Ларага: «Ойлоноюн, шашпайлычы» деген болдум.

Күндөрдүн биринде Лара Жоомарттын мага арнап «Т...га» («Тентибайга») аттуу жазып жиберген ырын алып келди. Мен ырды окуп күлдүм да, мурда мага жазып жиберген ырын жатка окудум.

Ай жарык мемиреген түнгө окшойсуң,
Ачылган акация гүлгө окшойсуң.
Бетиңден таалай нуру балкып турса
Безентип булбул салган үнгө окшойсуң.

Мына ушинтип сени көптүрүп жатат да. Сен: «Мен укмуш экемин деп, кейкейип качып жатасың. Сенин ошончолук эмнең артык» – деп, жемеледи.

Лара акыры мени жөнгө салгандай болду. Жакшы, ак ниет жолдоштун аракети кантип ичиңди жылытпасын, кантип ага сен ыраазы болбойсуң. Ларанын мен үчүн болгон ак пейилине, анын жарык элесине ар дайым башымды ием. Лара экөөбүз ынак, бири-бирибизге ак ниет жолдош болдук. Анын кургак учук оорусу ачылып, күч алып турган мезгилдеринде да өзүмдүн жаш балдарым бардыгына карабастан айлап үйүмдө кармадым, ооруканаларга узатып, тосуп алып турдум. Экинчи күйөөсү Ташкенде, ооруканада жаткан жерине ажырашуу кагазын жиберип кабыл албай койгон. Дарылоонун жардам бербей калганына көзү жеткенде Кара-Балтага агасыныкына кетти. Кат алышып турдук. Бир жолу катында: «Шаардын тамагын сагындым, бул жакта эч нерсе жок

(согуш мезгили да) мүмкүн болсо печенье, конфет жана бир аз күрүч жиберсең» – деп жазыптыр.

Мен сурагандарынын баарын эптеп таап, посылка жибердим. Мындайча жооп келди: «Тенти, мен сага ыраазымын. Жиберген посылкаңды алдым. Тирүү калсам көңүлүм ыраазы, өлүп калсам сөөгүм ыраазы. Бактылуу бол!» – Ушундай мааниде. Бул кат акыркы болду. Ушунтип ал 21–23 жашында бир топ турмуштун өйдө-ылдыйын башынан өткөзүп, көзүн жумду. Менин көңүлүмдү Ларанын тагдыры бөлүп кетти белем.

Бир кечте биз турган бөлмөнүн эшиги чоң ачылып калды. Лара экөөбүз эч нерсе түшүнбөй сестейе эшикти карап калдык. Бирок эшиктен жалжая күлүп эки колуна эки шампан кармаган Тазабек Саманчиндин кебетеси көрүндү. Анын артынан куркуюп колуна кош колдоп чоң коробка конфет кармаган Ашакеевич (акын болсо керек эле) көрүндү. Алардын соңунда Жоомарт, колунда көркөм гүлдесте, эң акырында кош колдоп торт көтөргөн Касымжан Төлөбаев. Биз бул көрүнүшкө аябай күлдүк. Кандайдыр кызыктуу болду.

Жоомарттын мунусу, «ак боз аттын» көкүлүнө кебез байлап, менин колумду сурап келиши болчу.

Көп узабай, күндөрдүн биринде (17-апрель, 1939-жылы) Жоомарт эки күйөө жолдош алып, бири Төлөн Шамшиев, экинчиси Касымжан Төлөбаев, бир даражалуу досунун «Эмка» жеңил машинесин сурап алып келди. Биздин даярданып, күтүп отурганыбызды көрүп кубанып кетти: «О, даяр турган турбайсыңарбы, жарайсыңар!» – деп. «Адатынча Тенти дагы маалкатып, даярданбай отурабы» деген ойдо болгон белем. Куда башы Саманчин биздин жаныбызда турат, ал кошулду. Менин себим: бир

жаздык, бир жууркан, бир кичине эски кол чемодан. Аны машинага бат эле салышты. Лара мени узатып келди.

Ушунун баары мен үчүн көңүлдөн кеткис, шаани-шөкөт болуп сезилди. Мына ушинтип мен алгачкы сүйүүмдүн, кыска гана мөөнөткө жаркып келген таалайымдын ыйык эшигин ачып, зор үмүт, көгүлтүр кыял менен аттап кирдим. Ушундай таттуу таалай мени беш гана жыл эркелетип, ысык махабат мээрине бөлөөрү ал учурда уктаса түшкө кирбеди.

Жоомарт айткандай:

«Алдей, алдей алтын» – деп,
Балабызды сүйөбүз,
Таң-тамаша, салтанат
Таалайыбыз түгөнгүс.

Экөөбүздүн алды жагыбызда түгөнгүс таалай, узун өмүр тургандай болучу. Адам келечек өмүрдөн жакшылыкты гана күтөт эмеспи. Жамандык күтүүсүз келүүчү нерсе да.

Жакшылыкты гана күткөн пейлиңден айланайын, адам! Бирок башыңдан эмнелер гана өтпөйт!..

Эми мен Жоомарттын гана үйүнө барбастан, Совет кыргыз адабиятын курган залкар адабий ишмер, нукура таланттардын үй-бүлөсүнө, башкача айтканда, кыргыз көркөм адабиятынын, маданиятынын, искусствосунун үй-бүлөсүнө кошулдум. Тагдыр мени айлантып жүрүп отуруп, менин ордум ушул жерде экенин таап, жетелеп киргизген белем. Жоомарт айткандай экөөбүздүн жылдызыбыздын кошулуусу да дал ушул менин өмүрдөгү чыныгы ордумдун кайда экенин айкындаган белгиси белем.

Жоомартты табышым да жана аны жоготуум да ушуга күбө. Көп мезгилде, кезигишүү маалында, окурмандар

мага мындайча суроо берет: «Сиздин чыгармачылыгыңыздын башталышына эмнелер себеп болду» – деп.

Ушул суроо мен үчүн өтө кыйын. Буга жооп берүү үчүн мен ар качан өмүрүмдүн кырдаалындагы өтө кымбат, зор табуумду жана ошончолук жоготуума кайрылышым керек. Бул өлчөмсүз өкүнүчтүү жана оор!..

Жакшы күндөрдү эскерсең жаның сергийт. Оор күндөрдү эскерсең алың куруйт.

Табылгалуу, таалайлуу күндүн эртеси, биринчилерден болуп Мукай Элебаев Бурулча жеңе менен келди. Бурулча жеңени билчүмүн, анткени биздин техникумдун даярдоосунда бир аз окуп таштап кеткен. Бөртмө жоолук салынган, кара торунун сулуусу, келишкен келин эле. «Мукай Элебаев деген жазуучунун аялы имиш» – деп барыбыз таңыркanып карап калчубуз. Мукемди биринчи көрүшүм. Андан соң Жусуп Турусбеков Гүлсүн жеңе менен келди. Жусукем жөнүндө мурда эле кабардар элем, ал кишинин айылдаш карындашы Разыя Орузбаева мени менен бирге окуган. Ошол аркылуу көп уккам. Ал эмес Разыя бир канча жолу алардыкына барууга чакырган, мен болбочумун, тартынчаак элем. Жусукени «Ажал ордуна» спектакли коюлганда көргөм.

Жусукем барбалаңдап: «Жоомарт, сен эми мага күйөө бала болдуң, ушуну билип кой»,– деди. Мукем дагы акырын жылмайып: «Жоомарт эми жеке сага эле эмес, мага да күйөө бала болду»,– деди. Жусукем болбой: «Сиз кайда, көлдүн башы. Мен бир жерден, Тоңдонбуз», – деп, моюн бербейт. Мукайды Жоомарт, Жусуп экөө тең «сиз» – деп, өтө урмат мамиле жасаша турган.

Бир мезгилде Темиркул Үмөталиев Зукеш экөө келди. Темикем Жоомартты кучактап өпкүлөп жатты. Анын

кубанганы терисине батпагандай сыяктуу сезилди. Темикемди жакшы билчүмүн комсомол ишинде. Ал киши Жазуучулар союзунун Башкармасынын төрагасы, көп кезигишкенбиз. Зукешти болсо баягы Ларанын тоюндагы «чоң казат» күнү көргөнүмдү жогоруда эскербедимби. Ушинтип бир канча күн жазуучулардын көпчүлүгү биринин артынан бири келип куттуктап жатышты. Бир күнү жулуңдап Кубанычбек Анисасы менен келип:

– Ой, Жоомарт, бул сенин үйлөнүшүң шаарда чуу болду. Сөздүн баары ушунун айланасында. Жоомарт жүз киши чакырып той бергени камынып жатыптыр. 100 тиш щотке, жүз тиш порошок, жүз тоголок самын алыптыр. Аялым доктор, тойго келген коноктордун тишин тазалатып, колун таза жуудуруп, спиртке сүрттүрүп туруп киргизем дейт имиш,– деди.

Жоомарт күлүп:

– Аялымдын доктур экендигине башка далил деле жетишмей болду, – дейт. Анткени Жоомарт ошол күнү бетин чиркейге чактырып алды. Эти ырбаак эле, бат эле томпоюп шишип чыкты. «Ой, шишип кетти, бул эмнеси, көбөйүп бара жатат, бир нерсе жасасаңчы»,– деп эле чыйпылдап, уялып күзгүгө каранат. Менин кичине кол чемодан аптечкам бар болучу. Өзүм шашып бир нерсеге алагды болуп жаткан элем. Бетине спирттен тампон жасап берип, 5–10 минут кармоосун айттым. Беш минут өтпөй эле:

–Ой, ачышып кетти,– деп чыйпылыктай баштады.

Мен: – Ушуга да чыдабайсыңбы, эркек башың менен,– дедим. Намыстанды белем, отуруп калды. Бир маалда күзгүгө жүгүрүп барып карап алып эле:

– Ий, бетим күйүп калган тура! – деди. Карасам бети ыйлактап чыга түшүптүр. Өзүм да өлгөнчө коркуп кет-

тим. Көрсө, спирттин ордуна катар турган нашатырный спирт менен шыбаптырмын. Ошентип биздин тойдо Жоомарт күйүк бет болуп отурду. Кийин ойлодум: «Аттигиң ай, ошол окуя жаман төлгө белең», – деп.

Ойго ар нерсе түшөт тура. «Мен ак тоюбуздун алдында бетин күйгүзсөм, ал өмүргө жүрөгүмдү күйгүзбөдүбү» дегендей.

Москвада өтө турган кыргыздын адабияты менен искусствосунун он күндүгүнө кызуу даярдык жүрүп жаткан мезгил. Апрель айынын экинчи жарымынын бир күнүндө «Алтын кыз» жүрүп жатты. Ал кездери кайсы спектакль канча жолу коюлбасын, ошончо жолу шаардыктар бара берчүбүз. Артыкча жазуучулар үй-бүлөсү менен. Залда чырак өчөөрдүн алдында Жоомарт мени түртүп шыбырады: «Эмнегедир гражданча кийинишкен органдын кызматкерлери ар кайсы жерге келип отуруп жатышат» – деп. Мен аны кайдан билгенин сурадым. Ал: «Мен көбүн тааныдым» – деди. Жоомарт өтө тынчсызданып калды. Мен дагы сестейгенсидим. Биринчи көшөгө бүтүп, антракт болгондо эле Жоомарт:

– Сен эч жакка чыкпа, – деп шашып чыгып кетти.

Оюн бир аз баштала түшкөндө келди. Келип, менин колумду кыса кармап:

– Чоң кызык, анан айтам, унчукпа, – деди. Мен оюн көрбөй эси-дартым «кызыкта» калды. Оюн бүттү, үйгө жол тарттык. Жоомарт жолдо жүрөгү делөөрүгөндөй, сүйүнүчтүү кейипте муну айтты: «Билесиңби, А. А. Андреев келиптир. Ал киши иш текшерүү комиссиясын баштап келиптир. Ак жеринен каралаган бечаралардын бактысы ачылат белем. Бүгүн «Алтын кызды» көрдү. Ошон үчүн органдын кишилери келиптир да», – деди.

Мен: «Ким айтты» – десем: «Аны эмне кыласың, иши кылып бул сонун иш» – деп кубанды. А. А. Андреев спектаклге жакшы пикир айтыптыр имиш, сөздү угуп, андан бетер терисине батпай калды.

Ушул күндөн тартып Жоомарт өтө көңүлү көтөрүңкү, өзүн өтө бактылуудай сезип, учуп-күйүп жүрдү. Ансыз да шашма, бир жерге көпкө туралбаган неме, шамалдайт да шамалдайт. Декадага жөнөөгө саналуу күн калган. Ушундай күндөрдүн биринде, телефон согулуп Жоомартты Борбордук Комитетке чакырып кетти. Ал баягыдай эле ачык, көтөрүңкү көңүлдө кетти.

Бир мезгилде Жоомарт түнөргөн түндөй болуп, беттери бултуюп келди. Жалтак этип мени карап коюп, төркү үйгө унчукпай кирип кетти. Мен эмне кылаарымды билбей, бир жакшы иш болбогонун сезип турдум да, артынан кирдим. Кирсем, жазма үстөлүнүн жанында чекесин таянып турган экен.

Мен киргенде баш көтөрдү. «Эмне болду» деген сөзүмө колун силкип:

– Мени жадатып бүтүрүштү. Жанымдан тойдум. Качанка канымды бузуп кыйнашат. Декада, негизинен, менин чыгармаларым менен өткөн турса...

Мен азыр Ваговдон келдим. Декаданын иштери жөнүндө чакырган го дегендей ой менен барсам. Дагы эле баягы баш айланткан сөз. «Жолдош Бөкөнбаев сени биз чоң сыйлыкка көрсөтүүнү ойлоп жатабыз. Бирок чын сырыңды коммунистче айтчы, Жолдошев, Камбаров менен кандай байланышың болгон» – десе болобу.

«Эки жылдан бери ушул суроого жооп берип жатып чарчадым. Эгерде мен кылмыштуу болсом камагыла, болбосо мен ушул декадага чоң майрамга барчудай кубанып

даярданып жаткан кезимде тынч койсоңор болбойбу» – деп, ачууланып кете бердим. Бул эмне деген кордук. Мен түшүнбөйм. – Ушундайча өтө капаланды. – Эми мага бул декадада эчтеме тийбейт,– деди. Ушул күндөн тартып сабыры суздады. Жоомарттын ошол күндөрүн эстеп: «Аттигин ай, бечара Жолдошев Токчоро менен Камбаров Курмандын акталганын Жоомарт көрбөй, укпай кетти, аябай кубанбайт беле» деген ойго келем.

Өкүнүчтүү дүнүйө!..

Москвага келдик. Москва кулач жайып тосуп алды. Бул биз үчүн укмуштуудай чоң майрам эле. Баарыбыз бактынын көлүндө чабак сүзгөндөй өтө көңүлдүүбүз.

Декада «Айчүрөк» операсы менен ачылды. Москвалыктар өтө жакшы кабыл алышты. Борбордук Комитеттин Саясий бюросунун мүчөлөрү, өкмөттүн мүчөлөрү ал күнү үчүнчү актысынан келип катышышты.

Экинчи күнү «Ажал ордунда» спектакли көрсөтүлдү. Бул спектакль да чоң ийгилик менен өттү. Бирок эмнегедир партия менен өкмөттүн жол башчылары келишкен жок.

Үчүнчү күнү «Алтын кыз» көрсөтүлдү. Жоомарт өтө тынчсызданып отурду. Улам мага: «Жол башчылар келишээр бекен же келишпейби?» – деп өкмөт ложасын улам карайт. Залда чырак өчтү. Оркестр увертюрасын ойной баштады. Ошол мезгилде өкмөт ложасынын эшиги ачылып бүт жол башчылар кирсе болобу. Биз биринчи катарда отурганбыз. Жоомарт сүйүнгөнүнөн мени бекем кучактап кысып койду. Улам ложаны карап, бир минут тынч албады. Жоомарт гана эмес, бардык жазуучулар жана башкаларыбыз, барыбыздын тең эле эки көзүбүз ложада болду. Аларды көрүп отурганыбызга ар бирибиз өзүбүздү бактылуудай эсептеп отурдук.

Көшөгө жабылганда жол башчылардын баары тегиз орундарынан туруп кол чабышат. И. В. Сталин ложанын эң арт жагындагы отургучта отурат, ордунан туруп кол чаап отуруп эң алдына өтөт.

«Алтын кыз» спектаклине жол башчылардын мындай өзгөчөлүү мамиле этүүлөрүнүн негизи, биздин баамдообузда мындай болду го.

Биринчиден, чыгарма мезгилдин талабына жооп берип, ошол күндүн актуалдуу темасында жазылып, Совет бийлигинин Кыргызстанда орноо учурун чагылдырган тарыхтын өлчөмдүү кырдаалын көрсөтүүсү менен.

Экинчиден, ошол мезгилде өтө сейрек, башкача айтканда, жаңы гана өсүп чыга баштаган маданий ишмерлердин авторлук коллективинин басымдуу көпчүлүгү жергиликтүү улут кадрларынан болучу. Алсак: либреттонун автору – Жоомарт, сүрөтчүсү – Гапар Айтиев, дирижеру – Шейше Орозов, режиссеру – Өмүркул Жетикашкаев.

Ушинтип, «Алтын кыздын» чоң ийгиликте өтө баштоосу Жоомарттын акындык жүрөгүн аябай козгоп, алеп-желеп эттирип, чексиз толкутуп салды окшоду. Кубанычына мас боло түшкөн сыяктуу элөөрүп калды. Натыйжада дагы өзүнүн башына чөп үйдү. Улам терин шыпырып желпинет. Антракт болгондо: «Суусап кеттим, суу ичип келейин», – деп буфетке жүгүрүп кетти. Ал жерден суусун ичип турган Министрлер Советинин жооптуу кызматкерлеринин бирисин көрөт да, Москвага жөнөөрдүн алдындагы болгон ызалуу сезими ойгоно түшкөн белем, Жоомарт ага кайрылып: «Көрдүңөрбү менин спектаклиме жол башчылардын баары келип керүп жатат. Мага мындан бийик, мындан кымбат сыйлык жок. Вагов экөөңөр ушуну билип койгула» – дейт.

Эртеси эртең менен биз турган номерге Мукай, Жусуп келишти. Жусукем Жоомартты карап:

– Сен кечээ Гапкого эмне дедиң эле? Бизди Ваговго чакыртып жатат. «Бекөнбаев кечээ буфетте болбогон сөздөрдү айтыптыр, ошол маселе боюнча Үмөталиев, Элебаев, Турусбеков, Маликов, Шиваза болуп келесиңер» – деп, телефон согулганын айтышты. Жоомарт сестейе түштү да:

– Жол башчылардын келгени мен үчүн чоң сыймык, мындан артык мага сыйлык жок деген элем, анын эмнеси бар экен? – деген болду.

Мукай акырын гана:

– Ой, Жоомарт, курчсуң да. Эми жүрү барып келели, – деп, Жусуп экөө чыгып кетишти. Жоомарт өтө көңүлү чөгүп капа болгондой:

– Ай, мен ушу, кай бирде өзүм кылам. Антип айтып кереги эмне эле. Сезимге жетелетип жиберген мезгилиң болот экен да, – деп күрсүндү.

Кеткендердин келишин күттүк. Бир мезгилде Мукай, Жусуп, Темике үчөө келип, биздин номерге киришти. Кабактары салыңкы. Киргенде эле Жусуке айтты:

– Жоомарт, сен дагы, мен дагы орден албай калдык. Вагов биз кирип отурганда эле: «Кечээ Бөкөнбаев театрдын буфетинде эмне сөз айтканын уктуңарбы?» – деди. Биз унчукпадык, сенин сөзүңдү айтты, ушуну уккан жоксуңарбы? – деп сурады. Мукай: «Укканым жок» – деп жооп берди. Кубанычбек: «Я сам не слышал, говорят» – деди. Темиркул: «Он наверно не так сказал», – деди. Мен: «Ну что же, если он так сказал, он очень радовался» дегенимде эле ал кыйкырып берди: «Силер ушундайсыңар, бир-бириңерди жактайсыңар! – Иши кылып аябай

ачууланып, бара бергиле» – деп жолго салды. Шиваза калып калды, биз чыгып кеттик. Мукай: «Баарыбызды чакыртып чуу салбай, Жоомарттын өзүн эле чакырып сүйлөшүп коё турган нерсе экен, кызык», – деп койду. Натыйжада, Жоомарт сыйлыкка илинген жок. Декадада көрсөтүлгөн үч спектаклдин, негизинен, экөө аныкы эле. Жыйынтыктоо концерт дагы Жоомарттын текстине жазылган хор менен башталып да жана аяктаган да эле. Мунун баары элге маалим нерсе болгондуктан Жоомарт: «Менин эмгегимди баары бир эл билет» – деп, өзүн соороткон болду. Бир гана жолу мага: «Э, Тентибай! Аман болсок далай нерсе болоор» – деди.

Чынында эле кеп аманчылыкта тура. Көп мезгил өтпөй эле Кыргыз Республикасынын 15 жылдык юбилейинде Жоомарт «Ардак белгиси» ордени менен сыйланды. Чыгармачылык иши өркүндөөдө болду. Кыргыздын экинчи операсы «Токтогулдун» либреттосун, бир-эки пьеса жазды, хор жыйнактарын чыгарып, балдарлуу болуп жемиштүү жашоодо болду.

Жоомарт жалгыз гана өзүнүн чыгармачылыгына башын тигип койгон акындан эмес эле. Ал жашоого, турмушка кеңири канат жайып, жашоонун бардык кырдаалдарына чабыттап, жалындуу, бардык жан-дили менен өзүнүн мүмкүнчүлүгүн зарып этип жашаган адам болучу. Аны кызыктырбаган маданий турмушунун кырдаалы жок эле. Декададан келген күндөн тартып эле ал Токтогулдун туулганынын 75 жыл толушуна байланыштуу анын юбилейин өткөрүү маселесине киришти. Анын ырларын күкүмдөйдөн жыйнап, тартипке келтирип китеп кылып басмадан чыгартты. Элдик акындарды, Токтогулдун шакирттерин таап, алар сактап келе жаткан Токтогулдун

күүлөрүн, башкача айтканда, мурастарын жыйноодо эбегейсиз эмгектенди. Бул маселеде өкмөтүбүз, партиябыз бийик даражада карап, чоң маани берип Жазуучулар союзунун, маданий коомчулуктун демилгесин колдоп, өкмөттүк комиссия түзүлүп, иш жүргүзүлө баштады. Ушул иште негизги жүктү көтөргөн Жоомарт болду, бул бардыгына маалим. Жоомарт өзүнүн мүнөзүнө жараша жанын таштап жиберип, күйүп-бышып тыным албай жүгүрүп жүрдү.

Мукай экөө келишти, Жоомарт бир нерсеге кыжаалаттай Мукеме буркулдап сүйлөй кирди:

– Менимче, булар эч нерсени түшүнүшпөйт, же болбосо элдик маданияттын, адабияттын өнүгүшүндө жүрөгү оорубайт, ал үчүн кызыкпайт. Мен эле болсом дейби?!

Жалгыз дарак токой болобу? Эл барда элден бир канчасы чыккан жана чыга берет да. Мурасы жок, баскан жолу дайынсыз, элдик казына түзгөн өз мезгилинин акылмандары, көсөмдөрү – улуу адамдар жок эл болбойт эмеспи.

Алар жөнүндө айтып, көрсөтөөр мезгил жетти. Мына ошону үчүн мен элдин казынасын – улуу дастандарды түрдүү формада элге жеткирүү максатында «Айчүрөктү», «Семетей» пьесасын жаздым. Бизден мурун өтүп кеткен элибиздин нечен ак таңдай булбулдары, кызыл тил чечендери акылмандары, коомдук ишмерлер болгон. Булар жөнүндө жазышыбыз керек, ал менен эл сыймыктанган. Мына ошону айтышыбыз керек, көрсөтүүбүз керек.

Мукай көп сүйлөбөгөн, токтоо мүнөздөгү адам, андасанда гана:

– Мунуң туура. Туура айтасың, – дейт. Мен дагы кунт коюп угуп отурдум. Толкундап алган Жоомарт токтобой сөзүн улантып:

– Муке, булардын кыска ойлуулугуна күйөсүң! Токтогул менен жердештигим үчүн гана мен аракет жасап, жүгүруп жаткан имишмин! Ишенсеңиз, Токтогул кайсы гана жерден болбосун, мен ушул аракетимди жасамакмын. Мен өткөн залкарлардын баарын териштирип, салмактап көрдүм. Азыркы мезгилде биринчи иретте көтөрүүгө Токтогул гана татыктуу. Биринчиден, бул акын карапайым элден чыккан. Экинчиден, өмүр бою элдин муң-зарын ырдап, эл үчүн кызмат өтөгөн, үчүнчүдөн, бул киши улуу акын гана эмес, улуу композитор, улуу артист. Сиз көргөнүңүз жок, мен көрүп калдым. Ал кишинин мимикасы, кол ойнотушу укмуш болучу, ошондой ар кыл өнөрчүлүктү мен эч кимден көрө элекмин. Төртүнчүдөн, эң негизгиси Токтогул акын-демократ. Ал ошонусу үчүн Сибирге айдалып, ал жерден орус революционерлери менен жакындашып, чоң таасир алып келген киши, бекеринен алар жардам берип Сибирден качырды дейсизби. Ленинди, Совет бийлигин биринчи болуп ырдап чыккан дагы ушул Токтогул эмеспи.

Анан ушундай адамды көтөрүп, элге таанытып, анын мурастарын жыйнап, сактап калуу чоң иш экенин түшүнүшүбүз баарыга зарыл иш го? Эмне үчүн баарыбыз аракет жасап көмөктөш болбойбуз?!

– Ээ, Жоомарт, аның үчүн баарыбыз жогору туруп, алыс карашка жетишибиз керек. Азыр уруучулуктун тар көйнөгүн чечип, ыргыта албай жатпайбызбы. Өкмөт менен партия колдоп жаткан соң, ар кимдин майда, сасык сөздөрүнө көңүл бурбай ишти жүргүзө бериш керек. Чынында, Токтогул көтөрүүгө татыктуу, ал биз сыймыктана турган улуу адам, – деди Мукай. Жоомарт ордунан туруп, үстөлдү таяна калып: – Ошого тоскоолдук кылышкан,

ар түрлүү пикир түзүүгө аракеттенип жатышпайбы кай бирлер, – деди.

Мен чайдын камын көрүп жатып, бир топ сөздөрүн укпай да калып жаттым. Чайды алып келип куюп жаткан кезде Жоомарт дагы:

– Токтогул менен гана чектелбешибиз керек. Өткөн чоң акындардын мурастарын жыйнап, керектүүлөрүнүн баарын элге жеткириш керек. Тоголок Молдо, Жеңижок, Эшмамбет ж. б.

Ал эми Токтогул булардын бардыгынан өзгөчө орунда турат. Анын салмагы, орду, мааниси бөтөнчө. Мына ошондуктан биздин көңүлүбүз биринчи ага бурулуп жатат. Мына ушуну түшүнүшкө кеп деле нерсенин кереги жок го, – деп сүйлөп жатты.

– Ээ, Жоомарт, кызыксың! Аны түшүнбөй жатышат дейсиңби? Жөнөкөй гана ич тардык жана майдалык. Кеңирээк, алысыраак кароого жетише албай жатпайбызбы.

Мен Жоомарт атаган акындардан Токтогулдан башка, Тоголок Молдодон гана бир аз кабарым бар болучу. Бала кезимде атамдан көп уккам. Калгандары мен үчүн белгисиз эле. Жоомарттын жанакындай туталанып жатканынын негиздерин мен кийин өзүм, бир мезгилдери жазылган макалалардан окуп түшүндүм. Ал макалаларда Токтогулдун эң жакшы, ооздон-оозго өтүп ырдалып жүргөн ырларын алсак, «Гүлдөп ал» аттуу ырын бекерчиликке, жеңил-желпи турмушка чакырат дегендей пикир айтылса, ал эми «Өмүр» деген ырын көңүл чөгүү (пессимизмге) таянган. Бир чогулушта бул пикирдин туура эместигин айтам деп бир канча жылдары кысымда болуп, менин үстүмдөн жазылган тоголок каттар көбөйгөн.

Мына ушинтип мен аздап Жоомарттын адабий чөйрөсүнө аралашып, адабий маалыматтар ала баштадым. Жана дагы бир көңүл бура турган нерсе – ошол мезгилдери биздин жаш адабиятыбыздын өкүлдөрүндө: «Биздин аялдарыбыз жар гана эмес, эң жакын адабий кемөктөшүбүз жана жардамчыбыз болуулары зарыл. Андыктан алар биздин ишибиз менен кеңири тааныш болуп, адабий турмушубузда кошо кайнашы керек, биз аялдарыбызды тарбиялап, билим берип ошого жетишибиз керек» дегендей пикир күчтүү болучу. Муну өз ара сүйлөшүп калышканда көп айтышчу.

Бир жолу Жоомарт бир чогулуп отурган жерде: «Аялдарыңарды тарбиялагыла, окуткула, ушак сүйлөшкөндөн башканы билишпейт. Тентини аларга жолобо, ушакчы болосуң деп жатам. Тенти мединститутка кирди», – деп кай бир жолдошторун таарынтканы эсимде. Баягы токтоо, баарына ага, ата сыяктанган Мукеш: «Ай, Жоомарт, тарс эттирип эле өйдө-ылдыйды карабай айтып калмайың бар», – деди жылмайып.

Мына ошол жазуучулардын аялдарын тарбиялап, адабий казанга кошо кайнатуу максатында ошол мезгилде Жазуучулар союзунун пленумуна, съездине аялдары кошо чакырылчу. Ошол аялдары биринчи катарга тизилип отуруп алышып, ар бир курч айтылган сөздөргө шарактап күлүп отуруша турган. Ал кезде жазуучулардын пленуму курч өтүүчү. Бетке карамай жок, ачык, катуу сындашып, ой-пикирлерин ортого кеңири салышчу. Ага таарынышып кектешчү эмес.

Мен биринчи жолу пленумга катышууга бардым. Мукай аялы Бурулча жеңе менен Жоомарт төртөөбүз бир катар отурдук. Кимдир бирөө доклад жасап жатты.

Чынын айтыш керек, мен аны кунт коюп деле укканым жок. Бир убакта Мукай Жоомартты түртүп: «Айчүрөк жеңеңди карачы», – деди. Жоомарт артка карап алып бырс этип күлүп жиберди. Мен кылчайып карасам жазуучулардын биринин аялы жаагын таянып уктап калыптыр. Күлкүчү куураган жаным араң күлкүмдү тыйсам болобу. Мына ушинтип биринчи жолу жазуучулардын пленумуна катышкам. Кийин жазуучулардын аялдарын пленумга чакырбай калышты. Ишке тоскоол болушуп, шарактап күлүп отурушат экен деген сөз болгон имиш. Бирок Жоомарт мени болбой дагы бир жолу ээрчитип барды. Бул 1944-жыл июнь айлары болсо керек, ошондон бир ай чамасынан кийин Жоомарт кайтыш болду. Жоомарт катышып, өзү доклад жасаган акыркы пленуму болду. Мени болбой ээрчитип барышын эми ойлойм, биринчиден, ошол өзү доклад жасашы үчүнбү. Экинчиден, Жоомарт менден кандайдыр бир адабий шыктын учкундарын сезгенби, билбейм. Бир жолу ал иштеп отурган мезгилде союзга чакырып кетишти. Мен эмне жазып жатты экен дегендей карасам, грузин эл ырын которо баштап, бүтпөгөн экен. Отуруп мен аягына чейин которуп койдум. «Келди да, менин которуп койгонуму көрүп, кайталап окуп, мага карап калды да анан: «Сен котордуңбу?» – деди. Мен күлүп: «Бала уктап жатканда жөн эле эрмек эттим», – дедим.

Жоомарт менин жалтаң, ийменгендигимди сездиби:

– Жок, сен уялба! Жакшы которупсуң. Мен сенин атыңдан гезитке алпарып берейин, – деп барпаңдады.

Кой, жазуучулар шылдың кылат. Жоомарт өзү которуп, эми Тентинин атынан чыгарып гонорар ала баштады дейт. Анын үстүнө эмнеси жакшы, сен калп эле менин

көңүлүм үчүн айтып жатасың. Өзүң которгун, – дедим. Көп узабай бир күнү Тазабек Саманчин экөө келишти. Эшиктен киргенде эле адатынча Жоомарт бакылдап сүйлөп кирди:

– Бизге бир киши «кызыл топу» башкаруу керек. Ансыз болбойт. «Кызыл топу» дегеним – лидер. Башкача айтканда, адабиятыбыздын башында бирөө туруп, анын камын жеп, баарыбызга аталык, агалык камкордугун жасашы керек. Андай киши бизде азыр Аалыке, андан башка ылайыктуу киши жок. Биз ошол кишини туу кармашыбыз керек. Бул биздин адабиятыбыздын өнүгүшү үчүн зарыл, – деди. Саманчин күлүп:

– Аалы генийби, сен генийсиңби, аны турмуш көрсөтөт. Азыр экөөңдүн бириң лидер болушуң керек.

Сен жалжаңдаганыңды кой! Мен сени менен тамаша айтышып жаткан жерим жок. Бизге «кызыл топу», туу керек, ансыз болбойт, ал – Аалы. Сениңче Аалы ошондой болуп бере алабы?

– Алат, эгерде ал пейилин кенен салып, чындап кыргыз адабиятына жүрөгүн оорутуп, ар бирибиздин тагдырыбызга байланса.

– Антпесечи?

– Антишке акылуу! Ал акылдуу киши, муну түшүнүш керек.

Саманчин эми гана менин ушул сөзгө күбө болуп, кулак төшөп турганымды байкагандай:

– Кой, бул сөздү бүтүрөлү, кандай Тенти, бала-чака жакшыбы? – деди.

Жоомарт Тазабекке кайрылып:

– Сен Тентиден чочулабай эле кой. Билесиңби, мен сага айтсам, Тентинин литературный вкусу бар, адабият-

ты жакшы түшүнөт. Тентинин атасы сөзмөр, чечен киши да, – деди.

Мен муну айтайын дегеним, Жоомарттын мени адабиятка болгон түшүнүгүм жөнүндөгү туулган пикиринин натыйжасы болуп, кезектеги пленумга болбой ээрчитип барышы. Бул пленумда коюлган маселе: «Согуш жана кыргыз адабияты». Ушул мааниде болсо керек эле. Докладды Жоомарт жасады. Мен кунтумду коюп угуп отурдум. Кийинки эки жылдын ичинде жаратылган чыгармаларга толук токтолуп, талдоо жүргүзүп жатты. Жакшы жактарына токтолуу менен начар жактарын да баса белгиледи.

Эч кимдин жүзүнө карабай, Токомбаевди баш кылып, жазуучулардын чыгармаларынын көпчүлүгүн камтыгандай болду. Бирок жазуучулардын ирилеринин көбү согушта жүрүшкөн кези. Мукай, Жусуп, Темиркул, Ашуубаев, Жамгырчинов, Узакбай Абдукаимов, Эсенкожоев ж.б.

Жоомарт өзүнүн докладында Аалыкенин «Днепр терең деңизге куят» деген чыгармасын талдап жатып мындай деди: «Днепрден ашалы» – дейт. Сууну кечет, өтөт. Ашууну ашат. Бул кандай, сөз ордунда, так болуш керек. «Сен ушул жерге турсаң да тур, турбасаң да тур» – деп эле зордоп коё бериш болбойт. Дагы бир мисал келтирип: «Мен муну тушүнбөйм, муну кантип түшүнүүгө болот?» – деди. Анда залда отурган Аралбаев: «Сен өзүң деги поэзияны түшүнөсүңбү? – деп үн салды. Анда Жоомарт токтоосуз: «Түшүнбөсөм сен эртең кабинетиңе чакырып алып түшүндүр»–деди. Отурган элдер кыраан каткы күлүп калышты. «Жоомартка түшүндүрчү Аралбаев экен да» – дешип, өз ара сүйлөштү. Аралбаевди жолдоштору

тамашалап: «Карта кагаздагы Момундун балтасы» – деп коюшчу. Окшоштугунан айтышса керек. Ал ошо мезгилде жогорку мекеме жайынын биринде кызмат өтөчү, кийин «Мектеп» басмасында иштеп жүрдү белем. Ошол пленумда Самаганов Жээнбай чыгып Жоомарттын «Ажал менен ар-намыс» поэмасы жөнүндө өтө жылуу, жакшы пикирлер айтты: «Мен ошол пленумда Жоомарттын поэмасын талкаламакмын, ошондой тапшырма алган болчумун. Окуй элек элем, мага тапшырган адам бир экземплярын берди. Мен алып коюнга катып алып, «Ысык-Ата» курортуна кеттим. Пленумга бир айдан ашык убакыт бар эле. Барып алып окусам, жакшы поэма экен. Согуштан келгениме аз эле болгон. Ошол согуш күндөр жаңырып, көз алдыма кайра чубап, өтө толкундануу менен окудум. Анан кантип жамандайын, мактадым. Жамандоого абийирим барган жок. Бирок ошол күндөн тартып тигил насаатчымдын көзү мага бузулду». Мен ал ким экенин сурасам, айтпай койду. «Анын эми кажети жок. Өткөн иш», – деп. Самаганов тарабынан бул сөздүн чыкканы, ошол мезгилде Москвада кыргыз адабияты менен искусствосунун он күндүгү экинчи жолу өтүп, катышуучулар кайтып келишкен. Жоомарттын поэмасы өтө жогору бааланып, Горькийдин «Любовь и смерть» аттуу поэмасына салыштыра сөз болгон жөнүндө, менин кабинетимде (Жазуучулар союзунда) айтып калышты. Самаганов да отурган. Мына ошондон улам сөз болуп кетти. Бул сөздүн чын-жалганына Самагановдун абийири гана күбө эле.

Жоомарткийинкижылдарыөтөэлеөзгөчөтолгонупжүрдү. Биркүнүмурункужазылганколжазмаларынаңтарыпказыпотурдуда,бироокумдаордунансекириптуруп:

– Бир кезекте ыр деп эле тантыратып ар нерселерди жаза берген экенбиз. Ырды кандай жазышты мен эми араң түшүнүп жүрөм. Ар кимибиз өзүбүздүн дилибизди табышыбыз керек экен. Мына эми мени «Курманжан даткадан»[1] көрүп алышсын – деп, эшикке чыгып кетти. Мен зонтикти көтөрүп артынан чыктым, террасынын түркүгүнө жөлөнүп, терең ойлонуп турган экен.

Мурда деле ушул ойлор Жоомарттын жүрөгүндө болгон. Мисалы, «Ала-Тоонун аскасынан ашалык» деген ырында кийин мына ушул ойду көп айта турган болду. Мен эмес, кай бир жолдошторуна да мисалы, Түгөлбай, Саманчин, Алыкул ж.б. айтып калгандары эсимде. Чынында эле Жоомарт бул дүйнөгө эртерээк келип, эрте кетип калган экен. Эгерде биз 30 жылга кийин келип, эң жок дегенде 50 жашка чейин жашаса эмине. Табити укмуштай төкмө нукура таланты бүгүнкү күндүн адабият жана маданият деңгээли менен айкалышканда укмуш болбойт беле.

Күпүлдөп ырдап отуруп гана жазып койчу эле, кол жазмасын кайта көчүрүү болбочу, кайтарып окуганда анча-мынча сөз алмаштыруулар гана боло турган, ыйынып отурбачу. Ырдап отуруп жазгандыктанбы ырлары өзүнчө бир күүгө ылайыкталгандай болуп чыгуучу эле.

Бир күнү мен оозгу үйдө бала эмизип отургам. Жоомарт ички үйдө иштеп отурган. Тыңшап турсам кандайдыр бир өзүнчө обон менен ырдагандай жазып жатат.

1 «Курманжан датка» аттуу ыр менен роман жазганы даярданып жүргөн болучу. Көңүлүндө иштелип бүткөн эле. Отуруп гана жаза башташы калган. Жоомартта кагаз түрүндө план түзүү, долбоор жазуу деген болчу эмес. Көңүлүндө бүтүрүп туруп эле анан бир канча күндөрү отуруп ырды жазып койчу.

Жоомарт иштегенде тынчсыз эле, бат эле ордунан туруп оозгу үйгө, эшикке чыга калып ары-бери күңгүрөнүп, шартылдап басып, орто жерде балдарын эркелетип коюп, анан кайта отуруп иштечү. Мен ичимден: «Иштегенде да чакчелекей тынчы жок» – деп калаар элем. Адатынча чыга келди. Мен: – Эми сен ырыңа күү да чыгарып жатасыңбы – дедим. Мени жалт карап алып жылмайып: – Эмне экен? Эмне мени күү чыгара албайт дейсиңби? «Алтын кыздын» көп жерлерининин күүсүн өзүм чыгарып бергем. Ишенбесең Абдыластан сура. Мисалы, «Селкинчектин», анан «Көбүргөндүү көк жондун» деген жеринкин, Чынардын ариясынын обондору өзүмдүкү деп күлүңдөп койду. Жоомарттын үнү жок болучу, эч качан компанияларда же өзүнчө деле ырдачу эмес. Ал эми ыр жазганда күңгүрөнүп ырдап отуруп жазчу.

Мен башталып калган сөздүн, окуянын учун үзбөс үчүн алдыга чаба кетип калып жатам. Эмесе кайрадан ошол менин жазуучуларга аралаша баштаган күндөргө дагы бир аз көңүл буралы. Бир күнү бизди Кубанычбек конокко чакырып калды. Көрсө, мени отко киргизүү ниети окшоду. Ага чейин Мукемдикинде гана болгонбуз. Кубанычбек бизге кошуп жазуучулардын бир канчасын да чакырыптыр. Ушул отуруш мен үчүн жазуучулардын үй-бүлөчүлүктөгү кеңири катышуусу болду Москвадагыны эсепке албаганда. Москвада дегеним кыргыз адабият, искусствосунун он күндүгү өткөн мезгилинде күнүгө спектаклден чыккан соң ресторанга баарыбыз чогуубуз менен келип тамактануу шарт өңдүү болду. Жоомарт жөнүндө сөз болгондо ар качан ушул убакка чейин: «Аты да Жоомарт, өзү да Жоомарт эле», – деп калышат. Мен ошол биринчи мезгилдерден эле баштап Жоомарттын

марттыгына күбө болдум. Ресторанда отурганыбызда тамак ичип бүтүүнү күтпөстөн эле: «Тенти, бол тезирээк, төлө акчасын! Давайте расчет» – деп, шашмалактып мага төлөтөт. Мен ичимден эмне үчүн биз эле төлөй беребиз дегеним менен ачык айталбайм. Анткени Жоомартка али анчалык батынып кете элекмин жана келе элек жатып эле анын акчасына ээ өңдөнгөнүм болбойт го дедим. Деги мен Жоомарттан көп ийменээр элем. Ал өтө эле чоң кишидей сезилчү, айырмабыз он эле жаш болсо да. Мен турмуш курганга чейин ага: «Агай» – деп кайрылуумдан жазбадым. Ал гана эмес, турмуш кургандан кийин да алгачкы мезгилдери агай оозума кирип кетип, Жоомарттын ачуусу келе түшкөн учуру болгон.

Ушинтип Кубанычбектикинде коноктобуз. Бир мезгилде табакка эт келип коюлду. Кубанычбек табакты жасап, ашканадан жиберип ийип өзү келе элек болучу. Жоомарт ордунан тура калып эле устукандабай жиликтерди ар кимдин табагына бөлүп менин да, өзүнүн да табагына эт салып берди да:

– Жей бергиле, табакта эч нерсе калбасын, – деди.

Мукай:

– Ой, Жоомарт, дагы эмне чыгарган турасың, койсоңчу ойнуңду, – деди.

– Жок, Муке, тамаша да, тим койгула. – Жусукем да барбалактап: – Жөн койгула Жоомарттын оюна. Кубанычбек колуна бычагын кармаган боюнча кирип келип эле бош калган табакты көрүп, томсоро токтой калды. Унчуга албады беттери, ийиндери кыймылдап кетти. Жоомарт:

– Этиң аз экен, мен таратып берип койдум, мага да, Тентиге да устукан жетпей калды, – деди.

Отургандар күлүп жиберишти. Кубанычбек шарт бурулуп чыгып кетти. Кулсүн жеңе кобурай: «Ойнуңар жаман, байкуш Анисаны курутат»,– деп, Кубанычбектин артынан жөнөдү. Жоомарт күлгөн боюнча ашкананы көздөй кетти. Көрсө, Кубанычбек Анисага дагы кайра эт салдырмак болуп, жемелеп жаткан экен. Тамаша экенин түшүндүрүп, араң бас-бас болушту. Ушинтип бардыгы мен үчүн жаңы.

Дагы бир күнү Жоомарт:

– Кубанычбекти аялы менен конокко чакырдым. Этти көп салгын, Кукем экөөбүз нык тоёлу, – деди. Биз бир чоң ирик сойгонбуз, баарын салдым. Кубанычбек, Анисадан башка конок жок. Чоң чара менен бир этти чыгарып алып келип алдыларына койдук. Кубанычбек этти карап алып:

– Жоомарт! Сен мени Тентиге Кубанычбек соргок деп жамандаган окшойсуң. Бул этиңди жебейм. Мен ачка жүрүптүрмүнбү. Жалгыз мага эмне үчүн ушунча эт саласыңар, жебейм,– деп отуруп алса болобу. Жоомарт айласы кетип: «Дагы чакырылган кишилер бар эле, келбей калышты. Тентинин да опуту жок, канча эт салышты билбейт. Жаңы келсе», – деп жалынып жатып, таарынычын жазган. Деги ошол кездеги жазуучулар өтө катуу тамашалаша турган. Бирок ошого жараша тамашаны көтөрүшчү. Мен алардын сырын алгычакты таң кала берер элем. Булардын катуу тамашасынын бирисин айта кетейин. Согуш мезгили. Алымкул Үсөнбаев, Жоомарт, Жусуп, Алыкул төртөө Чолпон-Атага барып Совминдин дачасында турушуп, И. В. Сталиндин атына Кыргызстандын эмгекчилеринин атынан кат жазмай болуп кетишкен. Иштерин бүтүрүшүп, кайтып келе жа-

тып Тору-Айгыр кыштагына токтошот. Машинелери бир аз мандемденген го. Буларды тааныганбы же жөн эле сонуркаганбы эки-үч айыл адамдары келип жолдоруна туруп калышат.

Жоомарт менен Кубанычбек тигилер менен таанышышып, Токобаев Молдогазынын туугандары экенин билген соң, өзүлөрүнүн кимдер экенин айтышып, Молдогазы каза болуп, кабар келип кетип бара жатышкан болуп, тамашага салып кете беришет. Алыке Үсөнбаев аларды жемелейт, ушинтип да ойнойсуңарбы, – деп.

Жоомарт кечинде келди. Эртең менен тура электе эле телефон чалынды. Жоомарт алды да:

– Ошенттиби, келишиптирби? Сөктүбү, сени? – Жоомарт телефонду илээри менен дагы телефон чалынды.

Угуп туруп илип койду да, Кубанычбекке телефон чалды:

Мени да сөктү, аябай ачылуу, эмне кылабыз? Алыкени – Үсөнбаевди ортого салбасак болбойт, – деди. Экөө бир топко сүйлөштү. Жоомарт тынчсызданып калды, улам сыртка кирип чыгат. Дагы телефон чалынды. Жоомарт кылмыштуу күлүң этип: «Мокем бизди чакырып жатат, Тенти менен келип менин кара ашымдан жеп кеткиле», – деди. Кубанычбек экөө улам сүйлөшүп жатты.

Акыры бармай болдук. Жолдо Кубанычбек:

– Мокем бизди да иттей акмак кылат, же кечирет.

Жоомарт:

– Акмак кылса Тенти менен Анисаны кошуп чакырмак беле?

– Ким билет, деги бара көрөбүз. Алдыга Аниса менен Тенти кирсин, булардын артынан экөөбүз кирели,– деди Кубанычбек. Мокем Совет көчөсүндө, бешинчи мектептин

короосунда турушат экен. Андан соң бат эле биз турган Биринчи май кечөсүнө көчүп келишти. Айбанчадан киргенде эле бышып жаткан эттин жыты келди.

Кубанычбек: «Чын эле этке чакырган белем», – деп, купуңдап койду. Кирсек, Мокем жерге салынган төшөктүн үстүндө отурган экен. Аниса экөөбүздүн саламыбызга баш ийкеди. Жоомарт менен Кубанычбектин саламына жооп кайтарган жок. Кабагы өтө бүркөө. Бир оокум унчукпай отуруп калдык. Сөздү биринчи Мокем баштады:

– Жээриңер эле менин кара ашымбы? Жегиле эми. Эл-журтка бүлүк салып, муну эмне десе болот, – деди. Аниса экөөбүздөн жазгандыбы өтө катуу айталбады. Кубанычбек биринчи эле тизелеп отура калып:

– Моке! Эч деле жаман нерсе болгон жок. Сиздин өмүрүңүз узун болот экен. Азыр согуш мезгили, тамак-аш тартыш болуп турганда биздин этке тоюшубуз жаманбы.

Сизге деле зыян болбоду го, коридордо бир-эки кап ун туруп калыптыр. Бир-эки койдун эти келгендир. Бир топко үнөм да. – Мокем бырс этип күлүп:

Кудай ургандар, ушинтип да ойнойсуңарбы? Түндө туугандарыбыз өкүрүп келип түшүп калышса, жүрөгүбүз түшүп калды. Оюндун да чеги бар да. Качан бала кыялды таштайсыңар, уялсаңар боло, – деп бир аз жемеледи.

Мария жеңем кирип, жайдары мүнөзү менен:

– Кой, эми, Молдогазы. Тентек инилериңдин тамашасын кечир, тамакты алып келейин, тынч отуруп тамак жешсин. Тентинин да үйгө биринчи келиши, – деди.

Байкуш жеңем өзүнүн берекелүү, кеңири пейилине жараша этти салган экен. Эч нерсе болбогондой бажырандап сүйлөшүп конок болуп отуруп, үйгө кеч кайттык.

Мени таң калтырган нерсе, булардын өз ара жолдошчулук кыйышпас мамилелерин бирин бири түшүнүп, баалай билиши. Ошол кезде Мокем (Токобаев) чоң даражалуу жооптуу кызмат өтөп турган кези болучу. Жоомарт менен Кубанычбектен жашы да бир канча улуу. Ошого карабастан өз ара ушундай кең пейилдикте, жолдоштук түшүнүүлүктө же болбосо тентегирээк, эрке инилерине акылман агалыкта мамиле өтөшүнө мен өтө таң калуу менен ыраазы болдум.

Мокемдердин үйүндө чынында биринчи болушум. Бирок мурунку бир жылы булардын колунан бир айча даам татыганбыз.

Москвадан кайтып келген соң, ошол декадага (он күндүккө) катышкандардын бир тобуна Жети-Өгүз курортуна өкмөт тарабынан путевка берилип, барып калдык. Алардын ичинде бизден башка Жантөшев, Маликов, Осмонов, Жетикашкаев ж. б. бардыгы аялдары менен. Токобаев курорттун жанына өзү боз үй тиктирип, үй-бүлөсү менен келип эс алды. Ал киши турган үйгө тез-тез эле этке чакырылабыз. Жоомарт бир күнү мага айтты:

– Мокемдин эле этин жей беребизби. Мен Кубанычбекти биринчи түшүрөм, ал аябаган сараң аны түшүрбөсөм болбойт, – деди.

Мокемдикинде кезектеги отурушта Жоомарт айтып калды:

– Кубанычбек, сен бир семиз козу таап сойгун. Мен ошонун куйругун бүт жейм. Эгерде жеп кете албасам, анда мен козу союп берем. Эгер жеп кетсем сен дагы бир козу соёсуң, – деди.

Отургандар дуулдап колдоп кетишти. Кубанычбек макул болду. Мелдешкен күн келди. Кубанычбек куй-

ругу чоң козу таптырган экен. Баарыбыз Мокемдикине келдик. Эт чыгарылып алдыга келгенде, чоң табак толтура килтилдеген куйрукту алып келишип, Жоомарттын алдына коюшту. Отургандардын баарынын көзү Жоомартта. Жоомарт чоң бычакты алып, шашпастан: «Мен муну үч бөлүп гана сугунуп коём», – деп үчкө бөлө тилди. Анан күлүп Кубанычбекке карап:

– Кубанычбек! Экинчи козуну эртеңден калбай союшуң керек, ошого макулсуңбу? – деди. Кубанычбек:

– Жечи! Деги жечи! Козу табылат, – деди.

Жоомарт күлдү да:

– Мен жеңилдим. Козуну мен эле союп берейин, – деп үч бөлунгөн куйрукту алып үч табакка салды.

Отургандар кыраан каткы күлүп калышты. Куйрукту бышырган киши чыйпылдап жиберди:

– О, айланайын, Жоомарт! Эмгегим өтүп кетти эле, сиңиртелдүү болсун үчүн шиш менен отуруп бышырдым эле. Жок дегенде бир кесип ооз тийчи, – деп.

Жоомарт бир кесип оозуна салды. Биз дагы бир козу таап сойдук. Кубанычбек менен Жоомарт катуу тамашалашчу. Бири-бирин чымчылашпай отура алышчу эмес. Кубанычбек сөзгө чапчаңыраак, сөзгө конок бербей үстөмдүк кылып кетет. Жоомарт: «Кубанычбек, сен сөз жебей эле тажалай бергениң жаман. Сөз жесең боло!» – деп калчу. Бирок адабиятка тиешелүү, болбосо адабият искусствосунун ишмерлери жөнүндө сөз болгондо экөөнүн ортосунда келишпөөчүлүктөй ой эч сезилбөчү. Биринин оюн бири жактап, толуктагансып тургандарын көп байкадым. Бир жолу Жоомарт эмне себептен айтып калды азыр эсимде жок, мындай деген эле: «Кубанычбек адам, ал адилет сөзүнөн кайтпайт» – деп.

Ошол Жети-Өгүздө эс алып жүргөн күндөрдүн биринде тоого чыктык. Биз менен бирге чыккандар алдыга кетишти. Биз үчөөбүз кырда отуруп калдык. Ысык-Көл даана көрүнүп турду. Укмуштуудай сулуулукта мелмилдеп турган белем.

Искусство залкарларынын ичинен биринчи жолу Шаршен Термечиковдун үйүндө болдум. Кыргыз көчөсүндө бир катар жапыз там үйдө турчу. Чакырган коногу Жоомарт экөөбүз жана Жумамүдүн Шералиев. Бир бөлмө үйүнүн ортосунда коюлган казан меш. Казанга толтура эт салынган, семиз тайдын эти экен. Шакем этти өзү оодарып, сапырып бышырып жатып, аялына кобурады:

– Кечээ жанагы кудай урган жүз граммды ичпейин десем болбой, балакетиңди алайын Мукашбайдын атасы (Мукаш Абдраев – атактуу кыргыз композитору булардын уулу) ичип алчы кабагың ачылып, кубаттанып каласың» – дейт. Ошол жүз граммды сокkондон кийин жолборс болуп дүнүйөгө батпай, кең пейилденип барып Жоомартты чакырып алып, мына эми бир жума жей турган этти бир эле жолу салып алыптырбыз, – деп.

Мен Шакемди театрдын сахнасында гана көргөм. Сахнага атайын куудулданганы чыгат түшүнүктө болсом керек, ал эми мындай өз ара турмушта да куудулдугун жасашы бир алды мага жетпеди. Сестейиңки Жоомартка карасам боорун тытып тоголонуп күлүп жатат. Жумамүдүн андан бетер. Ошондо гана мага жетти. Шакемдин үйүнөн кеткенче боорубуз эзилип бүттү. Ал киши көбүнчө куудул сөздөрүн өзүнүн аялынын айланасында түзөт экен. Мен жеңемди карайм таарынар бекен деген кыязымда. Кайран жеңем жылмайып гана момуроодо. Көрсө, жубайынын улуу чыгармасын терең түшүнүп,

бийик баалаган көмөктөшү тура. Ошол жеңеме байланыштуу айтылгандардын бирисине токтоло кетейин. Шакем минтип баштады:

– Жоомарт, жеңең: «Мен сенин казаныңды кайтарып эле отура бермек белем. Мен дагы иштейм, өз нанымды өзүм табам», – деп эле ээленип кетти. Бир күнү кудуңдап, ишке орношконун айтып келди. Эмне ишке орношконун айтпай жатып оозун толтуруп театрда деп койду. Деги көрөйүнчү, чоң кызматкер болуп калбасын деп барып сурап кирмекчи болсом, уруксатсыз киргизбеди, уруксатты директордон ала турганымды билип, бир жүрөгүм дүкүлдөп кубангандан кара терге түшүп, «өкмөт үйүнө уруксат менен киргизчү эле. Менин аялым да даражалуу мекемеге орношкон тура» – деп, уруксат менен кирип, кайда отурарын сурасам экинчи кабатты көрсөттү. Андан бетер жүрөгүм элөөрүй түштү. Өкмөттүн чоңдору экинчи кабатта отурушчу эмес беле. Бул менин аялым жетээр жерине жеткен тура деп, тепкичтен мүдүрүлүп, көрсөткөн бөлмөгө акактай кирсем… Кайсыны айтайын… Байкушум, чапанын желбегей жамынып гана Айчүрөктүн чүйрүйгөн чокойлорун кайтарып отуруптур!
– Баарыбыз күлдүк, жеңем өзү да күлөт. Көрсө, жеңем театрда спектаклдерге кийилчү кийим-кече (костюмерный) складды тейлейт тура. Ушинтип жоктон жомокту чыгарып, анан моокум кандырып улуу куудулдун үйүндө бир кеч жыргаганбыз. Бул мен үчүн унутулгус күн эле.

Мына ушинтип, мен адабият менен искусствонун залкарларынын чөйрөсүнө жаңы гана жанашып, көп деле батына элек кезимде күтпөгөн жерден согуш чыкты. Биз анда Жоомарт экөөбүз балдар менен Тоңдун жайлоосунда, атамдыкында элек.

Чоң шашке чен болсо керек, үйдөн обочороок дөңдө айыл-ападагылардын бир тобу сүйлөшүп отурган. Төмөнтөдөн шашылгандай түрдө бир атчан чыкты. Кимдир бирөө: «Капырай, береги неменин түрү жакшы көрүнбөйт го. Эмнеге мынча шашмалагандай» – деди. Баарыбыз сестейиңки карап калдык. Кай бир күндөрү шашкан түрдө адамдар келип-кетип эле туруучу, эмнегедир бул адам көзгө башкача көрүнүп, ар кимдин жүрөгүнө кандайдыр бир ыңгайсыз сезим келтирди. Атчан да жете келип, атынан ыргып түшүп, салам айтып аксакалдарга кол берип отура кетти.

Атам, мынча ат тердетип шашылган кыязда жүрүп калыпсың? Эл-журтта тынчтыкпы? – Келген адам бир алды мукактана тушүп, жаман кабарды адам оңой-олтоң эле айта салбайт эмеспи:

– Тынчтык болбой калган өңдөндү. Герман бизге кол салып, согуш чыкты, кабар келди.

– Эмне дейт!

Отургандардын баарынын оозунан чыккан өңдөндү. Суук кабар отургандарды көпкө тунжуратты:

Биздин өлкө күчтүү. Германияңды бат эле талкалап коёт, – деди бирөө.

Биздин өлкө күчтүү, ошентсе да жакшылыкка алпарбас. – Дагы бирөө күрсүндү. Ар ким өзүнүн оюн айткан болуп жатышты. Жоомарт ордунан тура калып:

– Германия оңой жоо эмес. Жеңерин жеңебиз, ага шек жок. Бирок жеңиш оңой менен келбейт. Мен жөнөшүм керек! Ата, атыңызды токуп бериңиз? Жүр, Тенти камынайын, – деп үйгө бастык. Мен кош бойлуумун. Үч айдан кийин Сыргатай төрөлдү.

Жоомарт жөнөөрдүн алдында:

– Тенти, чамам келсе, келип силерди алып кетем, келбей калсам, өзүң эптеп үйгө барарсың. Согушка кетип калышым ыктымал, ким билет, – деди.

Жоомарт аттанып, жөнөп кеткенде узатып турган биздин баарыбызга согуштун каардуу эпкини көңүлгө тийип, жүрөккө жете суук үрөйү көзгө илгендей болду белем.

Үнсүз аркасынан томсоро карадык. Жоомарттын карааны үзүлгүчө эч ким ордунан козголбоду... «Мына ушул азыркы Жоомарт өңдөнүп эле эр-азаматтардын баары биринин артынан бири каардуу согушту көздөй жөнөп кете беришеби» дегендей ой жүрөктү ээледи белем. Эзелкиден бери ата-бабалары жоокерчиликте тынчсыз өмүр сүрүп, нечен кызыл-кыргынды башынан өткөрүп, жоодон жүрөгү калган элге бир гана «Согуш» деген сөз көптү айтат го.

Ушул күндөн тартып адамдардын маанайы басыңкы, көңүлдөрү суз, жүрөксүнүшкөн кыяз пайда болуп, ачык көрүнуп турду. Айлана да адамдардын көңүлүнө коштолуп томсоруңку тартты.

Менин эси-дартым Жоомартта болду. «Жоомарт ушул кетиши менен эле согушка жөнөп, бизге кайра көрүнбөй калабы» деген ой башыма сыйбады. Күнүгө жол карайм, кабар күтөм...

Күтүү өзү кандай! Ал эми белгисиздикте, тынчсыздыкта күтүү андан кыйын го!

Бир күнү атам жакага кетти. Максаты согуш жөнүндө ачыгыраак бир нерсе билип келүүгө, көбүнчө Жоомарттан кат-кабар болуп калабы деген ой эле. Бирок атам Жоомарттан эч кабарсыз келди. Согуштан бир аз кабар угуптур. Он сегиз жаштан өйдөкү эр-азаматтардын баары эсепке алынып, алды армияга жөнөтүлүүгө даярданып

жатканын айтып келди. Атам чөгүңкү кайтты.

Мен атама үйгө (Фрунзеге) кете беришимди кеңеш эттим. Атам Жоомарт кабарсыз кетпесин, андан кабар болгуча тура турушумду туура тапты.

Жоомарттын кеткенине 10–15 чакты күн болуп калган. Адатымча дөңчөдө жол карап отурган элем. Кечки кой саалып жаткан. Төмөндөн шайдоот чыккан караан көрүндү. Караан эмнегедир көзүмө жылуу учурап, жүрөгүм ойной түштү белем. Чыккан караан канчалык шашкан мүнөздөнгөнү менен мага ордунан жылбагансыйт. Кантип жылбасын, өңгө-түшкө окшоп Жоомарт келип калды. Энем ыйлап жалынып-жалбарып, суу тегеретип чачып жатты...

Кубаныч биздин үй-бүлөнү гана эмес, бүт айылды бөлөй калды. Канча күндөн берки үрөйү учуп турган адамдардын суз кабактары жаркырап ачыла түштү. Согуш токтоп, Жоомарт кайтып, жакшы кабар алып келгендей сезим жүрөктөргө келди белем. Аялдар саап жаткан койлорун таштaшып, айылдаштардын баары биздин үйдүн жанына чогулуп калышты. Жоомарт уккан-билгендерин аларга толук баяндап берди... Көп узабай Фрунзеге жол тарттык. Мына ошол мезгилди чагылыштырып, ошол күндөрү Жоомарттын белгилүү «Көл үстүндө» аттуу ыры жаралды. Бул ырды кыска көлөмдө поэма катары караса да болот. Ал ыры мындайча башталган эле:

I

Ай жарык, нурга батып турган асман...
Ак мөңгү күлүмсүрөйт алыс жактан.
Салкындап уктабастан ойго батып,
Сапарда көл үстүндө мен келаткам.
Көңүлүн адамзаттын көккө сүрөп,

Көйкөлүп көл козголуп турду чалкып.
Кагылып тууган элим, тууган көлүм,
Кайрылып келип кеттим тузуң татып!..
Толкунуң тоо чочутуп, жардан ашып,
Тососуң кучак жайып көксөп келсем!..
Асмандын жылдыз айын талашкандай,
Аркайган күнгөй-тескей тооң кандай!..
Далай эр бизден мурун өткөн тура,
Дайрадай душман канын төккөн тура,
Балдарың арстан жүрөк кыраан чыккан
Башынан сен Ысык-Көл шумкар уя…
Элиң бар элкен желдей күн өткөргөн,
Эзелден эркин төрдө өмүр сүрүп,
Эсирип каптап кирген кара жоого
Эч качан жалбарбаган тизе бүгүп…

II

Ай батты ашып тоодон келбечүдөй,
Ашынды азоо толкуп, тилге кирбей.
Пароход чайпап, термеп келе жатты
Баягы байкуш энем бешигиндей…

Биз Фрунзеге келгенде баягы мен жазда Тоңго кетип жаткан мезгилдеги жашыл бак-дарактын көлөкөсүндө көйкөлө тартып бейпил, энөө, жай жаткан шаар, эми көзгө башкача учурады. Көчөлөрдө шашкалаң мүнөз, сумсайыңкы адамдар, эмнегедир шаар суз, комсоо көрүндү. Биз турган Дзержин көчөсү өйдө вокзалды көздөй тизилип, шартылдай басып бараткан эр-азаматтар. Аларды көргөн Жоомарт, «Мен силерди үйгө киргизип коюп, Аскер комиссариатына барып келейин, мени да издеп жатышпасын», – деди.

Аскер комиссариаттан: «Чакырык кагаз келмейинче жайыңызда иштей бериңиз», – дейт.

Атам санаасы чыдабай бир бээсин минип алып келип калды. Ал бээни бизге союп бермекчи экен: «Жоомарт аскерге кетип калса бала-чакасына үнөм болоор жана ал кеткенче ооз тийип калсын» деген ой менен. Ал бээни Мукай Элебаевдин отун сактаган сарайынын ичинде сойдук. Үч эркектин үчөөнүн тең эби жок. Негизинен, байкуш энем эптеди. Жоомарт: «Тентибай, атам жакшы кылбадыбы. Эми жазуучулардын баарын эки-үч бөлүп чакырып коноктойлу. Заман минтип калды. Кимибиз калып, кимибиз кетебиз. Кимибиз кайра келип, кимибиз келбейбиз, болжоо кыйын. Азыр мен үйдө турган кезде колумдан даам берип алайын», – деди. Мен макул болдум. Атам да кубаттады. Атам 3–4 күндөн кийин кетти. Атамды жөнөтүп коюп, бир аз камынып, конокторду чакыра баштамай болдук. Биринчи топ конокторду чакырып, экинчисине камынып жаткан күндөрдүн биринде Жоомартка чакыруу кагаз келди. Даярдыкка бир гана күн мөөнөт берип, экинчи күн Ферганадагы комсоставды даярдоочу мектепке Жоомарт жаңы кийимдерин кийип жөнөп кетти. Аны Мукай, Бурулча жеңе, мен үчөөбүз гана узаттык. Кулубек эки жашта, көтөрүп чыкканбыз. Жоомарт поезддин вагонунун эшигинде турат. Кулубек колун сунуп ыйлап жатты, ал паровоз жөнөөргө жакын гудок берген сайын чыңыра бакырат. Жоомарт өңү бузулуп, көзүнө жаш келип аны карайт. Поезд жөнөп кетти. Мен ыйлоодомун. Мукай бир топко үнсүз Кулубекти көтөрүп келе жатты да: «Ушинтип артыңдан балаң ээрчип ыйлап калган да жакшы тура», – деп койду. Бурулча жеңем экөөбүз үндөбөдүк. Эмне айтасың... Жоомарт үч ай ча-

масында «старший политрук» деген наам алып, окууну бүтүп кыргыз согуш комиссариатынын карамагына келди. Бул 1942-жылдын жаз айлары болучу.

Мукай менен Жусуп да Фрунзедеги пехоталык окуу жайында окуп жатышкан. Жоомарт аларга барып жолугуп, Жусукеге кубанып келди: «Тенти, билесиңби, баягы Жусуп жок, кадимки эле келишкен, тыкан жигит болуп калыптыр.

Мен чакыртсам келип окуу жайынын дубалынан секирип кетти», – деп.

Жоомарттын Жусукенин мындай зыңкыйган жигит болуп калышына кубанычынын негизи мында болучу. Баарыга белгилүү залкар акын Жусуке кийинки жылдары ичкилик «оорусуна» дуушар болуп, чыгармачылыгы аксап, өзүн таштап жиберген эле. Анын мындай акыбалга келгендиги ак ниет жакын жолдошторуу өтө кейиште болучу. Биздин үйдө Жоомарт, Мукай бир канча жолу ичкиликти койдуруу аракетинде сүйлөшкөн учурлары болду. Жусукем уккусу келбей: «Арагыңарды аяп жатсаңар үйүңөргө келбей эле койдум», – деп булкулдап кетип калган күндөрү да болду. Бир күнү Жоомарт өтө кабарыңкы келип кейиди: «Жусукем ушундай акыбалга жетмек беле! Кимдин оюнда бар эле ушу киши ушундай болот деген! Азыр келе жатсам Жусуп алдымдан чыкты, ушул жаанда көйнөкчөн, жылаңаяк жанагы Дзержинскийдеги будканы көздөй дикилдеп жүгүрүп келе жатыптыр. «Жоомарт, тамак алып бербесең курсагым ач» – деди. Алып берип: «Тезирээк үйгө кетиңиз, эми эч жакка чыкпаңыз», – деп, үйүнө киргизип койдум. – Ушинтип капаланды. Кеч күз болуп калгандай мезгил эле. Эртеси эртең менен менден акча алып кетти. Гүлсүн жеңе ошондо басмада иштечү.

Жоомарт Гүлсүндү чакырып алып, колуна акча берип Жусукеге кийим сатып берүүсүн суранат. Гүлсүн жеңе эртеси базарга барып, телогрейка, ботинка сатып алып берген экен, бир аз күндөн кийин Жоомарт экөөбүзгө Жусукем жолугуп калды да: «Жоомарт, ыракмат, мына Гүлсүн сенин акчаңа кийим сатып берди. Кийин гонорар алып калсам акчаңды берем», – деп койду. Жоомарт: «Ой, Жусуке, ошо да кеппи. Менде болсо сиздики, сизде болсо меники. Анын эмнеси бар», – деди. Мына ушундан кийин жарым жыл чамасында Улуу Ата Мекендик согуш башталды. Бир күнү Жоомарт Жусуптун зыңкыйган жигит болуп калганына кубанганын, аскер тартибине көнгөнүн айтып, анан мага: «Согушка жибербей алып калышса жакшы болоор эле. Согуштан аман кайтса жакшы, кайтпай калышы да мүмкүн. Жусуп кыргызга ар күнү эле туула бербейт да. Бирок бул согуш кимди аяйт, баарыбыз кетебиз да. Баарыбыздан Мукайга кыйын, бул бечара эч нерсеге эби жок, калем кармоо үчүн гана жаралган киши, кантип мылтык кармап согушаарын билбейт. Адам баласынын башына келсе баарын көтөрөт, баарын жасайт» – деп ойлуу муңайды. Бир аздан кийин Аалыга: «Мүмкүн болсо Мукайды эптеп бошотуп калсаңар жакшы болоор эле. Баарыбыздын аксакалыбыз, өзү да энөө киши, биз – жаштар баарыбыз баралы, элди-жерди коргойлу десем: «Кимди алып, кимди коюшту военкомат өзү билет да, элдин баары кетип жатса алып калабыз деш кандай болот? – деди. Анын антип айтаарын билгем. Молдогазыга да айттым, ал: «Көрөбүз го иштин жайын, азырынча билбейм»,– деди.

– Балким, Аалыке аракет жасаар – дедим. Жоомарт Токмок шаарында түзүлгөн дивизияда бир канча ай

кызмат өтөдү. Бир күнү үйгө келди. Дивизия май-данды көздөй жөнөтүлүп Жоомарт Ташкентке – Орто азиялык аскерлер комиссариатынын карамагына дайындалуу буйругун алууга жиберилет. Үйгө бир түнөп, эртеси Ташкентке жөнөп кетти. Ташкенттен дайындоо буйругун алып, туура согушка кетээрин айтты. Жоомарт Ташкентте бир ай чамасы УРККдан (Москвадан) дайындалуу буйругун күттү. Биз менен телефон аркылуу сүйлөшүп турат. Ар жолу: «Эртең-бүгүн дайындоо буйрук келип калышы мүмкүн.

Балким, телефон чалууга мүмкүнчүлүгүм келбей кетип калышым ыктымал. Кетип калсам аман болгула, балдарды жүдөтпө, бекем бол, байкушум. Жеткен жеримден кат жазам», – дей турган.

Он чакты күнчө Жоомарт жоопсуз болду. Согушка жөнөп кеткен белем. Качан кат келээр экен деген ойдо санааркоодомун.

Бир түнү балдарды уктатып коюп, ыйлап отуруп уктап кеткен экемин. Эшикти бирөө катуу тарсылдатып каккылагандан чочуп ойгонуп кеттим. Жоомарт келет ойдо жок. Бир алды ким экенин түшүнбөй коркуп кеттим. Апкаарып, үн чыгаралбадым. Анан эшиктен: «Тенти, Тентибай! Мен. Ач!» деген Жоомарттын үнүн угуп, кандай эшиктин алдына жеткенимди билбейм. Эшикти ачып, Жоомартты көрүп, кучактаган экенмин!.. Мындай кезигишүүнүн эмне экенин, башынан гана өткөргөн адам сезет. Өлүмгө кетти деген кишиң күтпөгөн жерден үйүңө келип турса кандай болот!.. Москвадан дайындоо буйруктун ордуна аскер кызматынан бошотулуп бронь келиптир. Көрсө, Москвага жиберилген Жоомарттын делосунан анын акын экендиги билинген соң жалпы союз-

дук Жазуучулар союзуна кайрылышат, алар Жоомартты бронь берип калтыруу зарылдыгын билдиришет. Кийин СССР Жазуучулар союзунун Орто Азия боюнча адабий консультанты Фаизова мага Жоомарт дүйнөдөн кайтып кеткенден кийин Фрунзеге бир келишинде айткан: «Бир күнү Фадеев мени чакырды. Барсам, ал «Киргизский поэт Боконбаев Жоомарт подлежит бронированию? Как вы думаете? Из УРККа звонили» – деди. Мен айттым: «Конечно, болыпой поэт и драматург, живой классик киргизской литературы». Александр Александрович менин көзүмчө телефон чалып, Жоомартка бронь керектигин айткан. Анан ал мага, дагы кимдерге бронь керек, кыргыз жазуучуларынын спискесин түзүп берүүнү тапшырды.

Элебаев, Турусбеков, Үмөталиев ж. б. бронь кечи-гип калды, алар согушка жөнөп кетишкен экен. Кайда экени белгисиз болуп табылбай калды. Ошентип Жоомарт «Советтик Кыргызстан», азыркы «Ала-Тоо» журналынын редактору болуп иштеп калды.

Согуштун каары бардык жактан аябай кыса баштады. Эртеңкини көп ойлобой энөө, бапыраң жашаган эл тамак-аш, кийим-кече, отун-суунун запкысын бат эле жыл айланбай тартып калышты. Каатчылык ар бир үйдүн эшигин каккылоодо.

Кай бирлердин эшигинен кирип, төрүнө аттоодо.

Алыкул Осмонов балтыр бешик кызынан ажыраганы аз келгенсип, жары менен оту күйүшпөй, жалгыз илдет менен аякташ болуп отуруп калган кези. Жоомарт адатынча карбаластап, шашмалуу келип:

– Тентибай, электр плитаңды Алыкулга берели. Байкуш чай кайнатып ичалбай калыптыр, – деди.

Мен кантем, улам эле печка жагып отуруш кыйын да, жаш балдарым болсо кашаны эмнеге жасайм. Примуска керосин табылбаса. – Ушинтип ыйлактап жибердим.

Жоомарт эмне кылаарын билбей токтоло калып:

– Кой, Тентибай, бизге эч нерсе эмес. Өзүм отун жарып, от жагып берип турам. Алыкул байкуш учук оорулуу жана жалгыз, – деди.

Мен кыйылып туруп, алып барып беришине макул болдум. Жоомарт сүйүнүп алып кетти.

Тамак-ашка карточка болуп, элдер ар түрлүү магазиндерге бекитилип азык-түлүк ала баштаганбыз. Биз Совет көчөсүндөгү 33-дүкөнгө бекитилдик.

Бир айга 7–8 килодой эт тиет. Бир күнү Жоомарт айтты:

– Тентибай, кедейдин бир тойгону – байыганы, ушул этиңдин баарын салгын. Алыкул, Өмүркул, Түгөлбайларды чакырып даам берели. Ошол бечаралар эт көрбөй отуруп калган өңдүү,– деди.

Баягы бир айлык норманы бүт салып, аларды чакырдык. Тууралган эт желип аяктап калган кезде эле Алыкул бошогон табагын, кашыгын алып бөлмөдөн чыгып кетти. Бир аздан соң мен артынан ашканага кирсем плитанын үстүндө кайнап турган чайнектеги сууну алып кашык, табагын чайкап жатыптыр. Мен чочуп кетип:

– Алыкул, коюңузчу! Мен өзүм эле жууйм! – деп шашып калдым.

– Жок, мен өзүм жакшылап жууп койдум. Жаш балдарыңар бар эмеспи, – деп үстөлгө кашык, табакты коюп чыгып кетти.

Мага бул кылыгы жүрөгүмө сайыла түштү. Аны өтө аяп, көңүлүм бузулуп турсам, Жоомарт кирип келди.

Мен ага айттым. Жоомарт: «Ошенттиби? Алда байкуш ай! – деп кейип кетти. Аркасынан кирдим.

Жоомарт Алыкулга жылмая карап:

– Алыкул ой... өтө эле аристократсың ээ, баарыбыздан аристократ сенсиң, – деп койду. Алыкул жылмайып унчуккан жок. Отургандар бака-шака болуп жатышып бул сөздү элес алышкан жок. Бирок бул окуя Жоомарт экөөбүздүн тең көңүлүбүзгө орноду белем. Көп узабай Алыкул баягы биз берген электр плитаны кайра алып келип:

– Мен дагы ушундай плита сатып алдым. Силерге деле керек, жаш балдарыңар болсо деген эле.

Бирок кийин электр плитаны да пайдаланууга тыюу салынды. Ал эмес, чанда бир гана бөлмөлөрдө атайын уруксат менен электр лампасын жагууга мүмкүнчүлүк болуп калды. «Алыкул байкуштун да чырагын кесип кетиптир, араң уруксат алып бердим», – деп да бир жолу Жоомарттын айтканы эсимде. Бизге электричествону калтырган. Биздин ашканабызда Ленинграддан эвакуацияланып келген бир санитарлык врач аял уулу менен турат. Аларга боор ачып чырагын кестиртпей койгонбуз. Жоомарт көп убак кечинде эле иштемекчи болуп отурганда жалп этип чырак өчөт. Ал туталанып, капаланып иштебей калат. Ал кошунабыз ашканаларды тейлейт, тың турат. Көрсө, тааныш монтерлорду пайдаланып жоон спираль койдурган чоң электр плита жасатып алып, лампанын патрону аркалуу пайдаланат экен. Ал күчтүү плитага туруштук бере албай эски провод, же лампа, же пробка күйүп кетет тура. Минтип булардын азабын да аябай тарттык. Кокусунан мен көрүп калып айттым. Убада берип алып эле болбой пайдалана бере турган, бирок сээлдеп калды.

Турмуштун кысымынан чыккан бир окуяга токтолгум келет. Самын маселеси өтө каат, айрыкча жаш балалуу кишиге самын кааты кыйын да. Сөксөөлдүн күлүн чылап коюп, суусуна кир жууйбуз. Сөксөөлгө жетүү да кыйын. Жоомарт иштеген жериндеги аялдардан угуп келгенби бир күнү: «Тентибай, редакциялардагы иштеген аялдар айтышты. Базарда нанды самынга алмашууга болот имиш. Мен нан жебей эле койдум. Менин нормамды жыйнап туруп 1–2 бөлкө алып барып, самынга алмашып алгын. Бир бөлкөгө бир тоголок самын берет имиш», – деди.

Жоомарттын тили менен эки бөлкөнү көрсөтө, тор баштыкка салып, базарга бардым. Муунум калтырайт. Тез эле алмашып кетүү оюмда. Кире бергенде эле бир шыпылдаган кара чач, кара көз аял келип:

– Самынга алмашпайсыңбы? – деди.

– Ооба – десем деле шаштыра баштады.

– Бол, эрте болгун.

Шашыла алып бердим. Сумкасына салып алып эле жөнөй берди. Мен шашып:

– А самынчы, самынды бербейсизби? – дедим артынан ээрчий.

Тигил аял кайрылып туруп эле кыйкыра баштады.

– Какой тебе мыло! Спекулянтка! Я сейчас милицию позову. Ах ты, спекулянтка! – деди. Бүткүл дүйнө мени карагандай туюлуп, жер астын-үстүн болуп кетти. Базардан кандай бурулуп чыкканымды билбейм. Ыйлаган боюнча үйгө карай жөнөдүм. Тигил аялдын үнү кулагымдан кетпей ээрчип келүүдө.

Үйгө учуп жеттимби, билбейм. Келип, ызам ичиме батпай өксүп ыйлаганга кирдим. Телефон шыңгырады, алсам Жоомарт:

– Тенти, сен үйдөсүңбү? Базарга бардың беле?–деди.

Мен өпкөм өпкөмө батпай:

– Ооба, нанымды бир аял тартып кетти. Кыйкырып, шермендемди чыгарды, – дедим.

– Ыйлаба, азыр келем, – деп, трубканы койду.

Анан байкушум учуп жетти окшоду, демейде шамдагай жүргөн кургур, бир заматта келип калды. Мен болгон окуяны айттым.

– Сени кыргыздын аялдарынан ким көрдү эле? –деди.

Мен эч кимди көрбөгөнүмдү айттым. Менин көзүмө бирөө көрүнгөндөй болуптурбу!.. Жоомарт мени кучактап:

– Байкушум, ай!.. Оңбогон гана согуш ай!.. – Эркелетип сооротууга аракеттенди. Өзү да көзүнүн жашын сүрттү. Анан: – Ыйлаба, сага самын таап берем, – деди.

Мен бир аз соолуккан соң Жоомарттын кайдан билгенин сурадым. Ал мындайча айтты: «Бир кыргыз аял телефон чалып: «Аялыңды нан сатып жүргөн жеринен милиция кармап кетти, барып куткарып ал!» – деп, илип койду. Эмне экенимди билбей калсам болобу! Атаңдын оозун урайын! Ким экенин билсем, мени атып жиберсе да оозун талкалаар элем. Атып да салат болчумун, – деп дайынсыз аялды сөктү.

– Ким экенин билсем! – деп, кыжырланды. Бирок билбей кетти. Мен кийин Жоомарттын көзү өткөн соң гана кимдер экенин билдим. Ошол күнү «Кыргызмамбаста» иштеген бир аял, экинчиси редакциялардын биринде иштейт экөө базарда жүрүшкөн экен. Менин окуяма күбө болушуптур. Келип эле алар менен бирге иштеген эстүү, токтоо аялга айтышат. Жоомартка телефон чалмай болушат. Берки аял тыймакчы болсо болушпайт.

Жоомарттын жүрөгүн түшүрүп, жинине тийип, Тентисин бир токмоктотолу! – дешип, жанагы Жоомарт айткандай телефон чалышат. Андан соң: «Жөн эле Жоомарттын оозуна сөз кирбей калды. Эси оой түштү белем! Эми барып, Тентисин сабайт! Ха, ха, ха?!» Боорлору катып күлүшөт. Ушуга күбө болуп, мага кийин айтып берген аял али да бар. Тигил экөө да бар. Мен муну укканда өзүмчө таң калдым. Ушул эки аялга менин эч зыяным тийбеген. Жолубуз деле кайчылашпаган. Ал гана эмес, беттешип-наардашып сүйлөшкөн адамдар деле эмес элек. Мынчалык неге кезеништи?! Эмне үчүн адамдар мынча заар келишет? Жоомарттын канын бузгандай, ал буларга не жасаптыр? Анын жанын кейиткенден не пайда табышты? Ушул суроолорго жооп да табалбадым, ал ойлордун түбүнө жете албадым. Ошол аялдарды көргөн сайын жанагыдай суроолор, ойлор кайра келет… Бул сезим ошол мезгилдерде болгон. Андан бери көп жылдар өттү. Эми алардын ал жоругу мага кандайдыр бир шайкелең жаштыктын гана тентек кыялынын учкуну сыяктуу сезилет. Бирок эмнегедир кезек-кезек кылт этип ойго түшөт… Жоомарт убадасы боюнча бир күнү Смар Шимеев экөө толгон самын көтөрүп келишти. Самындары да самынга окшобойт. Түсү жашыл, былжырап жумшак. Жоомарт бапырандап:

– Мына, Тентибай, эми көпкө чейин самындын азабын тартпайсың. Биринчи аптекада иштеген Зелвершев досума барсам берди. Шкафтын үстүнө жайып койсоң кургап калат. Жаңы эле зоottон чыккан белем, суу экен. Смар сен дагы алгын, баарыбызга жетет. Зелвершев досум керек болсо дагы бермек болду, – деп сүйүнүчү койнуна батпай, улам терин шыпырат.

Газетке ороп Смарга да бир канча тоголок берди. Майдараак самындар экен эки-үч тогологу биригип, мурдагы самындардын бир тогологунча болот. Чынында эле ушул Зелвершевдин самындарынан кийин самын каатчылыгын тартпадык. Жайкысын энем менен кичи энем экөө шакар өчүрүшүп, кыргыздын кадимки кылымдап сүргөн кара самынын жасап берип турушту.

Жоомарттын түйшүгү көп. Тердеп-кургап гана жүгүрүп жүрөт. Өзүнүн чыгармачылыгын жана котормо ишин быякка эле коёлу. Котормо демекчи, ошол мезгилдери Абайдын бир томдук ырларын которуп бүтүргөн. Басмадагылар менен сүйлөшсөм: «Азыр аны китеп кылып чыгараар мүмкүнчүлүгүбүз жок. Кагаз тартыш, – дешет. Машинкага бастырып койдум. Качан болсо да чыгат да» деген. Кийин көзү өткөн соң ошол котормо дайынсыз болду. Үйгө алып келген эмес. Ошол иштеген жеринде кабинеттин столунда калып жоголгонун, же басмага өтүп жоголгонун билбейм.

Согушта жүргөн курбуларынан кат келип, алардын эсен-соо жүрүшүн билүү ал үчүн майрам.

– Байкушум, аман жүрүп жаткан тура, – деп улам кайталап катты окуп кубанат. Алардын каттарына жооп жазып, ырларын журнал, газетке, басмага даярдап чыгаруунун ар качан аракетинде болот. Өзү редактор болуп турган «Советтик Кыргызстан» журналын Кубаныч Акаев экөө гана чыгарат, башка кызматкерлери жок.

Күндөрдүн биринде кечке маал кара терге түшүп шашып келди да:

– Суванбердиевдер согушуп жаткан армияга кыргыз элинен белек алып кетип жатыптыр. Темиркул жүргөн дивизияга барышат экен. Командованиесине бул жер-

ден кат жаздырып алдым, берип келейин, поезд кетип калбаса экен, – деп шашып жүгүргөн боюнча кетти. Бул жөнүндө Тургунбек Суванбердиев ушул күнгө чейин ар качан айтып да, жазып да жүрөт. Ал мындай дейт: «Биз кетип жаткан поезд Фрунзе вокзалынан жөнөп, Пишпек станциясына барып токтоп турган элек. Менин атымды чакырган үн угулду, чыксам Жокем вагондордо жүргөн экен. Вагонго кирип келип: «Рас болбодубу, жетишип калдым. Кат араң кечинде колго тийди. Ушул катты Темиркулдун командованиесине өзүң тапшыр. Бул өтө маанилүү кат» деген эле. Көл-шал түшүп тердептир, энтигип дем алалбайт. Көрсө, Фрунзе вокзалынан Пишпек станциясына чейин жөө жүгүрүп жетиптир»,– деп калчу.

Каттын текстин Жоомарт өзү жазып даярдайт. А катка «Кызыл Кыргызстан» газетасынын редактору, Кыргызстан Борбордук Комитетинин мүчөсү М. Дөгдүровдун колу коюлган. Каттын мааниси: «Темиркулдун кыргыз адабиятындагы ордун, анын таланттуу акын экендигин, анын согушта жүрүп жазган ырлары газет, журналдарга үзбөй басылып, душманды жеңүүгө элди үндөп жатат» дегендей ойлор айтылат.

Т. Суванбердиев арасында болгон кыргыз өкүлдөрү Ново-Российскиде согушуп жаткан 18-армияга келип, элдин белектерин тапшырышат. Өкүлдөрдүн урматына армиянын командованиеси кабыл алуу кечесин өткөрөт. Ал кечеде Покрышкин да катышат. Кечедеги согуш кызматкерлеринин ичинде жалгыз капитан наамдагы Темике отурат. Суванбердиев ошол жерде катты тапшырат. Кат окулган соң бригаданын комиссары жолдош Вахрушев ордунан туруп мындай дейт: «Передайте ЦК КП Киргизии, Совету Министров, Верховному Совету Кирг. ССР и

редакции первой киргизской газеты «Советтик Кыргызстан», что, если дивизия будет жить, и ваш поэт будет жить»,– дептир. Ушундан кийин Темикеден кат келди, отпускага үйгө барып келүүгө уруксат болуп, жакында келип калуусун билдирген.

Жоомарт катты алган күндөн баштап тынчы кетти. Темиркул кубанып калсын. «Кубанып калсын» – ушул сөз Жоомарттын өзүнө таандык эле, дайыма айта жүрчү. Калемдештеринин газет, журналдардан дурус ырларын окуп калса да: «Кубанып калсын, куттуктап коёюн». Бирөөлөрдүн жакшылыгы болуп калса да: «Куттуктап коёюн кубанып калсын». Бир жакшы нерсе болсо да: «Ушуну белек этип коёюн, кубанып калсын. Чакырып сыйлап коёлу, кубанып калсын». Экинчи ага таандык ушул сыяктуу көп колдонгон сөзү «жыргап» эле. Жыргап отуралы, жыргап эс алалы. Жыргап сүйлөшөлү. Жыргап жейли. Жыргап угалы. Жыргап көрөлү (искусствого байланыштуу болсо) ж.б. Жоомарт Кулубекти жетелеп, экөөбүз менен күнүгө вокзалга поезддин келээр маалында чыгабыз. Айтор, бир канча күн тосуп жүрдүк. Бирок Темике бизге тостурбай түн ичинде келди окшоду. Темикенин келиши Жоомарт үчүн майрам болду. Ушунчалык кубанып, көңүлү көтөрүлүп жүрдү. Темике кеткенде өзүнүн гимнастерка костюмун Жоомартка белекке таштап кетти. Жоомарт аны кастарлап илип коюп, келген кишинин баарына көрсөтөт: «Темикем мага белекке берип кетти» – деп.

Бир күнү Мидин Алыбаев келди. Ал кайдандыр бир жерден талон алып, ошол талонго кара момозуйдан же трайкеби, тигилген гимнастерка алыптыр. Ошого кубанып Жоомартка көрсөткөнү келиптир. Мидин чечинип кийип: «Кандай, Жоке? Жакшы бекен, жарашабы?» – десе, ал:

«Жакшы экен, өзүңө туура келди. Менин да ушундай гимнастеркам бар, азыр сага көрсөтөм», – деп төркү үйгө барып чечинип, баягы Темикемин гимнастеркасын кийип чыгып: «Мына жакшы бекен?» – деди. Мидин тегерете карап: «О сиздики шерсть тура! Бир аз гана кичирээк экен» – десе, Жоомарт: «Эч нерсе эмес, туура эле» – деп, чолтоюп турган кыска жеңин ылдый тартып-тартып коёт. Менин болсо булардын ушундай бала кыялдарына күлкүм келди. Мидин, Смар, Кубаныч ж. б. жаштар көп келишчү. Жоомарт зерикпей алар менен сүйлөшүп, күлүп отура берчү. Бир мезгилдери энем келип биз менен туруп калды. Ал: «Жоомарт ушул жаш балдар менен эле кечке сүйлөшүп күлө берет, теңтуштан бетер, кызык» – деп койчу.

Ошол Мидин гимнастеркасын көрсөтүп мактанып кеткенден кийин көп узабай бир түндүн ичинде эле, биздин эшикти бирөө аябай ургулап, ый аралаш үн менен:

– Жоке! Жоке! – деп бакырды.

Жоомарт шашып эшикти ачты. Өгүзчө өкүрүп ыйлаган Мидин. Бети-башы, көйнөктөрү кызылала кан. Жоомарт шашып:

– Акырын, акырын балдар уктап жатат, ойгонушат, – деп жетелеп, ашканага алып кирип кетти. Экөө кобур-собур болуп жатты. Мидин көптөн соң соолугуп, үнү чыкпай калды. Бир оокумда Жоомарт келип: «Мидинди Жакишев менен Саманчин токмоктоп коюшуптур, жуунтуп жаткырып койдум» – деди. Менин эмне үчүн токмоктошот алар? – деген суроомо: «Бу дагы жаткан тентек, жиндерине тийген да», – деп койду. Башка эч нерсе айткан жок.

Эртеси Мидинге Жоомарт өзүнүн көйнөктөрүнүн бирин кийгизип алып: «Жүр, сени Өмүркул, Тазабек менен

жараштырып коёюн. Сен кечирим сура», – деп ээрчитип кетти. Ал: «Жарашпайм, эми алар жөнүндө анекдотту аябай чыгарам, шылдыңдап ыр жазам, акмактарын чыгарам» – деп тууралапып жатып, акыры Жоомартты ээрчип кетти.

Жоомарт бир оокумда келди, Мидин келген жок.

– Жараштырдыңбы? – деген суроомо: «Кайда барышат жарашпаганда»,– деп жылмайып койду.

Жоомарт өзү сөздү бетке айтып, курбуларына катуу тамаша жасачу. Бирок өзү ызакор, ар нерсени жүрөгүнө жакын ала турган. Сөзгө да тез жыгылчу, тажаламай анда болчу эмес.

Гапар Айтиев согуштан кайтты. Жоомарт аны угуп өтө кубанып, мага сүйүнчүлөп: «Мен Гапарды таап, учурашып келейин» – деп, жүгүрүп кетти. Кечке маал сабыры суз кайтты да: «Капарды көрдүм, мен анын аман келгенине жаным калбай кубанып жатсам, ал мага: «Согушка барбай эле шинелди кийип алыпсың да» – деп тамашалады. Жоомартка Токмок дивизиясында кызмат өтөп жүргөндө берилген аскер кийимин өзүнө калтырган. Жылуу сырткы палтосу жок болгондуктан ошол шинелди көп мезгилдер кийип жүрө турган. Бир кара бастондон палтосу бар болучу, ал эскирип калган. Денисовго аңтартып жеңил пальто жасатып алган, анысын аягансып жүрүчү. Денисов – опера жана балет театрынын башкы портною эле. Согушка чейин да, кийин да интеллигенциянын көбү кийимди ушу кишиге тиктирчү. Колунан көөр төгүлгөн адам болучу. Ошол кара бастон пальтосун аңтартып тиктирип кийип келе жатса кимдир бирөө Жоомартка жолугуп: «Ий, Жоке, бул пальтону кайдан таап алдыңыз сонун экен», – дейт. Жоомарт аны тамашалап:

«Мени Кыргызстандын тышкы иштер комиссариатынын наркомдугуна дайындоого даярдап, ушул пальтону тиктирип беришти», – деп коёт. Ал сөз шаарга шамалдай тарайт. Ошол кезде тышкы иштер боюнча наркомат жаңы уюштурулуп жаткан. Кээ бир республикаларда көрүнүктүү жазуучулардан нарком коюлуп жатыптыр деген сөз да бар эле. Ошондуктан «Жоомарт нарком болот» имиш деген сөз эл аралап кеткен. Жоомарттын мүнөзү жайкы күн сыяктуу өтө ак көңүл адам болучу. Арадан күн өтпөй ишинен телефон чалып: «Тентибай, бүгүн бир дурус тамак жасап койгун. Гапар Айтиевди чакырып койдум», – деди. Мен ичимден: «Аа, ак көңүл байкуш таарынгандай кызы бир суткага жеткен белем». Ойго келип, эптештирип бир нерсе даярдадым. Турмуштун оор кези.

Гапар женүндө Жоомарт көп айтып калчу: «Бирден бир художник эле ушул бечара, аман келсе экен», – деп. Мен Гапарды биринчи көрүшүм. Кандай неме болду экен дегендей кызыгуу бар. Гапарды көргөнүмдөн соң Жоомарт: «Айтиевиң мышмыйган эле сары неме тура, көтөрө салып эле жатчу элең» – десем: «Сары болгону менен жакшы сүрөтчү! – деп ормоё тиктеп койду да кайра жылмайып: – Эмне акын менен сүрөтчүнүн баары эле мендей болот дедиң беле?» – деди.

– А сен эмне сулуусуңбу?

– О, кыздардын баары: «Куюлуп түшкөн мурдуңдан» – деп ырга кошуп жүрбөйбү, – деп өзү аябай каткырды.

– О, мактанчаак байкуш, – деп мен да күлдүм.

Күлбөй эле кой. Баягы күнкү суу саткан аял айтпадыбы.

Жоомарт экөөбүз киного барганбыз. Күн ысык. Бир стакандан суу алып ичип турсак суу саткан орус аял:

– Аялыңыз сулуу экен, – деп калды.

Анда Жоомарт:

– Мен деле сулуумун – деп жооп берген. Анда ал аял жылмайып: – Ооба, сиз дагы сулуу жигит экенсиз – деген болучу.

1943-жылдын жайында адатыбызча Тоңго кеттик. Барсак, Айтиевдер ошол жакта экен. Анткени Гапардын жары Гапита ошол Тоңдогу орто мектепте мугалим болуп кызмат өтөчү. Ал мектеп азыр Бөкөнбаев атында. Мен Зайнидин аттуу уулума кош бойлуумун. Гапарлар менен катташып, Жоомарт айткандай «жыргап калдык». Ал гана түгүл анын атактуу «Фронттон кат» аттуу картинасынын жаралышына күбө болдук. Ушул картинадагы тартылган адамдар менин жакын агаларым Чочой, Майрык, Чочойдун байбичеси жана кат окуп турган келин Абдыке туугандарыбыздын жары. Ал жеңебиз кара торунун сулуусунан келген келишимдүү адам, картинасынын негизги каарманы болууга татыктуу болуусу менен художниктин көңүлүн бурду. Картинадагы көөкөр менен чөйчөк атамдыкы. Биздин кыштактын чыгыш жаккы четинде айдалган буудай эгиндин арасында тартылган. Ал кыштак азыркы Бөкөнбаевдин атында Тоң районунун борбору.

Бир күнү эки үйүбүз көлдүн жээгине барып сейил куруп эс алууну ойлоп, колхоздон бир арык ат араба сурап алып, казан-аяк, чийки эт алып кеттик.

Начар жолдо араба менен жүрүп көрдүңөр беле? Арабага салынган чөп деле акыбалды көп жеңилдеткен жок. Кош бойлуу, ай-күнүмө жакындап калган менин абалым баарыдан артык. Иши кылып көлдүн жээгине жетип, аттарды арабадан чыгарып отко коюп, таш тулгага казанды

асып, суу ысыган соң эт оролгон дасторконду карасак өзү калып эти жок. Араба бийлеп келе жатканда, бирден секирип түшө бериптир. Умсунганыбыз ай!..

Жоомарт менен Гапар жайдак атка учкашып, этти издешип кайра кетишти. Биз Гапита экөөбүз куру суу кайнаган казанды карап отуруп калдык. Жана биз келгенде күмүш кымкап жамынып, назданган Ысык-Көл бозомтук тартты көзүбүзгө. Адамдын көңүлү кандай! Көптөн кийин жок издегендер келишти, мүнөздөрү шылкыйыңкы. Жоомарт: «Эт жок, ит тапканы, же киши тапканы белгисиз. Үйгө чейин бардык, акырында совхозго барып, бир курушкеден пиво ичип көңүл соотуп кайттык, буюрбаган эт экен, таап алганга аш болсун», – деп күлүп койду. Бир аз көлгө түшкөн болдук. Гапар Жоомартты ээрчитип көлдүн тилке кылаасына барып сүрөткө тартты. Тамаксыз сейилдин көркү анча чыкпаган соң атты арабага кошуп алып, шылкыя тарткан мүнөздө үйгө келдик. Эт эмес, өзүбүз түшүп калчудай болуп, араң барып келген калдыраган араба катуу чайкап койдубу, же мөөнөтү жеттиби, эртеси толгоо кирип, мен аман-эсен көз жардым. Ушул касиеттүү Ысык-Көлдүн жээгинде Жоомарттын экинчи уулу жарык дүйнөгө келип, кубанычтын күүсү чертилди, бирок бир жылга жетээр-жетпес мөөнөт өткөн соң ушул эле касиеттүү көлдүн жээгинде Жоомарттын 34 гана жашында кырчын өмүрү кыйылып, кайгынын каардуу күүсү чертилээрин ким билди! Адамды алдыда эмне күтөт, билбей жашоосу да дурус белем. Анткени адам келечектен ар качан гана жакшылыкты күтүү менен жашоосу кызык тура.

Жоомарттын келечектен күткөнү көп да, чоң да эле. Анын «Ажал менен ар-намысы» жалпы союздук Мамле-

кеттик сыйлыкка (Сталиндик) көрсөтүү максатында орус тилине которуу Винниковго тапшырылып, ал которууга даярданып жаткан. Бул сыймыктуу чоң үмүт эмес беле. Өзү Курманжан датканын турмушунан алынган ыр менен жазылуучу романды жазууга катуу даярдык көрүп жүргөн. Жоомарт чыгармачылык ойлорун мурда көбүнчө Мукай Элебаев менен бөлүшө турган. Ал киши кеткени кийинки жылдары көбүнчө Түгөлбай Сыдыкбеков менен пикирлеше турган болду.

Бир күнү Түгөлбай экөө биздин үйдө көпкө маектешти. Жоомарт болочок «Курманжан» романы жөнүндө, кандай планда жазылуусун айтып отуруп, мындай деди:

– Курманжанды көңүлүмдө иштеп жүрөм, бүтүүгө жакынмын. Көңүлдө бүтсөм аны отуруп жазып коюшум гана калат. Ушул роман менин чыгармачылыгымда өзүнчө бир белгилүү кырдаал болот. Жалпы эле чыгармачылыгымда бурулуш болуусу мүмкүн. Өзүңөр деле көрөрсүңөр, – деп өтө толкундануу менен сүйлөдү. Чынында эле Жоомарт бир канча мезгилден бери ушул романды жазууга толгонуп жүргөн. Ал эч качан кагаз жүзүнө чыгарманын планын түшүрчү эмес. Ал эмес, үзүндүлөрдү жазчу эмес. Көңүлүндө иштеп чыгып гана отуруп, өлчөмдүү убакта жазып коюучу. «Ажал менен ар-намыс» да так ушинтип жазылган. Тагдыр кандай, мына ушул өтө шыктанып, көп үмүтүн таянган ыр менен жазылуучу романы өзү менен кошо жарык көрбөй кетти. Ошон үчүн Түгөлбай Сыдыкбеков Жоомартка арнаган коштошуу ырында: «Кан датканы баш кылып, бербейт белең элиңе нечен мурас» – деп жазышы ушунда болучу. Мукай менен Жусуп кеткени Жоомарт Түгөлбайга өтө жакын жүрдү. Ал өзү сүйгөн, сыйлаган кишисин катуу тамашалап, эркелей берчү.

Ошондой мамилени Түгөлбайга да жасачу. «Мен картичкеге тийген нанымды Тенти менен Кулубекке берем. Сен болсоң Асылгүл менен Арстанбектин нанын кошо жейсиң да, менин тереземдин түбүнө отуруп кетесиң» – деп тамашалай берчү. Көтөрүмдүү Түгөлбай боркулдап күлүп жөн болот, ансайын Жоомарт асылып алат. Түгөлбайдын үйүнө барып: «Киринем суу жылытып бергиле, уктайм төшөк салып бергиле болуп»,– эркеликке салат, анысын көтөрүп, оюу менен болгон Түгөлбайга ичинен ыраазы. Мага айтып кала турган: «Түгөлбай адам, ал азыр чоң роман жазып жатат, менимче, кыргыз адабиятындагы романдардын жакшысы болот. Байкуш, оорулуусуна карабай, турмуштун кысымына карабай көгөрүп иштеп жатат», – деп коюучу. Ошол Жоомарт айткан роман «Биздин замандын кишилери» эле.

Кыргыз адабияты үчүн, биздин үй-бүлө үчүн каргашалуу 1944-жыл келип калды... Согуш чыккандан берки жыл шаан-шөкөттө тосулбай калган. Жоомарт: «Аттигин ай, чоңоюп эле калган карындаштарыма ёлка жасап, чоң майрам куруп берүүчү элем. Эми өзүмдүн балдарыма эч нерсе жасап бере албачу болдум», – деп, ушул жаңы келген жылга эмнегедир күрсүнүп койгон. Карындаштарынын чоңоюп калуусу биринчи оозунан чыкты. Биздин колубузда Жөжөкан (жалгыз эжеси Сыяданын кызы) жана Токтокан (агасы Ныязбектин кызы) экөө кичинесинен келип, колубузда чоңоюшту. Жоомарт бул экөөнүн жашын он бирден ашырчу эмес. Кайсы мезгилде болбосун бирөөлөр алардын жашын сураса он бирде дечү. Бир жолу мен бирөөлөргө 15ке чыгышканын айтсам, Жоомарт ачууланып мени кагып койгон. Карындаштарына ушундай мамилесин билишкен Алыкул, Тазабек ж. б.

Жоомартка шакаба жасоого ойлонушат да, Түгөлбайды тамашалашмак болушат. Түгөлбай үйлөнө элек кези. Түгөлбай Жөжөканга үйлөнүү үчүн сөз айттырды этип, Жоомартты чычалатышмакчы.

Жоомарт отурган бөлмөгө («Советтик Кыргызстан» журналынын редакциясында) келишип, бирөөсү сөз баштайт:

– Жоке! Түгөлбай бизди ортого жуучу салып жатат. Жөжөканды берсин дейт. Качанка эле бойдок жүрөм, өзү болсо үйлөнүп алды, эми мага да боор ачысын, Жөжөкан мага ылайык дегенсип жатат, – дешет.

Жоомарт ормоё карап:

– Акмак го! Нористе балага сөз айттырып… Жөжөкан он бир жашта эле, акмак го! – дейт. Беркилер болбой:

– Жоке! Кыз бала бат эле чоңоёт эмеспи. Жөжөканды он бирде дегениңизге 4–5 жыл болуп кетти. Түгөлбай бат эле 15–16га чыгарып алат, анча-мынча жетпеген жашын ЗАГСда тууралатабыз.

Болбойт, нористе бала да. Акмак го Түгөлбай! Күлтүйгөн акмак!

Ушунтип Жоомарт тултуюп, таарынган боюнча ылдый карап, бир нерсе жазып отуруп алат. Тигилер Түгөлбайдын келишин күтүп, экөөнүн урушун көрмөккө отурушат. Бир мезгилде калдая басып, Түкө кирет. Келип баарына салам айтат да, балпая барып Жоомарттын жакын ченине отурат. Жоомарт Түгөлбайга жылмая карап:

– Ии, Түгөлбай келдиңби? – деп коюп, эч сөз айтпай калыбынча иштеп отуруп алат. Түгөлбай эч нерседен кабарсыз неме момурап ал да отуруп калат. «Чоң чатакты» күткөн беркилер шылкыя түшүп, Жоомарттын жоругуна аң-таң болушуп, бирине бири карап делдейи-

шет. Түгөлбай менен Жоомарттын каардуу кагылышын күткөн үмүттөрү таш тийип, демдери сууйт.

1944-жыл Жоомарт үчүн жемиштүү жыл болчудай чоң үмүт, максат менен келди. Анын ой казанында бышып калган «Курманжан» романы жана «Эненин кайраты» пьесасы, «Текес» поэмасы ж. б. чыгармалары кагаз бетине түшүүгө тынчын койбой суранып калышкан. Ушул учурда «Манастын уулу Семетей» аттуу көркөм фильмди жаратуу маселеси көтөрүлүп, анын сценарийин жазуу Жоомартка тапшырылат. Кинонун сценарийин жазуу өзүнчө техникалык өзгөчөлүгү болгондуктан жана Кыргызстанда биринчи жазылышына байланыштуу ленинграддык киносценарист Исаев Жоомартка көмөкчүлүккө (шериктеш) иштөөгө чакыртылып, экөө бирдикте жаза башташты. Жоомарт күнүгө эртең менен «Кыргызстан» конокканасына кетип (ал кезде коноккана азыркы Ленин проспектисиндеги эски имаратта жайгашкан болучу) Исаев менен кечке иштешип кайтчу. Ушунтип эки ай чамасында иштешти. Жоомарттын айтуусунда кино мындайча башталмак.

«Күн уясына батып бара жаткан мезгил. Айлана манаттай кызарып турат. Чыйырдыны аркасына көтөрүп, Семетейди бооруна кысып, энтелеп жол тарткан Каныкей көрүнөт. Алыстан аттардын дүбүртү, айкырган адамдардын, арсылдаган иттердин үндөрү угулат. Каныкей кылчактай карап шашмалоодо. Ал жылаңаяк, таманын таштар тилип аркасында кызарган кандуу издер калып барат. Акырындап күн уясына кетип, караңгы түн качкындарды өз койнуна жашырып кетет».

Бир күнү Жоомарт кубанычтуу, эргиген мүнөздө келди да: «Сценарийди жазып бүттүк, машинкеге басууга

даяр. Мен сценарийди кандай жазышты да өздөштүрүп алдым. Аман болсом эми бир канча кинолордун сценарийин жазып тарттырамын. Эң мурун «Ажал менен ар-намысты» кино жасатам. Кинону тартчу топ келди. Раппопорт деген режиссер баш болуп, эми кино тартылчу жерлерди көрөбүз. Эки күндөн кийин Таласка кетебиз, андан келип Ысык-Көлгө, Каркырага чейин барабыз. Тентибай, сен камына бер, силерди атамдыкына Тоңго таштап кетейин, бул жерде ысыкта эмне бар» деген. Таласта 3–4 күнчө жүрүп кайтышты. Жоомарт жүдөңкү, арыктап келди. Эмнегедир баргандан ичи ооруптур. Совет министринен атайын берилген грузовой машиненин ремонтуна байланыштуу 2–3 күн токтоп калышты. Эртең жөнөйбүздүн түнүндө Жоомарт түш көрөт. Эртең менен мага: «Тентибай, мен бир жаман түш көрдүм. Отунчу экөөбүз (Отунчу Сарбагышев Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрынын режиссеру каза болгонуна 1–2 ай болгон) ак шейшепке оронуп бирге жатып алыппыз. Мен өлөм, шейшеп – кепин»,– деди. Мен чочуп, уккум келбей: «Дайны жок сөздү айтпачы! Ал арбагында колдойт экен. Сен Отунчуга өтө кейип калбадың беле, ошондуктан түшүңө кирген да» деген болдум.

Жөнөгөнгө камынып жаткан убакта, эки америкалык «паркер» авторучкасы бар болучу. Анын бирисин төш чөнтөгүнө салып, экинчисин мага берди да: «Ушул ручкени эгер мен өлүп калсам сактап коюп Кулубекке бер» – деди. «Сен эмне болуп калгансың, өлүмдөн башка сөз табылбайбы?» – Ручкени алып шкафтын тартмасына бекитип, менин да көңүлүм бузула түшүп, сыртка чыгып кеттим. Адам баласы өтө татаал, бийик, укмуштуудай жаралган жан белем. Адамдын дене жаратылышынын,

акыл-сезимдеги мүмкүнчүлүгү чеги жок экендигин илим изилдеп жатпайбы. Адамдын сезиминин өтө курчтугунун натыйжасында күн мурунтан эле кандайдыр бир туюк сезимдер кабарчы сыяктанып келет белем. Жоомартка да өлүм коркунучун кабардагандай сезими пайда болгон белем. Жалпы эле акын өзү өтө сезгич келет го.

Акыры машина даяр болуп жөнөдүк. Кинону жаратуучулардын тобу алты кишиден турат: Жоомарт, Исаев, Рапопорт, Куттубаев Аманкул жана эки Герштейндер. Машина айдагычы аял. Токмокко келгенибизде эле машина бузулуп, ал жерге түнөдүк. Оңолумуш болгон машина менен кайра жөнөдүк. Мен үч жашар балам менен, эң кичүүм эмчекте. Мандемдүү машина токтосо эле от албай калат. Убараланып жатышып араң от алдырып узап барабыз. Эптеп Тоңго атамдыкына келдик. Эки күнчө өргүү болду, дагы эле машинанын аракети. Москвалыктар идиш алып алышкан экен эл арасынан сары май табылса алышмакка. Издешип эч нерсе ала алышпады. Элде эмненин майы, ар ким эптеп күн өткөрүүдө болсо. Жоомарт атамдан сурады:

– Ата, канча ун-талканыңыз бар? Балдар менен кыйналбайсыңарбы?

– Ээ, балам! Эптеп күн өтөөр. Бир пудча талкан, жарым пудча ун бар. Жакында уюбуз тууйт. – Атам камаарабагансып койду. Бирок Жоомарт комсунуп калды да:

– Ушунча үй-бүлөгө бул эмне болсун. Мен обкомдо мүмкүнчүлүк болсо сүйлөшөм, балким, райкомго телефон чалышып бир аз жардам көрсөтүшөөр,– деди. Атам Жоомарттын санаасын баскысы келди белем:

– Ээ, балам! Убара болбо, уй тууйт. Кыргыз сүткө жеткенде ач болбойт. – Жоомарт унчуккан жок. Бирок ойлуу, сабыры суз отурду. Мунусун байкаган атам, сөздү буруп:

– Жоомарт, Каркыра жакта канчага жүрөсүңөр? Кайра ушул жак менен өтөсүңөрбү? – деп калды. Жоомарт:

– Каркырага чейин барып, анан күнгөй менен кетебиз 15–20 күнчө болобуз го.

– Бизге кайра качан келесиң?

– Ата, мен көлдөн кайткан соң Москвага кетем, ал жерде ушул кинону бекиттирип келем. Андан келип эки айча Курманжан датка жөнүндө ыр менен роман жазамын, ошону бүтүрүп туруп гана келип, Тентибай менен балдарды алып кетем. Аңгыча силердикинде тура беришет.

Атам эмнегедир Жоомарттын сөзүнө өтө кызыга түшкөндөй, ондонуп отуруп Жоомартка карады:

– Кайсы Курманжан датка? Илгерки Алайдагыбы?

– Ооба, ошол жөнүндө.

– Оо, мен ал кишини көргөм, анын Камчыбек аттуу уулу асылганын, башка балдары айдалганын жакшы билем. Ошол жөнүндө ырдалган ырды толук билчү элем, кийинчерээк кай бир жерлери эстен чыгып кетти. – Жоомарт атамдын сөзүнө кунт коюп жөн эле жата калды.

– Ата, кана ошол ырыңызды айтып көрүңүзчү?

Атам шатыратып айта баштады. Менин эсимде азыр анча-мынча эле калыптыр. Ошондо же кийин деле атамдан жазып алууну ойлобогон экемин. Кийин Муса экөөбүз баш кошкон соң да атам айтып берген. Эмне үчүн жазып алууну ойлобогонуму өзүм да билбейм. Ошол ырдын кай бир саптары гана оюмда калыптыр:

Камчыбектей бегимдин оозунан деми бур деди.
Байбичеге кайрылып Камчыбек: – Апа! – деди эле
Тагдырга моюн сунбай бар – деп байбиче ага дем берди.
Кылмыштын ээси Акбалбан даргага жетпей жан берди.

Камчыбекти асканда мүлдө кыргыз чур деди.
Мамытбектей баркы бар баш кеткенге бир күйдүк
Он алтыда Арстанбек жаш кеткенге бир күйдүк.
Мирзапаяз жоодигер бек кеткенге бир күйдүк.
Аман бол кыргыз калкыбыз деп кеткенге бир күйдүк.

Ушул сыяктуу ырын ырдай, сөзүн сөздөй айтып, ошол окуяга байланыштуу уккан-билгендерин толук төкпөй-чачпай баяндады! Жоомарт өтө кунт коюп укту да андан соң атамдан качан, кандай шартта Курманжан менен кездешкенин сурады.

Атам оңдонуп отуруп, узун жомок айтчудай сөзүн баштады:

– Мен он бештен он алтыга карап калган чагым болсо керек. Ушул Тоңго бир Шамшилде аттуу сарт соодагер келип биздин элден мал сатып алды да, Анжиянга айдамак болуп мени жалдады. Анын малын айдашып, Анжиянга бир ай чамасында келдик. Айдап келген малдын баарын сатып бүтүп, минген аттарыбыздан башка дагы эки, үч жылкы калганда Ош тарабына келдик да, Мады кыштагына токтодук. Ошол жерде бир чайкана бар экен. Шамшилде мени алиги сатылбай калган аттар менен чайкананын жанына калтырып, өзү Ошко барып келмекке кетти. Бир мезгилде эле чайканачылар бүлүк түшүп, чайкананын айланасын тазалап-шыпырып эле жүгүрүп калышты. Мен бирисинен эмнеге минтип шашып калышкандыгын сурасам:

– Датка келеди! Курманжан датка келеди! – деди.

– Кайдан келет?

– Гүлчөдөн келеди.

Мен Курманжан датка жөнүндө мурда көп угуп, кабардар болгондуктан, эми көрөт экемин деп сүйүнүп

кеттим. Чайканачылар мени дагы ишке аралаштырып калышты, мен да жанталашып кол кабыш жасадым. Бир оокумда төмөн жактан 4–5 атчандар келе жатты.

– Беклер келеди! – деп калышты.

Мен алардан:

– Беклериңер кимдер?

– Датканын балдары.

Алар жакын келип калышты. Араларында эки гана жалы бар сары-кызыл кунан чыкма минген мен катардуу бала келе жатты. Бул кимиси болду экен деп, менин кызыгуум кебүнчө ошондо.

Чайканачынын бирисинен сурадым:

– Датканын балдары кайсы?

– Онобу селлечен карыгы углу Мамытбек, экинчи жанында келиши Асанбек углу, андан соң Мирзапаяз небереси, анын жанында кичик бала Мирзапаяздын углу Адыш-Бек. Аркасында эки атчан – жигиттери.

Шатырап келишип түшүп калды. Чайканачылар аттарын алып байлап, эки колдорун боорлоруна алып чайканага киришке сураныштты. Менин көзүм Адыш-Бекте, ар ким өзүнүн теңине көңүл бөлөт тура, – деди атам. Атам ошол кезде өтө көңүлүн бурган Адыш-Бекке мен анда назар салбагам. Тагдыр кандай кызык нерсе, туура он жылдан кийин ошол Адыш-Бек мага кайын ата болуп калаары анда атам экөөбүздүн капарыбызга келбеген.

Жоомарт чыдамкайсызданып:

– Ата! Булар башка жактан келиштиби? Же даткадан мурда чыгышып, алдында келишиптирби?

– Жок, булар Кара-Суудан энесин тосуп алышка келишип отурушкан тура.

– Анан датка качан келди? – Жоомарт шашмалоодо.

– Балдары келгенден кийин көп узабай эле датка да келди. Булар келишин болжоп туруп чыгышкан белем.

Бектер жайланып чай ичип отурушту. Мен чайкананын оозундагы түркүккө сүйөнүп, алардан көзүмдү албайм.

Ичимден: «Мамытбек ушул тура. Мирзапаяз тигил тура, Арстанбек келбеген экен»,– ушинтип баягы өзүм ырдагы атын билгендерден териштирем.

– Датка келеди! – чайканачы жүгүрүп кирди. Отургандардын баары тегиз көтөрүлүп сыртка чыгышты. Мен да дүрбөп кошо жүрөм. Карасам, жогор жакта келе жаткан үч атчан аял, аркасында бир эркек келе жатышат. Алар жакын кегенде эки аялдын ортосунда келе жаткан датка экендигин түшүндүм. Улгайып калгандыгына карабастан атта тыкан, какайып отурууда.

Алар келип жетишкенде Мамытбек алдыга басып:

– Байбиче тынчта келдиңизби? – деди.

– Тынчтык, – деп оозун бүлк эттирди.

Мамытбектин аркасында турган бала-чакасы эки колдорун боорлоруна алып баш ийишти. Аларга карап байбиче да башын ийкеп койду. Мирзапаяз барып байбиченин атынын чылбыр, тизгинин алды. Мамытбек бир колтуктан, Асанбек экинчи колтуктан сүйөшүп датканы аттан түшүрүштү. Эки колтугунан сүйөгөн боюнча чайканага басышты. Байбиче Адыш-Бекке назарын салып токтой калып, чекесинен сылап койду. Бетинен өпкөн жок. Бардыгы чайканага киришти, мен дагы алардан каламбы. Кирип эшиктин алдындагы түркүккө жөлөнүп калдым. Байбиченин үстүнө кийгени карала ачык кымкап чапан экен, анысын чечтиришип тамдын боорундагы илмеге илишти. Ичинде жашыл тукаба чекесине кундуз

кармаган жеңил күрмө экен, сыртынан белине байланганы кылыч. Кылычты чечишип алып, үйдүн бурчуна жөлөп коюшту. Байбиче отурмайынча бир да жан отурган жок. Байбиче төргө бийик бүктөп салынган төшөктүн үстүнө качан отурганда гана эки жагына баягы кошо келген аялдар отурду.

– Алар ким экен? – Жоомарт атамдын сөзүн бөлдү.

– Ким билет, жан-жөкөрлөрү го, жаш эле аялдар экен, алар да өтө сөөлөттүү. Аялдар отурушкан соң гана эки жактарына улуулай бөлүнүшө балдары отурушту.

Датканын башына кийгени эмне экен, ата? – деп Жоомарт дагы сурады.

– Башында чакан гана токол элечек.

– Өңү-түспөлүчү? Канча жаштарда экен?

– Жашын билбейм, деги токсонго барып калган курагы го. Мурду кырдач келген, көзү сурмалуу, карыса да сурмасы кетпеген. Чап жаак келген, кара тору сыяктуу көрүндү. Эми өтө карып калган кези экен, ошого карабастан «сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт» дегендей, жаш кезинде сулуу адамдан болгону байкалат.

– Анан эмне болду, ата?

– Анан тасторкон жайылып, чайканачылар түркүн жер-жемиш, тамак-ашты жайната башташты. Чайканачылардын тамандары жерге тийбейт, жөн эле дикилдешет.

Байбиче жайланып отурган соң түркүккө жөлөнүп карап турган мага көзү түштү да:

– Ээ, балам! Кайдан болосуз? Түспелиңе караганда биз жактан эмессиз го? – Мен колумду боорума ала коюп жооп кайтардым:

– Көлдүк болом, Тоң деген жерденмин.

– Оо, аркалык туугандардан тура. Бул жакка келген экенсиз?

– Ооба, Шамшилде соодагердин малын Анжиянга айдашып келген элем.

Байбиче эңкейип, дасторкондогу өрүк-мейизден чеңгелдеп алып мага сунду. Мен эки уучумду тосо коюп алып, Курманжан датканын колунан даам алганыма сүйүнүчүм койнума батпай, эшикке жүгүрүп чыгып, аттарымдын жанына барып жей баштадым. Көп узабай Шамшилде келди, биз ал жерден кеттик. Мына ушинтип байбичени көргөм.

– Жоомарт, сен Мадыда болгонсуңбу? Ошол чайкана дале барбы?

– Болгом, ата, бар, ал чайканадан мен дагы далай тамактангам. Эми барсам жакшылап көңүл буруп көрөмүн го, мурда этибар алчу эмес элем.

– Мен дагы бир ошол жакка барсам, барып көрөт элем.

– Мен өзүм сизди түштүккө алып барып келейин, ата.

Анда өтө кызык жерлер көп. Алайды көрсөтөм. Өтө кооз жер.

Тагдыр кандай кызык. Кийин Муса экөөбүз баш кошкон соң, Муса Курманжандын тукумунан экенин билгенде дагы кайрадан ушул окуяны атам бизге айтып кала турган. Баарынан өзүнө курбалдаш Мусанын атасы Адыш-Бекти көргөнүнө таңданып:

– Тобо, Адыш-Бек кийин мага бир тууган кудам болоору анда ойго кирип чыкты беле. Буйрукту кара! – деп.

Муса анда: «Ата! Атамдын аты Абдырахман экен. Кийин, эркелетишип Адыш, Адыш дешип жүрүшүп эле Адыш болуп калыптыр.

– Ошондойбу? Чайканачылар да Адыш-Бек дешкен мага.

– Ата, өңү-башы кандай эле,– десем.

Ушул Мусага түспөлдөш өңдүү эле. Анда ал да, мен да бала чак. Канча жылдар өттү.

Муса: – Атаң качан кайтыш болгон?

– Оо, атам эрте кеткен. Мен анда төрт гана жашта болгонмун. Менин энем атамдан эки жыл мурда каза болот, менин эки жашымда. Атам энем кайтыш болгондон кийин эки жылдан соң үйлөнмөк болуп бир кызга куда түшүп күйөөлөп барып, ошол жерден өпкөсүнө суук тийип, эки өпкөсүнөн кан түкүрүп, ооруп калат. Биздин туугандар кайын журтунда ооруп жатканы болбос дешип, үйгө алып келишет, үйгө келген соң бир күнгө жетпей жан берет. Анан алиги кудалаган колуктусун алып келишип, кара кийгизип ыйлатышыптыр. Ошол кичи энемди «Көкүл эне» дей турганбыз. Көкүлдүү бойдон, кыз бойдон жесир калгандыгы үчүн.

Ай, бечара! Тагдыры да. Тагдырдан улук эмне бар.

– Атаң ошондо канча жашта кайтыптыр?

– Отуз төрт жашында.

– Аттигиң ай, бала бойдон кеткен экен. Кайран азамат.

– Ушул өкмөт чыгып калган кезек беле?

– Ооба, ата, атам ал эмес, бул өкмөткө – биздин заманга бир топ кызмат өтөп калды. – Болуш болуп турган.

Билимдүү адам болгон.

Анысы жакшы экен. Түштүктөн басмачылар көп чыкты го, көбүнчө алардын башында мурда Николай убагында эл башкарып жүргөндөрдөн болду го.

– Ата, бир кызык нерсе. Биздин тукумдан – Курманжандын тукумунан – бир дагы киши басмачыларга катышкан эмес. Бардыгы басмачыларга каршы күрөшүшкөн.

Ошол каршы күрөшкөн отряддын жетекчилери да биздин агаларыбыз болгон. Кадырбек Камчыбеков командири – сиз айткан ырдагы (Мусага да, жанагы Жоомартка айткан ырларын айтып бере турган) даргага асылган Курманжандын кенже уулу Камчыбектин өз уулу. Анын комиссары Жамшидбек Карабеков – менин бир тууган таякем.

Ал деле биздин тукумдан, Алымбек датканын тукумунан. Алымбек Курманжандын күйөөсү.

– Ээ, балам, билем, кантип билбейин. Алымбек датка жөнүндө да көп уккам. Аны Кокондун каны өлтүрткөнүн да билем.

Мына, ошол Кадырбек Камчыбеков өз колу менен Мойдун деген корбашыны колго түшүргөн. Советтер Союзунда биринчилерден болуп Блюхерлер менен катар «Согуш Кызыл Туу» («Боевого Красного Знамени») орденин алган, ал кишинин орденинин номери – 12.

Оо, азамат! Көк жалдардан тура. Эл үчүн кызмат өтөгөн азаматтар да алар.

Ошол мезгилде биздин айылды: «Төртүнчүлөрдүн айылы» – деп аташчу. Анткени ошол басмачыга каршы күрөшкөн отрядчыларды «төртүнчүлөр» – деп аташкан.

Бул сүйлөшүүлөр кийинки мезгилдики. Тек гана атамдын Курманжан даткага кезигишине байланыштуу окуя, Жоомарттын кызыгуусун туудуруп, айттырып калганына карата сөз улана түштү.

Жоомарт атамдын сөзүн өтө кызыгуу менен укту да:
– Эмесе, ата, ошол сиз көргөн Курманжан датка жөнүндө чоң чыгарма жазганы жатам. Оюмда баары бышты, даяр, эми отуруп гана жазмайым калды. Эки ай чамасында бүтүрө турган оюм бар. Ошону бүтүрүп коюп, анан келем.

Ушинтип кете берген эле. Анда анын кайра келбесин, акыркы сапарына жөнөп кетип жатканын кайдан билдик!.. Ошондой болсо да анын жөнөп кетип жатышы жүрөктү тызылдатып, көңүлдү иритип турду. Жакын кишиң 2–3 ай эмес, эки-үч күнгө бир жакка кетип жатса да ичиң ачышкандай сезим келет го. Кулубек адатынча чырылдап ыйлап ээрчиди. Ал ар качан Жоомарт бир жакка кеткенде, ал гана түгүл эртең менен кызматка кетсе да ээрчип, ыйлай берүчү. Жоомартка өтө жакын эле. Сыргатай Кулубек ээрчип ыйласа, аны карап эле ээрдин кемшеңдетип, колун оозуна салып тура берди. Зайниш эмчекте, ал Жоомартка: «Колуңа ал» дегендей колун сунуп жулунат, бирок ыйлабады.

Ушинтип Жоомарт жөнөп кетти. Биз машинанын карааны үзүлгөнчө жабыла карап турдук. Жоомарт машинанын үстүндө колун булгалаган боюнча кетти. Жакын адамдарын калтырып бир жакка кетип жаткан кишиге деле, артыкча калып жаткандар үчүн деле убактылуу болсо да ажырашуу кыйын го. Жоомарттын ушул жөнөп кетиши эмнегедир мага өтө оор сезилди. Аны ушул боюнча көрбөй калуу сезиминин салмагы кайдан болсун. Негизи, анын узак убакытка 2–3 айга кетип жатканы болсо керек. Ким билет, деги жаман ичим ачышып, туталанып, ыйлагым келип, көңүлүм бузулду. Атамдын короо-жайынын ичинде үч түп өрүгү боло турган. Зайништи көтөрүп барып, ошол өрүктүн түбүндө көпкө отурдум. Атам Кулубекти алаксытып, короодо эшекти токуп берип, мингизип жетелеп аны менен убара. Эптеп күн артынан күн өтүп жатты. Атамдын колундагы өп-чап чакан тамак-аш, ага кошумча өзүбүз ала келген болор-болбос азык-түлүк болуп жашоодобуз.

Жоомарттын кеткенине 17 күн болду. Эч кабар ала элекпиз. Ошол он жетинчи күндүн түнүндө түш көрдүм. Ушул эле атамдын үйүндө жатсак түн ичинде терезенин тушуна аттын добушу келет. Карасам атчан аял, башында элечек, кийгени кара чапан, аркасына учкаштырган баласы бар. Аялдын кашы өтө эле жазы, капкара. Эңкеет да, терезенин көзүн ыргыта коюп, үйдүн ичинен бир нерсени сууруп алды. Мен бакырам. Энем туруп барып эшикти ачмакчы болот. Мен жүгүрүп, энемдин колун кармайм.

Эне, ачпа! Үйгө кирсе бизди өлтүрөт!.. Ошол мезгилде ойгонуп кеттим... Жүрөгүм алып-учуп калган экен. Жата албадым. Эшикке жалгыз чыккандан коркуп, энемди ойготуп сыртка чыктык. Короодо бир канча убакыт бастым. Энем:

– Жүр, үйгө кирели! Эмне басып калдың? – деди.

Кичине абага туралычы, үй ичи ысып кетти белем,– деп эч нерсе айтпадым. Түш оюмду бүт ээледи, кетире албадым. Эртең менен да түш жөнүндө эч нерсе айтпадым.

Эмнегедир айткым келген жок. Бирок ушул күнү эмнегедир өзүм кандайдыр бир башкача абалда турдум. Бир жакын агабыз каза болгон экен. Ошого барып, бата кылууга көп мойнум жар бербей жүргөн. Ошол күнү баргым келип, бир жерге туралбадым. Атам ат токуп берди. Кыштактан алысыраак Иймек деген жерге көз көрсөтүүгө кеттим. Агабыз 80ге барып кеткен адам болсо да өтө ыйладым. Көрсө, мага муң түшүп турган белем. Чайга күтпөстөн бат эле кайра тартып, үйгө келдим. Жаңы гана Зайништи колума алып, эмизип отурган кезимде, бир адам келди да:

– Сизди райкомго чакырып жатат, – деди. Мен баланы энеме бере коюп жөнөдүм. Жолдо ойлодум: «Жоомарт

обкомдон телефон чалдырып бизди тапшыртканбы же телефонго сүйлөшкөнү чакырттыбы»,– ушундай ойду терметүү менен райкомго келдим.

Биринчи катчынын кабинетине киргизишти. Бир эркек киши кабыл алды да, отургучту көрсөттү. Мен отурган соң ал:

– Бизге обкомдон телефон чалышты. – Менин оюмда, баягы бизге жардам көрсөтүү маселеси болсо керек.

Катчы бир азга мукактанып токтолуп туруп: – Жоомарт аварияга учураптыр, коркпоңуз. Мен бакырып: – Деги аманбы? – деген болдум.

– Аман, бирок жараты катуу имиш. Машина даярдатып жатабыз, тезирээк жөнөңүз. Барып камынып туруңуз, машина үйүңүзгө келет, – деди.

Мен чыгып алып ыйлаган бойдон үйгө келдим. Эмне экенимди билбейм. Үйдөгүлөр чуу түшүштү. «Тирүү» деген гана сөз мени бир аз кармайт. Машина да келди. Балдарды алуу да оюма келбептир, өзүм эле жөнөмөкчү болдум эле, менин жакын инилерим Жалый Карымшаков согуштан өпкөсүнүн оорусу ачынып, келгенине бир жылча болгон, ал кошо жөнөдү. Эл жата Балыкчыга (Рыбачьеге) ооруканага келдик. Машина бизди түшүрүп коюп кете берди. Ооруканада дежурный эч нерсе айталбады:

Бизге эч кимди алып келе элек. Авария жөнүндө уктук. Быякка эртең менен алып келээр, – деп башка эч нерсе айталбады. Мен тепкичке отуруп алып ыйлай баштадым.

– Ээ, Жалый! Соо эмес го, деги соо болгой эле! – дейм. Жалый унчукпайт.

Бир мезгилде Жалый:

– Тенти! Ушинтип эле ыйлап отура беребизби. Райком жакка барып көрбөйлүбү. Баягы дежурный болсо кабар-

дардыр, – деди. Экөөбүз райкомго жөө бардык. Барсак, райкомдун биринчи секретары бар экен. Бизди көрүп эле шашкалактап туруп келип тосуп алды. Ал дагы: «Жоомарт катуу жарадар болуп, Чолпон-Атадагы балдар санаториясында, эртең мененкиге чейин алып келишээрин, Фрунзеден самолет жана врачтар чакырылганын» айтты. Иши кылып менин көңүлүмдү жубатканга жарады. Чынында эле ишене түштүм. Адам жамандыкты күтпөйт го, ар качан үмүт чиркин жакшылыкка умтулдурат да. Аңгыча Фрунзеден телефон чалынды, катчы башка телефондун номерин берип, ошол телефонго чалуусун сурап, чыгып кетти. Ошондо эмнегедир жүрөгүмө шек келди да, туйлай түштү. Ал бир аздан кийин келип:

– Бул телефондон жакшы угулбай жатат бузулуп калды, башка телефондон суйлөшүүгө туура келди. Фрунзеден да сурап жатышат, жарадарларды алып келдиби, жокпу, – деди.

Кайра көңүлүм алдана түштү. Катчы мурдагы бир согуштун катышуучусу, жарадар болуп келген, оорулуу орус адам. Түн мезгили бир топко барды. Улам мага:

– Эртең менен жарыкта алып келишти чечишкен окшойт. Оор жарадар адамды түндө кыйнабайлы дешкен го.

Мен Финляндия согушуна катышып, оор жарадар болгом. Ошол жарат али да кыйнайт, кыйналып турам, жүрүңүз биздин үйгө баралы, эс алып эртең менен келели, – деди. – Сиз барып эс алып келиңиз, биз ушул жерде эле отурабыз, – деп тил албаганыма болбоду.

Үйүнө бардык, бизге бир бөлмөгө төшөк салып беришти, бирок жатпадык. Өзүлөрү жатты. Таң агара телефон чалынды. Телефон биздин бөлмөдө. Катчыны чакырдым, ал сүйлөшүп калды. Мен пружина болуп

тартылып калдым. Сөз арасында «нет» деген бир сөз, эмнегедир жүрөгүмө октой тийди. «Аялы билеби», – деп сураса: «Жок!» дедиби деген ой, кайдан-жайдан келди билбейм. Ошол сөздөн соң жүрөгүм туйлап калды. Катчы сүйлөшүп бүтүп, мага карап минтти:

– Сиз коркпоңуз, коркпоңуз, Жоомартты алып келиптир ооруканага, азыр барабыз. Сиз жатып эс албаптырсыз да. Ай!.. – Башын чайкап койду.

Менде өң калбаган белем. Бөлмөсүнө кирип, аялына бир нерсе деген болду. Аялы чыгып шашкалактап, чай, сүт сунуш этти, мен эч нерсе татпадым. Секретарь кийинип чыккан соң райкомго келдик. Биринчи секретардын бөлмөсүнө кирип келсек, кимдир бирөө телефон менен сүйлөшүп жатыптыр. Бизди көрүп ал шашмалап эле: «Жоомарт тирүү, катуу жарадар, тезирээк самолёт жибергиле, тезирээк» – деп калды да, трубканы иле салды.

Тургандар көзүмө анча деле учурабады. Деги бир топ эле киши көрүндү. Секретарь бир гана кишини тааныштырды, ал райисполкомдун терагасы экен. Баарыбыз чыгып ооруканага бет алдык. Жолдо келе жатканда алиги төрага:

– Мен азыр ооруканадан келдим, – деди.

– Жоомартты көрдүңүзбү? Кандай экен?

– Көрдүм. Кандай болмок эле, жатат.

Жоомарттын тирүүлүгүнө күмөнүм калбай калган. Артыкча жанагы телефондогу кара жигиттин Фрунзеге айткан сөзүнөн соң. Эми менин оюм: «Кантип Жоомарттын кыйналып, онтолоп жаткан абалын көрөм!» дегенде эле. «Кантип чыдап көрөм!»...– Ушинтип жүрөгүм алепжелеп. Айлана күңүрт, көзүмө эч нерсе көрүнбөйт, ал гана түгүл, жанымда бара жаткан адамдар мага жокко

эсе. Ооруканага тез эле жетсек деймин да, тез эле жетпесек да дейм. Жоомарттын акыбалын көрүү кыйынчылыгы туулду. Бирок ооруканага жеттик. Алдыбыздан эки ак халатчан аял чыгып, бир бөлмөнү көрсөттү. Кирсек, ал врачтын кабинети белем, кимдир бирөө мени диванды көздөй жыга тартып эле:

– Жоомарттан айрылып калганбыз!!! – бакырып ыйлап жиберди. Мен ушул үндү укканда ошол учурда Жоомарттын эми эле жаны чыгып, көлдүн үстү менен учуп бараткандай сезим келе түштү. Мен көл көрүнүп турган терезени карап бакыра бериптирмин. Улам отургузушат, мен болбой туруп, Жоомарттын жаны учуп бара жаткан жакка карайм. Жоомарт! Жоомарт! Ал кайрылгыс учуп кеткенсиди.

Көз жашым кагазга
Көлчөктөп тамчылайт,
Каарданып, карт кайгы
Жүрөктү камчылайт.
Кырк жылды жөнөткөн окуя
Жаңырып, жалбырттайт,
Канткенде жан чыдайт!..
Чыдайт го, чыкпайт го!
Таң калып тагдырым
ал сынайт…

Көрсө, Жоомарттын жаны чыгып кеткенине бир суткеге жакындап калган экен. Анын жаны мурунку күнү, жанагы каза болгон агабызга көңүл айтып барып, мен ыйлап отурган кезимде чыккан экен. Андан берки «Жоомарт тирүү, ал жарадар» деген сөздөрдүн бардыгы көрсө, капкалуу кайгынын дарбазасын ачып, мени жетелеп киргизүүнүн алдындагы даярдыктар экен. Ошону

үчүн бая эртең менен катчынын үйүнөн биз райкомго келип киргенибизде, Фрунзе менен сүйлөшүп жаткан обкомдун өкүлү шашып калып: «Жоомарт тирүү, катуу жарадар, самолет тез жибергиле» дегени да ушундан тура. Натыйжада, аны Фрунзедегилер чын көрүшүп газеталарга жарыяланчу аза билдирүүнү (некрологду) шашылыш түрдө токтотушуп, эки анжы боло калышат. Мага угузган соң кайра телефон чалышып, иштин жайын түшүндүрүшкөндө гана кайрадан билдирүүгө жол берилет.

Ушинтип он жети күн мурда кол булгап коштошуп, Жоомарт Балыкчынын ооруканасында табытта, тармал чачы маңдайына түшүп, кан-сөлү жок, суналып жаткан жеринен көрүштүм!.. Кыргыздар бекеринен: «Жан башка чыгып кетпейт» деген тура!..

Жоомартты көрсөтүшүп, кайра баягы врачтын кабинетине алып келишип отургузду. Менин маңдай жагымда бир кичирээк бойлуу кара жигит улам менин көзүмө учуроодо. Эмнегедир ошол кишини мен башкача түшүндүм да:

«Ушул айбан ар качан менин бактысыз учурларыма күбө боло береби! Бул кайдан ушул жерде пайда болду?!

Муну кандай каардуу кудай айдап келип, табалатып койду менин маңдайыма» деген ызалуу сезим мени ого бетер камчылоодо болду. Көрсө, ал Жоомарт менен машинада бирге болгон обкомдун кызматкери болуп чыкты.

Эмчекте балам Тоңдо калган. Сүтүм ташып, врачтар саадырып жаткан мезгилде Фрунзеден Аалы Токомбаев менен Жапар Садыков (Опера жана балет театрынын директору) келип кирип келишти. Ушул мезгилдеги менин абалымды кагазга жазуу мага азыр да кыйын. Ал эми

Жоомарт менен бирге жүрүп, жанында туруп узаткан Аманкул Куттубаевди көргөн учур... кайгы толуп, майышып турам. Энем, атам бótодой боздоп, чиедей жаш үч баламды элендетип алып келишкен учурларды мен эмес, аны көргөндөргө да эскерүү кыйын чыгаар!..

Адам жүкчүл, адам балбан, эмнелерди көтөрбөйт, эмнелерди жеңбейт! Өлгөндүн артынан өлбөйт!

Ким көргөн,
Ыйлаган адамдын жүрөгүн,
Жоготкон ботосун
Ингендей болкулдап боздошун,
Түнөрө нөшөрлөп
Төгүлгөн жамгырга окшошун?!
Ким көргөн?
Мен көргөм ушунун барысын!
Кылчактай артына,
адамдын ажалга барышын.
Бирок мен көрбөдүм,
Өлгөндүн артынан
Ажалсыз өзү өлүп калышын!

Аманкул Куттубаев Жоомарттын акыркы өмүрүнүн бир канча саатына күбө болушун мындайча баяндайт:

Түпкө келип конушат. Энем бизге бир шырдак жасап койгон экен, ошону Жоомарт машинага салып ала кеткен. Ак көңүлү келгенде Аманкулду: «Кел, жаныма жат»,– деп ошол шырдакты салынып жаткырып алып, аны тамашалагысы келген күнү: «Сен энемдин шырдагын тебелөөгө акың жок»,– деп жаткырбай өзү жатып алычу экен. Ошол күнү Аманкул экөө бирге жатышат. Эртең менен таң ык салганда эле Жоомарт туруп кетет. Басып жүрүп келип: «Тургула! Кечке эле уктай бересиңерби?

Эрте кетишибиз керек» – болуп баарын ойготуп, Аманкулду шырдактан силкип салып, шырдакты машинага салат. Аманкул ачууланат: «Адамга тынчтык бербейсиң, шашмалап эле басып жүрөсүң!» – деп. Чайды тынч отуруп ичпей бир аз ичкен болуп: «Болгула! Тез ичкиле, жөнөш керек!» – деп чыгып кетет. Алар деле шашкан сыяктуу тамактанышат. Жөнөшмөк болуп сыртка чыгышса Жоомарт эч жерде жок.

Чуулдашып чакырышып аяк-быяктан карашат, жок. Машинага түшүп жолго чыгышат, алдыга баса берүүнү чечсе керек деген ойдо болушат. Чынында ошондой болуп чыгат. Демейде эле шамалдай шамдагай жүргөн Жоомарт 6–7 чакырым кеткен соң гана аркасынан жете келишет.

Аманкул ачууланат. Жоомарт кай бирлерде өзүнүн кылмышын мойнуна алганда, унчукпай гана жылмая күлүп коюучу. Ошентип күлүп коюп, Жоомарт машинанын сол жагында, көлгө аркасы менен отурган болот. Чолпон-Атага жакындаганда: «Менин балдарым ушул тушта, көлдүн аркы жээгинде. Мен балдарымды карап отурайын. Аманкул келе ордуңду» – дейт. Аманкул: «Обу жоктонбочу! Ушул жерден сага балдарың көрүнө коймок беле!» – дейт.

Жоомарт болбойт. Аманкул да мойнойт. Ошондо Жоомарт Аманкулду күчкө салып колунан тартып келип өзүнүн ордуна ныгыра отургузуп, өзү анын ордуна отуруп алат да: «Тигине! Тетиги жерде менин балдарым жүрөт. Менин көзүмө көрүнүп жатат… Мен аларды аябай сагынып калдым… Эки-үч айда келемин дедим эле, чыдабайм го.

Москвадан келген соң, келип алып кетпесем болбойт…» – Ушинтип кобурап келе жаткан мезгилде ма-

шине титиреп, силкине баштайт. Натыйжада, үстүндөгү адамдар, бензин куюп алып жүрүшкөн бочкелер, баары учуп түшүшөт.

Андан соң машина инерция боюнча ала салат, Жоомарт өтө күчтүү киши эле, машинаны кырынан бекем кармайт.

Тагдыр экен, машиненин алдында жалгыз Жоомарт калат. Аманкул алыс түшүп, эсине келип, машинаны тегеректеп чуу түшүп жаткан адамдарды көрөт. Жакын жерде талаа ишинде жүргөн дыйкандар келишип, Жоомартты машинанын алдынан алып жатышкан болот. Аманкул келип, Жоомарттын төшүнө бүктөлө келип басылган бутун көрүп: – «Кокуй, ай, Жоке! Бутуң сынып кеткен турак дегенине, Жоомарт бутун колу менен серпип ыргытып:

«Бут жерге кирсин, көкүрөк болбой калды. Ичимде ысык нерсе агып калды!.. Аманкул, тезирээк бир айла таап, Тентини алдыр!» – дейт. Эмненин алдырганы! Ээн талаа, машине жок. Арада мелмилдеген көгүлтүр көл жатса, Аманкулда не айла!.. Баягы энем берген шырдакка салып көтөрүшүп, жөө Чолпон-Атадагы балдар санаториясына алып келишет. Жарылган боордун каны үч саат чамасында агып бүткөндө гана көзүн жумат… Араң гана 34 жаш курагында эмес беле! Көргөнүнөн көрө элеги көп, иштегенинен иштей элеги көп, жалындуу жаштыктын илебинде, күчтүү талант жетектеп, келечекке кулач жайып турган мезгили эмес беле!.. Өкүнүчтүү дүнүйө!!!

Өмүрүмдү баяндап жазып жатам, мен жолумду кайрадан басып жатам. Окуялар тирелип салмактанып өткөн күнгө белчемден батып жатам. Батып жатам, баш тартпай казып жатам. Карaанынан калтаарыган жүрөгүмдөн

кайра өткөзүп капырай шашып жатам. Шашып жатам, жазып жатам, анткени келип турат айтаар сөздүн кезеги. Алдыда үмүт, өткөн күндөн өтүүгө өлчөмдүү өмүр ал экөөнө жетеби?! Кысылат го, мыжыгат го булкуна. Байкуш жүрөк же жарылып кетеби? Шум окуяга кыргыз жергеси солк эте түштү белем. Кыргыз жергесин айтасың! Боордош казак элинин улуу уулу Мухтар Омарканович Ауэзов: «Я потрясен трагической гибелю Жоомарта – закатилась звезда киргизской поэзии. Примите мои глубокие соболезнование. Верный светлой памяти Жоомарта. Ауэзов». – Мына ушинтип өзүнүн катуу өкүнүчүн билдирди. Ушул сыяктуу боордош элдердин маданий өкүлдөрүнөн кептөген телеграммалар келди.

3-июль күнү кыргыз жергеси Жоомартты келбес сапарына узатышты. Бул кайгылуу узатууну Райкан Шүкүрбеков убагында толук жазып, Жоомартка арналган «Советтик Кыргызстан» журналына (№ 8, же 10. 1944-жыл.) «Акын менен коштошуу» – деп жазып чыккан. Ал ошол макаласында мындай деген эле: «Станоктон келген жумушчулар баш кийимдерин колго алышып, үнсүз-сөзсүз акыркы жолу акынга көзүн жиберишти. Согуштан кайткандар кайгылуу карап турушту. Көп сандаган кишилердин чубап келиши кечки саат бештерге чейин созулду. Искусство кызматчылары, наркоматтардын, партиялык жана советтик уюмдардын өкүлдөрү саат бештерде Жоомарттын сөөгүн Кыргыз театрынан көтөрүп чыгышып, кайгынын маршы менен мүрзөгө карай жөнөштү. Атчан аскерлер көчөдө, кварталдарда жан адамды бастырган жок. Кылычтарын байланган согуш кызматчылары көчөлөрдө суз бастырып турушту. Көчөгө чыгып карап турган эл сансыз. Терезелерден көз жашын

аарчып турган кемпирлер баары баштарын ийкеп, «Кош, сүйүктүү акын» дегендей болушат.

Мүлдө кыргыз кан жутуп жоготуп жаткан өмүрлүк жары, үч кызыл чиедей балдарынын энеси 24 жашка гана гүлдөп турган мен байкуштун жаны бектигине таң калбай коюу кыйын. Адам баласынан жүкчүл эч нерсе жок, – деп элде айтылгандай, адам нени көтөрбөйт, көрбөйт!

Биринчи күндөрү кайгыга мас элем. Өңүм-түшүм билинбеген дел сыяктуу бирде көлдөгөн көз жашты токтотууга кубат жетпесе, бирде көз жаш сыгылбай катып деңгиреп калуу адатка айланды. Мен күкүм болуп, жерге чачылып калгансыдым... Кайта биригип, баш көтөрүш ойго кирбеди.

Согуш бүтө элек, анын каары бардык жактан күчүнүн бардыгынча кысып турган мезгил. Согуш мезгилин башынан өткөргөн адамдар жүрөгү титиребей, сай-сөөгү какшабай эске түшүрүү кыйын. Мына ушундай өлкөбүз башынан өткөрүп турган катаал учурда менин башыма кошумча мүшкүл түшсө кантип күкүм болбойм. Же колумда иштеген ишим жок, же ишенимдүү кесибим жок. Бир жыл курсак көтөрүп, экинчи жылы бала эмизүү менен жаш аялметчиликте мединститутта окууну да таштап, кызмат өтөөгө шарт жок үйдө отуруп калган кезим. Эң улуу уулум төрт жашта, кызым экиден бир аз ашкан.

Бирок өкмөтүбүз, партиябыз жаркын таланттуу акыны Жоомарттын дүйнөдөн кайтып кетишине өзгөчө көңүл бурушуп, ага байланыштуу бир канча чаралар көрүлдү. Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Совети, Кыргызстан Коммунисттик (болыпевиктер) партиясынын Борбордук Комитети таланттуу жазуучу, ордендүү Жоомарт Бөкөнбаевдин мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгын терең кайгыруу менен

кыргыз жергесине билдирди. Жоомарттын эстелигин калтыруу жөнүндө айтып, токтом кабыл алынды:

**ЖАЗУУЧУ ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВДИН ЭСТЕЛИГИН ТҮБӨЛҮК КАЛТЫРУУ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ ССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН ПРЕЗИДИУМУНУН УКАЗЫ:**

Кыргызстандын көрүнүктүү жазуучусу Жоомарт Бөкөнбаевдин эстелигин түбөлүк калтыруу максатында төмөнкүдөй чаралар өткөрүлсүн:

1. Ысык-Көл областынын Тоң районундагы Кольцовка селосу Бөкөнбаев селосу деп аталсын.

2. Оштогу педагогика окуу жайына жана Жалал-Абаддын областтык театрына жолдош Бөкөнбаев Жоомарттын аты коюлсун.

3. Поэзия, проза, драматургия жагынан жакшы чыгармалар үчүн жыл сайын Жоомарт Бөкөнбаев атындагы 20 миң сомдук сыйлык белгиленсин.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин
Президиумунун председатели
М. Токобаев

Кыргыз ССР Жогорку Советинин
Президиумунун секретары
В. Кутарева
Фрунзе шаары, 7-август, 1944-жыл.

Мындан бизге өкмөтүбүз, партиябыз кыргыз маданияты, адабияты, искусствосу чексиз жоготууга учурагандыгын айкын белгилөө менен терең маани

бергендигин көрүп турбайбызбы. Элиң, өкмөтүң, партияң, коомчулук минтип турса, кантип оор жоготуунун, чексиз кайгысы жеңилдебесин. Кантип ыраазы болбойсуң. Мен өмүрүмдө эки жолу өлүп күкүмдөндүм да, эки жолу тирилип бириктим, баш көтөрдүм. Мына ошол тириле турган шарттын негизи ушунда жана балдарым өмүрдүн талабы болду. Адамдын баркы бийик бааланган, биздин заманда жашап жатканым үчүн мен бул жагынан өтө бактылуумун.

Турмуш деген турмуш го!..

Бирок талкаланып, эпке келип баш көтөрүү үчүн канча убакыт, канча күч-кубат зарып болду...

Кандай укмуш!
Тийип турган күнүм жок.
Кандай шумдук!
Кармап турган гүлүм жок.
Кандай айла!
Жалын болуп ичим чок.
Айткылачы!
Кайда кетти алганым?
Кайда барып,
Кантип издеп табамын?
Айткылачы, кайда кетти алганым!
Кайда барып,
Кантип издеп табамын?!

Бул жүрөктүн кыйкырыгы эле. Ушул кыйкырыктын күчүнө туруштук бере албастан көкүрөктө бир нерсе үзүлүп кетип, эч качан жалганбай калган сыяктанды. Ошол үзүлгөн нерсе менин сезимимде баягы энем мага баяндап берген таэнем өлгөн күнкү таятамдын комузунун үзүлгөн кылын элестетүүчү болду. Кандайдыр бир

муңканган комуз күүсү күңгүрөнгөн көөдөн тиреп, ыр ыргагы жаңыргансыйт. Ошол кыял менен комузду колума алып чертким келди. Мына ушинтип мен эми бир кылы үзүлгөн комузумду колума алып, көөдөнгө муң батпай, муңкантып черте баштадым...

Ар качан адамдын башына оор мүшкүл түшкөндө элиңе, жериңе таянгың келет, алар дагы сенин жүрөгүңдү бирге көтөрүшкөндөй сезилет эмеспи. Ошонуң үчүн менин биринчи черткен күүм мына бул эле:

Ала-Тоо башың тумандуу,
Кабагың бүркөө көрүнөт.
Ак мөңгү күндүн нурунда,
Мөлтүлдөп жаштай бөлүнөт.

Муңайып маа карайсың,
Муңумду менин бөлгөндөй.
Кайрылгыс кеткен баланды
Касиет тоом билгендей.

Аскадан туруп шаңшыган,
Ылаачын куштун үнүндөй.
Шамалга башын ыргаган
Жайкалган жаздын гүлүндөй.

Акының кетти бөлүнүп,
Дарактын түшкөн бүрүндөй.
Кайгыга көзүн тунартып
Караңгы айдын түнүндөй.

Башын ийип саргарып,
Соолгон гүлүң жайнабайт.

Безендирип күү чалган,
Булбулуң эми сайрабайт.

Чебер тилдин саяпкер,
Шилтеген күлүк каламды.
Эсиңе тоом ала жүр,
Эртелеп кеткен балаңды.

Ушуга чейин ыр жазуу менин оюма да кирип чыккан эмес. Ал үчүн ынтызар да эмес элем. Мен бул муң аралаш, көз жаш менен төрөлгөн саптарды бир алды ыр экенин да капарга албадым. Кайгынын күчү менен убактылуу чыккан жүрөктүн күүсү катары баамдадым. Бир күнү түшүмдө төрт сап ыр көрдүм:

Мөлмүлдөп тунук булак жардан агат,
Көк чөптөн томолонуп тамчы тамат.
Эске салып жанагы көз жашымды
Жүрөктү козгогондо эмне табат?

Жалжылдап булак көзү мага карайт,
Шыбырап алда кандай сөздү жандайт.
Бул дагы жоготконун издегендей
Бурулуп көк шиберди бирден талдайт.

Жүрөгүң балкып турса кубанычка,
Айлана баары шайыр жылмайгансыйт.
Бул булак чындыгында тоо эркеси
Кайгылуу, кандуу көзгө муңайгансыйт.

Ойгонсом, ушунчалык айкын эсимде калган экен. Эртеси дагы эки куплет улап жаздым. Мына ушул күндөн тартып ыр жазуу муктаждыгы пайда болгондой болду. Бирок менде ыр жазыла турган чыныгы мүмкүнчүлүк

бардыгына көзүм жетпеди жана ишене албадым. Ушул өзүмө ишене албоочулук – күмөн саноодон мен көп мезгилге чейин бошоно албадым. Ал түгүл азыр деле мени ээрчип жүргөнсүй берет, күмөндөнө берем. Ошого карабастан ыр жазбай коё албадым. Убакытты өтө көп талап эткен кызматчылыкка үй-бүлөчүлүк, жооптуу аралжысында кичине эле мүмкүнчүлүк болсо ыр жазууга умтулам. Аралжы болсо мүмкүнчүлүк табылса, болбосо жок. Мунум менен мен ырларыма өгөй энедей көз карадым окшоду. Мен ырдын артынан сая түшүп, ал үчүн бир нерседен кечип, ыр жазылуучу шарттарга багыштап коё алганым жок. Балким, ошол үчүнбү, ырлардын көп жазылбагандыгы. Деги эле мен ырды сапырылтып көп жазышты анча каалабайм. Менин көңүлүмдү, жүрөгүмдү бир нерсе ээлеп, ал мени толкутпаса, кандай болсо да жазылышы керек үчүн гана өзүмдү зордой албайм. Ырдабоого, жазбоого эркиңди койбой өзүлөрү суранып турбаса анын элге жетиши да, ыр болушу да кыйын го. Мына ушинтип менин ырым төрөлгөн.

Менин ырым –
Көз жаш менен төрөлгөн,
Чачыраган күн нуруна бөлөнгөн.
Бакыт-таалай ак гүл болуп оролуп,
Олпоктонуп бешигинде төшөлгөн.
Менин ырым –
Ысык жашка киринген,
Ырыскыга табылганын кийинген.
Көк жалбырак, көчөттөлгөн бак-дарак
Көркүн ачып көчөсүндө тигилген.
Менин ырым –
Кайгылуу күн төрөлүп,

Бактылуу күн боюн керип жетилген.
Ачуу-таттуу байгесине кошулуп,
Балдар чуркап ыр тушоосу кесилген.
Ыйда туулган –
Ыйлап турат кезинде
Таалай тапкан күндөр чыкпай эсинде.
Менин ырым ый-күлкүгө аралаш,
Ырдап турат эртең менен кечинде.

Ырдын төрөлүшүнөн да анын төрөлгөнүн ашкерелеп, бирөөлөргө алып барып, ага ак жол ачуу, мына эң кыйыны ушул экен. Артыкча бала кезден талпынып, бир нерселер жазып, аки-чүкүнү анча ажырата элек, курчтук жаш кезинде, алтын көрүнүп тезирээк шакек жасатып колуңа салынып эл көзүнө көрсөтүү жөнөкөйрөөк болсо керек. Ал эми мен үчүн – кыргыздын атактуу залкар акынынын мурда бир сап ыр жазбаган жубайы, акын болуп ыр көтөрүп бирөөлөргө барышы оңой эмес эле. Анын үстүнө Жоомарттын кайтышына байланыштуу жазып жүргөн нерселер менин сезимимде ырдай эмес болучу. Мен ушул жылдары адабий китептерди көп окуп жүрдүм, бош убактымдын бардыгында китеп окуймун. Ошол мезгилде Италиянын биринчи акын кызы Виттория Колонна (1492–1545) жөнүндө окудум. Ал 33 жашында жубайы Маркграф Пескарский согуштан каза болот. Мына ошол мезгилден тартып, Виттория күйүттүн күүсүн чертип, муңга толгон көкүрөк зарын ырдай баштайт. Ал ушунусу менен акын атка конот. Бул жөнүндө окуган соң мага «биринчи жолу менин жазгандарым дагы ыр белем. Акындык шык болбосун деген ой келди. Ушул жазгандарымды бирөөлөргө көрсөтүп, басмага алып баруу ой дагы ушундан келди. Үч жыл толгондум, кыйнал-

дым, нечен жолу «Советтик Кыргызстан» журналынын эшигинен кирбей кайттым. Бир күнү дагы кире албай кетип жатсам, Кубаныч Акаев орой-парай чыгып калды. Ал ошол журналдын жооптуу секретары эле. Ал-жайды сурап, эмне үчүн келишимди такып калган соң, айлам кетип кара терге түшүп жатып ырымды сундум. Эч кимге көрсөтпөй окуп, жарабаса тытып салуусун сурадым. Ошол ыр 1947-жылы журналдын бетинен жарык көрдү.

Бул боюнча «чийки ырды чыгардыңар» – деп жеме укту. Мен эми экинчи бир жерге ыр алып баргыс болдум. Ырга чекитти олчойто коюуну ойлодум. Менин тажрыйбамдын жоктугу экен да. Ошол мезгилде бир топ эле ырлар жазылып калган. Кнйинчерээк көпчүлүгү менин «Заманым» аттуу китебимде жарык көрдү. Ошол ырлардын бир канчасын редакцияга бергенимде, алар тандап, дурусураактарын чыгарып коюшу ыктымал болучу. Анда баягы мен дагы, редакция дагы жанагыдай жеме укпай калат белек. Ким билет...

Ошол «Заманым» аттуу китебиме да ар түрлүү ойлор айтылды. Абдырасул Токтомушев «Жакшынакай ырлар» аттуу макала жарыялады. Байдылда Сарногоев келип өзүмө: «Эже, китебиңизди окуп чыктым. Ушундай да жазасызбы! Артыкча Жокем жөнүндө жазылган ырларыңызга каңырыгым түтөдү. Чыныгы шык менен жазылган ырлар» – деп. Ал эми кийинчерээк Омор Султанов: «Мен эженин Жоке жөнүндөгү ырларын окуп, ушундай жалындаган таланттуу акын арабызда жүргөнүнө убагында көп деле байкабаптырбыз» – деп, бир чогулушта айтты. Ал эми ушул эле ырларга башкача айтылган пикирлер да болду. Бир мезгилдери кайсы жыл экени эсимде жок. Жаңылбасам, 1962–1963-жылдары кыргыз поэзиясынын

ал-абалына байланыштуу талкуу-кеңешме өттү. Ошол кеңешмеде бир сынчы менин ырларымды катуу сынга алып, пессимизм, аскетизм, архаизм өңдөнгөндөр менен жабуулады. Ошондо Абдырасул Токтомушев чыгып, сынчынын оюна каршы пикир айтты да: «Бул ырларды окуган адам кайдыгер калалбайт. Адабиятты түшүнгөн адамдар жанагы сынчынын оюна макул боло албайт» дегендей пикир айтты. Аалы Токомбаев да: «Мен бул китепти барактап чыктым. Мага жакшы таасир калтырды, сокур чымыны бары көрүнүп турат» – деди. Ушинтип бир жагдай гана ой угуш да жакшы экен.

Акын болуудан үмүтүм үзүлдү. Балдар бой көтөрүшүп калган мезгил. Бизге каралашуу максатында энем келип бирге жашай баштады. Эми мен эмгектенүүнү чечтим. Бирок алдыда көп кыйынчылыктар турду. Анткени чындап келгенде мен куру кол сыяктуу абалда экенмин. Техникумду бутүрүп алган кесибим (фельдшерлик) эбак унутулуп калган. Мен ал кесибимде болгону эки ай гана кызмат өтөгөм. Башка кесибим жок. Партиянын катарында да жокмун. Комсомолдун жашынан өтүп кеткем. Борбордук комсомол комитетинде иштеп турган мезгилде партияга өтүүгө даярданып жүргөн элем. Ал мезгилде 10 жыл партиялык стажысы бар үч адам күбө болушу зарыл эле. Мен үчүнчү адамды жаңы таап, макулдугун алган мезгилде өйдө-төмөн болуп кетти.

Кызматка орношууга 1946-жылдан тартып эле аракет жасадым. Бирок орношо албадым. Кызмат сурап кайрылган мекемелерде мага ылайыктуу иш табылышы оңойолтоң болбоду. Менимче, эң негизи – менин партияда жоктугум жана кесипсиздик болду. Дурусураак кызматка коюшка партияга мүчө болуш зарыл, майда-чүйдө ишти

ыйгарууга Жоомарттын кадыры жана өзүмдүн мүмкүнчүлүгүмө карап батынышпады окшоду. Муну мен түшүнүп: «Кандай иш болсо да иштейм» дегениме карабай тартынышты белем. Эми мен окуп алуунун аракетинде педагогиялык институттун кечки мезгилде окуучу бөлүмүнө кирдим. Ошону менен бирге Жоомарттын толук жыйнагын басмага даярдоого киришип, Жазуучулар союзунун макулдугу менен үч томдукту түздүм. Ушул эле мезгилде партияга мүчөлүккө өтүүгө аракеттенип, даярдык көрүүгө умтулдум. Бирок кийинчерээк, толук жыйнактын жооптуу редактору эмнегедир мен түзүүчү болгонумду жактырбады. «Өкмөттүн токтому боюнча чыгарылуучу жыйнак болгон соң илимий мекеме даярдап, илимий ишмер түзүшү зарыл. Үйдө отурган аялдын түзүүгө кандай муктаждыгы бар» – деп, ынандыруусунун натыйжасында, менин эки жылдык эмгегим бекерге чыккансыды. Бул мага оор тийди, айла канча... Жыйнакты түзүүгө өз алдымча бир топ даярдык көргөм. Бир топ орус классиктеринин жыйнактарынын түзүлүү шарттары менен таанышып, алардын үлгүсүнө таянууга аракеттер жасагам. Колуман келишинче комментарийлер менен жабдыгам. Бул сапар аракетим бекерге чыкканы менен мындан кийинки Жоомарттын басмадан чыккан китептеринин бардыгын дээрлик өзүм түзүп, кай бирлерине өзүм баш сөз жазып келүүдөмүн.

Ушул биринчи жолу чыгарууга даярдалган үч томдукту түзүү эмгегим бекерге кетти дегим да келбейт. Биринчиден, кийинки мезгилдери Жоомарттын чыгармаларын жарыкка чыгарууда пайдасы тийди. Экинчиден, 1947-жылы партияга мүчөлүккө кандидат болуп өткөнүмдө ошол мезгилдери үч томдукту түзүп

жаткандыгым көңүлгө алынды. Партияга өткөн соң дагы баягыдай кызмат издөөгө аракеттендим. Райондук жана шаардык партия уюмдарында иш караштырып, орноштуруууга аракет көрүп жатышты. Бир күнү мени шаардык партия комитетине чакырышты да, Биринчи май райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басарлыгына сунуш этишти. Чынын айтсам, бул сунуш мени өтө сүрдөттү. Мурун советтик иште болгон эмесмин. Кандай иш, эмне иштейм мен үчүн караңгы. Шаардык партия комитетинин биринчи катчысы Б. М. Дядюченко: «Бардык адам энеден бар-жокту билип туулбайт. Үйрөнөсүз. Төрагаңар тажрыйбалуу, жакшы киши, үйрөтөт. Биз дагы жардам беребиз. Борбордук комсомол комитетинин катчысы болуп иштеген соң мында деле иштеп кетесиз. Кам жебей, белсенип бара бериңиз» деген акылын айтты. Андан соң Фрунзе областтык партия комитетинде да мени менен сүйлөшүү болду. Ушинтип мен Биринчи май райондук аткаруу комитетине кызматка келдим. Аткаруу комитетинин төрагасы И. И. Корсаков жылуу кабыл алып, иштер менен, аппараттагы кызматкерлер менен тааныштырып чыкты. Ошол күнү райондук кварталдык комитеттердин кеңешмесин өткөрүү белгиленип, чакырылып коюптур. Корсаков ушул кеңешмени өткөрүүнү мага тапшырды. Бул мен үчүн күтүлбөгөн иш. Ал кеңешме мен үчүн табышмак. Квартальный комитет дегендер кимдер, алардын милдеттери эмне эч кабардар эмесмин. «Эмне маселе боюнча, кандайча өткөрүш керек?» деген суроомо Корсаков: «Көчөлөрдү тартипке келтирүү жөнүндө, райкомхоз билдирүү жасайт, ошондон иштин мааниси түшүнүктүү болор. Мен шашып жатам», – деп кетип калды.

Бир аздан соң кварталдык комитеттин председателдери чогула баштады. Жалаң эле аялдар, райкомхоздун бөлүм башчысы узун бойлуу арыкчырай киши: «Кеңешмени сиз ачыңыз, өзүңдү тааныштырып туруп, мага сөз бериңиз, анан сүйлөөчүлөр сүйлөп болгон соң өзүңүз жыйынтыктайсыз» – деди. Жүрөгүм алеп-желеп!..

Сүрдөнүп жатып кеңешмени баштап, өзүмдү тааныштырдым. Болгон сөздөргө өтө кунт коюп угуп отурдум. Түшүнүксүз эч нерсе деле айтылган жок. Сөз – шаарга бак тигүү, көпүрөлөрдү, артыкча кечөден короого кире берчү көпүрөлөрдү тартипке келтирип, жок жерлерге салуу маселеси. Жана шаарды тазалыкта сактоо, убагында акыр-чикирлерди чыгартып, өрттөтүп туруу өңдөнгөн нерселер. Райкомхоздун башчысы кварталдар кандай абалда экенин, кайсы кварталдык комитеттин төрагасы кандайча иш жүргүзүүдө, ушуга толук токтолгон, ошого карата сөздөр болду. Аягында эми мен жыйынтыктамакчы болдум. Эмне айтыш керек, оюм анча деле даана эмес. Ордумдан туруп, кантип башташты билбей калдым да, анан райкомхозго кайрылып:

– Көбүрөөк жумушчуларды жалдап, аларга убагында тыйынын төлөп, иштеле турган иштерди тездетүүгө аракет жасалыш зарыл тура,– дедим. Отургандардын кай бирлери бырс этип күлүп жиберишти.

Райкомхоз шашкан сыяктуу:

– Ушул иштерди жүрүзүүдө райисполкомдо акысыз көпчүлүктүн ыктыярдуу демилгеси менен бир тыйын каражат жок иштелүүчү нерсе, – деди.

Мен эч нерсеге түшүнбөй: «Кайсы көпчүлүк кишилер?» – дегениме, дагы күлкү чыкты. Бир сулууча келген аял ордунан туруп:

– Жолдоштор! Бул жерде күлө турган эч нерсе жок.

Бул адам болсо жаңы, биздин иш менен башта тааныш болбосо керек. Эртең менин кварталыма келиңиз. Мен бардык иш менен тааныштырып чыгайын. Эч кандай татаалдыгы жок. Жөнөкөй гана тиричилик,– деп мага күлүмсүрөдү.

Мен жандана түштүм белем:

– Чынында мен үчүн баары бейтааныш иш. Мен эртеңден баштап жолдош райкомхоз менен бардык кварталдарды кыдырып таанышууга киришем. Жакшылап тааныштырып берсеңер мен чоң ыраазы болом,– дедим.

Мен өткөргөн биринчи кеңешме ушундай өттү. Иван Иванович Корсаков келип, кеңешме кандай өткөнүн сурады.

– Жаман өттү,– дедим. Ал мага элее карады да:

– Эмне үчүн? – деп жиберди.

– Мага таптакыр таанышсыз иштер жөнүндө сөз болгондуктан – дедим.

– Аа, эч нерсе эмес, бат эле таанышасыз, татаал эч нерсе жок. Бөлүм башчыларын ээрчитип алып эле казанда кайнай баштасаңыз, баары жайында болот,– деп күлдү ал.

Мен ичимден: «Менин ордумда болсо көрөр элем»– ушундай ойго келип, эч нерсе дегеним жок. Бирок колдон келишинче аракеттенип, эң оболу райондун бардык тармактагы иштери менен таануу зарылчылыгын ачык түшүндүм. Эртеси райкомхоз экөөбүз баягы сулууча аялдын кварталынан баштадык. «Кызыл металлист» заводунан баштоону чечтик.

– Жүргүлө, ушунун директору мени адамча көрбөйт. Сүйлөшкүсү да келбейт. Эки жерге кире турган көпүрө

жасашы керек болучу. Короосунда дөбөлөп үйүлгөн акыр-чикир ташылбайт, заводдун айланасын жашылдантуу жөнүндө оюна да кирбейт.

Жолдош Жунушбаева, мен дагы бир нече жолу болгом, директор эч кимди теңине албайт. Балким, сизден ыйба этер,– деп калды райкомхоз.

– Мейли барып көрөлү, дедим. Бирок өзүм чочуңку бардым.

Директор кара тору, жашыраак жигит экен. Бизди келгиле дегенге да жарабады. Өзүнүн кызматкери менен сөзүн бүткөнчө күтүп отурдук. Акыры бизге көңүл бурган болду:

– Менин кулагым силерде.

– Бизди тааныйсың, көп эле көрүшүп жүрөбүз. Бу киши райисполкомдун төрагасынын орун басары, – деди райкомхоз Артемьев.

– Жакшы, кандай маселе менен?

– Силерге тиешелүү заводдун айланасын тартипке келтирүү маселелери менен көптөн бери кайрылышат экен, бирок натыйжа жоктугун көрдүк, – деди.

– Бул маселе боюнча, менин орун басарыма кайрылгыла, ошол жооп берет.

– Орун басарыңыздан өзүңүз талап этиңиз. Биз сиз менен гана сүйлөшүүбүз керек. – Мен дагы чыйрала түштүм.

– Мен шашып жатам, мени горкомго чакырып жатат.

– Эң жакшы, анда баарыбыз бирге барат экенбиз.

– Бул маселелерди ошол жерде чечпесек болбос белем. Мен орун басарымды чакырайынчы.

Орун басары келип, коюлган маселелер 10 күндүн ичинде аткарыла тургандыгына убада берилди.

Ушул кичинекей окуя мага жаңы киришкен жооптуу, татаал, көп кырдуу ишке өзүмө каидайдыр бир өлчөмдө ишенич алып келди.

Мындай чыккан соң жанымдагылар да мени кубаттапшып: «Азаматсыз! Булар менен үшүнетип сүйлөшүш керек», – дешти.

Мына ушинтип Биринчи май районунда мен ишимди баштадым. Экинчи эле жолу жүрөгүмө жакын райден соолук бөлүмүнүн башчысы Бекмукамбетов менен ага тийиштүү мекемелерге бардык. Андан соң райфонун башчысы А. Сүйүнбаев жана райОНОнун башчысы Дзюба ж. б. бөлүмдөрдүн бардыгы менен чын ыкласымды коюп кеңири таанышууга аракеттендим. Бөлүм башчыларынын баары ишти жакшы билген, адамгерчиликтүү жакшы адамдар, күчтүү кызматкерлер экен. Ал эми аткаруу комитетинин жооптуу секретары – бир колун согушка жулдуруп келген жаш жигит. Өтө ишине берилген, тыкан, ыймандуу адам. Ал үчүн убакыт өлчөмү жок сыяктуу, качан болсо жалгыз колу менен бир нерсе жазып, же окуп жаткан болот. Канча токтомдун долбоорлору, чечимдер, каттар, буйруктар ушунун колунан өтөт. Мен ушундай таптакыр тааныш эмес ишке келип, аны өздөштүрүп, иштеп кеткендигим үчүн ушул адамдарга милдеттүүмүн да, чексиз ыраазымын. Ушул убакка чейин жүрөгүм жылып, ушуларды эскерем. Менин бул райондо иштешим–көп нерселерге үйрөтүп, такшалтып, көзүмдү ачты. Мен үчүн өзүнчө чоң мектеп болду. Адамдарга мамиле жасоону да, адамдарды тааный билүүнү да ушул жерде түшүндүм. Бир жыл чамасынан кийин ушул жерде председатель болуп калдым. Район алдыңкылардан болуп, ийгиликтерден ийгиликке жетишип турду. Мунун бардыгы мен үчүн кымбат эле.

Ушул ишиме ыраазы болчумун. Күндөн-күнгө такшалып, иш мага кызыктуу.

Бирок жогору жактарда мага башка иштерге көтөрүү жөнүндө аздап сөз жүрө баштады. Биринчи жолу Горкомдун биринчи секретары Дядюченко чакырып калды. «Эмнеге чакырды экен, дагы бир нерсе чыктыбы?» деген ойдо бардым. Анткени бир аз мурда Дядюченко мени чакырып алып:

– Сен эмне үй-жайларды өзүңдүн туугандарыңа бере баштадың? – деген.

– Кимге?

– Токтомушев менен Исак Шайбековго берипсиң, алар сенин тууганың имиш.

– Мен эки жазуучуга бердим. Экөө тең кыргызга белгилүү адамдар. Үйлөрү жок, өзүмдүк үйдөн ээси чыгарып салып, талаада калышыптыр. Алар кай жерлик экенин билбейм.

Чынында эле билбегем. Токтомушев да, Ысак Шайбеков да көптөн бери үй сурап келип жүрүшчү. Ал кезде жаңы үй көп салынбачу. Эски квартиралар деле өтө аз бошойт. Эң оор маселе райондо ушул эле.

Бир күнү районду кыдырып жүрүп кабинетиме келсем, үстөлдүн үстүндө төрт сап жазылган ыр жатыптыр. Окусам Токтомушевден. Мааниси: «Мен балдарым менен талаада калдым, өлүмдөн башка айла жок», – ушул сыяктуу. Мурунку күнү үй башкармасынын бириси бир бөлмө бошоп, анын ачкычы колунда экенин айткан. Кимге беришти чече элек болчубуз. Ошол бөлмөнүн ачкычын алдым да, туура эле мурда Токтомушев турган үйгө бардым. Барсам короонун ортосунда үйүлгөн эмерек, анын үстүнө жууркан чүмкөнүп 3–4 баласы, жанында аялы

отурат. Биринчи жолу кыламыктап кар жаап турган. Бопонай жеңе ыйлактап эле тура калды.

– Күйөөңүз кайда?

– Эртең менен эле кеткен, үй издеп жүрсө керек.

– Мына, бул ачкычты алып, ушул адреске барып, үйгө киргиле. Бүгүндөн калбай ээлегиле, антпесе бирөөлөр кулпуну бузуп кирип алышы мүмкүн,– дедим.

Жеңе бышактап ыйлап, сүйүнгөндөн далбасалап калды. Келип үй башкаруучуну жибердим, кайтарып туруп Токтомушевди киргизип, анан мага айткын деп.

Ушинтип Токтомушев үйлүү болду. Ал эми Шайбеков болсо, эки үй-бүлө бир үйдө жашачу. Биринен бири өтмө, эки бөлмө. Төркү чоңураак комнатасында бир үй-бүлө, оозгу кичинесинде Шайбеков үй-бүлөсү менен турушчу. Аксакал дагы мага көп келип жүргөн. Атактуу «Кайран элдин» автору үчүн, жана аксакал карыялыгы үчүн өтө сыйлачумун. Бирок үй жагынан жардам беришке мүмкүнчүлүк болбой жатты.

– Айланайын, кызым, төркү үйдөгү коңшум көчүп кетти бүгүн. Бирок ар жакта турган дагы бир кошуна уул-келинин зордоп эле киргизип жатат, – деп.

Мен райондук милициянын башчысын алып барсам, Шайбековдун айтканы туура чыкты. Ээнбаштык кылып, зордуктап кирип жаткандарды тартипке чакырып, бошогон комнатаны Шайбековго бердик. Ушинтип, бул киши да үйлүү болуп калган. Булардын кайдан экенин сураштырсам, экөө тең кеминдиктер болуп чыкты. Мен булар тондук белем деп, чочулап калгам. Дядюченкого барып түшүндүрсөм: «Алардын башка болушканы жакшы болду» – деп койду.

Булар кайдан гана болбосун мен үй бермекмин, ал эмес Тоңдон болсо да.

– Тоң эмне? Эмне үчүн Тоң дейсиң?

– Тоң менин туулган жерим.

– Аа! Анда сага бир топ сөз тиймек.

– Мен мындай маселени түшүнбөйм.

– Керек болгондо түшүнөсүң. –Дядюченко күлүп койду.

Бул мага коюлган биринчи «айып» болучу. Бирок мүдөөсүнө жетпеди. Бул сапар дагы бир нерсе үстүмдөн түшө калды бекен, түпөйүл ойдо барсам, Дядюченко мени шаардык Советтин аткаруу комитетине орун басарлыкка көтөрүү ою бардыгын айтты.

Мен районду жаңы эле өздөштүрүп калган кезимде, которулуунун кажети жоктой оюмду айттым. Дядюченко көрө жатарбыз дегендей узатты. Күндөр өтүп бул жөнүндө кайра сөз болгон жок.

Эл көзүнө көрүнө калдым... Албетте, мындай иште жакшы көрүнүү, жаман көрүнүү экөө тең болоору закондуу нерсе эмеспи. Анын үстүнө райкомпартиянын бюро мүчөсүмүн. Анда көп маселелер каралат. Көп иштин, адамдардын тагдыры чечилет. Райондо экинин бири болгон соң, ар түрлүү шартта, ар кандай маселелерге кандайдыр бир өзүңдүн оюң, ишеничиң, ордуң болот да. Ошондуктан сага ыраазы болгондор да, болбогондор да келип чыгышы ыктымал. Адамдар өзүлөрү канчалык күнөөлүү болсо да, өзүнүн кемчилигин көрүп, кетирген айыбын билип турса да, ар качан кечиримдүүлүктү күтөт, ал эмес талап кылат. Мына ошондой учурда анын пайдасына айтылган сөз майдай жагып, башкача айтылса бычактай тийип турат го чиркиниң. Эгерде адилеттикте, иштин чындыгына карай мамиле болсо, ал же жагат, же жакпайт. Кай бирде жаңылыш түшүнүк, туура эмес баамдоо да болбой койбойт да.

Ушинтип дагы көзгө көрүнө баштадым. Дагы да өзүңөргө белгилүү мен кыз кезимде көрүнүктүүлөрдөн болуп, эл оозунда жүргөн элем. Эми айткан болор мактанычка жатпас, жаш кезимде мактанбаган эми мактануумун кандай кажети бар. Отузунчу жылдардын ичинде менин үлгүмдө бир кылка жаштар тарбияланган десем апырткандык болбос. Азыр дагы менин замандаштарымдан угуп калам: «Биз окуп жүргөндө мугалимдерибиз Жунушбаевадай болгула, ошондой окугула, ошондой ишмер болгула дечү».

Көзгө көрүнгөн адамдын айланасында дос-душман пайда болоору белгилүү иш. Фатима Нургазиева – Кыргыз ССРинин социалдык камсыздандыруу министрлигинен Кыргыз ССР саламаттык сактоо министри болуп көторулуп калды. Эл арасында мени Кыргыз ССР социалдык жагынан камсыздандыруу министри болот имиш деген сөз жүрүп калды. Андан бир канча убакыт мурда Кыргыз ССР маданий агартуу мекемелер боюнча комитетинин (ал кезде өзүнчө мекеме болучу) председателдигине Борбордук Комитетине чакырышып, макулдугумду алып коюшуп, жымжырт болушкан. Эмне үчүн мындайча болду сурагандан уялып, мен да унчукпай калгам. Бул сапар мени чакырып эч ким сүйлөшкөн жок. Бирок шаарда сөз катуу жүрүп калды. Ал эмес ушул мезгилде, Кыргызстандын XXV жылдык юбилейи өтүп жаткан учурда, Жапар Садыков мындай деди:

Кечээ, Нургазиева экөөң салтанаттуу чогулуш башталаарга жакын залга келип отуруп жатканыңарда, казактын делегациясы: – Булар ким? – деп сурап калышты.

– Экөө тең министр, – дедим.

– Жапаке, бекер кылгансыз. Жок нерсени айта бересизби!

Элдин баары эле айтып жатпайбы. Бул маселе чечилген имиш. Юбилей өткөн соң министр болосуң.

Өзүнүн колунда тургандай айтышына капа болдум.

Эл оозу элек! Кимди тыясың. Ал да укканын айтып жатты да.

Бир канча мезгил өттү. Мени баргызган министерствого башка адам министр болду. Мен Нургазиевадан сурандым, жогорку жактан тиешелүү кишилерден акырын сурап көрүшүн, эмнеликтен сөз чыгып, сөз бойдон калып жатышын. Ал сураптыр. Сөз болгону да чын экен. Ошол мезгилде менин үстүмдөн тоголок каттар түшөт. Ал мезгилде тоголок каттардын арааны жүрүп турган учур. Нургазиева сүйлөшкөн адам: «Мен билген аялдардын көбүнөн сергек, ишмерлүүсү ушу Жунушбаева. Мен чындап колдогом. Бирок эмнегедир үстүнөн көп тоголок кат түшүп жатат» – дейт.

Мына ушул мезгилден тартып, менин өмүрүмдөгү оор күндөрдүн дагы бир этабы башталды. Жамандык башыңа түшкөндө адамдар кандай боорукерленишет. Алар чыны менен боорукерленишет, аяшат. Ал эми жакшылык башыңа консо кечээги эле сени жамандыкта аяган, чындап эле боору ачыган адамдар ошол боору ачыганчалык деңгээлде сага кубанышпайт. Ал түгүл акырындап алардын жүрөгүнөн ич тардык, көралбастык сезим орун алат. Эмне үчүн ушундай? Буга жооп табыш кыйын... Ал эми бирөөнүн жамандыгына анча боору ачыбай, жакшылыгына кубанбай турган мерездер да кезигет, таалайга жараша алар сейрек.

Көп узабай мени Фрунзе обкомуна чакырып калышты. Анда менин үстүмөн түшкөн тоголок кат менен тааныштырышты. Кат узун жазылган. Толуп жаткан айыптар

бар, Жоомарттын кайтышына карата, динге да, саясатка таяган айыптар, атамды кулакка да тартышат, жүрүш-турушума колдорунан келишинче көө шыбалган. Жаш, бойдок аялды көөлөө кымбатпы?

Нургазиеванын бир жолу айтканы ушуга байланыштуу эске түшөт. Экөөбүз жүргөндө мен аны: «Эркектер менен көп сүйлөшпө, сөз кылат», – деп коргой берет экем да. Ал: «Ой, мурда сени жакшы биле электе уккан сөздөргө ишенип: «Сулуу, жаш, бойдок неме болсо болоор» – дечүмүн! Көрсө, сен байкуш, көлөкөңдөн корккон кургур турбайсыңбы» деген.

Көөлөнгөн сайын көңүл чөгөт. Ошондуктан кийин жүрөк сыздап, минтип ырдагам:

О, адамдар, кубанчыңа кубанам,
Таалай тилеп силер үчүн суранам.
Керегиңе жарабасам кээ бирде
Мен өзүмчө күнөөлүүдөй уялам.

О, адамдар, өмүр тилейм баарыңа,
Көп ойлоном калбасам деп каарыңа.
Капаланып кай бирлерде таарынам,
Кара мүртөз кээ бир ичи тарыңа.

О, адамдар, сыймыктанам жакшыңа,
Мен өзүмдү тартуу кылам алдыңа.
Кезегинде көлөкөсүн түшүрдү
Көрө албастар көк жалбырак бактыма.
Ушакчылар ууландырды гүлүмдү,
Мезгили жок саргартты го бүрүмдү.
Жакшынакай жайнап күлүп турганда
Жабуулантты жаркыраган күнүмдү.

Обком партия текшерип, өзүм менен сүйлөшүп туруп бул катты жабышты. Ушунун бардыгы менин көңүлүмдү өтө бузду. Менин жаныма тынчтык берилбесин сездим да, кызматтан кетүүнү ойлодум. Жөн эле арыз берип кетип калуу мүмкүн эмес, ошондуктан эки жылдык республикалык партия мектебине окууга жиберүүнү сурандым. Суроом кабыл болуп, окууга кеттим. Бул мени көздөн далдаа жүрө туруу максатым жана билимимди көтөрүп алуу да керек болду. Бирок көздөн далдаа боло албадым… Кара кагазды мыкчый кармагандардын колдору ал жерге да жетти… Биринчи курсту бүтүп жаткам. Окуум жакшы.

Дагы Фрунзе обкомуна чакырылдым. Жакында эле экинчи секретарь болуп келген Скляровдо болдум. Ал киши өтө суз, салкын кабыл алды. Жүрөгүм бир нерсени сезгенсиди. Менин үстүмөн түшкөн каралоо катты айтты да, суракка ала баштады. Жообумдун көпчүлүгүн аягына чыга айттырбайт. Силкилдеп буруп кетет. Бул бейтааныш, мени биринчи көргөн кишинин мындай мамилесине таң калуудамын. Чолуй-чолуй сүйлөшүп: «Эртең саат он бирге бюрого келиңиз» – деди. Мен көп камырабадым, көп болсо эскертүү беришээр – деп ойлодум. Мурдагы тоголок каттагы коюлуп жүргөн «айыптардан» башка жаңылык партияга киргенде уставды бузган, күбөлүк берген кишилер бирге иштешкен эмес, кызмат жүзүндө билишпеген. Мен мына ушул үчүн гана эскертүү алам го дегем. Башка «айыптар» мурда текшерилип жокко чыккан.

Партияга Жазуучулар союзунун баштапкы партиялык уюмунан өткөм. Күбөлүк беришкендер: Темиркул Үмөталиев, Төлөн Шамшиев жана Ясыр Шиваза. Бардыгы

мени жакшы билген кишилер. Комсомол кызматыман да, кийин Жоомарттын мурастары боюнча жана анын толук жыйнагын түзүү ишинде да. Комсомолдун Борбордук Комитетинде иштеп турганда Төлөн Шамшиев «Ленинчил жаш» газетасынын редактору болуп иштеген. Иш боюнча жакындыгыбыз бар эле. Темиркул Үмөталиев – Жазуучулар союзунун төрагасы, Борбордук комсомол комитеттин мүчөсү. Ясыр Шиваза – Жазуучулар союзунун секретары. Эртеси обкомпартиянын бюросунда мени партиядан чыгарып коюшту. Коюлган күнөө: «Партияга туура эмес кирген, партиянын уставы бузулган». Менин күбөкерлеримдин баарысы сөгүш алышты. Жер астын-үстүн болуп араң сыртка чыктым белем. Бул окуяга ишенгим да, ишенбегим да келет. Кайда барышты билбедим. Үйгө баргым келбеди. Ансыз да жалгыз кызы үч жаш бала менен гүлдөп турган жашында жесир калып, күйүтү күчтүү, көзүнүн жашы тыйылбай калган энеме баруудан айбыктым, аны аядым. Балдарым менин көз жашымдан жадаган бечараларга дагы көз жаш менен келүү кыйын эле. Ыйлабай туралбадым. Сыртка чыккандан тартып эле көз жаш төгүлө баштады. Көп мезгил кишиси аз көчөлөрдө сенделе бастым. Акыры курбумдун – Уруяпсанын үйүнө келдим. Уруяпса Сагынбаева – менин бала кезден берки курбум. Жакшы күндөрдө да, жаман күндөрдө да жанымда болот. Көп убакта мен аны караан тутам. Зеригип жалгызсырасам ага барам, капаланып ыйлагым келсе да ага барам, кубансам да бөлүшкөнү ага барам. Ошону үчүн дагы ага келгеним. Анан кайда барам!..

Бир аз көкүрөк желим чыгып, үйгө кеттим. Энем менин кейпимен эле түшүндү... Балдарым деле сестенип мен үчүн бир жаман иш болгондугун сезишти. Эмне кы-

лаарымды билбей караан туткансып, эртеси Жазуучулар союзуна бардым. Бир канча кишилер турган экен, алардын арасында Шиваза бар. Мени бирөө: «Ясыр, силер сөгүш алыпсыңар го» – деп калды. «Бир кишиге күбөлүк берип сөгүш алдым» – дептир.

Мен башка чапкандай, сыртка чыктым. Өмүрүмдө тике бетиме айтылган ушундай катуу сөздү биринчи жолу угушум. Бирок кээде ушундай сөз чыйралтат белем. Мурунку түнү оюма эмнелер келбеди, өмүрдөн кечүүнү да ойлогом. Ал минуталык гана алсыроо болучу. Үч баласы бар адам ага баруусу мүмкүн эмес да. Мен чыйралган боюнча партшколдун ректору Александр Никитич Исаевге жөнөдүм. Бул кишиден деле күмөнсүп, кандайча мамиле жасаарына көзүм жетпей бардым. Адамдардын баары эле мага мээримсиздей сезилип калган.

Александр Никитич уккан экен. Кандайдыр бир камкордук, аяган сыяктуу жылуу мамиледе кабыл алды. Жүрөгүм басаңдай түштү.

– Келиңиз, эмне болду? Мага толук айтып бериңизчи? Капа болбоңуз, бардыгы өз ордуна келет. Эгер өзүңүздө айып болбосо, – деди.

Мен коюлган «күнөөнү», болгон ишти болгондой айтып бердим. Александр Никитич:

– Эгерде мага айтканыңыздын баары чындык болсо, бул жерде эч нерсе жок. Баары жакшы бүтөт. Партияда каласыз. Кандайдыр бир шашылыш, тактоосуз чечилген маселе сыяктуу, Кыргызстан КП Борбордук Комитетине арыз жазыңыз. Көрөсүз, баары жайында болот, ушуга ишенип коюңуз. Кичинекей балдарыңыз бар, көп капаланбаңыз. Балдарды ойлоңуз. Турмушта ар түрдүү иш болот. – Ушул өңдөнгөн жылуу сөздөрүн айтты. Арызым-

ды жиберүүдөн мурда ага көрсөтүүмдү сурады, жакшы жазылышына жардам бермей болду. Эми мен канат байлап чыктым. Жакшы сөз жан сергитет да. Жакшы адамдар бар экендиги мындан бетер кубаттандырды.

Өзүмдүн классташтарыма барсам, алар андан бетер мени аяшып, чуу болушту. Арызды чогулуп жазмай болдук. Менин жолдошторум Аня Костюкова, Наташа Быстрицкая, Пастухов жаны калышпады. Төртөөбүз шаардан келгенбиз. Бири-бирибизди жакшы билчүбүз. Аня Костюкова шаардык партия комитетинде иштечү, Наташа Быстрицкая райком партияда иштечү, Пастухов шаардык Советинин аткаруу комитетинде. Төртөөбүз класста дайыма бирге отуруп, сабакты көп мезгилде бирге даярдайбыз. Наташа Быстрицкаянын үйүнө чогулуп алып Кыргызстан КП Борбордук Комитетине менин арызымды жаздык. Быстрицкая улам кыжырланат: «Мен кыргыздарды бир кезде жакшы биле элегимде булар өтө ынтымактуу, бирин бири колдогон улутчулураак эл болсо керек, – деп ойлочумун. Көрсө, буларда деле ичи тарлар, көрө албастар бар экен. Бирөөнү кызматка көтөрүү жөнүндө сөз болсо эртеси эле 15 тоголок кат даяр болот. Буга мен райкомдо иштегенден тартып көзүм жетти»,– деп.

Катты нечен окуп, оңдоп жатып жаздык. Анан өз колум менен таза көчүрүп алып, Александр Никитичке бардым. Ал киши окуп чыгып: «Азамат, жакшы жазылыптыр. Тезинен жиберип, анан Борбордук Комитеттин секретарларына кирүүгө аракет жасаңыз. Арыз – арыз, бетме-бет, оозеки түшүндүрүү да эң керек. Тартынбай эле суранып барыңыз». – Ушундай кеңеш берди.

Арызымды жиберип, секретарларга кирүүгө сурандым. Алар кабыл алышып, сүйлөшүштү. Бырылдап

ыйлап жатып айта турган сөздөрүмдү оюмдагыдай айта албаган сыяктандым. Эмнегедир Исхак Раззакович сүйлөшүүнүн аяк жагында:

– Сиз ушул күндөрү менден башка кимдерде болдуңуз? – деп сурады.

Жолдош Чуркинде гана болдум. Жолдош Суеркуловго сурансам кабыл албады. Жок, кире албадым.

– Эмне үчүн?

– Колу бош эмес экен.

– Ушундай болдубу?

– Министрлер Советинде иш көп да.

– Ал кишиде мурда болуп жүргөнсүзбү? Жакшы тааныйсызбы?

Ал кишини бүткүл эл жакшы тааныйт эмеспи. Мен эч качан беттешип сүйлөшкөн эмесмин. Биринчи жолу Жоомарт тирүү кезинде коноккананын жанынан көрүштүк. Жоомарт жердешим деп тааныштырды. Борбордук партия комитетине секретарь болуп келип жаткан экен.

Экинчи жолу Жоомарт өлгөндө аялы экөө үйгө келип, көңүл айтып чыкты. Бир гана жолу секретары аркылуу телефондо сүйлөшкөм. Тоңго балдарымды алып дем алышка баруугa эч машина табалбадым да, жардам сурагам.

Жеңил өнөр жай министерствосуна тапшырган экен, алар грузовой машина берген. Бул сапар да ошондой эле акыбалды түшүндүрүп коюу максатында азыр дагы суранган элем. Исхак Раззакович башка суроо берген жок. Кылдаттыкта, чоң акыйкаттык менен ишим текшерилээрин айтты.

Бирок ошол грузовой машине берген жактан сөз тарайт: «Тентиге көз салып камкордук кылганы бекер эмес» – деп. Кантесиң, муну укканда да ыйлап-ыйлап

көзгө гана күч чыккан. Албетте, Исхак Раззаковичке бул жөнүндө айталбадым. Ошол каргашалуу машинаны сурагандыгым үчүн көп өкүнөм. Айлам кеткенде сурадым да. Мурда жанагы Сагынбаева курбумдун жары Тоңго балдарды алып, барып-келип турушка дайыма жардам көрсөтүүчү. Ошол кезекте Абдынасыр жок болуп калды. Ушуга байланыштуу эске түшөт. Абдынасыр Элебесович Каракол жактан командировкадан келе жатып, бизди Тоңдон ала кетти. Боомдун ичине келгенде машинанын дөңгөлөгү жарылып, көпкө турдук. Шофёрго кол кабыш этип, дөңгөлөккө жел толтуруп кара терге түшүп жаткан Абдынасыр Элебесовичтин жанына Сырга кызым келип:

– Дядя Аптынатыр? Эмне кылып жатасыз? – деген болучу.

Ушуну ал киши дайыма эскерчү: «Өзүм кара терге түшүп эсим ооп жатса, Сыргатайдыкы өтпөдүбү», – деп. Анткени Сырганын тили тактала элек кези. Абдынасырды Аптынатыр дешине, ал эмне үчүн дөңгөлөк менен алектигине түшүнбөгөндүгүн белгилеп.

Текшерүү алты айга созулду. Менин айылыма үч жолу комиссия жиберилди. Үчүнчү жолу партиянын контролдоо комитетинин башчысы Зубков өзү баш болуп барып текшерди.

Акыры партияда калдым. Фрунзе областтык партия комитетинин чечими жокко чыгарылып, туура эместиги үчүн жолдош Жунушбаева Тенти партияга калтырылсын деген мааниде Кыргызстан КП Борбордук Комитети чечим кабыл алды.

Акыйкаттык женди! Бирок мен үчүн бул окуя канчага турду, өлчөө кыйын го… Тагдыр үстү-үстүнө үстөмүктөп, жонуна камчы салып турса адам чөкпөй койбос белем.

Дүйнөгө тоюп да кеткен мезгилдериң болот да. Адамдын көңүлү гүл сыяктуу эмеспи. Жакшы сөз угуп арабаң кылдырап, өз жолунда көчтөн калбай жүрүп турса көңүлүң алысымдап гүлдөп тургансыйт го. Жамандыкта солуп саргара түшөт да. Ошондуктан мен курдаштарыма, адамдарга ырымда мындайча кайрылгам:

Айланайын, ак пейилдүү курдаштар,
Алысындап ачылсын гүл көңүлүм.
Абайлабай тепсеп алып жүрбөгүн
Аны менен айкалышкан өмүрүм.
Ансыз дагы эрте-кечин карабай
Ээрчий келет эси кеткен өлүмүң.

Бир канча убакыт кызматсыз жүрдүм. Согуштун кээри анча кетелек. Энем катуу ооруп калды. Балдарым жаш. Жоомарт кайтыш болгондо белгиленип берилген пенсия кыскарып калган. (Союз боюнча пенсиялар кыскартылган.) Эч жакка кызмат сурап кайрылбадым. Пейилим тартпады. Бир алды үзүлгөн көңүлдүн жиби жалганбай туруп алды. Кесипке ээ боло турган билим алып, карапайымчылык менен оокат өткөрүүнү туура таптым.

1947-жылы Фрунзедеги мугалимдер институтунун кечки бөлүмүнө кирип окуп жүрүп, аткаруу комитетке иштеп кеткен учурда таштап койгом, анткени иш көп, өтө жооптуу жана кечкисин да иштечүбүз. Кайрадан ошол окууну улантууну ойлодум. Азыр ал кечки мугалимдер институту Кыргыз мамлекеттик университетине кошулган болучу. Ректору Бегималы Жамгырчинов экен. Ушул аракетимден бир нерсе чыгаарына көзүм жетпей эле, кеңешип көрүүнү ойлоп барган элем. Бегималы Жамгырчинов өтө жылуу кабыл алды. Биринчи көрүп, биринчи жолу болушум. Акыбалды түшүндүрдүм.

– Мурдагы бүткөн эки курстун сабактарын кайра тапшыра аласызбы. Күчүңүз келеби?

Жакшы окуп жүргөн элем. Конспектилеримдин бардыгы бар. Кайталасам эске түшөөр, тапшыра алам, – деп чечкиндүү айттым.

Эмесе, арыз жазып келиңиз. Кайрадан үчүнчү курстан окуй баштаңыз, – деди.

Көп мезгилден бери биринчи жолу кубануу сезими келди. Бегималы Жамгырчиновичке өтө ыраазы болдум. Адамдардын көпчүлүгү кара мүртөз эмес, көбү жакшы сыяктанган сезим келди. Кайрадан окуй баштадым.

Ойдо жок жерден Борбордук комитетине чакырылып, Кыргызстандын саясий-илимий коомуна уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болуп кызматка турдум. Иш оңолот, ушундай болот экен, тирилип калдым... Ошентсе да телегейим тегиз келүү кайда, энемдин оорусу күчөдү. Операция болду, андан жардам болбоду, рак оорусу болуп чыкты. Караан тутуп таянган ушул курган энем! Балдардан, үйдөн көп камсыз, иштеп жана окушума мүмкүнчүлүктүн баарын берип жүргөн ушул энем! Жаш эле кезинде үй-жайын, жарын таштап, чиедей жаш балдар менен жесир калган жалгызын аяп келип он жылдан бери, сүйлөшөөргө курбулары жок, кирипчыгууга өнүп-өскөн айылы жок, ысыгыма-суугума чыдап, бирге көз жаш төгүп, бирге оокат өткөзүп турган карааным, каралдым энем өлүм алдында жатканын айтып жеткириш кыйын го. Энем ооруканада жатат, кайра чыгат, оорусу күчөгөндөн күчөдү. Мен иш, окуу, үй-бүлө тиричилиги менен алекмин, ушул мезгилди ойлосом, азыр өзүмө таң каламын, кандайча туттум. Бирок адамдын мүмкүнчүлүгүнүн да чеги бар го! Ишти

таштоону чечтим. Окууну таштагым келбеди, ал менин келечегим болуп сезилди.

Мына ушундай өмүрүмдөгү дагы бир өтө оор кырдаалга такалып, эсим кетип, элдиреп турган мезгилимде таалайыма Муса Адышевди алып келип кездештирди, ал мага колун сунду.

Бул өлчөмсүз бакыт болучу!..
Таалай тапкам талып турган кезимде,
Унутулгус ошол күндөр эсимде.
Ушул Мусам иңирт кирген кезинде
Чырак болуп жарык күйгөн кечинде.

Мусаны мен биринчи жолу 1951-жылы жергиликтүү Советте шайлоо мезгилинде көрдүм. Шайлоо күнүнө өлчөмдүү убакыт калган. Күндөрдүн биринде мен шайлоо участоктордун даярдыгын көрүп, кыдырып жүрдүм. Дзержин бульварындагы бир участокту Кыргыз илимдер академиясы тейлөчү. Президентке чарба боюнча жардамчысы Никольскийди ээрчитип алып бардым. Агитация пунктуна кирсек, узун үстөлдүн тегерегинде агитаторлор жана жогорку башында бир жаш жигит отурган экен. Биз кирип үстөлгө жакындаганда төрдөгү жигит ордунан турду. Никольский мени ага тааныштырды, аны мага: «Бул биздин баштапкы партия уюмунун катчысы Адышев Муса Мырзапаязович» – деди. Мен ал жигитке бир канча суроо бердим, ал жооп берди. Биз кайра чыгып кеткенче ордуна отурбай туруп турду. Ушул мүнөзү мен үчүн көз жаздымда калбады. «Маданияттуу, адамгерчиликтүү жигит белем» деген ойдо болдум.

Күндөрдүн биринде Бүбүй Керимжановага жолуктум.. Андан Муса жөнүндө сурадым:

– Жанагы силердин партия уюмунун катчысы кайдагы казак жигит?

– Ой, сен аны эмне үчүн казак дейсиң?

– Мага эмнегедир казак түспөл көрүндү.

– Ий, ал кыргыз, кыргыз болгондо да сенин кайнилериң болот, түштүктүк. Жаңылбасам алайлык. Өтө жакшы жигит, маданияттуу, келечектүү, өзү геолог.

Көп убакыт өтпөй, кеч мезгили мен иштен келип отурсам, Керимжанова баягы «казак» жигит менен келип калды. Ал адатынча шыңкылдап күлүп:

– Ой, Тенти, мен сени кайниң менен тааныштырып коймокчумун. Азыр эле иштен чыгып, үйүңдүн жанынан өтүп баратып, кире кетишти туура таптым.

Мусага кайрылып:

– Сизди Тенти казак деп ойлоптур. Мен кайни экениңизди түшүндүрдүм. Эми таанышып алгыла. Бул Жоомарт Бөкөнбаевдин жары. Жоомартты билерсиз, аны ким билбейт.

Мен буларды жакшы кабыл алдым. Энем анда соо кези, анын жасап койгон тамагын чогуу ичип, сүйлөшүп отурдук. Бүбүй шайыр мүнөз адам, бат эле бизди сөзгө аралаштырып, көптөн бери тааныштай өңдүү шарт түзүп койду. Мындан кийин дагы Муса экөөбүздүн өз ара байланышыбызга Бүбүй көп жолу көпүрө сыяктанды, ошонун аркасынан анда-санда болсо да жолугуп калчу болдук. Эбептен-себеп дегендей Бүбүй Муса экөөбүздүн тагдырыбызга, таалайыбызга себепкер болду. Муну мен эч унутпайм жана өмүр бою ыраазымын. Менин башыма иш түшүп, партиядан чыккандыгымды угушуп, Муса менен Бүбүй келип кетишти. Бүбүй менен көптөн жолдош элек, анын келиши мага закондуу сезилди. Ал эми Муса-

нын келиши мени ойлондуруп, ыраазычылык туудурду.

Бир күнү кечинде Муса өзү эле келип калды:

– Үйүңүздүн жанынан өтүп баратсам, терезеңизде жарык күйүп турган экен. Бир нерсе жазып жатыптырсыз. Кайрылып калдым. Ыр жазып жаттыңыз беле?

– Жок, ыр жазбайм.

– Бүбүй айтты эле сизди ыр жазат, бирок жарыкка чыгарбай жүрөт деп. Ыр болсо окуңузчу? Мен өзүм геолог болгонум менен ырды жакшы көрөм жана түшүнөм, – деди.

Мен чынында эле Корея жөнүндө ыр жазып, көчүруп отургам. Алып келип сүрдөнүп, уялып жатып окуп бердим.

Муса орусча (ал кездери көбүнчө орусча сүйлөчү, кыргызча жакшы билчү эмес):

– Оо, здорово! Хорошо написала. Кезитке бериңиз, азыр актуально (Ошол мезгилде Кореяда согуш катуу жүрүп жаткан) – деди.

– Чын эле жакшыбы?

Дагы орусчалап:

– Эмне үчүн туура эмес айтам, мага жакты,– деди.

Мен эртеси Мусанын демилгеси боюнча «Кыргызстан аялдары» журналына Абдымомунова Нуруйлага алып бардым. Бул менин биринчи жолу Жоомартты жоготуума байланышсыз жазылган ырым эле. Анын үстүнө 3–4 жыл бою калем кармабай калгандан соң жазылган ыр. Бул ыр жарыкка чыгаарына өзүм деле анча ишенбедим. Мойнумдан байлангансып баргам.

Нуруйла көзүмчө окуп чыкты да:

– Ырың жакшы экен. Муну басабыз. Бир аз оңдоп келүүгө пикир айтты. Аягына партия Кимирсен, Сталин

жөнүндө куплет кошуунун зарылдыгын айтты. Ал кезде шарт ушундай болучу. Нуруйланын пикирин эске алып, бир аз оңдоолор киргизип кайра бардым. Мына ушул ырым журналдан жарык көрдү. Ошого көңүлүм көтөрүлө түшүп дагы бир ыр жазып барсам, аны да басып коюшту.

Анан өзүлөрү тапшырма берип, жаңы жылга карата ыр жаздырып алып, аны да чыгарышты. Мына ушинтип үзүлүп, тунжурап калган шыгымдын ойгонуусуна Мусам түрткү болуп, «Кыргызстан аялдары» журналы Нуруйла Абдымомуновалар жетектешип жолго салышты. Мен ушул үчүн буларга ыраазымын, ар дайым эңкейип башымды ием.

Бирок өзүмө ишенбөөчүлүк күчтүү. Ошого карабастан ыр жазуу жаныма тынчтык бербечүдөй. Жазгандарымдын бирин-серинин башка журнал-газеталарга да алып бара баштадым. Алар чыгып калат, мен канат байлап калам. Муса өтө сейрек келет. Оюн билүү кыйын. Кай бирлерде көпкө дайынсыз болот. Эми келбейт го десең, кайра пайда болот. Ал мен үчүн табышмак... Муса менин жүрөгүмдөн, көңүлүмдөн өзүнүн ордун ала баштагандыгын ачык сезе баштадым. Көп ойлойм, келүүсүн күтөм. Бирок өтө эле намыстуумун!.. Өзүм жолугууга аракеттенбейм. Анын үстүнө ал үй-бүлөлүү адам, мен үч балалуу аял. Эмнеден үмүттөнсөм болот. Аялы төрөбөстүгүн уккам. Төрөбөгөн аялы менен жашап турган адамдар азбы. Жаз айынын аяк ченинде дагы келди. Экспедицияга кетип жатканын айтты. Канча убакытка бараарын сурадым.

– Көпкө жүрөм го. Мен экспедицияга кеткенде үйгө кайтышка шашылбайм. Мүмкүн болсо кайтпай деле коёр элем. Кайтыш керек да.

– Эмне үчүн? Ал жакта ишиңиз өтө кызыктуу го?

– Анысы да бар жана башка себептер да бар.

Кандай башка себебин мен да сураганга батынбадым, ал да айтпады. Экспедициядан кайтканын билдим. Ал кабарсыз, мен күтөм... Күтүүдөн жададымбы, күнүгө кечинде терезенин түбүнөн өтөм. Муса биз турган Биринчи май көчөсүндө эки-үч үйдөн кийинки Москва көчөсүнүн бурчундагы үйдө турчу. Кийинки мезгилде ошол үйдө Темиркул Үмөталиевдер көп жыл жашап турушту. Бир күнү ачык турган терезесинин жанынан акмалай өтсөм, коноктор бар сыяктуу. Музыканын үнү, адамдардын добушу чыгат. Акырын барып карасам, эки-экиден бийлеген адамдар, үй ичи көңүлдүү. Эмнегедир көнүлүм бузулуп, ичим уйгу-туйгу болуп кетти. Биринчи жолу менде ушул үйгө, анын чөйрөсүнө, үй-бүлөсүнө кызганыч туулду. Эриксиз көзүмдөн жаш төгүлдү. Көпкө көчөдө басып жүрдүм. Мындайча болууга акым жоктугуна карабастан кызгануу тынчтык бербеди. Ушул күндөн тартып Муса менин жүрөгүмдү бүт бойдон ээлеп, мен үчүн кымбат экенин түшүндүм.

Ошондон тартып ага арналган ырлар жазыла баштады.

Сүйөм сени муңга салып башымды,
Сүйөм сени отко салып жанымды.
Сүйөр-сүйбөс арсар жигит сен болуп
Өчүрбөчү, жүрөктөгү жалынды.

Көп узабай дагы муну жаздым:

Тигилемин терезеден үңүлүп,
Тынбай өткөн убакытты сактадым.
Кулагыма каңырыштап угулган

Катуу табыш кайда кеттиң таппадым.
Бирде бастап, бирде жанып жүрөктө
Сүйүү толкуп, көкүрөккө батпадың.

Кийинчерээк «Акыркы сүйүү» аттуу ыр жазылды.

Сүйүү акыркы кышкы күндөй мемиреп,
Сур булуттун арасынан төгүлөт.
Бул күндөрү кубандырган жүрөктү
Эртеңки күн мени менен көмүлөт.
Сүйүү келет кош аргымак чанадай,
Сүрдөндүрүп туура тосуп жолумду.
Мен муңайып эмнегедир тартынам
Жайдар сунбай жаш кезектей колумду.

Сүйүү келди борошолуу кар болуп,
Ойлор келди оролуша зар болуп.
Зор сүйүүнү батыралбай жүрбөйүн
Балким, ага көкүрөгүм тар болуп…

Бирок бул ырларды Мусага көрсөтпөдүм. Энемдин оорусу, убаралуу түйшүк, тартыш оокат (иштебесем, бирок байкуш атам адатынча каржактап жонуна куржунун артып келип калат), үмүтсүз сүйүү ушунун баары менин ийнимден бекем мыкчылып басууда. Алдыдан жылт эткен жарык көрүнбөйт. Энемдин күнү эсептелүү экенин жакшы билем. Анын күнү бүткөн соң менин күнүм эмне болот, көзүм жетпейт… «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет», – кандай укмуштуудай айтылган чындык!..

Алдыда мени алтын аяк күтүп турганын оюма кирбеген күндөрдүн биринде, ооруканага энеме барып, анын

кыйналып жатканын көрүп, сай-сөөгүм какшап, жер караңгылап, үйгө араң келип ыйлап отургам. Балдар сыртта ойноп жүрүшкөн.

Эшик ачылып, нурун чачкан күн кирди… Бул Мусам эле!.. Жоголгонум табылган сыяктуу сезим ушул заматта бийлей түштү. Өтө сүйүнүп кеттим. Жүрөк байкуш ушунчалык сезгич белем, бакыт-таалай колун созуп алдыма келгенсиди. Менин ушул акыбалымды Мусанын жүрөгү да туюнду белем. Ал күлүмсүрөп келип, колумду алып, бир топко өөп турду. Балким, мага бир топ болгондой сезилдиби.

Эмне көзүң шишип калган? Ыйлагансың го? – Мусанын биринчи жолу мага сен менен кайрылышында кандайдыр маани бардай сездим.

Энемдин абалы начар! – Эми мен эреркегендей, буркурап ыйлап ийдим. Муса кучактап, чекемден өөп, алган жары сыяктуу эркелетип, сооротууга аракеттенди:

– Балким, айыгып кетээр, жакшы дары табууга аракеттенеличи. Ушул өңдөнгөн жылуу сөздөр.

Бакыт эмне? Унутуп бара жаткан жаным, күтпөгөн жерден бакыт көлүнө кулач жайгансыдым.

Чынында бакыт күр-шар болуп толкунунда терметти. Мусам менин колумду сурады. Мен үчүн бардык нерсеге даярдыгын билгизди.

Билгенмин мени көздөй жол тартканын
утурлап алдын тосуп мен баспадым.
Бүгүндөй жете келген мезгилиңде
негедир жашынарга жер таппадым.
Жалооруп адетиңче карап туруп
Жанымды кейитээрлик сөз баштадың…

Жол бастым чейрек кылым сени эңсеп,
Жаш жуттум далай жолу сени эстеп.
Улгайып чарчап сага келип турам
Суусун бер, тартынбачы эми четтеп...

Бакытты ушинтип күтүп, эңсеп жетпечүдөй болуп жүргөнүм менен, бакыт өзү келип колун сунуп турганда бир алды сүрдөнүп, ишене албагандай, даай албай кеттим белем:

– Сиз муну жакшылап ойлондуңузбу?

– Мен жакшылап ойлонбосом айтпас элем.

– Менин үч балам бар, атактуу кишинин жесиримин, эл көп мезгилде мени Жоомарттын аялы катары кабыл алышаар. Сизге кааласаңыз кыз турмушка чыгат. Баласыз аялдар да бар. Мени эмне кыласыз. Муса күлүмсүрөп мени карап туруп, адатынча орусча:

Неужели у Вас трое детей? Не знал. Не знал, что ваш муж знаменитый поэт. Неужели за меня пойдет девушка? Вот Вы мне открыли глаза!..

Күлдү да кайра:

– Мен мунун баарын жакшы билем. Көп ойлондум. Мен сизди өтө сүйөм. Эң негизи ушул, калгандын баары кеп эмес. Балдар эмне, алар мага бала болушат. Мен бала кылып алууга тырышам. Өзүм жалгызмын, бир жагынан бир тууганым болушат. Өзүм көрчү балдарымдын боордоштору болушат. Бул жаманбы, эң жакшы болот. Экөөбүз бактылуу жашайбыз. – Чынында, мындан артык кандай бакты болот!.. Ушундан бир канча жыл мурда бир аял мага: «Мен бактылуу аялмын, сен бактысызсың» деген болучу. Мага ушинтип бакты келди. Балдарым аталуу болушту, өзүм Мусадай жүрөгү чоң, таза, акылман, зор

адамгерчиликтүү, маданияттуу, бийик аң-сезимдүү асыл адамга жолуктум. Илгери бирөө айткан экен: «Акмак менен өмүр өткөргөнчө, асылдын босогосунда өлгөнүм артык» – деп. Мен асыл Мусам менен 25 жыл өмүр сүрдүм. Бул бакты эмей эмине...

Албетте, табылуу да, жоготуу да болду. 5–6 айдан кийин 57 курагында энем кетти. Бир канча жылдан кийин атам кетти. Залкар-залкар жолдошторубуз кетти. Эң зор, өтө оор, эч качан ордуна келбей турган дагы бир жоготуу алдыда эле... Мусам энемди жоготкондо мага ийнин тосуп, мен аны таянып энемди узаттык. Оор жоготууну жеңилдетип, көңүлүмдү алагды кылыш үчүн Кавказды кыдыртты, Ленинградга алып барды... Турмуштан кам жебей балдарымдын тарбиясына көңүл бөлүүгө, окуумду узартууга чоң мумкүнчүлүк болду. Аталуу балдарга көздөрүн сатып, ата кусалыгында-кумарында жүргөн балдарым, өгөйлөшпөй бат эле Мусаны кабыл алышты. Мусанын тарткан бооруна, ыгына келишип, умур-жумур болуп кетишти. Бул мен үчүн чоң бакты эле. Зор Мусам, эстүү балдарымдан айлансам болот. Табылуунун эң алды Муса экөөбүз балалуу болмой болдук. Ушуга байланыштуу эске түшөт: 1955-жылы Кыргыз ССР илимдер академиясы ачылууда. Кыргыз опера жана балет театрына келдик. Иса Коноевич байбичеси Бибикан Ысмаиловна менен турушуптур. Биз жандарына келгенде Бибикан жеңе:

– Ий, кудай! Мына буларды кара! Үч адам болуп келе жатышканын! – деп сүйүнүп келип мени кучактап өөп, ичиме карай берди. Бибикан жеңенин минтиши мага чоң таасир калтырды. Ал киши жүрөгүнөн биздин бактыга кубанып кетиши мени өтө жибитти. Чынында эле

бирөөнүн бактысына чын пейилинен, жүрөгүнөн чексиз кубануу ар кимдин колунан келбечү нерсе да. Ушул уюштуруу чогулушта академиктер, мүчө-корреспонденттер шайланды. Иса Коноевич президент болду. Муса мүчө-корреспондент болуп шайланды. Бул экөөбүзгө келген кубанычтын алгачкыларынын бири эле.

1955-жылдын июль айында Кыргыз мамлекеттик университетин бүтүрүп чыктым. Бир айдан соң 27-августта уул төрөлдү. Бул Мусамдын кырк жаш курагына келип, биринчи көргөн перзенти. Кубаныч коюнга батпай, жакшы көргөн жолдош-жоро болуп чогулуп жаны бекем болсун деген тилек менен аты Жаныбек коюлду.

Мусанын бир айтканы эске түшөт: «Мен эки жашымда энеден, төрт жашымда атадан калгам. Жетим өстүм, балдар үйүндө тарбияландым, окудум, иштедим. Ташкенде университетте окуп жүргөн мезгилимде согуш чыкты. Төртүнчү курстан армияга кеттим. Согушууну батыштан баштап чыгыштан (Совет-жапан согушунда) бүттүм. Согуштан келип кайра окуумду узарттым. Кокустук менен үйлөндүм, анын азабын канча жыл тарттым. Мен эми гана бакыт-таалайдын даамын татып, эмне экенин түшүнө баштаган кезим. Сени, балдарды таптым, уулдуу болдум. Жакшы адамдардан жолдош-жоро күтүп жатам», – деп. Мунун бардыгы чындык эле. Мурдагы Жоомарт экөөбүздүн жолдошторубуз, Мусага да жакшы жолдош болушту. Буларга да жолдоштор кошулуп турду. Иса Коноевич менен жакын байланыш мындайча башталды. Мусанын чекесинде бир без пайда болгон. Чурчуюп көзгө даана урунуп турчу. Муса иштен келип:

– Эртең Иса Коноевич ушул безди алып салмай болду. Жүрө бергенде болбойт. – Эң мурун мени тамашалады:

«Ушул безди алып салайын, кебетеңди бир аз бузуп турат. Келинчегиң сулуу болсо, сени да жылмалап койбосом болбойт, ага теңелип калгын», – деди. Мындай нерсени алып таштабаса болбойт экен. Акыры жаман дартка айланып кетиши ыктымал экен, айтып жатат.

Эртеси барып алдырып келди. Муса анын сүйлөшүп жатып эле бир заматта операция жасап койгондугун айтты. Саат төрт-беш чен болсо керек, эшикти кагып, күтпөгөн жерден Иса Коноевич кирип келди.

– Клиникадан эми гана чыктым, көрүп кеткени бурулдум. Кана, бери карачы, кандайсың?

– О, Иса Коноевич! Бекер эле убара болуп, тынчсыздanasыз, ушул кичине нерсеге. Жакшы элемин. Менин этим ырбаак эмес. Бат жакшы болот.

– Ошондой болсо да, баш болбосо кам жемек эмесмин. Бетиң шишимиктенип калыптыр, андай болот чочуба.

Эртең менен клиникага мага келип кетчи.

Чайга болбостон, нан ооз тийип кетип калды. Кечинде телефон чалды. Муса Иса Коноевичтин мындай мамилесине ыраазы болгондой:

Кандай жакшы адам. Президент, академик, менден көп улуу адам, ошого карабастан ушул кичинекей жарат үчүн жүгүрүп, тынчы кетип жатат...

Ал азыр өзүнүн врачтыгын, сени оору экениңди гана оюна алып жүрөт. Анык врач ушулар да.

– Врачтар деле ар түрдүү болот.

Чынында Исаке башкача чоң касиетке ээ врач тура. Кийин, бир канча мезгил өткөн соң, Муса Иса Коноевичтин клиникасында бир туугандары дарыланып жаткан болучу, ошону көрүп келгени барып, Исакенин кабинетине бурулат. Кирсе ал киши колуна бир катты кармап

жашып, көзүн сүртүп отурган экен. Муса чочуп, эмнеге капаланып жатканын сурайт. Көрсө, Исаке көп жыл мурда бир 7–8 жаштагы кыз баланын жүрөгүнө (тубаса порок) операция жасаган экен, ошол кыздан келген катты окуп, жашып отуруптур. Мусага катты окутат. Кат ушунчалык жылуу жазылат: «Айланайын, ата, сиз менин жүрөгүмө операция жасап, жанымды алып калгансыз. Мен эми быйыл онунчу классты бүтүп жатам. Врач болууну ойлоп жүрөм. Мени ушинтип жашап, алга талпынышыма сиз мүмкүнчүлүк бердиңиз. Муну мен унутпайм». – Ушул сыяктуу мааниде экен.

Мусанын эти чынында ырбаак эместигин күбөлөгөндөй бат эле айыгып калды. Ушул мезгилден тартып биз Иса Коноевичтер менен жакын, сыйлашкан мамиледе жүрдүк. Бул алардын өмүрүнүн акырына чейин бузулбай сакталды. Нечен көңүлдүү сонун күндөрдү бирге бөлүштүк, ошондой эле өмүрдүн бүркөө күндөрүн да бирге бөлүштүк.

Кыргыз ССР илимдер академиясы уюшулганына бир жылча болгон. Ысык-Көлгө өз бетибиз менен бир мезгилге сүйлөшүп алып, Чолпон-Атага 4–5 үй-бүлө бардык. Шаардагы менчик үйлөргө жайгаштык. Алар – Ахунбаевдер, Болот Мураталиевич Юнусалиевдер, Түгөлбай Сыдыкбековдор, Абдынасыр Элебаевдер, Жумабай Камчыбековдор жана биз кезектешип оокат жасап чогулуп ичебиз. Көлгө чогуу түшөбүз. Кечинде чогулуп жоолук таштамай ойнойбуз. Исаке менен Түкө эттери оор, эби жогураак олбурлуу немелер токмокту көп жешет.

Болот Мураталиевич – балыкчы. Күнүгө бир маал балыкка кетет. Бир жолу Муса артынан кетти: «Болоттун балык кармаганын көрүп келейинчи», – деп. Биз чогулуп

короодо сүйлөшүп, карта ойноп олтурсак Болот менен Муса келишти. Болот капалуудай, Муса бизге:

– Ой, кызык иш болду. Болоттун кайырмагына бир метрдей балык түшүп, кутулуп кетти. Акырын тартып отуруп чыгарса болмок, жакын келгенде бекем тартып жиберсе суурулуп кетпедиби. Болот жөн эле ыйлап жибере жаздады,– деди.

Болот Мураталиевич мурдунун үстүн тердетип:

– Ыйлабагандачы, укмуштай чоң балык экен. Муса көрүп, күбө болбосо мага ишенмек эмессиңер. Иса Коноевич: «Балыкчы менен мергенчи калп айта берет деп айтмак». Барыбыз эки күн тойломокпуз, – деп кейиди.

Дем алыш көңүлдүү болгону менен өз алдынча оокат-аштын, жатып турган үйдүн кай бир ылайыксыз шарттары көп сезилди. Бир күнү Иса Коноевич:

– Муса, кандай дейсиң? Академиянын кызматкерлери, жайкысын ушул сулуу көлүбүздүн жээгине келип эс алып кете турган бир турак жай уюштурууну ойлодум? Көп жерлерди көрүп жүрөм, ушул көлгө эмне жетсин. Анан дагы акырындап, академиянын кызматчыларына шарт түзүүгө аракет жасап жатам. Жакын айлардын ичинде эки турак үй курулат, ошондон сен дагы бөлмө аласың го, азыркы турган үйүңөр эски, начар да.

Өтө начар, Исаке, башкасын айтпаганда да суу жок, көчөдөн ташып ичебиз. Өтө эски жана тар, төрт бала – алты жанбыз, эки кичинекей бөлмө.

– Аласың, балким, Дзержинский көчөсүндөгү үйдөн берербиз, ал биринчи бүтөт.

Дзержинский көчөсүндөгү үйдөн албай калдык, экинчи үйгө көчүп кирдик. Бул Муса экөөбүздүн биринчи жолу бардык керектүү шарты бар үйгө жетишибиз бо-

лучу. Мен бир алды ушундай жакшы үйгө жеткенибизге ишене албай сүйүнгөндөн уйкум келбей жүрдү.

Улуу уулум Кулубек ошол мезгилде Москвада геологиялык чалгындоо институтунда окуп жүргөн. Экинчи кабаттан үй алганыбызды угуп, кат жазган сайын: Жанышты балконго чыгарбагыла, терезени ачпагыла, кокустан түшүп кетпесин, – дейт. А Муса болсо: «Садагаң болоюн Кукен диванда жатып жүргөн бойдон окууга кетпедиби. Ушул үйгө эртерээк жетсек өзүнчө кроватка жатып окуп кетмек. Тигил Дзержинский көчөсүндөгү бүткөн үйдөн бизге тийбей калганда Кукендин капаланып ыйлаганы ушул убакка чейин жүрөгүмдү оорутат» – деди. Мен болсом: – Окуусун бүтүп келип эми жакшы үйдө турат, аман болсун», – деп коём. Ушул жаңы үйгө көчкөндүн эртеси эле Муса окуучуларга ылайык эки үстөл сатып келди. Мен таң калып сурадым:

– Экинин эмне кереги бар, бирөө эле жетпейби?

– Тигил үйдө Кукен менен Сыргатай сабак даярдаганда үстөл талаша беришчү эмес беле. Ошондо бир үйгө жетсем, экөөнө биринчи эки үстөл албасам дегем. Кукендин келиши деле алыс эмес, өзүлөрүнчө үстөлдөрү болсун. Азыр Зайнишке деле керек.

Академиянын пансионаты да уюшулду. Эки фин үйү, анда жашайбыз. Эки брезент палатка, анын бирөө аш үй, экинчиси ашкана. Биринчи сезонуна Ахунбаевдин, Сыдыкбековдун, Юнусалиевдин, Алтымышбаевдин жана биздин үй-бүлө эс алдык. Ушул мезгилден тартып, Чолпон-Атанын менчик үйлөрүнө күнүбүз түшпөй, жылыга бир жолу касиеттүү сулуу көлүбүздө эс алуу шарты түзүлдү. Акырындап бул пансионат кеңейди. Жүрүп отуруп эс алуу үйүнө айланды. Жүздөгөн адам бала-чакасы

менен ден соолугун чыңдап, эс алып көлдүн ырахатын көрүүдө. Бир мезгилдери Муса айтып жүрдү: «Биздин дом отдыхты убаралуу нерсе экен деп профсоюзга өткөрүп берүү маселеси козголуп жүрөт. Президиумдун көпчүлүк мүчөлөрү бул маселени колдобой жатабыз, артыкча Н. Н. Захарьев экөөбүз бекем туруп жүрөбүз. Колдон келсе дагы жакшылап оңдоо керек. Бул үйдөн ажырасак бечара академиянын кызматкерлери кантет. Кайдан темселешип путевка издешет. Жаманбы-жакшыбы бала-чакасы менен эс алууга мүмкүнчүлүктөрү бар. Бул үйдү колдон чыгарууга болбойт». Бул чындык эле, академиянын кызматкерлеринин эс алуусуна эң сонун мүмкүнчүлүк. Президент болгондон кийин Муса күндөрдүн биринде: «Биринчи иретте академиянын кызматкерлерине шарт түзүү ишин колго алышым зарыл. Эң оболу үй жагынан колдон келишинче камсыз-дандырыш керек. Анан эс алуу үйүнүн ишин жакшылап жолго коюп, ага жардамчы чарба түзүп, колдон келсе адамдар талашып келип дем алгандай деңгээлге жеткириш керек. Ушул өңдүү шарттарды түзүп берген соң анан ишти да алардан ошондой деңгээлде суроого болот». Булардан да чоң маанилүү көп максаттары, ойлору бар эле, өкүнүчтүү дүнүйө экен, баары өзү менен кетти.

Мага ырлар келе баштады, Азиз Салиев Муса жөнүндөгү эстелигинде: «Тенти Адышеванын жаркын таланты да ушул Муса Мирзапаязовичтин жанында ачылды», – деп айткандай. Бул калети жок чындык болучу. Мусам шыгыма шык кошуп, сүрөп турчу. Мен ушундай акын болушума Жоомарт менен Мусага биринчи иретте милдеттүүмүн. Жоомарттын ырларынын таасиринде, анын ырларынын үлгүсүндө такшалдым. Мусамдын жөлөө-

сүндө, сүрөөсүндө, анын мага болгон чоң аң-сезимдүү мамилесинде поэзияга канат жайдым.

– Байбиче, өзүм геолог болгонум менен мен ырды жакшы түшүнөм. Музыканы, адабиятты жалпы эле искусствону жакшы көрөм. Сенин ырларың мага жагат, көбүрөөк жазсаң, ыр жазууга убакыт табууга аракеттенгин. – Кай бирлерде мен иштеп отурган мезгилде үйгө келип калганында: – О, мага ушунуң жагат, ыр жазып отурсаң кубанып калам, ал эми куйпөлөктөп оокат-тиричиликте убараланып жатканыңды көргөндө ичим ооруп калат. Оокат-тиричиликсиз жашоо жок да, ошентсе да мүмкүнчүлүк таап, ыр жазууга аракеттенсең, – дей турган.

Мунусу чындык болучу. Искусство, адабиятты жан дили менен жакшы көргөн. Телекөрсөтүүдө «Сайра комуз» болгондо программадан чийип белгилеп коюп, өткөзбөй такай отуруп уга турган.

– Мен ушунчалык комуздун күүсүн жакшы көрөм, комуз чертпей калганыма өкүнөм. Айылда чоңойсом, балким, комуз чертүүнү үйрөнөт белем. Балдар үйүндө жүргөндө мандолинди черткенди жакшы билчү элем,– дечү. Музыкага шыктуулугу талашсыз эле. Пианиного өзү ар түрдүү күүлөрдү нотасыз эле терип ойной берчү. Ошону менен бирге Мусанын бийик, угумдуу жакшы үнү бар болучу. Кай бирлерде жолдоштордун арасында ырдап калса алар тамашалашып: «Кой, сен Муса, бекер талантты өлтүргөн турбайсыңбы, операга барсаң эмгиче эчак народный болмок экенсиз» дешчү. Мына ушундай нечен кырдуу, ички дүнүйөсү бай эле Мусам.

Муса адабият, искусствого гана кызыгуу менен чектелбеген. Аны көп нерселер кызыктырчу. Артыкча тарых, тарыхый нерселер, ошондой эле мезгилдин жаңы-

лыктары. Илимдин көп тармагындагы болгон кызыктуу нерселердин баары анын көз кырында калчу эмес. Кандай гана көптөгөн адабий, илимий нерселерди таап, жазып алып келбеди. «Ошолорду кеңири пайдалансаңар, бардык нерседен кабардар болосуңар» – деп кала турган.

Ал дагы ар качан айта турар эле: «Ээ, байбиче, биз балдарга алтын-күмүш байлык түзүп мурас калтырбайбыз, анын аларга кажети деле жок. Биз буларга рухий байлык калтыра алсак чоң иш өтөгөн болобуз. Балдарды туура, таза жолдо, ак ниет, адилеттикке багыттап, ички дүйнөсүн байыта алсак ошондо гана өз милдетибизди аткарган болобуз. Ошон үчүн мен эч нерседен кыя өтпөй көптөгөн адабий китеп-журналдарды жазылып алып жүрөм. Кандай гана сонун кишилер биздин үйдө болуп жүрүшөт. Ошолордун сөзүн угуп, өзүн көрүп таалим алышары эң жакшы да. Мына ушунусу менен ал өзү да сугарылып, бизди да сугарып турган дилдин чоң башаты болучу. Ошондуктан адамдар Муса менен маектешип, сүйлөшүүгө дайыма ынтызар эле. Башкача айтканда, ал ошол көп кырдуу, бай түшүнүктүүлүгү, билимдүүлүгү менен өзүнүн бийик адамкерчилигинде адамдарды өзүнө тартып туручу. Муса менен кездешип сүйлөшүп эрмектешүүгө жолдошторунун ынтызарлангандары ачык байкалып турууч. Мына ошондой жолдошторунун бири академик Болот Мураталиевич Юнусалиев болучу. «Муса! Эрмектешип басып келбейлиби?» – деп, телефон чалып кала турган. Мен Мусаны тамашалап: «Бул экөөңдүн эмне сырыңар бар, сөзүңөр бүтпөйт го», – десем Муса күлүп:

– Болот мага эч кимге айтпай турган сырларын айтат, эмне кыласың. Сенин деле курбуларың менен сөзүң бүтпөйт да,– деди.

Болотто эмне сыр болмок эле. Кызыл сызыктан кыя баспай эреже, жобо менен таразага тартылып жашаган адам,– десем, Муса:

Ошондой кишиде терең сырлар болушу мүмкүн,– деп күлүп коё турган.

Мен Болот Мураталиевичти биринчи жолу 1935-жылы көрдүм. Анда медициналык техникумда окуп жүргөн кезим.

Бир күнү мени директорубуз чакыртып калды. Барсам ал кишинин кабинетинде дагы бир жигит отурган экен. Директорубуз Жүкөш Мамбеталиев мени отурган адамга тааныштырды:

– Жунушбаева ушул, менин жумуштарым бар, силер ушул кабинетте маектешсеңер болот. Бул адам Жунусалиев обкомкомсомолдун тапшыруусу боюнча келиптир. Сени менен сүйлөшмөкчү.

Болот Мураталиевич мени менен маек өткөздү. Окуум жөнүндө, кайдан келгем, ата-энем ким, алдыга койгон кандай максаттарым бар ж. б. ушул сыяктуу суроолорду берип блокнотуна жазып отурду.

Мен 1938-жылдын апрель айынан баштап Кыргызстан Борбордук комсомол комитетинде иштеп калдым. Совет көчөсүндө иштеген жериме караштуу үйдөн бир кичинекей бөлмө берилген, ошондо жашайм. Ошол мен турган үйдө Болот Мураталиевичтин үй-бүлөсү да жашайт. Энеси, иниси жана карындашы. Өзү Москвада иштеп турган экен. Аларга ай сайын Болот акча жиберет, ошону менен күн өткөзүшөт, анткени энеси кары, эч жерде иштебейт. Иниси, карындашы жаш, мектепте окушат. Жайдын бир айларында Москвадан Болот Мураталиевич келип калды. Энеси мени көрүп сүйүнүчү

койнуна батпай уулунун келгенин кабардады. Бир жолу эшиктин алдынан орой-парай кездешип калдык. Ал киши эски таанышымдай жайдары, элпек саламдашты. Бир күнү мен отурган Борбордук Комитеттеги бөлмөгө келди. Өзүнүн жеке башына байланыштуу бир кыжаалат болуп жүргөн маселени айтты. Андай маселе ал убакта көп эле адамдын башынан өтүп жаткан нерсе эмес беле. Москвада көздөн тышкары жүрсө да жанын койбой быяк жактан тоголок каттар анын үстүнөн жазылып түшө берет белем. Ушуга бушайманданып жүргөнүн мага билгизип, кандайдыр бир жардам болуп, комиссия түзүп текшерип, жыйынтык чыгарып берүүгө болорун кеңешмекчи экен. Мен эмнени айтам. Өзүмдүн деле иштегениме азыраак мезгил болгон, тажрыйба жок, жашмын. Ал кишинин суроосуна канагаттандыраарлык деле жооп бере албадым окшоду. Кыскасы, бизде түшкөн ал киши жөнүндө материал жоктугун жана ал киши Кыргызстанда турбаса биздин кийлигишүүбүздүн ыктымалы жоктой сөз айткан болдум. Болот Мураталиевич Москвага кетти. Эртең кете турган күнү кечинде мен жашаган бөлмөгө келип, кош айтышты. Бул мен үчүн күтпөгөндүк эле, келиңиз, отуруңуз дегенге жарабаптырмын. Эшиктен кирип турган боюнча коштошуп чыгып кеткен соң гана эсиме келип өкүнүп койдум. Күз айларында Болот Мураталиевичтен мен иштеген жеримдин адресине кат келди. Катынын негизи дагы баягы эле, өзүнө коюлган тоголок каттардагы дооматтарды текшертип берүүгө жардам сурагандай. Мен өтө официалдуу, иттен чыгаргандай кыска жооп жибердим. Андан кийин ал мага кайрылган жок. Бул 1938-жыл болучу. 1939-жылы Москвада кыргыз адабияты менен искусствосунун он күндүгү өттү. Мен Жоомартка жаңы

эле чыккан мезгилим, он күндүккө бардык. Он күндүк өтүп жаткан күндөрү театрлардан көрдүм, бирок жакын кездешпедик. Кремлде он күндүктүн катышуучуларын кабыл алуу болду. Жоомарт мени: «Номерде жалгыз олтурганча же жазуучулардын аялдарынын ушагын укпандан көрө, Жумабайдыкына барып олтуруп кел, мен жеткирип келейин» – деди. Камчыбеков үй-бүлөсү менен Москвада иштеп турчу. Жоомарт Камчыбековдордукуна мени жеткизип коюп кетти. Бир аз убакыт өткөндөн кийин алардыкына Болот Мураталиевич келип калды. Жумабайдын жубайы бүлүнүп жакшы тамактарды жасады, тамактануу аяктап калган мезгилде үйдүн ээси мени экинчи бөлмөгө чакырып мындай деди: «Тенти, сен эми көпкө отура бербе. Конокканага кеткин. Жоомарт келип калса Болотту көрүп ичи тарыбасын». Эч нерсе оюмда жок, бейкапар отургам. Мен таңыркана:

– Эмне үчүн ичи тарыйт?

Ал жылмайып:

– Ээ, сен али билбейсиң. Эркектер, артыкча түштүктүктөр, кызганчаак болушат. Болот бой жигит болсо сен келген күнү ал да отурса, Жоомарттын көңүлүнө кетиши мүмкүн.

Мен ошондо сестенгендей болдум да, кетүүгө шашып калдым. Жумабай менен Болот экөө мени узатып чыгышты. Жумабай такси кармамак болуп ары-бери жүгүрдү. Ошол мезгилде Болот мага мындай деди:

– Мен сизди былтыркы жылы көргөндө бойго жетелек, быша элек көктөм кыздай түшүндүм эле. Көрсө, турмушка да чыгып алыптырсыз.

Мен унчукпай ылдый карадым. Аңгыча автобус келип калды. Машина кармай албай жүргөн Жумабай автобусту

көрүп, жүгүрүп келди. Мен жөнөп кеттим.

Жолдо баратып Болоттун сөзүнө ойлондум да: «Ээ, бул баягыда менден жардам сурап келип, кат жазганда дээрлик көңүл буруп, канагаттандырууга аракет болбогонун көңүлгө алып, «колунан эч нерсе келбеген бир чийки бечара экен» деген ойдо калган белем. Бүгүн ошого тийиштире айтылган сөзү да». Ушундай жыйынтыкка келип, өзүмчө кичире түштүм. Болот Мураталиевич согуштан кийин үй-бүлөсү менен Фрунзеге көчүп келишти. Ошол мезгилдерден тартып үй-бүлөчүлүк катышта, жакын жолдоштук мамиледе болдук. Ал киши бийик маданияттуу, өтө адамкерчиликтүү, адамга кылдат мамиле жасаган адам эле. Мен көп мезгилде Болот баягы мен чийкиликте анын ишине мамиле жасагандыгымды дагы эскерип мени зекиген бекен дегендей ой келчү, бирок ал киши эч качан ал жөнүндө ооз ачпады. Башка бирөө болсо, балким, оюн-чынга аралаштырып айтуусу мүмкүн беле. Ошого карабастан негедир менде өзүмчө кандайдыр бир ал кишинин алдында бир кезде чеки иш кетирген сыяктуу сезим көңүлүмдө жүрдү. Болот Мураталиевичтин маданияттуулугун көргөн сайын ошол 1938-жылы Москвага кетип жатып коштошкону киргенде «отуруңузга» жарабай, билимсиздик же уяңдыкпы, деги ошол жоругума өзүм өкүнүп, уялгандай сезим келе турган. Чынында эле ал мезгилде жетилбеген мадырабаш болсом керек. Он сегиз жаш кээде ал мезгилге, чөйрөңө жараша көп да жана өтө аз да. Биз мезгилибизге жараша турмушта тез жетилип, тез такшалдык. Ал эми чөйрөбүзгө жараша маданий жагына кадамды кечигибирээк, мүчүлүштүү таштадык, көргөн-билгенибиз ченемдүү деңгээлде болду.

Он бир жашымда карапайым дыйкандын үй-бүлөсүнөн бөлүнүп, шаарга окууга кеттим. Алты жылдан ашуун жатаканада жатып, техникумда окудум. Окууну бүтөөр менен эки айдан соң мектеп партасынан келгендей Комсомолдун Борбордук Комитетинде иштеп калдым. Акылнасаат айтып жол көрсөткөн маданияттуу чөйрөдөн агаэже болбоду. Маданий чөйрөгө аралашуу шарты түзүлө элек. Чынын айтсам ал мезгилде көркөм адабияттан алыс элем. Жарытып деле адабий чыгармаларды окуй элек кезим. Көркөм адабияттын даамын татып, жанагы энем айткан күнү-түн «куран түшүргөнсүп» китептен баш албоо кийинчерээк гана башталды. 1944–1945-жылдардан тартып, Жоомарттын өз мезгилиндеги бай китепканасынан пайдаландым. Ал эми азыркы жаштар болсо 20 жашка чейин мектеп курагында эле көркөм адабиятка сугарылып, дуйнөлүк адабияттын үлгүлөрүн окуп жетишип коюшат. Ал эми биз 24–25 жаштан баштап гана адабияттын даамын алып кызый кириштик. Бирок мен таалайыма жараша турмушка кадам шилтеген күндөн тартып маданий чөйрөгө дуушар болдум. Кыргыздын таланттуу, маданияттуу, билимдүү, бийик адамгерчиликтүү, ички дүйнөгө бай жогорку аң-сезимдүү эң алдыңкы адамдары менен катар жүрдүм, тилектеш, максатташ, табакташ, кадырлаш болдум. Ар кимиси мен үчүн чоң мектеп, университет, улуу дастандар болушту. Алардан үлгү-таалим алып, өзүмө сиңире билдим, дил байыттым. Ушуну үчүн мен ошол асыл, бийик чөйрөмө ыраазы болуп, башымды ар качан ием. Жеке гана кыргыздын ошондой залкар адамдары эмес, өлкөбүздүн нечен зор илимпоздору, адабиятчылары жана советтик, партиялык ишмерлери менен жолугушуп, байланышта болуп кел-

дик. Мындай чөйрө өз жемишин, таасирин кантип адамга тийгизбесин. Муса адамдар менен кеңири байланышта жашаган, адамдарды өзүнө тартып, өзү да адамдарга тартылып турган адам болучу. 40–50дөн ашуун адамдар менен үзгүлтүксүз байланышта каттар, майрамдарда жана башка даталарга байланыштуу куттуктоолор келип, жооптор жазылып туручу. Ошолордун көбү менен өз ара катташууда боло турганбыз.

Мунун баары биз үчүн табылгыс байлык, баа жеткис дүнүйө эле.

Алардын баарынын аттарын атоо кыйын, Москва, Ереван, Баку, Тбилиси, Ташкент, Киев, Якутск, Алма-Ата, Душанбе, Днепропетровск, Свердловск, Казань жана Фрунзеден башка Кыргызстандын көп жерлеринин адресин, адамдардын аты-жөнүн көрсөткөн архивинде сакталган узун тизме күбө болот.

Мен Жоомартка баш кошкон кезимде атым чыгып, жооптуу кызматка жетип жүргөнүм менен турмушта быша элек көпкөк мөмө сыяктуу элем. Көп нерсени Жоомарттан үйрөндүм. Турмушта менин биринчи мугалимим болду. Адамдарга мамиле жасоодон баштап, турмуштун, үй-оокаттын, тамак-аштын, ал эмес, кийим-кечектин жөнүн да үйрөттү. Ал эми конок чакырганда үстөлдүн үстүн кандай даярдаш керектигин мындай эле коёлу. Бирок мени толук үйрөтүүгө жетишпеди. Мезгил да өтө аздык кылды, согуш мезгили туура келип, турмуш кызып, мен улам жаш балалуу болуп уйпаланып жүдөп жүргөндө, толук бышкан, кадик, анык аял боло элегимде чийкирээк калтырып Жоомарт кете берди. Мындан кийин жалгыздык башка түшүп, үйгө кирип аял болуп, сыртка чыгып эркек боло турган анык турмуштун, жашоонун мектеби

башталды. Анан табигый ички маданияты күчтүү, ошого жараша кенедейинен европалык мүнөздө кеңири тарбия алган, бардык жагынан жетик билимдүү, бийик аң-сезимге ээ Мусам менен жашаган 25 жылдык өмүрүм мен үчүн теңдешсиз университет, академия болду. Мусам аркылуу мурдагы Жоомарт киргизип кеткен залкарлар чөйрөсүнө дагы канча сонун адамдар кошулду. Ошолордун бири Болот Мураталиевич жөнүндө жана жогоруда сөз болду. Мен ал адамды Мусадан мурда тааныганым менен жакын билип, кыйбас, кымбат жолдоштук мамилеге кийин гана Муса аркылуу, ошол экөөнүн чыныгы бири-бирин сыйлап түшүнүшүп, берилишип, баалашып, төп келишкен ажырагыс достук дилдеринин натыйжасында пайда болду. Ошондуктан Болот Мураталиевич кайтыш болгондо уулу Мелик эң биринчи бизге – Мусага кабардашы кокусунан эмес эле. Болоттун сууй элек денесин кучактап Мусанын өксөшү да бекеринен эмес эле. Ушуга чейин Муса экөөбүздө көбүнчө келүүлөр болуп, бир гана энемди жоготсок, эми биринчи жолу жакын, кадырдаш жолдошту жоготтук. Ар бир жоготуу адамга арзан түшпөсү белгилүү. Болот Мураталиевич биз өңдүү санаалаштары үчүн гана эмес, кыргыз жергесинин, жалпы эле түрк илиминин жоготуусу эле.

Ушундан тартып табылуу-жоготуу катары жүргөнсүдү. Көп узабай Жумагул Алышбаев кетти. Жумагул жана анын эстүү, билимдүү жары Сонунбүбү менен да биз өтө жакшы жолдоштук мамиледе элек. Жумагул талanттуу, ишмер кыргыздын мыкты илимпоздорунун бири экени баарыга белгилүү. Ар нерсени жүрөгүнө жакын алып күйүп-бышкан адамгерчиликтүү сезгич жан эле. Жумагулга байланыштуу бир нерсе эске түшөт. Көлдө,

академиянын эс алуу үйүндө дем алып жүргөн элек. Бир күнү шашмалап Жумагул келди да: «Мусаке, жүрүңүз Азиз Эминовичти (академик Измайловду) чакырдым, ал күтүп турат. Үчөөбүз барып кечээги мен айткан адам менен сүйлөшөлү. Муну жөн калтырууга болбойт. Бул жаман жорук, жаш балдардын көзүнчө ошонусу болобу. Балдарга терс таасир берет. Мен кечээтен бери өзүмө келе албай жүрөм, жүрүңүз?.. – деп шашылды.

Муса экөө кетишти. Бир аздан соң кайра экөө келип калышты. Жумагул баягысынан бетер күжүлдөп алган:

– Ээ, Мусаке, муну эмне десе болот! Болбогон адам тура, ушундай да болобу? Азиз Эминович сөздү жакшы эле айтты. Эси бар киши уялат эле го. Эмненин уялганы, айтканын карачы. Муса:

– Иши кылып бизди катырды.

Ал кыткылыктап күлө баштады.

– Жок, Мусаке, адам эмес тура!

– Ошону сөз угат деп барган биз да кызыкпыз.

Муса күлгөн сайын Жумагулдун ачуусу ого бетер келет:

– Буга күлбөш керек, мен азыр барып бул жерден кетирем, кетсин!

– Жумагул! Өзү деле бир-эки күндө кетет экен. Ал үчүн каныңды буза бербечи. Бизге жанагыдай дегени менен өзү деле ойлонот, жаш бала эмес да улгайып калган киши. – Жумагул оолугуп жатып чыгып кетти. Мен эмне иш болгонун сурасам, Муса айтпай койду: «Аны угуп эмне кыласың, силерге кызыгы жок». Бирок ошол адам адепсиз иш жасаганын түшүндүм. Мына ушундай адептүүлүктү, нускалуулукту, адамдардан жакшы үлгүлүү жүрүш-турушун көргүсү келген, ылайыксыз ишти чын

дили менен өгөйлөгөн өткүр мүнөздүү маркум академик Жумагул Алышбаев да элүүгө чыкпай бир заматта жүрөгү токтоп кете берди. Муса Болотко да, Жумагулга да кыргыз журтчулугу менен кошо жүгүрүп кызмат өтөп сапарларына узатты. Булардын аркасынан улуу артист Муратбек Рыскулов, кыргыздын эрке кызы, улуу бийчи Бүбүсара Бейшеналиева, залкар адам, атактуу хирург, академик Иса Коноевич Ахунбаев... мына булардын кетиши элибиз үчүн улуттук жоготуу эле.

Токто,  
Токтой тур! – дейм,  
Боздоп, куруп.  
– Токто! – деймин  
Мен артынан колум сунуп.  
Курдаштар  
Улам бири кетип барат!..  
Батышка илкий басып,  
                    жүзүн буруп.  
– Токто! – дейм.  
Токтобойт го күндү ээрчип,  
Күн батат,  
Кетти алар түндү кечип...  
Мен барам,  
Аркасынан илкий басып,  
Жүрөктү кармап колго  
                    мыжый эзип.

Мына ушинтип кийинки он жылдын арасындагы ар бир жоготуу жүрөктөрдү эзип, орду толбос болуп эңшерилте берди. Булардын атын атаганда кандайдыр бир көңүлдө калган нерселер эске түшөт экен. Артыкча

өмүрлөрүнүн акыркы мезгилине байланыштуу акыркы кездешүүң. Муратбек Рыскуловдор менен да өз ара катташта жакын жүрдүк. Ал кишинин жары элибизге белгилүү, таланттуу актриса Сабира Күмүшалиева бир күнү Ала-Тоо кинотеатрынын жанынан жолугуп калды. Ошондон 2–3 күн мурда эле телевизор аркылуу ыр окуган элем. Сабира жеңе мени көрүп эле:

– О, Тентике! Сенин ырларыңды телевизордон атайын отуруп уктук. Мукеңе аябай жакты: «Мынабу «кыздын» ырлары жөн эле жүрөктү алат го!» – деп, ыраазы болду. – Андан кийин көп узабай эле Мукемди жолуктуруп калдым Кыргыз драма театрынын жанынан. Барпаңдап келип кол берип, менин ырымды укканын айтып, анан мындайча сөз баштады.

– Мен быйыл театрлар коому аркалуу демилге көтөрүп, Жоомарт, Калык, Алымкул үчөөнү Токтогул сыйлыгына көрсөтүү маселесин ойлоп жүрөм. Аман болсом муну ишке ашырууга аракеттенем. Токтогулдун мурастарын элге жеткирүүдө, аны жыйноодо, Токтогулду пропагандалоо ишинде бул үчөөнүн эмгеги өтө зор. Бул Токтогул үчүн гана эмес, кыргыз адабияты, искусствосу, маданияты үчүн керек эле. Токтогулдун улуу мурастарын төкпөй-чачпай толугу менен урпактарга тартуулоо болду. Кыргыз элине Токтогулду тиргизип берген сыяктуу зор ишке чоң салым киргизишти. Булардын көзү өтүп кеткендигине карабастан Токтогул сыйлыгы үчөөнө ыйгарылса, адилеттүү чоң иш болот. Мындай нерсе союздун практикесинде болуп жүрөт. Токтогул сыйлыгы адеп эле белгиленгенде биринчи ушулардан башталганда сонун болмок, атаганат, ойго келбеген экен. Азыр да кеч эмес.

– Эгерде ушул оюңуз иш жүзүнө ашырылса жакшы

болоор эле. Мен да бул маселени өз убагында ар кимге кулактандырган элем, бирок демилге көтөрүлбөдү,– дедим.

Мукем ушул маселеге өтө ынтызар болуп калгандыгын билгизди. Мына ушул сүйлөшүү бизге акыркы болду. Бир канча мезгил көрүшпөй калдык. Бир күнү кечинде телефон согулду... Сабира жеңе кабар айттырган экен...

Ушинтип сейрек жаралчу залкар таланттын ээси Мукемден да айрылып калганыбызды угуп, эндиреп эңшериле түштүк!..

Өкүнүчтүү дүнүйө!..

Бүбүсара бул дүйнөгө бир келип, бир кеткен элибиздин жаркын кызы эмес беле. Кенедейинен көрүп, билип жүрдүк. Көрсөк көзүбүз тойбой аялыбыз да, эркегибиз да суктанып, сыймыктанган сүйгөн жарык жылдыз эле. Ушуга байланыштуу мен бир гана кичинекей нерсени ойго салгым келет. Менин кызым Сырга экинчи классты бүткөн кези. Бул 1949-жыл болсо керек. Жай айынын биринде Ысык-Көлдөгү Чолпон-Ата балдар санаториясына эс алууга жибермей болдум. Сырга фортепьянодон Сергей Данилович Склютовский аттуу мугалимден сабак алып жүргөн кези. Мен ага барып, Сырганын көлгө кетээрин, сабак бир ай мезгилче үзгүлтүк болоорун айттым. Ошол жерде ал мугалим көлгө Бүбүсараны курортко өзүнүн машинасы менен жеткирип келүүгө убада бергенин айтып, Сырганы ала кетүүгө мүмкүнчүлүгү бардыгын билгизди. Мен өтө кубанып кеттим, Сырганы кантип жеткирүү ой кыйнап турган. Сергей Данилович, Бүбүсара экөө машина менен биздин үйдөн көлгө жөнөмөкчү болуп келишти. Мен Сырганы камынтып тургам. Бир кичинекей кол чемоданы бар, аны машинанын арткы айнегинин текчесине коюп койдук. Мен Бүбүсараны

кызыма: «Бул Бүбүсара эжең, атактуу балерина», – деп, тааныштырдым. Сырга санаторийге жеткен соң мага кат жазыптыр. Катында: «Мама! Мен жеттим, жакшы орноштум. Жол бою Сергей Данилович машинасын өтө катуу айдап келди. Жол жаман экен, машина дайыма секирип жүрүп отурду. Биздин башыбыз улам эле машинанын төбөсүнө секирген сайын урунуп жатты. Менин чемоданым балетницанын башына улам түшүп жатты. Балетница: «Ой, ой» – деп башын кармалап жатты». Ушул сыяктуу жазылган. Баягы мен атактуу балерина экенин айтканда Сырганын эсинде калганы «балетница» экен. Бул катты окуп алып аябай күлдүм. Сырганын ушул катын сактап коюптурмун, жакында таап алып окуп дагы бир күлдүм. Ошол эле жылы күз айларында Дзержинский көчөсүнөн бара жатып Бүбүсарага жолугуп калдым. Сырганын катын айтып берсем өзү да аябай күлүп: «Ой, аны айтпаңыз, азап менен жеттик, жол начар экен», – деди.

Мына ошондогу 8–9 жаштагы Сырга эми медициналык институтта доцент, азыр докторант. Ал кезекте ошол жол азабын улуу бийчи, сейрек жаралчу жаркын адам менен бирге тартып бара жаткандыгын баамдаган да эмес.

Азыр Бүбүсара болсо ошол күндү эске салышып, балким, Сырга экөө дагы күлүшөт беле деген ой келип, жүрөктү тызылдатат.

Дагы бир жолу өкүнүчтүү дүнүйө!.. Мен ушул кыргыздын эки улуу артисттерине – Муратбек Рыскулов, Бүбүсара Бейшеналиевага тең арнап дүйнөдөн кайткан мезгилде ыр жаздым. Бирок мындай орду толбос улуттук жоготууларды жеткире айтууга сөз кантип жетсин, сөз аздык кылат эмеспи!.. Айла жок:

Кыргыздын жаркын кызы Бүбүсара
Кылымга бийлеп жатат ал шанданып, –
деп гана каниет этип, өзүңдү сооротосуң!..

Ал эми Иса Коноевичтин үй-бүлөсү менен бирге кырсыкка учурап, күтпөгөн жерден кетиши адамдын жүрөгү эмес, жер кошо солк эткендей болбодубу!..

Кайран киши Исаке, сиздей телегейи тегиз келген жаратылыш эч нерсени аябай ичи-сыртын келиштире берген, асылдуулук сейрек болот го. Ушул жоготкон асылдардын бардыгы менен катар жүргөндө «колдо бар алтындын баркы жок» дегендей, алардын залкарлыгын бирде баамдап, бирде баамдабай жүрөт экенсиң да, ал гана эмес, жакшы жагынан кемчилигин көбүрөөк көрөт белемсиң. Кемчилиги жок адам болбойт эмеспи. Ошол эң бийик, эң асыл сапаттардын ичинен кай бир анча-мынча кемчиликтер ал адамдын көзү барда оркоё көрүнгөнүнө таң каласың!.. Ал эми көзү өткөн соң гана ал кичине кемчиликтер көзгө да, көңүлгө да илинбей, жалгыз гана асыл сапаттар улам даана көрүнүп, өкүнтүп турат белем.

Иса Коноевич менен биз көп жылдары жакын жолдоштук, санаалаштык мамиледе жүрдүк. Берекелүү март, барпаңдаган кең пейил Исаке өзүнүн өмүрлүк жары, өзүндөй кең пейил, шайыр мүнөздүү, булбул үндүү, боорукер, ак пейил Бүбүкан Исмаиловна экөө издешпей табышкан сыяктанышып адамдарды өзүлөрүнө тартып, бирин бири толуктап турган жандардан болучу. Биз эки үйдүн арасынан кыя өтпөй сыйлашып жүрдүк десем болот. 1957-жылы ушул биз жашаган академиянын үйү бүттү, андан бир жыл мурда Дзержинский бульварындагы үй бүттү, биздин ошол үйдөн квартира алууга үмүтүбүз чоң болучу.

Иса Коноевич убада берип, ишендирип жүргөн. Бирок ал үйдөн бизге тийбей калгандыгы жөнүндө, Кулубегибиздин үйгө жетпей калганда капаланып ыйлаганы жөнүндө жогоруда эскерип кетпедимби. Чынында жаңы, жакшы үйгө жетсең эң биринчи балдардын кубанчысы, анткени бала ар нерсени өтө жүрөгүнө жакын кабыл алып, ага токтоосу жок оргуштай эргип кетет эмеспи.

Мына эми ошол экинчи бүткөн Ленин проспектисиндеги үйдөн квартира алмай болдук. Экинчи этаждан 4 комнаталуу квартира бизге бөлүнөт. Эмерегибизди бууптүйүп, көчүүгө камынып калдык. Ачкыч гана колго тие элек. Мына ушинтип турган күндүн биринде кызматтан кийин Муса капалуудай суз келди.

– Үй чатак болуп жатат.

– Эмне үчүн?

– Ахунбаев үч комнатын бизди ээлетип, бир комнатына дагы бир үй-бүлөнү киргизген жатат.

– Эмне үчүн?

– Үйсүз адамдар көп да, анын да айласы кетип жаткан чыгар.

– Дзержинский көчөсүндөгү үйгө эки-үч баш кишилерге деле 4 комнаттан беришпеди беле. Өзү деле эки квартирди бириктирип ээледи эле го. Анда квартирсиз кишилер көп экенин билбептирби?

– Сен капа болбой тура тур, эртең дагы суйлөшөм.

Бир топ кишилерди эки үй-бүлөдөн киргизип жатышат.

Мен ушул түнү уктай албадым. Муса дагы мен сыяктанып чыкты белем. Өмүрүндө бир шарттуу жакшы квартирага жетип, адам сыяктуу жашоо үмүтүң өйдө-ылдый болуп жатса кандай болмокчу.

Менин угушумда ушул маселе эмнегедир Исхак Разаковичке кабар жетет... Балким, ал кыраакы адам Ахунбаевге айткандыр.

Эртеси Муса машинасы менен келип калды. Кабагы жарык. Мен сүйүнө түшүп, алдын тосо чыктым. Муса жаш кездеримден эле байбиче дечү болгон.

– Бол, байбиче, көчмөй болдук, ачкыч колдо, өзүбүз гана киребиз, бир аялдын квартирасын гана капиталдык ремонт жасатып бермек болдук.

Сени балдар менен азыр жеткирип келейин, барып кире бер, азыр машиналар келет, жүктү өзүм жеткирем, – деп карбаластады.

Мына ушинтип үйгө жетип, оңуп калдык. Ушул биздин квартира экендигине бирде ишенсем, бирде ишене албай, бир конокканада туруп жаткансыган сезим эки-үч күнгө чейин мени ээлеп жүрдү.

Бул дагы Мусам экөөбүзгө келген жакшылыктардын бири эле. Бирок ал оңойлук менен болбоду, деги оңойлук менен эч нерсе жок да. Ушул үй жөнүндө Иса Коноевич менен Муса кер айтышып калышат. Муну мен кийин гана уктум.

Иса Коноевич Мусага:

– Үч эле комнат жетет сага, төрт комнатты эмне кыласың? – дейт.

Муса:

– Менин төрт балам бар, алты жан болсом кантип үч комнат жетсин. Аялым да, өзүм да чыгармачыл кишилер болсок, иштей турган бөлмөбүз да болушу керек да?

– Эмне, сенин балдарың беле?! Сенин жалгыз эле балаң бар.

– Сиз эмне берки үч баланы таштап кет деген турасызбы? Бул кандай сөзүңүз! Мен ошол балдарга ата болуу

үчүн баргам. Мен кайда жашасам ал балдар ошол жерде мени менен жашайт.

Мына ушул сыяктуу, өтө ылайыксыз сөздөр болуптур. Бирок бул окуя өз ара Иса Коноевичтер менен болгон мамилебизге таасирин тийгизген жок. Албетте, мен уккан соң өтө капа болдум. Бирок бул окуядан бир канча убакыт өтүп калган соң уктум. Иса Коноевичтер менен катнаш бекип калган кез эле. Иса Коноевич бизге өтө жылуу мамиле жасап жүрдү, баягы ошол өзүнүн чеки сүйлөп койгондугун сезүүнүн натыйжасы болдубу. Мен дагы жүрө-жүрө турмушта өйдө-ылдый нерсе ар түрдүү шартка байланыштуу боло берээрин эске алып кечирип, унутуп кеткен элем.

Муну Иса Коноевич сезсе да баягы ошол сөзү көп мезгилде жүрөгүн өйүгөн чыгаар. Адам баласы каталык кетирип алып, анын артынан өзү өкүнүү менен жашайт эмеспи.

Мен бир ырымда минтип жазгам:
Кемчиликти кетирбесең өмүрдө
Тагы кетпей кала турган көңүлдө.
Түшүм болуп калсачы деп ойлонтуп,
Кейидиңби болгонуна өңүндө.

Тигилип сен шыптан албай көзүңдү
Шыбыранып тилдей берип өзүңдү,
Алгың келет айла болсо кайрадан
Албууттанып айткан ачуу сөзүңдү.

Бирок канча өкүнсөң да айтылган сөздү кайтаруу кыйын да, ошон үчүн адамдын көңүлүндө сакталат тура. Кыргызда макал бар: «Буттан жыгылган турат, ооздон жыгылган турбайт». Адамдар сөзгө кандай баа беришет!..

Мен муну айтып жатканым Исакенин да байкабай айткан сөзү оюмда калган белем.

Күлүйпа Кондучалова Муса кеткенде мындай бир Иса Коноевич экөөнүн сөзүн эске алды. «Кайсы бир жылдары Исаке экөөбүз Дзержинский бульварынан жолугуп, сүйлөшүп басып калдык. Алыстан Муса өтүп кетти. Ошондо ал киши:

– Күлүйпа, мен Мусага таң калам, бирөөнүн үч баласын өз балдарындай бооруна тартып бала кылып алганына. Мага бул нерсе жетпейт. Мен анте албас элем.

– Ал үчүн гений болуш керек, Муса жөнөкөй кишилерден эмес да.

– Чын айтасың, Күлүйпа, ар кимдин колунан келбейт, Муса чоң адам белем.

Чынында, Муса айкөл деңиз эле. Муса менин балдарыма өз ата болуп берди. Өгөй аталарды көп эле көрүп жүрөбүз го, ал эмес өгөй ата сыяктанган өз аталар азбы?! Муса эң жакшы өз аталардан болуп берди. Чын эле бул ар кимдин колунан келбейт го. Балдар чоңоюшуп алдыңкылары үйлөнүп-жайналып бөлүнүшкөнгө жеттик. Бөлүнгөндөрү менен жумасында эки күн дем алыштарда чогулуп, биздин үйгө келишип, бала-чакасы болуп конуп жатышмай адатка айланган. Ошол күндөрдө чогуу баарыбыз үстөлдүн тегерегинде тамакта отурганда Муса: «Байбиче, карачы! Балдар менен чогуу отурган кандай жакшы, жыргал эмеспи, үй толуп турбайбы, бул чоң бакты» – деп, кубана берүүчү. Сыргатай жөнүндө: «Кыз бала өзгөчө болот экен. Сыргатай келип, үйгө киргенде – үй жарыгыраак, жылуураак сезиле түшөт – дечү. Антсең, Кулубек кай бирде түшкү дем алышка келбей калса:

– Кукен эмне келген жок, жолдон кирип ээрчите келсем болмок экен. – Ушинтип комсунуп кала турган. Кай бирлерде:

– Байбиче, балдардын жумасына бир жолу келиши аздык болот экен, сагынып кетесиң, эки жолу – жуманын орто ченинде да дагы бир келип турушсунчу. Анда мен:

– Койчу эс алалы, бир келишсе жетет, – десем, унчукпай калучу да, бир убакта карасаң, балдарды жыйнап машинасына салып алып келип калчу: «Байбиче, балдарыңды алып келдим, сага өзүм жардам берем»–деп, күнөөлүүдөй күлүңдөп кала турган. Кичинекей балдарын кийинткенче шаштырып, төшөккө оротуп алып жөнөчү.

Дем алыш күндөрү эртең менен турган соң эле:

– Байбиче, бүгүн балдар келет, эмне тамак жасайсың? Балдар эмне кечигишти, келишпейби, – деп ары-бери баса баштачу. Мен:

– Келишээр, эмне шаштың? – дейм. Анан акырын телефонго барып: «Ээ, уйкучулар, тезирээк такси чакыртып келгиле!» – Ушинтип шаштырып калчу. Бул өз аталык пейил эмей эмине, кай бир өз атага деле мындай пейил жетпөөсү мүмкүн. Айтып отурсаң көп нерсени келтирүүгө болот, өзүнчө бир узун жомок болуп кетмекчи.

Көзү барда бирде элес алсаң, бирде алынбаган. Көзү өткөн соң бардыгы ийнесинен жибине чейин эске түшүп эндиретип турат белем. Мусанын аталык мээри баарыбызга жылуу нурун чачып, боорукерлик, кең пейилдик, сыйлоочулук, ынтымактуулуктун үрөнүн сээп, өндүрүп, үй-бүлөдөгү бакты-таалайдын баба дыйканы болду. Өзүнүн жеке башынын үлгүсүндө, пейилинде, дилинде балдарды тарбиялап өстүрдү. Ак ниет, сезгич, чынчыл, боорукер, кең пейил адамгерчиликтин, таза жашоонун

үлгүсү болду. «Адам дайыма адам болушу керек» деген кимдир бирөөнүн айтуусун дайыма кайталап айтып калчу.

Ушуга байланыштуу бир нерсе эске түшөт. Кулубек улуу уулубуз бир күнү өтө кападар болуп келди. Болгон иштерди атасына айтып даттанып жатып:

– Бизди силер туура эмес тарбиялапсыңар! Карышкырдай тарбияласаңар болмок. Кайдагы бир акмак, шылуундарга биз жем болуп, алдатып, кулкунуна кирип кетет экенбиз, – десе, Муса:

– Ээ, балам! Биз өзүбүз карышкыр болбосок, силерди кантип карышкырча тарбиялайбыз, – деди.

Баарыбыз күлүп жибердик. Кулубек да күлүп, капасы тарагандай боло түштү. Чынында эле кыргыз бекеринен айтпаган да: «Көргөн-өскөнү жакшы, же көргөн-өскөнү жаман», – деп.

Муса жаратылыштын акыны болучу, анын геолог болуп калышы да бекеринен эмес. Адегенде Оштон орто мектепти бүткөн соң келип, Фрунзедеги педагогия институтунун тарых факультетине кирет. Бирок бул окуу көңүлүнө толбойт, эч пейили тартпайт. Ректораттын үгүттөөсүнө болбой, мойноп жатып Ташкенге кетип, андагы университеттин геология факультетине кирет.

– Мен жаратылыштын кулумун, кандай укмуш жерлер бар! Жаратылышка кумар кануу мүмкүн эмес. Балдарды жаратылышка жакын өстүрүш керек, ошондуктан кичинелеринен кошо экспедицияга да ала кетип жүрдүм да. Кукенди да геологияга өзүмдүн аркаман ээрчитпедимби. Жер-сууга жакын, аны жакшы көргөн адам жаман болбойт, – деп калчу. Күн жылуучулукта дайыма шаардын сыртына баарыбыз чыгып, тоо таянып

эс алчубуз. Таштардын, жер-суунун мүнөзүн, тарыхын айта берчү. Тоону кыдырып басып жүрсөк бир жылан алдыбыздан түйүлүп качып жөнөдү. Мен бала кезимден жыландан өлгөнчө корком. Мусага жармаштым. «Тезирээк өлтүр» – деп бакырсам: «О, кызык! Жылан эчак ийнине кетти, сен эмдигиче эле секирип, бакыра бересиңби. Аны өлтүрүштүн кереги жок, ал дагы табигаттын бир баласы. Жашай берсин – дейт. Төгүнбү, эмне үчүн мен коркконум үчүн жылан өлүшү керек эле. Кайра үйгө кайтаарда отурган жерибизди тазалатып, кагаздарды өрттөп, өрттөлбөй турган таштандыларды жыйнатып сумкага салдырып, үйгө алып келип, же жолдо учураган таштандылар ыргытылчу атайын жерге таштатып кетчү, өзү отурган жерди бир сыйра текшерип чыга турган. Башка адамдардын таштандылар менен булгап кеткен жерин көрсө: «Эмне үчүн адам өзүлөрү жашаган жерине ушундай айбанча мамиле жасайт» – деп, кейий бере турган. Мусанын мындай жер-сууга болгон мамилеси баарыбыздын көкүрөгүбүзгө сиңгендиктен биздин балдар тоого келип жоогазын гүлүн кучак-кучак терип алып жүргөн адамдарга барышып, алардын түбүнөн жулуп алганын көрүшсө жаны-алы калбай айтыша турган.

Мына ушундай жер-суунун, табигаттын акыны болгон, аны чексиз сүйүп баалай билген, көрмөйүнчө, суктанмайынча жашай албаган адам, эми эч нерседен кабарсыз жатып калганы жанды кейитет. Мына ушинтип кимдер кетпеген дүйнөдөн жана кимдер кетпейт!

Бул дүйнө бирин узатып, бирин тосуп алуусу менен менменсине кебелбегендей, кемибегендей кылымдарды боюна сиңирип тура берет экен да. Бул дүйнөнүн өзүндө жашап турганыңда адам дагы кетпечүдөй, кемибечүдөй,

не дүйнө түбөлүк энчисине берилгендей, кенебей жашайт тура. Ал ошонусу менен кызык белем.

Эртеби-кечпи акыры бу кызыкчылык дүйнө менен кош айтышууну бардык адам билсе да, кетүүчү мөөнөт өтө алыс нерседей, кадамың тездигине карабай уламдап жол узартып, алыстап турган сыяктуу бейкапарлыкка термеле, илгери үмүт, бийик максаттардын жетегинде жашоого, дүйнөгө тойбой өмүр сүрөт экенсиң, артыкча өлүм коркунучунан кабар келбесе. Ал түгүл кабар келип, эшигиңди кагып: «Тырсылдатып жаткан менмин, кимибиз жетээр экенбиз?!» – деп турса да адам өзүн ажалдан күчтүү сезет белем. Ал гана эмес, ажал үйүнө кирип кекиртектеп турганда да адам моюн сунбай, өзүнүн жеңиштүү үмүтүнө термелет тура. Мага да өлүм кабарчысы келгенсип турат. Эшигимди кага элек, бирок эшик алдында ары-бери баскан дабышы кулактын кужурун ала баштады. Мен болсом: «Үксөйбөй ары бара тур! Мага дагы 3–4 жыл мөөнөт зарыл! Көрдүңбү, менин каалоом жупуну» – деймин. Бирок мөөнөт алсызыраак болсо жашоо эмес эле го, жашоодон ким тансын, артыкча бала-бакыраң болсо жана эмгекте максатың турса. Артыкча ушул курган жарык дүйнөнү жаныңдын бардыгынча сүйсөң!.. Эмнеси болсо да ажал менен күч сынашып көрөйүн! Тагдыр мен жакта болсо жеңээрмин, ал ажалга көмөктөш болсо жеңилээрмин. Акыры жеңе жүргөн ажал да. Эмне үчүн мен ажал менен күрөшүүнү ойлоймун. Ажал кургуруңду илдет менен дайыма алмаштырат экенбиз. Чынында, адамдын жашын илдет алат эмеспи. Сен илдет менен күрөшөсүң го. Мындан башка адамга кас кырсык да бар го! Ал эми ажал болсо сенин өмүрүңдүн бүтүшүн, кадамыңдын токтошун гана белгилеген бир өлчөмдүү белги эмеспи.

Ажалыңмын, чочубачы өзүмдөн сен,
Курбуңмун, өзүңө жашым да тең.
Бул дүйнөгө төрөлүп өзүң менен,
Кашыңдан карыш жылбай келемин мен.

Сен чочуган өлүмдөн мен да чочуйм,
Анткени өзүң менен кошо кетем.
Кырсык, илдет каршылык жол тоспосо,
Сен көксөгөн марага мен да жетем.

Ушинтип өмүрдүн дайрасын
биргелеш кечипмин,
Эгиздей ээрчисем, душман деп чечипсиң.
Билсең, өмүр баяныңдын аягына коюлар
Бир гана карарган чекитмин!

Мына ушул чекит карарып менин өмүрүмдүн аягын күбөлөп тургансыйт. Коё турсаң болор эле.

Аттигиң, кайсыны айтайын!.. Балким, бу сапар коюлбай каларсың, ким билет. «Жаман айтпай жакшы жок», коюлуп калсаң өкүнүчтүү. 3–4 жыл мага зарыл эле. Өкүнүчтүү дүнүйө!..

Кой, өмүр кадамыңды бастатпаган, кара чекиттин коюлушуна шашпа! Сени басып өткөн жолуңду баяндоомду улантайын.

Ошон үчүнбү, адам өмүрдүн бир белгилүү белесине жеткенде баскан жолуна кылчайып түз баскан, кыйгач кеткен жерлерин көз чаптыруусу закондуу нерсе тура. Кимге жакшылык көрсөттүң, ал эми кимден жамандык көрдүң, кимдин жүрөгүн жылытып, кимдин көңүлүн ооруттуң? Бул дүйнөдө сенин жашооң бир кишиге керек

болдубу же миң адамга керек болдуңбу? Болбосо өзүңдүн керт башыңа керек өңдөнүп кыбырап күн өттүбү, өтсө да мейли эмеспи, балким, башкаларга зыяндуу терс жашадыңбы? Сен кеткенде ордуң бөксөрдүбү, же топон сыяктандыбы, болбосо коко тикенди жулуп ыргыткандай ордуң тазардыбы? Мунун баары ойго келээр. Анткени өмүр-жашоодо ушул өңдүү кырдаалдардын же ээси, же энчилеши бар да. Алар менен кайсы жерде кандайча кездешкениңди эске салып же кубанып, же өкүнөөрсүң.

Деги өмүр кызык. Белгилүү белести бир карасаң толгон өмүр, сандаган окуя, миңдеген адамдардын тагдыры учу-кыйыры көрүнбөй созулуп, оңой менен көз кыйыгыңа камтылбай бирде даана, бирде каакымданат. Ал эми бир карасаң бир ууч болуп алаканыңа келип, көз ачып-жумгуча өтүп бара жаткан өмүрдүн гана канатынын күүсү келет. Мындай өмүрдүн тездиги көңүлүңдөн көбүрөөк орун алат. Андыктан бекеринен Жоомарт:

Ойло жигит, өмүр сокkон  
Учкан октой көрсөтпөгөн казанды,–  
десе, Алыкул:  
Кечээ эле тиги кырда жок эле,  
Кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш! –  
деген эместир. А мен минтип жаздым:

Күндөр өтөт күлүктөрчө жарышып,  
Жылдар барат тизгин колдо карышып.  
Олбуй-солбуй камчыланып энтелеп,  
Мен барамын турмуш менен алышып.  
Мара жакын калган сайын өбөктөйм,  
Ат жалына, ээр кашына жабышып.

Чынында, өмүр ушул. Бул дүйнөгө эң бир жогорку аң-сезимдүү, бийик жаралган адамзатка ушунчалык аз өлчөмдүү өмүр берилгенине айран болосуң. Жору 500 жыл жашайт экен, аттиң ай, адамга деле ошончо өмүр таандык болсо эмине, жок дегенде өлчөмдүү аз өмүрдө адам алдан-күчтөн тайбай, илдет оору жолобой, кубаттуу, активдүү өмүр сүрүп, мөөнөт жеткенде гана кете бере турган болуп жаралса эмне, атаганат! Мына ушундай ойлуу өкүнүч келбей койбойт. Кай бирде ойлойсуң, баягы адам баласына деле табигат ошол жорунун өмүрүнөн кем эмес биологиялык мүмкүнчүлүктүн негизин берген чыгаар. Бирок ошол табигаттан берилген өмүр мүмкүнчүлүгүнүн марасына жетүүгө, жашоого зарыл шарттар төп келбей келе жаткандыр. Жашоо үчүн болгон адамдардын күрөшү өтө оор шарттарда кылымдап өнүгүүдө болду. Экинчиден, адам баласы жаралгандан ошол жашоодогу татаалдуулукту ого бетер өзүлөрү татаалдантып, бирибирине үстөмдүк жасоо, бирине бири запкы көрсөтүү, биринин канын бири бузуу, ушакчылык, бузукулук, эчен чексиз мыкаачылыктар, зомбулуктар, катаалдыктар бул жер бетинде канча гана иштелбеди жана иштелип жатат. Ушундай нерселердин баары кантип өмүрдү кыскартпасын. Адамдын өмүрүнүн бир канчасын көз жаш, жандын кейүүсү, капалык менен өтсө да өзүнүн изин калтырбай өтпөс. Эгерде адамдар ушундай өмүргө зыяндуу нерселерден өзүлөрү алыс болушса, бир канча өмүр жолун узартышаар беле, сөзсүз, узартышаар эле.

Кай бир адамдар өз өмүрүн кыскартуу менен чектелбестен жакындарынын, чөйрөсүндөгүлөрдүн өмүрүн кошо кыскарткан учурлар азбы. Ушуга байланыштуу бир окуя эске түшөт. Биз көлдө дем алып жүргөн элек. Бир

белгилүү адамдын баласы эки-үч күн бою ала күү болуп жүрдү да, бир күнү точкесине жетип калганы байкалды. Кокустан алар турган үйдүн эшигинин алдынан өтүп бара жатсам, ачык турган эшиктен ата-энеси көрүнүп калды, кыя өтө албастан кирип саламдашып калсам, уулу зулкуюп кроватта жатат, экинчи уулу чоң шприц менен ийне сайганы даярдап жаткан экен. Эне жүрөк кандай, энеси тынчсызданып: «Ай, балам, ушунун баарын куясыңбы, көптүк кылбасыңар» – деди. Анда ийне сайганы жаткан уулу: «Көп болсо өлөөр, мындан көрө өлгөнү жакшы. Мен ушунун айынан ашказандын жара оорусун жолуктуруп, капаланып Москвада ушунун азабын тартып жүрөм»,– деп ыйлактады. Мына ушул бир гана көрүнүштөгү бир үй-бүлөнүн трагедиялуу кайгысы көрүнүп турат. Ал жеке гана бир үй-бүлөгө таасирин тийгизеби?! Албетте, жок, ал ишке да, андагы байланышкан адамдарга да таасирин тийгизет. Ушул дем алышта жүргөн адамдар ошол күндөрү аны менен беттешкиси келбей, бурулуп өтүп жүрүштү. Ал эми дайыма көргөн үй-бүлөсү, жакындары, кызматкерлери үчүн кандай экендиги белгилүү го. Ал эми ушакчы же жалаачы, бузуку, кара ниет ыпластардын зыянын өлчөп болбойт. Мына ушунун баары өмүрдүн душмандары эмеспи. Өзүнүн да, башканын да, өмүрүн азантуу көпчүлүгү адамдардын өзүндө болуп жатпайбы.

Ошол аз өмүрдө адам арбын иш бүтүрүп, артында из калтырып, адамдык асыл сапаттары менен салымын кошуп кетүүсү ар кимдин парзы сыяктуу. Бирок адам ар кыл, ошондуктан адам парзы да анын салмагына, өлчөмүнө жараша ар түрдүү өтөлгөнүн көрөсүң. Кыскасы, ар бир адам өзүнүн өмүр-жашоодогу адамдык парзын азбыкөппү, таза, ак пейилинен өтөй алса бул кымбат нерсе го.

Эң оболу адамдардын алдында күнөөң болбогондой жаша, күнөөң болбой койбос, кимден жаңылыштык кетпейт. Бирок ошол жаңылыштык болсо бир башка да. Эгерде ал атайын иштелген зыяндуулук болсо ал жек көрүндү нерсе да. Андыктан адам ар качан өзүнө суроо сала жүрсө. Ушул менин мойнумда, бирөөнүн убалы мойнумда барбы же жокпу, азбы же көппү деген сыяктуу жашаса...

Бирок мойнундагы бирөөнүн убалы ойлотсо ага ойлонуп, ошол убалды мойнуна алып өкүнсө го жакшы. Ага өкүнбөй, кайра көксөөсү канып, жеңиштүү баатырдан болуп тынч капасыз, мемиреп, түнкүсүн уктап, күндүзү жер-суунун ээси сыяктанып, көкүрөктү керип басып жүргөндөр да кезигет да. Кимдир бирөө айтат имиш: «Мен күрөшкө жаралган адаммын, күрөшүп бүткөн күнү өлөм», – деп. Күрөш ар түрдүүчө. Эл үчүн, адамдардын пайдасы үчүн, иштин кызыкчылыгы үчүн ж. б. зарылчылыгы бар күрөштөр бар, ал бир адамга парз. Ал эми жеке баштын кызыкчылыгы үчүн, көралбастык, ич тардык сезимдин бийлөөсүндө, кара ниеттик менен иштеген, кек кубалоо өңдөнгөн сезимдин жетегинде жүргүзүлгөн күрөштүн зыянынан адамдар мөгдөйт эмеспи. Бирок кара жер бардыкты көтөрүп, бардыкты батырып, жаманды да, жакшыны да бирдей мээримдикте, кең пейилиңден бооруңа тартып турасың го. Андайларды табигат жаратып бул дүйнөгө алып келсе, жер аны көтөрсө мындай жашаңдыктын карама-каршысына бул дүйнөнүн жакшы жагы, жакшы адамдары туруп, жашоо күрөшү, өмүр күрөшү бирде күчөп, бирде пастап тынымсыз жүрүп турганы ушунда белем. Ошон үчүн «жашоо күрөш, өмүр күрөш» делинип айтылат белем. Ошол күрөштө жакшылык үчүн, адамдардын жыргалчылыгы үчүн, бакыт-таалай

үчүн болгон адамзаттын күрөштөрү ар качан жеңиштүү болсо экен!..

Тынчтык бейпилдикте, эл-журттун арасында өмүр жолун улантып, эмгектенип, жарык дүйнөдө жашоо кандай кымбат, кандай сонун! Мен дагы баскан жолумдун өйдө-ылдыйына карабастан жашоо куруп, күндө көрүп, жагымдуу музыкасын дайыма угуп, өзүмдүн замандаштарымдын арасында колумдан келген эмгегимди кандай гана болбосун ак пейилимден, ак өтөп келе жатам десем ал мактанууга, ашыра чапкандыкка жатпас..

Чыгармачылык ишим катар мүмкүн болушунча коомчулуктун бир белгилүү мекемесинде дайыма кызмат өтөп келдим. Жогор жактагы жазылган энемдин оорусуна, андан соң окуума, балалуу болушума байланыштуу жыл арасы үзүлүп, «Кыргызстан аялдары» журналында кичине иштегенден кийин жалпы союздук авторлордун укугун коргоо башкармасынын Кыргызстандагы бөлүмүнүн директорлугуна дайындалып ишке кириштим.

Иштн жайдак жерден баштаган сыяктандым. Анткени бардык болгону штат боюнча аппаратта үч адам иш кылат – директору, бухгалтери, бир уполномоченный. Бөлүмдүн иши хозрасчетко негизделип жүргүзүлөт. Бөлүмгө берилген план эч аткарылбай, өзүн өзү камсыздандыруудан калгандыктан жалпы союздук башкармада кыргыз бөлүмүн жоюп, бир гана уполномоченный калтырып, аны Казакстандын бөлүмүнө баш ийдирүү маселеси туулат. Ага биздин Жазуучулар союзу каршы болуп, бөлүмдү сактап калууга көп иш жүргүзүшүп, ишти жолго коё турган директорлук башка адам табууга убада беришет.

Мына ошонун натыйжасында мен директор болуп калдым. Бөлүмдө мурда жалаң гана театрлардан авторлук

гонорарлар жыйналуудан башка иш жүргүзүлбөптүр. Мындан башка дагы автордук укукту коргоо маселеси, авторлорго консультация берүү иши, автордук укукка байланыштуу закондор, гонорарлардын нормалык актыларын (өкмөттөн чыгарылуучу токтомдорду) договорлук, пропагандалоо, экспертиза ж.б. бир канча авторлорду, чыгармаларды каттоо (регистрациялоо) иштери жолго коюлбаган, ал түгүл башталбаган экен.

Мына ушундай шартта мен ушул бөлүмдө ишимди баштадым. Баштаганда эле прокуратурага чакырылуудан болду. Ал мындайча: бөлүмдө мурда түшүнө кирбеген бир иш – «договорлор боюнча иш» аттуу маселе башка республикаларда эчак башталып, кай бирлеринде кадимкидей жолго коюлуп калыптыр, артыкча Казакстанда. Мен ушул иштен баштагым келди. Анткени жазуучулардан көп угуп жүрө турганмын: «Чыгарманы жазыштан да аны чыгарыш кыйын, чыгарып алсаң ал үчүн ага гонорар алыш баарынан кыйыны ушул».

Көрсө, басмакана ар качандан бир качан эле акча-каражаттан кысымчылыкта жашашат экен. Ошого байланыштуу авторлор, договор боюнча законго ылайык аванса алууну быякка коюп, китептери эчак чыгып кетсе да анын гонорарын алалышпай, алса бөлүп-жарып, майдалап берекесин кетирип, аздап колуна тийип жүрүп, алган-албаганы билинбей калуусу адатка айланыптыр. Ал эми договор боюнча иштин бу жакшы жагы – авторлор басмаканадан тиешелүү гонорарынын бардык суммасына расчеттуу справка алышат да, аны авторлор укугун коргоо бөлүмүнө алып келишет. Бөлүм ал акчаны авторго чогуу төлөп берет да басмаканадан качан алардын счетуна акча түшкөндө банк аркылуу которуп алат. Мындай нерсе

басмага да тынч, авторлорго да жакшы. Ушул жакшы ишти баштап иш жүзүнө ашырып калдык.

Бир күнү эле мени республиканын прокурору Романовго чакырган кагаз келип калды. Айран-таң калып бардым. Романов мени жылуу кабыл алды. Анткени мурда мени жакшы биле турган, жаманбы-жакшыбы кыргыз аялдарынын ичинде көрүнүктүүлөрдөн болумуш болуп жүргөн элем. Ал-жайды, кайда иштеп жатканымды сурап, акырындап иштин жайына өтүп, канча эмгек акы алаарымды, ал штат боюнча так өлчөмдөгү эмгек акыбы же кандайдыр бир проценттен пайда болуп, ошого карата сурап туюнуп жатты. Мен баарын түшүндүрдүм, иштеги ишим үчүн 100 сом эмгек акы, штат богонча так өлчөнгөн акча. Андан артык бир тыйын албастыгымды айттым. Көрсө, «Кыргызстан» басмасынан менин үстүмдөн билдирүү түшүптүр. Анын мазмуну мындайча: «Адышева жазуучулардын баарысын үндөп, ээликтирип басмакана-дан справка алдырып, басманын акчасынын бардыгын өзүлөрүнүн счетуна кестирип алып, кызматчыларыбыз эмгек акысын алалбай калды. Анткени Адышева ошол авторлордун чыгармасынан кандайдыр бир процент кармап өзүнө эмгек акы катары алат экен, ал антип отурса миллионер болушу ыктымал, бул ошого катуу киришип, күчүн жумшай баштаган болсо керек» — ушул сыяктуу билдирүү.

Романов аягында кат менеи мени тааныштырып: «Сиз капа болбоңуз. Бул болбогон түшүнбөстүктөн келип чыккан (недоразумие) болбогон нерсе тура. Басмакана менен жалпы тил табышууга аракеттениңиз, бул иш керектүү нерсе экен, ишиңизге ийгилик каалайм» — деп жөнөттү. Бирок мен үчүн бир топ көңүлдү ириткен

оокат болду. Басмакана менен жалпы тил табыштык. Алар эмгек акысын алгандан кийин гана биз банкка расчетный справкаларды коюп, алар руксат бергенде алып жүрдүк. Кийин авторлор бир кысымчылык, зарылчылыкка учурап, «кекиртектеп» жандарын койбой гонорар доолашса, өзүлөрү жанталашып: «Биз справка берели, бизди куткарбасаңар болбой калды» – деп суранган учурлар көп болуп жүрдү. Экинчи бир көп убарачылык, кыйынчылык менен жолго коюлуучу иш – авторлук укукка байланыштуу маселе болду. Автордук ставкалардын нормасын (өлчөмүн) белгилеген закондор (токтомдор) Кыргызстанда эч качан алынбаптыр. Эчакы эски жаңыртылбаган РСФСРдын илгерки жалпы союздук искусство башкармасынын буйруктары менен белгиленген ставкаларга таянып, колдонулуп жүрүптүр. Башка союздук республикаларда мурда мындай токтомдор 2–3 жолу жаңыртылып, толукталып жолго эчак коюлуптур. Ушул маселелер боюнча Борбордук партия комитетине, Кыргызстандын өкмөтүнө кат менен маселе коюуга туура келди. Жогорку жактан буйрук болуп, токтомдорду даярдоого кириштик. Даярдоодон башка ушуга байланыштуу мекемелердин келишүүсүнөн өткөрүү өтө кымбатка турду, маданият министерствосунун басма боюнча башкармасы менен министерстволордун тиешелүү башкармасынын өкүлдөрүнүн келишимине жетүү тозок болду. Ар бир статья үчүн күрөш жүрдү. Анткени бул биринчи жолу даярдалып алынып жаткан токтом эле, биринчи нерсе ар качан татаал. Көп нерсе мурда таанышсыздыгы менен түшүнүксүз жана өзүнүн жаңылыгы мен адамды коопсунтат эмеспи. Анан кандайдыр бир белгилүү өлчөмдө кай бир жерде жекече өзүмчүлүк (узко ведомст-

венный) кызыкчылыгы сыяктуу нерселер көбүрөөк орун алган учур жок эмес да. Мына ошондой мен жалгыз гана авторлордун кызыкчылыгын коргоп жаткандай, башкалар өкмөттүн кызыкчылыгын көргөн сокур түшүнүккө берилип алышып, маселени өтө татаалдатышкан учурларга дуушар болдук. Өкмөт менен партиянын негизги саясаты болгон элдин рухий байлыгын түзүп жаткан чыгармачыл адамдарга дээрлик шарттарды түзүү зарылчлыгын алдыга коюп турган маанилүү маселени түшүнбөстүк салып, ишти татаалдаштыруу учуру болбой койбоду.

Иши кылып көп талаш-тартыштан соң эки токтом: басмадан басылып чыгарылуучу адабий чыгармалар үчүн авторлук гонорарлардын ставкасы жана «Музыкалык жана драмалык чыгармалардын эл арасында (публичный) аткарылышы үчүн» кабыл алынды. Жанагыдай келишүүчүлүктүн негизинде болгон бир канча кемчиликтерине, үзгүлтүктөрүнө карабастан бул нормалык актылар, автордук укукка байланыштуу маселелерди тартипке келтирип, чыгармачылык өндүрүшкө чон шарт түзгөн, белгилүү өлчөмдөгү өкмөт тарабынан алынган маанилүү токтомдордон болду. Андан кийин бул токтомдор жана ушул сыяктуу башка токтомдор дагы бир канча жолу жаңыртылып, уламдан-улам мурдагы кемчиликтери түзөтүлүп, кадимкидей жолго коюлуп кетти. Ушуга жетишүү үчүн да көп күч, аракет, нерв жумшоого туура келди. Антпей турган иш жок да, кайсы гана иш болбосун көп күч-кубат талап этет да. Чон ишпи, кичине ишпи, оной-олтоң болбойт. Нерв дегеним ушул маселеде да кай бир жерлерде түшүнүк берүүгө туура келди. «Жалаң жазуучулардын кызыкчылыгын жогору коюп, анткени өзү да ыр жазат экен, өз кызыкчылыгы да бар болуп

ишти татаалдатып, талашып жатат» өңдүү сөздөр болбой койбоптур. Бирок ар дайым актык, ак пейилден адилет болгон иш өзүнүн чындыгына жетпей койбойт эмеспи. Авторлордун чыгармаларды экспертизадан өткөрүү иши өйдө-төмөндүктөр менен акырындап жолго коюлду.

Ал эми эң татаал иштердин бири болгон автордук укуктун көп учурларда ар түрдүү кырдаалдарда бузулуусу орун алып келиши болду. Мындай маселелер чыгармаларды пайдалануучу мекемелер менен авторлордун өз ара байланышына негизделет. Чыгармаларды пайдалануучу мекемелер көп, алар театрлар, басмаканалар, киностудия, радиотеле, газет-журнал, маданият үйлөрү, клубдар ж.б. ушул сыяктуу көптөгөн уюмдар.

Булардын көпчүлүгү автордук укук, аны сактай турган закондордон түшүнүгү жокко эсе. Алар гана эмес, авторлор өзүнө көп убакта кабарсыз болгон учурлар кездешет. Мына ошонун натыйжасында ошол чыгармаларды пайдалануучу мекемелер менен авторлордун арасында келишпөөчүлүктөр кимдир бирөөлөрдүн кийлигишүүсү менен гана бүтүмдөлүшкөн учурлар көп эмеспи.

Мына ушул ишти бөлүмдө колго алуу туура келди. Биринчиден, ар бир чатак иштер жөнүндө түшүнүк берип, туура чечилиш үчүн талап этилген каттар жазып, ал жетишпесе сот органдарына чейин баруу иштери көп болду. Кай бир маселелер сотто бир канча жолу, айлап чечилген учурлар болду. Кийин мындай укук бузулган, келишпөөчүлүк иштер азайгандан азайды. Анткени мекемелер, уюмдар автордук укуктун закондорун түшүнүп, тааныш болуп кетүүнүн натыйжасы өңдөндү.

Ушинтип, акырындап бөлүмдүн иши жолго коюлуп, бир канча иштер башталып, жүргүзүлүп эки жыл чама-

сында зыяндуу (убыточный) эмес, кирешелүү мекемеге жетип, план толтуруу жагынан улам алга жылып, союзда алдыңкы катардагы мекемелердин катарына өттүк.

Жалпы союздук кеңешмелердин биринде жалпы союздук авторлор укугун коргоо башкармасынын начальниги Албашовдун айтканы эске түшөт: «Кыргызстандын бөлүмүн жол. Адышева башкарат. Ал жерде иш өтө жакшы жолго коюлган. Ал өзү директор, өзү юрист-консультант, өзү экономист, өзү секретарь-машинистка, өзү апаративник, өзү кат таануучу – бардык иши үчүн алганы 100 сом, ал ошол 100 сом үчүн эмес, ал иштин кызыкчылыгы үчүн иштеп, ага жан-дилинен берилип, чоң жоопчулукка өзүн багындырып, ак пейилде иштеп жатат», – деп. Албетте, чоң ишпи, кичине ишпи мойнуңа алган ишти дилиң менен аткарсаң ким көрбөсүн, ким жактырбасын.

Ушинтип аз да болсо ишиңди көрүп, баалап койсо ал адамга чоң кубат, сыймык да. Акырындап бөлүм канатын жайып, кызматкерлер кошулуп, эмгек акылар көбөйүп, бир белгилүү даражада көрүнүктүү мекемеге айланды. Кадыр-баркы, өзүн эл арасында таанымал болуп, ага иш жүзүндө кайрылган адамдардын саны арта баштады. Көптөгөн келишпөөчүлүктөр келишим табышты. Материалдык, моралдык чечилүүлөр болду. Колдон келишинче адилет болууга тырышып, казанында кайноого туура келди. Ошолордун ичинен улуу манасчы Саякбай Каралаевге байланыштуу бир окуяны эскергим келет.

Мухтар Ауэзов айткан, XX кылымдын гомери – Саякбай Каралаев өзүнүн сейрек учурай турган чоң талантынын күчүнөн ралган жарым миллиондон ашык «Манастын» ыр саптарын элибизге тартуулаганы баарыга белгилүү. Мына ошол өзүнүң варианты үчүн ал

киши илимий мекемелер жаздырган мезгилде да, басма мекемелери басып чыгарган учурларда да бир тыйын эмгек акы (гонорар) албаптыр. Илимий мекемелер болсо Сакенин оозунан «Манас» жазылганда командировычный, суточный деген статьяларга ылайыкташып күнүгө тамактандырып, конокканага төлөшүп, мына ушул сыяктуу нак (натуральный) түрдө эсептешүү сыяктуу бүтүм менен бүтүшөт.

Ал эми басма мекемелери болсо, гонорар төлөнүүчү өкмөттүн токтомдорунда «Манаска» төлөнсүн деген атайын белгиленген статья жок экен, ошону үчүн төлөөгө мүмкүндүк жок. «Манастын» кошмо вариантын даярдап чыгаруу үчүн Кыргыз ССРинин Совет министрлиги тарабынан атайын алынган токтомдо ошол кошмо вариантты түзгөн жана аны редакциялаган гана адамдарга эмгек акы белгиленип, ал эми манасчыларга алардын варианттары үчүн эч нерсе белгиленбейт. Мына ушунун натыйжасында Саякбай Каралаев өзүнүн варианты үчүн эч нерсе албай куру кол калат. Саке биздин бөлүмгө кайрылды. Биздин Кыргызстандын өкүмөтүнө атайын маселе коюп, кайрылуунун натыйжасында токтом кабыл алынып, манасчылргга эмгек акы басма табак көлөмүндө төлөнмөй болду. Чындыгында, ыр сабына төлөшү тиешелүү жана закондуу нерсе эле, бирок бир аз ошол басма табакка төлөнүшү да чоң ийгилик болду. Анткени ушул маселеге кызыкчылыгы байланышкан адамдар бир канча каршылыктар көрсөтүштү.

«Манас» – сомдолгон дөңгөч сыяктуу элдик чыгарма, андан табак-аяк, чөмүч-кашык жасалышы керек. Мына ошол сыяктуу ишти аткаргандар гана эмгек акы (гонорар) алууга милдеттүү. Саякбай дөңгөчтү тартуулаган,

биз идиш-аяк жасайбыз. Эмгек биздики, эмгек акы бизге гана төлөнүп туруу керек». Ушул сыяк- туу эч бир нерсеге сыйбай турган сөздөрдүн, алардын активдүү кийлигишүүсүнүн натыйжасында маселе татаалданып жатып иш жүзүнө аткарылды. Акырындап жүрүп отуруп, улам автордук укукка байланыштуу закондор – ставкалар жаныртылып, толукталынып өзүнүн дээрлик калыбына келтирилди.

Бирок өз учурунда ошол «табак-аяк» жасагандар өзүлөрүнүн аткарган түзүүчүлүк, редакторлук иштери үчүн эмгек акыны (гонорарды) мол алгандарына карабастан, ар бир жолу кайра басылып чыгышына гонорар алууну талап этүү менен, ал түгүл башка тилдерде басылып чыгуусуна да гонорар алууга умтулушту. Албетте, мен бул жерде жалпылап түзүүчүлөрдүн баары айткандай талапта болду дегендей түшүнүк бергенсип жатам, бул адилеттикке жатпас. Түзүүчүлөр баарыга белгилүү үчөө болгон: А. Токомбаев, К. Маликов, Т. Сыдыкбеков.

Алике ар качан: «Эгерде бизге гонорар төлөнүү тиешелүү болсо, ага акыбыз бар болсо, мен каршы эмесмин» дегендей позицияда турду. Т. Сыдыкбеков: «Мен «Сейтекти» түзгөм. Бүт бойдон Каралаевдин вариантына түзүлгөн. Түзүүчүлүк милдетимди аткаргам, ал үчүн акымды алгам» – деди.

Өтө активдүү жана көгөрө киришкен Кубанычбек Маликов болду. Жанагы «табак-аяк» да ушул кишинин табылгасы. «Манастын» кошмо вариантынын кыргыз тилинде басылышына Саякбайга гонорар төлөнсө бизге да төлөнүшү керек, – деп маселени катуу койду. Натыйжада, эч кимге төлөнбөй калды. Бирок өкмөттүн жаңы токтому боюнча басмадан чыгарылса, манасчыларга өз

варианты үчүн гонорар төлөнмөй болду. Саякбай Каралаев «төрүнөн көрү жакын» болуп турган мезгил эле. Бир күнү байбичеси экөө мен отурган кабинетке келип калышты. Дайыма бөжөңдөшүп экөө ээрчишип жүрө турган.

Келип отурган соң: «Тентике, бул мага гонорар төлөнө турган кагаздарды бөлүп, бекемделген өңдөндү. Бирок ал кагаздын тыйын болуп колго түшүшү үчүн кыргызым Тайторуну таптатып, качан чабылат, ал байгеге кандай келет, ким билет. Аны жолдон сүрөгөндөр дагы эмне дешет, муну да ким билет. Апаң экөөбүз канча жашайбыз, муну көктөгү чоңу билбесе ким билет. Мынабу казак туугандар Тайторуну чабышкан имиш. Буларың кумпуюп эле жүрө беришеби же бизге бирдеке дешеби? Муну кандай дейсиң?» – деп сурап калды.

Мен Сакеме, казак туугандар өзүлөрү эч нерсе айтпасын жана бала ыйламайын эмчек кайда экенин айтып, казак тилинде чыккан «Манастагы» өзүнүн варианты үчүн гонорар талап эткен бир чарчы тил кат алып келишин сурадым.

Өмүр бою кыргыз элин кыдырып талыкпастан угуучуларын «Манаска» суусунду кандырып келген Сакем өмүрүнүн акырында бир казак туугандардан да чай ичип койсо жаман эместир деген ойго келип аракет жумшала баштады. Муну угуп калган Кубанычбек да катуулап өзү үчүн гонорар талап этип, өз алдынча киришип калды. Казакстандын «Жазушы» басмасы жалгыз Каралаев болсо, бир нерсе эле Маликову да сураса, анын аркасынан дагы башкалары чыкса кандай болот — дешип, чалкасынан кетишти. Эч кимге гонорар төлөбөйбүз болуп жооп кайтарышты.

Казакстандын авторлордун укугун коргоо бөлүмү Каралаевдин арызын колдоп, сот органдарына кайрылмакчы болду. Бирок Маликов менен Каралаевдин кимиси акылуу гонорарга, экөөнүн «Манаска» кандай тиешеси бар. Мына ушуну чечип берүү маселесин талап этти. Башкача айтканда, Каралаевдин өзүнө таандык барбы? Эгер болсо аны тиешелүү мекемелердин аныктоосу керек. Маликов түзүүчү элеби же ал дагы тексттин автору болуп эсептелеби? ж.б.

Бул маселе оңой-олтоң чечилбеди. Канча комиссия, канча справка, чечимдер, жалпы союздук авторлордун укугун коргоо башкармасынын кийлигишүүсү, жалпы союздук прокурордун бир эмес, эки жолу түшүндүрүүсү булардын бардыгын жыйынтыктап Казакстандын райондук эл сотунан жогорку сотуна чейин каралып жатып, акыры Саякбай Каралаевдин пайдасына чечилип, Казакстандын «Жазушы» басмасынан гонорар өндүрүлдү. Мына ушинтип Саке казак тууганлардан да чай ичкен эле.

Сакем мага ыраазы болуп, ак боз бээ союп, Муса экөөбүздү, Түгөлбай Сыдыкбековду, дагы эки-үч кишини чакырып, гонорарын «майлап» мага батасын берген.

Адабият, иш өтөсөң деле кай бирлерде көңүл иритмей кырдаалдар болот тура. Мага ушунун натыйжасында кыйшыгыраак караган көздөр пайда болду. Мен жөнүндө тескери пикир түзүү аракети да болбой койгон жок. «Кара катын» погода жасап жатат атка коно калдым. «Саякбай Каралаев жердеши үчүн гана аны колдоп, аракеттер жасады» болгон күнөө ушул болду.

Эгерде Саке Марстан келген адам болсо да мен ошол улуу манасчынын адилеттүү иши үчүн жан-дилим менен кирмекчимин. Саякбай кыргыз элинин, XX кылымдагы

могикандардын акыркысы эле. Ушул Сакенин бул дүйнөдөн кайтаарына көп деле мезгил калбаганына акыл жетсе да анын биздин арабыздан кетерине көңүл ынангысы келбеген. Ушундай поэзиянын алпы кантип өлүмгө жеңдирсин өңдүү сезим бизди алдагысы келчү белем.

«Атаны арман күн, бүгүн көргөн эртең жок!» Саке «Манасында» көп кайрылган ушул сөз анын өзүнө да аныктооч болду. Кечээ эле көрүп, анын сыйкырдуу өнөрүнө таңданып, тамшанып, сыймыктанып жүргөн касиеттүү Сакем да жарык дүйнө менен коштошуп, көзүн жумду. Салаалантып көз жашын агызып, Тайторусун чаап, каргылданган үн менен калкты өзүнө арбап тунжурата уюткан, эзил кайран Саке эми кайра көрүнбөсү акылга сыйбады.

Сакени акыркы сапарга узатууга кыргыз эли түп көтөрө келип, жашын төгүп, Чыңгыз Айтматов айткандай Манас өзү баш болуп кырк чоросу менен келип, баштарын ийип тургандай, сезим ар кимди ээлеп турду белем…

Мына ушинтип жоготуп койгон соң тирүүлөрдүн жүрөгүн чексиз өкүнүчтөр ээлейт эмеспи. «Аттигин ай! Аттигин ай!» боло бермей белгилүү иш. «Аттигин ай! Ушул Саке эмне жүзгө барбады! Аттигин ай! Мындай жанды эмне үчүн өлбөс этип жаратпады. «Аттигин ай! Тирүүсүндө баркына дээрлик жете алдыкпы же жокпу. «Аттигин ай! Өзүнүн сыйкырдуу өнөрүнүн үзүрүн толугу менен көрө албады». Ушул өңдүү аттигин айларды ойлоп эң акырында улуу адам сени менен катар жашап жүрүп, аны көбүрөөк көрүп, анын укмуш талантынан көбүрөөк рахат албаганга, баарыдан мына ушуга көбүрөөк өкүнөт белемсиң.

Муса Сакемдин «Манасын» жакын бетме-бет отуруп биринчи жолу Т. Сыдыкбековдун үйүндө москвалык

коноктор менен кошо укту. Саке баягы «Тайторусун» чапты. Сакемди мурда бир канча ар түрлүү шартта уккан элем. Бирок ушул сапар укмуштуудай угулду.

Ар бир адамдын өмүр жолу өзүнчө жомок. Анткени анын өмүрү өзүнө гана таандык. Анын жолун эч ким кайталай албайт, өзү да кайрадан кайталай албайт. Бирок ошондой жекечиликтүүлүгүнө карабастан анын жолу бир жагынан көпкө таандык. Не дегенде ал өмүр жолдо жалгыз баспады. Сени менен кошо аттанган үзөңгүлөштөр, ар мезгилде аруу жолдо аралашкан, кайчы жолдо кездешкен, тар жолдо бирге өткөн, тайгак жерде жөөлөшкөн, жамандык-жакшылыкта жүздөшкөн, оор жүктү аркалашып, жеңил жүктү колдошкон замандаштарың менен канатташ келесиң. Тагдырың, талабың, максат күнүң журт ичинде бир бүтүн бирдикте байланышып, жашоонун негизи келип эле элге, коомчулукка, Ата Мекенге такалат эмеспи. Мына ушул жашоодо адам колунан келген эмгегин чын ниетинен ак өтөп, адамдык касиетке татыктуу, маңдайы жарык өмүр сүрүп, тирүүсүндө жылуу сөз угуп кеткенинде адамдардын көңүлүндө жакшы эскерүү калтырып кетсе мындан кымбат эмне бар.

# МАЗМУНУ

ТЕНТИ АДЫШЕВА ........................................ 3

**ТААЛАЙ ЖЫЙНАГЫНАН**

КЫРГЫЗ ТИЛИ ........................................ 5
МЕНИН СҮЙГӨНҮМ ........................................ 6
ЛЕНИНГЕ КАРЫЗМЫН ........................................ 6
ТЕҢТУШТАРГА ........................................ 7
ДАЙЫМА УКТУМ ........................................ 7
ЫРЛАР ........................................ 8
ТАГДЫР МЕНИ ЭРКЕЛЕТПЕДИ ........................................ 8
ОЙЛОР КЕЛЕТ ........................................ 9
КУРБУЛАР ........................................ 9
КАЙДА ЧЕГИ ........................................ 10
ЖАЛБЫРАК ........................................ 11
КӨЛГӨ ........................................ 11
КАНТЭЭР ЭЛЕҢ?.. ........................................ 12
АЯЛДЫН ЖҮГҮ ........................................ 13
ЭЧЕН ТҮРЛҮҮ СЫН ........................................ 13
КЫШКЫ СУУ ........................................ 14
КҮЗДҮН БИР КҮНҮ ........................................ 14
ТЕРЕК ДАРЫЯСЫ ........................................ 15
КАВКАЗДАН БИР СҮРӨТ ........................................ 15
ТАРАСТЫН ЖЕРИНДЕ ........................................ 15
КОМСОМОЛ ........................................ 16
АРМАН БОЛБОС ........................................ 17
ЖИГИТ ЖАНА ТОО ГҮЛҮ ........................................ 17
СЕНИН ЖАНЫҢДА ........................................ 19
СҮРӨТ ТАРТУУ ........................................ 20
АРНОО ........................................ 21
ЖАШТЫН ГҮЛҮ ........................................ 22
КҮТӨТ ........................................ 22
МЕН КАЙДА ........................................ 23
КЫЗЫ ТӨРӨГӨН ЭНЕ ........................................ 23
БИРОК КЫЙЫН ........................................ 24
ЖАЗ ........................................ 24

ТООБУЗ БИЙИК ........................................ 25
БИР КҮН ........................................ 26
СЫЙМЫКТАНУУ ........................................ 26
ЭНЕ ТИЛЕГИ ........................................ 27
БИЛБЕЙМИН ........................................ 27
ТҮН ИЧИНДЕ ........................................ 28
ИСА АГАГА ........................................ 29
ТЕМКЕГЕ ........................................ 30
БУЛ ДҮЙНӨГӨ ........................................ 30
КЕМЧИЛИКТИ КЕТИРБЕСЕҢ ӨМҮРДӨ ........................................ 31
ӨМҮРГӨ ........................................ 31
ЭНЕ, ЖЕР ........................................ 31
ОЙ ЖҮГҮРТҮП ........................................ 32
СААДАТТЫКЫНДА ........................................ 32
ЭЛЕС ........................................ 34
ЖАШ КЫЯЛЫМ ........................................ 34
МЕН ӨЛБӨЙМҮН ........................................ 36

**«ОЙ ТОЛГОО» ЖЫЙНАГЫНАН**

ОШОЛ КҮНДӨН ........................................ 38
ЗАМАНЫМ ........................................ 39
КААЛАЙМЫН ........................................ 39
АРМАН БОЛБОС ........................................ 39
ЫР САПТАРЫ ........................................ 40
АТА МЕКЕН ........................................ 40
ГҮЛДЕСТЕСИН КӨТӨРҮП КЫЗДАР КЕЛЕТ... ........................................ 41
ЖҮРӨК МЕНЕН СЕЗГЕМИН ........................................ 42
ЭНЕ – ЖЕР ........................................ 43
ЖАЗ ДЕЙТ ........................................ 44
АРКАЯТ МЕНИН АЛА-ТООМ ........................................ 44
АЛАЙ ........................................ 44
АЛА-ТООМ ........................................ 45
ДЗЕРЖИНСКИЙ БУЛЬВАРЫМ ........................................ 45
ТҮРГӨНДӨГҮ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ ........................................ 46
БЕЛЕККЕ КЕТКЕН КЫЗ ........................................ 49
БИДЕ КӨЛҮМ БАЛАДАЙ ........................................ 51
КҮМҮШ КӨПҮРӨ ........................................ 51
ЫСЫК-КӨЛ ........................................ 51
ИЙРИ КӨЛ ........................................ 52

САРЫ ЧЕЛЕК ........................................ 53
ЖЕТИ-ӨГҮЗ ........................................ 53
КӨК ЖАЙЫК ........................................ 54
МЕКЕН – ЭНЕДЕ ........................................ 55
ШАРКЫРАТМА ........................................ 55
ЗАМАНДАШТАР ........................................ 56
ФРУНЗЕМ ........................................ 57
КЫЗЫЛ ГҮЛ ........................................ 57
ТАҢ КАЛБА ........................................ 59
КӨЛДӨ ........................................ 59
БАТКЕНДЕ ........................................ 60
ӨЗ ЖЕРИМДЕ ........................................ 61
ТАЛАА МЕНЕН ӨЗӨН СУУ ........................................ 61
КУРБУМ ........................................ 62
АРНОО ........................................ 63
АЛЫСТАГЫ КУРДАШКА ........................................ 63
О, ЖИГИТТЕР! ........................................ 64
ЖЕТЕКЧИ ........................................ 65
ГЕОЛОГДУН ЫРЫ ........................................ 66
СЫЙМЫКТАНАТ ........................................ 67
САГЫНДЫМ ........................................ 67
КАЗАН ........................................ 68
ӨЗҮБЕК ЖЕРИ ........................................ 68
ЛЕРМОНТОВДУН ЖЕРИНДЕ ........................................ 69
ТЕРЕК ДАРЫЯСЫ ........................................ 69
КАВКАЗ ........................................ 69
ТЫНЧТЫК ........................................ 70
БООРДОШ ЭЛГЕ ........................................ 70
ЖАМИЙЛА БУХРЕТКЕ ........................................ 70
КАРЛОВЫ ВАРЫ ........................................ 71
КОРЕЯ ........................................ 72
ГУАНАГУАНИКО (ТООНУН АТАЛЫШЫ) ........................................ 73
ЖЕКСЕН БОЛСО ........................................ 73
БИЗ КҮРӨШКӨ ТУРАЛЫ ........................................ 74
ЭНЕ СӨЗҮ ........................................ 75
ЖЕРДИН ҮНҮ ........................................ 76
ТӨРӨЛҮПМҮН ЖАЗ АЙЫНДА ........................................ 77
КАЙРЫЛУУ ........................................ 78
ЖҮРӨК ........................................ 80

ӨМҮР ЧИРКИН ........................................ 80
КҮНДӨР ӨТӨТ КҮЛҮКТӨРЧӨ ЖАРЫШЫП ................ 81
АЗЕМДЕШИП АКЫН БУЛБУЛ ЫРДАСАҢ ................ 81
АДАМ КӨЧҮ ........................................ 81
КҮЛКҮ БЕРГИН ........................................ 81
ДҮЙНӨГӨ ........................................ 82
СУУНУН ҮНҮ ........................................ 83
ТЕҢТУШТАР ........................................ 84
СУУК КОЛ ........................................ 84
РАДИОДОН ........................................ 84
ЭСТЕЙМИН ........................................ 85
САГЫНУУ ........................................ 86
АКЫНДЫН ЖҮРӨГҮ ........................................ 86
АЛТЫМЫШТАН АШКАНДАРГА ........................................ 87
СҮЙҮҮ ЖӨНҮНДӨ ........................................ 87
КАНТЭЭР ЭЛЕҢ?.. ........................................ 88
КЕЗДЕШҮҮ ........................................ 88
ЖИГИТ ЖАНА ТОО ГҮЛҮ ........................................ 88
ЖАШТАРГА ........................................ 90
КЕЛГЕНИҢДЕ ........................................ 90
УЧКАН УЯМ ........................................ 91
АТА-ЭНЕМ ........................................ 92
ЭМНЕЛИКТЕН САГЫНАМ ........................................ 92
АМАН БОЛ ДЕЙМ ........................................ 93
ТҮНДӨ ........................................ 94
СҮЙГӨН ЖИГИТКЕ ........................................ 94
СЕЗИМ ........................................ 95
КАНАРЕЙКА ........................................ 96
ТҮН ИЧИНДЕ ........................................ 96
СЕНИН КҮЧҮҢ ........................................ 99
АКЫНДАРГА КААЛОО ........................................ 99
КАЙ БИРДЕ ........................................ 100
ТӨРӨЛГӨН ОЙ ........................................ 100
ЫРЛАР КЕТЕТ ........................................ 102
КЛАВА ........................................ 102
КЫЗЫМА ........................................ 103
КУЛУБЕКТИН КОНЦЕРТКЕ ЧЫГЫШЫНА ................ 104
БИРОК КЫЙЫН ........................................ 105
ПОЭЗИЯ ........................................ 105

ТАМАШАЛАП ........................................ 105
ЭРКЕ ӨСТҮМ ........................................ 106
ЖАРЫК ДҮЙНӨ ........................................ 107
АЯЛДАРДЫН БАКТЫСЫ ........................................ 108
КЫЗЫ ТӨРӨГӨН ЭНЕ ........................................ 109
ТААЛАЙ ........................................ 109
АЛДАС УРУП АЛЫП УЧКАН ЖАН ТУРА ........................................ 110
ЫР ИЗДЕЙМ ........................................ 110
ДОСТУК ТАМАША ........................................ 110
АКЫН ДЕГЕН ........................................ 111
ЖЕК КӨРӨМ ........................................ 112
ОН СЕГИЗ ЖАШ ........................................ 113
ТИЛЕК ........................................ 113
УКТА БАЛАМ ........................................ 113
АКЫНМЫН ДЕ ........................................ 114
КЫЗ ТААЛАЙЫ ........................................ 115
БАР БЕЛЕ МОЙНУҢДА ........................................ 116
БАР БОЛСО, ........................................ 116
МЕН КЫЗЫКМЫН ........................................ 117
ТАЛАШ ........................................ 118
КӨБҮРӨӨК ЖАШААР ЭЛЕ ........................................ 120
ТАГДЫР МЕНЕН БЕТТЕШҮҮ ........................................ 120
УНУТУЛБАЙТ ........................................ 123
АДАМ КҮТӨТ ........................................ 123
ЖҮРӨГҮ КӨП ООРУГАН ........................................ 124
КЕТКЕНДЕРДИН АЙЛЫНДА ........................................ 124
АДАМ КЫЗЫК... ........................................ 125
ДҮЙНӨ КЕНЕН, ДҮЙНӨ МАРТСЫҢ ЧЕГИ ЖОК ....... 126
МЕН ДА КЕТЕМ ........................................ 126
ООРУКАНАДА ........................................ 126
АЧПА ........................................ 127
КАРА ЖААК ........................................ 128
ИЧИ ТАР ........................................ 129
МУРАТБЕК АГАГА ........................................ 129
АЛЫКУЛ ........................................ 130
БҮБҮСАРА ........................................ 130
КАРАЛАЕВДИН АРМАНЫ ........................................ 131
БАКЕНГЕ ........................................ 132
ТАМШАНЫШАР КЕЛЕЧЕК ........................................ 133

**ЖООМАРТКА АРНАЛГАН ЫРЛАР**
АЛА-ТОО СЕН БИЛДИҢБИ ........ 135
ТАБАР БЕЛЕМ ........ 136
УКМУШ ЖАРАТ ........ 137
КӨЗ ИЛИНБЕЙТ ........ 137
АРМАН ........ 138
САГЫНДЫМ ........ 138
ЗАЙНИДИН ........ 139
ЫСЫК-КӨЛДӨ ........ 139
БУЛ ЖЕРДЕ ........ 141
АКАЦИЯ ........ 142
ӨТКӨН ЖАН ЖОК ТАБЫЛУУ ........ 142
ЖООМАРТ ТИРҮҮ ........ 143
ЧӨКПӨ КӨҢҮЛ ........ 144

**МУСАГА АРНАЛГАН ЫРЛАР**
СҮЙӨМ ........ 146
АКЫРКЫ СҮЙҮҮ ........ 147
ТЕЛЕГРАММА ........ 147
МУСАМА ........ 148
ИЗДЕЙМИН ........ 149
СЕН ЭЛЕҢ ........ 150
ИЙНИҢДИ ТАЯНГАМ ........ 150
СЕН ТҮШҮМДӨ ........ 151
СҮРӨТҮҢДӨ ........ 152
КАЧКАН УЙКУ ........ 153
ЫРЛАРЫМА ........ 154

**МЕНИН КҮНҮМ ЖЫЙНАГЫНАН**
МЕНИН КҮНҮМ ........ 155
УЛУУ СӨЗ ........ 156
ЖАЛГАН ДҮЙНӨ ........ 156
ШҮҮДҮРҮМ ........ 158
МЕНИН ЫРЫМ ........ 158
АЙЛАНАЙЫН ........ 159
БАКТЫ НЕМЕЙ ЭМИНЕ ........ 160
АТА ЖУРТУМ ........ 161
АКЫНДАР ........ 162

СӨЗ ЖОГОТТУМ ........................................ 163
ТОКТО ДЕЙМ ........................................ 164
ТИРҮҮМДӨ АЙТ ........................................ 165
ЗАКЫМДАП ТОКТОО БЕРБЕЙ ........................................ 167
БҮГҮН БЕЙИШ ТӨРҮНДӨЙ ........................................ 167
ЖАЙСАҢ БОЛДУ КАНАТЫҢ ........................................ 168
ЖАЙКЫ ТАҢ ........................................ 169
ЖАШЫЛ ӨРӨӨН ........................................ 169
КӨРКӨМ ЖЕРИМ ........................................ 170
КЫШКЫ КАР ........................................ 171
КЫМКАР ........................................ 171
КЫЗАРТ ........................................ 172
ТУУГАН ЭЛ ........................................ 172
О АТА, АТАКЕБАЙ, БАШ КӨТӨРЧҮ ........................................ 173
КИЧИ ЭНЕМ ........................................ 173
САГЫНАМ МЕЗГИЛДЕРДИ ........................................ 174
БУЛУТТАР ........................................ 175
ЖӨӨ ТУМАН ........................................ 176
ЖАЛГЫЗ ЖОЛООЧУ ........................................ 177
СУУ ОРТОСУНДА ТАШ ........................................ 178
КЕЛГЕН ЭЛЕМ ........................................178
КӨЙНӨК КИЙСЕМ ........................................ 179
КОШТОШПОДУМ ........................................ 179
ТАГДЫР ЧЕЧЕТ ........................................ 180
МАЙДЫ ТОСОМ ........................................ 181
ТЫНЧТЫК ЖҮРҮШ ........................................ 182
ЭМНЕ ҮЧҮН? ........................................ 183
БИЗ АЯЛДАР ........................................ 185
ТАҢ АЛДЫНДА ........................................ 187
ТОЛГОНБО, КӨҢҮЛҮМ ........................................ 187
АЖАЛ КӨРДҮМ ........................................ 188
АЖАЛЫҢМЫН ........................................ 188
ЫР ........................................ 190
СЫРДАШУУ ........................................ 190
ҮМҮТТӨРГӨ ТАЯНЫП ........................................ 191
КЫЗЫК ........................................ 191
МЕН БАКТЫЛУУ ........................................ 192
ЭНЕСИ ТАШТАГАН БАЛАНЫН МОНОЛОГУ ........................................ 192
АБУ АЛИ ИБИН СИН ........................................ 194

ЗАЛКАР АДАМ ........................................ 194
КАРЫЯНЫН ЭСТЕЛИГИНЕ ........................................ 195
БАКЫТ ДЕГЕН ЭМИНЕ ........................................ 196
КУБАНЫЧ ........................................ 196
ЭМНЕ ТЫТАТ ЖҮРӨКТҮ ........................................ 197
БУЛ ДҮЙНӨ ........................................ 198
ОЙНОБО ........................................ 198
КИМ АЙТАТ ........................................ 198
МЕН КЕЛДИМ ........................................ 199
АКЫМ БАРБЫ ........................................ 199
НЕ ЖАНБАЙТ ........................................ 200
СЕН СҮЙГӨНСҮҢ ........................................ 200
КАЙРА ӨЧҮП КҮЛ БОЛУП ........................................ 201
КУБАНДЫҢ ........................................ 201
КҮНӨӨЛӨЙМ ........................................ 202
КОЗУ КАРЫН ........................................ 202
ЫР ТҮРМӨКТӨРҮ ........................................ 203
ОМОР ХАЯМДАН ........................................ 208
АЛТЫНЧЫ АВГУСТТУН КУМУ ........................................ 211
МЕН СУЛУУ КЕЗИМДЕ ........................................ 213
БУЛБУЛ ........................................ 215
КАТЫНДАР ЖАЙЫ ........................................ 216
СЫР-ДАРЫЯ КЕЧИ ........................................ 216

**ПОЭМАЛАР**

ЖАҢЫЛДЫН ЭЛЕСИ ........................................ 218
ТААЛАЙ ........................................ 265
ТЫНЧСЫЗ ЖҮРӨК ........................................ 281
ӨТКӨНДӨН БИР ЭЛЕС ........................................ 289
ОТУЗУНЧУ ЖЫЛДАРДЫН КОМСОМОЛУ ........................................ 305
ЭСТЕЛИК ........................................ 321

**КЫЛЫ ҮЗҮЛГӨН КОМУЗУМ ........................................ 331**

*Адабий-көркөм басылма*

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы

22-том

# ТЕНТИ АДЫШЕВА

*Тандалган чыгармалар*

Түзгөн: *Жапаракунов У.*
Тех. редактор: *Тилекматова Н.*
Корректорлор: *Жапаракунов У., Молдош кызы Г.*
Компьютердик калыпка салган *Өмүров Б.*

Терүүгө 04.02.17 берилди. Басууга 26.05.17 кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 38 б.т. Нускасы 500.

"Кут-Бер" ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68